
83 кыр
Б 72


МБАРАЛЫ БОБУЛОВ

# ЖАҢЫ ТИЛКЕ



КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

# ЖАҢЫ ТИЛКЕ



83 Кырг
Б 72
Эл. к.

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

# ЖАҢЫ ТИЛКЕ

АДАБИЙ ИЛИКТӨӨЛӨР
ЖАНА
СЫН МАКАЛАЛАР

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 126262

БИШКЕК
«АДАБИЯТ»
1991


ББК 83.3 Ки
Б 72

Б 4603020102—115 / М 455 (11)—91 — 44—91

ББК 83.3 Ки

ISBN 5-660-00437-7

© Бобулов К. 1991.



# ПОРТРЕТТЕР

## АКЫНДЫН ӨЛБӨС КЕРБЕЗИ

Толубайдай сынчы бол,
Токтогулдай ырчы бол.
*(Кыргыз эл макалы)*

Орус адабиятын Пушкин, украиндикин Шевченко, казактыкын Абай, грузиндикин Руставели, латыштыкын Райнис сыяктуу өз адабий чөйрөсүндө таңкы Чолпон жылдызындай жанып чыккан адамдарсыз элестетүү мүмкүн болбогондой эле, кыргыз адабиятын да Токтогулсуз көз алдыга келтирүү кыйын.

Токомдун өзү кыйналып, азап тарткан, тайманбай күрөшкө чыккан ырайымсыз кездин социалдык адилетсиздиги жөнүндөгү, башына мүшкүл түшкөн адамдын кайраттуулугу, чыдамкайлыгы жана айкөлдүгү, анын намыска бектиги тууралуу, жакын эле туугандарынын жүзүкаралыгы, душмандарынын митаамдыгы, карып калган энесине болгон назик сезими жөнүндөгү, уулу Топчубайды жоктоп мүнкүрөп калган атанын оор кайгысы жөнүндөгү, эңсеген элин, ажайып кыргыз жерин, аялзаттын ажарын, түбөлүк махаббат менен жаштыкты, карылык менен

ажалды, жаңы доордун келишин, Өктөбүр менен Ленинди даңазалаган ырлары жана өлбөс-өчпөс кербездери ар бир кыргыздын аң-сезимине тээ тырмактай кезинен эле сүңгүп кирет. Токтогулдун чыгармачыл отунун бар күчү жана кубаты улуу акындын тээ жаштайынан баштап, өлөөр-өлгөнчө ырдап өткөн ырлары менен күүлөрүндө турмушту бурмалабай, так өзүндөй бергендигинде болсо керек, анын эл оозунда айтылып калган санжыралуу өмүрү өзүнүн улуу поэзиясында чыпчыргасы коробой кашкайып көрүнүп турат. Кыргыз акынынын дүрбөлөңдүү турмушу жана бай-манаптарга каршы айыгышкан күрөшү, адам чыдагыс кыйын жагдайларга да моюн бербей, адамзаттын жаркын келечегине чексиз ишенгени эрдик жана ар-намыс идеалдарын ыйык туткан ар бир адамдын жандүйнөсүн козутуп, суктануу сезимин жаратат.

Токтогулдун күжүрмөн тагдырын ойлогонумда В. И. Ленин революционер козголоңчу жөнүндө: «...Өзүнүн кул экендигин түшүнүп, ошого каршы күрөшкөн кул — революционер, кул экендигин түшүнбөй, кыңк этпестен эптеп кулчулуктун күнүн көргөн маңыроо кул кадимки эле кул бойдон калат. Ал эми кулчулуктун кереметтерин шилекейин агыза маашырланып кеп кылган, боорукер жана ак көңүл төрөсүнө сыймыктанган кул — холоп жана адепсиз адам»[1], деп айткан алтындай сөздөрүн айласыз эскерем. Бой тартып, эл аралаганы Токтогул жардылыкка моюн сунуп калбастан, намыскөй жана ошол аймактагы өзүнөзү билип, өтүгүн төргө илген акимдердин зордук-зомбулугуна каршы көтөрүлдү. Кетмен-Төбөлүк атактуу Рыскулбек манапта малай жүргөнүнө маашырланып, кожоюнун шилекей чачырата жерге-сууга тийгизбей мактаган жугундукор Арзыматтын биротоло шермендесин чыгарып, ашкерелеп ырдаганы да жөн эместир. В. И. Ленинди сөзүнө таянсак, биерде Токтогул нака революционер-козголоңчу болгондугу кашкайып көрүнүп турбайбы...

Токтогул тирүү кезинде эле анын аты атпай кыргыздын арасында уламышка айланып, анын ар бир жаңы ыры тоолуу аймагыбыздын булуң-бурчуна чагылгандай тездикте тараган жана ошол бардык жерлерде боордошуктун, жакшылык менен кайрат-жигердин үрөнүн сээп, карапайым эмгекчилердин жүрөгүнөн түнөк тапкан жана тез элдик ырга айланып кеткен. Улуу акын бала кезинен өмүрү өткөнчө өткүрлүгү жана тайманбас ырлары менен өз элине астейдил кызмат өтөп, эл арасында өлбөс-өчпөс

[1] В. И. Ленин. Литературе и искусстве, ГУХЛ, 1957, 61-б.



кадырга ээ болду. Ушундай залкар акындарды жараткан эл өзү да жөн эл эмес көрүнөт...

Улуу акын-демократтын, кыргыздын теңдешсиз композиторунун талантын кадырлаган ар бир пенденин өз Токтогулу болсо керек жана ар бир адам өмүрүнүн ар кайсы жылдарында Токтогулдун азаптуу тагдырын жана поэзиясын өзүнө жараша кабыл алып, кошо түйшүктөнөт окшойт... Менин да өз Токтогулум бар: бала кезимдеги Токтогул, өспүрүм кездеги Токтогул али да эсимде, өзүм катаал сынооо туш болон жылдары өлбөс-өчпөс саптары көкүрөктө коңгуроонун үнү сымак оргуштаган Токтогул да эсимде...

... Алгачкы ирет Токомдун өткүр ырларын Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдары, 1942-жыл менен 1943-жылдардын аралыгында, улуу орус дарыясынын боюнда жалаң эле биздин өлкөнүн эмес, бүтүндөй адамзаттын тагдыры чечилип жатканда өз айылымдан уккам. Жети же сегиз жаштардагы окуучу элем, улуулардын фашисттик эзүүдөн аман калаар бекенбиз деген сөздөрүн угуп, атүгүл ошол алааматты даана сезип да калгам, себеби менден улуу үч байкем Россиянын кайсы бир түпкүрүндө немецтик баскынчыларга каршы согушуп жүрүшкөн. Биз алардан кабар келээр бекен деп зарыга күтүп, анан фронттон келген үч бурчтук каттарды алганыбызда бапырандап сүйүнүп калчубуз. Кыштын суук, узун түндөрү атам менен апамды алаксытып, согушуп жүргөн балдарынын тагдырын ойлоп, сарсанаага батканын жазыш үчүн, убайым тарттырып, каңырыкты түтөткөн сезимдерден арылтыш үчүн аларга ар күнү кеч курун кыргыздын баатырдык эпостору «Манас», «Семетей», «Курманбек», «Эр Табылды», «Олжобай менен Кишимжандан» үзүндүлөрдү окуп берчү элем... Ошол кышкы күн кудум бүгүнкүдөй эсте калыптыр: атам Ош шаарынан кандайдыр баалуу кенч таап алгансып, көңүлү куунак кайтты, анын карылыктан курчу кеткен көздөрү не башкача жымыңдайт. Ал жарданып карап тургандардын көзүнчө кочкул-кызыл тыштуу калың китепти мага салтанаттуу сунуп жатып: «Балам, бу китепти түбөлүк сакта. Бу биздин Токтогулдун ырлары. Муну алиги наспай саткан соодагерлердин мокочо колдорунан жулуп албадымбы үч барабар баасын берип»,— деди.

Ошол беймаза кышкы түнү, жупуну тамагыбызды ичип болгондон кийин, өмүрүмдө алгачкы ирет Токтогулдун — куугунтук жеп далай азапты башынан кечирген, бирок майтарылбаган күжүрмөн акындын алтындай сөздөрүн

ата-энеме үн чыгара окуп берип жаттым; ошондогу жырттык али бүгүн да эстен кетпейт. Ошондо Токтогулдун ырларын тээ түн бир оокумга чейин ыракаттана окуп жаттым, атам менен апам болсо менден көзүн албай, мени бөлбөй, окуганымды тындап отурушту.

Ошо түнү атам бизге тээ жыйырманчы жылдын башында бекен, же ортосундабы, айтор Ош шаарында тааныштары менен чайканада чай ичип отурушуп, Токтогулдун өзү менен таанышкандыгын, анын тең дешсиз үнүн угуп, эң сонун ырларына курсант болгонун айтып берген. 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө байланыштуу ушу Ноокат өрөөнүнөн да 60тан ашуун адам ар кандай мөөнөттөргө кесилип, Сибирге каторгага айдалыптыр. Алардын арасында ошо кездери адигине уруусундагы жакшылардан мыкты Өмүрбек датка да бар экен. Эшмамбет менен жолукканда ырында Токтогул ал жөнүндө:

Адигине Өмүрбек
Сексен бир жашка барыптыр.
Сакалында кара жок,
Куудай болуп калыптыр.
Карыны жаштай кыйыктап,
Падыша залим тарыптыр,

— деп эскерет. (Токтогул. Тандалмалар, «Кыргызстан», 1984, 156-б.)

Атамын айткандарына караганда Токтогул Сибирде сүргүндө жүргөндө биздин айылдан айдалып барган Кадыркул, Маматкул жана Исраилдер менен жакын таанышып, достошуп алган окшойт. Беркилер мөөнөтүн өтөшүп, аман-эсен айылга кайтып келишкен. Токтогул Сибирден кайткандан кийин да азапты бир тарткан досторунан кол үзбөсө керек. Ошко ошо эски тааныштарынын чакыруусу менен келген көрүнөт.

Ошондон баштап Токтогулдун ырларын такай окуй баштадым. Эми күндө кечкурун атам же апам Токтогулду окуп беришимди качан суранат деп чыдамсыз күтчү болдум. 1940-жылы латын арибинде басылып чыккан кочкул кызыл тыштуу ошол «Токтогул» деген китеп кесепеттүү согуштун айынан кубанычка бөлөнгөн бейкут күндөрүнөн кур жалак армандуу биздин балалыктын эң сүйүктүү китеби болуп калды...

Ошол согуш мезгилиндеги ызгаардуу кыштын түндөрү Токтогулдун ырларын улам окуган сайын төшөгүмдө көз жумбастан былк этпей жатчу элем, Токтогул өзүн айткандай, торгой болуп таңшыган акынды, жамы журттун сүймөнчүгүн жек көрүүдөн жана көрө албастыктан улам жүзүкаралык менен жалган жалаа жаап, алыскы Сибирге нака өлүмгө айдатып жиберишкен Кетмен-Төбөлүк кубаттуу манап Рыскулбектин ырайымсыздыгына наалат айтып, ичимен сызып ыйлачумун... Сай-сөөктөн өткөн бороон-чапкынга, жаан-чачынга карабай, колуна кишен салынып, алыскы Сибирге айдалып бараткан Токтогулдун азаптуу жолу көз алдыма кадимкидей тартылаар эле; бирок мага негедир Токтогул нака баатырларча башты бийик көтөрүп, колоннанын эң алдында эрдик жана чыдамкайлык, кажыбас кайрат жөнүндөгү ырларын шаңдуу созолонто жердештерине дем-күч берип, аларды жек көрүмчү бузукуларга каршы үндөп бараткандай сезилээр эле...

Абактагы Токтогулдун өзүнүн эл-жерин, сүйүктүү энекесин көксөп, куса болгондугу, өзүн камакка алып, түрмөгө айдашканда арак төрт жашка толгон жападан-жалгыз уулу Топчубайды сагынып ырдаган арман ырлары бели ката элек мени жаман кыйнап, көңүлүмө бөтөнчө катуу тийиптир. Бала кыялымда ошондо бу жалганда адилеттик жок, ырайымсыздыктын чеги болбойт тура деп астейдил ойго баткан экем, себеп дегенде Токтогул сүргүндө жүргөндө баласы Топчубайдын күтүүсүз чарчап калышы адамдык кайгынын туу чокусундай сезилген... «Дүйнө неге мынча таш боор?» — деген суроо тынчымды алып кажый берсе да, ага жооп таппай түйшөлгөм. Эми эстесем, Токтогулдун кайгылуу тагдыры жүрөгүмдө терең из калтырыптыр...

Токтогулдун поэзиясы адамды өмүр бою коштоп жүрөт да, ар кайсы куракта улам жаңы жактары менен көрүнө баштайт. Мен да жашыма жана көңүл кушума жараша аны чыгармачылыгынан улам жаңы нерселерди табам.

## II

Болочок улуу акын-демократ, кыргыз элинин сыймыгы жана акыйкатта булбулу, өзү айткандай, «тоо бүркүтү» Токтогул 1864-жылы дүйнөлүк цивилизация дегенден караманча кабарсыз, патриархалдык-феодалдык мамилелердин жапайы чеңгелинде калган Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү кыштоолордун биринде, Сатылган деген көчмөн кембагалдын үйүндө туулган. Токтогулдун атасы үй-бүлөсүн багам деп өмүр бою түйшүк тартып, бирок жеринен намыскөй адам колунда бийлиги да, байлыгы да барлардын

кордоп-кемсинтишкени далай жолу жанына батканы менен өзүнүн кедейлигин билгизчү эмес. Токтогулду бала кезинде энеси Бурма алпештеп өстүрдү, а киши жанда жок сулуу, акылы да тетик жан эле, сөзгө чечен, көптөгөн элдик ырларды, дастандарды жатка айтчу, күндүзү оор жумуштан кийин чарчап-чаалыкканына карабай, сүйүктүү уулуна тээ түн бир оокумга чейин ыр ырдап, тайманбас эр азаматтар, айкөл адамдар жөнүндө жомок айтып берүүчү. Энекесинин шарапаты менен Токтогулдун назик жүрөгү ач көз байларды жек көрүүнү, адилеттик деген асыл сезимди эртелеп туйду. Токтогул тырнактайынан баштап эне сүтү менен гана эмес, бешик ырларын, тууган жеринин элдик ырларын оозанып чоңойду. Токтогул тууган энесинин жаркын элесин зор эргүү менен ырдап, али да эл арасында айтылып жүргөн көптөгөн ырларын ага бекеринен арнаган эместир. Эне деген ыйык сөз Токтогул үчүн тууган эл менен барабар, эне менен эл анын чыгармачылыгында тыгыз айкалышкан. Сибирге сүргүнгө айдаларда эл алдында «Кош, апаке!», «Кош элим»,— деген өзүнүн эң сонун ырларын да бекеринен ырдаган эмес. Сибирге бараткан азаптуу жолдо жана сүргүндөгү адам чыдагыс шарттарда апакеси менен элинин жанга сүйкүм элесин көкүрөгүндө бек тутуп, каңырыкты түтөткөн кусалуу күндөрдө алар анын ишенимин арттырып, демине дем, күчүнө күч кошту, өзүнүн туткун ырларында аларды далай ирет эскерип ырдап, ошенткен илхамы күчөп, кубаттанды, чыйралды. Адам чыдагыс азап-тозокту көрүп, далай кыйынчылыктардан кийин эптеп абактан качып чыгат да, эки жыл бою казактын ай далаасында көрүнгөн конуштан кайыр сурап, акыры туугган жерине жеткенде азыр жамы журтка маалым «Апакем, аман барсыңбы?» жана «Эңсеген элим, аманбы?» деген ырларын сагынган элине ырдап берет;

Сексенде энем сен элең,
Сенделип кеткен мен элем.
Ак сүтүң менен чоңойткон,
Агын дайра кең элең.
Алты аркар жылдыз батканча,
Алты айланып эмизген.
«Анык акын Токтогул»
Кимдин уулу? — дегизген.
Айланып келдим алыстан,
Актоого ак сүт карзынды.
Алдейлеп мени чоңойткон,
Апакем, аман барсыңбы?

*(Токтогул, Тандалмалар, «Кыргызстан», 1984-ж, 119-бет.)*



Токтогулдун тууган энекеси жөнүндөгү ырлары өзүнчө эле бир поэма, ал уулдук сезимдин нукуралыгы жана жаркындыгы, балалык сүйүүсүнүн өткүрлүгү жана тазалыгы жагынан Токтогулдун эмес, жалпы кыргыз поэзиясынын туу чокуларынан десек жаңылышпайбыз. Токтогулдун эне жөнүндөгү ырлары көп улуттуу совет поэзиясы түгүл дүйнөлүк поэзиянын эне жөнүндөгү антологиясынан да орун алууга татыктуу деп айтаар элем...

Жаш Токтогулдун төкмөлүгү болжолу 12 жашында, жокчулуктун айынан Казанбак байдын коюн кайтарып жүргөндө ачылат. Ал социалдык адилетсиздикти эртелеп сезди, кедей-кембагалдардын шордуу турмушун, үстөмдүк таптардын аларга көрсөткөн кордугун, кары-картаңдардын, аялдар менен балдардын көлдөгөн көз жашын өз көзү менен көрдү. Ушулардын баарын көрүп-билип, эсине түйүп жүргөн зээндүү өспүрүм өзүнө окшогон койчулардын арасында комузга кошуп ыр ырдап, күү чертип, алардын демин көтөрдү, шаңдуу күүлөрү менен жайдары ырлары, таамай сөздөрү менен учкул кептери жаш койчулардын көңүлүн ачып, жазмыштын түйшүгүн жеңилдетти. Токтогул балалык шайырлыгы менен таңдын атышы, күндүн батышы жөнүндө, беш көкүл кыздар, канаттуу тулпар жөнүндө, оргуштап аккан тоо суусунун сыйкырдуу кайрыктары, жаратылыштын ажайып кооздугу менен байлыктары жөнүндө, көөдөнүндө жаңыдан жанып келаткан сүйүү оту жөнүндө таңшыды... Коктуколоттун көмүскөсүндө калган айылга алтын катсаң катасың, бирок акындын шаңдуу үнү менен анын бир түрдүү ырларын адамдардан жашырып мүмкүн эмес, себеп дегенде алар эртеби-кечпи жалпы журттун байлыгына айланаары бышык. Балким, адегенде Сатылган томаяктын баласынын шоктугун анчалык элес алышпагандыр, бирок Токтогулдун поэтикалык үнү жыл өткөн сайын улам ишенимдүү чыгып, эми анын аты өз айылында гана эмес, тээ алыска да угула баштады. Он төрт жашка чыкканда Токтогул өзүнүн ажайып ырларынын шарапаты менен сараң байдын чеңгелинен бошонуп, кемсинтип кендирин кескен жалчылыктан кутулат да, акындык кесиптин даңгыр жолуна бел байлап, чоң айтыштарда таанымал ырчылар менен беттешүүгө мүмкүндүк алат. Токтогул өзүнүн чанда төкмөлүгү жана жагымдуу үнү тез эле калайык калктын калың катмарына таанымал болуп, замандашы айткандай, жаштыгына карабастан «Токо» деген сыйлуу атка конот. Ушунун өзү төңкөрүшкө чейинки кыргыз адабиятында Токтогулдай адам сейрек

кездешкендигин айгинелейт. Токтогул өзү кийинчерээк, улгайып калган кезинде, акындар тобунан суурулуп чыга келген ошо жаш курагын эскерип:

Керимбай менен эшенге,
Кошомат ырды айтпагам.
Жан алгыч болуп кетсе да,
Жаңшаган тилим тартпагам,

— деп ырдайт. *(Тандалмалар, 2-том, Ф., «Кыргызстан», 1968-ж., 106-б., «Туулган жерим»).*

Токтогул жашоо турмушунда жана өзүнүн өлбөс-өчпөс чыгармачылыгында талыкпастан акыйкат издеген, келишип кетүүчүлүккө жол бербеген инсан болгон. Токтогулдун ар тарабы төп келишкен турпаты жана темирдей бек мүнөзү мени дайыма суктандырчу: ал ырчы болуп элге таанылганы Кетмен-Төбөлүк ырайымсыз манаптын элирген урпактары аны өздөрүнүн ырчысы кылып алып, белек-бечкекке бөлөп, алпештеп алып жүргөнгө даяр эле. Бирок Токтогул антпеди. 1882-жылы, Токтогул 18ге толгондо, анын ысымын агаш-туугандардын жана карапайым элдин арасына аттын кашкасындай тааныткан, бирок болочок тагдырына так калтырган окуя болуп өттү... Ошол жылы Токтогул саяк уруусунун аксакалы каардуу Рыскулбектин уулдарынын бири, айтылуу Дыйканбай манаптын ырчысы Арзымат менен айтышка түшөт. Арзымат өз ырында жаш акынды кордоп, кемсинтмекке анын кембегалдын тукумунан экендигин, ичейин десе ашка, кийейин десе кийимге жетпей, жокчулукка белчесинен баткандыгын айтып киргенде жаш Токтогул маталып калбастан, кайра демилгени колго алып:

Манаптын ичкен ашына,
Мактанып жүргөн экенсиң.
Мадырайган соргогум,
Мени жакырсың деп кордодуң.
Жакыр да болсом мен өзүм,
Жаандан чыккан жоргомун,

— деп, Рыскулбектин балдарынын каарынан коркпой, сай-сөөккө жеткире таамай айтылган сөздөрү менен жалпы журттун көзүнчө Арзыматтын бетин ачып, анын шоматка кой сойгон, бир байкуш экендигин ашкерелейт. Айтышта Токтогулдун Арзыматты жеңиши жаш акындын салтанаты болуу менен бирге, Рыскулбектин балдарын



эрегиштирип салды. Жаш Токтогулдун таптык багытын жана дүйнө-таанымын талдай келгенибизде анын социалдык чөйрөсүндөгү реалдуу чындыкты эске алышыбыз керек жана акындын «беш каманга» каршы ырдалган ашкерелөөчү ырларын таптык күрөштүн нугуна бура салууга таптакыр болбойт. Рыскулбектин балдарынын зомбулугуна каршы турушунда, албетте, Токтогул өзү кембагал бүлөдөн чыккандыгы жана жаштайынан жокчулуктун азабын тартып, жергиликтүү төбөлдөрдүн кордугун тарткандыгы таасир бербей койгон жок, бирок биерде белгилей кетчү дагы бир нерсе, Токтогул өз доорунун кулуну болгон жана өзү узакка чейин Рыскулбектин балдары башында турган кубаттуу саяк уруусунан запкы жеп, кордук көргөн алакандай сарт уруусунан эле. Токтогул биерде да алсыздар тарабында болуп, өз уруусунун ар намысын коргогон, ошол себептүү анын жек көрүүсү ыйык экендигин белгилей кетишибиз керек. Токтогул менен Рыскулбектин кекчил балдарынын ортосундагы тирешүүнүн туу чокусу акындын «Беш каман» (1894-ж.) аттуу атактуу ыры болду. Жек көрүмчү душмандарына каршы ырдалган өзүнүн ушул өзөктүү ырында Токтогул ашкерелөөнүн жетээр жерине жеткен жана жүрөгүндө оргуштап чыккан жек көрүү сезимин бүт бойдон төгүп, алардын ырайымсыз жана жийиркеничтүү жүзүн букаранын астында тайманбастан сүрөттөп берген:

... Кол курады беш каман,
Мурункудай чапмакка.
Короодогу кой турмак,
Коргол бербейт жети ата!
... Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып алаарсың.
... Адатыңды карматсаң,
Үй оокатым талаарсың.
Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың...
*(35-36-беттер).*

Төңкөрүшкө чейинки кыргыз акындык поэзияда Токтогулдун мурда жана кийин деле бир да бир акын кыргыз манаптарынын ырайымсыз турпатын мынчалык алды-артын карабай, өткүр ашкерелеп, канкорсуң деп бетке айта алган эмес, алардын бири да өздөрүнүн идеялык-көркөмдүк деңгээли боюнча «Беш камандын» бийиктигине жете албаган. Мынчалык опурталдуу жорукка жокчулуктун тузун таткан балалыкты башынан кечирген тоо бүркүтү Токтогул гана даап барган. Токтогулдун ырын-

дагы өз маанисин жоготпос идеялык-эстетикалык байлык так мына ушунда...

Тагдыр экен, беш камандын ырайымсыз зомбулугу Токтогулдун бешенесине жазылыптыр. Алдыда аны кутулгус каргаша, жан кашайткан жокчулук, а балким, кишчи колдуу өлүм да күтүп калды. Токтогул бу кезде өзү айткандай, тиши менен таш чайноого даяр, чыгармачылыгы өрдөп, өзү да болуп турган убагы. Акын кубаттуу жана ырайымсыз адамдар менен арбашып калганын түшүнсө да өз сөзүнө бек туруп, турмуштагы эң кыйын жагдайларга да даяр эле. Ал туруктуу жана өзүнө ишенген адам болгон, тандап алган жолунан кайтканды жаман көрчү, намыс дегенди ыйык туткан. Токтогулдун эл арасында даңкы чыгып, анын ысымы тээ Кетмен-Төбөдөн ары угулуп калган. Калың элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон акынга азыр ачыктан-ачык зомбулук көрсөтүү журтчулуктун кыжырын кайнатып, түбү жакшылыкка алып келбесин Рыскулбектин балдары жакшы түшүнгөн. Ушундан чочулашкан беш каман азырынча опурталдуу иш жасабай, ыңгайлуу учурду күтүп, бөгүп калышты...

Ал да көп күттүргөн жок, 1898-жылы Анжиянда башында эпчил айлакер жана ашкере динчил Мухаммед-Али турган көтөрүлүш чыгып калды. Анын кутпасына биротоло ишенип алышкан куралсыз мусулмандардын арасында түркөй молдолор менен имамдардын үгүт-чакырыгына алданган карапайым адамдар да көп эле. Мурдатан кекенип жүрүшкөн Рыскулбектин балдары ыңгайлуу учурдан дароо пайдалана коюшту да, кудай безери жана бузуку Токтогул ушул көтөрүлүшкө активдүү катышмак түгүл, аны уюштургандардын бири деген жалган жалааны падышалык бийлик өкүлдөрүнө жөнөтө салышты. Токтогул бир нече жердештери менен кошо камакка алынып, 10-июндан 11ине караган түнү солдаттардын коштоосу менен Наманган түрмөсүнө жеткирилет. 3-августта убактылуу аскер соту башкалар менен кошо Токтогулду да дарга асуу жөнүндө өкүм чыгарып, кийин аны Сибирге жети жылдык мөөнөткө каторгага алмаштырат.

Адам өлүм алдында сыналат деген кеп бар... Токтогулду өлүм алгач Наманган түрмөсүндө, өлүм жазасына тартылып, жалгыз кишилик камерада эми канжалаган канжарчан баш кесер качан келип калаар экен деп отурганда бир сыналды. Элдин айтымында, жек көрүмчү душманы, өзү туткун ырларында жана андан кийин да абийирин төгүп, ашмалтайын чыгарган айлакер Керимбай түрмөдө баш бербес акын менен жашырын жолугушуп,



анын темирдей мүнөзүн жана туруктуулугун ырайымсыз жол менен текшерип көрмөк болуптур да, «Беш каман» деген ырыңдан баш тартып, эл алдында күнөөңдү мойнуңа алсаң, азат алып, жыргал өмүр сүрөсүң деп убадасын бериптир. Токтогул андан көрө өлүмдү артык көрүп, көп ойлонуп отурбай тигини сыртка кууп чыгыптыр...

Токтогул азаттыкты жана адам абыроюн өмүрдөн артык көргөн жана өмүрү өткөнчө ошол идеалынан тайбаган. Канткенде букарага азаттык алып беребиз деген ой аны беймаза кылып, акын өзүнүн ырларында ага жооп издеп түйшөлөт. Өзү жашап өткөн ырайымсыз эски доордо бүткүл элдин теңчилиги жөнүндө ойлоп да бекер экендигин акын жакшы түшүнгөн, ошондуктан жалпы журтка азаттык алып берип, теңчилик тартуулаган жаңы заманды даңктап:

Далайларды кор кылып,
Зарланткансың, замана.
Кедейлерди байларга
Карматкансың, замана.
Ажыдаардай залимге
Арбаткансың замана...
... Талбаган булбул мен элем,
Сайрайын тынбай калкыма.
Заманың келди айланып,
Жаркылда, кедей, жаркылда!

— деп шаңдана ырдаган. *(«Замана», 266-бет.)*

Сибирде сүргүндө жүргөндөгү туткун ырлары Токтогулдун поэтикалык чыгармачылыгынын туу чокусу болду. Кээде: «Токтогул Сибирге сүргүнгө айдалбаганда, жаманбы-жакшыбы, өз жеринде аман-эсен жашай бергенде поэтикалык чыгармачылыгы кандай багытта өнүкмөк эле?» — деп көп ойлоном. Биерде пайгамбар болуп, бешенеге жазганды айта коюу кыйын деңизчи, бирок акын канчалык шыктуу болбосун, манаптарды канчалык жек көрүп, алар менен канчалык келишпес күрөш жүргүзбөсүн, баары бир өзү жашаган патриархалдык чөйрөдө социалдык багыттагы ырларды мынчалык бийиктикке көтөрө алмак эмес. «Жаман айтпай, жакшы жок» деген бекер айтылбаган бейм. Кээде тагдыр өзү тайманбас баатырларын издеп таап, аларды өз доорунан көтөрүп чыгат. Алсак, Пушкиндин, Мицкевичтин, Лермонтовдун, Шевченконун тагдыры ошондой. Токтогулдун оор тагдыры да мына ошондой. Андайды чанда бир кайраты күчтүү, акылы терең, мүнөзү темирдей бек, назик кыял жаркын инсан гана көтөрө алмак. «Күн тийбес тамда кол-

бутта кишен шалдырап», адам чыдагыс шарттарда жатса да, Токтогул ар-намысын алдырбай, туткундун оор жүгүн көтөрүп, эң кыйын кездерде да ырын таштабай, бактаалай, эркиндик, алыста калган мекени жөнүндө, агаинтуугандары жөнүндө ырдап, анысы менен жердештерине да дем-күч берген: Токтогул аларга рухий тирек, эл-журттун символу болуп калды. Ата-журтунан алыс жерде сүргүндун адам чыдагыс оор жумушунан кийин чарчап-чаалыгып арак турушкан туткун кыргыздардын капыстан эле Токтогулдун шандуу үнүн, жанга сүйкүм ырларын, өз эне тилин уккандагы кубангандарын, толкундана сүйүнүшкөнүн көз алдыга келтириңизчи — мындан артык жыргал барбы?!

Алгач Токтогул балалайкада ойноп жүрдү, анан ак кайыңдан балта менен комуз чаап алып, кийин дайыма ошону менен аердегилерге ырдап берип, акырындап абактын идеялык борбору болуп калды. Акындын туткундагы жылдарынын жандуу күбөсү Болот Жыртаков, ал жөнүндө: «Током мурдагысындай балалайканы шайдоот коluна алып, көңүлдүү обондорду ойноп кирди. Баракты ичи ызы-чуу. Аңгыча муруттары чычайган, бакырак көз түрмө сакчысы келип: — Дароо токтоткула, биер силерге тойлочу жер эмес! — деп кыйкырды. Анан Токтогулга басып келип, балалайкысын тартып алды да, экиге бөлө чаап, тебелеп-тепсеп: «Качан болсо кыйкырасың да турасың, кутурган шайтан!» — деп бакырды. Током ага дароо бир куйкум сөзүн айта салды окшойт, сакчы аны бет талаштыра коюп жиберди»[1], — деп эскерет.

Токтогулдун «Азапка түштү өмүрүм», «Туткундагы арман», «Туткунда жүргөндө», «Качкандагы ыр», «Качып келе жатканда» жана башка эркиндикти эңсеп ырдаган туткун ырлары Жыртаковдун сөзүн толук далилдейт:

Азабын тартып туткундун
Ача албадым көңүлдү.
Ак таңдай элем сайраган,
Адам билбейт жөнүмдү (...)
(...) Иштеп жатат канча адам,
Ачкалыктан жыгылып,
Апта сайын бир төрө
Көрүп кетет кыдырып.
Калган экен кабарым
Ал төрөгө угулуп.
Бир күнү келип тилдеди,

[1] Токтогулга гүлдесте. Эскерүүлөр жана арноолор жыйнагы. Фрунзе, 1964-ж., 14-бет.



Жин тийгендей жулунуп.
Комузду алып колуман,
Ташка чаап сындырды.
Камап салды жап-жалгыз
Карацгы тамга кургурду (...)

*(«Туткунда жүргөндө», 96-бет)*

Ырларына караганда Токтогул алды менен Омбу түрмөсүнө түшкөн экен, андан соң Иркутскинин жака-белинде жайгашкан атактуу Александровский централга которулуптур. Аерде оголе көп саясий сүргүндөрдү камап турушкан жана көпчүлүктүн айтымында падышанын жөлөгү болгон бу түрмөдөгү тартип өзгөчө ырайымсыздыгы жана катаалдыгы менен айырмаланчу. Аны көргөн кыргыздардын ичинен азырынча жалгыз мен эле болсом керек, 1972-жылы Монголиядан үйгө кайтып келатып, ошол «өлүк үйгө» тийип өттүм эле: башкы максатым — эзели эстен кетпес, башкаларга баш бербеген эсил Током ушу кылымдын башында жети жыл кырчын өмүрүн катуу көзөмөл астында зарыгып өткөргөн жана Орусия империясынын чар тарабынан айдалып келген туткундардын азаптуу тагдыры менен оор жазмышын өлбөс-өчпөс ырларга айландырган жерди — атактуу падыша түрмөсүн көрүп кетүү болчу.

Көрсө, ал эчак эле түрмө эмес, заңкайган төрт кабат имарат азыр аракечтерди дарылоо кызматын аткарат экен. Коридорлорун, кабаттарын аралап бир саатча жүрдүм, имаратты ар тарабынан карап чыктым, мени кошто ээрчитип жүргөн врачтарга Токтогул жөнүндө аңгеме куруп бердим, ушуерде кайран Током далай жолу көз жашын төгүп, оор кайгы-санаага батып кыйналганын, ушул коридорлордо кишенделген тейинде далай аркы-терки басканын, а бирок ошондо да майтарылбагандыгын көз алдыга келтирип, жүрөк сыздайт. Ара-чолодо Токомдун ээ-жаа бербеген эркин ырларын уккансып кетем... Анан ошо кездери республикабыздын эки тизгин, бир чылбырын колго алып турган аткаминерлерге жагалданып-жагынам менен убара тарткан шоруң каткыр бир адабиятчы сөрөйүбүз эске түштү: а кургур Токтогулдун баатырдык алп фигурасын басып, төмөндөтмөккө: «Токтогул көптүн бириндей эле жөнөкөй акын, аны учурунда Жоомарт Бөкөнбаев эле көтөрүп чыга калды»,— деп өпкө какпадыбы. Мына мен өзүм бул аймакка эки күн дегенде арак жеттим самолет менен учуп. Ал эми Током болсо бу жолду кишендерин шалдыратып, сакчылардын көзөмөлү астында бир жыл дегенде басып өтпөдүбү! Биякка



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 426262

келгени Байкал-айланма темир жолунун курулушунда иштеп, далай тешкен-тоо тешип, токой кыйды, тынбай таш көтөрүп, жанчылса да тууган элинин жүрөгүндө күнү бүгүнгө чейин сакталып, тамшандырып, суктанткан далай шедеврлерин жаратпадыбы! Бир жолу алиги адабиятчы сөрөйгө жумурай журттун көзүнчө: «Сени Сибирди мындай кой, мынабу турган Токмокко чейин эле кишенден айдаса, азан чакырып койгон атыңды да унутмаксың»,— дедим. Унутаары бышык!

Токтогулдун чыгармачылыгындагы Сибирдик мезгил жөнүндө чындыкты гана жазуу керек. Бизде: Токтогул кайгыга алдырып, мүңкүрөп калган эмес! — деген сыяктуу кандайдыр бир жеңил ой сөздөр да айтыла калып жүрөт. Калп! Токтогулдун туткун ырлары угарман менен окурманды өзүнүн кайгылуу ыргактары менен арбап алат, алар дал мына ошонусу менен күчтүү. Ал эл алдында бүт жан дүйнөсүн ачып таштап, айдалып кеткен туткундун басып өткөн азаптуу жолун төгүп берет, кордук көргөн күндөрүн, көлдөгөн көз жашын, айласы кууранда о дүйнө сапар аттанам деп асылып өлүүгө далбас урганын жашырбайт. Токтогулдун үлкөндүгү мына ошол жан кашайткан азапты темирдей бек эркн менен жеңип чыгып, Ата-Журтуна жол таап жеткендигинен даана көрүнөт. Сүргүндү өз башынан өткөргөн Ф. Достоевский «Өлүк үйдө жазгандар» деген эмгегинде сүргүндөгү адамдын зар кайгысын төмөнкүчө таамай сүрөттөгөн: «...Өзүң барып көрбөгөн соң, айрым нерселер жөнүндө айтпаган оң. Дегеним, рухий жоготуу демейки көргөн азап-тозоктон алда канча оор тийет. Сүргүнгө айдалган букара мында өз коомуна кабылат, а балким, андан да өнүккөн коомго туш келиши мүмкүн. Албетте, ал деле көп нерседен айрылды дечи — Мекенин, үй-бүлөсүн, баарын жоготту, бирок чөйрөсү ошол эле бойдон. Ал эми мыйзам боюнча букара менен бирдей жаза алган билимдүү адам тигиге караганда алда канча көп нерседен айрылат. Ал өзүнүн бардык талаптарын, көндүм нерселерин тыюуга мажбур: өзүн алымсындырбаган чөйрөгө өтүүгө, өзүнө жат абадан дем алууга тийиш. Ал суудан алып, кумга таштаган балыкка окшош... Анан көпчүлүк учурда мыйзам боюнча бирдей эле жаза ал үчүн он эселенип чыга келет. Атүгүл жалаң материалдык адаттарды алган күндө да... айтылгандар калетсиз сөз».[1]

[1] Ф. М. Достоевский. Он томдук чыгармалар жыйнагы, 1956-жыл, 3-том, 457-б.



Ал эми Токтогул үчүн сүргүндөгү күндөрү жүз эсе тозоку болгон: өз элинин сүймөнчүгү, даңкы таш жарган ак таңдай акын, табийгаттын эркеси ойдо жок жерден жалган жалаанын кесепетинен кайдагы бир анын тилин түшүнбөгөн, анын талантын, акылын, адамгерчилигин бааламак мындай турсун, эч себепсиз эле кадам сайын тепкиге алышып анын намысына тийишип, ачыктан-ачык кордошкон жерге — адам чыдагыс Сибирь каторгасына кабылып отурбайбы! Токтогулдун туткун ырларындагы жан кашайткан ыргактардын башатын сүргүндүн дал ушундай тозоку шарттарынан издеш керек...

Токтогулдун дагы бир үлкөндүгү — ордунда башка бирөө болсо акылынан адашчудай оор шаттарда ал өз талантын, өзүн адам катары сактап гана калбастан, ошону менен бирге күрөшүн улантып, акын катары ого бетер такшалды, жаңы курч социалдык бийиктикке чейин көтөрүлүп, башка элдердин турмушу жөнүндө да көбүрөөк билди, таптык аң-сезимин кеңейтип, орус, татар, казак туткундар менен таанышты. Александр централы 1903-жылдан баштап саясий туткундардын орду болуп калгандыгы белгилүү. Токтогулдун алар менен таанышуусу анын дүйнө таанымынын кеңейишине, башка элдердин өкүлдөрү менен таптык тилектештикке жетишүүсүнө зор өбөлгө түздү. А. И. Власовдун айтымына караганда, Токтогул орус тилинде дурус сүйлөп, атүгүл комузда орус обондорун да ойночу экен.

Тобокелге салып, туткундан качып чыгып, Сибирдин тайгасын, ээн талааны, казактын эрме чөлүн кезип, ачжылаңач, азып-тозуп, суукка тоңуп, жолунан адашкан качкынды коюнуна каткан боорукер адамдарга туш келип, акыры эптеп-септеп элине жеткен Токтогул, качууга жардам берген орус достору Харитон менен Семенду өзүнүн ырларында ыраазылык менен эскерип ырдаган...

Бирок өз жеринде Токтогулду андан да оор сыноо — адам кайгысы, турмуштук кыйынчылыктар, үй-бүлө драмасы, жакын адамдарынан көңүл калуу күтүп турган...

Кыргыз адабиятынын тарыхында Токтогулдан ашкан трагедиялуу фигура жок. Анын тагдыры боорукерлик сезиминен куржалак калбаган ар бир адамдын жүрөгүн сыздатат. Байыркы дүйнөдө мындайды жазмыш деп коюшкан. Улуу Гомердин фантазиясы укмуштуудай сыноолорго жана турмуш кыйынчылыктарына кабылган амалкөй Одиссейди жаратты жана аны даңкка бөлөдү. Бирок кыргыз акынына караганда Одиссей алда канча жолдуу болду. Жубайы Пенелопа ага деген ишенимин бек

түтүп, эр жүрөк күйөөсүнүн тагдырынан таптакыр кабарсыз калса да, күйөөлөп жанын койбогон сан жигиттин бириңе да макул болбой, өз үй, өлөң төшөгүн булгатпастан, жакшылыктан үмүтүн үзбөдү, Итакада атасынын мураскору жана апасы менен чоң атасынын жөлөгү — алты саны аман уулу Телемах калган. Туткундагы жана Сибирден качып келаткандагы бир жарым жылдын ичинде көргөн азап-тозоктон кийин, 1910-жылы Токтогул зор үмүтүн ичке катып, көөдөн тиреген кубанычын араң токтото карацгы түндөрдүн биринде өз үйүнүн босогосун уурдана аттайт. Мына ошондо капысынан асман жарылып, жер көчкөндөй болду— ал жалгыз уулу Топчубай атасын сагынып жүрүп, кусалыкка чыдабай о дүйнө кеткенин угат, аялы эбак эле башкага кетип калыптыр, сүйүктүү энеси уулун күтө берип көзүнөн ажырап, үйүндө жалгыз экен. Эң жакын санаган достору аны өлдү дешип, Рыскулбектин балдарынан коркконунан үйүнө басып да келишпептир, материалдык жана моралдык жардам бермек тургай, атүгүл Топчубай өлгөндө топурак салганга да жарашпаптыр. Сүргүнгө кетелекте достошуп жүргөн өзүнүн жакын шакирти, белгилүү кыргыз акыны Эшмамбет менен жолугушканда Токтогул аны калайык калктын көзүнчө какшык аралаш жемелегени да мына ошондон.

Токтогулдун ордунда башка киши болсо тагдырдын мындай кезектеги оор соккусуна чыдабай, адамдарга жакын турмушка болгон ишенимин жоготуп, кайгыга алдырып коер беле, ким билет. Бирок асмандап учкан бүркүт жүрөк Токтогул андайлардан эмес болчу. Жалгыз уулунан ажыраган оор жоготууга, сүйгөн жары Тотуянын кетип калышына, тууган энесинин оор кайгысына жана жакындары менен досторунун чыккынчылыгына канчалык бели майышып, мукурабасын, жаркын инсан катары Токтогул белди бек бууп, баарына чыдады. Ушул мүшкүлдөрдүн жана жоготуулардын баары анын туткундан кийинки ырларына эстен кеткис муңайым так калтырып, акын алар жөнүндө жумурай журттан жаап-жашырбай, поэтикалык ич күптүсүн элге ачык жеткирди. Мындай иш өзүнүн адамдык ар-намысын ыйык туткан алп инсандардын колунан гана келет. Буга дүйнөлүк адабияттан Гейне, Герцен, Блок, Маяковский, Есенин... эң сонун мисал боло алат. Токтогул да ошолордун катарында:

Азабын тарттым баланын,
Көрбөдүм алтын жамалын.
Башкага тийип кетиптир,



Башында сүйүп элганым.
Азапта башым кор болуп,
Арылбады арманым.
Кайгылуу жүрөк чер болуп,
Көзүмдөн аккан кара жаш,
Токтолбоду сел болуп.
Жаралган экем жалганда,
Күйүттүү булбул мен болуп.

*(«Эңсеген элим аманбы?»)*

Кыргыз адабиятынын кийинки мезгилинде мындай традицияны биздин кыргыздын улуу акыны Алыкул Осмонов андан ары улады.

Токтогул кыргыз тилинин сөздүк фондусуна мурда колдонбогон «кербез» деген ары сыйымдуу, ары укктуктуу сөздү киргизди. Бул түшүнүккө акын башынан кечирген оор турмушун жана Сибирдеги сүргүнгө түздөн түз байланышкан кейиштүү тагдырын сыйдырып, өзүнүн арман ырларынын баарын Токтогулдун кербези деп атайт... Акындын туткундагы жана туткундан кийинки мезгилди камтыган ушул поэтикалык түрмөгү бири бирине тыгыз байланышкан, алар бир бүтүн ыр китеби сымал, айталы, Шевченконун дүйнөгө таанымал «Кобзарындай» окулат. Кобзарь жана кербез деген сөздөрдүн ортосунда да кандайдыр үндөштүк бар сыяктуу.

Сибирден кайткандан кийин Токтогул өзүн куугунтукка алышкан жек көрүмчү душмандарынан сактанып, ар кайсы жерлерде жашырын жашап жүрөт, туткундагы ырайымсыз жылдар жөнүндөгү атактуу ырларын да ушул мезгилде жараткан. Көргөн кишилердин айтымында Токтогул ушул ырларын аткарып жатканда тегеректеп турган эл — жашы да, карысы да, аялдар да, балдар да көзүнүн жашын токтото алышчы эмес экен, атүгүл Токтогулдун өзү да жашын, кээде бетин жуган көз жашы агала сакалын аралай тамчылаган күндөрү да болуптур...

Токтогулдун эркиндик, эл таалайы жөнүндөгү, туткундун оор тагдыры, падыша түрмөсүндө зарлап отурушкан саясий жазага тартылгандардын башына түшкөн оор мүшкүл жөнүндөгү кербездери Токтогулду кыргыз тоолорунда эң кеңири таанымал адам кылып, анын тайманбас ырлары акыры келип падышалык жана жергиликтүү бийликтердин тынчын кетирип, тызылдатты. 1913-жылы Токтогул кайрадан камакка алынып, Наманган түрмөсүнө түшөт, дагы Сибирге айдоо коркунучу туулду. Бу кезде Токтогулдун аты эл арасына кеңири таралып кеткен болчу, аны жактагандар баары бир кишидей турушуп, аны коргоп чыгышты. Эл көп сандаган акча чогултуп, Токто-

гулду сот-административдик чиновниктерден кутказып калат.

Россияда Октябрь революциясы жеңген мезгилде Токтогул жаштык кезин эскерип, карылыкты каргап ырдап, бир топ улгайып калган. Падыша тактан жылмышканын, зомбулуктун түбү тешилгенин билдирген кабарды укканда ал кайрадан демине келип, эми атка минип ачыкка чыгат, эркиндик эңсеп таңшыган комузун колуна алып, элдик бийликти даңазалап ырдайт. «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» (1918-ж.) деген эң сонун ырын жаратып, кыргыз адабиятында оозеки чыгармачылыктын негизинде эң биринчи болуп В. И. Лениндин легендарлуу образын түзөт. Кыргыздын элдик эпосторунда жана ырларында демейде эпостук баатырлардын жана белгилүү тарыхый адамдардын энесинин образына өзгөчө көңүл бурулат — ага бөтөнчө бир легендарлуу касиет ыйгарылат. Токтогул да эл башчысы Лениндин баатырдык образын түзүүдө жалпыга белгилүү катаал жылы падыша Николай тактан жылбышканын айта келип: «Лениндей уулду кандай бир ыйык эне төрөдү экен?» — деп сукта-нып ырдайт:

Токтогул ушул мезгилдеги «Кызыл тууну утурлай» деген дагы бир ырында кедейлерди элдик бийлиги менен куттуктай келип: карылык жыккан Токтогул, кайрадан жаңып турганын айтып кубанат.

Совет бийлигин Токтогул жадырап-жайнап тосуп алды, анда ким тарабына өтсөм деген бүшүркөө жок эле — бул анын бийлиги, ал өзү өмүрү эңсеп, изден келген бийлик болчу. Лениндин өзү жетекчилик кылып орноткон ушул элдик бийликти Токтогул өзүнүн оор тагдыры менен таап отурбайбы. Өзүнүн туулуп-өскөн жана өмүрүнүн акырына чейин жашаган жеринде — Кетмен-Төбөдө Совет бийлиги орногондон баштап Токтогул анын кайраткер жактоочусу жана ырчысы болуп калды. Совет бийлигинин душмандарын жактаган бай-манаптардын бетин ачып ашкерелеп, басмачылардын зомбулугу жөнүндөгү ырында аларга наалат айтты. Токтогулдун совет доорунда жараткан ырларында Сибирь доорундагы ырларына мүнөздүү кейиштүү ыргактар сейрек учурайт.

Турмуштун кыйын-кезеңинде да Токтогул өзүн бек кармап, тамашакөй кыялын жоготкон эмес, өмүрдүн сонун ирмемин баалай билген, адамдардагы эрдикти, айкөлдүктү, мандай терин шыпырып эгин өстүргөн карапайым дыйкандын эмгегин даңазалаган. Токтогулдун татынакай «Акбары» деген ыры жогоруда айтылгандарга



мисал болот. Ал аны 1929-жылы Аксы тараптагы (азыркы Караван) Кара-Суу деген жерде бир тойдогу топ жыйында кыргыздын белгилүү акыны Алымкул Үсөнбаев менен бирге айтып чыккан. Бул айтышта Алымкул болгону «асисстенттин» милдетин аткарып, устатын поэтикалык төкмөлүктүн улам жаңы бийиктигине карай жөлөп отурат. Токтогулдун бул ырындагы кылдат тапкычтыгы, көркөм ыргактары, жеңилдиги, жаштык жигери, өткөн жаштыгы менен сүйүү кумарына болгон кусалыгы оргуштап чыккан булак сымак, турган элди ээ-жаа бербеген кубаты менен арбап алды. Ырды угуп жаткандар бул адам айтылуу Данте сымал тиги дүйнөдөн — сүргүндөн келгенин, тиши түшүп, ак бубак баскан ушул чал өз турмушунда бир айыл элге жеткидей кайгы тартып, азап чеккенин билишмек тургай, аны ойлоп да коюшпайт. Бул ырында алтымыш беш ашып калган Токтогул кайрадан табына келип, жаштык деми жанданат да, айчүрөк сулуу жаш Акбары менен анын өзүнө тете жолдошу Самсаалынын урматына жүрөктөн чыккан гимнин ырдайт, акындын булбул үнүн укканын, сезимтал демин сезген эл айран: кол куушурду!

Ар бир эле данектүү адамдар сыяктуу, Токтогул да карылыкка катуу кайгырып, бирок ошондо да Токтогул бойдон калат: жаш курагында элдин, жаштардын, селкилердин сүймөнчүлүгү болгонун, эми минтип жаштар жаа бою качкан тиши жок карыган чалга айланганын жаап-жашырбай, ачык ырдайт:

Кериге бүткөн тал элек,
Бир убакта биз дагы,
Кер мурут кызыл бала элек.
Кер мурутум ак болду,
Келиндер менден жат болду.
Кериге бүткөн тал болдум,
Келин түгүл, кыз түгүл,
Эми кемпирлерге зар болдум.

*(«Күлгүн жаш өтүп эскирет», 316-бет.)*

Токтогулдун өмүрүндөгү акыркы жылдарды бакубат деп атоого да болбойт. Ооба, элдин деми жанданып, Совет бийлиги жеңгенине кубанып бакытка бөлөндү, бирок күндөлүк турмушта таптык күрөш күч алып, уруулар ортосунда кызуу кайраш жүрүп жаткан, бай-манаптык калдыктары дагы да болсо тамыр жайып, дүркүрөп өнүп жатканын акын өз көзү менен көрүп, далай жолу каңырыгы түтөгөн, кээде күндөлүк турмуштун көп суроолоруна жооп таба албай башы маң болуп, өзүнүн алсызды-

гын сезген сайын, албетте, заманасы куурулуп кетчү. Токтогул сабатсыз экендигине, гезит-журналдарды, китептерди окуй албасына катуу кайгырса керек. Ал өмүрү өткөнчө сабаттуулукка умтулуп, өзүнүн бир ырында «Мектепке атам берген жок...» — деп кейип жүрбөдүбү. Сабатсыздык Токтогулдун күнөөсү эмес, анын азабы болду. Ал сабаттуу болсо, балким, орус жана Европа маданияты менен таанышар беле. Пушкиндин, Гоголдун, Тургенев, Горькийдин чыгармалары менен таанышып, өз доорунун алдыңкы адамдарынын саясий көз караштарын окуп үйрөнсө, Токтогул да өз доорундагы билим деңгээлинин биийиктигине сөзсүз жетмек.

1928-жылы Токтогул Александр Затаевичтин демилгеси менен Фрунзеге чакырылат да, Затаевич анын бир катар белгилүү күүлөрүн жазып алат. Тилекке каршы, бу келиши Токтогулдун көкүрөгүндө өчпөс так калтырат, себеби элдик таланттардын ушул жолугушуусун уюштурган айрым акылы чектелген, уруучулуктун уусуна чалдыккан түркөй адамдар Токтогулдун талантына супсак мамиле жасашат. Бу жөнүндө Токтогул өзүнүн жакын шакирти, белгилүү кыргыз акыны Калык Акиевге жолукканда:

Балам, кулак салгын чын кепке,
Чакырып барды Пишпекке.
Барбайт элем өзүмчө,
Чакырып алды милдетке.
Кээ бири сүйсө «Токо» деп,
Кээ бири мени сүйбөдү.
«Келжиреп калган экен» деп,
Кээ бири жаман сүйлөдү.
«Карыптырсың, чал» — деди,
«Кайтара кетип кал» — деди,
«Карганда жанды кыйнабай,
Тынч эле жатып ал» деди,

— деген мундуу ырын ырдап кейийт.

Маданият жаатында нан талашкан кекирейген чиновниктердин оозунан өзүнүн талантына жана адамдык сиетине карата мынчалык ырайымсыз сөздөрдү укканадамдын — социалдык адилеттик үчүн күрөшкөн жана азап чеккен, жаңы Совет бийлигин жактап черткен ырчынын, кыргыз жергесинин улуу акынынын жүрөк кайгысын түшүнүү чынында кыйын эместир! Ошол адамдардын уруучулук өзүмчүл аракеттеринин кесепетинен учурунда Токтогулдун ажайып ырлары жана мукам күүлөрү анын өз оозунан, өзүнүн аткаруусунда жазылып алынбай, алардын көбү кайтпас болуп жоголду! Атүгүл кыргыздын улуу акыны көз жумганда республикалык гезиттер куш тилиндей кабар берип койгонго жарабагандыгын азыр айта албай жүрбөйбүзбү. Мындай «унутчаактык» ошол кездери республиканын маданий майданын жетекчиликке алган адамдарынын убалына калсын. Мына так ушул себептүү Токтогул өлөөр алдында өзүнүн адабий-музыкалык мурасынын келечегин, эл арасындагы даңкын ойлогону да бекеринен эместир... Акын өлөөр чагы жакындап келаткандын алдын ала сезип, артында калаар аты жөнүндө бар ойлогонунун баарын, жүрөк өйүгөн күмөндөр санаасын өзүнүн атактуу керээз ырында терең эмоционалдуулук жана аяныч менен берген. Ал ыры акындын оор жана баатырдык өмүрүн жыйынтыктаган поэтикалык мурасы болуп калды:

Кара тилим сүйлөсүн,
Кара тил жалгыз өзү эмес,
Комузум добуш үндөсүн.
Кайран Токоң көзү өтсө,
Кайрылып келип ким көрөт,
Кара чым баскан мүрзөсүн?..
Калкымдан кетсем мейличи,
Калың журтум гүлдөсүн!

*(«Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы», 325-б.)*

...Токтогулдун аты өчпөйт. Ал Улуу Октябрь революциясына чейин эле атпай кыргыз журтуна аты чыгып, бияры Ферганадагы өзбектерге, тиягы Сибирден качып келаткында таанышып, достошкон казактарга чейин белгилүү болгон. Акындын тирүү кезинде анын мекени Кетмен-Төбө өзүнчө эле бир поэтикалык Мекенге айланып, кыргыздын атактуу акындары, мен деген ырчылары Токтогулга учурашабыз деп биерге келип турушкан. Отузунчу жылдардын акырынан баштап акындын поэтикалык жана музыкалык мурасын жыйноо, билген адамдардан жаздырып алуу колго алынат, анын китептери чыгып, чыгармачылыгы изилденет. Токтогулдун поэтикалык мурасын жыйноодо жана калыбына келтирүүдө анын жакын шакирти, кыргыздын белдүү акыны Калык Акиевдин жана кыргыздын таланттуу акыны, коомдук ишмер Жоомарт Бөкөнбаевдин кошкон салымдары баа жеткис жана алардын астейдил аракеттери, найда көздөбөй, эл үчүн кылган иштери мактоого татыктуу!

Токтогулдун ырлары кыргыз окурмандарынын калың катмарына тартууланып, алар орус тилине жана СССР менен дүйнө элдеринин тилдерине которулган. Токтогул эл арасында кеңири белгилүү, эне тилин жана эзил Токсм кол ойноткон улуттук музыкалык аспап — комузду кымбат

туткан ар бир кыргыз акынын терең урматтап, чексиз сыйлайт... Өзү туулуп-өскөн жана мүрзөгө коюлган Кетмен-Төбө жергесине, Орто Азиядагы эң зор ГЭСке анын ысымы берилген. Кыргыз мамлекеттик филармониясы, колхоздор менен совхоздор, мектептер менен көчөлөр анын ысымын алып жүрүшөт... Кыргыздын белгилүү акыны, маркум Жолон Мамытов Кытайга барып кайткандан кийин аердеги кыргыздардын арасында Токтогулдун ырлары менен акындын ысымы кеңири белгилүү экендигин айткан бар эле... Токтогулдун ысымын кыргыз тили жаңырган жерлердин баарында жакшы билишет...

Тилекке каршы, кийинки жыйырма беш жылдын ичинде Токтогулдун баатырдык өмүрү жана анын поэтикалык чыгармачылыгына байланыштуу проблемалар кыргыз адабият таануусун анчалык кызыктырбай калгансыды: атактуу кыргыз акыны Токтогулдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө алигүнчө капиталдык эмгек жазылбагандыгы биз үчүн уят. Кыргыз булбулу азаттык күнү келээр деп, акыйкат издеп зарлаган Москва, Ташкент, Омск, Иркутск шаарларындагы падыша түрмөлөрүнүн архивдик материалдары да алигүнчө кылдат изилденип чыкпады. Кыргызстан жазуучулар союзу менен Кыргыз ССР ИАсы бирге лешип, тайманбас туткундун сүргүнгө айдалган изи менен илимий-чыгармачылык экспедицияларды уюштурууга мезгил жетти. Андай экспедициялардын катарына акындын чыгармачылыгына астейдил жан тарткандарды кошсок жаман болбос эле. Аны айтабыз, бүгүнкү күнгө чейин али Токтогулдун өлгөн күнү да тактала элек, атүгүл Токтогул Сибирден качты беле, же Мекенине жети жыл мөөнөтүн өтөп анан кайттыбы[1] деген сыяктуу беймаза талаштар жүрүп келет. Кыргыз акыныбыздын өмүр баянындагы жана чыгармачылыгындагы буга окшогон «ак тактарды» аныктоодо Кыргыз ССР ИАсынын тил жана адабият институту тикелей кириштүүсү керек жана токтогултаануунун илимий деңгээлге көтөрүүгө тийиш. Кыркынчы жылдардын башынан тартып Токтогулдун ырлары москвалык жана башка белгилүү орус акындары А. Тарковский, С. Липкин, В. Виниников, П. Семынин, П. Шубин, Н. Гребнев, Ю. Гордиенко, С. Куняев, С. Фиксин, Р. Моран тарабынан орус тилине которулуп келүүдө. Аты аталган акындар акындын чыгармачылыгын орус тилинде жайылтууга көп күч жумшаган. Бирок Токтогулдун поэзиясы орус тилинде түпнускадагысындай же болбосо ошого үндөш берилди деп айтуу кыйын. Бул багытта алып баруучу иштер али алдыда, демек, акындын ырларын которо турган жаңы котормочуларды издешибиз керек...

...Кыялымда кээде Токтогул өлбөгөндөй, сүйүктүү комузун колуна алып, учу-кыйыры көрүнбөгөн даңгыр жол менен адилеттик, теңчилик, эрдик, туруктуулук, ишеним, сүйүү, элдердин достугу жөнүндө үнүн созолонто ырдап бараткансыйт, калың букарасы артынан ээрчип, анын өлбөс-өчпөс ыры ансайын жаңыргансыйт...

[1] «Вечерний Фрунзе», 1988-жыл, 8-октябрь.



## СҮРӨТКЕРДИН НУСКАЛУУ СӨЗҮ ЖАНА ИШИ

*(Узакбай Абдыкаимов жөнүндө сөз)*

Адатта көпчүлүк жазуучуларыбыз атак-даңк, бийик наам, көрүнүктүү кызмат орду жана чамынып төргө өтүү үчүн бардык аракетин жумшап, жан сабашат... Албетте, бул — пендечилик... Келечекте кыргыз адабиятынын төрүнөн өзүнүн тийиштүү ордун ээлей турган — бүгүн кыргыз журтчулугу туулган күнүнүн сексен жылдык салтанатын урмат менен белгилеп жаткан көрүнүктүү жазуучу, котормочу, адабиятчы, агартуучу жана жаркын жүздүү инсанат — Узакбай Абдыкаимов тирүү кезинде дайыма башкалардын көлөкөсүндө жана аркасында калган, бирок калем кармап, белсенип киришкен мейли котормо, ыр, аңгеме, повесть, пьеса, роман, либеротто, адабий окуу китеби болсун, алардын ар биринин кара майын чыгара иштеген, ар биринде өзүнүн жеке көз карашын, мамилесин жана жүрөк сүйүүсүн даана калтырган сүрөткер эле. Абдыкаимов өмүрүндө биринчи жолу, белинен кан кечип жүрүп, 1944-жылдын 31-мартында немецтик Кенигсберг шаарында Кызыл Жылдыз орденин алганда, өзүнүн согушта тынбай жазып жүргөн «Кенже лейтенанттын күндөлүгү» дептерине төмөнкү сөздөрдү түшүргөн: «Бүгүн эртең мененки саат тогузда комдив ордендер тапшырды. Кызыл Жылдызды алып, мурда көңүлүмдө эч качан болбогон сезимдерди байкадым, «Кыргыз адабиятына төбөсү менен кызмат кылган бул ары таланттуу, ары абийирдүү жазуучу кыргыз адабиятынын Москвада өткөн 1939 жана 1958-жылдары өткөн декадаларына да катышууга татыктуу болгон эмес. Жазуучунун туулган күнүнүн элүү жылдык юбилейин жупуну гана белгиленип, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен гана сыйланган. Ал эми маркумдун туулган күнүн 60 жана 70 жылдык-

тары көз жаздымда калганы кокустук иш болгон эмес... Ал кыргыз адабиятынын босогосун жыйырманчы жылдардын аягында, жалпыга белгилүү Фрунзедеги атактуу техникумда окуп жүрөндө, Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов, Темиркул Үмөталиев жана башка менен бир мезгилде аттанган. 1928-жылы май айында «Жаңы маданият жолунда» журналынын биринчи номери жарык көрүп, анда Абдыкаимовдун «Таң атканда» деген эң алгачкы аңгемеси «Үмүт» деген псевдоним менен басылган. Ошол эле жашырын ат менен жаш жазуучунун «Бакты жолунда», «Ач талаа» өңдүү алгачкы аңгемелери бул журналда басылган. Жаш жазуучунун адабиятка өтө жооптуулук менен мамиле кылып, элге уят болбоюн деп өз атын жашырганы анын уяндыгын, сыпайылыгын даана айгинелейт. Абдыкаимов отузунчу-кыркынчы жана андан соңку жылдары «Кыздын таалайы», «Карындашыма», «Суусамыр окуяларынан» өңдүү повесттерин, бир нече ырларын, «Мөөр», «Айдар жана Айша» либероттолорун, Ата Мекендик согуштун кан майданында-гы каардуу күндөрүн чогулткан «Ак кайың» пьесасын жазып, алардын айрымдары журнал жана газеталардын бетинде жарык көргөн, опера театрында ийгиликтүү коюлган, таң каларлык нерсе, автор ошолордун бирөөсүн да китеп кылып чыгарам деп басманын эшигин аттап баскан эмес... Бул адабий сыпайылыктын жакшы үлгүсү эмеспи!

Ар кандай көрүнүктүү жазуучунун чыгармачылык кутудагы жашырын сыры болот, устаканасынын сырын автор өзү гана билет. Бул жагынан алып караганда, Абдыкаимов эч кимге «устаканасынын» сырын айтпаган өзгөчө «түнт» сүрөткер болгон. Ушул күнгө чейин эмне себептен ал оригиналдуу чыгармаларын жазууну улантпай, отузунчу жылдардын башынан тартып көркөм котормо жана илимий иштерге биротоло оюп кетишин ары түшүнбөй, ары таң калып жүрөм... Жазуучунун замандашы, котормочу жана, журналист Түкөй Кекиликов өзүнүн эскермесинде ушул маселеге токтолуп, Абдыкаимовго мындайча кайрылганын эскерет: «Узаке, сен эми илимий жумушка чөмүлүп калдың, бош убактың да азайып калбадыбы, чыгармачылык иштериң кантет, сен жазуучу, акын эмес белең? — деп тамашалап калам.

— Бул да керектүү. Адабиятты изилдөө, оозеки адабияттын үлгүлөрүн жыйнап, иштеп чыгуунун өзү да оңой эмес. Албетте, чыгармачылык жумуш эч бир көз жаздымда калбайт,— деп күлүмсүрөп коер эле» («ЛЖ» 1988-ж. 11-октябрь).



Зирек жазуучунун бүдөмүк бул жообуна ишенсек да, ишенбесек да болот. Элдик оозеки чыгармаларды жыйнап, иретке келтирүү, сапаттуу окуу китептерди жаш жеткинчектерге тартуулоо эң зарыл иш экендигинде кыпындай күмөн жок. Жазуучунун айрым замандаштары Узакбай жалкоо жана кашаң эле деп калышат. Кашаң адам окуу китептерин эрикпей түзүп, дүйнөлүк жана орус, совет адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн ой-дөбө чыгармаларын кыргыз тилине жеткире которуп, бул өнөрдө өзүнүн заңгыраган жолун салмак беле? Менин баамымда, жаш кезинен орус тилди суудай билип, дүйнөлүк жана орус адабиятынын мыкты үлгүлөрү менен тааныш Абдыкаимов, биринчиден өзүнүн жазган чыгармаларына көңүлү тойбой, алымсынбай, көп жыл изденип жүрсө керек, экинчиден, отузунчу жылдары биздин коомдо ачык башталган деформацияларды, караандай адилетсиздиктерди акылы жана жүрөгү менен сүрөткер катары сезип, жарым-жартылай, айрым учурда калп пафоско жамынган «чыгармаларды» жаратуудан көрө, адилет кесип котормонун артынан түшүүнү туура көргөн чыгар деп да ойлоп кетем...

Ырасын айтканда, Абдыкаимов кыргыздын көркөм котормо өнөрүндө чоң из калтырды. Жаш котормочу бул татаал өнөрдүн түйшүктүү жүгүн өз мойнуна чымырканып алган мезгилде, котормо маселелеринин теориялык багыттары жөнүндө орус адабий сынында жана илиминде бир беткей, чаташкан көз караштар өктөмдүк кылып, буквализм гүлдөп турган учуру эле, ал эми кыргыз котормосу кас-кас туралган бөбөктү элестетчү. Ушундай кыйын шартта котормо ишине бел байлап кириш үчүн, нукура талант, эр жүрөктүүлүк жана интеллектуалдык деңгээл, орус тилин жакшы билүү талап кылынган. Мындай сапат Абдыкаимовдо толук жетишерлик болчу. Ал бала кезинен туулган жериндеги орус мужуктарынын балдары менен чүкө ойноп, каз-өрдөк багып, андан соң Ташкенде үч жыл орус тилинде билим алган экен. Бекеринен ал отузунчу жылдары Москвада СССР элдеринин Борбордук басмасында иштеп жүргөндө, орус тилинде аңгеме жазып, атактуу А. В. Луначарскийге окутуп, анын жылуу батасын алган эмес. Абдыкаимов согуш учурунда ырларын орусча жазганына жогоруда сөз болгон «Күндөлүгү» күбө болууда. Ошол себептен Абдыкаимов чү деген жерден эле техникумда окуп жүргөн кезинде Н. В. Гоголдун дүйнөгө атагы белгилүү «Текшерүүчүсүн» кыргыз тилине чоң чеберчилик менен которгондугу үчүн, бул спектакль кыргыз театрынын көркүн ачып, көрөрмандардын сүйгүнчүлүгүнө ай-

ланып, ушул күнгө чейин сахнадан түшө элек. Ал өз учурунда Пушкиндин «Полтава» поэмасын, «Борис Годунов» драмасын, «Балык менен балыкчы жөнүндө», «Алтын көроз жөнүндө», «Поп, анын кызматчысы Балда жөнүндө» жомокторун, Мольердин «Жорж Данден же акмак болгон күйөө», Н. А. Островскийдин «Мышыкка күндө май кайда, М. Горькийдин «Душмандар», «Васса Железнова», Хамза Хаким Заденин «Майсаранын амалы», «Л. Леонидун «Чабуул» пьесаларын, У. Гажибековдун «Аршин-малалан» либероттосун кыргыз тилинде сүйлөткөн, Л. Толстойдун «Кавказ туткуну», Чеховдун, Горькийдин классикалык аңгемелери, ошол эле Горькийдин «Көрүнгөндүн колунда», А. Фадеевдин «Жаш Гвардия» романдарын да котормолору Абдыкаимовдун чебер калемине тиешелүү.

Ак эмгек эч качан адамдардын эсинен чыкпайт. Өткөн жылы Кыргызстан Жазуучулар Союзунун башкармасынын көркөм котормого арналган пленумунда кыргыздын дагы бир зергердей чебер, ары маданияттуу көркөм котормочусу Абдулхай Алдашов Абдыкаимовдун кыргыз көркөм котормосуна сиңирген эмгегин белгилеп келип: «Узакем көркөм котормодо атаан төө болсо, биз анын жанындагы тайлакпыз» деп кыргыз элинин байыркы замандан айтылып жүргөн улуу сөздөрүн кайталап айтканын отургандар дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алганы баарыбыздын эсибизде турат...

Бүткүл адамзаттын, ошонун ичинде биринчи кезекте совет калкынын тагдырына каргашалуу алаамат салып, анын нукура ар-намысын, кайраткерлигин сынаган Улуу Ата Мекендик согуш Абдыкаимовдун өмүрүндөгү эң азап-туу, өзүнүн таамай сөзү менен айтканда рубикондун албуут дариясынан арт жагына кылчактабай кечип өткөн эрдиктин жылдары деп айта алабыз. Ал Советтик армиянын катарына кан күйгөн 1942-жылдын 9-майында чакырылып, үч жыл катары күн сайын, саат сайын, мүнөт сайын кандуу майдандын алдыңкы катарында, өлүм менен өмүрдүн ортосунда кара жанын оозуна тиштеп, Ата журту коргоп, Жеңиштин Улуу күнүн 1945-жылы 9-майда Пруссияда коюнга батпаган кубаныч менен тоскон. Ал курал кармап гана ач көз душман менен кармашпастан, үч жыл бою орустун нукура тилинде күндөлүк жазып, жүрөгүн эзген ички сырларын, көкөй кескен ойлорун, таамай пикирлерин, асыл тилектерин ошол жоокерлик дептерге үзбөй жазып жүргөн. Жазуучунун бул «Кенже лейтенанттын күндөлүгүн» баштан аягына кунт коюп окуган адам, Абдыкаимовдун бай ички дүйнөсүнө, тунук акылына жана



интеллектуалдык терендигине баа берип, суктанбай койбойт! Адатта адам баласы каргашалуу ажал канжарын сунуп турганда, негизинен кара башын кантип сактап калуунун жолун ойлосо керек. Сейрек гана адамдар мындай эң кыйын шартта акыл токтотуп, өзүнүн пендечилигин унутуп, башкалардын тагдырын, элдин камын ойлой алат. Ошол күндөлүктөн айрым үзүндүлөрдү келтирели...

«1944-жыл, 3-ноябрь. ...Бүгүн Бабаловдон кат алдым. Николай Поденшиков курман болуптур. Анын энесине боорум ооруйт. Байкуштун эри да жок болчу, Николай анын жалгыз уулу, бүткүл кубанычы, кокодой жалгыз башынын, оор турмушунун тиреги болчу» ...«1944-жыл, 7-ноябрь. Майрамдын урматына 200 граммдан соктук. Мен 1942-жылдын Октябрь майрамын эске түшүрдүм.

...Күн-түнү жөө жүрдүк. Бул күндөр менен түндөрдүн аягы жоктой сезилди. Бош калган айылдардагы картаң карыялар менен кемпирлер бизди унчукпай, бир туруп аягандай бир туруп жек көргөндөй көз караш менен узатып жатышты. Эрте түшкөн кургак караандай суук кар аралаш жамгыр менен алмашып, андан бетер кыйынчылык туудурду: баткак, жамгырдын суусу өткөн шинель андан бетер бизди кыйнап, алдан курутту. Ошондо сапар адам чыдагыс жолго айланды. Адамдар үнсүз баратышты. Бул үнсүздүктө адам баласы өлөрүн билип туруп азап жолуна чыкканда өзүнүн адамгерчилигин бекем сактаган касиет бар эле. Бул үнсүздүктө азаптуу сапарга болгон, ар бирибиздин кыжырыбызды кайнаткан ызалык бар эле. Бул үнсүздүктө ар дайым ага жардамга келип, тирек болуп дүйнөнү таң калтырган, бирок жаңы адамдын асыл касиеттери менен сугарылган орус адамынын көктүгү бар эле. Бул үнсүздүктө душмандын жер жаңыртып мактанганын жокко чыгарган келечектин добушу, келечекке, жарык күнгө ишенгендиктин жашырын сыры бар эле. Бул улуу үнсүздүк жана иш жүзүнө аша турган, өзүбүздүн ак ишибизге толук ишенгендик эле.

Эртеге бүткүл биздин жашообуздун мазмунун аныктаган эң улуу күнүбүз — Октябрь революциясынын 25-жылдыгы болот».

Абдыкаимов «Күндөлүгүндө» өзүн чыныгы гуманист, терең ойчул адам катары көрсөтөт. Үч жыл бою таш боор баскынчылардын азабын өз башынан өткөрүп, алардын зулумдугун өз көзү менен көргөн жоокер биздин армия Германиянын аймагына өткөндө, өзүн немец элинин досу катары сезип, алсыз кемпирлерге, балдарга боору ооругандыгын билдирет. Ал турмак атактуу советтик жазуучу

Илья Эренбург 1944-жылы «Красная Звезда» газетасына өзүнүн чуу чыгарган «Сок немецтерди» деген макаласын жарыялаганда, ал аны менен макул эместигин күндөлүгүнө жазат: «Мен Орус офицеринин ойлору» деген макаламда жазганмын: «Биз гитлеризмди жок кылабыз, фашизмдин идеологиясын жок кылабыз, немецтик армияны жана орус армиясынын боштондук жолуна курал менен жолтоо болгондорду жок кылабыз. Бирок биз немец элинин душманы эмеспиз, биз Гетедей даанышмандарды жаратkан немец элинин маданиятын жок кылбайбыз. Орус жоокери немецтик кемпирлерди, ыйлаган балдарды эркелеткенин көрүп, мен аябай кубандым жана ойлодум: Биз муну менен өзүбүздүн эң бийик адамгерчилигибизди көрсөтүп жатабыз, мунубуз менен Гитлердин, Геббельстин үгүт насаатын жокко чыгарып жатабыз. Биз бүткүл азаптозокту силердин мырза кожоюнуңардын айынан тарттык, бирок биз немец элин жаңы багытка бурабыз».

Абдыкаимовдун бул асыл ойлору кимди болсо да ойлонтпой жана толкундатпай койбойт.

Ушул күнгө чейин Улуу Ата Мекендик согуштун улуу күбөлүгү — Абдыкаимовдун «Кенже лейтенанттын күндөлүгү» орусча-кыргызча болуп толугу менен өзүнчө китеп-че болуп чыкпаганын кантип түшүнсө болот?

Ар кандай атактуу сүрөткер жана окумуштуу табийгат ак батасын берген чоң инсанат болот. Пушкин, Гоголь, Лермонтов, Толстой, Достоевский, Чехов, Горький, Блок, Маяковский, Ахматова, Платонов, Шолохов, Булгаков, Твардовский, Ломоносов, Менделеев, Павлов, Вернадский, Н. Вавилов, Королев, Капица, биздин күндөрдө академик Сахаров, биздин улуттук маданиятта: Токтогул, Тоголок-Молдо, Сагынбай, Саякбай, Барпы, Тыныстанов, Элебаев, Бөкөмбаев, Турусбеков, Токомбаев, Осмонов, Айтиев, Ахунбаев, Юнусалиев, Юдахин, Адышев да ошол кара шумкарлардын катарында Узакбай Абдыкаимов турат. Өзүнөр калыс болгулачы: бул киши совет доорунун эң татаал доорунда, достор досторду сатып, туугандар туугандардан безип турган отузунчу жылдарда өз ысмын ыплас ишке булгабай, ак жашап күн көргөн. Ал Қасым Тыныстановдун жакын шакирти жана ынак досу болгон, бирок бул атактуу адам ак жеринен «эл душманы» болуп, аны билгендер тилдеп жатканда да, ал ага ахарат келтирип, тил тийгизген эмес. Отузунчу жана кыркынчы, жана элүүнчү жылдарда Абдыкаимов бирөөлөрдү каралап, чуулугандуу айып койгон макалалар жазган эмес. Ал согуштан кийинки жылдары Кыргызстан Жазуучулар Союзунда адабий кеңешчи болуп иштеп, таланттуу жаштарга агалык камкордук көргөн. 1948-жылы Қыргызмамбастан Абдыкаимовдун жыйнак түзүп жана редакциясында жаш акындардын экинчи жыйнагы (биринчисин Алыкул Осмонов түзүп чыгарган) жарык көрөт. Ошол жыйнактан бүгүн кыргыз адабиятынан өзөдөрүнүн ордун ээлеген Сатин Абдыкеримованын, Кеңешбек Асаналиевдин, Нуркамал Жетикашкаеванын, Сүйүнбай Эралиевдин, Эргешбай Узакбаевдун, Сооронбай Жусуевдун, Түмөнбай Байзаковдун, Абдылда Белековдун, Байдылда Сарногоевдин жана башка ырлары орун алган. Поэзияны жанындай сүйгөн дилгир Абдыкаимов мыкты саяпкердей алыска чуркай турган кыргыз адабиятынын жаш күлүктөрүнүн келечегин көрө билген.

Абдыкаимовдун дагы бир инсанаттын жакшы жагын эскербей коюга болбойт.

Согуштан кийинки катаал жылдарда балкардын атактуу акыны Қайсын Қулиев өз элинин артынан ээрчип келип, Фрунзеде он жылдан ашык жашаган. Балкар акынынын тагдыры оор күндөрүн бөлүшкөндүгү үчүн саясий айыпта болуп, Фрунзеде куугунтукта жүргөн, анын баскан кадамы эсептелүү эле. Ошол кыйын шарттарга карабай, Абдыкаимов Кайсын Қулиев менен кучак жайган дос болгон, колтукташып ачык басып жүргөн, аны менен тилектеш болуп, кайрат берген, көңүлүн көтөргөн, жыгылса жөлөк, тайгылса тирек болгон. Мындай кыйын кезеңдеги жылуу сөз, достук менен сунулган кол эч качан адамдын эсинен чыкпайт... Қайсын өмүрүнүн аягына чейин Абдыкаимовду эркелетип «Узачок» деп атап, ыраазылыгын билдирип жүрдү. Эми сөздү Қулиевке берели: «Мага алгачкы күндөрү азыр маркум, белгилүү жазуучу жана котормочу Узакбай Абдыкаимов көп жардам берди. Ал мени менен кошо которушту, мага таяныч болду. Узакбайдай ак ниет адамдар гана ушундай жоруктар жасай алат. Ошондуктан, аларды ымандуу адамдар деп аташат» (Қайсын Қулиев, М., «Современник», 1975, «Так растет и дерево», стр. 453). Абдыкаимовдун чоң инсанат экенин көрсөтүш үчүн ушул мисалдар жетиштүү болот го деп эсептейм...

Абдыкаимовдун жыйырма жылдай көкүрөгүндө алдейлеген, айрым окуялары көз алдына тартылып, ал турмак түшүнө дайым кирип, таттуу уйкусунун тынчын алган — көксөгөн китеби болгон. Ал китептин аты — «Майдан» романы. Автор өз көзү менен көрүп, башынан өткөргөн жоокерлик кыйын күндөрдү жылмалабай, каардуу чындыкты жашырбай жазууну эңсеп, өзүнүн күндөлүгүнө мындай деп жазган. «1944-жыл, 23-ноябрь. Мен ар дайым

өзүм ак пейилден, ак дилимден жазамын жана досторумдан ошону талап кыламын. Табигыйлык мол болсун, калптуулук аз болсун! Чындык көп болсун, жүзү каралык аз болсун! Керектүү жерде нукура чындык жана толук дилгирлик керек. Чындыкты жазып, бирок дилгирлик жетпей калышы мүмкүн». Жазуучу өзүнө катуу талап койгондой, ал бул романында өзү түзгөн каармандары Кыдырбек, Апсамат, Качыке, Бермет, Чынаркан, Мырзабектердин жеткилең көркөм образдары аркылуу турмуштун ушунчалык татаалдыгын, өзүнүн басып өткөн чиеленишкен өмүрүн, отузунчу жылдардын аягында каргашалуу жылдардын чет-четин, согуш учурундагы совет элинин майтарылгыс баатырдыгын, жаңыдан калыптанган кыргыз интеллигенциясынын Ата журттун асманын кара туман каптап тургандагы ак тилегин, ой-пикирин, тылдагы кыргыз дыйкандарынын кебелбес туруктуулугун ушунчалык ишенерлик сүрөттөй алган. «Майдан» романы алтымышынчы жылдардагы кыргыз романынын эстетикалык деңгээлин бир кабатка көтөрүп, бул жанрдын горизонтун ашкере кеңейте алды. Учурунда «Майдан» романынын тегерегинде кызуу талаш-тартыштар болуп, бул китепке чоң идеялык айыптар жүктөлгөнүнө өзүбүз күбө болуп, андай калтыс пикирлерге түздөн-түз каршы чыкканбыз. Биринчи болуп Аалы Токомбаев «Советтик Кыргызстан» газетасынын бетинде «Майдан романы жөнүндө учкай сөз» деген макаласын жарыялап, «Бул чыгарма социалисттик реализмдин каршысында турган, коомдук талапка жооп бере албаган терс идеяны (1962-жыл, 11-март) тараткан чыгарма»,— деп сасык жалаа койгон. Токомбаевдин бул жараксыз позициясы жалгыз Абдыкаимовдун романына каршы багытталган ур токмок эмес: ал партиянын XX съездинин шарапаты менен жаңыдан багыт алган нускалуу кыргыз адабиятынын жаңы көрүнүштөрүнө балта чабуу эле. Эсимде: март айынын 19—20 числолорунда Кыргызстан Жазуучулар Союзунда бул романдын жана чуулгандуу макаланын тегерегинде талаш-тартыш улантылып, «Майданды» Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Олжобай Орозбаев, Касым Кайымов, Кеңешбек Асаналиев, Салижан Жигитов жана ушул саптардын автору ишенерлик аргументтер менен колдоп чыгышкан. Бул романга адилетсиз идеялык доомат койгон кыргыз жазуучулары аралыбызда аралашып жүрөт. Романга саясий айып койгон оппоненттердин дооматтары караандай кара өзгөйлүк (демогогия) жана адам күлөрлүк эле. Бир мисал келтирели:



элүүнчү жылдардын аягында Касым Тыныстановду көкөлөтүп мактап жүргөн бир адабий сынчы Кыргызстан КП БКнын кийинки токтомуна таянып, «Бул романда эл душманынын төрт сап ыры кирип кетиптир, бул кокустук эмес»,— деп жар салганда, «Майдандын» жоолору күптөрүштү! «Кокуй, бул эмне деген жорук, эмне деген шумдук! Романдын бир каарманы согуш күндөрүндө:

Бир кезде мен да жүргөнмүн,
Жан менен сүйгөн жар менен.
Айырганда тагдыр күйгөнмүн,
Күндөрдү санап зар менен,

— эски ырды эске түшүрөт».

Бул ыр Касым Тыныстановдукубу, же эмеспи, тактоо керек. Эгерде аныкы болгондо да ошончолук дүрбөлөңгө түшүү баштарынан көптү өткөргөн акыл-эстүү адамдардын абийирине мактоо алып келе турган иш эмес. Эгерде бул ыр аталган автордуку болбосо, көз көрүнө карасанатайлык болгон! Ал эми, «Эл душманы Тыныстановдун төрт сап ыры кирип кетиптир, бул китепти өрттөө керек»— деген сынчы, бүгүнкү күнү «Кыргызстан маданиятынын» бетинде кайрадан Тыныстановду көкөлөтүп мактап, макала жазып отурганына, кантесиң?.. Азыркы учурда «Майдан» романына көз көрүнө адилетсиз идеялык дооматтар коюп, таланттуу жазуучуну ур токмокко алган айрым кыргыз жазуучулары эч катышпагандай арабызда жүрүшөт...

Талкуунун аягында Узакбай Абдыкаимов сөз алып, сабырдуулук менен мындайча баштады: «Мен бул романды жазамын деп көп жылдар мурун ойлондум эле. Бирок жаза албай жүргөнмүн. Ошондуктан романдын айрым деталдары мурунтан эле ойлонуп жүрүлгөн болучу. Жаза албай жүргөнүмдүн негизги себеби «культ личности» болсо, экинчи себеби, Ата Мекендик согушту баяндаган материалдар, ал жөнүндө жазылган китептер менин колумда болбоду. Анын үстүнө бу китепти кандай жазышты да ойлонуш керек эле. Ошондуктан согушка тиешелүү болгон бардык адабиятты мүмкүн болушунча окуп чыгууга тырыштым. Өзүмдүн майданда көргөндөрүмдү, согушка катышып жүргөн жолдошторумдан уккандарымды жыйынтыктап, бу китепти 1959-жылдан жаза баштап, биринчи китебин 1960-жылы басмага, андан мурдараак «Ала-Тоого» үзүндүсүн бердим».

Абдыкаимовдун токтоолугуна, өз китебинин келечегине терең ишенгендигине жана жогорку маданиятына ка-

тышып отургандар ыраазы болушту. Эки күн ичинде жазуучуга эмне гана деген саясий айыптар айтылган жок! Автор алардын ар бирине кызандан жооп берүүнү намыс көрүп, үч оппенентке кыска, бирок сөөк какшаткан күйдүргү сөздөр айтты: биринчиси сын макаланын авторуна кайрылып: — «Аалыке, келечекте уул туумак, кыз туумак эсте болсун!» — деди: экинчиси Абдыкаимов менен жыйырманчы жылдардан бери коюндашып өскөн жердеш-замандашына күлкү менен кайрылып — «Ырахмат ака!» — деди: үчүнчүсү элдин башына каргашалуу тагдыр түш келип турганда, тылда орто мектептин директору болуп жүргөн жазуучу эле, ага кайрылып: «Белимен кан кечип жүргөн мага сен согушту кантип жазууну үйрөтөсүңбү? Сен кан майдандагы октун жыты кандай болорун билесиңби?» — деди да, дүркүрөгөн кол чабуулардын астында трибунадан башты бийик көтөрүп түшүп кетти...

Тилекке каршы, бул талкуу Абдыкаимовдун пайдасына көз көрүнө чечилгендигине карабастан, «Майдан» романы бийликтер тарабынан сатуудан алынып, «камакка» түштү. КПСС Борбордук Комитетинин идеологиялык бөлүмүнүн ошол мезгилдеги инструктору, азыркы көрүнүктүү сынчы, Москвалык жазуучулар уюмунун биринчи секретары А. Михайловдун түздөн-түз кийлигишүүсү астында роман китеп магазинге кайрадан түштү. Катуу оорулуу Абдыкаимов өзүнүн татар суусу, көрөр күнү бүткөнүн билип туруп, оор төшөктө жатып романдын экинчи китебинин черновигин гана бүтүүгө үлгүрдү да, 1963-жылдын сентябрь айында өз эли менен түбөлүккө кош айтышты...

...Чыныгы жазуучунун көзү өткөндөн кийин артында анын китептери калат да, түбөлүктүү экинчи өмүрү башталат, эл арасында нускалуу сөздөрү жана элге арналган иштери жашайт... Абдыкаимовдун нускалуу сөздөрү — анын атактуу романы «Майдан» бул чейрек кылымдын арасында кыргыз окурмандарынын сүйүктүү китебине айланып, кыргыз адабиятынын гана көзгө урунуктуу чыгармасы эмес, орус тилине которулуп, Москвадан эки жолу жарык көрүп, көп улуттуу совет адабиятынын Улуу Ата Мекендик согушту реалисттик менен сүрөттөгөн мыкты романдарынын катарына кошулду. Абдыкаимовдун дагы бир нускалуу сөздөрү — дүйнөлүк жана классикалык, советтик орус адабиятынын үлгүлөрүн кыргыз тилине которгон чыгармалары, алардын мыктылары кыргыз котормосунда өзүнүн баалуу ордун ээледи. Абдыкаимов — отузунчу жана кыркынчы жылдары кыргыз тилине чоң эргүү менен которгон Пушкиндин баарыбызга белгилүү «Жомоктору»,



«Кышкы кеч», «А. П. Кернге», «Кышкы жол», «Бой тумар», «Децизге», «Сибирге кат», «Чадаевке кат» өндүү ак берметтин суусуна сугарылган лирикалары кыргыз адабиятынын кенчине айланып, бул котормолордун таасири менен бир нече муундар тарбияланганын айтсак — апырткандык эмес. Абдыкаимовдун кыргыз адабиятына сиңирген эмгеги, чыныгы орду орто мектептер, жогорку окуу жайлар үчүн жазылган жана түзүлгөн окуу китептери, тарыхтарда жана программаларда көз көрүнө «унут» калып, басмырланып жүрүшү чоң адилетсиздик деп эсептейм... Өкүнүчтүү нерсе, ушул күнгө чейин Абдыкаимовдун поэтикалык котормолору, прозалык чыгармалары, пьесалары жана либероттолору өзүнчө китеп болуп чыга элек, ага көңүл бурула элек. Кыргыздын көрүнүктүү жазуучусунун жана котормочусунун мурасына астейдил көңүл бура турган учур келди!

Эң кубанычтуусу: Абдыкаимовдун нускалуу сөздөрү кыргыз элинин арасында жашоодо. Абдыкаимов — кыргыз маданиятынын асманында жанып турган рухий жылдыздардын бири. Ал жылдыз элдин жүрөгүндө. Сүрөткер үчүн мындан ашык бакыт барбы?

## КӨКӨЙ КЕСКЕН ПОЭЗИЯ

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чүңкүр, өңүң кансыз, сары сур.
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.
Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам карап тур!

*А. Осмонов.*

Жылдар өткөн сайын көркөмдүк даанышмандыгынын масштабы улам кеңейип жана тереңдеген, келечек муундардын тилинин учунда турган бүдөмүк ойлорун жазбай танкан, туюк жаткан көкүрөк сырларын, асыл сезимдерин нукура даана чагылдырган, ар кандай мезгилдин талабына аскадай майышпай туруштук берип, албуут толкундарды кебелбей бет алып сүзгөн алп кеме сыңары акындар ар бир элдин маданий казнасынан кезигет. Андай акындар — өз элинин түбөлүктүү сакчысы, ар-намысы, сыймыгы, «ысыгына күйүп, суугуна тоңгон» эр көкүрөк жолоочусу.

Алыкул Осмонов кыргыз совет поэзиясындагы ошондой

алп акын. Өкүнүчтүү нерсе, акындын өмүрү ушунчалык кыска болду, ал отуз беш жашында, жигит курагында, 1950-жылы 12-декабрде каргашалуу учук оорудан каза тапты.

Ал каргашалуу күндөн бери отуз жылдан ашык мезгил өттү, бул мезгилде атактуу акыныбыздын экинчи өмүрү өкүм сүрүп, анын өлбөс-өчпөс мурасы — нукура поэзиясы мезгил менен күч сынашып, кыргыз элинин, кыргыз жаштарынын маданий кенчине, гүл азыгына айланды. Алыкул Осмонов өз башынан өткөргөн оор тагдырын, ошол азап-тозокко моюн сунбай кыска мөөнөттө жасаган алп эрдигин, кыргыз адабиятындагы ардактуу өз ордун даанышмандык менен сезе билген, өзүнүн келечекте улам баркы ашып, өз элинин сүймөнчүлүгүнө айланарына кыпындай да шек санаган эмес.

Алыкул Осмонов кыргыз адабиятынын конушуна отузунчу жылдын так башында келди. Эгерде Касымалы Баялинов, Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев, Молдогазы Тобаевдер телчигип келе жаткан адабиятыбыздын биринчи эшолонун, Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Темиркул Үмөталиев, Узакбай Абдыкаимов экинчи эшолонун түзүшсө, Алыкул Осмонов, Райкан Шүкүрбеков, Абдырасул Токтомушев үчүнчү эшолонун түзүшөт. Акын өзүнүн жарык көргөн эң алгачкы ыры жөнүндө өзүнүн жазуучулук өмүр баянында минтип жазат. «1930-жылдын сентябрь айында «Сабаттуу бол» деген республикалык газетага «Кызыл жүк» деген ырым чыкты. Ал ырды окуп алып, ошол түнү кубанганымдан уктабай чыктым. Газетаны катып коюп, күнүгө он жолу окуйм. Эртеси дагы бирди жазып алпардым, ...анан дагы, дагы[1]...»

Балапан акындардын жүрөк дегдетип кубанткан ошол эң алгачкы ыры анын эч бир ырлар жыйнагына кирген да эмес, бирок өмүрдүн эң жаркын фактысы, эң алгачкы сүйүүдөй көңүлүнүн тереңинде калганына жогорку сөздөр айкын күбө болот. Алыкул Осмонов ошол күндөн тартып кыргыз поэзиясына туура жыйырма жыл талыкпай калем шилтеди, мурас кылып, өз элине эң сонун ырлар, поэмалар, пьесалар жана Батыш менен Чыгыштын улуу акындарынын поэзиясынын котормолорун калтырды. Бул мезгилдин ичинде акын көп татаал белестерди ашты, Чыгармачылык азап-тозокту, запкыны аябай тартты, ойдогудай

[1] А. Осмонов. Чыгармалар жыйнагы, 2-том, «Кыргызстан», Фрунзе, 1965, 8-бет.



телегейи тегиз келген ырлар жазалбай таалайына — тагдырына ыраазы болбой бүркөө өткөн жылдарын да башкалтырган, биз ооздон түшүрбөй мактап жүргөн ырларды биринин артынан бирин жазып, поэзиянын канатында Пегасты минип, дүйнөнүн атактуу акындары менен атаандашып, эл алдында, ата журт алдында жүзү жарык шаңданган унутулгус күндөрдү, ойлорду да баштан өткөрдү.

Акындын ошол жыйырма жылдык чыгармачылык жолу жөнүндө ушул макалада баян бермекбиз.

Жаш акындын чыгармачылыгынын башталышы социализмди дүйнөдө жалгыз куруп жаткан өлкөбүздүн индустрия менен коллективизацияны бардык күч менен чындап жаткан тарыхыбыздын эң күрдөөлдүү учуруна туш келет. Бул доор биздин социалисттик тарыхтын эң шандуу, эң кайраттуу беш жылдыктарынын стахановчулардын, Папанин, Чкаловдордун, Челюскинчилердин, күжүрмөн эмгектеринин эр жүрөктүүлүгүнүн жана чыныгы берилгендиктеринин жылдары эле. Кыргыз акындары Аалы Токомбаев, Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек Маликов ж. б. күрдөлдүү учурдун активдүү ырчысы болуп, жаңы заманды добулбасын кагышты, өз табынын кызматын жан-дили менен аткарышты. Алыкул Осмонов курак жагынан да, чыгармачылык тажрыйба жагынан да жогоруда аталган акындардан жаш эле, ошондуктан алардын көлөкөсүндө калган учурлары да болду. Жаш акын да өз доорунун азамат уулу катары болуп, ага чын пейилден кызмат кылып, өз ырын, өз ордун табууга чоң аракет жасап, отузунчу жылдары: «Таңдагы ырлар» (1935), «Жылдыздуу жаштык» (1937), «Чолпонстан» (1936) аттуу ырлар жыйнагын басмадан чыгарат. Жаш акындын эң биринчи жыйнагы «Таңдагы ырларда» өз учурунун таламына шайкеш келген «Түндөгү үн», «Кызыл учкучтар», «Жүр, жолдоштор», «Тап коргоочу болобуз», «Жаңы уул», «Миллиондор», «Чапаев» өңдүү агитациялык мүнөздөгү Мояковскийдин түздөн-түз таасиринде жазылган ырлары бардыгына карабастан, эч кимдин көңүлүн өзүнө буралган жок. Алыкул Осмонов поэзиясына арналган айрым макалаларда, акындын отузунчу жылдардагы ырлары өтө төмөн бааланып, көп учурда ыр катарынан чыгарылып ташталат. Бул биринчиден адилетсиздик. Экинчиден бул үчүн Алыкул Осмонов да өзү анча-мынча айыптуу. Ал ак дилинде, жүрөгүндө чоң поэзияны эңсегендиктен, өзүнө чоң талап койгон: «Бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс, поэзиянын

бир чоң килемин соксом ээ»,— деп, отузунчу жылдары чымырканып жүргөн. 1935-жылы «Таңдагы ырлар» деген биринчи ырлар жыйнагы чыкты. Анын ичинде «Ок жаңылды» деген биринчи поэма да бар эле.

«1932—1935-жылдардын аралыгында көп окуп, көп жаздым, кээде таң агарып атканга чейин ыр жазган күндөрүм болгон.

1935—1936-жылдар чыгармачылыгымдын артка кеткен жылдары болду. Анткени турмуштан аябай четтеп, шаардын тар рамкасында болуп, жалаң окуган китептер боюнча жазып калдым. Ошол жылдары чыккан «Жылдыздуу жаштык» деген **экинчи китебим эң начар колго алгыс китеп болду»** (астын сызган К. Б.) деп[1] Алыкул Осмонов өзүнүн өмүр баянында атайын эскерген.

Алыкул Осмоновдун өзүнүн ырларына ушунчалык катуу талап койгон («...эң начар, колго алгыс китеп болду») максимализми 20—30—40-жылдары шилтеп койгон колго алгыс ырларын шедевер катары тандалмалар, жыйнагына тартынбай киргизип жүргөн аксакал акындарыбызды, калемден чыккан ыр аттууну ар бир ырлар жыйнагына уялбай сунуш кылган жаш акындарыбызды да терең ойлонтуу керек.

Калыстыкты айтсам, Алыкул Осмоновдун «Таңдагы ырлар» жыйнагында жаш акын эч уялбай турган айрым ырлар бар. Мисалы, биз бала кезде кыргызча окуу китептерден орун алып, жатка ырдап жүргөн акындын «Чапаев» деген белгилүү ыры акындын алгачкы жыйнагынан орун алган экен. Бул ыр бүгүнкү окуучулардын да эстетикалык сезимин ойготпой койбойт:

Ушул менчи толкуп барып токтолом
Замбиректин огуна окшоп октолом.
Жүрөгүм өрт Чапаевче боло алсам,
Таамай аткан октон тайгын коркпогон.

Бул ырда жалындуу жүрөк отузунчу жылдардагы комсомолецтердин, жаш өспүрүмдөрдүн эрдик, атак, революция, тапка жан дили менен кызмат кылып, керек болсо, кара жанды аябай курман болуу жөнүндөгү учкул ой-тилеги, романтикасы, ушунчалык курч мүнөздө сүрөттөлгөн. Жаш акындын бул жыйнагында жаңыдан баш көтөрүп келе жаткан немецтик фашизмге каршы, ошондой эле Социалисттик Ата мекендин чек арасын бекем коргоого арналган публицисттик ырлар көңүлгө аларлык.

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 9-бет.



«Генерал болууну эңсебеген жоокер — жоокер эмес» — деп, улуу жол башчы Суворов эскерткендей, чыгармачылыкта чоң максатты, чоң мөөрөйдү өз алдына койбогон акын да, жазуучу да арбытып эмгек калтыра албайт. Чоң тилек, чоң максат, чоң жүрөктө жашап, келечектеги чоң эрдиктерге, ийгиликтерге түртүү болот. Кыргыздар да: «Боло турган бала богунан» — деп кылымдар бою бекер жерден безенген эмес. Жыйырма жаштагы Алыкул Осмоновдун биринчи ырлар жыйнагында «Өзүм» деген бүгүн бизди алдына койгон максатынын бийиктиги менен таң калтырган ыры бар.

Ырдап жүрөм, бирок көп эл уга элек,
Китептерим атак алып тура элек.
Кагаз таңгак, бардыгы тең кур турат,
Сыя өңдүү калемиме жуга элек.

Азыркы элдер тамшанышып калышсын,
Кийинки элдер изден жүрүп табышсын.
Курбуларым өздөрүндө сакташып,
Кыздар сүйүп, гүлдөр тандап тагышсын.

Качан?.. — дешип күткөндөр бар сагалап,
Өскөн талант, көргөн турмуш аралап,
Актай турган кагазыма ыр толуп,
Том-том болуп жакын күндө таралат.

Бул ыр — жаш акындын жаңыдан өргүп келе жаткан талантына тайманбай чакырып баштоосу, өзүнүн жүрөктө кайнап жаткан, узун түндөрдү уйкусун качырып, жүрөктө кайнап, ай-ааламды аралап сызган учкул кыялсезимдеринин акылга баш ибей, жээкти тең жарып, албугуттанган азоо дайрадай сыртка атырылып агуусу эмей, анан эмне?!... Поэзияда унутулгус эрдик жасап, чоң из калтыруу жөнүндөгү жүрөктөн атырылып чыккан өткүр тилектер жаш акындын «Таңдагы ырлар» жыйнагынан орун алган «Кагазыма», «Сыяма», «Каламыма» деген ырларында да жалындуу эңсөө менен билдирилген.

Алыкул Осмоновдун үчүнчү ырлар жыйнагы «Чолпонстан» (1937) да чоң ийгиликтен үмүткөр акынга мандай жарылып кубана турган аяноо, мөөрөй алып келген жок. Азыр баарыбызга белгилүү, ошол учурда акын чыгармачылык кризиске учурап, окуган китептерден тапкан — жанына бекем сиңген иллюзиялардан биротоло ажырай албай, жүрөктөн орун алган көк асыл ойлорду кайрадан баалап, кайрадан электен өткөрүп, сын көз менен ылгап жаткан эң азаптуу, эң түйшүктүү учур эле. Зирек акылы бар, өзүнүн талантынын жылдызына ишенген талант га-

на Алыкулдай өзүн-өзү баштан аяк сынап, жаңы багыт издеп, жаңы бийиктикке умтулат! Анын ушул кезде жаны-на өлчөп сүйгөн кызы Айдай Жигиталиева менен түбө-лүк кол үзүшөт да, бул жоготууну, «бул күйүттүү ыр ме-нен басуу керек жана өзүмдү таанытуум керек» — деп намыстанып иштейт. Акындын жүрөгү да эч бир адам күлпусун таппаган — туюк сепил. Жаш, намыстуу жаш жи-гиттин, жаш жүрөгүн жаралаган эң алгачкы махабаттын жан ачыштырган, көз жаш төгүлгөн ырларын биз бил-бейбиз. Ушунчалык аялды терең сүйө да билген, жек көрө да алган акын кантип бул жүрөк драмасына арнап ырлар жазбаганы биз үчүн чоң табышмак. Ырас, анын өзүнүн өмүр баянында: «1939-жылдан 1940-жылга чейин аз жазып, бирок көп окудум. Негедир ошол мезгилде «Лирика» атту китеп камдап, бир топ пессимисттик ыр-лар жаздым. Кийин 1941-жылы анын баарын өрттөп салдым»[1].

Менин жеке пикиримче, Алыкул Осмоновдун «Лири-ка» ырлар жыйнагын өрттөп коюшу жаш кыргыз адабия-тынын тарыхында эч качан кайрадан толбос жоготуу. Орус адабиятынын изилдөөчүлөрү Гоголдун «Өлүк жан-дар» поэмасынын экинчи бөлүгүнүн айрым главаларынын автор тарабынан өрттөлүшүнө кандай кейисе, биз дагы адабиятыбыздагы бул жоготууга дал ошондой аянычтуу кейишибиз керек. Акындын 1938-1939-40-41-жылдарда жа-зылып, бизге жеткен айрым ырлары («Мен өзүндү сүй-гөнүмө кайгырам», «Жумушчу деген ким», «Келсем ту-рат мен туулган жер тамым», «Бал», «Үстөл үстүндөгү күзгү», «Нан менен акчанын мелдеши», «Туурамчы...», «Сүйлөшүү», «Санаам», «Бир айлык дем алышта», «Түн жарык, түшкөн нийне табылгандай», «Жер жүзүнүн кар-тасы») «Чолпонстан», «Жылдыздуу жаштык» жыйнакта-рынан чечкиндүү айырмаланып, талыкпай изденүүнүн туура жолунда экендигине даана күбө боло алат. Атал-ган ырларда кур кыйкырып, предметти үстүртөн сүрөт-төө жок, акын өзү жүрөгү менен сезип, көзү менен көр-гөн окуяларга кайрылат. Алыкул Осмонов 1939-жылы өзүнүн, поэтикалык кредосун тандаган «Сүйлөшүү» де-ген атактуу ырын жазат. Бул ырында акын менен сын-чынын айтышканын келтирип, кийинкисинин мындай акыл-насаатын келтирет:

Ырың жаман акыным, ырың жаман,
Чыкпайсың бир калыптуу такылдактан.

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 10-бет.



Сына деп кыйнамайың жанга батты,
Кур сөздү түзө салып, төрт-төрт саптан.
Күнүнө бирден китеп тапшырасың,
Окусаң көңүлүндү кайгыланткан.
Ичинен иргеп алар бирөө да жок,
Не кылаар айла таппай келе жатам.

Поэзияга дал ушундай сейрек талап койгон акындын өрт-төлгөн ырлар жыйнагынын баары эле баштан аяк мөг-дөө, турмушка нааразы болуу эмес чыгаар... Чоң акын-дын кайгысы, жакын адамдардан, сүйгөндөн көңүл ка-лып, азап тартышы — тереңирээк жана мазмуундуураак болот. Дүйнөлүк адабияттын Гейненин, Блоктун, Абай-дын поэзиясы күбө эмеспи!

Алыкул Осмоновдун поэзиясында көз көрүнө орду бөк-сөрүп, орду табылбай жүргөн дагы бир өксүк маселе бар. Акындын жалаң ырлары жайгаштырылган биринчи то-мунда Улуу Ата Мекендик согушка арналган «Жашасын жүрөк, жашасын акыл!» (1941) дегенден башканы кезик-тирбейбиз. Кандуу каргашалуу 1941-1942 жана 1943-жыл-дарда Ата журтту чыныгы патриот катары сүйгөн акындын калеми чарчап, ыр жазбаганына такыр ишенгиң кел-бейт! Алыкул Осмонов бул биздин пикирибизди кубатта-гандай, өмүр баянында бул маселеге мындайча токтолот; «1941-жылы (согуш башталган айдан баштап) согуштук ырлар жаздым. Алар атайын жыйнак болбогону менен, айрым газеттерге, журналдарга орус, кыргыз тилинде (1945-жылга чейин) басылып турду». Акын ошол өмүр баянынын аягында 1930-жылдан 1947-жылга чейин басы-лып чыккан өзүнүн ырлар жыйнактарынын толук тизме-син келтирет да, жетинчи кылып «Согуштук ырлар» жый-нагын айтат. Акындын «Согуштук ырлары кайда?» деген суроо, акын талантын урматтаган ар бир окурманды тол-кундатпай койбойт...

## II

Акын деген чоң сыймыктуу наамга татыктуу болгон ар кандай салмактуу акындын поэзиясында өз доорунун эң курч, эң маанилүү маселелери козголот, Ата мекенди, бир тууган элдин тагдыры канчалык жогорку деңгээлде көркөм күч, азаматтык эргүү менен таңшый алды? — бул биринчи сапат акын үчүн негизги сапат болуп эсептелет.

Бул бийиктиктен биз Алыкул Осмоновдун поэзиясына баа берсек, ал өзүнүн акындык миссиясын чоң арнамыс-туулук менен аткарып, өз доорунун, өз элинин чыныгы

ырчысы боло алды деп тайманбай айта алабыз. Алыкул Осмоновдун поэтикалык талантынын апофеозасы, Ата мекенибиздин башын кара булут каптап турган согуш жана андан кийинки совет элинин тагдырындагы эң каатаал учурга туш келди. Ошондуктан анын поэзиясында акын жана мезгил, акын жана эл темасы көрүнүктүү орунду ээлегени кокустук эмес. Алыкул Осмоновдун согуш башталар менен жазган «Жашасын жүрөк, жашасын акыл» — деген ырын бүгүн кайрадан окуп отуруп, анын акылдыгынын кыраакылыгына, караандай коркунучтуу чындыкка жазганбай тике карай алгандыгына дагы бир жолу таң калбай кое албайбыз. Анткени, фашисттик Германия Советтер Союзуна каракчылык менен капыстан согуш жарыялаганда, кыргыздын көрүнүктүү акындарынын көпчүлүгү (жалаң эле кыргыздыкы эмес) биз ач көз жооген ураан-чакырык ырлар менен элге кайрылышты. Алыкул да аталган ырында өз элине кайрат берип, жоо менен тайманбай беттешүүгө чакырык баштады. Бирок, акындын ырында душмандын «жакындыгын, өжөр-амалдуулугу» таамай айтылып, жалпы журттун Ата мекендин башына түшкөн реалдуу коркунуч айтылган.

Душман жакын
Күчөп соккон бороондой,
Москва — жүрөк
Бу да
Шашып соккондой:
Өз алдында
Кандуу майдан,
Кагылыш,
Тагдыр талаш —
Же бар болмой,
Жок болмой!

Бул ырда ошол мезгилдин каардуу мөөрү жатат. Совет эли бүткүл эркин акылын, асыл сезимин, күрч жүрөгүн, майтарылгыс эркин, кайратын жана күжүрмөн эрдигин «бир жакадан, бир жеңден» чыгарбаса, эл тагдыры эң азаптуу күндө калары бул ырда ачык айтылган. Согуш учурунда чындыкты бетине айтып дал ушундай ырлар гана белинен кан кечип жүргөн жоокерлерге, тылда бел майышып иштеген аялдарга, кемпир-чалдарга, жаш жеткинчектерге түгөнгүс кайрат берип, эрдикке үндөй алды.

Алыкул Осмоновдун поэзиясында Ата журт темасы өтө кеңири иштелип, эл менен акын тагдыры энчилеш,



бир-биринен ажырагыс, аларсыз акындын жарык күнү да, таалай-бактысы да, кубанычы да, келечеги да жок. Акын өзүнүн бүткүл жазган ырларын бир тууган элдики деп эсептеген, ал ырларын өз элинин казанасынан алып, аны акындын чоң март сезими менен сугарып, ага кайра белек катары сунуш кылган. Алыкул Осмоновдун «Сенин поэмаң» деген телегейи тегиз, алмаз менен жакуттан шигөчө бирдикте болору чоң поэтикалык күч менен ашкере даңкталган:

Бул ырлар — менин ырым, сенин ырын,
Мөмөсү биз жашаган жакшы жылдын.
Бүгүнкү менден алган поэманды
Эскиртпей, эртеңкиге сунуш кылгын.

«Бул ырлар — менин ырым, сенин ырың!» Өз элине дал ушунтип тайманбай батынып, ар кандай ыр жазган акын кайрыла албайт жана антүүгө көп учурда моралдык акысы жок. Мынчалык өз эли менен тең тайлашып, ага эркелеп, кайрылууга өзүнүн поэтикалык күчүнүн салмагына ишенген, өз эли менен өзүнүн тагдыры түбөлүккө ажырагыс экендигине көзү жеткен, өз элинин атынан сүйлөөгө толук мандаты бар чоң акын гана батына алат. Мисалы Пушкин:

Улуу Россияга менин даңкым бүт таралып,
Бардык тилде атымды атап — жатташат.
Шаңдуу славян, фин, азыр жапан тунгус калык,
Чөл калмактары аташат.

*(Которгон А. Токомбаев)*

же болбосо, Лермонтов:

Прощай, немытая Россия,
Страна рабов, страна господ.
И вы, мундиры голубые,
И ты, им преданный народ.

же болбосо, Абайдын:

Калың элим, казагым кайран журтум,
Устарасыз түштү оозуңа мурутуң.
Жакшы менен жаманды айырбастан,
Бир кан, бир май болууда эки ууртуң.

Мындай ырлар чоң сүйүүдөн жана чоң күйүттөн чыгат: мындай ырларды азамат уулдук милдетин жана карызын сезген чоң акын гана өз элинин, өзүнүн келечегине ишенсе, же өз элинин кейиштүү тагдырына жаны ачышса, токтонуп туралбай жазат эмеспи!

Биздин Алыкул Осмонов да Ата журтун балалык нукура сезим менен терең сүйгөн, өз элинин өткөн тарыхын, басып өткөн кандуу азаптуу жолун таазим этип урматтаган, «Манас» башында турган улуу эпосторго сыйынган, элдик оозеки чыгармаларды, санжыраларды, уламыштарды, макал-лакаптарды бети менен түшө калып жыйнаган, кыргыз тилинин байлыгына жана мол мүмкүнчүлүгүнө жазуучу катары башын ийген, социалисттик доордо гана улуу орус эли башында турган бирдиктүү өлкөдө кыргыз эл кыска мүнөттүн ичинде чоң тарыхый жол басып, аты дүйнөгө угула баштаганына жан дили менен кубанган патриот акын болгон!

Ал өмүр бою улуу эпосубуз «Манас» менен өзгөчө сыймыктанган, ал эми ошол поэзиянын түгөнбөс дариясын көкүрөгүндө жыйнап сактап келген улуу манасчылардын арбайын сыйлаган. «XX кылымда жашаган манаслардын эң көрүнүктүүсү, эң күчтүүсү, эң улуусу Сагынбай Орозбак уулу болуп эсептелет,— деп жазган Алыкул Осмонов,— бирок биздин уятыбызга жараша ушул улуу киши жөнүндө да бир сөз жазыла элек... Биздин кыргыз акындары айткандай: «Сагынбайдын бир сөзү — бир аттык». Өзүбүздү көтөрбөй айтканда, орус классиктерин жана Күн батыш адабияты менен тааныш биз сыяктуу кишилерге: Сагынбай Орозбаков да Пушкин, Толстой, Данте, Шекспир сыяктуу таң калтыруучу күч болуп сезилет. Биз орустун улуу чеберлерине баш ийгендей, Сагынбайга да баш ийбиз»[1].

Алыкул Осмонов кыргыз акындарынан биринчи болуп Токтогулдун талантын баалап, анын поэзиясынын маанисин жана тереңдигин 1937-жылы заматта түшүнүп, Пушкинге арнаган эң алгачкы ыры «Сен жана мен!» кубанып минтип жазган.

Топко салаар күлүк болсоң,
Сынымсың го сен чиркин.
Тартсам кыяк, чертсем комуз,
Ырымсың го сен чиркин.
Токтогулдай талант чыкпай,
Элимдин көңүлү ток эмес.
Өз жаныңа бирге турар
Биздин элден жок эмес.

Алыкул Осмоновдун укум-тукумга калтырган поэтикалык мурасында Ата мекенге, бир тууган элге, сүйүктүү жердин ар түрдүү кооз бурчтарына атайын арналган эң сонун ырлары көп.

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 586—587-беттер.



Кыргыз совет поэзиясынын алтымыш жылдык тарыхында биздин бийик тоолорго ыр арнабаган акыныбыз жоктур дейм. Алардын арасында жакшылары, эсте каларлыктары да бар, калыс айтсак, колго алгыс начарламонов бул маселени терең түшүнгөн жана ага өтө жоопкерчилик менен мамиле жасаган.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлдөй жаркырап.
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

Жаз келээрде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болоордо эң биринчи кыш тоңуп,
Ай-ааламга ай тие элек кезинде
Эң биринчи ай жамынып ак болуп.

Түн болордо эң кийинки түндү алып,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык.
Дүйнө жүзү көзүн ача электе
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.
(«Кыргыз толору»)

Акын биздин көз алдыбызга өзүбүз билген, өзүбүз арасында жашап жүргөн көзгө, тааныш, алыска кетсек көздөн учкан, Ата журттун символ болгон Ала-Тоонун улуу элесин, жаркын образын чебер художниктин көркөм боегу менен бир шилтеп тим болгон жок, ал биздин кыялыбызга кирбеген өзгөчө кыргыз тоолорунун касиеттеринин терең мазмунун тарта алды. Биздин көз алдыбызда тоонун шаңдуу бүркүтү эмес, караандай түндү каптаган добул бороон да биздин тоолордун көз жеткис ашуусунан жалтанып, өтө албай, «жансоого» сурап калтырап турганы көз алдыбызга элестеди, атактуу Николай Рерихтин кыялы менен кистисинен жаралган Гималай тоолорунун кыркалары элестеди. Алыкул Осмоновдун нукура романтиканын чылкый боегуна ширетилген бул ырын бала кезинен окуп тарбияланган адам кантип Ала-Тоонун элесин унутуп, чын-дили менен сүйбөй кантип жашай алат, капыстан Ата журттун башына катаал иш түшсө, ошол касиеттүү тоолорду коргош үчүн көкүрөгүн кантип окко тоспоой кое алат! Ата журт жөнүндөгү акындардын патриоттук тунук сезимиңди козгоп, эрдикке чакырган ырларынын көөнөрбөс күчү дал ушунда эмеспи!

Акындын Ата Журт жөнүндөгү дагы бир ырынын» деп сабын келтирип көрөлү:

Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сени сүйгөн тагдырыма ырахмат.
Өлгөндө да сенин таттуу жытыңды,
Жаткым келет көкүрөккө кучактап.

Бул төрт сап ырды улам кайталап окуй бергиң келет, бул ыр тууган жерге багышталган гимн десем болот. Мындай ченемсиз сүйүү энеде болот, мынчалык берилип жаш кезинде кызды, же аялды гана сүйө аласын! Бүт жаныңды арнап, ниште баланды гана эркелете аласың. Ошолордун баары кошулуп, Ата журтка болгон өлбөс-өчпөс түбөлүктүү сүйүүнү түзөт!

Алыкул Осмонов «жармачыл» патриоттукту жек көргөн, анын акындык натурасына улуттук чектелүү табигый түрдө жат болгон. Ал өз элинин, өз учурунун алдыңкы уулу катары өсүшкө жолто болуп жаткан «улуттук» деп аталган айрым зыяндуу, жөрөлгөлөрдү жаны күйүп, кыжырданып сынга алган, жаштарды чоң аталардын азыркы доорубузга шайкеш келбеген салттарынан кол үзүүгө активдүү үндөгөн. Акын кыргыз поэзиясында биринчи болуп жумушчунун, плотниктин, малярдын, устанын, дубалчынын, кесиптерин өзгөчө политизациялап, ошол кесиптин ээлери жаңы турмуштун бекем туткасы экендигин жар салган.

Жумушчу калк дал өзүмдөй жөнөкөй,
Анда каруу, менде таттуу көмөкөй,
Бизсиз: ырсыз, жана эмгексиз,
Бул турмуштун бир мүнөтү жөн өтпөй.
(«Жумушчу»)

Алыкул Осмонов өз элинин өткөн кылымдарда мал чарбалык менен күн көрүп, тиричилик өткөрүп, башка алдыңкы элдердей азыркы турмушка зарыл көп асыл өнөрлөрдү өздөштүрө албай жатканына өкүнгөн. Анын «Маляр» деген ырында бул кесиптин ээси: «Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен» — «Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагын» — деп чын пейилден баалайт да, ырдын жыйынтыгын мындайча чыгарат:

Эң кеч жатып, элден эрте тура алган,
Ойлогонун ойдогудай кура алган.
Касиеттүү мындай кымбат кесиптен,
Менин атам, билбейм неге кур калган?

Малярда акын өзүнүн тоолук элинин али да болсо, орус, украин, грузин, армян, өзбек окшогон боордош калктарга тең келип, жумушчулук түрдүү кесиптерди кашаң өздөштүрүп жаткандыгына чындап зээни кейигени көрүнүп турат. Дал ушундай өз элинин айрым мүчүлүштөрүн ашкере сыноо мотиви акындын «Туурамчы», «Уйкум келет», «Ат-Башынын чымчыгы», «Казакбай», «Бешбармак», «Ат-Башы» өндүү ырлардын идеялык-эстетикалык мазмунун түзөт. Алыкул өз элинин айрым оркойгон салттарын да учурунда даана баамдаган — көрөгөч акын болгон.



## III.

Ар кандай чоң акын биринчи кезекте өз элинин уулу, өз элинин эркеси. Өз элин, өз эне тилин, тарыхын урматтап сүйбөй, келечегине жүрөгү менен ишенбей туруп, поэзияда чоң из калтырууга мүмкүн эмес. Гете менен Пушкин биринчи кезекте өз элдеринин уулу, андан соң жалпы адамзаттын өкүлдөрү. Дүйнөлүк аты бар улуу акындардын чыгармачылык жолу бул чындыкты даана далилдеп отурат.

Осмонов да өз Ата журтун жан дили менен сүйүп, киндик каны тамган тууган жерге жүгүнүү менен гана чектелип калса, анда биз аны улуттук тар рамкадан көтөрүлбөгөн деп эсептер элек. Ал, тескерисинче, кыраан бүркүттөй өз уясынан өтө эрте суурулуп, көк асманга атырылып чыгып, ааламга көз жиберип, алыска-алыска канат каккан чоң интернационалист, башка элдердин маданиятын, адабиятын жана тарыхын терең үйрөнүп, урматтап сүйүп, алардан өзүнө сабак алган, таалим алган. Акындын чыгармачылыгында котормо өнөрү чоң орунду ээлегени да кокустук эмес. Ал бала кезинен тартып орус тилин жакшылап үйрөнүүгө, ал аркылуу орустун улуу жазуучуларынын, акындарынын чыгармаларын өз стихиясында окууга чоң аракет жасаган. Осмонов 1929-жылы Фрунзедеги педагогия техникумуна кирет.

«Ошол убактан баштап: — деп эскерет ал,— Пушкин, Лермонтов, Лев Толстой, Тургенев, Некрасов, Гоголдун аттарын уга баштадым жана казак классиги Абай Кунанбаевдин ырларын окуп жүрдүм. Көп убактарда китептерден, дубалдын боорунан ал жазуучулардын портретин көрө баштадым. Өз ичимден «Эң эле улуусу Лев Толстой анан Тургенев, Некрасов, Гоголь, эң кичүүлөрү (баласы) Пушкин менен Лермонтовго деп коем. Себеби кимиси, сакалдуу болсо, ошонусу мурун жашаган экен деп ойлоп жүрөм! Кийин талдап окуй келгенде «бала жазуучу» деп ойлогондорум «Пушкин баарынан илгери жашап жана

орус адабиятын ошолор негиздеген экен. Мени бул окуя көпкө чейин айран калтырып жүрдү»[1].

Акындын бала кезинен орус адабиятына болгон мындай баёо (наивный) ыманбайчылык көз карашынан жана анын көп убакыт өтпөй эле дубалдагы сүрөттөрүн көрүп айбыгып жүргөн орустун улуу жазуучуларынын дүйнөсүнө сиңип кириши, аларды өз эне тилине которо башташынан мындай жыйынтык чыгаруу керек: бала кезден көптү билип алдына чоң максат коюп, ары тырышчаак Осмоновдун духовный чыйралуусу ылдам мөөнөттө болгон. Ал орус акындарынын ичинен Пушкинди өзгөчө орунга койгон жана өзгөчө сүйгөн. Ал он төрт жашында, али орус тилин жакшылап өздөштүрө элек кезинде өмүрүндө биринчи жолу Пушкиндин «Кышкы кеч» ырын которуп, жолдошторуна окуп берет, бирок алардын «сонун экен» деген мактоосуна ишенбей, аябай уялат... Алыкул Осмонов жетилген курагында орустун жана дүйнөлүк адабияттын не бир алптары менен ың-жыңсыз тынчтыкта маектешип, алардын атактуу чыгармаларын кыргыз тилине чоң шыктануу менен которгон, алардын ыйык ысымдарын жогору баалаган, бирок көпчүлүгүнө жүгүнгөн эмес. Ал өмүрүнүн аягына чейин эки гана акынга: Пушкин менен Шота Руставелиге, Шекспирге таазим этип, башын ийген. Бул ызат да кокустук эмес.

Осмонов өзүнүн поэтикалык күчүнө ишенген өзүнүн ордун даана сезген акын болгон. Ошон үчүн, ал айрым ырларында поэзиянын дүйнөлүк алптары менен атаандашат, айрым учурда жол талашат.

Акын Советтер Союзунун үч жолку Баатыры Покрышкинге арналган ырында:

Бул дагы аз: жерден, көктөн жоону жеңмек,
Адамды акылман да бийлөө керек!
Андыктан: Гете, Гейне, Шиллер менен,
Сага окшоп бетме-бет чыккым келет!

— деп, чакырык баштайт. Ааламдын Гетедей, Гейнедей, Шиллердей алптарына бетме-бет чыгып, күч сынашууга чоң талант, чоң дух жана ар-намыс керек. Алыкул Осмоновдо ошол каснеттердин баары төп келгендиктен тайманбай батынып жазат. Акындын бул чакырыгында аты аталган немецтин улуу акындарын кемсинтүү, же шылдыңдоо такыр жок, тетирисинче, аларды жогору баалап, ошолордон ашкан чыгармалар түзүүгө, жаратууга бел

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 8-бет.



байлап жатат деп түшүнүү керек. Маяковский Мария Ивановнанын күйөөсү менен эмес, Коперник менен жол талашам дегендей, Осмонов өз ырларында дүйнөлүк адабияттын алптары менен гана тизгиндешип, үзөнгүлөш болгон. Дагы бир мисалы:

Сен неге үчүн өз-өзүңөн кирдейсиң,
Ооруу-соо деп мени экиге иргейсиң?
Сен неге үчүн ооруу экеним унутуп,
Ооруп жатып сүйлөшкөнүм билбейсиң?

Сен неге үчүн бошоң тартып кирдейсиң,
«Мен сендей» деп мени алсызга иргейсиң?
Аалам алпы Шекспирдей күч менен
Ооруп жатып сүйлөшкөнүм билбейсиң?
*(«Катыңа жооп»)*

Таң каларлык нерсе, Гетеге, Шиллерге «тил тийгизген» Алыкул Осмонов, эч ырында Пушкинге атаандашмак тургай, ага ар дайым урмат-сый көрсөтөт. Акын улуу акындын каза болгонуна жүз жыл толгонго атайы ыр арнап:

Тийип турган жарык нурдай,
Ыр күнүсүң — Сен биздин,

— деп өзүнүн алкоосун билдирген. Акын улуу акындын чыгармаларын зиректин тилин үйрөнүп, отузунчу жылдардын орто чендеринде Пушкиндин лирикаларын, «Поп жана анын малайы Балданы», В. В. Вересаевдин «Пушкиндин турмушу» деген китебин кыргыз тилине которот. 1937-жылы акындын юбилейине арнап «Менин окутуучум» деп макала жазат: «Орустун улуу акыны Александр Сергеевич Пушкин баарыбызга, асыресе, Кыргызстандын жаш акындарына эң баалуу маданий мурас калтырды. Бул улуу акын кыргыз жаштарынын эң кымбат, баа жеткис адамы. Акындын жогорку маданиятын жана чеберчилигин өздөштүрүү — биздин милдетибиз»[1]

Кыргыздын акыны өзүнүн окутуучусуна болгон бул урматын, сүйүүсүн өмүрүнүн аягына чейин көкүрөгүндө, жүрөгүндө сактады. Согуштан кийинки жылдары катуу ооруу экендигине карабай, өз сөзүндө бекем туруп, белин бекем буунуп, шымаланып орустун даанышман акынынын атактуу романы «Евгений Онегинди» кыргыз окуучуларына тартуулады.

Пушкин Осмонов үчүн эң даанышман акын, сүйүктүү

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 585—586-беттер.

устат гана эмес, ал бул түшүнүктөн бийик жана жогору туруп, ал үчүн ыйык ысым абийир, ар-намыс жана өмүрүнө тирек болгон. Ата мекенибиздин башына эң катуу коркунуч түшкөндө жазган «Жашасын жүрөк, жашасын акыл» деген ырында Осмонов Пушкинди биринчи айтат, бул да кокустук эмес. Пушкин Ата мекендин синоними, Пушкин менен Россия эгиз экенин, ошол үчүн фашисттер өлкөбүзгө гана эмес, Пушкинге кол салып жатканын түшүнгөн. Фашисттер согуш учурунда Пушкиндин Михайловскийдеги ыйык мүрзөсүн ачтырып, улуу акындын улуу уйкусун бузганын, Шиллер аттуу акындын мүрзөсүн кордогонун бүткүл ак ниет адамзат кыжырданып угушкан. Ал улуу окутуучусу үчүн өч алууну ойлоп, атайы «Кара көпөлөк» деген атактуу ырын жазат. Акындын түшүнө Пушкиндин мүрзөсүн кордогон. Шиллер аттуу аялдын калаасын кара көпөлөк каптайт. Акын бул түштү жоруту үчүн кадырлуу Аба деген карыяга барат. Ал бул түштү төмөнкүчө жооруйт:

Ал жерге ошол жылы эгин чыкпайт,
Алма, өрүк, түрлүү өсүмдүк тегиз куурайт.
Суу акпайт, бир гана ысык шамал согот,
Буркурап, күнөөлүүлөр улуп ыйлайт.

Кыдырып шаар ичин кара көпөлөк,
Кор кылып желдеттердин көзүн көзөп.
Адамдын канына мас мырзаларды
Мууntуп жүрөктөрүн буран өтөт.

Өз түшүнүн жоорумасын укkан акын Пушкиндин өчү үчүн табасы канып, мындай жыйынтык чыгарат:

Ошентип, чала болот... Бүлүнүшсүн!
Күнү өчүп, бактысыздык түнү түшсүн!
Андагы Шиллер аттуу немец аял,
Пушкиндин арбагына күлгөнү үчүн!

Осмоновдун Пушкинге болгон сүйүүсү канчалык ыйык жана терең экендиги жогорку акындын төрт сап ырдан турган поэтикалык каргышы, наалаты — өзү күбө эмеспи!

Осмонов өлөрүнө бир жыл калганда, эң акыркы ырларынын бирин улуу окутуучусу Пушкинге арнайт. Бул ыр устат менен түбөлүккө коштошуусу, жетилген курагында ага берген баасы болду. Бул ыр кыргыз акынын кыска өмүрүндө улуу окутуучусуна жүрөгүндө тынымсыз уюп жаткан улуу сүйүүсү жана баш ийиши экени анын бүткүл пафосунан көрүнүп турат. Дүйнөлүк поэзиянын алптары менен тайманбай беттеше алган, «ар бир кыйын,



ар бир улуу акындан көңүлү тез калып, муздаганды сүйгөн», Осмонов балалык кыял жана текебердүүлүк менен: «Мен өзүндү чөктүрүүнү ойлогом, жарым кашык дарыямдын түбүнө» — деп өзүнүн талантын туура баалаганын мойнуна алат.

Бирок чөкпөй сен күчүмдү кенебей,
Кантсең дагы калкып чыгам дегендей.
Ошондо эле ызаат кылып баш ийгем,
Бүт өмүрүмө зор жаралган немедей.

Ырас, Осмоновдун бул мойнуна алышы өзүн-өзү кемсинтүү, күрдөөлдүү поэзиясын жокко чыгарып, улуу окутуучусунун көлөкөсүндө калуу эмес, бул кыргыз акындын Пушкинге койгон өз Ата журтундагы ыр гүлдестеси, ар эстелиги, ага атайлап, туулган күнүнө жүз элүү жыл толгондо ак боз атты алдына тартуулашы деп түшүнүү керек.

Пушкин Алыкул Осмоновдун дайыма жанында жүргөн устаты, кеңешчиси болгон, акындын оор тагдырлуу жылдарында анын поэзиясы жол көрсөтүп, туюктан кутултуп, өмүрүнүн жарык жылдызы болгон. Пушкиндин мындай жакшылыгын унутпаган Осмонов ага ыраазы болуп, ага арнап төмөнкүдөй алкоо жазган:

Ойлойм да ойго батып бекер турбайм,
Пушкинден, Шота абамдан акыл сурайм,
Жок дешпейт, мындай дешип айтып берет,
Кайрадан көбүн оңдойм, иргейм, ылгайм.
*(«Жамандоо»)*

Алыкул Осмонов улуу орус эли биздин бекем союздун башын түбөлүккө бекем бириктирип турган туруктуу күч экенин түшүнүп, бул маанилүү маселеге өзүнүн чыгармасында өзгөчө көңүл бурган. Ал эл кыдырып жүрүп, совет бийлиги учурунда жаралган уламыштарды дептерине жазып жүргөн. Ошолордун бири «Орус эли» деп аталат, анын мазмуну төмөнкүчө: «Орус деген эң сылык, жоомарт, кең пейилдүү, ырыс көтөрүмдүү журт болот экен. Аларда: алдамчылык, арамзачылык, кытмыр ичи тарлык болбойт экен. Сыры сыртында болуп, оюна арамдык турбайт экен. Баарынан да анын адилетчилигин айтсаңчы. Башында ай балта турса да, андан жалтанбастан, сөздүн акыйкатын айтат. Оруста бирөөгө жалаа жабуу, ушак айтуу болбойт экен. Жолдош болсоң орус менен бол, сени эч качан жамандыкка таштабайт. Орус менен дос болуп, анын жакшы адаттарын үйрөнбөй, алга кете албайбыз»[1].

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 646-бет.

Бул уламышты акын эл оозунан көчүрүп алган жана жүрөгүнө бекем түйүп, орус темасын поэзияда кеңири пайдаланган. Осмоновдун төрт гана жөнөкөй саптан турган, бирок идеялык-эстетикалык мазмуну көлөмдүү дастандардан ашып түшкөн «Россия» деген ырын алтын тамгалар менен эки элдин улуу достугуна арналган тарыхый эстеликке жазуу керек:

Эй, Россия, Россия бир боор энем!
Мен өндүү тоо кушуна койнуң кенен,
Чын сөздү туура айтуудан таймана албайм,
Биз элбиз, биз кишибиз — сени менен.

Акын ушул төрт сап ырында орус элинин кыргыздардын тарыхый тагдырында ойногон улуу ролун, ошого байланыштуу өз элинин чоң ыраазылыгын жүрөктү козгоп, акыл-эсти багынткан поэтикалык көркөм каражаттар менен айтылган. Мындай ырлар тарыхый эстеликтей элдердин бекем достугун чыңдайт жана улуу союзун бекемдейт! Акын орус элине болгон бир туугандык мамилесин: «Академик Скрябинге», «Орус калкым — тууганым», «Ысык-Көл-Нева суунун сүйгөн жары», «Орус кызы», «Москва», «Пржевальскийге», «Келип кеткен мейманга», «Василийдин сары тору ат», «Орус эли», «Покрышкинге», «Жаңылуу» ырларында улам жаңы боектор, штрихтер таап, бул теманын байлыгын, көп жактуулугун чагылдырган.

Акын баатыр учкуч Покрышкинге согуш учурунда төмөнкү жалындуу бир туугандын жылуу-жумшак сөздөрү менен кайрылган.

Биз кимбиз? Сен мага ага, мен сага ини,
Баарыбыз, доорубуздун жаш жигити,
Андыктан: орус улуу болуу менен —
Жана да кыргыздын да Покрышкини!

Поэтикалык көркөм күчү мазмунуна төп келген одаларды атактуу Гомер гана гректердин мифологиялык баатырларына арнай алган. Чынында эле адамзаттын эң жек көрүмчү душманы фашизмди жер менен жексен кылууга өзүнүн албан салымын кошкон Покрышкиндей баатырлар өз улутунун гана ардагы жана сыймыгы эмес, «Баатыры биздин жалпы планеттин!» Осмоновдун күчү орустун баатыр уулунун бүткүл адамзаттын ролу жана мааниси бардыгын түшүнүп, ошого ылайык көркөм сөздүн күчүн тапканында!

Осмонов зарыл учурда кызыл тилди шаңдуу патетикага айланткан күжүрмөн акын болгон, бирок бул мүмкүнчүлүктү өтө зордобой, ага чыгармачылык менен мамиле кылган. Ал орус-кыргыз элдеринин карым-катнаштары, достук, коңшулук мамилелерин айыл кыдырып жүрүп ичтен баамдаган, ошол жакындыкты даана чагылдырыш үчүн ишенерлик образдар табылган. Акын «Жаңылуу» деген ырында коңшулаш турган эки элдин ынтымактуулугун көрсөтүш үчүн төмөнкүдөй көркөм каражаттарга кайрылат:

Көл боюнда, биздин колхоз жанында.
Жакшы тамдуу бир топ орус калкы бар.
Тыңшап турсаң күн кеч кирээр маалында,
Үйларынын не бир сонун аты бар.

Көңүлү жылып ушул жакшы адатка,
Кийизбай да башын чайкап, жактырат.
Элди туурап, уй пададан кайтканда,
Дөңгө чыгып:
— Зоя! Зоя!
— Зоинкалап чакырат.

Муну укканда кыт-кыт күлөт келиндер,
Кыздар, чалга, таң калгандай жалт карап,
Карт орустар, көптөн сырын билгендер,
— Ай Кийизбай, ай Кийизбай деп калат.

Чебер акын эл достугу жөнүндө артыкбаш баян берип отурбай, жандуу деталь — карапайым кыргыз чалы Кийизбайдын адамдын ичин жылыткан күлкүлүү жоругу аркылуу эки айылдын ушунчалык ынак жана ширин жашап тургандыгын көркөм сүрөттөй алган.

Алыкул Осмонов — бир тууган элинин, Советтер өлкөсүнүн чыныгы уулу, патриоту болуу менен, өзүнүн жалпы биздин планеттин өкүлү катары эсептеп, бүткүл адамзаттын тагдыры жана келечеги жөнүндө кам көргөн, дүйнөлүк категория менен ойлонгон улуу акын болгон. Келише алгыс дүйнөлүк чоң чыр чатактардын учурунда жашап жана курч калемин Ата журтунун, өз табынын кызыкчылыгына кыйшаюусуз түрдө кызмат кылдырып, ошону менен чектелбей жалпы адамзаттын тагдырына күйүп, анын да оор жүгүн көк желкеге асышкан чоң гумманист акындын гана машакаты. Алыкул Осмонов жаш кезинде жазган бир ырында: «Бир тууган элге беремин, Жүрөктүн кесип жарымын» — деп, убада кылган болчу, Патриот акын айткан сөзүндө бекем туруп, Ата журттун ызгаардуу суугун да, азабын да өз мойнуна алып, ыры менен адил кызмат кылды. Бирок ал ошону менен гана чектелип калган жок. Чоң акындын жүрөгүндө бүткүл адамзаттын тагдыры, камы

жатууга тийиш. Ошол үчүн Шекспирди, Гетени, Пушкинди, Мицкеевичти, Навоини, Фирдоусини, Хафизди, Хикметти, Неруданы ар кандай эл кучак жайып тосуп алат. Анткени алардын жүрөктөрүн дүйнөлүк жарака дайыма аралап өтүп, дайыма жаралап турган.

Адамзат узун тарыхында эмне деген кара күчтөр менен кармашкан жок, айрым учурларда кара күчтөр үстөмдүк кылып, адамзат тарыхы артка чегинген доорлор болгонун Осмонов зирек түшүнгөн, ошону үчүн замандаштарына кайрылып:

Дал турмуштун өзүндөй,
Миң айлакер жүздүү бол,
Дал турмуштун өзүндөй,
Акылдуу бол, күчтүү бол,

— деп кыраакылыкка, ар кандай сыноого даяр турууга чакырат. Бул ырга Фучиктин: «Адамдар, кыраакы болгула, мен силерди жаным менен сүйгөнмүн!» — деген керээз сөзү эпиграф болор эле.

Осмонов адамзаттын тагдырына жаны ачышкан, акын чабал касиеттерин өткүл көзү менен көрө билген, ага боору ачып, бүткүл жүрөгүн, өмүрүн берүүдөн да кайтпайт. Катуу, айыкпас оорунун азабын тартып, төшөктө онтоп жаткан акын:

Ак шайы көйнөк, күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда.
Дагы жырган, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай берээр элем адамга.
Жандарына жан кошоюн дегеним,
Адам деген көп өлгүч тура бечара.
(«Адамзат»)

Адатта мындай ак жүрөктүк жомоктордо гана учурайт. Мындай чеги жана баасы жок жакшылыкты эне гана тогуз ай жүрөк астында сыздан көтөрүп, түн уйкуларынан безип, алпештеп өстүргөн перзентине каалай алат. Адамзатка мындай тилекти өзү өмүр бою катуу оорун, деп соолукка ак эткенден так этип, жашоо кумарын жан дили менен эңсеген акын гана каалай алат!

Осмонов мындан кырк жыл мурда, дүйнөлүк согуш аяктап, адамдар бир сындырым нандын камын ойлоп жан талашып жүргөн кезде, азыр адамзаттын эң атактуу илимпоздору жана жазуучулары табиятка этият мамиле жасап, токойду, агын сууну, аваны, чөптөрдү, бактарды сактап калуу керек деп дүйнөгө жар салып жаткан экологиялык проблеманы түшүнгөн жана алдын ала адамзатты катуу эскерткен.



Бир тамчыңа бир уулун
Сатар эле адамзат!

Адам баласына мындан катуу сөз айтууга болбойт. Чынында эле аккан суунун азабы Африканын, Азиянын айрым өлкөлөрү баштарынан кечирип жатат жана бул процесс келечекте, адамзат агын сууга көзүнүн карегиндей мамиле кылбаса, ар бир элдин тагдырына туш келерине шек кылбоо керек.

Бул улуу акын Осмоновдун адамзатка калтырган эскерткич керээзи. Алыкул Осмонов өзүн жалпы адамзаттын өкүлү деп эсептеген, жана бул улуу наам менен өзгөчө сыймыктанып, жердин атынан башка планеталардын өкүлдөрү бетме-бет келишип, биздин жердин артыкчылыгын, биздин элдердин акылмандыгын, даанышмандыгын аларга далилдөөнү эңсеген. Акын «Менин жылдызым» деген ырында бала кезден тааныш өз жылдызын артынан издеп барып, аларга:

Көрсөтүп бир тилектүү жер баласын,
Болгондо биз сыяктуу эр даанасын.
Көп турбай кайра түшүп келер элем,
Таанытып адилдиктин заманасын.

Космикалык ойлор, тилектер жана ырлар деп ушуну айтуу керек!

## IV.

Чоң акындын поэзиясынын сырын, ички түйүндөрүн, кайрыктарын, ыргактарын жакшылап түшүнүү үчүн кандай чара колдонуп, кандай ачкыч табуу керек? Сөзсүз, анын ырларын улам кайталап окуп, ар бир ыр сабын кайрадан-кайрадан талдап чыгуу керек. Бирок бул метод да аздык кылат. Гете акынды түшүнүү үчүн анын жашаган, туулган жерине баруу керек деген. Өзү Хафиздин газалдарын түшүнүш үчүн атайы Персияга саякаттап да барган. Анткени, акын жашаган айлана-чөйрөнү, аны азыктандырган тунук булактарды көрүү зарыл. Биз Пушкин менен Гетенин атактуу чыгармаларын Михайловскийде, Болдинде, Веймарда болгонубузда, мурдагыдан да тереңирээк түшүнөрүбүз шексиз.

Александр Блок «Акындын милдети» деген атайы Пушкинге арналган макаласында: «Акын деген эмне? Ыр жазган адамбы? Албетте, жок. Ал ырлар жазган үчүн гана акын делип аталбайт; ал ыр менен жазат, б. а. сөз менен тыбыштарды гармонияга айлантат, анткени

акын — гармониянын уулу»[1] деп аныктама берген. Гармония уулу — акындын жүрөгү өтө сезгич, көзү өткүр, тыңшоосу-жердин астында жылан кепшеп жатканын даана уккан жан болот. Мындай асыл касиет,— сезгич инструмент дааныпшман акындарда гана болот. Биздин Алыкул Осмонов дал ошондой акындардын бири.

Көңүлүм жарык, музда көктөп өнө алам,
Өз жанымдын арамдыгын көрө алам.
Пейлим таза, чаккын десем чага албайт,
Жылан кызын колдон кармап өбө алам.

Сырдаш болсоң ачык сөзгө келе алам,
Мен өзүмдүн тардыгымды жеңе алам.
Керек болсо, чебердигим жетишет,
Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам.
*(«Көзүм өткүр»)*

Жүрөк титиреткен, дене калтыраткан адамдын акылына, аң-сезимине уйгу-туйгу бороон аралаткан, «Бир чыны уудан — бир чыны бал бөлө алам», «Жылан кызын колдон кармап өбө алам», «Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам» — табийгаттын керемет — олуя акыны Алыкул Осмоновдун басып өткөн оор тагдырлуу өмүр жолун жакшылап үйрөнбөй туруп, көкөй кести поэзиясынын ачкычын табуу кыйын маселе.

Чоң тагдырсыз акын жок. Пушкин, Лермонтов, Некрасов, Токтогул, Блок, Маяковский, Твардовскийлердин поэзиясы жана өмүрү бул чындыкты далилдеп турат. Алыкул Осмоновдун өмүр жолуна сырттан көз салсаң, коомдук иштерге активдүү катышпаган, жазуучулардын адаттагы чыр чатактарынан четте турган, «Кечке жуук», «Эртец менен», «ың-жыңсыз тынчтык менен эмгектешип», «чабыттан жем издеген ак барчындай», «үйүнө эки-үч сап ыр таап келген», өзү белгилегендей «бир жай адам».

Акындын миссиясы — ыр жазуу, жакшы ыр жазуу. Бекеринен Маяковский: «Мен акынмын, ошонум менен кызыкмын» — деп сыймыктанган эмес. Ар кандай акындын эл алдында, Ата журт алдындагы граждандык милдети — өз мезгилинин музыкасын жазбай угуп, калеми менен кызмат кылып, ырдан ак сарай тургузуу. Осмонов бул негизги милдетин акын катары абийирдүүлүк менен аткарды жана өзүнүн калемине төмөнкүдөй тайманбай баа берүүгө толук акылуу:

[1] Александр Блок. Эки томдуу чыгармалар жыйнагы, 2-том, 348-бет, Гослитиздат, М., 1955 г.



Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.
*(«Каламга»)*

«Бир жай адам» — Алыкулдун жарык күндөрүн карангылаткан кышкы бороондору, жазгы чапкындары, жүрөгүндө катмарланып жаткан тактары, айыкпаган дарттары, ич жүзүнө ашпаган армандары, эч качан толбос өксүктөрү, жеке турмушун ушунчалык кейиштүү, ушунчалык аянычтуу кылган жоготуулары болот.

Алар, тактап айтканда, кандай жоготуулар эле?

Келечектеги акын ымыркайынан апасынан, үч жашында атасынан айрылат, ошол жылы аталаш агасы Пишпектеги жетимдер үйүнө өткөрөт. Ошол күндөн тартып, атаэненин эркелеткен сөзүн укпай, киндик каны тамган кайындыдан кол үзүп, чоочун жерде тарбия алат, чымырканып окуп, зээндүүлүктүн натыйжасында, адам катарына кошулуп, колуна калем кармап, аты чыга баштады. Алыкул Осмонов акын деген атка конуп, турмушка чоң үмүт менен карап, эр жигиттин курагына жетип, жетилген жетим болгон чагында, Айдай Жигиталиева деген кызга ашык болот, бирок ал кокустан башкага күйөөгө чыгып кеткенде, турмушка биринчи жолу шагы катуу сынып, бул жоготууну азап менен баштан өткөрөт.

Махабат азабын, жер өмгөктөткөн уйкусуз түндөрүн, жүрөккө толгон сары сууну башынан өткөрбөгөн пенде — бул дүйнөгө бекер келип, көзү ачык өткөн турмушу кунарсыз, өмүрү көндөй байкуш жан эмеспи! Осмонов жигит кезинен жалындуу махабаттын торуна чалынып, бул улуу сезимдин алтын аягынан бал менен шербет ичкен, өчпөгөн отуна жылынып, илебине мас болуп, аз болсо да доорун сүргөн, бак-таалайы чанып, терс караганда, жүрөк эзген күйүттүн эрдин бекем тиштеп, ар намыстуулук менен көтөрө билген эр азамат экени акындын ырларынан көрүнүп турбайбы? Анын эң алгачкы сүйүүсүнүн таш-талкан болгонуна дайыма жаны карарып өкүнгөн, эч качан эскөңүлүнөн чыгарган эмес.

Сүйүү эмне! Сүттөй таза колуктү!
Ансыз анан алтын өмүр толукпу?
Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү,
Бермет, жакут, каухар кийип жолукту.

Кучактадым, өптүм, кыстым боорума,
Бул турмушта өлгөнчө бир болууга.

Бирок, сүйүү эң жалганчы нерсе экен,
Кош деди да от карматты колума.

Ары ар-намыскөй, ары өжөр жаш жигит бул жоготуунун башын төмөн салып, күйүткө жеңилип, бошоңдоп кетпей, тескерисинче азаматтык менен тосуп алды. Акын өзүнүн ошол учурун өмүр баянында төмөнкүчө эскерет: «1938-жылдын май айынан баштап ушул улуу поэмама («Жолборс терисин кийген баатырды» К. Б.) которууга кириштим. Ушул айда өмүрүмдө биринчи сүйгөн Айдай Жигиталиева деген кыз менен ажырашкан болчумун. Аның себеби эмне экенин ушул күнгө чейин түшүнбөйм. Өз ичимден: Бул күйүттү ыр менен басуу керек жана өзүмдү таанытуум керек» — деп коем да, бардык намысым менен иштейм. Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин олтурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам! Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм»[1]

Сүйүүдөн көңүлү калган, иренжип жүргөн акын үчүн Шота Руставелинин улуу поэмасынын достукка бекем, сүйүүгө ак каармандары жүрөк дарысы, мүрөк суусу болду, жашоо үчүн чоң таяныч болду, жашоо «Жолборс терисин кийген баатырдын» кыргызча котормосунун ыр саптары Осмоновдун таза сүйүүсү, достукка болгон ишеничи, уйкусуз түндөгү ысык көз жаштары менен сугарылган. Ошол үчүн бул чыгарма кыргыз окуучуларына түбөлүккө багынып, кырк жылдан ашык мезгилде улам арыштап, эл аралап жүрөт!

Тагдырдын кара көпөлөгү акындын артынан калбай аңдып кубалап, улам талылуу жерине карангы бурчтан байкатпай канжар согуп турган. Акындын үй-бүлөлүк турмушу да оңунан чыкпай, биринчи көргөн перзенти көп өтпөй чарчап калат. Өзү ата-эненин ырайымдуу мээримин укпаган, баланын күлкүсүнө, асыл жытына ушунчалык кумарланып жүргөн өксүктүү акынга бул сокку ачык асман жарылгандай болот; үй-бүлөнүн ыркы кетип, экинчи сүйүүсү да сынган аяктай тең жарылат.

Акын биринчи көргөн перзентинен ажырап калышын ушунчалык кара аза менен тосот, ал бул каргашалуу кабарды бир жакын адамына билдирбейт, кайгысын эч ким менен бөлүшпөйт, жаны кейинген ата түн ичинде перзентин жалгыз көтөрүп барып, көрүстөнгө өзү жалгыз жашырып келет. Адамдардын арасында аз кезиккен бул жорукту акыл менен түшүнүүгө болот. Тунгуч перзентин алпештеп сүйгөн ата көкүрөк баласына чоочун кол тийишин, чоочун көз көрүшүн дитинде каалаган эмес. Осмоновдун жүрөгү чарчап калган наристесинин жарык образы эң катуу так калтырганына төмөнкү эпизод далил болот. Жазуучулар Союзунда көп жыл бою секретарь-машинистка болуп иштеген Ремизова Валентина Петровна эскерет: «...Мен бир ишке таң калдым. Алыкул Москвага кетип бараткан. Атайы киши жокто мага түйүнчөк берди. «Ушуну бекем жерге катып коёсузбу» — деди. Түйүнчөктү алдым да, катып койдум. Ошол бойдон унутуп калыпмын. Алыкул далайга келбеди. Бир күнү эмеректерди аралаштырып жатып, баягыны таап алсам болобу! Аягында түйүнчөктү чечип көргүм келди. Эмнесин каттырды дейсиң, болсо кол жазмадыр, же кыздын каты, же сүрөтүдүр деп ойлогом. Түйүнчөктү чечтим. Он бештей галстукту жандыра бердим. Аягында ордендин кызгылт кутучасы чыкты. Ачсам, билесизби, бир эски упчу, анан топ чач жүрөт, карасам, тобо наристе баланын чачы, жупжумшак».[1]

Мээримдүү ата, түнт адам, жүрөгүндө кең дүйнө сыйган асыл акын бөбөгүнүн упчусун, чачын өзүнө жыт кылып, таберик көрүп, өзү ажал менен күн сайын арбашып жүргөнүнө карабай, дүйнөдөгү эң кымбат буюму катары сактап жүргөн!

Ушул күнгө чейин Осмоновдун 1941, 1942, 1943-жылдары жазган ырларынын тагдырын эч ким билбейт, азырынча изи жок. Мүмкүн бул жылдары акын чыгармачылык өксүктө жүргөндүр. Ал 1944-жылдын декабринен баштап ырларды биринин артынан бирин үстөккө босток жаза баштайт. Ошондо бет ачар — эң биринчи жазган ыры бөбөгүнө арналат:

Тооруй басып тосуп чыгып жолумдан,
Бурай кармап, майыштырып оңумдан,
Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө
Таш боор өлүм тартып кетти колумдан.

Күндөр болду ырас, аздым, жүдөдүм
Эртесинде кайра унутуп күлгөмүн,
Бирок чиркин, бөбөк деми күч экен,
Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм.

*(«Бөбөккө»)*

деп ата-энеден жылуу сөз укпаган, өмүрү өксүк менен өткөн «достон да, душмандан да», жакын туугандардан канча жолу көңүлү калган, арзып сүйгөн кыздан, аяп сүйгөн аялдан жүрөк айыкпас дарт алган, эч кимге чечи-

[1] Алыкул Осмонов, 2-том, 9-бет.

[1] Кеңеш Жусупов. «Ыр сабындагы өмүр», Фрунзе, «Мектеп», 1974, 37-б.

лий сырын айтпаган түнт акындын ырбаган жүрөк жарасын: «Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм» деп жалпы журтка жарыя айтыш үчүн канчалык эрдик, канчалык чыдамкайлык керек!

Алыкул Осмоновдун сүйүүгө, сулуу аялдарга арналган ырлары анын гана поэзиясы эмес, жалпы кыргыз поэзиясынын бийик мунараларынын бири, эч качан эскирбес алтын баракчары. Кыргыз акындарынан эч ким адамзаттын эң күчтүү кумарларынын бири — махабаттын бай дүйнөсүн, бийиктигин, терендигин, татаалдыгын опурталдуулугун, кыянатчылдыгын Осмоновдой чоң эргүү, күйүү менен сүрөттөй алган эмес. Бул менин жекече пикирим. Алыкул Осмонов ырларында махабатты, аял затты эң бийик даражага жеткирип мактаган, эркектердин өмүрүндөгү шаңшып турган үнү, шарылдап агып турган тунук суусу, жашоого жарык берген күнү, дем алган авасы катары сүрөттөлгөн. Аял заттын баркын, ансыз турмуш, оюн-күлкү кубаныч жоктугун жүрөгү менен сезген акын гана төнкүдөй алты гана ыр сабынан турган, бирок мазмуну чоң поэмага татыктуу ода — гимнди жаза алат:

Мен сүрдөнбөйм сүрдүү жолборс сүрүнөн,
Мен күймөлбөйм анын күчтүү күүнөн.
Мен сүрдөнөм, жаш балача жалтанам.
Сүйгөн кыздын сүзүлүңкү сүрүнөн.
Бирок сулуу, билер бекен бул күчүн?
Билерине күмөн болуп мен жүрөм.
*(«Кыздын сүрү»)*

Акын жүрөгүнөн атырылып чыккан бул ыр саптарында аял затына болгон канчалык назиктик, урматтоо, жагынуу; улуу күчүнө багынуу, сыйынуу — баары тизилип жатат. Аял затынан запкы жеген дос-душмандын алдында жер карап, ичкени ирим, жегени желим болуп уулуу турмуш өткөргөн акындын пейлинин Атантайдын марттыгына дагы бир жолу «Аялга» деген ыр күбө болот.

Сүйгүм келет жан жандырып жаш болуп,
Жашымды алдап, жаш кайыңдай мас болуп,
Жанар тоодой жалын чачкан отунан
Чыккым келет, жанып чыккан таш болуп.

Бул жөнөкөй ыр эмес, бул акындын жүрөк дарты, акындын аял затына ырдан тургузган мунарасы, бийик эстелиги. Эгерде аял жөнүндө дүйнөлүк эң мыкты акындардын антологиясы түзүлсө, мен бул ырды тартынбай, жер карабай сунуш кылар элем.



Бул ырды дайыма кайталап окуганымда аял затынын улуу күчүнө башым ием, акындын ар бир сөзүнө чын дилим менен ишенем, тагдырымдын кыйын кезегинде жанымага берилген, мага ишенген, декабристтердин аялдарындай менин азабыма күйгөн зайып турса, мейлиге жер титиреп, кыян каптасын, мейлиге топон суу жүрсүн, мен анын «көз карашына жамынып», бардык азап-тозокко моюн сунбас элем, ар кандай турмуштун сыноосуна белим майышпай бекем турмакмын!

Махабаттын аягынан уу ичкен Осмонов аялдар жөнүндө өтө пас ойдо болууга толук жолу бар эле, бирок доорунун азамат уулу катары жекелик күйүттөн жогору турган, «Өз жамандыгын, арамдыгын көрө албаган» көзү өткүр акын болгон. Алыкул Осмоновдун ички кең дүйнөсү ар кандай, чоң акындай, козголоңдуу, карама-каршылыктуу бороондордо турган. Ошол себептен акындын жүрөгү аял затын үн жетишинче даңазалоо менен, кезинде арнамысдантып жер караткан сүйгөндөрүнүн терс жоруктарын эч качан унуткан эмес. Акындын «Сулууга», «Сен айтпа», «Сүйдүм сени», «Жүйөлүү сөз», «Мен да олтурам, күйөөң сенин жанында», өндүү ырларында чындыкты бетке таамай айтып, жеңил ойчул сулуулардын туруксуз экендигин куйкум сөздөр менен шылдыңдаган. Анткени, жүрөгүндө өрт болуп жаткан ойлорун ырларында ашкере айтпаса, анда Алыкул өзү айтмакчы, бул дүйнөгө кол куушуруп келип кеткен бир бечара болмок. Акын «Сулууга» деген ырында махабат жөнүндө түн уйкуларын уктабай тапкан ойлорун ортого салат да, «Сүйүү деген от чачышуу жүрөктөн», «Сүйүү деген-сүйүү эмес бетиңден, сүйүү деген-сүзүп өтүү деңизден» экендигин билдирип, эр жигиттин кадырын билбеген, сулууларга кайрылып:

Таттуусуңар, ачуусуңар, сулуулар,
Алдайсыңар бизди опоңой кургурлар,
Канча болсо сенин жибек көйнөгүң
Дал ошончо жүрөгүңдө сүйүү бар.

Бул ыр саптарда аялдын сөөгүн какшаттырган эмне деген улуу какшык, шылдың жатат. Мындай ырды алданган жүрөк гана жаза алат. Акын «Жүйөлүү сөз» ырында курбусуна акыл-көңүл айтып, сулуулардын туруксуздугун баса белгилеген!

Кейибе, ыза болбо, эстүү курбум,
Курбуңдун жүйөлүү айткан сөзүн укқун,
Эч качан кадырыңа жете сүйбөйт,
Эркн ошол адаты ошол жаш сулуунун.

Эгер Осмонов аял затын айыптап, каргыш айтып тим болсо, анда Осмонов болмок эмес. Махабаттын казанында кайнаган чынчыл акын күтүлбөгөн жерден төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат:

Туура айтат эгер сени сүйбөйм десе,
Мен дагы сүйбөс элем колдон келсе,
Бирок да билбей калам, сүйүп калам,
Себеби: сүйүү деген эссиз нерсе.

Ой тобо, бул жан кейиткен сөз — махабаттын уусун ичип, аялдарга алданып, азап тартып, ак чач болгон азыркы учурунун Мажнунун жүрөк сыры эмеспи!

Алыкул Осмоновдун аялдарга арнап жазган ырларын бир китепке баш коштурсаң, азаптуу сүйүүнү баяндаган ыр менен жазылган роман эмеспи! Ошол романдын жыйынтыгын акын өзүнүн өмүрүнүн аягында жазган. «Дагы аял жөнүндө» ырында программа катары окуучуларга арналган.

Аял сүйдүм, бирок ичтен кектедим,
Арам ойлоп, арамдыктан кетпедим,
Жаманынан көңүлдү эзген ооруу алып,
Жакшысынын кадырына жетпедим.

Анткен менен:
Колум ачык, мен кенен,
Жүз кайталап дагы аялга баа берем.
Аял деген:
Чаалыккан көсөм —
Сайдырган берен —
Бактыдан тайган жигитке,
Кемибеген, кебелбеген бир мекен!

Аял жөнүндө мындай кең пейил, китепке сыйбаган улуу сөздөрдү улуу акын гана жүрөгүнөн чыгара алат!

## V

Алыкул Осмоновдун поэзиясынын эң бийик мунарасы, кучак жеткис бай тереги, окуган сайын адамды терең ойго түшүрүп, кабыргасын кайыштырып, жүрөгүн сыздатып үшкүрткөн бул өмүр жана өлүм маселесин, байыркы замандан бери адамзаттын даанышмандары, улуу акындары, ойчулдары өмүр бою жүрөктүн сары суусун алган өмүр жөнүндө көп ойлонушкан, көп санаа тартышкан! Баса, биздин чоң акыныбыз Аалы Токомбаев таамай айткандай: «өлүм кимди коркутпайт!».



Өмүрдү өтө жогору баалаган, гүл турмушту көкөлөтүп ырдаган, өлүмдөн корккон, бирок тагдырына туш келсе, өлүмдөн жалтанбай анын зулум бетине тике караган эр жүрөк адамдар тарыхтан көп учурайт. Алардын көпчүлүгү — акындар!

Осмоновдун адамга чечилип сырын айтпаган, козголоңдуу чыр-чатактардан оолак жүргөн түнт жан эле деп аны көргөн, билген адамдар. Анын да ошол мүнөзүн өзү ырастап: «Мен киммин? Бир жай адам Алыкулмун» — деп мойнуна алган. Таң каларлык нерсе, ошол жай акындын ырларында жай агуу эмес, жайында төөдөй таштарды көмөлөтүп агызган тоонун дарыясындай шандуу күч, жеңилгис стихия албууттанат. Анткени, сырттан комсоо көрүнгөн, эртели-кеч эки сап ыр тапканына кубанган акындын асыл жүрөгүндө улуу дух, улуу күрөш, улуу ар-намыс, оор тагдырына баш ийбей, өлүм менен ажалдан жалтанбай, аны менен тең тайлашуу бар эле. Кыргыздын эч бир акынынын поэзиясында Осмоновдукундай өмүр, өлүм, ооруу жөнүндө курч жазылган ырлар жок. Эгер ошол ырларды бир өзүнчө китепке тандап топтосок, чыныгы поэзиянын үлгүлөрү бир мунара болуп, окурмандардын көкүрөгүндө сакталган чөнтөк дептерине айланмак. Акындын учук оорусу өтө катуу мүнөздө болгон, бул дарттын аягы эмне менен бүтөрүн ал жакшы билген, бирок ынак курбуларынан бул бүдөмүк сырын жашырса да, өз ырларына калп айтпай, караандай катаал чындыкты дааналай айткан. Осмоновдон башка жүүнү бош акын болсо, сарсанаа ойго жеңилип, турмуштан, адамдардан көңүлү калып, биротоло чөгүп кетмек! Шум ажал алкымдап жатканда да, түк такыр турмуштан түңүлгөн эмес, өзүнүн келечегине ишенген, ошол себептен болоттон курч калемин эң кыйын, эң оор шарттарда колунан түшүрбөгөн. Ар кандай азапта, сыноодо калемин курчутуп, ыр жазуу — чоң акындардын гана колунан келет. Алыкул Осмонов «күрс күрс этип оор жөтөлүп» жүрүү өзүнүн өлгөн учурун курч көзү менен көрүп, жүрөк титиреткен сөздөр менен сүрөттөй алган. Мындай сөздөрдү айтууга оңой, бирок өз башына салыштырып сүрөттөө үчүн чоң жүрөк керек. Адатта, өзүнүн каарманын өлүп жатканын сүрөттөп жатып, корккондой өз столунан тура качкан улуу жазуучуларды адабияттын тарыхында кеп кылышат. Осмонов бул ырында өзүн-өзү өлтүрүп, гөрстөнгө коюп, дагы бир кылымдан өзүнө көз жиберте алган эрдигине таң калбай койбойсуң!

Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.
Бул акыйкат жазмышына жарашкан
Тагдырына ырахмат айткан азамат.

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыста чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан
Эрдигине нечен тирүү жан чыгат.

*(«Өзүмдү өзүм»)*

Катуу оорулуу акын өмүрдү, турмуш кумарын өзгөчө даңазалап, өзгөчө барктап сүйгөн. Акындын өмүргө арналган ар бир жашоо кызыкчылыгына арналган гимн, кыска-ча поэма!

Мен кетсем да: тирүүлүктүн көзү бар,
Мен бүтсөм да: тирүүлүктүн өзү бар,
Бирок мага табылбачуу эч качан,
Тирүүлүктүн:
Эң бир, эң бир
Жанды ысыткан сөзү бар.

*(«Сөзү бар»)*

Бир буту менен түрү суук мүрзөнүн керең оозун басып туруп, анын турмуш салтанатын, өмүр көркүн, жашоо кумарын, унутулгус музыкаларын эскерет, даңктайт. Өлүм менен беттешкен адам пендечилик кылып, көпкөндүккө салып такыр баалабай жүргөн буюмдардын эң кымбатыгын, табылгыс экендигин түшүнөт, баркына жете билет. Оорубай шакылыктап жүргөн адам күндүн асыл нурунун, бак-даректардын теңселген көркүнүн, арыктагы аккан тунук суунун шылдырап акканын, чымчыктардын сайраганын баркына жетип баалабайт, ал дагы табигый көрүнүш. «Тирүүлүктүн эң бир, эң бир жанды ысыткан сөзү бар» экендигин өлөрүнө көзү жеткен адам гана түшүнөт!

Өлүм өзүнүн кыйраткыч мүнөзү жагынан зулум, андан кырчын жаш жигит эмес, жашоонун бардык доорун өз учурунда дуулдап өткөргөн токсондогу карыя айбыгып жалтанат, дагы жашоо үчүн умтулат. Бирок өлүм коркута албаган, өлүм, тагдыр менен тең тайлашкан, аны менен тең ата катар жайбаракат сүйлөшкөн эр жүрөк адамдар да болот. Орустун дүйнөгө атагы белгилүү физиологу Павлов өлүп жатып да өзүнүн тамырын өзү текшерип, кашында отурган ассистентине кандай абалда экенин жаздырып отурганда, кимдир бирөө кирүүгө руксат сурап эшик кагат. «Павлов бош эмес, Павлов өлүп баратат» — деп ал өзү жооп берет. Чоң эркиндиктин үлгүсү деп ушуну айтуу керек. Өз элине, өз учурунда жан дили менен кызмат кылган, артында унутулгус эмгек калтырган адам гана өлүм менен дал ушунтип сүйлөшө алат.



Кыргыз элинин атактуу акыны Алыкул Осмонов да Ата журтуна өмүрүнүн эң акыркы көз ирмемине чейин өлбөс-өчпөс поэзиясы менен кызмат кылган, доордун оор түйшүгүн чымырканып көк желкесине көтөргөн, нукура таланты менен кыргыз адабиятынын баркын бийик көтөргөн, ошол үчүн ал өлүмдү коркута алган. Ал көзү өтсө да, кыйын жашап, кыйын мезгилде жазган ырлары өз элинин оозунан түшпөй жүрөрүнө даана ишенген — жүрөгүндө улуу духу бар акын болгон үчүн, төмөнкүдөй чоң ишеним менен келечектеги муундарга кайрылган.

Таштан болоор, кумдан болоор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калаар сөздөрүм,
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.

*(«Эскерме»)*

Алыкул Осмоновдун даанышмандык менен айткан поэтикалык керээзи иш жүзүнө ашты. Азыркы учурда ал жалаң гана кыргыз адабиятында эмес, көп улуттуу Совет адабиятынын алтын казнасынан ардактуу орун ээлеп, кыргыз, орус, жана башка тилдерде үзүлбөй чыгып жатат. Өлгөндөн кийин кара мүрзөнү жара тээп сыртка чыгып, буудандай таскактоо деген ошол болот.

## ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ЖАҢЫ ТИЛКЕСИ

*(Чыңгыз Айтматовду кайрадан окуганда)*

Кыргыздын бүткүл дүйнөгө белгилүү көрүнүктүү жазуучусу, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы чейрек кылымдын аралыгында көп улуттуу совет адабиятында чоң окуя, өзүнчө бир феномен, ал эми азыркы кездеги дүйнөлүк адабий процессте байкаларлык көрүнүш болуп калды. Анын көпчүлүк чыгармалары англис, француз, немец, испан, италян, грек, болгар, венгер, кытай, чех, поляк, япон, румын, хорват, монгол, бенгал, араб, гушту, вьетнам, хинди жана башка дүйнөлүк тилдерге которулган, чет өлкөдө окурмандар аны 80ден ашык тилде окушат. Кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгы бардык жерде кушталуу кызыгууну пайда кылып, көрүнүктүү жазуучулардын, сынчылардын жана басма ээлеринин назарын бурат. Франциялык улуу жазуучу, XX кылымдагы гуманисттердин бири

Луи Арагондун «Жамийла» повести жөнүндө айткан аваздуу сөздөрү жумурай-журттун биротоло жадында калды. Ал 1959-жылы повестти өз эне тилине которуп, аны «махабат жөнүндөгү дүйнөдөгү эң сонун баян» деп атап, эң сонун макала-эссе жазган. Ошондон бери Чыңгыз Айтматовдун даңкы чыгып, ар бир жаңы чыгармасы советтик жана чет өлкөлүк прессада кеңири резонанс пайда кылып, талаш-тартыштарды туудуруп, кай бирде сынчылардын, жазуучулардын «сыр найзаларын» кагыштырып, бүйрөсүн кызыткан дискуссиялардын объекти болуп келатат. Эң башкысы ал эч кимди кайдыгер калтыра элек. Франциянын Кыргызстандагы маданий күндөрүнө катышкан белгилүү француз акыны Жан Марсенан 1983-жылы Фрунзеде мындай деп айтты: «Кыргызстан менен мен адеп Чыңгыз Айтматов, анын көңүлдөн өчпөс чыгармалары аркылуу жолугушкам. Анын бизде басылып чыккан биринчи чыгармасын окуган чагымда мен көрөңгөлүү жана көпкө үмүттөндүргөн автор менен кездешкендей болгом. Мезгил өтүп, Айтматовдон залкар жазуучу чыкты. Жер жүзүнүн бардык жеринде адамдардын куштар кумарына алынып, Францияда ушунчалык сүйөнчүккө арзыган анын китептери жер үстүндөгү адамдардын ар бири эмне жөнүндө ой толгоп, санаа тартат, эмнеге кубанып, кайгырат, мына ушулар туурасында баяндайт. Жалпы адамзаттык терең темага каныктырылган анын повесттери, аңгемелери, романы жазуучуну урматтагандардын бардыгын бириктирип, жер бетиндеги эң башкы маселеде — тынчтык үчүн күрөштө аларды союздаш кылат... Анын китептерин француз адабиятчылары менен окурмандары ар дайым арзып күтүшөт, анткени, анын ар бир жаңы чыгармасы — кыргыз жергеси менен таасирдүү жолугушууга айланат».[1]

Француз акыны мына ушул аваздуу пикиринде ага көрсөтүлгөн меймандостук үчүн гана айтылган сыпайычылык жаткан жок, менимче андан чоң пейилдүүлүк жана Вольтер, Руссо, Стендаль, Бальзак, Флобер, Марсел Пруст, Гюго, Монтень, Франс, Роллан сыяктуу ысымдардан турган өткөндөгү берекелүү классикалык көркөм адабиятты, азыркы кездеги эң бийик деңгээлдеги көрүнүктүү жазуучулары бар Франция сыяктуу өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө кыргыз жазуучусунун чыгармалары эч кандай скидкасыз, мунапсызсыз дүйнөлүк деңгээлде кабыл алынарына жана угуларына ишенгендик бар. Анан калса жалгыз Жан Марсенан гана мингип кыргыз жазуучусуна

[1] «Советская Киргизия», 13 октябрь, 1983.



бийик баа берип жаткан жок. Франциялык көрүнүктүү адабият сынчысы — марксчи, профессор Клод Прево Чыңгыз Айтматовдун соцку повесттеринин көркөм табияты жана багыты жайында ой толгоп, оригиналдуу пикирлерди айтып, төмөнкүдөй тыянак чыгарат: «Чыңгыз Айтматов совет адабиятын эле эмес, ошондой эле биздин, «Этноцентризмге» ашкере эле ыкмасы күч батыш европалыктардын, «агартуу доорунун» мураскорлугунун да аң-сезимин зыйнаттуу дүйнө менен байытып жатат. Мифти, уламышты, ошондой эле адамдын жаратылышка, аны менен бирге кооздукка жана поэзияга карата мунасалуу мамлесин бузуп жарууга аракеттенген мындай рационализмди, азыркы кездеги мындай рухту Айтматов четке кагат».[1] «Айтматовдун стили — өзүнүн чыгармачылыгында романтикалык боекторду колдонуп, революциялык зор таасири бар поэтикалык образды түзгөн социалисттик реализмдин зергеринин стили. Бул стилдин учугу, биздин оюбузча Гоголдун, Чеховдун, Горькийдин жана Шолоховдун чыгармачылыгына барып такалат»,— деп белгилейт белгилүү араб жазуучусу Жалил Камал Ад-Дин.

Батыштагы жана чыгыштагы кадыр-барктуу жазуучулардын мындай пикирлери менен тастыктоолору кыргыз жазуучусунун чыгармалары дүйнөлүк адабий кыймылдын «орбитасына» татыктуу түрдө кошулганын кадиксиз далилдейт.

...Чыңгыз Айтматовдун жазуучу катары чет өлкөлөргө кеңири таанымал экендигине мен өзүм да Москвадагы эл аралык китеп көргөзмө-ярмаркасына төрт ирет катышып эчен курдай ынангамын. Бул көргөзмө-ярмаркага адат катары дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттериндеги китеп басып чыгаруучулар катышат. Биздин кыргыз павильонуна күн сайын социалисттик, капиталисттик жана өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү китеп сатуучу фирмалар менен китеп басып чыгаруучулардын өкүлдөрү келип, дайыма: «Айтматовдун кандай жаңы нерсесин сунуш эте аласыздар? Азыр ал эмненин үстүнөн иштеп жатат» — деп суран турушканына кепил боло алам. Алардын баары текши кыргыз жазуучусунун сейрек таланты жөнүндө айтышып, анын китептерин окурмандар абдан көп сурашат деп билдиришти. 1983-жылдын сентябрында ММКВЯ-4 күндөрү өтүп жаткан кезде бийик даражалуу эл аралык мейман, ЮНЕСКОнун генеральный директору господин Махтар Мбод атайын биздин павильонго келип, биздин китепте-

[1] Буклет. «ВААП — информ», № 9, 1983.

рибизге кызыгып, «Манас» эпосу жөнүндө сурамжылап келип мындай деди: «Билесиздерби, ал кандай улуу жазуучу. Быйыл февралда ал Парижге келгенде катышып отургандардын бардыгы ордуларынан туруп, аны кол чаап тосуп алышты. Бул залда мындай окуя чанда гана болот».

Жетимишинчи жылдардын орто четинде Софияда мен өзүм күбө болгон дагы бир окуя жөнүндө айткым келет. Ал жерге мен Болгария жазуучулар Союзунун чакыруусу боюнча барып, жазуучулар, сынчылар, акындар менен жолугуштум. Бир күнү кечке жуук көрүнүктүү болгар сынчысы, жазуучулар уюмунун жетекчилеринин бири Иван Цветков менен жолугушуп калдым. Ал Чыңгыз Айтматовдун болгар тилинде чыккан эки томдугуна баш сөз жазган. — Өткөн жылы,— деп айтты Цветков, — Римде маданий ишмерлердин эл аралык жыйынында болдум. Иш көп, аба-ырайы да үп тартып турду. Кечинде Римдин кайсы бир кафесинде отургам. Жаныма кырк жашар чамасындагы бейтааныш адам келип отуруп калды. Кийин билсем, ал бизнесмен экен. Менин адабиятчы экенимди билген соң, ал минтип сурады: «Сиз болгар жазуучусу экенсиз, советтик жазуучу экенсиз, ал эми советтик жазуучу Чыңгыз Айтматовдун китептерин окуган жайыңыз барбы?»

Мындай күтүлбөгөн суроодон улам мен бир азга алдастай да түштүм. Мен аны болгар жазуучулары жөнүндө сурайт го деп ойлогом, ачыгын айтсам биртке намыстана түштүм. Бирок, кеп Айтматов жөнүндө болуп жатканын эстеп: «О, Айтматов менин досум болот. Сиз анын эмнесин окудуңуз» — деп калдым.

Маектешим жандана калып, толкундана сүйлөп кирди.

— Ырас эле сиз Айтматовду жакшы тааныйсызбы? Ал кандай адам өзү? Анын «Жамийла» повести капысынан колума тийип калды. Окуй баштадым. Эгер мени китеп куштарланта албаса аны ыргытып салмай адатым бар. Биз үчүн, бизнесмендер үчүн убакыт — акча. Бирок «Жамийланы» бир отурушта баш көтөрбөй окуп чыктым. Кийин Айтматовдун италия тилинде чыккан «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Ак кеме» повесттерин таап окуп чыктым. Айтматов менин сүйүктүү жазуучум болуп калды, аны биз үй-бүлөбүз менен ызаттап окуйбуз.

Өзүм адабиятчы болгондуктан Айтматовдун Италияда ушундай таанылууга ээ болгондугу үчүн чын пейилден сыймыктанып кубандым.

— Баса, ошол кечки тамак мага бекерге түштү. Кейин бизди Айтматов жакындаштырын койду окшойт. Мен



көшөөрүп каршы болсом да, бизнесмен «колу ачыктыгын» көрсөтүп, экөөбүз үчүн тең акы төлөп салды,— деп күлүп, Иван Цветков аңгемесин аяктады.

Көп улуттуу советтик жана дүйнөлүк адабиятты өнүктүрүүдөгү Ч. Айтматовдун чыгармачылык эмгеги, тынчтык үчүн, элдерди жакындаштыруудагы гуманизмдин бийик идеалдары жана социалисттик прогресс үчүн күрөштө анын салмактуу үлүшү эл аралык таанылууга жетишкен. 1978-жылы кыргыз жазуучусу ГДРдин искусство академиясынын ардактуу мүчө-корреспонденттигине шайланган. 1980-жылы ноябрда Италиянын эң эски Вольтер шаарында Миландагы «Мурсия» басмасы чыгарган «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт» деген повесттери үчүн Чыңгыз Айтматовго эл аралык «Этрурия» сыйлыгы тапшырылды. «Этрурия» сыйлыгы италиялык жана чет өлкөлүк адабий ишмерлер үчүн ошол жылы биринчи ирет уюштурулган. Анын мындайча аталышынын себеби мында: Вольтера шаары бир кездерде Европадагы эң байыркы цивилизациялардын бири — атактуу этрусс цивилизациясынын борбору болуп турган байыркы Этрусс шаарчасынын ордуна өсүп чыккан. Чет өлкөлүк жазуучулардын ичинен Ч. Айтматов дүйнөдө биринчи болуп бул сыйлыкка татуктуу болду. 1984-жылы декабрда Айтматовдун адресине аны искусство жана адабият боюнча шайлангандыгына байланыштуу эл аралык куттуктоо темасы келип түштү. Париждеги бул эл аралык академия өзүнүн катарына илим менен маданияттын көрүнүктүү ишмерлери бириктирип турат, демейде Европанын ар кайсы борборлорунда өткөрүлүп турган анын көчмө сессиясында дүйнөлүк маданияттын түйүндүү маселелери талкууланат. Чыңгыз Айтматов — бул бийик урматка ээ болгон советтик биринчи жазуучу.

Аша талантуу кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгы чейрек кылымдан бери новатордук мүнөзү, мазмунунун жана формасынын жаңылыгы, ал эми кээде күтүлбөгөндөй бурулуштары менен советтик жана чет өлкөлүк сынчылардын көңүлүн буруп келатат. Биздин өлкөдө жана чет мамлекеттерде Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө илимий аңыттардан изилдеп, кыргыз, дегеле жалпы көп улуттуу орус адабиятын өнүктүрүүдөгү анын чыгармачылык салымын ачып көрсөткөн доктордук, кандидаттык диссертациялар жакталууда. Кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгын дүйнөлүк адабияттын контексттине салып карап көрүүгө, анын чыгармалары аркылуу азыркы кездеги кыргыз адабиятынын жаңы тарыхый шарт-

тарда ыкчамдык менен өнүгүп жатышканын закон ченемдүүлүктөрүн айкындап ачууга жана аныктоого аракетер көрүлүүдө. Мен белгилүү орус адабиятчысы Георгий Гачевдин «Чыңгыз Айтматов жана дүйнөлүк адабият» (Фрунзе, 1982) деген наамдагы монографиясын белгилегим келет, монографияда талаштуу мүнөздө болсо да бул маселелер кыйла батылдык менен коюлат....

Бир сөз менен айтканда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы биздин мезгилде дүйнөлүк окуя болуп калды, анын жазуучу катары дүйнөлүк даражасына бүгүн эч ким күмөндөр боло албайт... Ооба, бүгүн. Ал эми мындан жыйырма беш жылдай илгери «Жамийла» менен «Бетме-бет» повесттеринин автору кыргыз адабиятынын астанасын баатыл аттап кирген кезде анын закондуу, татыктуу ордуна кол жанса көрсөтмөк тургай, ага мунун акысы бар болсо да кадырлуу аксакалдар эч нерсени байкамаксан болуп, ага чоочун немедей аяр жана кыйды караган мезгил да болгон... Албетте, өз үй, өлөң төшөгүндүн өөн жерин бөтөн көзгө жайып көрсөткөн жакшы эмес, мен муну жакшы түшүнөм, бирок мен башка да бир нерсеге: чыгармачылык салымы өз элине, биздин улуу өлкөбүзгө гана эмес, жалпы адамзат жамаатына таандык болгон Айтматов сыяктуу залкар жазуучу жөнүндө сөз болгондо улуттук ар кандай тар таламдар менен эгоизмден өйдө жана андан сырткары турган чындыктар бар экенине айныбай ишенем.

...Өз ишине азыраак лирикалык чегинүү жасап, өткөнкеткенин эстеп алууга адабият сынчысынын акысы барбы? Эгерде ал ошол өткөндөгү кан кызытып, талаш-тарткан кармаштар менен айкаштарды четте тышты ырбаткан кармаштар менен айкаштарды четте туруп, тек кош көңүл байкап олтурбай, ага активдүү катышкан адам болсо, анда ар кандай чыгармачыл инсан сыяктуу эле, анын буга толук акысы бар деп ишенем... Ырас эле, ошондон бери зымырык куштай зыпылдап, кайра келгис болуп чейрек кылым өтүп кеттиби? Жыйырмадан жаңы гана ооп, илгери үмүт бийик максат муратка талпынып, жаны жай албай адабий алым-сабактарда бар билгенин бетке айтып, анысынан улам жылдызы келишпегендердин «жалжаңкеч» деген жалалуу «ысымына» жабыштырып, ага да кайыл болуп тоо томкорун салчудай дымак-деми менен күйүп жанган ошондогу мен жакында ырас эле элүүгө чыгамбы?.. Убакыт кандай учкул, чиркин! Анын алдында да адам алсыз тура, аны тап жылдырбай жылоолоп таскактаган жүрүшүн токтотуп кала албайсың... Отузга чыкканда орду толгус кымбат нерсе-



синен айрылгандай оңкулдап отуруп төмөнкүдөй саптарды жазып кеткен Алыкул Осмоновго миң ирет ыраазы болсо болот:

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз...
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Аның октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тигил кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

1958-жылы адабияттын жаш прозачы катары аздыр-көптүр таанылып калган кезимде кыргыз университетин бүтүрүп, (борбордук, «Дружба народов» журналынын августтагы санына менин «Кыянат» аттуу аңгемем жарыяланган эле) «Ала-Тоо журналында адабий кызматкер болуп иштеп жаткам, «Жамийла» повести «Новый мир» журналынын августтагы санына жарыяланып, кыргыз тилинде «Ала-Тоонун» октябрь айындагы санына басылды.

Ошол жыл кыргыз адабиятынын ишмерлери үчүн өзгөчө жыл болду: күздө Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасы болуп өттү. Декаданын жүрүшүн басма сөздө көрсөтүү үчүн журналдын атайын кабарчысы катары мен Кыргызстандык делегациянын составында биринчи ирет Москвага бардым. Жашырып нетейин, бул менин өмүрүмдө эч бир унутулгус, кубаныч-тарга, жаңы таасирлерге толгон жаркын кезим болгон. Жаш элем, аруу-тилек ойлорго карк элем. Москваны биринчи ирет көргөнүндө ал ар кандай адамды өзүнүн ашкере кооздугу, масштабдуулугу менен таң калтырып таштайт. Өзгөчө Москвадан алыс жактарда, Азиянын элеттеги кыштагында чоңоюп өсүп, Москвадан жалаң алыппедеги картиналардан, белгилүү акындардын ырларынан улам билип, кыштын узун түндөрүндө уктай албай арыбери ооналактап, өзүңүн балалык баео кыялың менен түзүп алган «Москваңа» сүйүүң артылып жүргөн болсоң, анда борборго сенин биринчи жолку келишиң өзүнчө эле түгөнбөс жомок, бүтпөс кыял дей бер. Мен ал күндөрү ушундай кыялкеч элем!

Алгачкы эки күнү эч ким менен баарлашып сүйлөшпөй, борбордун залкар сөөлөтүнөн басылып, анын көркөмүнө акылым айран болуп, түнт адамдай Москваны жалгыз кыдырып жүрдүм. Кызыл аянтты өзүм таап, Кремль куранттарына кулак төшөп, Ленициндин мавзолейинде дым чыгарбай какайып турдум. Пушкиндин эстелигине, тарыхый жерлерге, метрого, ВДНХга бардым.

Москванын тарыхый кайталангыс келбетин, менин пикиримде, бардык орус акындарынын ичинен Марина Цветаева гана поэтикалык жактан эң күчтүү, эси-көөнүндөн кеткистей кылып таасирдүү бере алган.

Бул күндөрү ар кайсы жерлерден жана ар кандай шарттарда чыгармаларын орто мектепте, кийин университетте окуп үйрөнгөн орустун залкар акындарын көрдүм, аларды китептеги портреттерден улам боолголоп тааныдым. Бир жолу СССР Жазуучулар Союзунда тепкич менен түшүп келатып А. Твардовский менен бетме-бет жүздөшүп калдым. Акын менин сүрдүгө түшкөнүмдү жана толкунданып кеткенимди байкап, сыпаа баш ийкеп өтүп кетти, мен көргөн көзүмө ишенбей ордумда дал болуп тура бердим. Семен Николаевич Чайковскийдин залына кыргыз артисттеринин концертин көргөнү келди. Ал Дм. Шостакович менен жанаша отуруп, өздөрүнчө кызуу сүйлөшүп жатышты. Мен алардан көзүмдү албай, суктана карап турдум. Баарынан да Назым Хикметке жолуккам менин бул жолку сапарымдагы көрүнүктүү окуя болду, ал жөнүндө кийинчерээк кеңирээк жазармын. Деменен биринчи ирет жүз көрүшүп тааныштым, ошол кезде ал Москвада жогорку адабий курста окуп жаткан, аны мурда Фрунзеде адабий кеңешмелерде гана алыстан сыртынан көрүп жүргөм. Айтматов менин «Кыянат» деген аңгемемди абдан эле мактап салды, мен ага эмне деп айтканым жадымда калбаптыр.

Кыргыз прозачылары менен акындардын, сынчылардын чыгармаларын талкуулоо кызыктуу, жандуу өттү, талаш-тартыштар болду, өз ара келишпеген пикир айтылды. Эми азыр ошол алыскы жылдагы кол жазмамды кайра баратап көрүп, кыргыз адабиятында өзүнүн оригиналдуу сөзүн айткан таланттуу сүрөткер катары Чыңгыз Айтматовдун жеңиштүү кадамы дал ушу Москвадагы талкуудан башталган деп айта алам. Ал кезде Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына жан тарткан ар бир адам үчүн казактын улуу жазуучусу Мухтар Ауэзовдун «Жамийла» повести жөнүндө айткан кыскача «бата» сөзү чыныгы майрам жана эсте каларлык окуя болду. Кийинчерээк М. Ауэзовдун бул сөзү «Литературная газетасына» басылып чыкты, анда кыргыздын жаш жазуучусу «сезим формасы, жаңы форманын законченемдүүлүктөрүн»[1] чебердик менен пайдалангандыгы, анын чыгармасынын формасынын жаңылыгы тууралуу терең ойлор айтылган.

[1] Сб. «Чингиз Айтматов» (очерки, статьи и рецензии о творчестве писателя) Фрунзе, «Кыргызстан», 1975, 15-бет.



Бул талкууда белгилүү кыргыз прозачыларынын чыгармачылыгы жайында мактоо сөздөр, жакшы пикирлер өтө эле көп айтылды, ошентсе да Москвадан чыгуучу «Новый мир», «Октябрь» журналдарында жарыяланган Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла», «Бетме-бет» повесттери талкууда чыгып сүйлөгөндөрдүн көңүлүнүн борборунда болду. Мына ушул эки повесть жөнүндө сөз козгогондо ораторлор сыпайыкерчиликти жыйыштырып коюшуп эле өздөрүн ээн эркин сезишип, баары бирдей талабы күчтүү, олуттуу пикирлерин айтышты, алардын ар бири чыныгы адабият жөнүндө кеп болуп жатканын билген. Талапчыл, чоң прозачылардын бири П. Нилин озунуп сөз алып сүйлөп, «Жамийла» повести ага абдан жаккандыгын, ал жөнүндө мактагандан жана кубангандан башка эч нерсе айта албай турганын толкунданууу менен белгиледи. Ал «Бетме-бет» повестин да жогору баалады жана анын мотиви боюнча эң сонун киносценарий жазса болорун айтты. Белгилүү жазуучулар В. Ситин менен В. Лукашевич кыргыз жазуучусунун мына ушул эки повестинин поэтикасына атайылап кайрылышып, анын чечкиндүү кадамын колдошту. Белорус прозачысы Е. Садовский талкууга катышып отургандарга төмөнкүдөй собол таштап кайрылды: «Айтматовдун чыгармачылыгындагы айырмалуу белги эмнеде? Биринчиден, жазуучу турмушту терең билет, анын өткүр баамы бар жана ар бир деталды негиздүү кылып так гана ишенимдүү сүрөттөп жазат: экинчиден повесттериндеги сюжетти курч драмалуу жана динамикалуу мүнөздө кура билет». Оратор башкалардай эле, бул эки повестти жогору баалап, сөзүнүн соңунда авторго «кычаш» суроо берди: «Майданда жүргөн күйөөсүн таштап, башка адам менен кетип калган Жамийланын жоругун сиз кандай түшүндүрөсүз». Бул суроого Чыңгыз Айтматов төмөнкүчө жооп берди: «Менимче Степан жаман киши эмес эле, бирок буга карабастан Аксинья Григорийди сүйөт же Толстойдун Анна Каренинасынын тагдырын алып көрүңүз. Бул жерде жол. Светин айтты, Жамийланын күйөөсү урбайт, бирок ал башка кишиге кетет деп. Турмуш абдан татаал. Кээ бирде күйөөсү аялын урат, бирок ал күйөөсүн таштап кетпейт, кээ бирде болсо күйөөсү зайыбын кадырлап сүйөт, бирок андан кетип калат».

Кыскасы декаданын адабий бөлүгүндөгү баш каарман Чыңгыз Айтматов болду, ал москвалык агайындардын ардак-алкышына арзып, жергесине ак боз ат минип кайт-

ты. Бирок... Алмустактан бери эле адамдын ийгилигин көрө албастыкты жаратып, кечээги жакшы санаалаштарды бир казанда кайнабас кастарга айлантып келатпайбы. Андан үч-төрт жыл эле мурда, Айтматов «Сыпайчы» сыяктуу анчалык деле айырмаланып кете албаган, автордун жөндөм-шыгын, оригиналдуулугу байкалып турса да баралына жете элек, схематизми, кээде чалагайымдыгы менен аксаган аңгемелери аркылуу адабиятка жаңыдан эле баш багып киргенде анын чыгармачылыгы жөнүндө жакшы пикирлерин айтып, чын пейилден колдоо көрсөткөн, кийин жазуучу кемелине келип, адабий ийгиликке ээ болгондо таң каларлык түрдө ага салкын карап калышты...

Москвадан кайтып келген соң мен кыргыз адабият сынында биринчи ирет Айтматовдун повестинин жакшы жактарын териштирип чыгууга умтулуп, «Жамийланын» кыргызча варианты жөнүндө чоң макала жаздым. Ал «Ала-Тоо» журналында терилип калган эле, бирок Айтматовдун ийгилигине ичи жылыбагандар ал жөнүндө билип калышып, кыйды жол менен менин макаламдын жарык көрбөй калышына жетишти. Ошону менен бирге мына ушул эле адамдардын түрткүсү менен Кыргызстан Жазуучулар Союзунда проза секциясынын чектеринде жазуучунун көркөм тилин талкуулоо уюштурулду. Алар жазуучунун бүтүндөй чыгармачылыгы жөнүндө маселени тизе коюуга болбой турганын эң жакшы билишкен, анткени Айтматовдун ысмы жалпы союзда резонанс пайда кылып, декадада жакшы пикирлерди калтырбадыбы. Ошондуктан жазуучунун көркөм тилин талкуулоо деген шылтоого жамынып, алар авторго чечкиндүү соккү берүүнү көздөшкөн. Бул талкууга — жазуучулар, адабиятчылар чакырылды, негизинен алардын көпчүлүгү тигил же бул белгилүү жазуучуну мактап-жактап, анын кол баласы сыңары адабияттын жака белинде жүргөн адамдар эле... Мына ушул «чечендердин» ошондо сүйлөгөн сөздөрүн эстесем азыр да бүткөн боюм дүркүрөп чыгат. Бул жазуучуну талаамандын тал түшүндө эле ташбараңга алуунун өзү эле: ага саясий мүнөздөгү оор айыптар коюлуп, улуттук традицияга чыккынчылык кылды деп, анын бардык ийгиликтери негизсиз эле төгүнгө чыгарылды, ал эми жазуучунун көркөм тили жөнүндө эч кимдин эсинде да калган жок. Менин эсебим боюнча 23 адам чыгып сүйлөдү, аның ичинен «күнөөкөрдүн» өзүнөн тышкары эки гана адам: адабиятчы К. Асаналиев менен ушул саптардын автору гана Айтматовдун новатордук багытын ачыктан-ачык жактап чыгышты. Анан, албетте, өз ойлорун ачык айтууга батынбай олку-солку болгондор да бар эле. Алар кармашта кайсы тарап утуп чыгар экен деп күтүшкөн. Ошондо Айтматовдун чыгармачылыгын жекирип-жээрип, күйүп-бышып сүйлөгөндөр бүгүн эч нерсе болбогондой Айтматовдун новатордугу жөнүндө окумуштуусунуп илимий сымактанган иштерди жазып жүрүшкөнүнө азыр таң калам. Кыясы, кагаз баарына түтөт окшойт. Айтматов кийин төмөнкүдөй өкүнүчтүү саптарды жазганда, албетте, дал ушул жыйынды алып отургандыгы шексиз: «...Бетме-бет повести жарыкка чыкканда республикадагы айрым сынчылар анда сүрөттөлгөн окуялардын кадиксиздигине шектенишкен, анда «бүткүл кыргыз эли кордолгон» деп эсептешти, анткени повестке дезертир, Мекендин чыккынчысы киргизилген, ал эми адабий схемалар боюнча мындай болууга тийиш эмес деп табышкан. Ал турсун турмуш кыйынчылыктары повестте өтө эле күчөтүп көрсөтүлгөн, агерде айылдыктар ач-жылаңач жашаса биз гитлериңди кантип жеңип чыкмак элек, согушта биздин эл бардык жагынан жетиштүү турушкан деп да айтышты»[1]

Ооба, эстей турган жана өкүнө турган нерселер бар... Мына ушул кейиштүү окуядан кийин Айтматов менен анын тарапкерлеринин позициясы бир кыйла бошоңдоп, журналдын декабрь айындагы санынан менин макалам алынып салынды, аны кайрадан журналдын редакциялык коллегиясынын мүчөлөрүнө тааныштырып чыгууга чечим кылынды. Аны кыргыздын чоң романчысына, кыргыз адабиятында чоң кадыры бар адамга беришти, ал мурда Айтматовдун аңгемелерин оң баалап келген жана аны менен менин жакшы чыгармачыл карым-катнашым бар эле. Ошондон улам мен андан чоң үмүткөр элем. Эки күндөн соң ал мага телефон кагып, үстүмө келүүмдү сурады. Экөөбүздүн ортобуздагы кыйын-кычыктуу, талаш-тартыштуу кептер, кыязы, мага катуу таасир калтырса керек, бул окуяны ошол эле күнү күндөлүгүмө түшүрүптүрмүн. Бул 1959-жылдын 16-январында болгон. Менин жазгандарым боюнча ал «Жамийла» повестин таптакыр эле четке кагып, ар кандай жол менен жамандап, жакында эле болгон талкууда көпчүлүк ораторлор айткан пикирлерди далилдеди. Мен да өз сөзүмөн кайтканым жок, «Жамийланы» жактап сүйлөдүм, акыры кер-мур айтышып кетип калдым. Ал менин макаламды жактырган жок. Кийин аны редколлегиянын дагы бир мүчөсүнө беришти, ал мар-

[1] Чингиз Айтматов. «В соавторстве с землею и водою». «Кыргызстан», 1978, 117-бет.

кум белгилүү прозачы, негизинен ак ниет, чынчыл, бирок көз карашы тарыраак, чектелген киши эле. Менин макалам жөнүндө анын өз колу менен жазылган пикири азырга чейин менде сакталуу турат. «Махабат баяны» деген сынды окудум. «Кызым иштүү, сүттүү, күчтүү» деп мактаган апенди да кызын сата алган эмес экен. Ар ким өзүнчө ой кошуп, толуктап, чегинен ашыра мактоо менен бирөөнүн чыгармасынын сапатын бузуп, же ондоп жибере албайт. Ар бир сын, адилет, калыс, чындыкты жашырбай жана ашыртып-ашырбай түз айтса, ал сын авторго да, окуучуларга пайдалуу. Жолдош Бобулов чектен аша кеткен ыгы жок мактоого берилип, Жамийла менен Данияр биздин адамдардын бардыгына өрнөк катары символ кылгысы келди. Мындай жасалма крестке чокунгум келбейт. Жамийла менен Данияр адамдын жакшыларын таап сүйгөндү билбеген, алар менен бирге жүрүп, өмүрдүн кызыгын сүрбөгөн, элге үлгү болор эмгек этип, кубанып күлбөгөн эгоисттер. Эгер алар эгоист болбосо, ошол эл арасында экөөнү сүйгөн алтындай курбулары барбы? Алар башка бирөөлөргө адамча мамиле кылышабы? Коомдук максаттарды бөлүшөбү? Жок.

Сараң сараңды сактагандай, эгоист эгоисти гана мактап сүйөт. Алар учуру келгенде, коомдон безип кете беришет. Бир жерге күлү додо болбойт, эмгеги көрүнбөйт. Кана, экөө эмне кылды? Элге үлгү болорлук эмне белгилери бар? Жок. «Эмне кылуу керек?», «Анна Каренина» менен «Жамийланы» салыштыруу такыр туура эмес. Андагы коом менен биздин коом такыр башка. Эмне үчүн Жамийла менен Данияр башка тарапка качып кетет? Дал ушунун өзү натуура — ушак. Акырында «жаным, гүлүм» деп Сейиттин женесине ашык болушу барып турган «чуж».

Журналдын редколлегия мүчөлөрү менин «Жамийла» жөнүндөгү макаламды мына ушинтип жактырбай салышты, ошентсе да мен аны ошол эле жылдын февраль айында республикалык партиялык «Советтик Кыргызстан» газетасына бир кыйла кыскартылган түрдө жарыялоого жетиштим.

Мунун баары артта калды, мунун баары эми тарых болуп калды. Бирок изи калбаган эч нерсе болбойт. Ошондо коптөп төө бастыга алышкан Айтматов бүгүн дүйнөгө белгилүү жазуучу болду. Айтматовдун таланттуу чыгармаларынын аркасында зор дүйнө кыргыз элинин көркөм байлыгын, дүйнөсүн, асманын, тоолорун, дарыялары менен талаа-түздөрүн, анын жандуу рухун ачып, тааныды, ал өзүнүн чыгаан таланты менен өз элин адамзатка, жаңа адамзатты өз элине жакындатты. Бул залкар таланты, тунук акылы, кажыбас күч-жигери бар адамдардын гана колунан келет.



Мындан чейрек кылым илгери болгон ошол окуяларды кайрадан эске түшүрүп, баарына акыл жүгүртүп салмактап олтуруп сабырдуу болууга, калыс болууга аракеттенем: ошентсе да ал кезде көп адамдар ич күйдүлүккө жетеленип кеткен деген түшүнүктө элем. Бирок бул бир гана ич күйдүлүктөн бери? Андай эмес деп ойлойм. Айтматов көркөм ойдун жаңы көрүнүшү катары башкаларды таң калтырып эле таштабастан, чочулатып да, кооптонтуп да койду. Менин оюмда бул кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө эки поэтиканын туу чокулары катуу кагылышкан өзгөчө бир этап болгон. Ал эми мындай кагылышуулар дүйнөлүк адабиятта сейрек болгон эмес. Мисалы аны Толстой кезинде Шекспирди таптакыр эле танып, тоготпой койбоду беле? Же Ясная Полянадагы даанышман абышканы да ич күйдүлүк жан алакетке салды бекен? Андай болушу мүмкүн эмес. Так адамзаттын көз жоосун алып заңкайган дүйнөлүк адабияттагы эки улуу тоо кагылышкан.

...Менин китеп текчемдин эң бир ардактуу жеринде «Правда» басмасынан «Огонектун» тиркемеси катары чыгарылган «Жамийла» повести сакталып турат, анда жазуучунун төмөнкүдөй сөздөрү жазылган автографы бар: «Жамийла деген «Тентек» келиндин азабын кошо тарткан калемдеш иним Камбарга келечегинен чоң үмүт этип Автор. 16-апрель 1959-жыл».

Менин үйүмдө Айтматовдун автографы бар, жогу да болуп кийинки жылдардагы оголе көп китептери сакталып турат, бирок алардын ичинен мен эң эле кымбат көрүп, ыйык туткан таберигим ушул повесть. Жоокер үчүн канын төгүп коргогон бир укум жер өзгөчө кастарлуу болот дешет... Андай болсо айыгышкан адабий айкаштарда таламын талашып, кыл чайнап кырчылдашкан китебин кадыр тутуп кастарлаганга сынчынын деле акысы бар го дейм.

1963-жылы мен Москвада аспирантурада окуп жүргөм. 16-апрелде СССР Жазуучулар Союзунан совет маданиятынын башкы ишмерлеринин катарында Чыңгыз Айтматовго «Тоолор жана талаалар повесттери» үчүн адабият жагындагы Лениндик сыйлык ыйгарылгандыгы жөнүндө кубанычтуу кабарын угуп, өзүмдүн жердешимдин, улуу жолдошумдун ийгилигине чын пейилимен кубанып, толкундандым, аны «Москва» мейманканасына ке-

лий түштү деп угуп, ошол тарапка жөнөдүм. Аны бөлмөсүнөн таап, чын пейилимен куттуктадым. Чыңгыз сөз арасында аны биринчилерден болуп куттуктап жатканымды айтты. Телефон тынбай шыңгырап, жаңы лауреатты москвалык достор, жоро-жолдоштору, тааныштары куттуктап жатты. Албетте, Айтматов толкунданып, кубанып турду, куттуктоо сөздөрү үчүн досторуна ыраазылыгын билдирип жатты. Анын көздөрүнөн, азыңкы жүзүнөн мен канайдыр бир сабырсызданууну, белгисиз тынчсыздануунун байкадым... Жазуучунун өмүрүндөгү мына ушул эле эң сонун күндө мен ага атайлап мындай бир суроо салдым:

— Чыңгыз айтчы, отуз беш жашында өлкөдөгү эң жогорку адабий сыйлыкты алган жазуучу өзүн кандай сезет экен?

Менин соболума жооп берерден обол Чыңгыз ойлоно түштү да, анан ар бир сөзүн ылгап жаткансып мындай деди:

— Чынымды айтсам азыр өзүмдү улуу тоонун бийик бир чокусуна чыгып келген альпинисттей сезип турам: төмөн карасаң баш айланат: өйдө карасаң бар күчүңдү, мүмкүнчүлүгүңдү жыйнап тырмышып чыга турган дагы бийик чокулар азгырып алдыда турат...

Айтматовдун бул сөздөрүн мен биротоло эсимде сактап калдым. Эртеси күнү биз аны эл аралык Шереметьево аэропортунан Жакартага узаттык, ал советтик журналисттердин делегациясынын составында учуп кетти.

* * *

Адабиятка адегенде эле айгай салып кирип, атпай журттун абазына алынып, баш айланткан нйгиликтин аты ар дайым эле байсалдуу болуп чыкпайт, ал турсун залака-зыяны көп болуп калышы мүмкүн. Андай мисалдар адабиятта аз да эмес. Кайсы бир таланттуу жазуучу чыгармачылык жолун текирең-таскак менен баштап, канча бир атаандаштарын чаңына калтырат, ага кол чабышып, басма сөз менен радио ызы-чуу түшүп дүңгүрөп, адабий авторитеттер алкап-мактап эле жатып калышат, анан арадан азыраак мезгил өтүп, баягы бааланып-баркталган автордун калеминен ортосаар бирдемелер чыга баштайт да, баштагы атагынан арылып бара-бара аты өчүп, унутула берет. Ошентип бир күнү карасаң эле баягы бар деп жүргөн жазуучуң жок болуп чыгат. Буга ким күнөөлүү? Аны жерге-сууга тийгизбей желпинте мактагандарбы же



сүрөөнчүлөрүнүн ишенимин актай албаган автордун өзүбү? Анын өзү күнөөлүү. Же мындай эмеспи? Эгер буга кимдир-бирөө күмөн санаса, анда Октябрдан кийинки мезгилде көптөгөн жазуучулардын устаты жана насаатчысы болгон улуу Горькийдин каттары менен макалаларын кунт коюп окуп чыксын. Кадимки айныбас алпейимдиги менен көптөгөн жаш жазуучулардын адабий кол жазмаларын окуп, жөндөмдүү авторлордун чыгармалары жайында чын пейилинен чыккан аталык нуска сөзүн айтып, аларга ар тараптан: материалдык да, моралдык да колдоо көрсөтүп келген. Тилекке каршы, алардын баарынан эле кийин чоң жазуучу чыккан жок. Баарыга белгилүү, Горький катуу талап койгон, кимгедир мунапыс бергенди жактырган эмес, талантты жаздемдебей көрө билген, бирок кезинде анын мактоо сөзүнө татыктуу болгон таланттуу адамдар кээде анын көңүл буруусун жана колдоосун актай алышкан эмес.

«Мен сизге дагы бир жолу кайталап айтамын: эгер сиз ар кайсыга чарпыла берсеңиз сизден майнап чыкпайт. Талант деген азоо аттай, аны асырап таптай билүү зарыл, а эгерде анын ооздугун ары-бери тарткылай берсеңиз, ал атыңыз көк мээ болуп калышы ыктымал»[1] деп жазган ал кайсы бир жаш адабиятчыга. Экинчи бир таланттуу жаш жазуучуга ал төмөнкүлөрдү жазган. «Талантпы? Бул өз ишин сүйүү, иштей билүү. Өзүңдү бүт бойдон, бардык күч-аракетиңди тандап алган ишиңе багыттоо деген сөз».[2]

Тынымсыз изденип, жаны жай таппай санааркап толгонуп, өзүн-өзү өркүндөтүп олтуруп жана талантты өстүрүп такшалтууга болот, ал эми өзүнө-өзү корстон болуп, беймарал жүрө бергенден таш жарган талантты да ташыркатып, табынан түшүрүп коюуга болот.

Бактыга жараша Чыңгыз Айтматов мындай алакчы ойлорго азгырылган жок, ал адабиятта улам жаңы мейкиндер менен жээктерди көздөй талыкпай талпынып жүрүп отурду. «Жамийла» менен «Бетме-беттин» соңунан. «Кызыл жоолук жалжалым» (1960), «Ботогөз» (1961), «Биринчи мугалим» (1962), «Саманчынын жолу» (1963) сыяктуу ашкан адеми повесттерди биринин артынан бирин жазып, бул аркылуу өзүнө тагылган ишенимди актап, ар бир ирет таланты тыным билбеген түйшүктүү жолдо, токтоо билбес кыймылда баратканын тастыктап турду.

[1] М. Горький. Собр. соч. в 30 томах. М., из-во Худ. лит-ры, 1955, т. 29, 350 стр.

[2] М. Горький. Ошол эле китеп. 30 том, 66-бет.

Чыңгыз Айтматов отуз беш жашында 1963-жылы С. Маршак, Расул Гамзатов өңдүү совет адабиятынын даасыккан чеберлери менен тең катарда Лениндик сыйлыктын лауреаты болду. Бул жаш жазуучунун триумфу гана эмес эле, бул ошону менен бирге бүткүл кыргыз адабиятынын чоң ийгилиги эле, ал Чыңгыз Айтматовдун ысмы аркылуу жаңы этапта өзүнүн эстетикалык жактан өнүгүшүнүн бир кыйла бийик тепкичине көтөрүлүп чыкты.

Жазуучунун даңазасы дүңгүрөп турган 60-жылдардын орто ченинде менин жекече пикирим боюнча, Айтматов эки жолдун тоомуна келип такалды: адабияттын аламан байгесине кошкон кеңири белгилүү повесттердин духунда чыгармачылык изденүүлөрүн улантуу же болбосо негизинен ошол эле чыгармачыл принциптерди туу кылып кармоо менен турмушту аңдап билүүнүн жаңы көркөм усулун табуу керек эле. Бул туурасында мен өз учурунда жазган элем.[1] Мени туура түшүнүңүздөр: буларды мен өзүмдү өзүм рекламалоо эмес, акыйкат иштин аныгына жетүү максатынан улам айтып отурам. Жыйырма жылдай илгери ушул саптардын автору Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында аян бере баштаган мазмундуу китебинде[2] белгилегендей, ал кезде жазуучу эки айрылыш жолдун башында турган. Бардык сынчылар менен жазуучулар бир пикирден Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык жолундагы жаңы баскыч катары аныкташкан айтылуу «Гүлсарат» повести (аны көбү роман деп да жүрүшөт) чыгармачыл кандай азап-тозоктордун, көңүл-көкөйдү өйүгөн ой-санаалар менен чымырканган изденүүлөрдүн аркасында жарыкка келгендиги бизге белгисиз, ал жазуучунун жан адам билбеген жашыруун сыры катары биротоло калла бермекчи. Мүмкүн ал жетишилген эчен бир эстетикалык табылгаларды кайра карап, өзүн-өзү жээрип-танып чыгуунун аркасында жараткандыр. Иштин ушундай экени бүгүн күмөн санатпайт.

Жазуучунун чыгармачылык жолундагы этаптуу мезгилдер жөнүндө изилдөөчүлөр ар түрдүү пикир айтып жүрүшөт. Мисалы, Георгий Гачев Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык эволюциясында үч мезгил бар деп эсептейт. Анын пикири боюнча биринчи мезгилге «Бетме-бет», «Жамийла», «Ботогөз», «Кызыл жоолук жалжалым», «Биринчи мугалим» повесттери кирет, аларда «...албуут дарыядай күч-кайраты ташкындап патриархалдык-феодалдык общинанын кылмак-кысымын жарып өтүп турмуштагы өзүнүн жеке жолун тапкан жаш адамдай сүрөттөлөт. Экинчи мезгилге изилдөөчү «Саманчынын жолу», «Гүлсарат» повесттерин кошот, аларда жазуучунун «...өз элинин тарыхы, революциячыл окуялар, колхоз курулушу, согуш жөнүндө ой толгоолору үстөмдүк кылат. Мына каарман — кары адам, эне, алар өздөрүнүн өмүрү жайында тикеден тике табийгатка: Толгонай — Жер энеге, Танабай — Гүлсаратка керээз айтышат. Үчүнчү мезгилге — «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повесттери, белгилүү казак драматургу Кантай Мухамеджанов менен биргелешип жазылган «Фудзиямадагы кадыр түн» пьесасы жана «Кылым карытар бир күн» романы кирет, аларда жазуучу болмуштун башталмаларына кайрылып, иманды абийир сотуна, адамзат коому менен анын тарыхтагы ишин — табият стихиясынын сотуна салып карайт. Жазуучунун көркөм ою бир жагынан катаал реалисттик чекке жана бийик стилдин бекемдигине ээ болсо, экинчи жактан мифке, жомокко, уламышка жакындайт»[1].

Бул ой-пикирлерде жүйөөлүү, эске алар көп нерселер бар. Ошентсе да менин оюмда айрым тыянактардын бир беткейлиги бардай. «Өз элинин тагдыры, революциячыл окуялар, колхоз курулуш, согуш жайында жазуучу жалгыз эле «Саманчынын жолу», «Гүлсарат» повесттеринде гана ойлойбу? Жазуучу «Биринчи мугалим» повестинде революциячыл окуялар жөнүндө баян эткен жок беле? Мугалим Дүйшөн «Мексикалык» аттуу аңгеменин автору айткандай,— «Революциянын өзү» эмеспи! «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринде жазуучу согуштун жана жоокер тагдырынын каардуу темасына кайрылган жок беле? «Жамийла» повести сүйүү жөнүндө гана баян эмес, ал ошондой эле согуштун бүткүл алаамат-апаатын өз башынан кечирип билген жоокер Данияр дын тагдыры жөнүндөгү керемет икая. «Бир күнү жумуштан кийин, тамак ичип, отту тегеректеп жарпыбыз жазылып, тынчтанып отурганда, Данияр дан сурап калдым:

— Даника, согуштан козгоп, эрмектеп бербейсиңби?

Данияр адегенде унчукпай, жаман көргөнсүп түктүйө калды.

— Согуш дейсиңби? — деди ал жай гана эмнегедир үнүн басандата түнөрүп,— согуштун түрү курусун, сендер аны билбей эле койгула!

[1] Сб. 4 «Литература и Современность», М., из-во Худ. лит-ры, 1963, 334-бет.

[2] В. Левченко. М., «Советский писатель», 1984, 57-бет.

[1] Г. Гачев. «Чингиз Айтматов и мировая литература», Фрунзе, «Кыргызстан», 1982, 14-бет.

Даныяр бери жакта жаткан катуу-катуу куурайдан чоң тутам алып, отту көсөп, тез-тез үйлөп күйгүздү да, эч кимибизди карабай, көңүмүш боюнча колдорун тапка какмакчылыгындагы улуттук эпикалык традицияларга арналтап, желпилдеп күйгөн жалынды көзүн сүзүлтө тиктеп ган кызыктуу, мазмундуу кандидаттык диссертациясында унчукпады» — деп эскерет Сеит.

«Гүлсарат», «Саманчынын жолу» повесттеринде, эмне, Париза Мирза-Ахмедова[1] айткандай ушул повесттен Айкүч-кайраты ташкындап, жалындаган жаш адамдар (Таматовдун чыгармачылык жактан жетилүүсү башталат денабайды, Чоронун жаш кездери, Толгонайдын уулдары) ген ойдон алыспыз. Айтматов дал ушул повесттe чыгармажок бекен? Отузунчу жылдары революциянын урматчылык жактан жетилүү курагына келди деп ырастоо урааны үчүн өз атасын курмандыкка чалгандан кайра демек, анын «Бетме-бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», тартпаган Танабайдын өзү мындай жигерден оолак ту«Саманчынын жолу» повесттеринде айкын көрүнгөн көррабы?

Албетте, Айтматовдун чыгармачылыгынын мезгилдери көм-эстетикалык табылгаларын танып, алардын баркын бар, бирок, ал мезгилдер кандай гана өзгөчөлүктөргө, төмөндөтүү дегендик. Бул чыгармада Айтматов зор таайырмалуу мүнөздөргө ээ болбосун, баары биригип келип лант, эргүү менен өзүнүн поэтикалык дүйнөсүн ачкан, аны диалектикалык бирдиктүү эстетикалык системаны түзүЖамийланын, Даныярдын, Дүйшөндүн, Алтынайдын, Толшөт: Бир жагынан — өз ара бири-бирин толуктап, жуугонайдын, Сейденин жана башкалардын таасын тартылрулушуп турса, экинчи жактан бирин-бири танып, жерип ган, татаал, көпкө чейин көңүлдөн өчпөгөн көркөм обратурат, бирок бул формалардын ортосунда так ажырымдалдарында туюнткан.

ган чек. Адигейдин адамдык натурасынан, адамдарга, Ал эми «Гүлсарат» повестинен жазуучунун чыгармачындыктын идеяларына берилгендигинен жана тайманбастыгынан Дүйшөндүн, Танабайдын бизге тааныш мүнөздөчылыгындагы жаңы тилке башталат деп айтуу — бул башрү бизге көрүнүп турган жокпу? Алардын баары советтик ка кеп. Дал ушул повесттен балким, татаал коллизиялартурмуш чындыгынан жаралган бирдей типтеги, бирок ар га, турмуштук драмаларга ыкмасын бузуп, фольклордук түрдүү мүнөздөгү адамдар.

бай мурастарын аң-сезимдүү түрдө чыгармачылык менен Айтматовдун чыгармачылыгында, Гачев көрсөткөндөй, уруна баштаган «Жаңы» Айтматовдун мүнөздүү белгиазырынча өзүнчө бөлүп көрсөтө турган үч мезгил бар. лери көрүнгөндүр. Чыгармачылыктагы мындай жаңы тилМен буга кошула алам, бирок биз бир катар учурларда ке советтик эң чоң жазуучулардын тажрыйбасынан да көбири-бирибиз менен макул боло албайбыз. Эгерде биринрүнөт. Буга «Мезгил, алга», «Агарат жалгыз жел кайык», чи мезгилде жазуучунун адабий-эстетикалык көз карашы «Полктун уулу» сыяктуу кеңири белгилүү романдардын жаңыдан калыптанып, алга карай секирик жасоо үчүн ага автору Валентин Катаевдин чыгармачылыгы эң сонун өзүнчө эле бир трамплин сыяктуу болуп берген «Ашым», мисал боло алат. Жазуучу 60-70-жылдардын тоомунда «Сыпайчы», «Ак жаан» өңдүү эң алгачкы аңгемелерин кожаңычыл прозага кескин түрдө бет буруп, баяндоо ыкмашуп, экинчи мезгилге — жазуучунун таланты баралына сынын кыйла татаалдыгы менен айырмаланган, оңой-олтолуп, толукшуп жетилип, жаңы бийиктиктерге жетип тоң эле кабыл алына бербеген «Дубал боорундагы чакан такшалган учурда жаралган «Бетме-бет», «Жамийла», темир каалга», «Ыйык кудук», «Кубик», «Демяндын аңге«Ботогөз», «Кызыл жоолук жалжалым», «Саманчынын мелери», «Фиалка» сыяктуу жаңы чыгармаларды, же болжолу» повесттерин кийирип, жазуучунун чыгармачылыбосо «Кор болгон өмүр же Оберондун сыйкырдуу мүйүгындагы үчүнчү мезгил «Гүлсарат» повестинен башталат, зү» аттуу автобиографиялык романды биринин артынан ал экинчи жана үчүнчү мезгилди өз ара туташтырып тур- бирин жазды, демек, тажрыйбага канығып, дасыккан жаган өз алдынча көпүрө сыяктуу — деп айтсак чындыкка зуучу жаңы формага өтүү — чыгармачылыктын жаңы тилкыйла ылайык келмек.

кесине кирди. Катаев мына ушул жаңычыл маанидеги

«Гүлсарат» повестинен бүткүл дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгында жаңы тилке башталат. Бул повестте жаңы поэтиканын мүнөздүү белгиле-

[1] Париза Мирза Ахмедова. «Национальная эпическая традиция в творчестве Чингиза Айтматова» М., 1981, стр. 8, автореферат.

чыгармаларында чыгармачылыктын жетилүү маалына келди деп айтуу таптакыр туура болбос эле, муну менен жазуучунун баштагы чыгармаларында көрүнгөн адабий-эстетикалык касиеттердин баркын кетирер элек. Албетте, бул мындай эмес. Чыңгыз Айтматов 1972-жылы «Өзүм жөнүндө заметкалар» аттуу макаласында жазуучулук жолу, чыгармачылыгынын жаңы мезгили жөнүндө ой толгоп, мындай деп белгилеген: «...Кээ бир окурмандар, айталы, «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу» жана башка чыгармаларды жактырып калгандар, өздөрүнүн искусство жөнүндөгү түшүнүктөрүнөн улам мени мындан ары да ушу калыпта жаза берсе деп каалашат. Өзүмдү кайталоо менен алек болгум келбейт, «Гүлсарат» менен «Ак кемеге» чейин жазгандарымдын белгилүү маниге ээ болгонун мен танбайм, бирок ошол эбак өтүлгөн этапка кала бергим да келбейт»[1]

Өтүлгөн этап!

Чыныгы сөз сүрөткери артына кылчактап карана бербейт, ал дайыма алды жакка серепчилеп көз таштап, эр жүрөк альпинист сымал жан баспаган аскалар менен тырмышып жаңы бийиктикти көздөй умтула берет. Мындай умтулуу болбосо, мындай кыймыл болбосо, адабияттын тамыры кургап, соолуп калаар эле. Бул өнүгүп-өсүп турган адабияттын бүткүл дүйнөлүк закону, өткөндөгү залкар кеменгерлердин мүлдө баары да ушуга таянышкан, биз болсо эми алардын көркөм тажрыйбаларын ар дайым арка-бел тутуп келебиз.

Ар кандай залкар сөз сүрөткерлеринин чыгармачыл эволюциялык жолу, адам жөнүндөгү акыйкаттыкты жана чындыкты издеп, турмуштун философиялык, эстетикалык, адеп-ахлактык маанидеги татаал маселелерине жан күйгүзө, жооп издеп, жетилүү сересин көздөй талыкпай умтулуп отурган жолу бири-бирине уланып-узарып кеткен тоо кыркаларын эске салып жиберет, анын өр-ылдыйы, ашуу-түзү биригип жаратылыштын бирдиктүү, бирок көп кырдуу системасын түзөт окшобойбу. Сүрөткер адам көп учурда өзүнүн эстетикалык түпкү принциптеринен жазбай, идеялык-көркөм өнүгүшүндө турмуштук материалды өздөштүрүүнүн сырткы каршылык бөгөттөрүн гана жеңип өтпөстөн, чыгармачылыгынын белгилүү этабына жөндүү, ийгиликтүү, ал тургай жаңычыл маанидеги табылга каталары бааланып, бирок турмуш чындыгын тереңдеп ачуунун жана аңдап-таануунун жаңы шарттарында артыкбаш жүк

[1] Чыңгыз Айтматов. «В соавторстве...» 156-бет.



боло баштаган өзүнүн ички, менчиктүү тоскоолдуктары менен да күрөшөт.

Ким тоодо же чөлдүү аймакта чоңоюп өссө, ал жакшы билет: Маал-маалы менен жыландын териси түлөп турат. Мына ушундай маалда б. а. жаңыдан жетилип келаткан териси али сыртка шарт-чөйрөгө көнүгө албай, ал эми эскиси түлөп тамтыгы кеткен кезде, ал өзүнүн абдан эле коомай сезип, араңжан кыбырап, жай сойлоп калат. Эгерде ушундай салыштыруунун осолдугу болбосо, анда ар бир залкар сүрөткердин чыгармачылык эволюциясында да эски тону оңуп, өөн көрүнүп, жүдөтүп, жибергенсиген учурлар маал-маалы менен кайталанып турат, мындай ал учурда ээн-эркин кыймылдап, шайдоот жүрүү үчүн эски тондун ордуна жаңысын сатып алгысы келет, б. а. өзүнүн жаңы көркөм мүмкүнчүлүктөрүн кеңири ачууну күсөй баштайт. Дал мына ушул учур — чыгармачылыктын жаңы тилкеси болот.

Чыгармачылык изденүүнүн жаңы жээктерине умтулуу, өз өнөрүн өркүндөтүп өстүрүүгө талпынуу закон ченемдүү иш, ата мекендик жана дүйнөлүк адабияттын таанымал классиктери да ар убак ушундай мүдөө-мурат менен жашап, аны баштан кечиришкен, алардын көркөм тажрыйбасы жаңыланып өсүүнү, көркөм ачылыштардын жаңы тилкесине кирүүнү астейдил көксөп, ниет кылган ар бир калем үчүн нускалуу сабак болуп саналат...

Ушул жагынан алганда Л. Н. Толстойдун 1863-жылы, ал дүйнөлүк адабияттын тарыхында эң залкар «Согуш жана тынчтык» романынын биринчи китебине кирише баштаган кезинде жазылган бир каты көп ойго салат. «...Мен өзүмдүн акыл-эсимдин жана ал турсун адеп-ахлактык жактан чама-чарпымдын мынчалык эркиндигин жана мынчалык иштермандыгымы эч качан сезип-туйган эмесмин. Менин ишим да бар. Ал иш —1810-20-жылдардын маалынан алынган роман, ал мени күздөн бери тап жылдырбай тушап алды. **Бул мүнөзүмдүн алсыздыгыбы же күчтүүлүгүбү**, билбейм,— кээде мен анысына жана мунусуна жоруп жиберем,— бирок менин **турмушка, элге жана коомго карата** көз карашым эми эң эле соңку мезгилге чейин менде болуп калган көз караштан таптакыр бөлөк экенин моюнга алууга тийишмин».[1] (Алдын сызган — К. Б.)

«Согуш жана тынчтык», «Анна Каренина», «Пейилдин

[1] Л. Н. Толстой. О литературе. М., из-во Художественная литература», 1955, 25—26-беттер.

оңолушу» өндүү гениалдуу романдардын, «Иван Ильичтин өлүмү», «Хаджи Мурат сыяктуу атактуу повесттердин болочоктогу авторунун бул каты дал ушул мезгилде Л. Н. Толстойдун көркөм концепциясында, көз карашында «турмуш», «эл» жана «коом» жөнүндө түп-тамырынан бери өзгөрүү болуп өткөнүн, жан алакетке салган чыгармачыл, адем-ахлактык изденүүлөрдөн соң өзүнүн чыгармачылыгынын жаңы тилкесин тапканын көрсөтөт, ал кийин дүйнөгө «Согуш жана тынчтык» деген наам менен белгилүү болот. Эгер жакшылап назар салсак, гениалдуу орус романчысынын өмүрүндө мындай жаңы ачылган тилкелер бир нече ирет болгондугун көрөбүз.

Чыгармачыл мындай бурулуш ар бир жазуучунун өмүрүндөгү жана тагдырындагы ар түрдүү, ар кандай кырдаалдарда, ар кайсы кууктa бирок шексиз түрдө болуп өтөт. Бир түрдүү жазуучулар болбогондой эле, бул процессте да жалпыга бирдей тийиштүү, универсалдуу жол жок. Көрүнүктүү немец жазуучусу, гуманист Томас Манн өзүнүн чыгармачылыгындагы мына ушундай бурулушка кайрылып, «Иосиф жана анын бир туугандары» аттуу мифологиялык театрологияны түзүүгө киришип жатып, мындайча ой толгогон: «...Ар бир куруктын өзүнө жараша шарт-шаанисi, ышкысы менен табити бар, а балким өзгөчө бир зээр-жөндөмү, артыкчылыктары болушу ыктымал. Кыязы, кайсы бир куракта жалпы жана жеке нерселердин, конкреттүү, бюргердик, башкача айтканда сөздүн эң кеңири маанисиндеги күнүмдүк тиричиликке байланышкан көрүнүштөрдүн баарынан аста-аста көңүлүң калып, кызыгың тарай баштаганда кандайдыр бир законченемдүүлүк бар шекилдүү. Алардын ордуна типтүү, түбөлүк адамды коштоп жүрө турган, түбөлүк кайталанып турган, мезгилден сыртқары, кыскасын айтканда, мифтик көрүнүштөргө куштарлануу алдыңкы планга чыга баштайт»[1].

Күргүштөгөн татаал, учкул мезгилдин таасири астында коомдук турмуш жана адамдардын психологиясы тадай өзгөрүп турат, сүрөткердин көркөм ойломунда мынсыяктуу ар кандай таасирге бат кабылып турат эмеспи. Анын сезимтал табияты мындай өзгөрүүнү өзгөлөргө караганда алда канча терең, эмоционалдуу түрдө кабыл алып, ички чыгармачылык лабораториясында интенсивдүү реакцияны жаратат да, сүрөткердин поэтикасын олуттуу түзөтүүгө дуушар болот. Ошондуктан ар кандай залкар сүрөткердин поэтикасы узак мезгилдин ичинде байкалбастан, өзгөрүп, баштагы кайсыдыр бир мүнөздүү белгилери акырындап жоголуп, анын соңку мезгилдеги эстетикалык табитине ылайык келген жаңы, кыйла сыймдуу, кыйла мазмундуу каспеттери пайда болот. Дүйнөлүк адабиятта поэтиканын мына ушундай утурумдугу залкар сүрөткердин бир гана чыгармасында кашкайып ачык көрүнгөн учурлар болгон. Кеп Гетенин «Фаусту» — акыйкаттык менен адилеттикте көксөөсү канбаган баян эткен эбегейсиз залкар чыгарма жөнүндө болуп жатат, акын ага өмүр бою өзүнүн чыгармачыл жигерин, акылын, бүткүл дүйнө таанымын, кастарлап баккан аялуу ойлорун, багыштап, жер бетинде өмүр сүрүүнүн табияты жана табышмак сыры жөнүндөгү түшүнүгүн сарп кылып, анын үстүндө 60 жыл мээ сыгып мээнеттенген. Эмне үчүн «Фаусттун» экинчи бөлүмүндө биринчи бөлүмдөгүсүнө караганда турмуш алда канча байманалуу болуп сүрөттөлгөн деген Эккермандын суроосуна Гете мындайча жооп айтыптыр: «Арийне, биринчи бөлүм башынан акырына чейин субъективдүү. Аны өзүнүн ыклас ышкысына гана баш ийип, алардан арыла албаган адам жазган, мына ушул боз мунарык баскан дүйнө адамдардын көңүлүнө абдан жагып калды го деп ойлоого болот. Ал эми экинчи бөлүмүндө субъективдүүлүктөн дээрлик эч нерсе жок, бул жерде алда канча айдыңдуу, ууздай таза, адилкеч дүйнө ачылат, андыктан башынан азды өткөрүп, азды көргөн адам аны териштирип түшүнө албайт»[1]. Кулк-мүнөзүнүн калбаатты-гы жана токтоолугу үчүн замандаштары Олимп атыктырган ичинде аласы жок Гетенин өзү өмүрүндөгү эң башкы китебин жазган узак аралыкта кызыл кыргын, сары сүргүн түшүргөн дүйнөлүк кандуу, кайгылуу окуялар менен алааматтарга күбө болуп, Наполеон империясынын гүлдөп өскөнүн жана зыман болгонун, эчендеген тарыхый личносттордун зоболосу бийиктеп, бедели кеткенин өз көзү менен көрүп, азаматтын огеле көп кайгы-касыретин, эчендеген бейопа үмүт-тилектерин баштан кечирген. Андыктан Гетенин: «Тарыхтын шарапат-шарпасын керт башы менен туюнуп сезген адам гана ал жөнүндө кеп айта алат»[2] — дегени айныбас ак сөз.

Гениалдуу немец акыны бир эсе өзүнүн кайталангыс

[1] Томасс Манн. М., «Худ. литература», соб. соч. в 10 томах, 1960, 9 том, 175-бет.



[1] Иоганн Петер Эккерман. «Разговоры о Гете», М., «Худ. литература», 1981, 400-бет.

[2] Гете. «Поэзия и Правда», М., «Худ. литература», 1969, 6-бет.

өзүнчөлүгүнөн жазбай, бир эсе адам катары өсүп өзгөрүп турган, анын асылдык, чындык, адам жөнүндөгү философиялык, эстетикалык көз карашы жаңыланып турган, өзү жаратып, өзү жазган чыгармаларын жерип, чанбай ошол эле учурда искусстводо жаңы жолду ачып, жаңы бийиктиктерге умтулуп турган жана мунусуна сыймыктанып, бул жөнүндө мындайча жазган:

Я, и сам, как мир, меняясь,
И изумлению призван здесь.

Мунусу да акыйкат сөз. Анткени бул дүйнөдө өзгөрбөс бир гана шейит болгондор өзгөрүлбөйт, анан адабият менен илимдеги араң жан, олтурган жайынан козголбой, бир карыш алга жыла албаган шалкы боштор өзгөрүлбөйт, анткени алар бейдарман жана кашаң келишет.

* * *

«Тоолордо кээ бир булактар болот: жаңы жол төшөлүп, эски чыйырдын нугу унутулат, жолоочулар суу ичкени ал жакка чанда гана бурулуп, бара-бара булактын көзүн балыр басып, калың өскөн камыштар жаап калат. Анан аны обочо жерден байкабай да каласың. Ысыктуу аптапта кан жолдон бурулуп, булактан чаңкоо кандыруу ну эч ким капарына албайт. Анан бир күнү бул жерди жакшы билген адам келет да, унутулган булакты издеп таап, анын көзүн чөп-чардан тазалап ачат да, купуя тамшана кетет: көптөн бери булганбаган, мөлтүр кашка музлорду көрөт. Анан ал адамдын көңүлүнө мындай жерди билбеген күнөө, бул жөнүндө жолдош-жоролорго айтуу керек деген ой кылт этет».

Чыңгыз Айтматов.

* * *

Ар кандай залкар сүрөткердин чыгармачылыгы ичкерийтен ажырагыс болуп тукумдашкан үргүлжү нерсе, аны көз уялткан не бир миң түркүн түс чыгарып, жаркылдап турган каухар ташка теңесе болот. Отуз жылдан ашуун мезгилден бери адабиятта майнаптуу мээнет этип келаткан Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы дал ушундай касиетке ээ. Айтканга арсан көрүнгөнү менен жекече чы-



гармачыл иш үчүн адабияттагы отуз жыл оңой нерсе эмес!

Элүүнчү жылдардын орто ченинде Чыңгыз Айтматов адабиятка эрте жаздагы чагылгандай жарк этип, көктөмдүн лепилдеген таза желиндей изги бир үн менен келди. Ар кайсы жылдарда «Ала-Тоо» журналында жарыяланган анын «Сынайчы», «Атаандаштар», «Ак жаан», «Асма көпүрө» («Байдамталдын жээгинде») аттуу алгачкы аңгемелери ошол кездердеги кургак баяндоодон, жансыз натурализмден арыла албаган көп чыгармалардан кескин айырмаланып турган. Аталган аңгемелердеги каармандар өзгөчөлүү, күчтүү мүнөздөгү, кайдадыр кол сермеп умтулуп, эрдикке чакырып, тынч албаган, активдүү кыймыл-аракеттеги адамдар эле. Алар дал ушул активдүү натурасы биздин жан-дүйнөбүзгө терең из калтырды. «Асма көпүрө» өзгөчө бизге, ошол кездеги студенттерге абдан күчтүү таасир этти. Студенттик аудиторияларда өз ара, ал турсун кадыр барктуу мугалимдер менен кызуу талашып, Айтматовдун чыгармаларындагы жаңычыл жышаанын жактап, анын тарабын талашчубуз. Мындай талаш-тартыштарда бирдиктүү пикирдин болбогону ырас, бирок бир нерсе: адабиятка жөрөлгө жөндөмү бар, изденгич жана ойчул адамдын келгендигине эч ким күмөнсүгөн эмес.

Андан бери көп мезгил өттү: кыргыз адабияты ошол кездегидей эмес, бул мезгилде ал көп улуттуу жалпы совет адабиятынын нугунда идеялык эстетикалык жактан алда канча өзгөрүп өстү, жаңы чектерге жетти, анын картинасы көп түрдүү, татаал болуп калды: Айтматовдун өзү да баягысындай эмес, ал бул мезгилдин аралыгында өзүнүн байманалуу дүйнөсүн жаркын көркөм образдардын дүйнөсүнө айлантып, кулак угуп, көз көрбөгөн секирик жасады. Кайталангыс залкар таланты менен көркөм чындыктардын жаңы дүйнөсүн ачып, кандаш-жандаш адабиятынын сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн маарытып-байытып, анын эстетикалык чектерин кеңейтти. Жогоруда аталган аңгемелердин автору Айтматов эми бүгүнкү күндүн бийиктигинен туруп алар жөнүндө жөн жайынча гана сөз айтып, чыгармаларынын жыйнактарына киргизбей да жүрөт. Өкүнүчтүү экенине карабай муну да түшүнсө болот. Бир кезде бул аңгемелерибизге куштарыбыз түшүп, аларды жөнү жок жеринен ар кандай кайбат сөздөрдөн чын пейлибиз менен күйүп-бышып коргоп, биз да ал кездегиден башкабыз. Мен аларды кайрадан окуп чыгып өзүмчө мындай бүтүмгө келем: ырас, ал аңгемелерде чалагайым, жасалма жерлер көп, турмушту романтикалык мүнөздө

түшүнүү басымдуулук кылат. Бирок кантсе да бул аңгемелерде жазуучуга дүйнөлүк масштабда зор ийгиликтерди алып келген анын кийинки чыгармаларынын жарык шооласы чачырап турат: аларды ишенимдүү, а кээде шыктануу менен жазылган таасирдүү жерлер, эпизоддор бар, күчтүү мүнөздөрдүн күчтүүлөрү бар, алар жазуучунун кийинки чыгармаларына бардык жагынан терең иштетилип, күчөтүлөт. Бул — «Асма көпүрөдөгү» Нурбек, андан Дүйшөндүн, Танабайдын, Едигейдин күчтүү натуралары, майышпас, татаал мүнөздөрү байкалып турат: бул — кайсыдыр бир жактарынан Ильяска жакындашып турган Каратай («Атаандаштар»): бул — Жамийланын сиңдиси Саадат («Ак жаан»): бул — укум-тукумунан бери адам мээнети менен өмүр сүрүп келаткан, беттегенин бербеген Бекназар карыя («Сыпайчи»), ал Едигейдин бир үзүмүндөй көрүнүп кетет. Жазуучунун бул аңгемелерине көтөрүңкү маанайдагы стил мүнөздүү, кийин бул манера Айматовдун башка чыгармаларында поэтикалык стил катары таасын көрүнөт. Бул манера жаратылышты, анын «тилин» анын ички «дүйнөсүн, адамдардын көңүл жүйөсүн сүрөттөгөн жерлерде өзгөчө бадырайып көзгө урунат... «Тоо арасына жамгыр тапатаңдан төгүп кирди... Жондон кулаган суулар Байдамталдын иреңин бузуп, ташкындаган сел жүрдү.

Жинденген карасур толкундар жээктеги таштарды кочкорчосунан качырып барып ордунан козголто урат да, анан сендиректей түшкөнсүп кайра артка тартат... Көп өтпөй эле мизи кайтарылбаган толкундар жаңыдан көтөрүлө калып, биринин артынан бири сүрөп, дагы таштарды көмөлөтө каптайт. Ошол учурда суу бирде онтогондой, бирде кармашууга ат койгон жоокерлердей күрөш күүсүн чалып, каардуу үндөрдү чыгарып жатты...» («Асма көпүрө»)

Цитаталанган мына ушул поэтикалык сүрөттөмөлөрдө табиятты жандандырып, анын жапан духуна жан киргизген романтикалык пафостун чабыты кадиксиз түрдө көрүнүп турат, ошол эле мезгилде мында чындыкты элестетүү, ишенимдүү кырдаалдарда туура, кемелинен кемитпей чагылдырылган реалдуу картина да кашкайып көзгө түшүп турат.

Арийне, Айтматовдун ушул алгачкы аңгемелери турмушту эстетикалык жактан өздөштүрүп түшүнүүдө, чеберчиликтин бийик тепкичтерине көтөрүлүп чыгууда жазуучу үчүн өзүнчө эле бир чыгармачылык репетиция же элестүүрөөк айтканда трамплин болгондугу шексиз.



Көп улуттуу совет адабиятындагы романтизмдин табияты жана орду жөнүндө кээде адабият адистеринин арасында талаш-тартыштардын оту улана калат, бул боюнча ар кандай жоромолдор жана көз караштар айтылып келет. Адабиятчы А. Овчаренко, мисалы, романтизм совет адабиятында көркөм метод катары өнүгүүнүн алгачкы этаптарында гана жашайт, бирок ал дайым эле ушул деңгээлде кала бербейт деп ырастайт. Катаал реализм менен бир катарда эле бийик романтизм, алардын көптөгөн өз ара өтмө формалары гүлдөп өсүп жатат.[1] Экинчи бир адабиятчы В. И. Гусев совет адабиятындагы, анын ичиндеги прозадагы жалпы реалисттик методдун фонунда романтикалык стиль бар деген көз карашты жактайт.[2]

Менин оюмча, совет адабиятында романтикалык стилдин бар экени талашсыз факты, анын болушу жана алысындап өсүп жатышы социалисттик реализм методун жакырлантпастан, кайра анын орнаментине кошумча түс берип турат. Конкреттүү чыгармада романтикалык пафостун же стилдин болушу көп жагынан сүрөттөлүүчү предметке, анан да жазуучунун натурасына жараша болот. Эгерде жазуучу турмушту романтикалык көтөрүңкү маанайда кабыл алууга табиятынан жакын турса, анда анын эң эле катаал реалисттик маанайдагы чыгармаларында деле тигил же бул өлчөмдө романтизмдин таасирлери сакталып калат. Буга Горькийдин, Фадеевдин, Паустовскийдин жана Айтматовдун чыгармачылыгы далил боло алат. Чоң сүрөткерлерде реализм менен романтизм өз ара ширелишип тургансыйт,— деп айтканда, Горький калыбы, дал ушундай учурду эске алган болуу керек. Кийин социалисттик реализм методунун негиздөөчүсүнүн бул жообуна кай бир сынчылар туура эмес түшүндүрмө беришип, аны жазуучу аттуунун баарына жалпы тиешеси бар сыяктуу формулага айлантып жиберишти. Айтматов өзүнүн чыгармаларында өзүн акыйкаттыкты ийне-жибине чейин иликтеп изилдеген, турмуш чындыгынан бир кадам да артка чегинбей, аны катаал-каардуу картиналарда чагылтып көрсөткөн, Қаармандардын жан-дүйнөсүндөгү кыймылды терең изилдеген реалист-сүрөткер катары көрсөттү. Бул сапат согуш кезиндеги кыйын-кезеңдүү маалды башынан кечирип, анын азап-тозогун муңайбай чыдаган кыргыздын элет жердеги айыл кыштактардын катаал күндөрүн көр-

[1] Актуальные проблемы социалистического реализма», М., «Советский писатель», 1969, 329-бет.

[2] Сб. «Социалистический реализм сегодня» М., 1971, 217-бет.

[3] М. Горький. «О литературе», М., 1955, 311-бет.

көмдүк жактан туура чагылдырылган «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринде айрыкча таасын көрүндү...

Ошентсе да Айтматовдун чыгармачылыгы романтикалык башталмалар реализмдин көмөкчү, кошумча инструменти катары турмушту терең аңдап-билүүгө, анын маани-мазмунун көп түрдүү формалар аркылуу ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк ачып бир эле жазуучунун чыгармаларында жашай аларын да далилдеп турат. Айтматов 1975-жылы дезертирдин жана анын аялынын кайгылуу тагдыры жөнүндө ачуу, бирок накта чындыгы бар «Бетме-бет» повестин жазды, андагы турмуштук коллизияга кийинчерээк орус жазуучусу А. Распутин «Эсен болуп эстей жүр» аттуу повестинде кайрадан кайрылды. Кийинки повестте романтикалык пафостун кыпындай да белгиси жок, андагы бардык деталдар, штирхтер накта реалдуу, катаал мүнөздө тартылат. Жадесе анда жаратылышты да, бак-даракты жазуучу түнөргөн, аза күткөн таризде сүрөттөйт, анда шуулдаган теректердин «ыры» угулбайт. Бардыгы сүрөттөлгөн окуяга жана предметке жараша болот: «Кичинекей станциянын күүгүм бүлбүлдөгөн жападан жалгыз фонарына шамал айдаган жалбыректар урунуп, жан-жанынан учуп өтүшөт да, караңгыда көздөн кайым болушат. Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Шамалга нарыдан-бери ийилип, шамдай тирелишкен, калың теректердин кылда учунан түп-тамырына чейин бүткөн бою дүрүлдөгөнсүп, алардын жогоруда деңиз сыяктуу чайпалып шуулдаганы, башка түшкөн алда кандай оор муңду бири-бирине жөлөнө калып, зарлап жаткандай өңдөнөт,— капчыгай бойлоп үрөгөн муздак шамал аларды бүгүн бир эле түндө жылаңачтамай болду». («Бетме-бет»).

Ал эми «Жамийла», «Бетме-бет» повестинен кийин жазылбадыбы. Махабат жөнүндөгү бул эң сонун, чындыгы күчтүү повесть романтикалык пафоско ширелген. Данияр өзүнүн өмүр, жашоо жөнүндөгү кайталангыс, түгөнбөс кумардуу ырын созолонтондо кыйырсыз мелтиреген даркан талаалар таанылгыстай керемет түскө келип, жанданып чыгат.

Жазуучу тестиер сүрөтчү Сейиттин балалык дүйнөсүн, фантазиясын, ой-кыялын жана сезим-туйгуларын романтикалык ажайып бир аваз менен сүрөттөп көрсөтөт. Дегеле Ч. Айтматов качан болбосун жашоонун ак жаркын, бийик, аруу жактарын эңсеген, кыялга бай өспүрүмдөрдүн образын түзүүдө ар качан каармандардын духуна айныбай бап келген бийик, романтикалуу сөздөрдү таба билет... «Ботогөз булак» повестинин каарманы Кемел да



кыялкеч, романтик, ошону үчүн аны кара мүртөз, ичине кара тануу айланбаган Абакир жекирип каарып «академик» деп чакырат. Ал турмуштун эң бир кыйналыш-кысталыш учурунда да өзүнүн аруу кыялдарынан да арылбайт, ар дайым жашоонун жаркын, таза жактарын күсөйт. Бул романтика, бирок реализм эмес, «Романтика менен романтизм — эки башка түшүнүк,— деп белгилейт СССР ИАсынын мүчө-корреспонденти, адабиятчы Д. Марков. — Романтика реализмдин өзгөчөлүгү, сапаты болоалышы мүмкүн. Романтизм болсо дүйнөнү көркөм кабылдоо болуп саналат, ал адамдын аңдап-билүүсүндөгү белгилүү бир өңүткө жана деңгээлге байланыштуу болгондуктан белгилүү бир көркөм методдун белгилеринен турат. Метод катары каралчу романтизмден биз турмуштан кол үзүп, кыял-тилектердин дүйнөсүнө кетүүнү көрөбүз».[1]

Айтматовдун романтикасында турмуштан алыстоонун кыпындай да белгиси жок, анын романтизми активдүү күч катары көрүнүп, турмуштун чындыгын ырастайт, турмуш, анын жаркындыгы жана салтанат жаңы үчүн күрөшөт. Бул сапат «Биринчи мугалим» повестиндеги Дүйшөндүн образында өзгөчө күчтүү, таасын көрүнөт. Чыгармада жазуучу романтикалык пафоско аң-сезимдүү түрдө ыкласын берип, теректерди көтөрүңкү, бийик маанайда сүрөттөйт: «Эмне үчүн экенин билбеймин; же балалык таасирдин күчүбү, же болбосо сүрөтчүлүк кесибиме байланыштуубу, айтор, станциядан түшүп, капчыгайдан чыгып, айылды көздөй бет алганда, тээ адырда баягы кош теректер турат болду бекен деп, чыдамсыздык менен ошол тарапты акмалап караймын... Эртерээк айылыма жетип барып, эртерээк дөбөгө чыгып барып, кош терекке ийилип салам берип, кулагымдын моокусу кангыча алардын күүлөнгөн үнүн уксам деп дайыма дегдеймин. Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети — анын бөтөнчө үндүү, тил бүткөндөй жандуу теректер. Түнү-күнү тынбай, качан болбосун жалбыректар дирилдеп, чайпалган чокулары айкалыша, теректер ар кандай үнгө салып шуулдайт. Бирде — жээкке урунган эрке толкундай угулар-угулбас шапшынып, бирде тым-тырс ойлоно калып, сагынычтуу санаага толгондой, алда эмнеге муңкана үшкүрүп, жулкунган шамал булут айдап, бутактарын кайрып тийгенде, теректер бой тиреше чыңалып, «бизди жыга албайсың» — дегендей, өжөрлөнө күүлөнү-

[1] Д. М. Марков. «Проблемы теории социалистического реализма», М., 1978, 149-бет.

шөт. Биз мындан мурдараак «Бетме-бет» повестинен келтирген үзүндүдөгү сурданган, реалисттик өнүттөн сүрөттөлгөн теректердин поэтикалык түр-түспөлүн «Биринчи мугалим» повестинде угар кулагы, көрөр көзү, ыман-жаны бар, романтикалык бийик маанайда тартылган мына ушул теректер менен салыштырып көрүнүзчү. Алардын асман жердей айырмасы бар. Теректерди жазуучу кырдаал жагдайга жараша ар башкача жайда көрүп, ар башка мүнөздө сүрөттөйт, демек баары ыңгай-шартка, окуяга ылайык болот. Айтматов өзүнүн чыгармачылык практикасында, адабий-эстетикалык ой-пикирлеринде сенименталдуу, декларативдүү, каймана романтизмге каршы чыгып, «турмушка идеалдуу көз менен караган» анын «кудуреттүү, идеалдуу каармандары» менен күрөшөт, бирок ал жаштыкты эрдикке, асыл ой-мүдөөгө шыкак берип, үндөгөн романтиканы жактайт. «Өспүрүм, жаш ректагы романтиканы мен табигый зарылдык катары эсептейм,— деп жооп кайтарат ал «Комсомольская правда» газетасынын «Алый парус» аттуу клубунун мүчөлөрүнө. — Балалык курактан өтүп, өнүгүүнүн активдүү фазасына кирген чакта жаш адамдын күч-жигери ташкындап, муштун ачыла элек жактарын өз көзүм менен көрүп билсем, жаратып-түзсөм деп күсөйм. Эгерде анын жан дүйнөсүндө тамызгысы, биз романтика деп атап отурган нерсе болсо, бул анын торолуп-телчигишине, өсүп-өнүгүшүнө, тактап айтканда, анын насилиндеги оң касиеттердин көктөп-көбөйүшүнө жардамдашат. Чыныгы романтика акниеттүүлүктү батылдыкты, туруктуулукту, майышпас эркттүүлүктү өөрчүтүп, көрүнүктүү, көрк-келбеттүү, куштаркунттуу болууга, мындан сырткары элдин урмат-ызатына татыбай, жек көрүүсүнө кабылган адам болбоого ынтызарланат. Бирок романтикага ашкере алагды болгон да жакшы эмес. Сезим ченеми болбогон жерде ар дайым девальвация, ар кандай көрүнүштөрдүн, анын ичинде руханий көрүнүштөрдүн да девальвациясы пайда болот».[1]

Мына ушул сөздөр менен Чыңгыз Айтматов өзүнүн романтикага карата мамилесин билдирген, ал мамиле анын Сейит, Дүйшөн, Кемел, өндүү өзүнүн нравалык-этикалык идеяларына теңириндей ишенип, аларды капшаб-кайгыга кабылганына да кайыл болуп, турмуштун эң бир кыйынкысталыш шарттарында жана кырдаалында өжөрлүк менен, чыдамкайлык менен жактап: коргоп калган адабий каармандарына да мүнөздүү. Данияр менен Жамийланын тагдырында чечүүчү момент келгенде патриархалдык-уруучулук маселелерге, үрп-адаттарга тике карап каршы чыккан Сейиттин жорук-жосунунан романтикалык жигердин күчү көрүнүп турган жокпу? Совет бийлигинин жаркын идеалдары үчүн жанын оозуна тиштеп, айрым бир учурларда фанатизмге чейин жеткен Дүйшөндүн тайманбаган күрөшү каарман романтиканын өзү эмеспи? Эрдиктин эңсеп, жашоонун бийик идеалдарына умтулган Кемелдин жаштык дем-дымагында, идеализминде, мөлтүрөгөн түнүк ой-тилектеринде романтиканын табы жок деп айтууга болобу?

Дегеле дээринен өткүр, жалындаган адамдар кийин эрезеге толуп, улгайган кезинде зирек ойлоп, зирек акыл жүгүрткөн барып турган реалист болгон күндө да эгер ал сүрөткер жан болсо, баары бир романтикасыз турмуш кечире албайт. Менин баамымда, Айтматов дал ушундай жалын-жигердүү натурадагы адамдарга кирет, анын эң эле бир катаал чындыктуу, а кээде трагедиялуу мүнөздөгү чыгармаларынан, атап айтканда «Ак кеме», «Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт» повесттеринен жана «Кылым карытар бир күн» романынан деле айрым учурларда романтиканын учкуну асмандан кулаган жылдыз сымал жылт этип капыстан көрүнө калат... Бул ээр-насилдин каснети...

Чыгармачылыгынын мүнөзү жана диагнозу жагынан Айтматовду «таза» балдар жазуучусуна кошуу кыйын. Ошентсе да балалыктын темасы анын чыгармачылыгында көрүнүктүү орунду ээлейт. «Жамийладагы» Сейиттин образы, балдардын ички жан дүйнөсүн, алардын сырткы дүйнө менен болгон кагылышуусун личность катары калыптануусун кең-кесири сүрөттөп, ачып берген «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт» повесттери буга күбө болот. Адатта, адабиятта эки түрдөгү балдар жазуучусу болот: биринчилери балдар жөнүндө балдарга арнап китеп жазышса, экинчилери балдар жөнүндө чоңдорго арнап китеп жазышат. Айтматов алардын экинчи тобуна кирет. «Балалыктын темасын козгогон өзүнүн повесттеринин турмуштун негизи жайында сөз козгоп, бир интервьюсунда Айтматовдун мындай деп айтканы бар: «Менин балалык кезим өзгөчө «Эрте жаздагы турналар повестин жазып жаткамымда көз алдыма тартылып, элестеп турду. Повесттин каармандары баштан кечирген окуялардын баары тигил же бул түрүндө мага, менин турмуштук тажрыйбама келип жалгашат. Ырас, «Эрте жаздагы турналарда» сүрөттөлгөн конкреттүү жаг-

[1] Ч. Айтматов. «В соавторстве...», 48-бет.

дайларга мунун тиешеси жок. Ал жагдайлар менде башкачараак болгон. Ошентсе да анда баян этилгендердин төркүн-жайы — менин балалыгымда. А түгүл керек десеңер, эгер жакшылап көңүл буруп карасак, **биз ар дайым балалыкты өзүбүз менен кошо ала жүрөбүз** (алдын сызган К. Б.). Ал келечектеги личностту калыптандырат. Адамдын бала-чакта таанып-түшүнгөндөрүнүн бардыгы, кан-жаны менен туюп, билгендеринин бардыгы, анын жанын ачытып, көңүлүн ооруткан бүткүл касирет-кайгысы, анын ачып-тапкан бүткүл жаңылык-жакшылыгы — булардын баары анда биротоло сакталып калат да, фантазияга, эскерип-эске түшүргөнү аздык болчу чөйрөгө айланат»[1].

Демейде чоңдор үчүн чыгарма жазчу Айтматов кийинки жылдарда балдардын, өспүрүмдөрдүн дүйнөсүнө көбүрөөк назар таштап калды? Бул кокустукпу же түшүндүрүүгө муктаж болгон ички зарылдыкпы? Бала чак жана өспүрүм кез — бул миң түрлөнүп кубулуп, миң түрлөнүп жагалданган жашоонун бардык жаркын жактарына кумар эңсөөсү канбай, элөөрүп өрөпкүгөн ажайып бир курак, мунун өзү бакубат романтизм, жазуучунун ыкласышкысын кылтактап, аны кайра-кайра кылчактаткан нерсе да дал ушунун өзү. Ал дал ушул куректан ууздай ак сезимдерди, кашкайган кирсиз дүйнөнү, ээ-жаа бербей ээликтирген учкул фантазияны, көкөлөгөн бийик ой-мүдөөлөрдү табат. Ушул жерде адамдын жана адамзат коомунун балалык чагы жөнүндө К. Маркс айткан акылман ойду эске түшүрүүнүн жүйөсү келип турат: «Мужчина не может снова превратиться в ребенка или он становится ребячливым. Но разве не радует его наивность ребенка и разве сам он не должен стремиться к тому, чтобы на высшей ступени воспроизводить свою истинную сущность. В разве детской натуре в каждую эпоху не оживает ее собственный характер в его безыскусственной правде? И почему детство человеческого общества там, где оно развилось всего прекраснее, не должно обладить для нас вечной прелестью как никогда не повторяющаяся ступень»[2]. Адам пендеси өзүнүн балалык дооруна эч качан иренжип же жек көрүп кардай албайт: анын балалыгы кыйын-кезеңдүү учурга туш келип, жыргал-куурары аз болуп, абдан мүшкүлдүү болгон күндө да, анте албайт. Өмүр жөнүндөгү Горькийдин учкул сөзүнөн перефразалап айткан да, «дал-дал сөгүлүп самсаалаган кийимге ороп койсо да

[1] Чыңгыз Айтматов. «В соавторстве...», 370-бет.

[2] К. Маркс и Ф. Энгельс. Об искусств. М., «Искусство», 1957, 1-том, 136-бет.



балалык ажайып көрүнөт»[1] деп айтууга болот. Балалыгы согуштун кендирди кескен кыйын-кысманттуу маалына туш келген Айтматов турмуштук тажрыйбага карк болуп, кудурет-күчкө толуп эр жеткен куректан туруп өмүрүнүн ошол өткөн ажайып мезгилине суктанып, ынтызарлана карайт, жана андан чыгармачылык шык, демөөр алат. Сейитти, Кемелдин, «Ак кемедеги» баланын, Султанмураттын, Кирисктин көкөлөгөн көңүл-чабыттарында, мөлтүрөгөн үмүт-тилектери менен максат-мураттарында, санаркоолорунда, күлкү-капасында Айтматовдун балалык чагындагы таасирдүү, көңүлдөн өчпөс картиналардын деми бар! Айтматовдун балдары адамгерчиликтин эң бийик сапаттарына ээ: жалтанбас, тоо булагындай тунук, таң жылдызындай таза, шамдагай, учкул, убада-сөзүнө, ишенич-ынанымына бек, кара мүртөздүктү, ымансыздыкты, эки жүздүүлүктү, чыккынчылыкты жек көрүшөт, жакшылыкты жанындай сүйүп, жамандыкка касындай каршы турат!

Султанмураттын ак жаркын кебетесине карап көрүңүздөрчү: согуштун каргашалуу жылдарында бир үйдүн бакандай азаматы, апасынын таяныч жөлөгү, инисинин арка тутар тиреги, атасынын үмүтү, колхоз председатели Тыналиевдин ишенимдүү жардамчысы, айпери Мырзагүл бийкечтин сыймыгы жана аздектеген арзуусу. Жазуучу так, кынтыксыз тартылган көркөм деталдар жана эпизоддор аркылуу өз каарманынын жан-дилиндеги романтикалык чабытты, тунук дүйнөнү, аныk жигиттин жигерин, тайманбастыгын, жүрөктүүлүгүн устакердик менен ачып берет. Кала берсе анын уйкуда жатып көргөн түшү да романтиканын ажайып бир шоокумга бөлөнгөн: «Уктап баратып ал (Султанмурат К. Б.) дагы бир жыргал сезимге каалгып учуп жөнөдү. Кантип учушту кайдан билиптир. Адам баласы басат, сууда сүзөт, керек болсо жүгүрө алат. Султанмурат болсо учуп баратты. Куштай болуп канат каккылабады. Кулачын жайып салып, салааларын гана кыбыратып, каалгып баратты. Бу жаркын нурга бөлөнгөн ээндикте ал өзү кайдан учуп келатканын, кайда учуп баратканын билбеди... Бул учуу жан-дилинин учушу эле, эр жетүүнүн учушу эле». Ал эми нивх баласы Кирискчи! Турмуштун опурталдуу жолуна бул жалганда өмүр сүрүү үчүн күрөшүүнүн жолуна биринчи мертебе чыгып жатса да, аны алдыда жазмыштын ар кандай бурум-буйткалары күтүп турганын эң жакшы билип турса да акпейилдүүлүгүнөн, кайратынан тайбайт. Ал жаалданган деңиз ме-

[1] М. Горький. 29-том, 13-бет.

нен жан аябай кармашып жүрүп, тирүүлүктөгү насип-шы-
багасын таап, күн көргөн балыкчынын анык уулу. Ал ошо-
ну менен бирге жер үстүндө турмуш кечирген пенделер-
дин таламын талашып, буркан-шаркан түшүп долуланган
Мухит менен тендешсиз кармашта турмуштун урмат-ура-
нын чакырган жердин да уулу. Жазуучу өз каармандынын
абалын сүрөттөгөндө эң бир зарыл, керектүү сөздөрдү та-
ба билет: «Баарынан да көзү жайнайт, тула боюн куба-
ныч менен мактаныч бийлеп алганын жашыра албаган
баланын бакыт чалкыган нурдуу көздөрү жалтылдайт.
Алдыда чоң деңиз, алдыда чоң уу жатканына кантип тол-
кунданбасын». Ал эми Орган абышканын образын автор
балага караганда тапкыр башка манерада сүрөттөйт: ал
оор турмуштун бедер-баркын, бу алгачкы жалгандын маа-
ни-маңызын жете түюнуп билген, өз өмүрүндө көрбөгөнү
калбай, баарына кексе болуп бүткөн, ошондон улам жа-
шоодон көңүлү суун бүткөнсүгөн, кем сөздүү адам. Аң
уулоонун эң бир татаал, жооптуу учурларында жазуучу
баланы бир саамга да көңүлдөн сыртқары калтырбайт,
дайыма көз алдына тутат. Мунусу тегин эмес, анткени
Айтматов бул повесттe баланын мүнөзү кандайча калып-
танып, тактшалып курчуганын изилдөөгө алат. Чоңдордон
калышпай деңиз жаныбарына аңчылыкка аттанып бара-
тып бала мына буларды кыялданат: «Алда чиркин минтип
Кириск чоң мергенчилер менен тең катар деңиз аңына
өңүп баратканын Айым-Балыктын эли көрсө кана! Апа-
сы көрсө кана, уулум келечекте чоң мергенчи болуп элин
багат экен деп сыймыктанып карап турбайт беле. Өзү ме-
нен бирге ойноп жүргөн Музлук кыз көрсө кана! Мындан
ары экөө ойнобой калды го. Анткени мындан ары Кириск-
тин аты бала эмес, мергенчи Кириск. Ала-Дөбөттүн боо-
рунан бери ушунчалык суу кечип келип, эми күркүрөгөн
толкуну жээгин соккулаган аралда, жанап аска, жанап
таштарды аралап, нерпанын жатагын өңүп баратканын
ал кыз көрсө кана!»

Тестиер бала кезибизде жүрөктү өрөпкүтүп, ээликтир-
ген салтанаттуу, мактанычтуу учурларда (күрөштөн же
бокстан жеңип чыгып, болбосо мектептин жалпы жыйынын-
да атынды атап эл көзүнө мактаганда) кимибиз купуя аз-
дектеп, арзын акмалаган беш көкүл аймончок кыз жөнүн-
дө ичибизден кымыйып кыялданган жокпуз да, аны ме-
нен бет келишип жолугууну кимибиз самаган жокпуз дей-
ёнз! Кирисктин көкөлөгөн кыял чабытын көркөм эмоцио-
налдуу тилде сүрөттөп Айтматов бизди ушундай кыялдан
ажайып чындыгына ынандырат.



Айтматов жан-дүйнөнүн романтикалык чабытын, аның
жаркын жактарын таба билет. «Ак кеме» повестиндеги
бала, анын учкул кыялы мунун далили. Жанында сүйүп
эркелетер же атасы, же апасы жок, жазмыштын алдын-
да ыңаалап жарык дүйнөгө келгенден башка жазыгы жок
туруп аянычтуу тагдырга туш келген бу ыманы ысык ба-
ланын көргөн-баккан бардык нерсеси эки жомок болгон:
анын бири жан билбеген өз жомогу, экинчиси таятасынан
уккан. Мына ушул жомок анын жан-дүйнөсүнө канат бү-
түрүп, көңүлүн куунак, бактылуу кылган. Ал өзүнүн уюз-
дай аппак, аруу кыялында жакшылык үчүн күрөшүп, Ор-
озкулдун орою суук тейпиндеги көрүнгөн жамандыкты жи-
ниндей жек көргөн. Бир ирет ал «бороон жиреп, ат арытып
жол жүрдү, жоо колунда калган чоролорун куткаруу-
га шашып чыккан баатырча жинденип катуу жүрдү. Бүт-
көн бойго күч толуп, ар-намыска белсенди. Кабагынан кар
жааган, сүрүнөн душман сүрдөгөн кой баатыр болуп ба-
ратты. Сейдакматтын үйүнө жеткиче жолду катар нечен
тоскоолду томкорун, бет келген жоону качырды. Ал ан-
сайын даңазасы асмандады. Тулпары бу тоодон тиги
тоого каргып, зулукору шилтеген сайын кырк кулач уза-
рып, касташканын камыштай кыйып, отто калгандарды,
сууга кеткендерди куткарды. Анан канатына кызыл же-
лек тагылган реактив самолетун оттой учуруп, алиги ка-
ра чачтуу, кара жалдуу желмогуздун артынан сая кууду».

Бул романтикалык мүнөздөгү бала эле, анын жан дүй-
нөсүндө ыймандуулук жана ак ниеттүүлүк деген эң бир
бийик, эң бир таза тилектер алысындан көбөйүп, тамыр-
лап көктөп турган. Ал жүзүкаралыкка, жексурлукка жа-
на таш боорлукка чыдай алчу эмес. Кастарлаган аялуу
асыл-үмүт тилектери быркырап талкаланганын көрүп,
анын жүрөгү жана ымыркай ыймаңы буга такаат бере ал-
бады, анан ал биротоло балыкка айланып сүзүп кетти.
Өзүнүн бул демейдегиден бөлөкчө жосуну аркылуу ал ба-
лалык түнүк жана куунак турмушуна көлөкө түшүргөн ка-
ра өзгөйлүккө каршылык билдирди. Моралдык жактан
жеңиш бала таранта калды.

Айтматовдун жаш каармандарынын романтикалуу дүй-
нөсү байманалуу көп кырдуу, учкул суктанарлык сулуу
жана жаш муундарды эрдикке, ак пейилдүүлүккө, ак ниет-
түүлүккө, бийик идеалдарга, турмуштун алыскы, сыр кат-
кан жээктерине үндөп чакырып турат, анткени Айтматов
«адамдагы балалык абийир, дандагы түйүлдүк сыцары.
Түйүлдүгү жок дан өспөйт» — деп эсептейт.

Бир ирет Чыңгыз Айтматов мен окуп жүргөн акаде-

мияга окурмандардын конференциясына келди. Узун коридордо аркы-беркиден кеп салып, басып жүрдүк. Бир оокумда ал маанайы суз тартып, улутунуп алды да, мындай деди:

— Мен жети жашар бала элем. Атам ал кезде ушул академияда окучу, анда муну кызыл профессура деп коюшчу. Мобул коридорлор эсимден чыга элек. Атам менин колуман жетелеп жүрчү...

Анан бир топко чейин ортодо оор тымтырстык өкүм сүрдү. Аны мен буздум. Көп ирет санаага салып, мазамды ала берген кыйын-кычыктуу суроомду айттым:

— Чыңгыз, сенин атаңа ак жерден күнөө коюп, каралагандар кимдер экенин аныктай алдыңбы? Алар азыр тирүү дешет го?

Айтматов кыйлага чейин тунжурап унчукпай калды да, анан мындай деди:

— Илгери жаш кезимде, мектепте, кийин институтта окуп жүргөнүмдө бул ой менин эс-көөнүмөн кетпей жүрдү. Бул менин жанымды жай таптырбаган тилегим эле: ич күйдүлүктөн, кара ниеттиктен атамды жаманатты кылышкан адамдардан өч алсам деп жүрчүмүн. Алар мага биздин элдик эпостордогу терс каармандардай кебетекешпирдеги заардуу, зулум адамдардай сезиле турган. Кийин алардын айрымдарын көрүп билдим. Кадыресе эле адамдардай немелер экен, ал турсун акыл-эстүү, келбеттүү келишкен, сымбаттуу адамдар экен. Көрсө турмуш дегениң эпостогудан кыйла татаал келет тура. Бир кезде атама күнөө коюп асылган ушул адамдардын өздөрү ошол маалдагы кайгылуу, трагедиялуу кырдаалдын марионеткалары болушканына, көп учурларда алар өздөрү ошондогу шарттын курмандыгы болушканына көзүм жетти. Турмуш жана жагдай биз кай жерде божомолдогондон таалыраак болот тура...

* * *

Турмушту, анын бардык көрүнүштөрү менен төгүп-чачпай сүрөттөп көрсөтүүгө ийкемдүү, көркөм формалары бай чыгармачыл метод катары реализм Айтматовдун адабий-эстетикалык көз караштарында эң негизги орунду ээлейт. Турмуш, дүйнө, адам тагдыры, адабий жана анын азыркы коомдогу орду, совет адабиятынын гуманисттик мураты жөнүндөгү оригиналдуу ойлорго жык толгон мазмуну бай «Жер, суу менен авторлошуп» («Всоавторстве с землею и



водою...», Фрунзе, 1978) аттуу китепти көңүл коюп окуп чыгып, буга ынанса болот. Ушул китепке кирген бир катары макалаларында, сөздөрүндө жана маектешүүлөрүндө автор чыгармачыл метод катары реализмге кайра-кайра кайрылып, аны турмушту көркөм чагылдыруунун жападан-жалгыз келечектүү, универсалдуу эстетикалык инструменти катары ынтызарлык менен жактайт. Айтматов адам насилинин бардык ой-кырларына чабыты жете ала турган, турмушту жасалма романтизмден оолак тутуп, анын бардык татаалдыгы, карама-каршылыктары менен сүрөттөй ала турган, жашоо-тиричиликтеги мүнөздүү, келечектүү жана перспективалуу элементтер менен өнүмдөрдү түйүлдүк маалында эле таанып-билгенге чама-чарпы бар реализмди жактап, күрөшөт. «Мен ойлойм,— деп айтат ал өзүнүн бир макаласында,— реализм, тагыраак айтканда адабияттагы реализмди түшүнүүнүн деңгээли дүйнөлүк көркөм адабияттын эң башкы проблемаларынын бири болгон жана болуп жатат. Мен эмнени айтмакчымын?

Реализм башка методдор менен өз ара татаал карымкатнашта жашап, өнүгөт. Ошондуктан мени азыр реализм менен романтизмдин өз ара бап келиши жөнүндөгү маселе көбүрөөк кызыктырат. Эмне үчүн? Адабияттагы реализм анын жетилгендигин билдирет. Турмушту толук өлчөмдө чагылтып көрсөтүүдө сүрөткердин колун тушаган фотографиялык реализм да, адабиятты жердик тиричиликтен оолактаткан кайнама романтизм да бирдей инфальтивдүү. Реализм методу сүрөткерге тенденцияны ал көрүнүш болуп калганга чейин эле туюп билүүгө жана ал боюнча өзүнүн көз карашын билдирүүгө мүмкүндүк берет. Сүрөткер-реалист турмуштун бир да жагын көз жаздымына калтырып кое албайт, бул турмуштун чындыгын, оң жана терс көрүнүш болобу, аны каалайбы же жокпу, буга карабай туура сүрөттөп көрсөтүүнүн маанисине карама-каршы келет. Турмушту бардык кырынан толук өлчөмдө көрө албаса, бул сүрөткердин кемчилиги, ан-сезимдүү түрдө өзүнүн дүйнө таанымын тарытуу — бул аны кандай гана максаттан улам жасабасын — сүрөткердин күнөөсү»[1]

Адамдын жан-дүйнөсүн жакырдантып, аны чабыттатып көкөлөтө албаган өлөсөлүү, натуралисттик реализмге Айтматов өзүнүн чыгармачыл практикасында, эстетикалык көз караштарында ачыктан-ачык каршы туруп келатат. Турмушту кеңири, үргүлжү түрдө көрүүгө чакыр-

[1] Ч. Айтматов. «В соавторстве...», 160—161-беттер.

ганда ал, арийне, натурализмге жан тартып турган жери жок, жазуучуга натурализмдин табияты таптакыр туура келбейт. Сүрөткер-реалист катары Ч. Айтматов «адамдын жашоо тиричилигинде көркөм адабияттын предмети болоалбай турган жана болууга тийиш эмес жактары бар» деп эсептейт жана аны «мисалы, Батыштагы айрым жазуучулардын жашоонун эстетикалык жактан териштирүүгө, көркөм изилдөөгө жатпаган чөйрөлөрүнө жутунун кирип жатышканы шектендирет, ал турсун кооптондурат»[1]. Жазуучу экинчи бир маегинде реализм жөнүндөгү өзүнүн концепциясын тереңдетип жана кеңейтип, адамды күнүмдүк арыбас абыгерчиликтин ичинде «тушап» койгон утилитардуу, мажес (бытовой) реализмге кескин каршы чыгат[2]. Ал мындай реализмди какшыктап репортердук реализм деп атайт. Реализмдин табияты, маани-маңызы жайында ой жүгүртүп, Айтматов абдан терең, кызыктуу пикирлерди айтат, мисалы, ал реализм улуттук кыртыш, улуттук жашоо менен чырмалышып байланышкан, алар менен тамырлаш, ал эми модернизм мындай сапатка ээ эмес, анткени ал турмуштан оолак турат.[3] Реализм Айтматовго башка чыгармачыл методдорго караганда чоң артыкчылыктарга жана кеңири мейкиндиктерге ээ экендиги менен жагат, башка методдор сүрөткерге оголе көп шарттарды коюп, аны менен келишим түзөт, башкача айтканда, сүрөткердин потенциалдуу эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн тушап салат, реализм болсо ар дайым жана ар кандай учурда **келишимден** сырткары турат. Айтматовдун бул афористикалуу оюн анын чыгармачыл практикасына таянып, реализм өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде гана шарттуулук мүнөзгө ээ, реализмдин сүрөткер-реалист аттап өтүп кетүүгө болбой турган белгилүү жээктери бар деген таризде түшүнүү керек. «Реализм — бул ар кандай искусствонун алтын таажысы»,[4] — Айтматовдун образдуу аныктамасы ушундай.

Сырткы дүйнөнү бардык кубулуш-көрүнүштөрү менен үргүлжү, төрт тарабынан тең көрүп, аны терең жана ар жактуу чагылтып көрсөтүүгө мүмкүндүк берген чыгармачыл метод катары реализм жөнүндөгү Айтматовдун концепциясынан гуманизм, оң каарман жана көркөм адабияттагы личност сыяктуу нравалык-эстетикалык үч категория келип чыгат. «...Нукура реализмдин шартында адамдан

[1] Ч. Айтматов. «В соавторстве...», 367-бет.
[2] Ошол эле жерде, 280—290-беттер.
[3] Ошол эле жерде, 337-бет.
[4] Ч. Айтматов. «В соавторстве...»



адамды табуу» деген Достоевскийдин белгилүү жобосуна таянып, Айтматов реализм жөнүндөгү өзүнүн көңүлдө бакан оюн өнүктүрөт: «... адамдан адамды ачуу — бул ырасында эле реализмдин эң башкы шарты менен мазмуну болот. Бул максат эч качан күн тартибинен түшмөкчү эмес, реализм да эч качан түгөнүп бүтпөйт, анткени эрдикке, чыгармачылыкка шыкак берип, дүйнөнү өзгөртүп жана аны менен бирге өзгөрүп өсүп турган адамдын өзү түгөнүп бүтпөйт».[1]

Айтматов орус адабиятындагы жана дүйнөлүк адабияттагы эң улуу жазуучулардын адабий мурастарын кастарлап үйрөнүп, аларга «күнгө» кайрылгандай мамиле жасап, алардын көркөм тажрыйбасына жана өзүнүн чыгармачылык практикасына таянып реализм жөнүндө ой толгойт. Улуу жазуучулардын «күнү» — ал гуманизм, анын жарык шооласы кыргыз жазуучусунун чыгармаларында да көз уялтып жаркырап көрүнүп, адамдын кадыр-баркын жана жан дүйнөсүн, анын учкул ойлорун, адамзат алдындагы граждандык сезимин жана жоопкерчилигин чоң көркөм күч менен, ишеним менен аруулантып турат. Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында активдүү, реалдуу гуманизмдин талапкери болуп келатат, мунун артында болсо адамдын бактаалайы, кадыр-баркы үчүн жүргүзүлгөн конкреттүү иш жана күрөш жатат. Басса-турса эле жалпы адамзатка айланып-үргүлүп, аны жалындап сүйө тургандыгын айтып какшаган акындарды келекелеп, балкар акыны Кайсын Кулиев кайсы бир ырында: жалпы адамзатка айланып-үргүлүшүң мүмкүн, бирок кошунаңды сүйүп көрчү деп таамай айткан кеби бар. Айтматовдун каармандары болсо адамдын бак-таалайы жана кадыр-баркы үчүн жан дили менен берилип, жалындап күйүп, өздөрүн тобокелге салып, ар кандай мүшкүл иштерге, кыйын-кыстоолорго кайыл болуп күрөшкөндүгү аркылуу айырмаланышат. Жамийла менен Даниярдын ашыктык ымаласын, алардын алыска аттаныш кетишкенин жашырып айтпай, Сейит өзүнүн үйбүлөсүндөгүлөргө, жакын-жамааттарына карата жакшылык иш жасап жатпагандыгын эң сонун билген, мунусу үчүн ал чындыгында эле жеңил-желпи акаарат укkан жок, бирок баары бир ишеничинен кайтпады: «...мейли, мен биздин үй-бүлө, биздин уруу үчүн «бузуку» болоюн, бирок адамдык чоң чындыкка мен кыянаттык кылган жокмун, турмуштун чоң чындыгына мен акыр-аягына чейин адилеттүү болгом».

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китеп.

Чындык-акыйкат үчүн, турмуштук туура ишеним үчүн күрөшүү Айтматовдун бардык чыгармаларынын лейтмотивин түзөт. Өзүнүн бүткүл кумар-жалынын, жаштыгын, акыл-эсин адамдардын бак-таалайына багыштап, Алтынайдын — келечектеги академик аялдын зоболосу үчүн аркүйөөсүнө баш ийип, аны сүйө билген, бирок керек болгон наган революциянын рыцары Дүйшөн: өзүнүн дезертир учурда чындыкка тике карап, кайратына келе алган Сейде: өзгөлөр үчүн жакшылык жасоону адамдын ыйык милдети деп түшүнгөн алпейимдүү, жоомарт пейил Толгонай, алардын уулдары дал ушундай бийик сапаттары менен айырмаланышат. «...Дегеле гуманизм дегеннибиз — бул бийик идеяларды, бийик сөздөрдү жөн салды эле кайталап, айта берүү эмес. Окурман бүт бойдон ушундай сезимдердин туткунуна калып, ал дагы мыкты, дагы бийик жана адамгерчиликтүү болсун үчүн адамдарды жан-дилиң менен, ыклас-ынтааң менен түшүнө билгениң, алар үчүн сүйүнө да, күйүнө да билгениң, жамандыкты жиниңдей жек көрүп, жакшылыкты жаныңдай жакшы көрө билгениң абзел... Гуманизм адамдын табигый, ажыралгыс касиети, анын өмүр бою коштоп жүрөр дил шериги, эмгек сыяктуу табигый жана кадыресе керектөөсү болууга тийиш».[1]

Айтматовдун чыгармаларындагы гуманисттик пафос — бул адамдын тагдыры үчүн толгонуп, аялдардын, энелердин, ымыркай пенделердин, жазыксыз жандардын көз-жашын төктүргөн адилетсиздик, ырайымсыздык, кайдыгерлик үчүн жаны күйүп жапакечтенген автордун өзүнө инсандык бийик сапаттардын жарык шооласы. Бул жазуучунун «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт» повесттеринде, өзгөчө «Кылым карытар бир күн» романында чар тарабынан кеңейип, өзүнө дүрбөлөң-кооганы кайгы-касыретти, санааркоону, айрым учурларда трагедиялуу абразды камтып турат. Кыскасы, романда жазуучунун чыгармачылык дидаары эстетикалык жаңыча бир жарыктын алдында нурданып турат.

Реализм менен гуманизм адабиятта түгөйлөш келет, алар өз ара бири-бирин толуктап, байытып, турмушту эстетикалык жактан өздөштүрүүнүн жаңы жээктерине жол алат. Айтматовдун чыгармачылыгында гуманизмдин тереңдеши — бул реализмдин тереңдеши болгон. Бул болсо жазуучуга турмушту терең изилдөөгө, адам психологиясындагы эң эле бир назик, үлбүрөгөн кыймылдарды кылдат туюна билүүгө, адамдын ажайып, татаал жана карама-каршылыктуу жан-дүйнөсүнө үңүлүп кирип, аны ийне-жибине чейин иликтеп, көркөм ойдун элегинен өткөрүүгө мүмкүндүк берди.

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 87-бет.



Жетимишинчи жылдардын ичинде Айтматовдун чыгармаларынан көрүнгөн жазуучунун эстетикалык кредосу «Фудзиямадагы кадыр түн» пьесасындагы Сабыр акындын ырында жакшы айтылган.

«Эзелтен чечилбеген улуу талаш»
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо куса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш. —
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да
Душманды кырып-жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген ушул, талаш, —
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан келет качан коет, —
Канткенде адам уулу адам болот?

Адамдын нарк-насили жөнүндөгү мына ушул түгөнбөс талашты — тагдырдын ар кандай кыйын кезеңдеринде жана ой-кырларында адамдык жүйөнү сактап, адам бойдон калууну сүрөткер катары «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлоп жорткон Ала-дөбөт» повесттеринде, «Кылым карытар бир күн» романында негиздеген. Анын анча чоң эмес «Уул менен учурашуу» деген (1972) аңгемеси бар, жазуучу анда карачечекей жалгыз уулу казатта каза тапкан Чордон карыянын өзөк-жүлүндү өрттөгөн армандуу сагынычын сүрөттөйт. Жашы улгайып бараткан карыя акыркы аргасы кеткенде согушка чейин уулу мугалим болуп иштеген жерге бармакчы болуп, аттанып чыгат. Жолду ката уулун казатка кандайча атказганын эстеп, ичи эңшерилет. Майданга узап баратканы, уулун өөп-жыттап, коштошуп жатып карыя аталык насаатын айтат: «Адам бол, каралдым! Кайда гана жүрбөгүн, кандай гана күнгө калбагын, адамдыгыңды унутпа! Ар дайым адам бойдон кал!» Бир караганда карыянын бул жоругу акылга сыйбас иштей көрүнөт: уулун ажал арбап, кан төгүлгөн казатка узатып жатат да, өзүңдү сакта, аман кел дештин ордуна, «адамдыгыңды унутпа, кайда болсоң да адам бол» деп насаат үйрөтүп жатат. Жазуучу маселеге атайлап көңүл токтотот да, адамдык кебете-кешпирден жадагалса согуш маалында ажырабоо керектигин баса белгилейт. Адам болуу деген — душманга кайрымдуу бол, аны ая дегендик эмес. Жок,

албетте, согуш деген согуш да. Душманды сен зыман кылбасан, ал сени зыман кылат. Согуштун айнымас закону ушундай. Бирок иштин нравалык жагы бир эмеспи. Чыныгы жоокер эч-качан кадыр-баркын, граждандык парз-милдетин унутуп, тайманбастыгын, жоро-жолдоштурун жолго таштабас жапакечтигинен тайбайт, бирок фашисттик желдеттердей басып алган аймактарда айыпсыз жаш балдарды, аялдарды, кары-картаңдарды өлтүрүп, миллиондогон адамдарды газ камераларында тумчуктуруп, массалык түрдө кырып-жоюп, мыкаачы айбандын кейпин кийбөөгө тийиш. Жазуучу согушта адам бол жана адам бойдон кал деген түшүнүккө дал ушундай гуманизмдин терең маанисин катып, айтып жатат.

Адабиятта чыныгы гуманизм менен бирге арампөш гуманизм да жашайт. Гуманизм дегенди кызыл-тазыл кылып, көкөлөтө көтөргөн чыгармалар болот: алардын каарманы кайрымдуулук, таалимдүүлүк, адамгерчилик, алпейимдүүлүк, эрдик жөнүндө узун-сабак санаттарды айтып, сөз жүзүндө жалпы жамааттын таламдары үчүн жанын тобокелге салганга даяр турат. Бирок андай чырыктар менен декларацияларга эмне үчүндүр окурман же көрүүчү катары ичинден ишене бербейсиң, себеби мунун баары жасалма, арампөш гуманизм экенин жакшы билесиң. Арампөш гуманизм, «ай сыяктуу же жылытып же үшутпөйт». Ал эми чагыз гуманизмге ширеленген адабий чыгармалардан ар дайым жакшылыктын, сүйүүнүн, назиктиктин жылуу илеби уруп, адамдардын тагдыры, дегеле бу дүйнөнүн жакшылык-асылдыгы жөнүндө чебелеснип кам көргөн автордун көңүл санаркоосу менен убайым түйшүгү көрүнүп турат. Андай чыгармадагы каармандар деле кай бир кездерде бийик материя жөнүндө сүйлөшөт, бирок анысы ыр сыяктуу угулуп, ал жүрөктөн канап чыккан сөз экенине айнымай ишенесиң: башкача бир учурларда унчукпай эле майда жана чоң иштерди жасашат, керек боло калганда эң бир кыйын-кыстаалыштуу моментте ызы-чуусуз, көкүрөк койгулап көтөрүлбөй эле зор иштин үндөөсү чыгып, кереметтерди жаратып салат, өздөрү көзү жетип ынанган иштин акыйкаттыгы үчүн укмуштай өжөрлүктү, бекемдикти көрсөтүшөт. Адабияттагы аныктуу гуманизм дегендин өзү ушу болот. Мунун сыры эмнеде? Анын сыры мында: биринчи учурда автор каарманынын кайсы максат үчүн күрөшүп, кандай иштин урматына азап тартып кыйналат да кандай ишке ичи ачыгын өрттөнөт, ага караманча кайдыгер карайт: экинчи убада болсо автор каарманын ар бир сөзү жана жорук-жосуну үчүн жан



күйгүзүп, күйгүлүккө түшөт. Жан күйгүзгөн мындай күйгүлтүксүз искусстводо жарытып бирдеме жаратуу кыйын. Ошондон улам Лев Толстой: «Көркөм чыгарма сүйүүнүн жемиши»[1] деп айткан да. Улуу сүрөткер өзүнүн бул оюн кийинчерээк Н. Строховго жазган катында өнүктүрүп, мындай деген: ...Сиз айтасыз, Достоевский өзүнүн каармандарында өзү жазган, элдин баарын ушундайча ойлогон деп. Эмне экен! Жыйынтык бирөө эле да. Мына ушул бөтөнчөлөнгөн кейипкерден биз, ага жакындыгы бар адамдар гана эмес, ошондой эле чет элдиктер да өздөрүн, өздөрүнүн жан-дүйнөсүн көрүп турушат. Канчалык терең кеткен сайын биздин баарыбызга жалпы, тааныш жана жакын нерселер ошончолук көбөйөт. Көркөм чыгармаларда гана эмес, ошондой эле илимий философиялык чыгармаларда деле, мейли Кант болсун, мейли Скиноза болсун, канчалык объективдүү болууга аракеттенбесин, сиз да мен да болгону жазып жаткан адамдын гана жан дүйнөсүн, акыл-эсин, мүнөзүн көрө алабыз».[2]

Айтматовдун жан-дүйнөсү — анын ааламга болгон сүйүүсү, алар үчүн санааркап толгонууну, жакшылык жөнүндөгү ой-мүдөөсү, жамандыкты жек көрүп жеригени, адамдын кем-өксүгү жайында баш катырып ойлогону автордун «Гүлсарат», «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттеринде, «Кылым карытар бир күн» романында айрыкча кашкайып ачык чагылып көрүнгөн. Айтматовдун каармандары: Танабай, Бала, Султанмурат, Кириск, Орган, Едигей, Казангап,— кадыресе эле жөнөкөй, эмгекчил, коомдун материалдык байлыктарын жаратып түзгөн мээнеткеч адамдар, бирок алар учкул канат ою бар, жакшылык менен жамандык жөнүндө акыл жүгүртүп, санаа тарткан, бирде жеңилип, бирде жеңип, өздөрү көзү жетип ынанган иштин акыйкаттыгы үчүн активдүү күрөшкөн адамдар, алардын баарын өз ара жакындаштырып, бириктирип турган бир жалпылык бар: алар арампөштүккө, жексурлукка, акыйкатсыздыкка кайнаса каны кошулбас, андай көрүнүштөр менен эгерим элдеше албаган адамдар. Мына ушунун өзү бийик, активдүү гуманизм дегенди билдирет. Мал болсо да тагдырлаштай, жакынындай сезилген Гүлсаратты зордуктап тартып алып, кожоюну сыяктуу көшөрүп баш ийбегендиги үчүн аны кыйын мүшкүлгө туш кылган амири күчтүү председатель Алдановго каршы Танабай тартынбай күрөшкө чыгат,

[1] Л. Н. Толстой. «О литературе», 151-бет.
[2] Л. Н. Толстой. «О литературе», 164-бет.

аныk атка минердин бири, «булгаары тончон манап» бюрократ Сегизбаев аны омуроолоп, демитип киргенде аның да катыгын колуна берип жолуна салат. Өмүрүнүн эң кыйын күндөрүндө да өзүнүн турмуштук принциптеринен баш тартпайт. «Ак кеме» повестиндеги бала бу дүйнөнүн бардык жакшылыгын сакадай боюна уютуп, кыялданганы, жомок укканды жанындай жакшы көргөн ушул нәристе бала өз кыялында түзүп жараткан жаркын дүйнөсүнө карөзгөй адамдар кыянаттык менен бүлгүн салып бүлүндүргөндө «балык болуп сүзүп кетүүдөн» — ажалга баш байлагандан кайра тартпады.

Бул повестке асылып, айып таккандар андан кур бекер эле пессимизмдин, алсыздыктын мотивин издешкен. Эгерде Бала Орозкулдун зөөкүрдүгүнө чоң атасы Момун чалдай баш ийип, моюн сунуп бергенде анда, албетте алсыздык кылган болор эле. Айтматов повесттин соңунда Баланын өлүмүнө карата өзүнүн автордук акыйкат мамилесин мындайча билдирген: «Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады, балык болуп сүзүп кеткенинден мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатарым ушул».

Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында жексурлукка, ыймансыздыкка, кайдыгерликке каршы, адамдын кадыр-баркы, бак-таалайы жана шайкеш өнүгүшү үчүн, совет элинин жалпы жыргал-куурал чылыгы жана гүлдөп өсүшү үчүн активдүү күрөшкөн социалисттик гуманизмдин принциптерин ырастап жазган. Анын «Бетме-бет» повестинен тартып «Кылым карытар бир күн» романына чейинки чыгармаларынын баары ушундай пафоско каныккан. Бирок мындан Айтматов жалпы адамзаттагы проблемалардан оолак турат деген тыянак чыкпоого тийиш. Жазуучунун чыгармачылыгындагы гуманисттик тенденция акыркы кездерде кулачын кең жайып, мейкиндиктерин кеңейтүүдө, жаңы чыгармаларында жалпы адамзаттык мотив күч алып, дүйнөнүн жана адамзаттын тагдыры үчүн тынчсызданып, убайым чегүүнүн ноталары улам таасын угулуп жатат. Атом жана ядро доорунда, космосту өздөштүрүүдө кулак угуп, көз көрбөгөндөй ийгиликке жеткен азыркы шарттарда тынчтык жана согуш проблемасы абдан курч коюлуп, ашынган реакционерлер менен Батыштагы милитаристтер өздөрүнүн тар, өзүмчүл таламдары үчүн дүйнөнү тунгуюкка түртүп, дүйнөлүк жаңжалдын өртүн чыгарууга жутунуп олтурганда жер бетиндеги жашоонун



тагдыры планетадагы маданий ишмерлердин көңүлүнөн сырткары калууга тийиш эмес. Айтматов бул жөнүндө дүйнөлүк форумдарда сүйлөгөн сөздөрүндө такай эске салып, тынчтыкты алааматтан сактап калуу үчүн, жер үстүндөгү жашоону сактап калуу үчүн ак ниеттүү адамдарды биргелешип күрөшүүгө чакырып, тарыхтын кыйынкысталыштуу учурларында жана коркунучтуу бурулуштарында идеологиялык айырмачылыктардан өйдө туруп, бардык күч-аракет менен планетардык ойдун деңгээлинде болууга үндөйт. Жазуучу жалпыга угуза мындай дейт: «...жаңы тарыхый тилке башталды. Ага карай алгачкы кадам жасалып отурат: мамлекеттин, социалдык, улуттук бардык проблемаларды аттап өтүп, биз жаңы адамзаттык проблемаларга жалпы жол табууга аракеттенип жатабыз. Мисалы, согуш жана тынчтык проблемасына. Анткени коркунуч азыр бир мамлекет экинчи мамлекетке басып кириши мүмкүн деген мааниде гана болуп отурган жок, анын балким алда канча кеңири себеби бардыр: эгер бир нече адам деңизде калып, алардын ар бири өз устунуна жабышып сүзө турган болсо, алардын апат болору аныk. Аларга бири-бирине жакындап келип, устундарын бириктирип сал жасоо зарыл. Ошондо алардын аман каларына кепилдик көп болот. А кокус алар бири-биринин устундарын урата баштаса, алардын аман каларына кепилдик ошончолук аз болот»[1] Айтматов мына ушул сабырсызданган оюн беш жыл өткөндөн кийин өзүнүн «Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону» аттуу макаласында андан бетер тереңдетип курчутат. «Балким биз чексиз Ааламдын койнундагы акыл-эстүү жападан жалгыз коомдурбуз. Кантип эле анан жарыкчылык менен жакшылыктын ушул куттуу очогунун алоосу өчүп калат? Кантип эле биз жанкечтилик кылып, муну өз ыктыяр эркибиз менен жасоого батына алабыз? Адамзат эчен миндеген жылдар бою кара жанын карч уруп мээнет тартып жасап түзгөн цивилизациянын планктондуу катмары жалпы аалам масштабында дээрлик көзгө илинбеген үлбүрөк, назик экендигин акыры ойлоп, түшүнүшүбүз керек го! Дал ошону үчүн ал бизге өзгөчө аялуу, өзгөчө кастарлап күтө турган кымбат нерсе эмеспи?[2]. Бул тек гана коогалуу ой эмес, андан чоң нерсе. Бул адамзаттын башына түшүп турган алааматтуу коркунучту жүрөгү менен сезип-туйган сүрөткердин жандүйнөсүндөгү аянычтуу жаңырык. Адамзаттын тагдыры

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 331-бет.
[2] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 326-бет.

үчүн жан ачытып чеккен жапасын жазуучу» «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1975) повесть-уламышында жана терең философиялуу «Кылым карытар бир күн» романында көркөм ыкмада билдирди, жазуучу бай акыл кадамдын арты кандай алаамат күн менен бүтөөрүн, адамзаттын эсине салууну, азыркы замандын ашкере коопсуу, глобалдык маселелерин чечүүнүн айла амалын, жолун талыкпай издөөгө адамдарды үндөөнү бул чыгармалардын эң башкы мазмунуна айкалыштырат. Неге дегенде азыр биз баарыбыз бир кайыкта көк мухиттин буркан-шаркан түшкөн толкундары менен термелип кетип барабыз, эгер биз эң башкы маселеде — аман калуу маселесинде ынтымак-ыркка келбесек, Крыловдун белгилүү тамсилиндей көзгө басар жалгыз кайыгыбызды ыркыран-чыркыран ар кимибиз ар кайсы тарапты көздөй тартa берсек ойронуз чыгары анык: көк мухиттин албуут толкуну кайыгыбызды камгактай тоголотуп көмкөрүп салат да, өзүбүздү ажыдаардай оп тартып жутуп алат. Бизде мындан башка альтернатива жок.

Айтматовдун бул чыгармаларынын гуманисттик терең пафосу мына ушунда турат!

Айтматов 1976-жылы кайсы бир кабарчыга: эгер коркус «Жамийла» же «Ботогөз булак» повесттерин азыр жазган болсом, баарын алда канча татаал кылып көрсөтөөр элем»[1] — деп моюнга алганы бар. Ырийне, зор көркөм тажрыйбага канығып, турмуштун ачуу-таттуусун көрүп, эчен электен өтүп, көз карашы жетилип бүткөн жазуучу аталган повесттерде коюлган маселелерди башкача өңүттөн көрүп, каармандардын жорук-жосунун түшүндүрүүдө башкача жүйөгө таянмак, бирок алда канча бул повесттер башка чыгарма болмок да, окурмандардын тап-такыр башка реакциясын, башка ассоциациясын жаратмак... Анткени кандай гана көркөм чыгарма болбосун, ал автордун ошол мезгилдеги, ошол чыгармаларды жазып жаткан маалдагы жан-дүйнөсүнүн күзгүсү болуп саналат. Албетте, Толстой «Иван Ильичтин өлүмүн» 70-жылдары башкача жазмак да, «Казактар» өткөн кылымдын соңунда жазылган болсо, башкача чыкмак. Көп нерсе жазуучунун жан-дүйнөсүндөгү абалга жараша болот. Жазуучунун жан-дүйнөсү ошондуктан анын бардык чыгармаларында кашкайып көзгө түшүп көрүнүп турат, алардан автордун көңүл-маанайы сезилип турат. Залкар жазуучулар чыгармаларында өздөрүнүн жан-дүйнөсүндөгү кыймыл-

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 326-бет.



дын тарыхын жазышат. Ушул көз караштан алганда Айтматовдун чыгармачылыгындагы трагедиялуу нотанын проблемасына байкоо салып көргөн кызыктуу. Эмне үчүн «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт» повесттеринде, «Кылым карытар бир күн» романында трагедиялуу мотив күчтүү? Кейпи, жазуучунун көз караштарында, жан дүйнөсүндө, демек анын дүйнөнү көркөм аңдап-таануусунда турмушка, адамдарга, курчап турган дүйнөгө, жаратылышка карата кескин бурулуштар болуп өткөндүр, ошондон улам жазуучунун жан-дүйнөсүндө трагедиялуу күү-кайрык коңгуроодой жаңырыктап жаткандыр. Сүйүктүү жоргосу Гүлсарынын башын жөлөп, аны менен коштошуп жатып, өзүнүн өткөндөгү ары айдың тунук, ары оор жылдарын эске түшүрүп тунжураган Танабайдын ачуу ойлорунан да ушул күү-кайрык угулат: алды кызык, арты кыйын армандуу өмүр мунарыктап алыста калды. Жарык дүйнө алдында жакшылык күсөп, кыялы удургуп алда кайда алып учуп, жашоонун аруу асыл жактарын жалаң жомоктон издеп, баккан-көргөнү ошол болуп, бу капилет дүйнөнүн уюткусу кебетеленип, бир бала жашады. Ал алыскы картондо, турмуштун шакардай кайнаган казанынан окчун түтүн булаткан үй-бүлөнүн ортосунда, таалайы тайкы таятасы Момундун колунда, анын тажаал кемпирине, жексур Орозкулга аралашып жашады: өңүндө да, түшүндө да бала атасы менен апасына жолуксам деп самайт, аларды күн сайын күтүп, күнүгө жол карайт. Бирок баары кур бекер... Мындай жазмыш кимдин сай-сөөгүн сыздатпайт да, мындай жазмыш кимге трагедия эмес?.. «Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт» повестиндеги аңчылардын айласы түгөнгөн абалы, Кирискти куткарып калуу үчүн жана ал аталардын ишин улантсын үчүн алардын өзыктыяры менен, кыңк этпей ажалга моюн сунуп, көк мухиттин көңтөрүлүп долуланган толкунуна чөгүп кетиши — оптимисттик трагедия эмес бекен? Муюбас мүнөзү бар, өзүнүн кыйын-кысталыш кор өмүрүндө согушту да, андан кийинки дүрбөлөңдүү, коогалуу кезеңдерди да баштан кечирип, эмгектин урмат-убайын, ашыглыктын ачуу күйүтүн татып, тагдырдын бардык соккусун муюбай көтөрүп, бирок ак жериңен караланып Абуталип Кутжыбаев абакка кармалып кеткенде өзүнүн алсыздык кылганына катуу кейип, тагдырына катуу таарынган Едигей Жандилдин образында да трагедиялуу күчтүү абаз бар.

Айтматовдун чыгармаларындагы трагедиялуу моменттер окурмандын ындынын өчүрбөй, кайра аны турмуштун

маңызы, адамдардын тагдыры жөнүндө терең ойлорго салып, катарсис сыяктуу анын жан дүйнөсүн майда барат, күнүмдүк турмуштун күйүкчөөл ойлорунан арылтып, тазалайт. Мен ойлойм, жазуучунун чыгармачылыгындагы трагедиялуу жышаандар, реализмдин жана гуманизмдин улам тереңдеп күч алышы менен тыгыз байланыштуу деп. Чыңгыз Айтматов реалист-сүрөткер катары турмуштун катаалдыгына жон салып карабайт, өз каармандарынын тагдырындагы жеңил-желпи, алгылыктуу деп аталган чечимдерди издебейт. «Ак кеме», «Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт» повесттеринин «Кылым карытар бир күн» романынын арсеналы ушундай сейрек касиет менен айырмаланат жана катаал чындыгы менен окурмандардын ойсезимин тушап алат...

Адабияттагы оң каарман проблемасы — айрым скептиктер менен ойлогондой, жөн салды бир маселе эмес. Оң каарман аркылуу, анын турмуштук философиясы менен активдүү позициясы аркылуу, жакшылыкка сүйүнүп, жамандыкка күйүнгөн, өз чындыгын ар кандай кыйын, кысталыш учурларда коргоп колдой билген, коомдун, элдин жана адамзаттын таламдары үчүн, адамдардын, жакынжамаатынын, жоро-жолдошторунун, анын ичинде жеке өзүнүн бак-таалайы, жыргал-куунары, кадыр-баркы үчүн аң-сезимдүү түрдө тагдырдын шаркыраган агымына жана бороон-чапкынга каршы бет алып жөнөгөн автордун идеясы көрүнөт, оң каарманга адамдык бардык касиеттер мүнөздүү, алар да саргарып санаа тартып, бирде жеңип, бирде жеңилип, кыйынчылыкка, кырсыкка учурап, күжүлдөп күрөшүп жүрүп турмуштун маанисине түшүнүп, жаңылыштыгын билип, көзү ачылып, жашоонун жаркындыгын таанып, адамдарга ак жолго түшүүдө жан дилинен жардамын тийгизген жандар. Турмуштун өзү жана адамдык ниет-ардын асылдыгы сыяктуу эле оң каарман дын баймана-байлыгы да түк түгөнбөс нерсе. Ар кандай көрүнүктүү жазуучунун жүзүн да оң каарман аркылуу, анын маани-мазмуну кең, өрүштүү өмүрүнөн көрүнгөн идеал менен аныкталат. Коомдун социалдык-экономикалык турмушуна активдүү кийлигишүүгө, аң-сезимдеги, адамдардын психологиясындагы жана ички дүйнөсүндөгү революцияч ыл кайра түзүүлөр үчүн күрөшүүгө чакырылган социалисттик реализмдин искусствосунда оң каарман проблемасы философиялык нравалык, турмуштук өзгөчө мааниге ээ. Чыңгыз Айтматов адабияттагы социалисттик реализм методунун жактоочусу катары чыгармаларында кыргыз адабиятын, дегеле көп улуттуу жалпы совет ада-



биятын сапаттык жактан этикалык жаңы мазмун менен байыткан оң каармандардын бүтүндөй бир галереясын түздү. Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандар — нравалык бийик принциптерди туу туткан, күчтүү, татаал мүнөздөгү адамдар: алар өз жолун, турмуштагы жана коомдогу ордун тырышып издеп, өздөрүнүн бак-таалайы акыйкаттык үчүн күрөшө билет, аларга ар дайым жакшылыктын шооласы чачырап, нукура адамгерчилик сапаттар көрүнөт: аларга өзүмчүлдүк, жексурлук жат, турмуштун жыргал-куурары жайында, обывателдик-мещандык түшүнүктөр оолак турушат: бирок алар пенделик ташпиштен кабары жок, жаңылык жазбаган, ички ой-сезимдин таасирине кабылбаган кандайдыр бир идеалдуу, табийгаттан сырткары турган адамдар эмес. Айтматовдун оң каармандары: Данияр менен Жамийла, Танабай менен Султанмурат, Кириск менен Бала, Едигей ж. б. кандай себептен улам, ар түрдүү категориядагы окурмандардын, мейли таламы күч интеллектуал болобу, жөнөкөй жумушчу менен кызматчы болобу, баарынын жан-дүйнөсүн терең таасирлентип, көңүл кушун кылтактап алат, мунун эмне себеби бар? Анткени алардын баары өзүнчө личность. Бул көп нерсени билдирет. Оң каарман катары сүрөттөлүп, адамдын бардык касиет-сапаттары бар сыяктанып, бирок көңүл-көкөйгө конбогон сезимге жүк калтыра албаган көп адабий каармандардын айныган жери дал мына ушунда — алар личность боло албай калышкан. Айтматов өзүнүн чыгармаларында оң каармандын чыныгы маани-мазмуну жөнүндө тырышып, изденип, тынбай ойлонуп келет. Ал ар бир чыгармасынын чордонуна личностту коюп, ага өзүнүн жүрөк отун, жан жигеринин бир үзүмүн берип, анын кайгы-касыретине тең ортоктош боло билет. Дүйшөн, Жамийла, Данияр, Кемел, Толгонай, Султанмурат, Танабай, Гүлсары, Орган, Кириск, Бала, Едигей, Каранар — бул Айтматовдун жан дүйнөсүнүн бир үзүмү, анын аялуу, алдейлеп баккан ойлору, чымырканып, жан кажып издеген чындыгы, акыйкаты, булардын баары жамандык менен, адамдын бак-таалайына, анын шайкеш, ар тараптан өнүгүшүнө ар дайым каргаша болуп турган кесир-кесепет менен күрөшүүнүн жолу жана методу. Оң каармандан ар кандай жазуучунун чыгармачыл, нравалык философиялык кредосу, турмуштук максат-мураты, адамды өстүрүп өркүндөтүү жөнүндөгү анын идеялы кашкайып көрүнөт. Бул түбөлүк түгөнбөс жана машакаттуу жол, ал жолдо чоң жазуучулар, чыгармачылыктын азабын тартып, жан кыйнап, кубаныч-куунарын

да, кәсырет-кайгысын да ушундан таап ой-сезимдер менен алпурушуп, кайталангыс көркөм боектор менен атынен затына, ажар-ажемине, күлкү-санаасына, тагдыр-таалайына, ар качан окурмандарды суктанта ала турган оң каармандын образын түзүү үчүн өздөрүнүн бүткүл аң-сезимдүү өмүрүн стол үстүнө өткөршөт.

Айтматов залкар сөз сүрөткери катары отуз жылдын ичинде оң каармандын үч түрүн же үч этабын басып өттү: Дүйшөн — бул биринчи мезгил, Танабай — экинчи, ал эми Едигей — азырынча үчүнчү мезгил. Ушул үч этаптын баары тең акыркы эсепте келип оң каарман маселеси боюнча Айтматовдун көп улуттуу мүлдө совет адабиятынын алтын казынасына кошкон эки ири салымын аныктайт. Ар бир этап жазуучунун белгилүү бир мезгил аралыгындагы чыгармачылык изденүүсүн билдирет. Бирок бул этаптардын ортосунда алардын диалектикалык өз ара байланыш үзүп турган кытай дубалы сыяктуу кандайдыр бир өткөөлдөр жаткан жери жок. «Биринчи мугалим» повестинин каарманы — Дүйшөн өз мезгилинин, революциячыл доордун чыныгы уулу, бирок бул революциянын жалындуу илеби жана алоо өртү». ...Дүйшөн... аскерге баргандагысын, актар менен согушкандагысын кызыгып угар элек. Ал эми Ленин тууралуу Дүйшөн өз көзү менен көрүп келгендей сүйлөр эле. Эгерде анча-мынча ооздон-оозго өткөн элдик жомок болсо да, биз үчүн баары бир сүттөн ак чындык болчу» — деп эскерет кийин анын окуучусу академик Алтынай.

Мына ушул сөздөрдөн Дүйшөндүн бүткүл турпаты көрүнүп турат, жазуучу аны романтизациялап, ири планда сүрөттөйт. Ооба, «Биринчи мугалимде» мен адабияттагы оң каарман жөнүндөгү түшүнүгүбүздү ырастагым келген, революциянын ишине жан-дили менен берилген коммунисттин образын мен аң-сезимдүү түрдө идеалаштыргам. Бул образга мен биздин азыркы көз карашыбыз аркылуу карап көрүүгө аракеттенгем, азыркы жаштарга мен алардын өлбөс-өчпөс аталары жөнүндө эскертейин дегем»[1].

Танабайдын жаш кезиндеги турпатынан, көз карештарынан Дүйшөндүн көп мүнөздөрүн, атап айтканда байларды жек көргөндүктү, революциянын ишине берилгендикти, башкы маселелерге келгенде келишпөөчүлүктү көрүүгө болот, анткени алар экөө тең бир мезгилдин адамдары болгон. Бирок Танабай кантсе да татаал, кагылып соктуккан, жашоону сүйүп, барктай билген, аныктуштун адамы. Дүйшөн үй-бүлө күткөн адам болсо Танабай сыяктанып башка бир аял менен ымалаш болууну капарына да алмак эмес, анан да Дүйшөн өз ыракаты үчүн колхоздун атын чаап, бастырып жүргөндү уяттуу иш, ал турсун кылмыш деп эсептемек. Ар бир оң каарман өз мезгилинин туундусу деген ырас эле акыйкат кеп...

Айтматовдун реализминин эстетикасы ар дайым өзгөрүп, өнүгүп, жаңы каснеттерге ээ болуп турат. Бул өзгөчө «Кылым карытар бир күн» романындагы башкы каарман Боронду Едигейдин тагдырынан, дүйнө кабылдоосунан, ой толгоолорунан, турмушту, жаңы көрүнүштөрдү зирек-сынаакы акылга салып өкчөгөн сапатынан айрыкча таасын көрүндү. Эл аны ызаат менен Бороондуу Едигей деп бекер айтпайт. «Бороондуу» деген метафорада кандайдыр бир өзгөчөлүк, кадыресе эмес нерсе бар. Жаны жай таппаган, өткүр, башкалардын кубаныч-кайгысына кайдыгер карай албас, жорук-жосуну, жүргөн-турганы, ой-санаасы октурулуп, албууттанган адам гана бороондуу боло алат. Кристаллдай тазалыктын, алпейимдиктин уюткусундай көрүнгөн Едигей дал ушундай сапатка ээ. Ал да Дүйшөн менен Танабай сыяктуу эле элдик адам, бирок алардан элдик жетик ойго каныккандыгы менен айырмаланат. Аны өзүнүн чөлдү жердеген элинин бүткүл салт-санаасы менен үрп-адатынын, кылымдарды карыткан тажрыйбасынын мөлтүр башатында туруп, аларды кан-жанына сиңирген адам катары элдик даанышмандыктын көрүнүшү деп айтса болот. Едигей каснеттүү, ыйык нерсе эмес, ал бардык эле адамдардай ой-санаасы бар адам. Бирок ал эң негизине келгенде чабыты бийик адам, анын эмгек жолу менен татаал тагдыры, жамандыкка жаны кашайып, турмуштун барып турган мүшкүлдүү моменттеринде досторуна, жакындарына кебелбей берилгендиги жана муюбастыгы, чыныгы алпейимдүүлүгү аның адамдык облигин бийик кылып, окурмандардын алдында анын бешенесин жаркытып турат. Айтматов темир жол разъездиндеги карапайым жумушчунун жан-дүйнөсүнөн адамдын бул жарыкчылыктагы озуйпа-вазийпасы жөнүндөгү эң бир аялуу, терең ойлордун капкасын таап, ача алган! Едигейдин образы — Айтматовдун реализмдеги талашсыз жаңы бийиктик жана жаңы чек.

Айтматовдун чыгармачылыгындагы оң каарман жөнүндөгү ойлорду кортундулап, Дүйшөндүн, Танабайдын жана Едигейдин образдары кыргыз адабиятындагы гана эмес, мүлдө совет адабиятындагы өчпөс ысымдардан болуп калганын ишенимдүү түрдө айтсак болот.

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 91-бет.

1966-жылы жазында Чыңгыз Айтматов экөөбүз Святослав Рихтердин Москвадагы консерваториянын чоң залында болуп өткөн концертин көрдүк. Улуу пианист Генделдин ми жор сюитасын, Хинделиттин биринчи ля мажор сюитасын таң каларлыктай шыктануу менен аткарды. Концерттен соң Чыңгыз Айтматов аябай толкунданып турду.

— Музыка сыйкырдуу керемет нерсе. Өзгөчө музыка искусствосунун Рихтер, Гилеяс сындуу дүйнөлүк чолпон жылдыздарынын аткаруусунда ал айтып бүткүс ажайып күчкө ээ болот. Мына, концертти сен да уктуң, мен да уктум. Ал ар бирибизге ар кандай ассоциация тартуулап, угуучуну бай сезимге карк кылды. Адабият сезимдердин ушундай гаммасын айтып берүүгө алсыздык кылат.

Биз Москванын көчөлөрүн кыдырып кыйлага чейин бассып жүрдүк. Албетте, сөзүбүздүн көбү адабият жөнүндө, белгилүү жазуучулар тууралуу болду. Ушул кечте ал «Бетме-бет» повести жөнүндө кеп козгоп калды.

— Эгер аны азыр жазган болсом, кыйла терең жазмакмын. Мындай бир кырдаалды элестетип көрчү: капыстан Ысмайылдын апасы каза тапты дейли. Ысмайыл болсо дезертир, ошондуктан апасынын алдындагы өзүнүн эң соңку перзенттик парзын аткара албайт. Бөлөк-бөтөн адамдар апасын акыркы сапарга узатып жатышат, ал болсо коңул жерден туруп мунун баарын көрүп, жаш баладай боздоп ыйлайт.

Жазуучунун «Бетме-бет» повестине кайрадан кайрылгысы келген ниетин мен жан-дилим менен колдодум. Бирок ал кечигип калды.

Жазуучу ал кезде башка бир чыгармачыл ойдун кумарына туш болуп калган эле.

* * *

Фольклор менен адабияттын өз ара карым-катнашы адабият жөнүндөгү илимдин эскирбес маселеси, ал азыркы тушта өркүндөп-өсүп жаткан адабияттын да күн тартибинен алынып таштalбайт. Парадоксалдуу болсо да тана албай турган факт бул: адабият өз организмине ар дайым форлклордон кан алып коюуга муктаж, ал эми фольклор мындайга муктаж эмес. Эгер Пушкинден тартып Шолохов менен Твардовскийге чейинки орус адабиятына көз таштап көрчү болсок, анда өзүнүн чыгармачылыгында элдик поэтикалык чыгармалардын жагымдуу таасирине туш келбеген бир дагы көрүнүктүү ысымды изден таба албайбыз. Албетте, Пушкин, Гоголь, Лермонтов,



Толстой, Тургенев, Достоевский, Горький жана Шолохов сыяктуу орустун улуу жазуучуларынын фольклор менен болгон карым-катнашы ар түрдүүчө болгон, бирок алардын ар бири фольклордогу поэтикалык образдарды, ыкмаларды, сюжеттерди, көркөм каражаттарды эрктүү дагы, эрксиз да түрдө колдонушкан. Ошол сыяктуу эле кыргыз адабиятынын белгилүү жазуучулары менен акындары болсун, азыркы жаңы профессионал адабияттын жаш өкүлдөрү болсун «Манас» сындуу теңдешсиз алп эпосту, башка да сандаган кенже эпостор менен поэмаларды, жомокторду, макал-лакаптарды, элдик ырларды түзүп, кылымдар бою көөнөртпөй сактап келген өз элинин фольклору менен тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан кыргыз адабиятынын жаралышы, өнүгүшүн жана гүлдөп-өсүшүн элдик поэтикалык чыгармачылык менен байланыштырбай туруп кароо такыр мүмкүн эмес. Фольклордук традиция кыргыз адабиятынын пайда болушунда жана торолушунда эки мүнөздүү роль ойноду. Эгерде ал кыргыз адабиятынын башталыш мезгилинде көптөгөн чыгармалар менен көркөм образдар үчүн, **адабияттын ички мүмкүнчүлүктөрүн** айкындап билүү үчүн жагымдуу кыртыш болгон болсо, айрым учурларда көркөм сүрөттөө каражаттарына сынчыл поэзияда мамиле жасабагандыктын айынан, фольклордук ойдун архаикалык көркөм формаларын сыдыргыга салбастан бүкүлү бойдон кабыл алуунун айынан кыргыздын көп көрүнүктүү акын-жазуучулары өздөрүнүн ырларында, поэмаларында, повесттери менен романында чыгармачылык жактан бир катар калпыстыктарга учурашты.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык жолунун башталышы кыргыз адабиятындагы реализмдин баралына келе баштаган маалына туш келгендиктен, ал фольклорго мамиле жасоодо өзүнөн мурункулардын оң тажрыйбаларын гана эмес, ошондой эле идеялык-көркөм мүчүлүштүктөрүн да эске алды.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында фольклор менен профессионал адабият өз ара формада айкалышып, бири-бирине бап келип турат, ал кийинки жылдарда кызуу талаш-тартышты туудуруп, ар кандай көз караштарды пайда кылып жатканы кокусунан эмес. Жазуучунун фольклоризминде, биздин пикирибиз боюнча, ар түрдүү этаптар бар. Айтматов ар дайым фольклордун традициясы менен стилизациясына сынаакы мамиле жасоону жактап келген. «Бирок алиге чейин кээ бир жазуучулар менен сынчылар жаш адабияттарга тийгизген фольклордук

традициялардын таасирин ашкере эле апырта баалап кетатышат. Бизде Кыргызстанда чыккан алгачкы прозалык китептерден фольклордук белгилерди: жомоктук сюжеттер, жамандык менен жакшылыкты символикалаштырган каармандар, образдардагы гиперболизм, мүнөздөрдүн эскичилиги даана эле көрүнүп турчу. Бул ошол эле жылдар үчүн табигый нерсе болчу, бирок эми жетилген реализм башканы талап этет» — деп жазган ал 1967-жылы. Бирок жазуучу өзүнүн чыгармачылыгында фольклорго ар дайым этияттык менен мамиле жасап келатат. «Бетмебет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Ботогөз булак», «Делбиким», «Саманчынын жолу» повесттеринде тунук башат сыяктуу фольклордун таасири көрүнөт. Өзгөчө «Жамийла», «Саманчынын жолу» повесттеринде фольклордун жарык шооласы таасын баамдалат. Бул повестте фольклоризм катаал мезгилдеги элдин турмушун терең ачып көрсөтүүгө жардамдашып, поэтикалык образдуулук катары берилет. Данийардын көп жылдардан соң айылга кайтып келиши элдик көз караштын призмасы аркылуу, элдик эпостун духунда кабылданат. «Тулпар айланып үйрүн табат. Тууган жер, эл-журт деген оңойбу. Келгенин арбакка жагар иш: Мына германды жеңип, тынчтыкка жетсек, сен дагы эл катары түтүн булатып балалуу-чакалуу болорсуң»,— дешкен чалдар.

Ушул эле повестте жазуучу дагы бир эпизодду элдик эпостун «духунда» күчтүү, жугумдуу кылып сүрөттөйт, аны элди душманга каршы күрөшкө чакыргандай таризде угулган Данийардын ыры аркылуу Сейит мындайча кабылдайт: «Ой, айланайын кең талаам! Казак боордошум жердеген алп талаам! Мынакей, биздин тоолорду эки жакка имерип таштап, чий менен шыбакка ыргалып, көз жетпеген деңиздей көлкүп жатасын. Ким билет сендеги жаткан күчтү! Жарыктык, сыртыңдан карасаң, эч бир жан жоктой бозоруп жатканың жаткан. Бирок, кечеги эле жеткис жайда согуш башталып, душмандар өлкөбүзгө кол салганда, туш-туштан талааларда оттор жалындап, туш-тушка чабармандар ат коюп, жоокерлер минсин деп, айдаган канаттуу күлүктөр ысык чаң тумандатып, дүбүртүнөн асман чайпалды. Ошондо аркы өйүзгө токтой калган кабарчы казак, ат оозун жыя:

— Аттан, кыргыз аттан! Жау келди! — деп чу коюп, саратан куюнга аралаш дагы да алда кайда чапкылаган.

Ошондо кең талаам, өзөнүм, тоолорум силкинип, өз элин атка мингизди. Ат жалын бура тартып, жигиттер жабыла аттанганда, жер толкунун, жоо күүсүн чалды.



Өрөөнгө батпай, миңдеген үзөңгүлөр кагылышып, түмөндөгөн миң сан жоокерлер чырактай көздөрүн жалындатып, эл менен журт менен коштошту. Алардын алды жагында кызыл туулар желбиреп, арт жагында — туяктан чыккан чаң менен ый аралаша, энелер, жубайлар боздошот: «Кең талаа колдо. Касиеттүү тууган жер колдо!» Манас колдо». Башка учурда жана башка мезгилде бул эпизод комсоо көрүнүп, жүйөсүз болот эле. Ал эми сүрөттөлүп жаткан учурда Айтматов фольклордук-баатырдык маанайды турмуштун ыңгайына жараша орду менен уруна алган, бул болсо тестиер сүрөтчү Сейиттин романтикалык кабылдоосун терең ачып көрсөтүүгө түрткү болуп отурат. «Саманчынын жолу» повестинде мындай «фольклордук» эпизоддор жолукпайт, бирок ал башынан акыына чейин элдик акылдын, элдик ойдун табына ширетилген. Бул повесть мүнөзү, духу жагынан нагыз эпикалык чыгарма, анда ал эпостогудай эле бир максат, бир кыял жана мүдөө менен биригип, заардуу душманды жеңип чыгуу жөнүндөгү бир ой менен иштеп, жашап, абыгер чегет. Толгонай дал мүнөзү жагынан эпикалык каарман. Ал өз уулдарын гана эмес, жалпы элдин да элеси, ошондон улам жалпынын кайгысы жана түйшүгү менен түйшөлүп жашайт. Казатта күйөөсүнөн, уулдарынан ажырап, ал башкалардын бак-таалайы жөнүндө ойлойт, дүйнө да, турмуш да, анын ырыс-кешиги менен ый-мунц да эпикалык ири планда кабылданат. Жер-энеге риторикалдуу собол салып, минтип кайрылганы кокус эмес: «Кайран азаматтар, жоо ураса болбойбу да, көл төгүлсө болбойбу! Субанкул менен Касымым, ата бала экөө да не деген дыйкан эле! Дүйнөнүн туткасы ошолор сыяктуу, мээнеткечтер эмеспи: элди тойгузган да ошолор, жоо келгенде колуна курал карман, элин коргоп, кан төккөн да ошолор! Ал эми мисалы, согуш чыкпаганда, Субанкул менен Касымым канча бир кишилердин энчисине эмгегин арнап, канча эгин өстүрүп, канча кырман бастырып, канча жумуш жасап берер эле!.. Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы — адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким — адам баласыбы, андай экен, бири-бирине мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чынында, сырдаш талаам, айткын, айт мага жообунду?»

«Адамдар өзүн кудай сыяктуу сезүүгө тийиш»[1] деген учкул сөз Айтматовго таандык. Бул ойду айтып жатканда жазуучу өзүнүн конкреттүү кайсы каарманын эске алды

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте, 368-бет.

экен, билбейм, бирок мага Айтматовдун каармандарынын баарынан Толгонай өзүнүн айкөлдүгү, ойлоо маштабы, акылынын зиректиги жана ниет-тилегинин тунуктугу жагынан теңирдин өзү сындуу ыйык дагы, кудуретүү да көрүнгөн жакындыгы бардай сезилет. Жазуучу Толгонайдын образын эне жүрөгүндөгү элдик түшүнүккө жана идеалга негизденип жаратканы күмөнсүз, ошону үчүн ал көк теңирдей бийик да, жер энедей жоомарт да, күчтүү да. Чыгармадагы мына ушул өзгөчөлүктү белгилүү адабиятчы Мухтар Борбугулов туура байкаган: «...Жазуучу,— деп жазган ал,— Жер-Эненин образын жаратып жатып элдин жер жөнүндө түшүнүгүнө негизденгендигин айтуу керек. Кыргыз элинин мифологиялык жана эпикалык чыгармаларында жашап келген Жердин образы байыркы адамдардын реалдуу эмес, табигаттан сырткары турган кубулуштарга карата болгон ишенимин чагылдырганы түшүнүктүү. Айтматов бул образды ой элегинен өткөрүп кайра иштеп чыкты эле, ал толук реалдуу нерсе болуп калды жана ошол эле учурда өзүнүн бийик символикасын да сактап калды. Бул жазуучуга азыркы мезгилдин коомдук-саясий жана философиялык аша маанилүү идеясын бир кыйла толук деңгээлде айтып берүү үчүн көмөктөш болду».[1]

«Саманчынын жолу» повестинде Ч. Айтматов фольклордун поэтикалык ыкмасын чыгармачылык менен катуу түрдө урунуп, турмуштун терендигине жана каармандын ички дүйнөсүнө арылап сүңгүп кирүүдө белгилүү ийгиликке жете алат. Бирок кесе эле айталы, эгерде фольклоризмге аң-сезимдүү түрдө бет бура баштады, кийин ал «Гүлсарат» повестинде идеялык-эстетикалык бийик деңгээлге жетишип, андан ары өнүктүрүлдү.

Фольклорду өз чыгармачылыгында изденүү жана сынчыл мамиле жасоо менен колдоно билген ар кандай жазуучу ийгиликке жете алат. Бирок кесе эле айталы, эгерде болочокто акын же жазуучу болуунун шыбагасы буйруган адам бала кезинде элдик жомоктордун делебе козгогон таасиринде кабылбаса, элдик көрөсөм ырлардын көркөмдүгүнө суктана албаса, эпикалык каармандардын не бир мүшкүл тагдырына таңданып тамшанбаган болсо, мына ушул алтын башаттан көңүл чаңкоосун кандыра албаган болсо, анда ал чыгармачылык ишинде өзүн бир жеринен кемчил сезип, бөксөрүлүп калары бышык. Далил издеп алыска барып олтурбайбыз. Жаштайында мына ушундай мүмкүнчүлүктөн куру кол калып, айтылуу Алыкул Осмонов (бул туурасында биз акынга арналган макалабызда кең-кесири сөз кылганбыз) кийин эр жеткен чагында эл кыдырып, куйма кулак санжырачы карылардан не бир укмуш уламыш-аңыздарды элдик даанышман сөздөрдү угуп, аларды муюбай жыйнаганын кимдер билбейт. Акындын минтип «элге барган» саякаты кийин анын көөнөрбөс поэзиясында эң сонун өмүрүн бербедиби. Бакытка жараша Ч. Айтматовдун бала чагы элдик поэтикалык чыгармалардын накта үлгүлөрүн билген адамдардын арасында өскөн. Жазуучунун сөзү боюнча, анын чоң энеси айрыкча ушундай керемет өнөргө маш адам экен. «Ал менин бала чагымды,— деп жазат Айтматов,— жомокторго, ырларга бөлөп, жез таңдай акындар менен айтуучулар туурасындагы аңыз кептерге тундурчу: конок-кобу же жентек тойгобу, өлүм-житим болгон жергеби же үйлөнүү үлпөтүнөбү, кайда гана барбасын мени жанынан чыгарбай ала жүрчү. Ал мага көргөн түшүн көп айтып берер эле. Алар ушунчалык кызыктуу болгондуктан, бирте эле көзү илине түшсө чоң энемди тарткылап ойготуп, түшүндө көргөндөрүндү айтып бер деп акидей асылып калчумун. Кыска, бат эле тамам болчу түш мени муюта берчү эмес. Ошондо чоң-энем ким-бирөөнүн түшүн «карызга сурап келгени» коңшу-колоңдорго жөнөр эле. Кийин түшүнсөм, аларды тек мен үчүн гана оюнан чыгарып айтчу экен»[1].

Балалык кездин так ушундай түгөнбөс жана кайталанбас таасирлерин биз жазуучунун дээрлик бардык чыгармаларынан кезиктиребиз. Айтматов өзүн анын чыгармачылыгына жагымдуу таасирин тийгизген поэтикалык башаттар жайында кеп болгондо мындай бир маанилүү учурду баса көрсөтүп жүрөт: «Эгерде жеке мен жөнүндө айтчу болсок, анда бул чынында эле эки маданияттын айкашкан үлгүсүн убакыт канчалык арылган сайын орус адабияты, орус тили мендеги улуттук маданият менен жуурулушуп, мага таасир көрсөткөндүгүнө ошончолук бекем көзүм жетип ынанып баратам. Кыргыз адабияты... мен ага келип киргенге чейин эле торолуп, өзгөчө элдик оозеки чыгармачылык — уламыш легендалар толукшуп турган. Мына ушул эки нук, эки маданият — орус жана кыргыз маданияты бир агымга кошулгандай болду»[2].

[1] М. Борбугулов. «Единство национального и интернационального», М., «Сов. писатель», 1979, 87-бет.

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китеп, 153-бет.
[2] Ч. Айтматов. Ошол эле китеп, 333-бет.

Айтматовдун чыгармачылыгындагы мындай адабий таасирлердин жээги, биз ойлойбуз, алда канча кеңири. Жазуучунун чыгармачылыгында жогорудагы эки агымдан тышкары башка улуттук маданияттардын да сезилерлик таасири бар экени шексиз: жазуучунун өзү казак элинин улуу жазуучусу Мухтар Ауэзовдун көркөм тажрыйбасы, дүйнөлүк адабияттын, анын ичинде атап айтканда Томас Манндын адабий салт-нускасы жайында эчен курдай айтып, жазган жайы бар. Айтматовдун чыгармачылыгында «Гүлсарат» повестине чейин фольклоризм стихиялуу, табийгый агым катары көрүнүп келген болсо, ушул повестен соң ал жазуучунун көркөм оркестриндеги биринчи скрипканын маанисин алып, фольклордук жана мифологиялык ачык-айкын тонго ээ боло баштайт. Чыгармачылыктын жаңы тилкесине кирип, жазуучу фольклорго милле жасоонун эки түрүн иштеп чыкты: биринчиси — этикалык ыкма: экинчиси фольклордун терең ойлонулган концептуалдуулугу, ушунун аркасында гана ал каармандардын ички жан дүйнөсүнө жана чындыкка активдүү коошо алат. Биринчи мамиле «Гүлсарат» жана «Эрте жаздагы турналар» повесттеринде таасын көрүнөт.

Кыргыз элинин «Манас» баштаган «Семетей», «Сейтек», «Эр Табылды», «Курманбек», жана башка баатырдык эпосторунда айтуучулар каарман кол башчылар менен эле бирге алардын атактуу тулпарларын чоң сүйөнчүк менен сүрөттөшөт. Манастын айтылуу Аккуласы эпосто баатыр менен бир күндө туулат, анын ар дайым ишенимдүү досу, душман менен болгон капсаландуу кармаштарда аркажөлөк болуп, эчен курдай ажалдан сактап калат. Кыргыз эпосторунда күлүк аттын маанисин айрым учурда баатырдын жеңилиши менен байланыштырылат. Кара ниет атасы Теит Телтору күлүктү бербей коюп, Курманбек баатыр катуу жараланып, арман кылат. Кыргыз эпосторунда ар дайым күлүк аттардын культу болгон, бул традицияны Айтматов кыргыз профессионал адабияты сапаттык жактан эстетикалык жаңы чектерге чыккан маалда кайрадан жаңыртып колдонду. Эпикалык доор эбак өтүп кетти: анда эпикалык традиция менен Айтматовдун азыркы колхоз жылкысын жана каранайым чабанды сүрөттөгөнүндө кандай жалпы нерсе бар? Белгилүү жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романындагы Ыманбай менен Айсарала өндөнүп же бул теманын сатирасыбы бу? Айтматовдун трактовкасында бул тема адам тагдырындагы трагеднялуу авазга айланат. Айтматов өз повестинде эпикалык традицияның доминатын кабыл алды жана аны



азыркы таптагы көркөм ойдун элегинен өткөрүп, тааныл-гыстай түрдө өзгөртүп түздү. Повесттеги эки башталма — Танабайдын линиясы менен Гүлсараттын линиясы биринен ажырабас бирдиктүү көркөм системаны түздү. Экөө тең бири-бирин кастарлап кадыр тутат, экөө тең бир мезгилде бактылуу болуп, бир мезгилде мүшкүлгө кептелишет. Танабай өз жоргосун кастарлап кадыр көрсө («бирок Танабай жоргого өзүнөн башканы мингизбеди. Башканы мындай койгондо да Бүбүжаны да жоргого бир минип көргөн жок... аны көргөндө Танабай өзгөрүлө түшөт, оропара келгенде тизгин тартып, жай бастырып калат»), Гүлсары болсо тилсиз, сөзсүз эле кожоюнунун ички сырын, ал-абалын айныбай сезип турат. («Гүлсарыны минип баратканда Танабай эл көзүнө көйрөңдөнүп коюудан да тартынбады. Аны Гүлсары да жакшы сезчү. Айрыкча жанагы түшүп келатканда эгин талаасында иштеп жүргөн топ келин жолукса, аларды алыстан көрө сала Танабай ээр үстүндө боюн түзөп, үзөнгүнү чирене тээп, чалкалай отурат да, тизгинди бошотот. Ээсинин кыймылын Гүлсары да сезе коет, арылдап жоргосун күүлөп жиберет. Жалы желге сапырылып, куйругу чубалжый илээшип, анда-санда кошкуруп кулак тикчийте коюп, жүрүп берет...») Биринчи майдагы байгеден озуп келип, жаалаган элдин алдында даража кармап, маашырлана басып турганда Гүлсары өзүнө тааныш келинди көрөт. «Келин бата кылып жүзүн сылай бергенде тааныды. Бул жолу келин басмырт түс жоолукчан эмес, ак көйнөкчөн экен. Калың топтун алдыңкы катарында кубанычы койнуна батпай толкундап, мөлтүр суунун түбүндө кубулжуп ойногон асыл таштардай коймолжуган көздөрүн кадап, Танабай экөөн көз айрылбай карап турган экен. Гүлсары адатынча киши тарапка ыкыс сала басты. Жакын барып тургусу келди, ээси адатынча келин менен сүйлөшсө, анда келин баягы тору кашка байталдын эрининдей кебез жумшак колу менен жалын тарап, омуроосун сылап турса деп каалады. Бирок Танабай негедир башка жакка тартты. Жорго ээсинин кылыгын түшүнө албай, келинге тарткынчыктап бир орунда тегеренди. Ээси эмнеге али көрбөйт келинди? Кантип көрбөсүн, кантип сүйлөшкүсү келбесин?»

Ушул эпизоддо назиктик жана ылымсаноо бар. Жазуучу да жоргонун турпатына суктана көз таштап, анын жомоктогу күлүк аттардай аркыраган арышын бир нече курдай белгилеп өтөт. «Ошондо тайпак белге атып чыгып, толкундун жалына каргыгандай болду да, көз ирмемге асман жердин ортосунда каалгып илинип калгансыды».

Мунун өзү эпикалык-поэтикалык туюнттуу каражаттарынын бүгүнкү күндөгү трансформациясы эмей эмне?!

Мифопоэтикалык элементтер Ч. Айтматовдо адепки жолу «Гүлсарат» повестинде көрүндү. Жазуучу фольклордук чыгармалардын трагедиялуу кайрыктарын эки мертебе колдонот. Биринчи ирет андан Гүлсары жоргону зордоп алып кетишинде Жайдар «боз ингендин арманын кагат; экинчи ирет Танабайдын эң жакын досу Чоро казболгондо «Кары мергендин ыры» айтылат. Повесттин тканында кеңири белгилүү элдик ушул уламыштар таңкалыктай түрдө табигый жарашыгы менен айкалышкандыктан, элдик жомок кайда да, автордун фантазиясы кайда, муну так ажырымдап биле албай каласың. Алар ар бир учурда Танабайдын ички дүйнөсүндөгү драманын трагедиялуу чоо жайын таамай туюнтат. Кейпи, кылымдар боюдене-бойду титиреткен драматизми менен элдин эси-көөнүнөн кетпей келаткан бул сыяктуу элдик оозеки поэтикалык чыгармалар да адамдын башына түшкөн ушундай улуу кайгынын учурунда жаралган шекилдүү. Кезинде, «Гүлсарат» повести жарык көргөндө айрым кыргыз адабиятчылары элдик уламыш-жомоктордун канондорун, сюжеттерин бузуп-жарууга жазуучунун канчалык деңгээлде акысы бар деп күдүктөшкөнү эсибизде. Анткени Айтматов «Кары мергендин ырында», «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботом» уламышынын сюжеттик маанисин бириктирип, өзгөртүп колдонгон эле. Элдик эпосто Кожожаш жапайы жандыктарга ырайымсыз мамиле жасап, аларды кырып-жойгону үчүн Сур эчкинин каргышын угуп, жалама асканын боорунда калып өлөт. «Карагул ботом» поэмасында болсо Тумаш мерген тоо эчкилерин сай ташындай терип атып жүрүп, бир күнү өзүнүн карачечекей жалгыз уулун жаңылып атып алат. Эки чыгарма тең мотиви жагынан бири-бирине үндөш, жазуучу алардан бир бүтүн нерсе түзүп, аны повестте чоң жүйө менен колдонду. Жазуучу ар кандай материалдан адабият менен искусствонун нукура чыгармасын жасай алганы үчүн жараткыч, түзгүч адам деп аталат. Мифтерди жана фольклорду кайра иштеп чыгуу дүйнөлүк адабияттын практикасындагы жаңы көрүнүш эмес. Байыркы дүйнө боюнча адистердин айтымында грек архаикасынын тушундагы акындар мифтерди кайрадан иштеп чыгуу менен алпурушуп, анын негизинде өздөрүнүн чыгармаларын жаратышкан. Мифте мамиле жасоонун жаңы өрнөгүн Рим поэзиясында Вергилий көрсөткөн, ал тарыхты философиялык өңүттөн ачдап, диний-философиялык проблематикага мифти байланыштырат.



Соңку дүйнөлүк адабиятта мифологиялык чыгармачылык (мифотворчество) менен ирландиялык Жойс, немец Т. Манн, австриялык Кафка, орус Булгаков, бразилиялык Амаду, колумбиялык Гарсия Маркес жана башка ушул өндүү эң бир атактуу жазуучулар эмгектенишкен жана алектенишүүдө. «Эрте жаздагы турналар» повестинде ачык көрүнгөн мифтик мотивдердин жок экендигине карабастан, жазуучу каармандарынын сезим-туюму элдик поэтикалык чыгармачылыкка жакын турарын ар бир жолу көрсөтүп өтөт. Султанмурат түшүндө куш сымал эмес, каалгып, эркин учат. «Ушул түнкү жылдыздуу уйкуну кийин Султанмурат нечен ирет сагынып эстээр» — дейт автор. Айтматовдун балдары төрөлгөндөн тартып элдик уламышжомокторго жакын турушат, алардын руху бала кезинен эле элдик поэтикалык чыгармалардын философиясынан азыктанган. Султанмурат Ак-Сайда кош айдап жүрүп, атары чарчап-чаалыгып, буурсун сүйрөгөнгө күчү жетпей, илкип калганда алар бекеринен мындай деп кайрылбайт: «Чыдагыла Камбар-Атанын тукумдары, бир жандай чогуу тарткыла! Бул оорчулук күн сайын баса бермекпи! Бүгүн кар жааса, эртең күн жаадыраар. Чү, жаныбарым, чү, алгалагыла! Чыдагыла, Камбар-Ата тукумдары». Кошчу балдар чалкайган көк асмандан турналардын кыйкуулаган үндөрүн угуп, аларды кубалап чуркаганы, кубанганы кандай поэтикалуу да, кандай таасирдүү. Элет жеринде өсүп, элдик акылман философия менен оозанып чоңойгон балдар гана ушинтип кубана алат. Анткени турналардын эрте баарда келиши, бүт элдин салты жана түшүнүгү боюнча, жакшылыктын жышааны: токчулук болуп, бейкутчулук өкүм сүрөт. «Эрте жаздагы турналардын» философиялык-нравалык накыл түшүнүгү ушуну менен туюнтулат.

Чыңгыз Айтматовдун бир да чыгармасы «Ак кеме» повестиндегидей кызуу талаш-тартышты жана ар-түрдүү пикирлерди пайда кылган эмес.[1] Повестте жазуучунун чыгармачылык дидары башка бир маанайда, жаңы кырынан көрүндү. Адатта, коомдук турмуштагы, ошондой эле эстетикалык аң-сезим чөйрөсүндөгү ар кандай жаңы көрүнүш адегенде, жаңы пайда болгон маалында шыр кабыл алынбай, түшүнбөөчүлүктү жаратат жана көпчүлүк адам-

[1] В. Л. Солоухин. «Сказки пишут для храбрых». «Литературная газета», 1-июнь, 1970. Д. Стариков. «Не сказкой единой», ошол эле жерде. А. Алимжанов. «Трагедия на лесном кардоне», ошол эле жерде, 1970, 8-июнь. В. Осноцкий. «Взяв под крыло душевную бурю», «Литературная Россия», 24 июня, 1970.

дар аны өөн көрүп өгөйлөйт. Жазуучунун бул повестиндеги дал ушундай жаңычылдыгы стилистикалык ыкмалардан эмес, оболу мазмундан көрүндү: предметти көрүү дүйнөсү теренден, мифтик поэтикалык дүрмөтүн активдүү ишке чегүү менен азыркы турмуштун көрүнүштөрүнүн маңызын ачып, аны башка ыкма менен чечмелей берди.

Канон ар кандай адабияттагы ырбаак илдет. Кечээ күнкү эле новатордук көрүнүш улам жаңы мазмун жана форма менен толукталып, өөрчүп турбаса, акырындап эскирип, көндүм болуп калышы мүмкүн. Өзүнүн чыгармачыл жолундагы канондордун тагдырын чоң сүрөткер гана алдын-ала байкап биле алат жана аны чымырканып жеңип өтүп, эстетикалык жаңы бийиктикке көтөрүлө алат. Адабияттагы инерция менен көндүм адаттын күчүн ачык көрсөтө турган мындай бир психологиялык кызыктуу жагдайды алып көрөлү. Биз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын айтып отурабыз. Эмоционалдык чоң күчү бар, Шекспирдик ышкы менен жазылган, мүнөздөрү Толстойчо анализдеген, философиялык, нравалык-эстетикалык мазмундагы орошон ойлорго каныктырылган бул чыгармадан жазуучунун мифологиялык куштар-кунту «Ак кемедегиге» караганда алда канча кашкайып, бадырайып көрүнүп турса да көрүнүктүү жазуучулар менен сынчылар аны эрөөн-төрөөнү жок эле, кадимкидей жактырып кабыл алышты. Буга эмне себеп? — деп сурашы мүмкүн окурмандар. Кеп мында: «Айтматов «Ак кеме» жана «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттери менен азыркы совет адабиятында мифологияга карай чыйыр салып, өзүнүн чыгармачылык практикасында мифтин азыркы тушагы көркөм ойдун активдүү компоненти катары жашаганга толук жөнү, ал турсун акысы бар экенин далилдеп көрсөттү. Дүйнөлүк адабият — бирдиктүү көркөм процесс, анда көркөм өнүгүүнүн ар кандай деңгээлинде турган ар түрдүү адабияттардын эстетикалык тажрыйбалары ар дайым жалгашып, ашташып турат. Мифологиялык чыгармачылык Батыштагы бир кыйла өнүккөн адабияттар үчүн, балким, эбак өткөн этаптыр (а мүмкүн келечекте ага бир кыйла башкараак формада кайрылууга туура келээр), ал эми Латын Америкалык адабиятта ал азыр алысындан гүлдөп турган учур. Азия менен Африка адабиятында болсо жаңыдан гана башталып келатат. ГДРдеги көрүнүктүү адабият теоричысы Роберт Вейман дүйнөлүк адабияттагы мына ушул процессти агылгалап байкап отуруп, өзүнүн «Адабияттын тарыхы жана мифология» аттуу монографиясында мындай деп жазат: «Миф» деген феномендин өзү



күнт коюп көңүл буруурга арзыйт, анткени анын тарыхый салабаты менен фантастикалык таасири талашсыз нерсе. Буга ишенүү үчүн чукуранып ойгонуп келаткан африка адабиятындагы мифтин поэтикалык потенциясын салмактап көрүүнүн өзү эле жетиштүү болмок, Мифтин канчалык күчтүү поэтикалык потенциялары бар экенин түшүнүү үчүн жок эле дегенде немец окурмандарына белгилүү африкалык прозанын котормолоруна көз жүгүртүп чыгуу керек. Мифологияга абдан каныккандыгынан улам гана африка адабиятында ушунчалык өзгөчөлүү сюжеттер менен формалар жаратууда. Эгерде африка фольклорунун башат-бутактарынан айрылып калууну каалабаса, анда азыркы туштагы африканын көркөм адабияты мифологиялык көз караштан баш тарта албай тургандыгы айдан-ачык»[1]

Албетте, африка адабияты менен кыргыз адабиятынын ортосунда параллель жүргүзүү кыйын жана анын жөнү да жоктур, анткени алардын башат-башталмаларында кыйла жаңылыктар болгону менен, айырмалуу сапаттары да көп. Талашсыз бир гана нерсе бар: кыргыз жазуучулары биздин улуттук жазма адабиятыбыз жаңыдан жаралып каз-каз туруп телчиге баштаган маалда фольклор менен **түздөн-түз** байланышта болушса, азыркы кезде, адабиятыбыз бардык жактан баралына келип жетилген чакта, ал фольклор жана миф менен жакындашуунун сапаттык-эстетикалык б. а. **кыйыр** байланышына муктаж болуп, ошону издеп отурат. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында дүйнөлүк адабий тажрыйбанын бийиктигинен, Т. Маңдын, Г. Мариестин бийиктигинен миф менен кездешип отурат.

Ушул жерде законду суроо туулат: азыркы учурда, анын эң бир актуал проблемаларын чыгармаларында магистралдуу багыт катары көрсөтүшкөн кээ бир жазуучулар белгилүү бир мезгилде, же куракта эмне үчүн аң-сезимдүү түрдө мифке куштарын оодарып, өз чыгармачылыгында мифти активдүү уруна баштайт? Албетте, өз чыгармаларында мифти пайдаланган жазуучулардын баары эле текши таланттуу адамдар эмес, алардын арасынан ар кандай орнаментке жашынып шөкөттөнгөндү сүйгөн адабий дилетанттар кездешет. Бирок, кеп чыныгы залкар жазуучулар жөнүндө болуп жатат. Андай болсо алардын мифке куштарын тигип, кайра-кайра ага кайрылып, жат-

[1] Роберт Бейман. «История, литература и мифология», М., «Прогресс», 1975, 262-бет.

каны азыркы учурдун зарыл, курч милдеттеринен жалтайлап, четтеп кетүү дегендикти билдирбейби? Сынчы Лев Анинский дал ушул суроонун учугун чубап, өзүнүн «Жаждуу беллетризма» («ЛГ», 1978, 4-март) деген өз учурунда жазылган макаласында адабий процесстин жандуу жерине тийип, азыркы совет адабиятындагы мифологиялык чыгармачылыктын чоо-жайын териштирип, чыгармачылык мүнөздөгү көп эле акыйкаттарды аныктап алууга түртkү бергени белгилүү. Бирок жазуучунун мифке кайрылганы турмуш чындыгынан алыстап кеткени эмес, кайра тескирисинче кеңири тарыхый мааниде алганда азыркы кездин проблемаларына башка бир өңүттөн чыгып көз салышы болот, мифти бүгүнкү күндүн позициясынан туруп ой элегинен өткөрүү жана ага жаңы мазмун берип, алардан биздин мезгилдин рухий жана социалдык таламдарында үндөш, окшош идеялдарды, мотивдерди издеп, ачуу дегендик. Биздин кылымдагы улуу гумманисттердин бири Т. Манн анын азыркы учурдун жазуучусу боло туруп, өзүнүн чыгармаларында сүрөткер катары замандаштарынын коогасын жана драмасын изилдеп жүрүп, отузунчу жылдары Иосиф Египетский жөнүндөгү байыркы библия-уламышка кайрылат да, аны өз алдынча трактовкалап, «Иосиф и его братья» аттуу тарыхый романын жазат. Роман жарыкка чыкканда көп адамдар, анын ичинде жазуучунун жакын кишилери да анын учурдун «көкөй кескен» маселеринен «четтеп» кеткенине баш чайкап таң калышкан. Анан кийин байкашса романда «миф өзүнүн функциясын өзгөрткөнүн, болгондо да ушунчалык радикалдуу түрдө өзгөрткөнүн көрүштү, китеп чыкканга чейин мындайды болот деп эч ким ойлоп да кое албайт эле. Миф романда согуш талаасында колго түшүрүлүп, анан кайра душмандын өзүнө карай мээленген куралдай түрдө келген.

Бул китеп **мифти фашизмдин колунан түшүрө чапты** (алдын сызган К. Б.), мында ал бүт бойдон — жадесе сөздүн эң эле майда клеткасына чейин — гумманизмдин идеяларына каныктырылган, андыктан эгер келечектеги урпактар андан кандайдыр бир маанилүү нерсени таба ала турган болсо, анда алардын тапкан мифти гуманизациялоо дегендин дал өзү болот»[1] — деп эскерет жазуучу өзү.

Т. Манн «Мифти фашизмдин колунан түшүрө чапты» дегенди атайылап белгилеп жатат. Анткени миф гумандуу жана антигумандуу болушу мүмкүн. Кийинки түшүнүктүн түпкүлүгүндө ырайымсыздык, жапайычылык, жазыксыз

[1] Томас Манн. 9-том, 178-бет.



жандарды кордоп жанчуу деген маани турат. Булардын баарын фашисттик жан алгычтар өздөрүнүн идеологиясында түп туткан. Ошондон улам жазуучунун көп замандаштары анын мифологиялык чыгармачылыгына түшүнбөй, шексинип карашкан. Өз мезгилинин алдыңкы уулу катары, фашизмдин чыныгы, зулум дидаарын биринчилерден болуп таанып түшүнүп, ошондон улам киндик каны тамган Германияны калтырып кетип, «тарыхый төңкөрүштөрдүн доорун, жеке турмуштагы мүшкүлдүү бурулуштар менен сар-санааларды баштан кечирген» Т. Манн фашизм жалпы адамзаттын үрөйүн учуруп, бүткүл Европага кара булуттай каалгып жайыла баштаган маалда адам жөнүндөгү маселени — гумманизм проблеманын терең жана кең мааниде койгон. Ошентип жазуучу мезгилдин өктөм маселелеринен четтеп кетпей эле, аны тарыхый кеңири, глобалдык масштабда көрсөткөн. Азыркы таптагы дүйнөлүк адабиятта мифти ар кандай өңүттө, ыкмада колонуунун мисалдары көп. Г. Маркес, мисалы, мифтин активдүү көмөгүнө таянып «турмушту айкарасынан аңтарып» көрсөтүүгө умтулат. Бул формула жазуучунун көрүү тилкесин жана фантазиясын аныктайт. Жазуучу өзү моюнга алгандай, мифологиялык чыгармачылык менен ал атайлап аң-сезимдүү түрдө алпурушпайт. Латын америкасындагы турмуштун өзү анын чыгармачылыгында мифке айланат. «Мен күндөлүк турмуштун өзүндө реалдуулук менен миф камыр-жумур болуп айкалышып турган континентинде жашаймын. Биз фантастикалуу реалдуулуктун дүйнөсүндө төрөлүп, өлөбүз»[1] — деп, колумбиялык жазуучу чыгармаларындагы мифтин ордун түшүндүрөт.

Айтматовдун мифологемасы өзүнүн идеялык-көркөм структурасы жана гумманисттик тенденциялары боюнча, менин пикиримде, Томас Манндын «методуна» жакын турат. «Байыркы мифтер менен легендалар биздин алыскы өткөн бабаларыбызга азыркы учурдун көзү менен карап көргөнгө көмөктөшөт, андыктан биз аны пайдалана билишибиз керек, аларды азыркы күндөгү аң-сезимге «байыр алдыра» билүүгө тийишпиз»[2] дейт кыргыз жазуучусу. Башка бир аңгемесинде ал өзүнүн бул оюн терендетип, ага бир кыйла конкреттүү жана коогалуу абаз кошуп, бүтүн адамзат алдында эң маанилүү социалдык-нравалык проблемалар, анын ичинде адамдын жарык дүйнөдө жашашына коркунуч келтирген, бар болуу же жок болуу

[1] «Москва» журналы, 1983, № 3, 194-бет.
[2] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте. 343-бет.

сыяктуу үрөй учурган проблема да эч качан болуп көр-
бөгөндөй курч коюлуп отурганын белгилейт. Акылга карк
адам баласы мүлдө жан-жаныбардын башына түшкөн
ушул апааттын алдында калтаарыбай, жан-жигердин кү-
чүн гана умутун соолуткусу келген бейдабаа абалдан
апкаарыбай, аны жеңип чыга алабы?[1]

Айтматовдун мифтери Т. Манндагыдай эле гумманист-
тик тенденциялары менен адамды өзүнө тартат, ушундай
көз караштын агымы «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон
Ала-Дөбөт» повесттери, «Кылым карытар бир күн» рома-
нын баштан аяк аралап өтөт. «Бугу жөнүндөгү кыргыз
элинин байыркы санжыра кеби «Ак кеме» повестинде
кубаттуу рычагдын милдетин өтөйт, бардык окуя аның ай-
ланасында өнүгүп-өөрчүйт да, жазуучунун бүткүл аялуу
дүйнөсү да, аны канат байлап учурган кыял-тилектери да
жокко чыгат. Ошол себептен чындык менен жомокту ай-
калыштырган кыялынан жаратылган бала повесттин да,
жомоктун да толтосун түзүп турат. Ал бардык бурулуш-
тарды, адамдардын кыял-жоруктарын, жакшылык менен
жамандыкты бүт бойдон жомок аркылуу кабыл алат, анын
ой-мүдөөсү да, сезим-туюму да жомоктогудай кереметтүү.
Ал жомогуна, өзүнүн кыялдарына кынтыксыз ишенет, кай-
сы бир күнү балыкка айланып, атасы матрос болуп иште-
ген ак кемени көздөй сүзүп кетерине да айныбай ишенет.
Мүйүздүү бугу эненин керемет күчүнө жана кудурет-ами-
рине бала ыймандай ишенет, жана кийин кыйналганда
аны медер көрүп, бел тутат: «Ал кайрадан жээкте турду.
Ортодо агымы катуу шар дайра, өйүздөгү шагылда алиги
маралдар. Мына ошондо бала маралга жалынды: «Мү-
йүздүү Бугу-эне, мүйүзүңө бешик илип, Бекей таежеме
апкелип берчи. Суранам, бешик апкелип берчи, Бугу-эне.
Алар да балалуу болушсунчу». Ушинетип жалынып сыз-
даган бойдон бала суу үстү менен Мүйүздүү Бугу-энеге
чуркап баратты. Бирок өйүз жээкке да жетпеди, бир орун-
да тыпылдап чуркап тургансыды. Бугу-энеге жалынып жал-
бара берди: «Мүйүзүңө илип бешик апкелип берчи. Атам
ыйлабасынчы, Орозкул аба Бекей таежемди урбасынчы,
экөө балалуу болушсунчу. Ошондо мен баарын жакшы
көрөм, бирок аларга бир баланды берчи, айланайын, Бу-
гу-эне. Мүйүзүңө илип, бешик апкелип берчи...»

[1] Ч. Айтматов. Ошол эле китепте. 399-бет.



Баланын жан-дүйнөсүнүн бүткүл аруулугуна жана ту-
нуктугуна дал ушул жомок башат болот. Уламыштын
версиясына ылайык. Мүйүздүү Бугу-эне качандыр тээ өт-
көн убактарда кыргыздардын башына каран түн түшүп,
тукум курут болуп кырылып каларда бешиктеги бир ымыр-
кайды сактап калып, кыргыздар ошондон кайра тукум
улап көбөйгөн имиш. Бул эзелки жомоктун маңызында жак-
шылыктын, жаратылыштын адамга карата алпейими жоо-
марттыгынын уюткусу жатат, жан бүткөндүн баарынын
жалпы бешиги болгон жаратылышка бейакылдык менен,
талоончул мамиле жасабоонун зарылдыгын эскертет! Айт-
матовдун повести мына ушул мааниде алганда да адамын
жан-дүйнөсүн асыл ойлорго азыктандырып, адам баласы
жаратылыш, жалпы жаныбар дүйнөсү менен ымалалуу ма-
миледе жашаган эзелки кездердеги тунук мүдөөлөргө ча-
кырат.

Турмуштук ар кандай тема жан дүйнөгө бүлүк салып,
көңүлдүн эң бир аялуу, кастарлуу кылдарына тийип кы-
тыгылап, тынчтык бербей, деңиздеги толкундардай аласа-
лып, сыртка атылып чыгуу үчүн жол издегенде гана сү-
рөткердин куштарын арттырып, кумарын жаратат. Лев
Толстой ушул тууралуу ой козгоп, мындай деп айткан:
«Эгерде мурдунун учунан алысты көрө албаган сынчылар
мени Облонскийдин кантип түштөнгөнүн, Каренинанын
кандай келишимдүү мүчөсү бар экенин, б. а. менин көңү-
лүмө жагып, купулума толгондорду гана сүрөттөгүсү кел-
ген экен деп ойлошсо, анда алар жаңылышат. Мен жаз-
гандардын бардыгында, дээрлик бардыгында мени бири-
бири менен тутумдашып жыйналган ойлордун муктаждыгы
жетелеп отурду...»[1]

Владимир Сангиден угуп, нивх уламышынын негизинде
жазган «Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт» атуу повест-
тин Ч. Айтматов колунан бардыгы келерин, б. а. универ-
салдуулугун далилдөө үчүн жазган эмес, бул ички терең
муктаждык болгон ойдо жок жерден уккан бул уламыш
жазуучунун жан дүйнөсүнө козголоң салып, чыгармачыл
ышкысын козгоду, анткени уламышта жазуучунун көптөн
бери көңүл-көкөйүнөн кетпей ичтен кайнап жүргөн ойлор-
го үндөш ойлордун жыйнамы бар эле. Ядролук согуштун
алааматтуу коркунучу, анын трагеднялуу кесепет-кесири
жөнүндөгү ойлор Айтматовдун сөздөрүнө, публицистика-
ларында жан күйөрлүк менен айтылып келген жана ай-
тылып жүрөт, эгер адамзат эсине келбесе, эгер адамзат

[1] Л. Н. Толстой. «О литературе», 155-бет.

согуш менен тынчтык маселесинде өз ара түшүнүшүүнү жана мунасага келүүнүн жолун таба албаса, анын күнү бүтөрүн эскертип, бул маселеге ал кайра-кайра кайрылып келатат. Мына ушул терең символикалуу чыгармада жазуучунун тынчсызданууcу менен эскертүүсү зор күч менен көрүнөт. Анткени, Айтматовдун өзүнүн образдуу сөзү менен айтканда, ядролук бомбанын кылымында жаамы адамзат жападан-жалгыз кайыкта отурат, андыктан кичине эле кесирдүү каталык кетирилсе жалпы дүйнөлүк алаамат чыгып, адамзат цивилизациясы жер менен жексен болуп кетиши мүмкүн. Автордун ушундай коогалуу ой саапасы повестте символикалуу формада, философиялык притча (накыл же тамсил) формасында жалпылаштырылат. Китепти окуп жатып сен да өзүндү ушул кооптуу жана коркунучтуу абалга кептелип бычактын мизинде тургансыган жападан-жалгыз кайыкта бараткансып сезип кетесиң. Жазуучу өзүнүн бул кастарлап баккан оюн чыгармада терең «түпкүргө», саптардын арасына жашырып катып, аны бирде каймана ыкма менен, бирде көркөм образдын деталдары аркылуу берет. Адам чексиз мухиттин кубаттуу ажаан толкуну менен бетме-бет келип, бу учу-кыйры жок дүйнөдө өзүн бир күкүм перседей сезип, алсыздыгын туйганда аны жалпы акылдын, жалпы күч-аракеттин аркасында гана жеңип чыгып, өзүн аман алып кала алат. Жазуучу мына ушундай кыйын кармашта каармандардын реализм менен фантазиянын ортосуна коюп көрсөтөт. Орган карыя өзүн өмүр бою коштоп келген Айым-балык жөнүндөгү таттуу түшүнүк лаззатына батып, ишеним күчүнө ээ болот, Кирискти болсо Музлук кыздын табышмактуу күлкүсү шыктандырып дем берет, кыйноокыстоо учурларда, чаңкап, жумуру катып чычкан акеден суу бер деп жалынып сурап жаны ачыганда Музлук кыз менен өткөргөн эң сонун учурларын эстейт, ал учурлар балага не бир ажайып, не бир укмуш, кайталангыс көз ырмем кездей болуп туюлат. Жазуучу повесттин оптимисттик пафосун балалык таттуу, куру кыялдары быркырап, өзүнүн эң жакындарынын, эч нерседен кайра тартпас көк жал адамдардын өмүр куну менен аман калган Кириск-тин ой-сезими аркылуу туюндурулат.

«Бала аң-таң: жылдыздар жымыңдайт, ай жүрөт ойноп, шамал согуп турат арылдап, деңизге жан кириптир, толкундар түрмөктөлүп айдалат — тирүүчүлүктүн жаны ушул эмеспи. Куугунтук жеген туман деле калыптыр ар ар жерде уурданып, кайык аларга кире бергенде кайра баягы өлүү жагдай, бирок анысы эми көпкө созулбайт.



Улуу туман чөккөн жеринен турган экен, шамалдын эпкининe ордунан козголгон экен, эми тыйылып өзү каңгый баштаган экен.

Жылдыздарды карай берип, бала көзүнө жаш алды. Калак шилер алы жок, жылдыз болжоп багыт белгилегенди билбейт, каерде экенин билбейт, кайда сүзөөрүн билбейт, эртең эмне болорун билбейт — бала баягысындай эле алсыз, кароосуз. Бирок толкундун шуулдашына, шамалдын жүрүшүнө, кайыктын толкун минип кайкып баратканына бала кубанды».

Жазуучу бул повестте адамдын баарынан күчтүүлүгү, турмуштун түгөнбөстүгү жөнүндөгү оптимисттик ойду ырастап, улуу туман каптаган алаамат коркунучтан сактанууну адамзат баласына эскертип өтөт.

* * *

Г. Моппасан «Иван Ильичтин өлүмүн» окуп чыгып таң калган экен, анан жакын адамдарына чыгармаларынын бардык он тому эч нерсеге арзыбайт деп айтыптыр. «Маркестин «Жалгыздыктын жүз жылы» романын окуп отуруп,— деп мойнуна алган Ч. Айтматов,— мен өзүмө эркисизден: ушул кезге чейин жетиштүү түрдө кылдат иштей алдымбы деп суроо бердим. Биз ар биребиз өзүбүздүн китебибизди издейбиз, эгер аны таап алсаң, кандай бакыт».

Бул эмне, жалпыга таанылган чыгармалардан баш тарткандыкпы? Албетте, жок. Талапчылдык, чыгармачылыктын бийик чокуларына умтулуу деген дал ушул болот. Мындай сезим чоң сүрөткерлерде гана болот, алардын чыгармачылык изденүүсү эч качан токтолбойт, алар ар качан өздөрүн курчутуп, өркүндөтүп турушат.

Ар бир адабияттын качандыр бир мезгилде жарк этер жылдыздуу сааты болот, андайда анын айдыңында бир ажайып чыгарма жаралат да, автордун гана эмес, ошондой эле эчен бир сөз зергерлерин бириктирип турган мүлдө адабияттын да бийик чегин билдирип, ар түрдүү таанним-табиттеги адабиятчыларды өзүнүн керемет күчүнө тамшандырып, алардын жалпы урматына ээ болот. Кезинде «Тынч Дон», «Васйлий Теркин», «Орус токою», «Абай» жана ушу сыяктуу чыгармалар көп улуттуу совет адабиятында дал ушундай мүнөздөгү чыгармалардан болгон. Биздин мезгилдеги эң бараандуу көркөм көрүнүш катары, менин пикирмде, Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын тартынбай атаса жарашат. Бул романды

М. Дудин, Е. Евтушенко, Ю. Суровцев, М. Карим, Н. Потапов, Д. Гранин, В. Огнев. И. Загребальный ж. б. у. с. эң бир таламы катуу жазуучулар менен акындар, сынчылар жактырып тосуп алышты. Айрым пикирлерди келтире кетели. «Аймatовдун акыркы романы мени айрац таң калтырды — анын деталдары да, маани-мазмуну да, мезгилдин демин сездирген илеби да, убайым санаасы да таңдандырат. Бул дүйнөдө болуп жаткан иштер үчүн өзүнүн жоопкерчилигин сезген залкар сүрөткердин, коммунист адамдын залкар чыгармасы. Роман жапакечтикке жана чексиз оптимизимге, адамга болгон чексиз ишенимге сугарылган»[1] (М. Карим). «Биздин алдыбызда тарыхый өткөндөгүлөргө кадала кунтун коюп, биздин болуп көрбөгөндөй татаал жана карама-каршылыктуу мезгилибиздин жандуу кыймылын ачык жүрөгү менен кабыл алып, келечекке сабырсызданып өктөмдүү жана батымдуу собол салган таланттын чыгармасы турат. Орус жана дүйнөлүк адабияттын тажрыйбаларын жан үрөп үйрөнүп, көз карашынын өрүшү жагынан «доор менен тең катарда» болууну көздөгөн сүрөткер адамдын чыгармасы турат» (Н. Потапов).[2] Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романына, менимче биздин эле адабияттан эмес, жалпы дүйнөлүк адабияттын контекстинде да узак өмүр сүрүүнүн энчиси буйруганында. Эмне үчүн? Айтматовдун башка да, мисалы «Ак кеме», «Гүлсарат» сыяктуу күчтүү чыгармалары бар. Бирок акыркы романы нуска-наркынын масштабы боюнча мурунку бардык чыгармаларынан ашып түшөт»[3] (Е. Евтушенко). Мындай пикирлерди каалаганча келтире берсе болот эле, бирок анын анчалык зарылдыгы жок. Айтматовдун жаңы чыгармасын кайсы жанр менен атаса болот? Автор өзү аны роман деп атаса да, бул кыйла кыйын кеп... Бул кадресе роман эмес, анын поэтикалык чектери улуу Сары-Өзөк чөлүнөн тартып галактика-мейкиндигиндеги Токой-Таш планетасына чейинки жалпы ааламды кучагына камтыйт, анчалык чоң эмес, аалам мейкининен көзгө илине албаган темир жолдун тоомундагы кичинекей бекетче дүйнөнүн борбору болуп калат: бул жерде адамдар жашап, иштеп, ак жашап, адамдык нарк-насил менен жашоонун кубаныч-таалайын, кайгы-касыретин тең бөлүшүп, бала төрөп, каза болгонун кастарлап жерге коюп, бири-бирин эш тутуп, арка-жөлөк болуп, ырдашып-ыйлашып өмүр кечиришет. Анан да бүт дүйнө-

[1] «Литературная газета», 29-апрель, 1981.
[2] «Правда», 16-февраль, 1981.
[3] «Литературная газета», 1981, 10-июнь.



нүн жүлүнү сегиз үйдөн турган ушул чакан бекет аркылуу өткөнсүйт. Бул чыгарма роман деген кадимки жанрдык түшүнүккө сыйыша бербейт, ал андан алда канча кеңири, терең жана көп катмарлуу. Чыгарманы окуп чыгып, акыл элегинен өткөрүп, терең ойлорго түшүп, мындай деп айтарың бышык: бул бак-таалай менен кайгы капанын, алпеймдик менен ырайымсыздыктын, сүйүү менен аруулуктун, адамдык менен акмактыктын эр жүрөктүк менен суу жүрөктүктүн, адамдык бийик сапат менен пастыктын, мээнеткечтик менен өжөрлүктүн романы, бул орошон ойдун романы, бул роман-эссе, бул роман-миф, фольклор, бул жаратылыш жана адамдын нарк-насили, жашоодогу анын тарыхый орду жөнүндөгү философиялык, турмуштук терең ой-толгоолордун романы, анда реалдуулук менен фантастика эшилген аркандай болуп бекем өрүлгөн, бул элдин тарыхый эстелик-эскермеси, анын да мезгилдердин учук уландысы жөнүндөгү роман: бул кадимки маанидеги роман эмес, бул майышпас рух, жан дүйнөнүн бийик чабыты, окторулган мүнөз, кайгы-касырет, ачуу тагдыр, күмөнкүдүк жана ишенич-үмүт, ээ-жаа бербес сезим, өнө боюна адамзат тукумунун эң бийик сапаттары менен асылдыгын уютуп, аны зор кажар менен ыйык туткан Бороонду Едигей жөнүндөгү роман-легенда: акырында бул автордун көңүлүндө баккан аялуу, менчик, ички дүйнөсүнүн романы, анын сапаттарынан, каармандардын ойлорунан, убайым санаасынан, тунук мүдөөлөрүнөн, нравалык жоруксундары менен мүшкүлдөрүнөн биз Айтматовдун — булардын баарын жан дүйнөсүнөн сызгырып чыгарып, жан азабын тартып кыйналып жатып мына ушундай ажайып жана керемет дүйнөнү жараткан автордун үнү менен инсандын ыйманын жазбай таанып, көрүп турабыз: бекеринен автор китебине X кылымдагы улуу армян акыны Григор Нарекацинин «Аза китебинен» эки сап ырды эпиграф кылып алган эмес: «Бул китеп менин денем деп бил, бул сөз менин жаным деп бил». Андыктан бул чыгарманы автор «жан күйгүзүп» олтуруп жараткан деп айтсак болот. Ошондон улам болсо керек, романды окуп чыгып өзүңчө эле айкөл тартып, дүйнөң түгөл болгонсуп, байыпмаарып, төрт тарабың төп болуп, ойлоруң да тазаланып арууланып, дүйнөгө, адамдарга алпейимиң төгүлүп, тарыхый көз карашың кеңейип жана тереңдеп, Гоголь айткандай, өзүңдү «төгөрөктүн төр бурчун тең көрүп тургандай» сезип кетесиң.

Айтматовдун романын окуп олтуруп Л. Н. Толстой өзүнүн улуу романына карата жазган сөзүндө айткан мын-

дай бир терең маанилүү ойду эрксизден эске түшүрөсүң: «Согуш жана тынчтык» эмне? Бул роман эмес, поэмага да жакындыгы жок, тарыхый хроникага андан бетер окшобойт. «Согуш жана тынчтык» кайсы формада айтылган болсо дал ошол формада автордун айтып бергиси келген жана айтып бере алган персеси»[1].

Кеменгер орус жазуучусунун бул сөздөрүн келтирүү менен биз кыргыз жазуучусунун романы масштабы жагынан «Согуш жана тынчтык менен тең турат экен го деген калпыс ойду каңкуу кылгандан таптакыр алыспыз, жок, биз болгону Л. Толстойдун бул оюн, перефразалап, «Кылым карытар бир күн» романындагы ойлор кандай формада айтылган болсо, дал ошол формада автордун айтып бермекчи болгон жана айтып бере алган нерсеси экендигин ырастагыбыз гана келет.

Көп учурда адамдар таңыркап сурашат: эмне үчүн Айтматов өз чыгармасында Сары-Өзөк чөлүн окуянын географиялык орду катары тандап алган жана казак элинин уламыштары менен ырларын келтирет? Ар кандай автор өз чыгармасында каалаган жерди тандап алууга акылуу, бирок ал муну объективдүү себептердин жана муктаждыктан жасайт. Сары-Өзөн чөлү өзүнүн эң сонун ырлары жана уламыш жомоктору менен, Эне-Бейит сындуу тарыхый жерлери, анын космодромго улагалаш, жакын тургандыгы менен жазуучунун чыгармачыл ой-мүдөөсүнө, фантазиясына шайкеш келген, андан башка себеп жок. Биздин кылымдын полярдык точкалары айгашкан жерди Айтматов атайлап тандап алды: бир жагынан космодром, андан кезде уч-кыйырсыз эрме чөлдү кулак тундура жаңыртып ракеталар учуп чыгып турат: экинчи тараптан чакан станция, анын жашоочулары мына ушул чоң калаалар менен окуялардан алыс турган, саналуу гана адамдар бар, кышкысын бороон-чапкын жүрүп, кар калың түшкөн, жайкысын болсо жан кажыган аптап үюп, үп болуп көңүлгө такай кусалык менен жалгыздыктын кээрин үйүп, кайда караба көз жетпей мелтиреп жаткан, суусу жок эрме чөлдө өздөрүнүн күнүмдүк оокат-тиричилиги менен алпурушуп, тагылган жумушун иштеп, күн өткөрүшөт. Айтматов бул жолу өзүнүн каармандары Едигей, Елизаров, Казангап, Абуталип жана башкалардын ички сулуулугун, адамдык, нарк-насилин, бекемдигин, алардын кажыбас кажары менен асылдык-айкөлдүгүн дал ушундай кыйын-кезендүү жерде текшерип, иликтеп көрүүгө бел байлайт, дал мына

[1] Л. Н. Толстой. «О литературе», 115-бет.



ушул жерде Едигей менен Сабитжан өндүү ар башка мүнөзү, тагдыр-таалайы, турмуштук көз карашы жана позициясы бар адамдар бетме-бет келишип, кагылышат. Романда демейде боло жүргөндөй каармандардын эки лагерге бөлүнгөн магистралдуу конфликттери менен карама-каршылыктары жок сыяктуу, бирок ал бир дем менен окулат, ички конфликттери бардык оюнду топтоп, абдан кунт коюп окууну талап этет. Романдын негизги каармандары кадыресе эле жөнөкөй, бирок ак ниеттүү, сезимтал, жоомарт адамдар, алар кимге болбосун айкөлдүк менен жакшылык кыла билген, башкалардын кайгы-капасын түшүнүп, тең бөлүшө билген кишилер. Мисалы Казангап карыя не деген керемет жана айкөл адам, ал согуштан кийин бир жолу Кумбелде Едигейди капысынан кезиктирип, эртели-кеч түк таанып-билбеген адамга өзүнүн колун сунуп, жакшылыгын көрсөтөт, Едигей ушул кезде согуштан жаңыдан гана кайтып келип, туруктуу бир отурук таап, турмуш өткөрүү үчүн аялы экөө жер кезип жүргөн малы эле: Казангап аларды өзү жашап иштеген Бороондуу станциясына ээрчитип келип, колунан келген жакшылыгын аябай, аларды бооруна тартып жылытып, арып-азып калган Едигейди төөнүн сүтүнө тойдуруп, ирдентип, тайлак тартуу кылат. Каранар кийин бүткүл Сары-Өзөк чөлүнө белгилүү желмаян төө болот, Едигейдин сыймыгы да, даңкы да жана мүшкүлү да ошол болот. Романдын окуясы дал ушул Казангап карыянын каза болушунан башталат. Турмуштун ой-чуңкурун көп басып, жазмыштын далай жакшы-жаманын көрүп, баштан өткөргөн Казангап көңүлдүн жарааты дегенди, анын өлчөөсүз оордугун айныбай сезип-билген адам, отузунчу жылдары кара ниеттүү активисттердин шыкагына азгырылып, өз атасын кулак катары адилет жазага тартылды деп эл көзүнчө айтып алып, бирок кийин атасы ак жерден айыпталып, туура эмес соттолгонун түшүнгөн соң өмүр бою бармагын кырча тиштеп өкүнүп жүрөт жана ал өктөсүн өзү менен кошо кара жерге ала кетет. Бир ирет Казангап өзүнүн ушул ичтен иришти, чок сыяктуу өзөгүн куйкалаган өкүнүч-арманын мындай деген ачуу сөздөр менен туюнтат: «Кеп ошондо. Байлыгынды алып койсо өлбөйсүң, эптеп күн көрөсүң. А эгер абийирди тепсеп салышса, аны эч ким кайра тазарта албайт...» Казангап Едигейге элдик акылдын уюткусундай, ымандуулуктун жана адамгерчиликтин туткасындай көрүнөт, ал согуштан кийин өзүнүн улуу досунун моралдык-нравалык өрнөгүнүн түздөн-түз таасири астында көзү ачылып, эрк-кайраты чыңалып, акылга кирди. Казангаптын

өлүмү анын кабыргасын катуу кайыштырды, андыктан аны бардык ызат-урмат менен атактуу Эне-Бейит мүрзөсүнө ардактап коюуну чечти. Едигей элдин өнөгөлүү жакшы салттарын, байыркы бабалардын жөрөлгө-ырасмысын терең урмат кылат. Ошондуктан кээ бир жашыраак адамдар маркумдун сөөгүн ушунчалык алыс жерге алып барып коюунун канчалык кажаты бар эле деп ыргылжың болушканда ал тигилердин сөзүн бөлүп, кесе сүйлөдү: «Койсоңорчу, ушу да жигиттин сөзүбү. Мындай кишинин ата-бабасы жаткан Эне-Бейитке коебуз. Ракматы өзү ошентип керез айтып кеткен. А көрө көп сүйлөбөй кам көрөлү. Жол алыс. Эртең эрте жолго чыккандай бололу...»

Едигейдин мындай чечкиндүү бүтүмүнөн улам Пушкиндин төмөнкү саптарын эркисизден эске түшүрөсүң:

Эки сезим — эгиз өскөн баладай,
Азаматка кайрат берет аябай
Тууган жердин ыйык сүйүү багының,
Арбактарын ыйык көрүү кагылып,
Бул касиет өчпөй турган күлазык.

Элдик ыйык жөрөлгөнү терең кастарлаган Едигей Каранар буурасын таң эртең менентен комдоп, килем саймалуу, учук чачылуу жабууну жаап, жасалгалады. Каранарын ары бери айланып карап жүрүп мындайча ойго кетти: «Жаштар көрүп алсын, айрыкча Сабитжан түшүнсүн: жакшы жаман өткөн кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да оор жүк же кыжаалат түйшүк эмес, салтанат, ошого жараша урмат сый болушу керек. Бирөөлөр музыка коет экен, башкалар туу көтөрүп мылтык атып көмөт, дагы бирөөлөр гүл чачат. Ар элдин өзүнчө расми-си бар...»

Мына ушул ойлордон Едигейдин бүткүл ички портрети», эл менен терең тамырлаш, элдин жан дүйнөсү менен жашаган адамдын дүйнөсү күзгүдөн чагылгандай даана көрүнүп турат. Едигейдин элдик уламыш-мифтерге, накыл сөздөргө жакын тургандыгы да ушуну менен түшүндүрүлөт, жазуучу анын бул сапатын бардык жерде жана бүткүл чыгармада көркөм деталдарда, эпизоддордо кайра-кайра баса көрсөтүп отурат. Айтматовдун мифологиялык чыгармачылыгы бул романда ого бетер тереңден, кеңкесири мүнөзгө ээ болуп, үлгүлүү, бузулбас, көркөм система жана концепция болуп калган, бул Каранарын желдирип, аза көчүн баштап алдыда бараткан Едигейдин тагдырынан, кезинде Казанган карыядан укkан элдик эзелки уламыш-жомокторду, накыл ырларды жана даанышман санжыраларды эске түшүрүп, терең жана кайгылуу ойго чөмүлгөн санаасынан таасын көрүнөт: бул уламыштардын баары жайдак тарых эмес эле, анын баары адамдардын тагдыры, элдин тагдыры, анын ичинде Едигейдин да тагдыры менен жүрөгү аркылуу өтөт. Жогору жакта биз белгилегендей, Айтматовдун романы көп сайлуу жана көп катмарлуу роман. Ошонун ичинен жазуучунун өзүн көбүрөөк ойлонтуп, убайга салган тарыхый аңсезим маселесин алып, ал романда кандай көркөм каражаттар аркылуу сүрөттөлүп, кандайча коюлуп, кандайча чечилгендигин талдап чыгарууга аракеттенип көрөлү.

Өткөн тарых менен азыркы учурдун байланышы жөнүндөгү маселе ар кандай маданият менен илим үчүн актуалдуу жана чечүүчү мааниге ээ болгондуктан адамзаттын эң алдыңкы ойчулдарын ар дайым ойго салып, ойлонтуп келген. Бул масштабы жагынан абдан кең масе-ле, ошондон улам адамзаттын өнүгүү жолундагы ар бир тарыхый чекте ал өзүн эстетип, баамдатып турган. Жыйырманчы жылдары эле, өлкөбүз капиталисттик курчоодо калып, интервенттер, ак гвардиячылар менен айгышкан кармаштар жүрүп жаткан, нан жебей, азык-оокат, отун-суу, сырье тартыш болуп, эл ачарчылыктын азабын тартып жаткан... Кыскасы, революциянын көсөмү, Совнаркомдун башчысы В. И. Лениндин түйшөлөр түйшүгү толуп жаткан. Ал болсо ушуга карабастан Бүткүл Россиялык жаштар Союзунун III съездинде тарыхый сөзүн сүйлөдү. Бизге азыр «Жаштар союзунун милдеттери» деген наам менен белгилүү болгон көсөмдүн ушул сөзүндө жаштардын алдына коммунизмди кандайча окуп-үйрөнүү керек, бул үчүн эмнелерди өздөштүрүп-билүү керек деген милдеттер коюлуп, анын жол-жоболору көрсөтүлгөн. Адеп караганда, коммунизмди үйрөнүү деген — коммунисттик окуу китептеринде, брошюураларда жана эмгектерде баяндалган билимдердин суммасын өздөштүрүү болот го деген пикирлердин ойго келүүсү табигый нерсе. Бирок коммунизмди үйрөнүү мындайча түшүнүү өтө одоно жана жетишсиз болор эле. Эгерде коммунизмди үйрөнүү — коммунисттик эмгектерде, китептерде жана брошюларда баяндалгандарды гана өздөштүрүү менен аяктала турган болсо, анда биз коммунисттик начетчикте жана мактанчаактарга опоцой эле кабылган болор элек: ал эми бул болсо бизге жалаң гана зыян жана залал келтирер эле, анткени — бул адамдар коммунисттик китептерде жана брошюларда баяндалгандарды үйрөнүп жана жаттап алса да, бул билимдердин бардыгын бириктирүүнү биле ал-

баган болор эле жана коммунизм чындап талап кылгандай аракет да кылалбас эле.[1]

Андан ары В. И. Ленин коммунизмди окуп-үйрөнүү боюнча жаштардын алдында турган зор программаны кеңири мүнөздө баяндап келип, өзүнүн концепциясын төмөнкүдөй гениалдуу сөз менен тыянактаган: «Адамзат иштеп чыккан бардык байлыктар менен акыл-эсиңди байытканда гана коммунист боло аласың»[2]

В. И. Лениндин бул сөзүн бүгүн кайталап окуп, дүйнөлүк пролетариаттын жол башчысынын ушунчалык алыс-ты айныбай көрө билген албан акылмандыгы менен даанышмандыгына айран-таң калып, кайра-кайра суктана бересиң. Биринчи социалисттик мамлекеттин башатында туруп алдыдагы тарыхтын тээ түпкүрүндөгү көп нерселерди алдын ала жаземдебей көрө билип, коммунисттин фразеология менен ашкере эле көп алакеттене берүү акыры жүрүп кайгылуу натыйжаларга алып келерин дүйнөлүк коммунисттик кыймылдын жетекчилеринин эсине салып, алдын-ала эскерткен. Социализмдин курулушундагы мындай кайгылуу натыйжалар Кытайдагы «маданий революция» деп аталган процесстин учурунда толук көрүндү, анын негизги максаты Маонун «Кызыл китебинен» бир канча цитаталарды гана эси-көөнүнөн чыккыс кылып жаттап алуу дегенди билдирген, бул суроо жаштардын акыл-эсин тумсак кылып, аларды узак тарыхый мезгилдердин ичинде адамзат жаратып жыйнап келген көөнөрбөс байлыктардын баарынан кур жалак калтырды. Тарыхый аң-сезим — бул ар кандай элдин жана айрым алынган ар бир адамдын эң улуу казына-мурасы, ачык айтканда бул өткөндөгү бардык улуу акындар менен жазуучулардын, философтордун, окумуштуулардын, эр жүрөк деңизчи-саякатчылардын полководецтердин, зергерлердин, композиторлордун кыскасы акылы тунук улуу адамдар жараткан чыгармалар. Тарыхый аң-сезим — бул эң байыркы жана ажайып тарыхы бар Рим: бул Бальзак, Гюго, Флобер, Роллан, Арагон сыяктуу залкар жазуучулар жашап, эмгектерин жараткан Париж: тарыхта биринчи жолу дүйнөлүк капитализмдин үрөйүн учуруп, сесин алган комму на: Бул — Маркс, Энгельс, Ленин алар да бир кездерде мына ушул жайдары шаардын көчөлөрүн аралап

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар, Фрунзе, 1958-жыл, 31-том, 305—306-беттер, Кыргызстан мамлекеттик басмасы, кыргызча биринчи басылышы.

[2] В. И. Ленин. М., из-во политической литературы, 1971, III том, стр. 409, 412.



басышкан, ал Хемингуэйге ар бир келген сайын майрамдай туюлуп, анын жан-дили менен бирге жашаган: бул — акын айткандай «октябрдагы чабуулдардын дүбүртүнөн ар бир ташы Ленинди жазбай тааныган» революциянын алтын бешиги — Ленинградда, бул дүйнөгө улуу революциянын башталышын кабарлаган «Аврора» бул Жез атчан, Эрмитаж: бул — жылаажын үндүү, коңгуроолуу Москва, улуу көсөм түбөлүк уйкуда көшүлүп жаткан Кремль менен Кызыл аянт: бул — көз жоосун талдырган эстеликтери менен укмуштай уламыш-санжыраларга койну толгон Самарканд — бул тарыхы тээ байыркы кылымдардын кыйырын карыткан менин эзелки жана жаш калаам — Ош. Дүйнөлүк цивилизациядагы тарыхый эстелик-мурастардын баарын санап түгөтө албаспыз, буларсыз биздин дүйнөбүз да, адамзат тарыхы да кунарсыз болор эле.

Эскерип эстей турган тарыхый мурасы жок эл болбойт, ал эми өткөндө жазмасы болбогон же орду толбос апаат-тын айынан жазмасынан ажырап, аны жоготуп койгон элдер өздөрүнүн өткөндөгү тарыхын эпостордо, уламыш-жомоктордо, санжыра накыл кептерде, ырларда музыкалык чыгармаларда, колунан көөрү төгүлгөн элдик зергерлер менен уздардын жараткан асем буюмдарында, макал-лакаптарда сактап, муундан-муунга өткөрүп айтып келишкен. Эзелки тарыхы жана маданияты бар, «Манас» сындуу теңдешсиз эпосту түзүп, анда өзүнүн үрп адатын, үмүт-ишенимин, тарыхый жолун, адамгерчилик, эрдик, кадыр-барк, Мекен, эркиндик, көз карандысыздык, сүйүү, сулуулук жөнүндөгү өзүнүн түшүнүк-билимин чагылтып, сактап келген кыргыз эли ошондой элдердин бири. «Эл бардык материалдык дөөлөттөрдү түзүп жараткан күч эле эмес, ал рухий дөөлөттөрдүн жападан-жалгыз жана көөнөрбөс башаты, ал адеми артып жана гениалдуу чыгармаларды, жер бетиндеги залкар дастандарды, бардык трагедияларды, алардын ичинен эң залкары — бүткүл дүйнөлүк маданияттын тарыхын түзүп жаратып келген бардык мезгилдердин философу жана генийи»[1] деп айткан М. Горький.

Элдик эпостордо, уламыштарда тарыхый окуялар өзгөчө, кыйыр формада сакталат, анткени көп нерселер мезгил өткөн сайын унутулуп, эстен чыгат, бирок эзелки тарыхый окуялардын негизги жана жарык шооласы өчпөй сакталып, жашап калат. Кыргыз элинин «Манас», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу баатырдык эпосторунда

[1] М. Горький. О литературе. 48-бет.

кайсыбир убактарда бөтөн жердик баскынчыларга каршы күрөштө эл башынан кечирген тарыхый окуялар сүрөттөлөт. Кыргыздарда өткөндөгү тарыхый окуяларга түздөн-түз байланышы бар байыркы макал-лакаптар да сакталып калган. Мисалы, «Кайда барсаң Мамайдын көрү» ж. б.

Эгерде тарыхый эстелик мурасы болбосо ар кандай эл жаңы төрөлгөн баладай тумсак болуп калар эле.

«Кылым карытар бир күн» романында бул теманын курч коюлуп отурганы Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы жаңы же кокустук эмес. Бул маселе жазуучуну «Гүлсарат» повестинен бери эле ойго салып келатат. Гүлсары экинчи мертебе качып келгендеги эпизод окурмандардын эсинде бардыр. Бул жолу Танабайдын жоргосу ага кишенделген бойдон келет. Танабай үй-бүлөсү менен жаналакетке түшүп жатып, кишенди араңдан зорго бошотот да, аны алыс ыргытып салат. Ошондогу эпизод повестте мындайча сүрөттөлөт: «Дат баскан кишенди ары айландырып, бери айландырып карап, аны соккон устанын өзүнө ыраазы болду. Усталыгында айып жок, чебер колдон чыккан экен бу кишен. Илгерки өткөн кыргыз усталарынан калган мурас. Азыр ал өнөрдөн жик калбады, баары биротоло унутулду. Азыр кишендин да кереги жок. Күмүштөн, жезден, жыгачтан, булгаарыдан не бир укмуш жасалга, идиш-аяк, буюмдарды жасачу эмес беле илгери. Анчалык кымбат деле эмес, бирок көркөмү менен артык эле алар. Бирине-бири окшобой, ар биринин өз-өзүнчө таржымалы болор эле. Эми алардын бири жок. Азыр табакты да, кашыкты да, сөйкөнү да, даграны да алюминийден чампалай берет, кайда барсаң, кайдан көрсөң — баары окшош. Көңүлүңдү айнытат. Ээр чапкан усталарды айтчы! Азыр кимде-ким бирөө билбесе, калган жок. Илгери болсо ар бир элдин өзүнчө таржымалы боло турган: ким качан чапканы, кимге тартуулаганы, тартуусуна эмне алганы эл оозунда сөз болуп жүрөр эле. Өткөн атабабанын өнөрүн унутат, өлтүрөт деген ошол. Болбосо колдон көөрү — көздүн көөрү, жүрөктүн тили, ыры эмес беле». Айтматов азыркы жаштар ата-бабаларынан калган бардык жакшы сапаттарды, үрп-адаттарды жана осуяттарды үйрөнүп, аларды азыркы турмуштун жаңы шарттарына ылайыкташтырып өнүктүрсө деп жан-дили менен каалайт. Тарыхый осуят-мурастардын проблемасын «Ак кеме» повестинде жазуучу таптакыр күтүүсүз өңүттөн чыгып, козгойт. Бала менен солдаттын ортосунда мындай сөздөр айтылат:



— Жети атаңын аттарын үйрөткөн жок беле акең? — деди бала.

— Ит билеби. Ага не таңсык болдың? Жети атамы билбейм, бирак, көрүп турасың гой, көп катары жасап жүрөм.

— Атам айтат, «адамдар ата-тегин унутуп койсо, бузулуп кетет» дейт.

— Ким бузулат? Кисилерме?

— Ооба.

— Не үшин?

— Анда деп атам айтат, «адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдардын балдары билбей калат деп адамдар жакшылык кылбай калат дейт».

Ар бир муун өзүнүн жети атасына чейинки тек-жайын билиши керек деген Момун абышканын оюнда жамандык менен жакшылык жөнүндөгү элдик көз караш айтылган. Илгерки убактарда кыргыздар менен казактар жети атасын билбеген адамды кул деп коюша турган. Оор эзүүнүн алдында, жазма-чимейси жок жашаган элдин ушул түшүнүгүндө, канчалык парадоксалуу болсо да, терең акыл жатат: анткени жети атасын билген адам өзүнчө эле тирүү тарых, оозеки энциклопедия эмеспи. Ата-бабалардын мыкты өрнөгү кийинки урпактарга дем берип шыктандырып, ал эми осол жактары ойго салып, ичтен уяткарган.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн романында элдин тарыхый аң-сезиминдеги элдик башаттарды абдан кеңири, эпикалык планда иликтөөгө алып, аларды өлбөс-өчпөс ырлардан, уламыштардан, күүлөрдөн, учкул сөздөрдөн, Эне-бейит мүрзөсүнөн, уч-кыйырсыз казак талаасынын кыйырларынан айныбай көрө билет, жазуучунун калеминен эбак унутулган ыр же уламыш кайра жанданып, чыгарманын органикалык бөлүгүнө айланып, каармандардын мүнөзүн өнүктүрүп аралдык балыкчылардын алтын мекре жөнүндөгү уламыш казак элинин «Раймалы — аганын иниси Адилханга айтканы» деген тарыхый дастанын керемет түргө келтирип, иштеп чыгат, алардын баары романдын көркөм композициясына чырмалып өрүлөт жана алар аркылуу Едигейдин инсандык мүнөзү, жан дүйнөсү терең ачылат. Жазуучу өзү колдонгон элдик ырлар менен уламыштарга чоң ызаат жана урмат менен мамиле жасайт, өзүнүн бул мамилесин романда элдик ооз эки чыгармачылыктын чоң билерманы саналып, аларды кастарлап чогултуп, Раймалы-ага жөнүндөгү санжыра дастанды биринчи болуп Казангаптан жазып алган Абуталиптин сөздөрү ар-

кылуу билдирет. Абуталип эзелки ата-бабалардын рухий казынасы жөнүндө мындайча ой толгойт: «Биздин ата-бабаларыбыз өздөрү тууралуу сөздөрүн улама жомоктор менен айтып кеткен. Өздөрү кандай улуу кишилер болгонун укум-тукум билсин деген. Эми биз аларды рухани боюнча баалайбыз... Илгерки ырларды жазып алдым, кийин аларды да таппай каласың. Менин түшүнүгүмдө, ыр деген илгеркиден калган кабар, баян... Илгеркилердин ырдаганы сонун да! Ар бир ыр өзүнчө эле тагдыр, тарых. Ошо кишилерди кадимкидей көрүп турасың. Ошолор менен сырдашасың, ошолордой күйө алсаң, күлө алсаң. Мына көрдүңбү алардын таштап кеткен мурасын...»

Роман уламыштарга, ырларга жана притчаларга абдан ширелген, бирок бул анын эстетикалык-көркөмдүк деңгээлине салакасын тийгизбейт... Ошентсе да «Кылым карытар бир күн» романындагы мифологиялык багыттын айланып келип такалар жери гана анофозу, менин оюмча Маңкурт жөнүндөгү философиялык бийик тонустагы уламыш болуп саналат. Азыркы кездеги маңкуртчулуктун жийиркеничтүү кешпири жана маңызы жөнүндөгү жазуучунун концепциясы Сабитжандын образы аркылуу туюнтулат. Бүт бойдон китептик тааныргe көшүлүп, көңдөй болуп бүткөн бул адамдын өзүнө-өзү корстон болгон физиономиясы менен ыплас, жексур «философиясынан» башка ыйык көрүп, кадыр тутар дегеле мыдыры жок. Анын иритмелүү, байыйман «философиясын» таамай туюнткан төмөнкү сөздөрүнө кулак төшөп көрөлүчү: «Мезгили келгенде алиги аппараттарды башкаргандай кылып адамдарды да радио менен башкарып калат. Түшүндүцөрбү, бала дебей, чоң дебей, бүт адамзатты радио менен башкарган кез да келет. Илимий көзөмөлдөр азыртан даяр. Эң жогорку кызыкчылыкты көздөгөн илим буга да жетишип отурат... Адам борбордон түзүлгөн программа боюнча иштеп калат. Ар ким өз бетинче, өз эркинче жашап-иштеп жүрөт деген ойдо болот, ал чынында ар бир кыймыл аракети жогортон келген команда боюнча жүрөт. Бекем тартип, расписание болот. Сенин ырдашың керек болсо — сигнал — ырдайсың. Бийлешиң кере болсо,— сигнал — бийлейсиң. Иштешиң керек болсо — сигнал — иштейсиң... Анткени адамдардын жүрүш-турушу, ой-пикири, үмүт-тилеги бүт программага киргизилет. Мына айталы, азыр дүйнөдө демографиялык дүркүрөп өсүш болуп атыры, башкача айтканда балдар көп туулуп жатыры, алардын баарын багууга кудурет жетпейт. Эмне кылыш керек? Төрөлүүнү кыскартуу керек. Ал үчүн коомдун кызыкчылыгына керектүү учурда, сага жогортон сигнал болот, ошондо гана аялың менен мамилелеш болосуң». Ырас, Сабитжандын адамдык насилин сүрөттөп жатып жазуучу кай бир жерлерде анын образын жөнөкөйлөтүп жиберет, бирок ал муну аң-сезимдүү түрдө, атайлап жасайт. Бул Айтматовдун реализминдеги бир беткейликтин белгиси эмес. Анткени Сабитжан Айтматовдун чыгармаларындагы биринчи ирет кездешип отурган сатиралык образ, автор аны кадимкидей эле келекелеп, ачыктан-ачык эле жекирип карайт. Айтматовдун чыгармаларында мурда деле Садык, Ысмаил, Абакиров, Алданов, Сегизбаев, Орозкул өңдүү терс каармандар болгон, бирок жазуучу аларга «объективдүү» калыс көз менен караган, ал турсун кай бир жагдайларда алардын алсыздыгына, кесир кесепетине, адамдык кемчиликтерине боору ачып мамиле жасаган кездери бар. Бирок алар Сабитжанга келгенде абдан эле катаал. Автордун бул «субъективизми: менин оюмча мына булар менен түшүндүрүлөт: Сабитжан Едигей менен өз атасы Казангаптын антиподу болуу менен бирге космостук ракеталардын доорунда адам бардык кудурет күчүнөн ажырап, адамдык кейпин жоготкон бир макулук жанга айланат деген барып турган ыплас, жексур философияны туу кылып көтөрүп, жүргөндөрдүн бири, ал илимий-техникалык прогресстин кулак угуп, көз көрбөгөн бардык укмуштары адамдын акылынан жаралып, адамдын акылы менен жөнгө салынып турарын капарга илбей, ата-бабалардын осуят-мурастарына, адам духунун бийик дөөлөттөрүнө көз көрүнөө текеберчилик кылып, маңкурт сындуу адамдар өздөрү түзүп, өздөрү курган коомдун таламдарына шайкеш келчү бардык асыл, көөнөрбөс байлыктарга кол шилтеп, аларды таптакыр эстен чыгарып унутуп салууга даяр турат. Ата-бабалардын улуу салтынан тайбаган, достукту бийик тутуп кадырлаган Едигей Сабитжандын жөөлүгөн сандырак сөздөрүн угуп отуруп, бир эсе үрөйү уча минтип ойлонот: «Чынында эле ушундай кишилер бар болсо эмне? Кудай болуп бизди башкаргысы келген чоң окумуштуулар ушинтип ойлосо түбү эмне болот?...»

Качандыр бир кездерде Сары-Өзөк талаасын басып алган жуанжуандардын колуна түшүп акыл-эсинен ажырап Жоломандын адам чыдагыс азапка кабылышы, апасы Найман-эне аны адамдык акыл-сезимге келтирмек болуп жана туткундан бошотуп алмак болуп бел байлап барып, өзүнүн карачечекей уулунун аткан огунан жайран болушу жөнүндөгү тири укмуш баянга арналган глава роман-

дагы көркөмдүк жактан жетишкен эң бийик чек болуп саналат, казак элинин байыркы ушул уламышы ата мээримин, ата тарбиясын унутуп, энесинин бешик терметип алдейлеген ырын эстен чыгарып эсирген, атасын кантип жана кайда коюу керек жөнүндө ойлонуп да койбогон Сабитжан аркылуу азыркы кез үчүн да актуал мааниге өтүп, жаңыча жаңырат («Айтпадым беле! Жердин түбүнө сөөк ташыйт деген эмне шумдук, эскинин калдыгы, ырымчылдык да! Өзүңөр аз келгенсип кишинин башын чиритесиңер. Өлгөндүн сөөгүн кайда көмсө айырмасы эмне! Жо-ок, өлүп-талып Эне-бейитке жеткирип көмөбүз деп»). Сабитжандын ушул сөздөрүнөн азыркы кездеги маңкурттун бүткүл кебете-кешпири, көңүлүнүн кылайган бир жеринде адамгерчиликтин угуту калбаган ыймансыз бетпактыктын, мителиктин түр-түспөлү кашкайып көрүнүп турат. Жазуучунун түшүндүргөнү боюнча, маңкурт өзүнүн ким экенин, ата-тегин кайдан чыгып, кайдан жаралганын билген эмес, өз атын да, балалык чагын да, атасы менен апасын да караманча унутуп салган, кыскасы маңкурт өзүн адам деп сезген эмес. Бул, албетте, маңкуртчулуктун классикалык тиби. Бирок Сабитжанда маңкуртчулуктун коркунучтуу жана ага тектеш белгилери бар. Ал да өзүнүн тек жайын, ата салтын билбейт, киндик каны төгүлгөн ушул чөлдүү чөлкөмдөгү элдик ырларга анын ышкысы тушалбайт, атасынын өлүмү жөнүндөгү кабарды да тек камырабай кабыл алып, кайгырар кезде ал кайдагы бир нерселерди айтып чеченсип сүйлөп отурду, эң негизгиси ал технократиянын сенек закондору боюнча, жогортон калган сигнал боюнча жашаганды жактаган маңкурт сыяктуу макулук. Сабитжанизм — үй-бүлөдөгү, достордун чөйрөсүндөгү турмуштук тик катары, моралдык-нравалык, этико-философиялык, саясий мааниде алганда коомдогу коркунучтуу көрүнүш, ага Бороонду Едигейден кудурети улук духун карама-каршы коюу керек. Едигей бардык жагынан алганда мына ушул бечара, бирок кесирлүү тектин алдында моралдык үстөмдүккө ээ.

Романдын соңку бөлүгүндө Едигей күйүттүү ойлорго малынып, балким кайсыдыр бир жерде акылы тетик, көзү жетик бир киши бар чыгар, ал адамдын башын маң кылган дин-шайтандай, Сабитжанды балким киши кылып чыгарбай Сабитжан кылып чыгарышына максат күткөндүр деп ызасы күчөп, заманасы куурулат. « — Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту сен экенсиң! — деп каргап да, аяп да сүйлөдү жаны кашайган Едигей».

Маңкурт жөнүндөгү уламыштын акылман мааниси Айтматовдун трактовкасында Сабитжандын ички көндөй дүйнөсүн аңтарып ачып берүү үчүн гана кызмат кылбайт, менин оюмча, көркөм концепция катары анын мааниси жана аткарар милдети алда канча кең да, терең да. Сабитжандын философиясынан, анын нравалык кебете-кешпиринен биз айсбергдин суу үстүндөгү гана бөлүгүн көрөбүз, ал эми анын суу астында калган бөлүгү алда канча терең де жатат жана ал алыстан анча баамдала бербейт. Бул уламыш эл аралык аспектте да зор маани алып, абдан актуалдуу угулат. Чыгыш инкивизациясына мүнөздүү келген мыкаачылык ыкма менен жуңжандар Жоломандын башына шири кийгизип, аны акыл-эсинен ажыратып, өзүнчө эле маңбаш макулукка айлантканда жана Найман-эне «Кулунум, сенин эс-учуңан ажыратып жатканда...» деп сай сөөктү сыздаткан кайгылуу ырын созгондо улуу Кытай элинин «Маданий революция» деп аталган неменин түшунда түш болгон трагедиясы биздин эсибизге түшпөйт бекен? Бул өлкөдө адамга кас, зулумдуу күч бийликке келип, өз оюнан, өз жолунан, өз тарыхынан баш тартпагандарды ырайымсыз жазага тартып, жаштарды байыркы дүйнөдөн тартып биздин күндөргө чейинки адамзаттын бардык рухий мурастарын унутууга, аларды керексиз көр-шар, дал-дал сөгүлгөн эски кийим сыяктуу алыс ыргытып, баштан биротоло алып салууга чакырып, буржуазиянын маданияты жана «ревизионисттердин» маданияты деп атап Пушкинди, Толстойду, Горькийди, Шекспирди, Байронду, Шолоховду жана башкаларды эл көзүнчө отко ыргытып жагып, бардыгын «жайдак жерден» баштоо керек деген ойду жаштардын аң-сезимине ырайымсыз метод менен зордуктап киргизгени эске келбейт бекен? «Маданий революциянын» идеологдорунун түшүнүгүндөгү жана философиясындагы «жайдак» аң-сезим маңкуртчулуктун азыркы кездеги бир түрү эмес бекен? Мына ушул мааниде алганда Айтматовдун романы зор гуманисттик пафоско ээ болуп, маңкуртчулукту эл аралык көрүнүш катары, коммунизмдин идеалдарына таптакыр жат көрүнүш катары ашкерелеп, төгүндөп, олтурат. Жазуучу маңкуртчулук улуу тумоо сыяктуу дүйнөнүн бир жеринен дүрт этип тутанып, башка бир тарыхый шарттарда жана башка бир формада, башка бир түрүндө жаралып кетпегей эле деп бейжайга түшүп, тынчы кетип санааркайт.

Тарыхтын ушул ачуу таалимин кыргыз жазуучусу өз романында жалпыга угуза айтып, адамзаттын эсине салат.

Айтматовдун романы Л. Толстойдун «Согуш жана тынчтыгындай» «эки багыттуу» роман, анын биринчи ба-

ғытын — жер бетиндеги проблемалар, экинчи багыты болсо — космостук проблемалар түзөт. Жазуучу өзүнүн чыгармачылыгында сүрөттөөнүн фантастикалык формасына биринчи ирет кайрылып отурат. Романдагы эки багыт өз ара органикалуу түрдө ашташып, окуялардын өнүгүшүндө көзгө көрүнбөс бир ичке жиптер аркылуу байланышып турат да, жазуучунун философиялык ойлорунун ичкертен тутумдашкан себептерин ачып көрсөтүүдө бирин-бири толуктап олтурат. Романдын фантастикалык бөлүмүн окурмандар адамзат цивилизациясы тобокел тагдырга кептелип отурган азыркы биздин коогалуу мезгилдин реалдуулугу катары кабыл алышат жана аны Едигейдин тагдырына, Казангаптын жерге коюлушуна, Сабитжандын сандырак философиясында түздөн-түз тиешеси бар реалдуу конкреттүүлүк деп ойлошот. Айтматов романында космостук ааламдын бийлигинен, планетардык ойдун мунарасынан туруп жер шарына көз салып, адамдардын жердеги гөй-гөйүн, адамзаттын бүгүнкү менен эртеңкисин ушул бийиктен баа берип, териштирип көрүүгө зор батылдык менен белсенип бел байлайт. Романдын бүткүл фантастикалык бөлүгү, советтик-америкалык космонавттардын илгери белгисиз Токой-Төш планетасына учушу, кыйраткыч алаамат согуштун алдын алуу, жердеги ар түрдүү социалдык коомдук системалардын өз ара келишип тынчтыкта жашашы үчүн акыл-эстүү жолдорду издеп табуунун зарылдыгы жөнүндө алардын жердиктерге жиберген кайрылуусу автордун адамзат тагдыры жайындагы ой толгоолоруна каныккан. Космонавттардын ой толгоолору аркылуу адамзаттын жазуучу жер бетиндеги согушсуз тынчтыкты эңсеген эң бир аялуу, кастарлуу ой-тилегин билдирет: «Илгерки тарыхында балким, согуш да, мамлекет да, акча дегендер да жана аларга байланыштуу коомдук мамиленин башка категориялары да болгондур, анысын так айта албайбыз, бирок азыр ушул мезгилде зордукзомбулуктун институту болгон мамлекет, күрөштүн өзүнчө бир формасы болгон согуш деген түшүнүктөрдү булар таптакыр элестете алышпайт. Биздин Жердеги басылбаган көп согуш тууралуу айтып берсек анда биздин адамзат жоругу макоолук же маселе чечүүнүн айбанчылык түрү болуп көрүнөр беле деп ойлойбуз.

Биз салыштырылбас нерселерди салыштыргыбыз жок. Кези келгенде биздин Жерде да адамзат ушунчалык улуу прогресске жетишер, азыр ушу күндө да сыймыктанарлык жетишкендиктер аз эмес. Ошентсе да бир ой бизди бушайман кылат: тарых деген согуштардын тарыхы деп



өзүн-өзү ынандырып алып, адамзат бу күндө трагедиялык жазмыштын тоомунда турбасын? Бул күнгө чейинки биз өнүгүп-өсүп келаткан жолубуз башынан натуура болсо, анда кандай? Андай болсо биз кайда баратабыз, бу тарых жолу бизди кайда алпарат?»

Көңүл-көкөйүңдү эзгилеген мына ушул сөздөрдөн адамзатты экинчи дүйнөлүк согуштун ачуу таалимин жана азап-тозогун түк, такыр унутпоого, Освецим менен Бухенвальддын, Майданектин жан алгыч газ камераларын жана коюу түтүн бүркөгөн трубаларын, Хиросима менен Нагасакинин күкүм күлдөрүн бир мүнөт да эстен чыгарбоого үндөгөн Айтматовдун жазуучулук чакырыгы угулбайт бекен да, мунун өзү адамдын кейпинен кетип бараткан азыркы кездеги маңкурттарга — баарыдан мурда АКШнын администрациясына карата айтылган каардуу эскертүү эмес бекен?.. Мына ушул мааниде алганда романдагы фантастикалык багыт маңкурттун маңызын дүйнөлүк трагедиялык нотага чейин жеткирип жалпылаштырган.

«Кылым карытар бир күн» романы өзүнүн зор маанидеги ой-мүдөөсү дүйнөлүк актуалдуу глобалдык маселелерди камтыгандыгы жагынан, эң бийик идеялык-көркөм дөөлөттөрдү батылдык, чыныгы новатордук менен жүзөгө ашыргандыгы жагынан, менин оюмда, көп улуттуу совет адабиятында гана эмес, ошону менен бирге дүйнөлүк адабияттын масштабында алганда эң бир бийик, көөнөрбөс көркөм-эстетикалык көрүнүштөрдүн бирине жатат.

Буга менин кымындай да шегим жок.

## ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН ЖАМАНДЫКТЫН БОЙ ТИРЕШИ

Отуз жыл бою (чыгармачылык үчүн бул мөөнөт аз эмес, бүтүндөй адамдын турмушу!) Чыңгыз Айтматовдун ар бир жаңы чыгармасы жөнүндөгү кызуу талаш-тартыштардын күбөсү гана эмес, активдүү катышуучусу да болуп келатамын... 1958-жылы «Октябрь» журналында «Бетме-бет» повести алгач жарыяланган кезде анын айланасында жүргөн оозеки талаш-тартыштар күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ооба, убакыт да кыйын, өткөөл, татаал мезгил эле, партиянын XX съездинен кийин өлкөдө партиялык турмуштун лениндик нормасын калыбына келтирүү үчүн күрөш жүрүп жаткан, биздин коомдо демократиялаштыруунун жана маалымдуулуктун башаты көрүнүп калган. А. Твардовский башчылык кылган «Новый мир» журналы ар тараптан дүңгүрөп турган, бирок адамдын керт ба-

шына сыйынуу мезгилиндеги ой жүгүртүүнү жактоочулардын да позициялары күчтүү болучу. Кыргызстанда ошол мезгилде авторду ал «Бетме-бет» повестинин каарманы кылып өмүр менен өлүм бой тирешип, кан күйгөн согуш жүрүп жаткан кезде майдандан жанын ала качкан, качкын, мекендин чыккынчысы Исмайылды атайын тандап алды деп айыпташкан адамдар да табылган... Ооба, чындыгында жүйөлүүдөй угулган... Деги көркөм изилдөөнүн объектиси кылып ушундай жийиркеничтүү типти сүрөттөө мүмкүн беле? Андан соң айтылуу «Жамийла» пайда болду. «Жамийла бузулган аял! Майданда жүргөн күйөөсүн чанып кеткен аялды актоого болобу?»... деген баягы эле сөздөр. Ооба, кыйын суроо, кыйын окуя... Жалпы адамзаттык адептүүлүктүн көз карашынан жоокердин аялы кандай болсо да күтүүгө, ак шейшебин аттабоого жана анын очогун сактап турууга милдеттүү. Ошондуктан Симоновдун атактуу «Күткүн, мени» деген ыры согуш жылдарындагы кеңири жайылган ыр болуп калгандыгы кокусунан эмес, ал ыр ар бир майдангердин оозунан түшчү эмес, даркан аялдар аны тумар ордуна сакташкан, бул ырлардын мыктыларынын мыктысы эле... Айтматовдун талантынын күчү өз каармандарынын «типтүү эмес» кырдаалдарында жана жагдайларында кандайдыр бир маанилүү, кандайдыр бир терең кандайдыр бир жалпы адамзаттык көрүнүштү байкай билгендигинде жана өзүнүн каармандарын тандоодо өз окурмандарын эмоционалдык-көркөмдүк жагынан ынандыра жана багындыра алгандыгында. «Пейилдин оңолушу» романынын каарманы Нехлюдов — дворянин, офицер, ак сөөк адам адегенде кыздын тунук махабатын этибарга албай, аны зордуктап, мазактап, кемсинтип, таштап кеткендигине, кийин кокусунан сотто ал кыз ошонун күнөөсү менен шермендечилик жолго түшүп кеткендигин билген соң, катуу өкүнүп, ачык эле шылдыңга да, уят болгонуна да чыдап, аягы суюк аялдан менин аялым болгун деп суранганды-гы, аял баш тарткан соң, аны ээрчип ал айдалган түрмөгө, Сибирге баргандыгына Лев Толстойго доомат коюуга болобу...

Ошондон бери Айтматовдун удургуган таланты дайыма кыймылда, чындыктын жаңы мейкиндиктерин ачууну изденүүдө, ар бир жолу анын жаңы чыгармасы окурмандардын ар түрдүү ой толгоолорун, сынчылардын кызуу талаш-тартыштарын пайда кылып келүүдө. Сөзүбүз жайдак болбосу үчүн, жетимишинчи жылдардын башталышында күбөсү белгилүү казак жазуучусу А. Алижанов



болгон документти келтире кетейин. Чыңгыз Айтматовдун «Жамийладан» баштап ар бир чыгармасын биз барбагыбыз көркөм ачылыш катары — таланттын жаңылыгы катары кабыл алып келатабыз,— деп жазган ал «Токой кароолундагы кайгылуу окуя» деген белгилүү макаласында да («Литгазета», 1970-жыл 8-июль). Өзүнүн чыгармалары үчүн теманы бизди курчап турган чөйрөдөн алып, ал баяндоону өзгөчө поэтикалуулукка, жаңылыкка айландырат. Айтматовдун повесттеринин турмуштуулугу жана эмоционалдык дааналыгы окурман тарабынан дайыма толкунануу менен кабыл алынат.

Бул толкунануу мени таланттуу жазылган повесть «Ак кемени» окуган кезде да бийлеп алды, анда, менин ойлогонумдай, сүрөткер Чыңгыз Айтматовдун бардык күчтүү жактары өтө даана көрүндү. Анын сапаттары ушулар эле эмес.

— Сен «Ак кемени» окудуңбу? Бул жүрөк титирете турган нерсе. Окуп чыккын.

— «Ак кемени» окудуңбу? Эң сонун! Укмуш! Бирок эмне үчүн? Ушундай кылуу керек беле?

— Окудуңбу? Мен адегенде түшүнгөн жокмун. Кийин түшүнгөнүмдө, коркуп кеттим.

Мен ушул сөздөрдүн бардыгын Чыңгыз Айтматовдун талантын нукура урматтоочулардан, анын досторунан уктум, алардын арасында жазуучулар да болду...»

«Кылым карытар бир күн» романы жана «Көздөн учкан көк жээк» повести пайда болгон учурда окурмандардын толкундоолору жана талаш-тартыштар ушундай эле болгондугун чечкиндүү далилдей аламын, анткени өзүм күбөсү болгомун... Ошондуктан сынчы В. Кожиновдун «Кыямат» романына чейин окурмандарды кандайдыр кайдыгер калтырган сыяктанган Айтматовдун бардык чыгармалары «көңүлдөгүдөй» болуп келди деген ырастоосу, андан соң, «Кыяматтан» кийин анын көп нерселерин кечирүүгө болот деген камкорсунган текебердиги менен макул болуу кыйын (Кара: «Литгазета», 1986-жыл. 16-октябрь).

Кырдаалдын таң каларлыктай агымы боюнча, В. Кожиновдун логикасына караганда аларда жазуучу тарабынан азыркы учурдун эң курч социалдык маселелери чечкиндүү коюлган, аларда ынтаалар кайнап, адамдар өлчөөсүз кусаматташып, адамдар эстен тана сүйүшүп, сезимдердин күрөшү эң четки нокотуна жеткен, аларда адамдын кайгысы, жана чегиши, алсыздыгы өкүнүчтүү окуялар менен коңшулаш жашап, адамдар апат болушуп, бардык жерде адамдын өкүрүгү угулуп, дүйнө астын-үстүн болуп,

күн адамдардын көз алдында кулап бараткан «Гүлсарат», «Ак кеме», «Көздөн учкан көк жээк» повесттери жана «Кылым карытар бир күн» романы жазуучунун «көңүлдөгүдөй чыгармалары болуп олтурбайбы. Эгерде эле чындыгында «көңүлдөгүдөй» чыгармалардын ысыгы да, суугу да жок болсо, алар биздин белгилүү сенек мезгилибизге шаан-шөкөттүүлүк менен гүлдөгөн болсо, ал чыгармалар үчүн жогорку наамдар жана алтын жылдыз берилип жаткан кезде эмне үчүн Кожинов ал ушунчалык чечкиндүү болсо, добулбас уруп чыккан жок, эмне үчүн кум сугунуп алгансып унчукпай калды?..

Менин көз карашымда, сынчы Е. Сурков «Айтматовдун мурдагы китептери мындай полемикалуу толкун чыгарган эмес» деп ырастаган кезде («Правда», 1986-жыл, 22-декабрь) чындыкка бир кыйла жакындаган. Ооба, «Кыямат» романы дароо өлкөдө 1986—87-жылдардагы адабий талаштардын эпицентри болуп калды, ал адабий окуя гана эмес, коомдук мүнөздөгү да окуя болуп калды. Бул «Кыямат» романы эстетикалык-көркөм функцияга гана эмес, коомдук-саясий пикирге да ээ болду дегенди билдирет. Ошондуктан бул роман туурасында биздин коомдун бардык катмарлары: студенттер, кызматчылар, сынчылар, пенсионерлер, аскер кызматчылары, дин кызматкерлери, философтор, саясатчылар, тарыхчылар таламдаштык жана дуулдагандык менен талашып-тартышып келишкендиги жана талашып-тартышып жатышкандыгы кокусунан эмес, ошентип роман дээрлик бир эле мезгилде Ригада, Москвада, Фрунзеде, Алма-Атада көп тираж менен басылып чыкты, сөздүн жакшы маанисинде айтканда советтик китеп дүкөндөрүнүн жана «жеңүчүнөн» соодалашуунун бестселлери болуп калды, ошондо да окурмандын суроо-талабы өсүүдө, «Эмне үчүн «Кыяматты» басып чыгарбайсынар?» деген суроону бардык жерден угууга болот. Ал эми «Кыямат», ал адеп жарык көргөн «Новый мир» журналынын үч саны китепканаларда жатып калбайт, аларга али да кезек күтүүлөр арбын... Биздин мезгилдүү басма сөздүн тарыхында көркөм чыгармалардын жарыяланган бир бөлүгү окурмандардын жалпы кызыгуусун пайда кылгандыгы сейрек кездешет жана басма сөздө жарыялоо бүткөнчө эле ал кызуу талаштын объектисине айланат, «Кыямат» романы дал ушундай болду. «Кыямат» романынын бир бөлүгү «Новый мир» журналынын июндагы санында жарык көрөрү менен, «Комсомольская правда» газетасына журналдын августтагы жана сентябрдагы сандарын күтүп отурууга чыныда эле чыдамдуулук жетиш-



кен жок, ошентип шашылыш түрдө, 30-июлда философия илимдеринин доктору И. Крывелевдин макаласын жарыялады, анда ал жазуучуну ашык-кеми жок «кудай менен азилдешкендиги» үчүн зекиген.

«Кыямат» романы жөнүндөгү талаш басыла элек, тескерисинче күчөп баратат, ар түрдүү пикирлерди жана түшүнүктөрдү пайда кылуу менен окурмандардын арасында талаш-тартыш улануда, сезим кылын козгошу боюнча ал деңиз сөзү менен айтканда тогуз баллга чейин жетти, ошентип, ага жалпы кызыгууну эске алып, «Литературная газета» (1986-жыл, 15-октябрь), «Литературная Россия» (1986-жыл, 28-ноябрь) газеталары, «Вопросы литературы» (№ 3, 1987-жыл), «Литературное обозрение» (№ 5, 1987-жыл) журналдары атайын «тегерек столдорду» уюштурушту, аларга белгилүү советтик адабиятчылар катышты, алар бул чыгарманын идеялык-эстетикалык кунары туурасында ар түрдүү көз караштарды, кээде бири-бирине карама-каршы пикирлерди айтышты.

Сынчылардын «Кыямат» романы жөнүндөгү пикирлери туура келишпей, кагылышып, кээде оппоненттердин өткүр кылычтары кайчылашып жатты. Алардын айрымдарынан үзүндү келтире кетели. «Албетте, курч, кызыктуу сюжетке эч ким каршы эмес. Бирок жазуучу үчүн сюжет — максат эмес, каражат. Чыңгыз Айтматовдун жаңы «Кыямат» романынын көп главалары дээрлик детективдүү жанрдын мийзамы боюнча жазылган. Ал эми ойдун терендиги кандай, сезимдин күчү кандай! Карышкырлар жөнүндө окуп жатсаң да, адамзат үчүн кооптоносуң, өкүнөсүң! Бул китеп эң башкылар туурасында, анда класcика болуп кала турган көрүнүштөр бар» (Г. Бакланов. «Огонек», № 52, 11-бет, 1986-жыл). «Авдий менен болгон үзүндүлөр мага узарып кеткендей жана Айтматовдун зор апыртуусундай туюлат. Анын Координатор — ата менен талашы, Достоевскийдин «Бир тууган Карамазовдор» романындагы Башкы Инквизиторду туураган Гришан менен идеялык кайым айтышы анын Инганы сүйүп калышы, анын үгүт жүргүзүшү, анын Христосту соттоп жаткан учурда Иерусалимде фантазиялык болуп калышы жана Христостун өлтүрүлүшү — коомдун турмушунун ушул сезимталдуу кылын козгобогондо, амалкөйлүктүн зарылдыгынан... роман роман болуп чыкмак эмес...» (И. Золотусский, «Знамя», 229—232-беттер, 1987). «Кыямат» романынын реализми катаал. Менимче, Ч. Айтматов али эч качан өзүнүн чыгармачылыгында ушул романында жасагандай, жан дүйнөнүн түпкүрүнө үңүлүп кирүүгө, эң ар кыл адам-

дардын сезимин, оюн, жүрүм-турумун аныктоочу өзөктүн табышмагын жандырууга умтулган эмес. Ал нашаачылардын окуясын сүрөттөгөн кезде, ашынган бандит Гришан (ынанымдуу анархист) же Авдийди жейрендерге анчылык кылууга азгырган түркөй аракеч — алдым-жуттум Кандалов өндүү терс типтердин мүнөздөрүн түзөт, жазуучунун реализми адамзат шыпырып таштоого тийиш болгон бардык жийиркеничтүү нерселердин көрүнүшү болуп эсептелүү менен, жер жүзүндө жашаган, тиричилик өткөргөн, өзүнүн кара санатай максаттарын көздөгөн адамзаттын кебери канчалык коркунучтуу болгонундай эле, өзүнүн очерк түспөлүндө коркунучтуу жана конкреттүү... Ч. Айтматов анын алп талантынын оргуштап гүлдөп тургандыгын далилдөөчү эң көрүнүктүү көркөм чыгарма түзгөн. Анын романында окурманды тың калтыруу менен жалпы адамзаттык идеялар кубаттуу угулат (В. Новиков, «Октябрь» журналы, № 1, 192—194-беттер, 1987-жыл). «Мен романдын узак жашап кетерине олуялык кыла албаймын...» (В. Кожинов, «Литгазета», 1986-жыл, 15-октябрь). «Бул роман — ачуу кыйкырык. Ар бир адамга кайрылган жан түңүлтөрлүк чакырык. Ойлонуу керек. Өз жоопкерчилигин сезүү керек. Дүйнөдө бардыгы чегине жете курчугандыгы үчүн» (Е. Сурков, «Правда», 1986-жыл, 22-декабрь). «Мен С. Аверинцевдин, биздин талкууга катышкан, «Кыяматтагы» Пилат «азыркы райондун масштабындагы бюрократтай» сүйлөгөндүгүн баамдаган Н. Анастасьевдин, «Дружба народов» журналында (№ 12. 1986): «Айтматов, аттиганиң, Пилатты азыркы публицистикалык метафориканын объектисине айландырып таштаган, чыным, Айтматовдун Пилатка каршы турган Христосу жалпы куралсызданууга ынтаалуу чакырыктардан кийин да ядролук мораторийди жактап чыккан болсо мен тың калбас элем» деп жазган Л. Анненскийдин айткандарына толук макулмун» (С. Ломинадзе, «Вопросы литературы», № 3, 39-бет, 1987). «Мен «Кыяматты» окуп чыктым — сен бардыгын кийинкиге калтырып жатасың, ал эми бул адам эң башкы жана кыйын нерсеге түз ой жүгүртүүгө жулунуп кирди: жазуучу турмушунда эмнени түшүнгөндүгүнө акыркы сөзүн айтып калууга, акыр заман болгуча билдирип калууга ыкыласын коюп жатат, анткени не бар, не жок, үлгүрбөй каласың... деген жемени укканда болдум. Өзүнүн потенциалдуу сөңку сөзү катары дайыма дал ушундай жазуу керек. Биз экинчи миң жылдыктын аякташынын босогосунда турабыз жана Айтматовдун китеби биринчи миң жылдыктын алдында жана бүткүл «биздин доор» үчүн экинчи миң жылдыктын отчетундай пайда болду» (Г. Гачев, «Литгазета», 1986-жыл, 15-октябрь). «Романда ал (Авдий Калистратов. — К. Б.) инсан катары иллюзиялуу жана жаңы ойлордун издөөчүсү катары ынанымсыз... Бирде автордун мейкиндиктерине кубана суктануу менен, бирде ал үчүн капаланууу, ал түгүл ызалануу менен тоодон белеске түшкөн сыяктандым» (Вл. Лакшин, «Известия», 1986-жыл, 2-декабрь). «Сага небак эле кат жазайын деп жүргөм, ойлонуп көрдүм, ой жүгүртүп чыктым... «Кыямат» тууралуу сында жазгым келген, бул, макул болорсуң, оңой-олтоң иш эмес. Мен кызуулуктар басаңдап жана жалпы пикир аныкталарын күтүп жаткан экен деп ойлой көрбөгүн, кудай жалгагыр. Жалпы пикир, мындайчасынан айтканда, адабияттын тигил же бул эң көрүнүктүү кубулушу жөнүндөгү алгачкы жалпы пикир (ал эми «Кыямат» — бул чынында эле биздин адабий жана коомдук турмушубуздагы кубулуш) шашылыш же так эмес болуп чыккан, андан соң оңдолуп-түзөтүлгөн, ал турсун төгүндүккө чыгарылган мындай көп учурлар белгилүү. «Кыямат» жөнүндө али көбү жазат. Бул эмне менен жана кантип жашап, жапа чегип жаткандыгыбыз жөнүндөгү роман... «Кыямат» сенин «турмушка чоң ортоктош» экендигиңдин (Б. Пастернактын айтканы) дагы бир далили. Биздин көбүбүз дал ушул турмушка чоң ортоктош болуу жетишпей жатат. Бул турмуштун өзүнө да жетишпейт. Анткени турмуш биз ага кантчалык көбүрөөк, масштабдуураак жана өткүрүрөөк катышсак, ошончолук барандуураак болмокчу. Сени түйшүктүү ийгилигиң менен куттуктаймын» (Л. Мкртчяндын Ч. Айтматовго жазган катынан, «Вопросы литературы», № 8, 70—82-бет, 1987).

Албетте, биздин алдыбызда кыргыз жазуучусунун өтө адаттан тышкары чыгармасы жатат, ал таламандын тал түшүндө акырындык менен барып иштей турган минанын жарылышын эске салды жана биздин көбүбүз үчүн форкмасы жана мазмуну боюнча, көркөм концепциясы боюнча күтүүсүз болду, Айтматовдун талантын урматтоочуларды кандайдыр бир даражада таң калтырып таштагандыгы да кокусунан эмес: бирөөлөрү иренжип калды, кээ бирлери чочулады, үчүнчүлөрү болсо сүйүнүштү, айтор алардын арасында кайдыгер калгандар болгон жок. Айтматовдун романынын бөтөнчөлүгү көрүнүп турат: «Кыямат» романынын башкы каармандарынын бири — мурдагы дин кызматкери, христиан динининн постулаттарын реформалоону жактап сүйлөп чыккандыгы үчүн семинарийден куулган, бирок тагдыры татаал, өтө ак ниет, эң адептүү жана

кайраттуу адам — Авдий Калистратов өзүнүн чындыкка карай жолун, жакшылыкка карай жолун, адамдардын ак дилине жана акыл-эсине карай жолун өзүнчө азаптануу, ынтызарлануу жана чаалыкпастык менен издейт, жамандыкка каршы өз билгениндей күрөшөт, акырында утулуп калат жана ырайымсыз адамдардын кандуу колдорунан каза табат. Роман жазуучу өзүнүн этностук-тиричилик тегин жагынан алыс ннжил мифологиясынын бөтөн дүйнөсүнө чечкиндүү кирип, Авдий өзүнүн устаты деп эсептеген жана ал үчүн курман болууга, жапа чегүүгө жана жер кезип кетүүгө да даяр көп азап Инсус Христосту өзүнүн оң каармаңы кылып алгандыгы менен бөтөнчө. Роман бизде ушул кезге чейин тыюу салынып келген деп эсептелген нашаачылардын ыплас, зыяндуу ишин жазуучу тартынбастан, компромиссиз сүрөттөгөндүгү менен да бөтөнчө. «Кыямат» романы кайгылуу, драмалуу музыкасы менен бөтөнчө, аны бизде амалкөйлөнүшүп, кээде чыгарма каармандын же каармандардын өлүмү менен аяктаганда атап келишкендей, оптимисттик трагедия деп жарыялоо да кыйын. Айтматов адабияттын, философиянын, тарыхтын, этиканын бардык эрежелерин ачык эле төгүндүккө чыгарып, «Кыямматы» бүт добушун чыгарып, өзүнүн бүткүл жазуучулук таланты менен, каны-жаны менен жазды, оптимисттик трагедиянын доору небак өтүп кеткендигин баса көрсөтүү, адамзаттын бүткүл дүйнөлүк алааматы жакындап келатышынын кесепетинен, адамзаттын коркунучтуу туңгуюкка жылмышып бараткандыгынын кесепетинен адамзаттын коркунучтуу доору келип жетти, ошондуктан жандуу жана жансыз жаратылыштын, адам тукумунун, асман менен күндүн, аккан суунун, чөптүн, чөлдүн жана тоолордун, бизди курчап тургандардын бардыгынын тыйпыл болушунун жакындап келаткандыгы туурасындагы оптимисттик эмес трагедияны жазды. «Кыямат» ушул жанрдын демейдеги маанисиндеги роман эмес, бул жазуучунун жан дүйнөсү менен дилинин ачуу кыйкырыгы, бул түндүн бир оокумунда ойгонуп кеткен жана планетабыздагы бүткүл дүйнөлүк өрттүн бүркөгөн жалынын көргөн айласы куруган жазуучунун кыйкырыгы, ошондуктан бул туурасында жазуучу романдын аягында ачык жазган: «— Мына, акыр заман келди! — деди ал (Бостон) үнүн чыгара. Дал ушерден ага кишинин жүрөгүн түшүргөн бир акыйкат ачылып чыга келди; ушу кезге чейин бүт дүйнө анын өзүндө жашап келген турбайбы. Мына азыр ошол өзүндө жашаган дүйнөнүн күнү бүтүп, ошол дүйнө кыямат кайымга туш келип турбайбы. Көрсө, бу дүйнө деген кишинин өзү турбайбы. Ойлоп бакса асман да өзү экен, жер да өзү экен, бүтүндөй жан-жаныбардын улуу энеси, эне-бөрү Акбара да өзү болуптур. Ала-Мөңгүнүн белиндеги түбөлүк музда тоңуп жаткан Эрназар да өзү болуптур, өзүнүн акыркы көлөкөсү — көкүрөк күчүгү, өз колунан мерт болгон Кенжеш да өзү болуптур, кайнаса каны кошулбас, акыры жазасын алып тынган Базарбай да өзү болуптур, бул өмүрдө эмне көрсө, эмнени баштан кечирсе ошонун баары анын өзүнүн ааламы болгон экен, ошонун баары анын ичинде жашап, күрөшүп, бөксөрүп, толуп, бири жоголуп, бири пайда болуп жүрүп отурган экен, мындан ары да ошол аалам эзелтен жашап келаткандай эле жашап тура берер, бирок эми ансыз, Бостонсуз, жашап калмакчы, ал — башка аалам, а анын ааламы, анын дүйнөсү кайталангыс, кайра орду келгис дүйнөсү — ушу менен бүттү, эч кимде, эч жерде кайра жаралбайт...»

«Кыямат» адаттагы типтеги роман эмес, жок, бул жаңыча ой жүгүртүүнүн адабияты, кыйла кеңири кулач жайган адабият, ал азыркы адамдардын ой-пикиринин, психологиясынын жарылма адабияты, ошондуктан бул адабият-та азыркы учурдагы философиянын, курч публицистиканын, мыкты прозанын, поэзиянын, драманын элементтери синтезделет эриш-аркак айкалышып кетет... Айтматовдун «Кыямат» романындагы ушул жаңы поэтикалык элементти А. Адамович «Эрежелерге каршыбы?» деген макаласында менин көз карашымда кылдат байкаган. «Билдире албай тургандарды билдирүү! Муну жасоо ошончолук эле оңой-олтоңбу: классикалык пропорцияны, форманы ала койду да билдире салдыбы? Эгерде бул — жарылуу болсочу? Тоолор кандайча пайда болот: түпкүрдөгү чыңалуу, жылыш, ал турсун жанар тоонун атылып чыгышы менен. Кандай атылып чыкса, ошондой жатып калат. Мындай «жарылууну» так багыт менен жасоого мүмкүн экендиги айкын. Ал түгүл искусствону да ошондой жасап алууга болот. Бирок эмнени жок кылып ала тургандыгыбызды гана эч качан билбейбиз. Шайкештиктен утарбыз, бирок күч-кубаттан ажырабайбызбы? Балким Достоевский деле кыйла «шайкештүү» «боло алмак» (муну өз мезгилинде жалгыз эле Бунин каалаган эмес), бирок анда турмуш-тиричиликтин дисгармониясынын бүткүл трагизмин бул жазуучу кандайча билдире алмак?!.. «Кыямат», «Кайгылуу детектив», «Өрт» сыяктуу чыгармаларга көнүмүш алуу да зарыл. Жанар тоодон бүткөн тоолорго, балким, кимдир-бирөөлөрдүн көзү кыйындык менен барып, ал түгүл дискомфорт жана чочулоо сезими үйүр алгандыр. Бул кайдан чыга кал-

ды, бул эмне деген нерсе дегендир. Андан кийин гана мунун болбогондугун элестетүү, пейзажды тигил же бул тоосуз көз алдыга келтирүү мүмкүн эмес. Биз айрым чыгармаларды кыйла кыйындык менен, оңтойсуздануу менен кабыл алабыз — бул боло бере турган нерсе. Алар адабиятка жарып кириишет, алар биздин көз алдыбызда кайрадан жарыла берет, биз ага кайрадан көнүмүш ала беребиз» («Литгазета», 1987-жыл, 1-январь).

«Кыямат» романы өз мезгилинин философиялык, нравалык, этикалык, социалдык жана тарыхый зор жүгүн аркалаган, ал адамдын — бүгүнкү күндөгү кудайдын акылэсинин бийиктигинен адамзаттын өткөндөгүсүнө, азыркы учуруна жана келечегине бетме-бет кайрылган, ал турсун адамзаттын ар-намысына кайрылган, жазуучу романда анын жанын, дилин дайыма кыйнап, тынчтык бербей жаткан көп көйгөйлүү суроолорго жооп издейт, ал эми бул коркунучтуу суроолор романдын текстине автордун ой жүгүртүүсү катары, ички сыры катары ага баш ийбестен жана чыгарманын композициясынын кыймылынын жүрүшүн бузуу менен жөн эле бууракандаган агым сыяктуу болуп кирип барат... Айтматов соңку жыйырма жылда, болжол менен «Гүлсарат» повестинен бери өзүнүн чыгармаларынын көңүлүнүн борборуна дегеле Шекспирдин мезгилинен берки дүйнөлүк адабияттын борбордук проблемаларынын бири болуп келаткан жакшылык менен жамандыктын проблемасын кайрадан коюп, өзүнүн каармандарынын көркөм образдарында адам өзүн ар кандай турмуштук жагдайларда: кырсыкта, кайгыда, кубанычта, бакытта, махабат учурунда, салтанат, шаттык жана иренжүү учурунда кандай көрсөтө тургандыгын изилдеп келет. Айтматов жаңы романында жакшылык менен жамандык-проблемасын Авдийдин, Бостондун, Кандаловдун, Базарбайдын, Гришандын жана башкалардын образдарындагы көркөмдүк зор күч менен жана элестүүлүк менен курчуткан жана ачып берген. Мага Айтматов романдын башкы эки каарманын — ар кыл көз караштарда жана турмуштук позицияларда турган, ар кыл философияны үгүттөгөн: тарбиясы, маданий салты, улуттук психологиясы жана дүйнөнү кабылдашы, жаратылышты сезиши, турмуштук тажрыйбасы жана жан дүйнөсүнүн түзүлүшү жагынан бири биринен кескин айырмаланышкан бири ынанган динчил, экинчиси ынанган атеист, коммунист, совхоздун алдыңкы чабаны — орус Авдий менен кыргыз Бостонду кокусунан тандап албагандай сыяктанат. Бирок Авдий менен Бостондун образдарында романда бир жолу да кездешпеген жалпы жана тектеш перселер эң көп: экөө тең жазуучу тилек кылган «адам-кудайлар», өзүлөрүнүн дилинде жана оюнда адамдык моралдын: ак ниеттүүлүктүн, түүлүктүн жогорку идеалын алып жүрүшөт, чындыктын жолун издешет, адамдарга чын ыкласынан жакшылык каалашат, эгерде экөө романда кездешип калганда, сөзсүз дос тууган болушмак.

Айтматов бир азыраак князь Мышкинди, кээде Дон Кихотту элестеткен Авдий Каллистратовдун жосундарын, аракеттерин, руханий изденүүлөрүн, өзүн өзү өркүндөтүүгө умтулушун, чындык менен жакшылыкка, эң сонун тилектер менен максаттарга карай жолун зор жактыруу жана боорукердик менен сүрөттөйт. Албетте, Авдий Каллистратов — эң ак ниет, таза тилектин адамы, ал өзүнүн адал жолун чын ыкласынан издейт, адамдарга жакшылык кылгысы келет, адашкан боз баш балдарды чындыктын туура жолуна салгысы келет, алыскы чөлкөмгө нашаанын артынан баратышкан боз балдар биротоло ойрон болгондугуна тынчтык бербейт, ошентип алар менен кездешүү, аларга каршы күрөшүү оңой-олтоң болбой тургандыгын эң сонун билип туруп, тобокелдикке бел байлайт, ушуга чечкиндүүлүк кылат. Анын жосундары жана аракеттери кабылбагандыктыкы, кээде сырттан караганда күлкүндү келтирет, ал эми князь Мышкин менен Дон Кихоттун жосундары күлкү келтирген жок беле? Кээ бир сынчылардын Авдийдин образы романда ишенимсиз, бүдөмүк чыгып калган деген ырастоолору менен макул болууга болбойт. Албетте жазуучу айрым учурларда Авдийдин бала чагын, анын ата-энеси, жакындары менен өз ара мамилесин, анын ошол мезгилде курчуп турган чөйрө менен кагылышын кененирээк, тереңирээк ачып берсе болмок, булар кыйытуу менен гана эске түшүрүлөт, анын инсандыгы калыптанган-дыгы жана чыңдалгандыгы, торолгондугу ачылбастан калган, катаалдыкка, эки жүздүүлүккө, кара санатайлыкка, такыбасынгандыкка, коркоктукка каршы бул элдешпестик кайдан келип чыккандыгы, бул максатка умтулган ынанымдардын башаттары кайда экендиги, ушунун бардыгы христиан дининде болгондугу же болбогондугу бизге таптакыр белгисиз... Бирок образда жандуу, кызыктырарлык, кээде баатырдык, максатка жетүүгө жөндөмдүүлүк нерселер бар. Өзүнүн акыйкаттыгына ынанган адам гана ушундай курмандыкка барат. Анткени Авдий өзүнүн азап-тозок тартышында, нашаа издегендер менен биргелешип алыскы, мурда көрүп-билбеген, ал турсун кооптуу чөлкөмгө «саякат» жасап чыкканда ачка калды, үшүдү, өзүнүн

айланасындагылардан кордук көрдү, токмок жеди, поезд-ден ыргытылды, анын ордунда башка бирөө болсо андан кол үзүп таштамак, турмуштун башка жолун издемек, ал ушундай кыйын жагдайларда баш тарткан жок, ушунун бардыгын кандай түрдө жеңип чыгып, болтурбай калып, бул боз балдарга адал жолго түшүүгө жардамдашуунун жолун компромиссиз издеди. Ошентип ал тандап алган жолунан тайбастан, теңдешсиз күрөштө Моюнкум талаасында обер Кандаловдун шайкасынан ажал тапты, ал өлүм алдында да ага мыкаачылык көрсөтүшкөн кылмыштуу шайканын алдында башын ийип жалтанган жок.

Көп окурмандар жана бир жагынан сынчылар үчүн кыргыз жазуучусунун ал үчүн бөтөн, анын үстүнө өткөндө орус адабиятынын классикалык салтында «Бир тууган Карамазовдор» романында Достоевский тарабынан, ал эми совет мезгилинде «Уста жана Маргарита» романында М. Булгаков тарабынан күчтүү жана терең иштелип чыккан жана кайра баштан калыптанып калган христиан мифологиясынын темасына кайрылышы күтүүсүз, балким, адаттан тышкары, басып киргендей болду. «Айтматов эмне үчүн ага таптакыр бейтааныш жана бөтөн ушунчалык кыйын көркөм баш катырмага кирип кетти?» — дегендер болду. Бул жанытмалардан бери болгондо эле кыйдылык кызганчактыктын белгилери көрүндү... Биринчиден, дүйнөлүк адабиятта башка улуттардын темасын иштеп чыгуу жаңылык эмес, анын тамыры тереңде: Шекспир, Байрон, Пушкин, Л. Толстой жана башкалар өзүлөрүнүн чыгармаларында башка элдердин бейтааныш дүйнөсүнө таң каларлыктай жеңилдик жана алардын психологиясын, турмуш-тиричилигин терең билүү менен сүңгүп кирип, аларга «бөтөн» башка улуттардын мотивдерин эң сонун өздөштүрүшкөн. Каны-жаны менен христиан Вольтер «Магомет» трагедиясын жазууга батынган, анын жакын адамдары ырасташкандай, бул чыгармасы аркылуу Макиавеллинин күчтүү бийлигинин философиясын айыптаган. Экинчиден, алар үчүн нагыз улуттук адабияттын жалган сыймыгы бардыгынан жогору болгон кээ бир, тайкы адамдар эсептешкендей, бирөөнүн огородуна кирип барууга чечкиндүүлүк кылган дүйнөгө аты таанымал Чыңгыз Айтматовго доомат коюуга эч кимдин акысы жок. Үчүнчүдөн, Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында башка элдердин турмушунун жана тиричилигинин темасына биринчи жолу кайрылып отурган жок, бейтааныш, бөтөн тема деп аталгандардын дың жерин көтөрүүдө анын жазуучулук бараандуу тажрыйбасы бар, буга «Көздөн учкан көк жээк» деген эң со-



нун повесть күбө, анда бир үүч нивх элинин реалийинде жазуучу адамдын турмуш-тиричилигинин жалпы адамзаттык проблемаларын көтөрүп чыкса, «Кылым карытар бир күн» романында Найман-эне менен Раймалы ага, Бегимай жөнүндөгү казактын элдик легендаларына зор поэтикалык талант менен жаңы өмүр берди, аларды азыркы заманга ылайыкташтырды, мазмунуна жалпы адамзаттык үндөштүктү чечкиндүү киргизди, ал эми манкуртчулук дүйнөлүк лексикалык тиричиликке философиялык категория катары кирди: адамзаттын эстелигин ыйык сактоо керек, анткени ансыз тарыхыбыз маанисиз бирдеме болуп калмакчы. Айтматов бул жолу Пилат Понтий жана Иисус Христос жөнүндөгү инжилдин легендасына кайрылып отурат, ал христиан динин туткан көп элдерде өтө белгилүү. Ооба, өзүнүн этностук-маданий теги жагынан мусулман динининн философиясын жакшы билген кыргыз жазуучусу күтүүсүздөн инжилдин легендасына бурулуш жасады. Ар бир сүрөткер, адатта, анын жүрөгүн өйүп жаткан суроолорго жандуу жоопту ошолордон тапкан кезде, фольклорго, легендага жана мифологияга кайрылат... Вольтердин чыгармачылыгы боюнча белгилүү адис С. Артомонов христиан Вольтер өзүнүн «Магомет» аттуу белгилүү трагедиясында бөтөн, бейтааныш мусулман динине эмне үчүн кайрылгандыгына ой жүгүртүү менен, бул сурооого төмөнкүдөй жооп кайтарган: «Вольтер өзүнүн пьесасынын кээ бир үзүндүлөрүн окуп берген лорд Честерфилд Магомет аркылуу анда Иисус Христос сүрөттөлгөн деген тыянакка келген. Бул далил маанилүү, анткени автор толугу менен ишенген адамдан чыгып олтурат. Бизде инжилдин легендалары боюнча түзүлгөн Христостун образы вольтердик трагедиянын каармана окшобойт. Анын борборунда — Агартуу үчүн типтүү эң жалпы формадагы саясий проблема, башкаруучу менен элдин проблемасы жатат... Чындыгында Вольтер өзүнүн трагедиясында кеңири таанымал саясий жазуучу, «Падыша» трактатында (1515) бийликке жетүү жана аны кармап туруу үчүн башкаруучуга бардык каражат жакшы экендигин жарыялаган италиялык Никколо Макиавелли менен кеңири талашка чыгат. Вольтердин Магомети — терс каарман — кандайдыр Макиавеллинин программасы боюнча «сонун» падышанын сапатында көрсөтүлгөндөй, бирок дал ошол сапат аны зулумга айландырат» (Вольтер, БВЛ, М., «Художественная литература:, 16-бет, 1971).

Чыңгыз Айтматов ал эмне үчүн «Кыямат» романынын башкы каарманынын ролуна мусулман эмес, христианды

тандап алгандыгына, бул кокустук эмеспи экендигине «Литгазетанын» кабарчысынын суроосуна мындай деп жооп берген: «— Албетте, кокусунан эмес. Христиан дини Иисус Христостун фигурасы менен эң күчтүү ой жүгүртүү берет. Өзүм теги болгон ислам дининде мындай фигура жок. Мухамед — кыйналган, азап чеккен адам эмес. Анын кыйын-кыстоо, азап чеккен күндөрү болгон, бирок идея үчүн аны колу-бутун керип крестке кагып өлтүргөн жана мунусу адамдарга кечиримдүүлүк кылган нерсе болгон эмес. Иисус Христос мага азыркы замандын адамына ички сырды айтууга себеп берет. Ошондуктан мен атеист болуп туруп, аны менен өзүмдүн чыгармачылык жолумда кездешип олтурамын. Менин башкы каарманды, Авдий Каллистратовду кандай болгон түспөлүндө тандап алышым ушуну менен түшүндүрүлөт» («Литгазета», 1986-жыл, 13-август).

Таң каларлык болсо да, бул ушундай: башка доорлордун, башка көз караштардын, ар кыл элдердин жана адабий салттардын жазуучулары — француз Вольтер католик инквизициясынын катаал реакциясы зомбулук жүргүзүп турган доордо, христиан динининн постулаттарына кенедей эле башкача ой жүгүртүү жана шек саноочулук үчүн баш кыйылып, адамдар еретик катары тирүүлөй отко өрттөлүп жаткан кездеги XVII кылымда мусулман пайгамбарды Мухамеддин инсандыгынан; ал эми үч кылым өткөндөн кийин, XX кылымдын аягында, эң улуу социалдык революциялардын жана кайра түзүүлөрдүн, илимий-техникалык революциялардын, космостук учуулардын жана акылга сыйгыз ядролук кылымдын доорунда, адамзаттын тагдыры гана эмес, бүткүл планетадагы акыл-эстүүлүктүн цивилизациясы түбөлүккө жок болуп кетүү коркунучунун алдында турган кезде кыргыз, коммунист Айтматов Иисус Христостун инсандыгынан алардын өз мезгилдеринин философиялык, рухий, чыгармачылык изденүүлөрүнө бүтүндөйүнөн жана толугу менен жооп берүүчү эң кызыктуу, эңсеген нерселерин табышкан. Вольтер мусулман динининн жактоочусу болгон эмес, бул дин өзүнүн негизинде таптакыр ага жат, кабыл алынгыс болгон, ынанымдуу атеист болуп эсептелген, христиан динининн ортодоксторун, постулаттарын бөлүшпөгөн Айтматов да өзүлөрүнүн чыгармаларында бейиштик эмес, кыйла прозаикалуу, адамдын жердеги проблемаларын көрсөтүшкөн деп эсептөө керек, мен буга ишенемин. «Кыямат» романынын жазуучунун жүрөгүндө ыйык сакталган ою кармалып турган негизги идеялык-эстетикалык пафосу Авдий Каллистратовдун козголондуу рухий изденүүлөрү, ак ниет, сатылбас адам — биздин азыркы кыштактын мээнеткечи Бостондун элдештируу, бөрүлүк тагдыры болуп эсептелет... Романдын ушул адам жана бөрү каармандарынын бардыгын кандайдыр — бир жалпы тектештик бириктирип турат: алардын баркысы алаңгазарлык менен танапташ каарман немелер. дыгы асылзаада, туруктуу, ак ниет, акыйкатчыл, баш- «Кыямат» — бул сенек жылдардын мезгилиндеги катаал- дык, жүзүкаралык, чарбакерсиздик, адамдардын, жаратылыштын, туулуп-өскөн жердин, жайыттын тагдырына кайдыгерлик жана башкалар жөнүндөгү роман. Романдын философиялык маанисн глобалдуу, биздин социалисттик коомубуздун азыркы социалдык проблемалары менен гана эч качан чектелип калбайт, анын маанисн кыйла кеңири жана терецирээк, анын ички мазмунунда Айтматовдун мурдагы «Кылымга тете бир күн» романындагыдай эле каймана ойлор жатат. Анткени ар бир нагыз көркөм чыгарма дайыма өзүндө сырдуулуктун жана табышмактуулуктун элементтерин камтыйт, алар ар түрдүү түшүндүрмөлөргө, жандырмактарга жана замандаштар менен урпактар тарабынан кунт коюп окуп чыгууга муктаж болот... Шолохов даанышмандык менен сезе билген Григорий Мелехов азыр, кайра куруунун жана демократиянын шартында жаңыдан окуп чыгууга муктаж эмес бекен?.. Мен келечекте окурмандар жана сынчылар «Кыямат» романынын кээ бир баракчаларын жана көркөм концепцияларын ойлонуша тургандыктарындай туюлат.

Философ чындык туурасында илимий абстрактуу категориялар, силлогизмдер, ал эми сүрөткер образдар менен ой жүгүртүшө тургандыгы белгилүү пикир Белинскийге таандык. Айтматов Авдий Каллистратовдун образы аркылуу философия илимдеринин доктору И. Крывелев «Комсомольская правдадагы» өзүнүн белгилүү макаласында ырастагандай, жаңы динди издөөгө дегеле аракеттенбейт, ал көбүнүн жүрөгүн өйүгөн көйгөйлүү суроолорго акыйкаттуу жооп издейт. Айтматовдун Авдийи мына мунусу менен кызыктуу, ал өтө адилет болуу менен, руханийсиз турмуштун бардык ушул сонун нерселерин жерийт, ал жарды, ал аскет, ошондуктан ал жай табарлары, «ман санкорлору», колдору булганч адамдары арбын, эки жүздүүлүк, дүнүйөкорлук, алдамчылык арааның ачкан семинаристтердин арасында башкаларга окшобостон, кебетеси суук балапандай көрүнөт, ошондуктан ал христиан динининн дүйнөнүн «азыркы керектөөлөрүнө» жооп бере алба-

ган эскирген постулаттарына жана догматтарына каршы жаалдана чыгат. Авдий патриархиянын Координатор — атасы менен маектешкен учурда өзүнүн шектенүүлөрү жана чындык менен жакшылыкты издеп жүргөндүгү туурасында өз пикирин чечкиндүү айтат, бул Координатор — атанын ачуусун жана нааразылыгын пайда кылат. «Менин чиркөөм дамамат өзүм менен бирге,— деп чегинген жок Авдий Каллистратов,— Менин чиркөөм — мен өзүм. Мен храмды ыйык жер деп эсептебеймин, төтөн чиркөө кызматкерин, айрыкча азыркыларын олуя көрбөймүн».

Авдий Каллистратов чындык жана акыйкаттык үчүн ой жүгүрткөн, жапа чеккен каарман, анын бардык жан дили ой-пикири адамдан адамды, жакшылыкты, асылзаадалыкты, тазалыкты ачууга багытталган, ушул изденүүлөрүндө өзү да асылзаадалыкка айланат. Ал Пушкиндин музейиндеги эски болгардык чиркөө ырынын концертинде он болгардын укмуштуудай ырын угуп отурганда анын көзүн, жүзүн, ой жүгүртүшүн серп салып карап көргүлөчү: «Ушул ырчылардын өнөр шарапатынан мен чиркөө ырынын баштапкы маңызын түшүнгөндөй болдум. Ал көрсө, турмуштун чыркыраган үнү, эки колун көккө созуп какшаган адамдары эмеспи, өзүнүн кунар наркын далилдөөгө, тагдырын жеңилдетүүгө какшап калган зары эмеспи», «адам кунарынын жаралыш наркы ушунча кыйынга турарынын» чындыгын түшүндү, ошентип «ким көп жапа чексе, көптү биле» тургандыгын түшүндү жана анын азабын да тартты, Авдий Каллистратовдун дили жана мүнөзү жамандык менен жакшылыктын бой тирешинде такшалды, алар болгарлардын хордук ырында ушунчалык күчтүү жана эмоционалдуу берилген, бул ыр гана эмес, бул ыр — эрдикке жапа чегүүгө, жакшылыкка чакырык. Айтматов адамдардын дилиндеги, жүрүм-турумундагы табышмактуу сырдуу кылдарды дайыма ыр аркылуу ача алат, алар ички күчтүн, азап-тозоктун, кайгы-капанын жана сүйүүнүн, бакыттын өтө чымырканган учурунда ойгонот, ойгонушу мүмкүн. Ырлардын бул бийиктигин биз өз учурунда Жамийла менен Даниярдын жүрүм-турумдары менен аракеттеринен байкаган элек, аны Авдий Каллистратовдун образынан, ал эски болгар ырларын угуп отурган кезде, ал грузиндердин «Алтоо жана жетинчиси» деген легендасын эске түшүрүп, оюнда үмүтү үзүлгөн грузиндердин мекени менен коштошуу ырын угуп отуруп, «Музыка гана ар кандай замандын бузулгус деген заң- жоболорун жиреп өтүп, келечекке бой уруп барат» деген тыянакка келгендигинен улам эң сонун түшүндүк. Айтматов



өз каармanынын кабыл алуусу аркылуу биздин убакка, адамзат ядролук кылымдагы коркунучтуу тунгуюкка жылмышып бараткан, алардын бардыгы бир кайыкка түшкөн, өзүнүн душманын жок кылуу аракетин жасаган учурда анын өзүнө да өлүм коркунучу келе турган кездеги убакка колдонулгудай революциялык жана согуштук жылдардын «Эгерде душман багынбаса, аны жок кылышат» деген ураандын тууралыгы жана даанышмандыгы жөнүндө азыркы замандын глобалдуу маселесин коюп отурат... Ошондуктан адамзат чындыктын көзүнө кайраттуулук менен тике карашы, эл аралык мамилелердеги, философиялык, экономикалык постулаттардагы көп туруп калган догмаларды, жоболорду, көндүмдөрдү кайра карап чыгышы керек. Ошондуктан адамзат азыркы татаал шартта, социализм менен капитализмдин ортосундагы тирешүү өлчөөсүз курчууларга жана оорчулукка жетип, кайсы учурда болсо да атомдук-ядролук, соңку, алааматтык таймашууга өсүп чыга тургандыгы менен үрөй учуруп турган кезде жаңыча ой жүгүртүүнү кабыл алууга зарылдык менен келди... башка альтернатива жок. Бардык жагдайда душманыңды өлтүр деген ураандын антигумандуулугун жана катаалдыгын өлгөндөн кийин «Знамя» журналында жарыяланган (№ 1, 1987) өзүнүн «Менин жаралууга жана өлүүгө акым бар» деген ырында акын Борис Слуцкий жакшы билдирген:

Таш боор адамдар «ажал укугунан» кыянат пайдаланышып, эч айыпсыз адамдарды өлүмгө жиберген, отузунчу жылдарда биздин өлкөдө социализмдин лениндик идеалдары үчүн каармандык менен күрөшкөн туруктуу, ак ниет жана кайраттуу адамдарды өлүмгө жиберген, алар чагымдын, ушактын курмандыгы болушкан кездеги өткөн жылдардын тарыхынын ачуу сабагын эч качан унутууга болбойт. Адам бир кичинекей буроо, жогортодон келген буйруктардын кыцк этпеген куралы болгон, аларда «демократия», «маалымдуулук» деген сөздөр ичтен чыйрыгууну жана жек көрүүнү пайда кылган мезгилди сагынган күчтүү колдун талапкерлери көшөгөлөнүп, ар түрдүү формулалар менен жашап жаткан кезде аягына чейин ишенүүгө болбойт жана жеке адамдын керт башына сыйынуунун философиясынын антигумандык маңызын аягына чейин соолтуп таштоо керек. Ошондуктан Чыңгыз Айтматов «Гүлсарат», «Ак кеме» повесттеринде, «Кылымга тете бир күн», «Кыямат» романдарында адамдын керт башына сыйынуунун адамзатка каршы маңызынын проблемасына кайта-кайтадан кайрылат. Айтматов инсандыктын

проблемасын жана бийликти «Қыямат» романында өзүнүн идеялык-көркөм концепциясында негиздүү изилдейт, аны ар түрдүү аспектилерде жана ракурстарда: грузиндердин «Алтоо жана жетинчиси» легендасында, Иисус Назарянин менен римдик өкүмдөр Понтий Пилаттын айтышуу эрөөлүндө, Моюнкум чөлүндө Кандаловдун шайкасынын алсыз, жардамсыз Каллистратовго жасаган катаал окуясында, Базарбай Нойгутовдун бурулуш жосундары менен аракеттеринде карап чыгат. «Алтоо жана жетинчиси» аңгемесинде эр жүрөк, ак ниет, чечкиндүү, акылдуу, эпчил, совет бийлиги үчүн өзүнүн идеялык душмандарына каршы күрөштө арамза адам — чекист Сандро душмандарга ырайымсыз болгон, аларды көз ачып-жумгуча, кыйдылык менен жок кылып таштаган, ал түгүл душмандар кимдин колунан окко учушкандыгын сезбей калышкан, Сандро адил күрөштүн чегинен өтүп кеткендигин түшүнгөн, анткени анда али адамгерчиликтүү нерсе болгон эмес, ошондуктан эң оор кырдаалда анын жан дүйнөсү катаал күрөштүн эрежесине туруштук бере албады, ошондуктан ал өзүн өзү өлтүрүп тынды. Эгерде ал катаал, таптакыр жапа чеге билбеген, жакындарына кайрымсыз адам болсо, ал өзүнүн арамза аракеттерине өкүнмөк эмес, кайра мактоого сыймыктанмак. Катаалдыкты катаалдык пайда кылат, ал келечегинде бул сыяктуу кандуу кармаштарда эч нерседен токтолуп калмак эмес. Адам желдет болуп төрөлбөй тургандыгын, турмушта кандайдыр-бир себептер менен желдет болуп чыга келерин жазуучу бизге алдын ала эскертет...

Ошентип отуз жетинчи жылдын кайгылуу окуяларынын башатын издөөгө мажбурлайт... Кайра жаралуу доорунан тартып бийликтин, зулумчулуктун проблемасы жана адамдын инсандыгын катуу басып таштоо дайыма дүйнөлүк адабияттын гуманизминин көңүлүнүн чордонунда болуп келген, бул проблема менен адамзаттын эң мыкты уулдары аракеттенишип жана ой жүгүртүп келишкен. Улуу азапкер Достоевский да бул проблема туурасында түйшүктөнүү менен ой толготкон, өзүнүн каарманы Иван Карамазовдун сөздөрү менен дүйнөлүк шайкештик «бир чыргоо баланын көз жашына тете эместигин» билдирген. Өзүнүн залкар «Бир тууган Карамазовдор» романындагы Улуу инквизитордун образында тоталитордук бийликтин зулумдугун катаалдыгын, жырткыч күчүн таң каларлыктай көркөм күч менен сүрөттөгөндүгү кокусунан эмес. Жаңыдан чыккан Иисус Христоско кайрылып айткан Улуу инквизитордун сөздөрүн эске түшүрөлүчү: «... Сен эмне үчүн



бизге жолтоо болгону келдиң? Анткени сен бизге жолтоо кылууга келдиң жана муну өзүң билесиң. Бирок эртең эмне болорун билесиңби? Сен кимсиң? — Мен билбейм жана билгим да келбейт: Бул сенсиңби же сенин көлөкөңөң ашынганы катары отко өрттөтөмүн, бүгүн сенин бассен өрттөнүп жаткан отко көмүр ташташат, сен муну билесиңби?» Булгаков отузунчу жылдардын аягында өзүнүн атактуу «Уста жана Маргарита» романын жазган кезде биздин өлкөдө социалисттик тарыхыбыздын коркунучтуу кайгылуу окуяларынын бири ааанын ачып турган, Ежов менен Бериянын ишараты менен «элдин душманы» деген шылтоо менен катардагы колхозчулардан тартып маршалга, мамлекеттик ишмерге чейинки эч айыпсыз адамдарды атып жатышкан кезде, сөзсүз жазуучуга катаалдыктын зомбулугунун темасы үндөш келип турган, ошентип ал өзүнүн чыгармасында өз мезгилиндеги бул катаал окуяны эң сонун сүрөттөп берген. Эгерде аны шыктандырса жана анын чыгармачылык керектөөлөрүнө жооп берсе, ар бир жазуучу илгерки, ал түгүл башка улуттардын легендаларына, мифтерине кайрылууга эрктүү, түбөлүктүүлүктүн мааниси жана сонундугу ушунда... Айтматов «Қыямат» романында Иисус Христостун инсандыгына адилеттүүлүк, чындык, акыйкаттык, жакшылык үчүн ынанымдуу, туруктуу күрөшүүчү катары кайрылат, Иисустун фигурасында кыргыз жазуучусун каармандык кызыктырат. Сенек жылдардын мезгилинде адамдын мындай сапаттары суюлуп, таңсык болуп калгандыгы жашыруун эмес. Айтматовдук Иисустун жагымдуулугу жана ажардуулугу сатылбастыгында, өзүнүн сөзүнө жана ишине бекем тургандыгында. Авдий Каллистратовго Иисус дал ушул сапаттары менен кымбат, ошондуктан ал аны ээрчип өлүмгө, даргага, барлыгына барууга даяр, ал ошондуктан жапа чегип жүрөт жана аны аздектейт, өзүнүн Россиясына чакырат... Айтматов Иисус менен Авдий Каллистратовдун образдары аркылуу кээ бирөөлөр ырастоого батынышкандай, жаңы кудайды эмес, чындыкты, жакшылыкты, адамдагы адамды издейт. «Қыямат» романы бүт бойдон жамандыкка каршы күрөшкө, турмуштагы, инсандардагы жакшылыкты, акыйкаттыкты, шайкештикти издөөгө толгон. Бул дүйнөдө: атмосферада, биосферада, ноносферада, жандуу жаратылышта, адам коомунда шайкештик бар, бирок бул шайкештик атомдун жана ядронун кылымында морт болуп чыкты, ага жырткычтык жана зомбу-

лук менен мамиле жасоо, жаратылыштын законун этибарга албоо айтып болбой турган кайгылуу кесепеттерге алып келет. Бир мисал мындай: Өзбекстандын пахтасынын рекорддук түшүмүн авантюралык кубалоо, республиканын пахта талааларына Орто Азиянын Аму-Дарыя, Сыр-Дарыя сыяктуу ири дайраларынын бүткүл суу ресурстарын ашкере жиберүү, пахта үчүн жаңы чөлдөрдү акылга салбастан ашкере өздөштүрүү Арал деңизинин биротоло соолушуна алып келди, ал бул азиялык менен региондогу климаттын кескин өзгөрүшүнө алып келди. Кум тараптан кум учурган шамалдар, кургак шамалдар көбөйдү. «Кыямат» романынын окуясы ойдон чыгарылган аймак — Моюнкум талаасында болуп өтөт, ал жерде эбегейсиз көп сайгак жашайт, айлана-чөлкөмдө зыяндуу жапайы талаа өсүмдүгү — кара куурай өсөт. Жылдын акыркы кварталы үчүн эт даярдоо планын Моюнкумдагы сайгактардын үйүрүн жырткычтык менен, ойлоосуз кыруунун эсебинен аткарууга областтык масштабдагы начальниктин кесепеттүү буйругу бардыгын астын-үстүн кылып таштады: бул романдын каармандарынын — Акбара менен Ташчайнар деген бөрүлөрдүн, жакшылык менен акыйкат издеген Авдий Каллистратовдун, айыпсыз бала Кенжештин, элдин камкордугу менен жашап келген бактылуу ата жана совхоздун чабаны Бостон Уркунчиевдин тагдырына түздөн-түз терс таасирин тийгизди, бул катаал жана кара ниет адам Базарбайдын Бостондун өзүнүн колунан өлүшүнө алып келди. Чындыгында, бул дүйнөдөгүнүн бардыгы өз ара байланыштуу жана өз ара шарттанышкан: кайсы бир башка материкте ачарчылык болуп же согуш жүрүп, адамдар өлүп жатса, бул ал жерден таптакыр кыйла алыстыкта жашаган башка адамдардын кайгысын пайда кылып, зээнин кейитет. Ошондуктан байыркы убактан бери эле акылмандар дүйнө ажыралгыс экендигин далилдеп келишкен. Дүйнө өзгөчө биздин убакта, бир кесепеттүү жаңылыштык бүткүл адамзаттын, жер планетасындагы бүткүл цивилизациянын тыйпыл болушуна алып келиши мүмкүн болуп турган кезде ажыралгыс. Романдын сайгактарды автоматтан түз мээлеп атуу менен катуу кыргын салууга арналган беттерин окуп отурып аргасыздан ойлоносуң: акыр замандын болгону ушубу, жазуучу мында сайгактардын үйүрүн эмес, ядролук бомбанын соккусунан дүйнөнүн талкаланышынын акыркы учурундагы адамдардын тобун сүрөттөп жатпасын, бул жерде аман-эсен калуунун акыркы мүмкүнчүлүгү качан колдон чыгып кеткен! Айтматов адамзаттын бул соңку көз



ирмемин чоң гуманист-сүрөткердин калеми менен канчык тын коркунучу да мынчалык болбос — дүңгүрөгөн дүбүртбиротоло тунуп калган Акбарага бүтүн дүйнө болуп калгандай туюлду, асман-жер астын-үстүн түшүп, колго кармагыс, көзгө көрүнгүс болуп кыйрап кеткенсиди, төбөдөгү боз чалган күндүн өзү да бу кара сүргүнгө жердегилер менен кошо куулуп, жылтылдаган миң-сан майда сыныктар болуп быркырап, үн-дабышсыз ың-жың алоолоп барат-кансыды. Тиги вертолеттор күрүлдөгөн доошунан, ызылдаган ышкырыгынан ажырап, бийикте айланып учкан айры-куйруктар сымал төбөдө доошсуз тегеренип жүргөнсүдү... Мына ушул каныбайрамдын ың-жыңы жок уюлгусунда Акбара адамдын жүзүн көрдү. Жакын жерден адам жүзүн даана көрө коюп, эси чыкканынан машинанын астында кала жаздады».

«Кыямат» азыркы социалдык курч роман гана эмес, сөздүн түз эле маанисинде адамдын кыянаттыгы менен катаалдыгын сарказм менен ашкерелеген роман-памфлет деп айтууга болот. Айтматовдун жазуучулук добушу, анын кыжырданууусу, анын каарданышы, адамдардын жаныбарлар дүйнөсү менен окшоштурулган бардык арам кемтиктерине каршы нааразылыгы жана жамандык менен жакшылык туурасында анын өкүнүчтүү ой толгоолору романдын дээрлик ар бир бетинен угулуп турат. Жазуучу түз эле романдын беттеринен адамдарга мындай суроо менен кайрылат: эмнеликтен жамандык жакшылыкты дайыма дээрлик жеңип чыгат? Жазуучу собол гана салбастан, жамандык менен катаалдыктын жырткычтык жүзүн Базарбайдын, Гришандын, Кандаловдун, Понтий Пилаттын көркөм образдарында сүрөттөп берет. Жазуучу жамандык дайыма кооптуу экендигин алдын ала эскертет, жамандык дайыма арамзалык, жүзүкаралык, катаалдык менен аркасынан бычак урат. «Кыямат» романында бирдиктүү көркөм композициялык ырааттуулук жана жалпы сюжеттик багыт жок экендигин ырасташкан сынчылардыкы туура эмес. Алар романдын беттеринде эч качан кездешпесе да, Авдий менен Бостондун тагдыры өз ара тыгыз байланыштуу. Жамандык менен жакшылыктын карама-каршы күрөшүн жазуучу атайын адамдын эки карама-каршы, ар башка типтеринде изилдейт. Авдий «адамды өлтүрбөгүн: ага жакшылык кылгын» деген христиан философиясын үгүттөйт, бирок анын кайрымдуулугу ага каршы айланат: ал катуу муштум, катаал метод менен

гана күрөшүүгө боло турган катаал адамдардын колунан мерт болду, бул да чындыктын сабагы, турмуштун сабагы. Бостон да боорукер, ак ниет адам, коомго адал эмгеги, жогорку адептүүлүк жүрүм-туруму менен пайда келтиргиси келет, ошондуктан ар кандай ыпластыктар колунан келе турган адам Базарбайды жек көрөт жана ага чыдай албайт, ошондуктан «социализмдин кебелбес негиздери» жөнүндө ооз көптүрмө сөздөрдү айта билген, бардыгынын алдында аны кулактардын демагогиясын пропагандалагандыгына айыптаган демагог — газета — адам парторг Кочкорбаевге каршы аеосуз күрөшөт. Бирок Бостон Авдийден айырмаланып, чечкиндүү адам, татаал кырдаалда күчтүү мүнөздүү адам. Ал дал Базарбайдын күнөөсү менен жалгыз уулун, сүймөнчүгүн, ишенимин жана турмуштагы таянычын өз колу менен атып таштагандыгын түшүнгөн кезде, ал жарык дүйнөдө жашоом бүттү деп эсептеди да, оор кесепеттер жөнүндө ойлонуп отурбастан, жек көрүндү Базарбайды атайылап барып тындым кылды. Биринчи учурда Авдий чечкинсиздигинен курман болду жана анын натыйжасында жаманчылык үстөмдүк кылды, салтанат курду, экинчи учурда жамандык катуу жазаланды, бирок кандай баа менен: адал кылмыштуу жолго түштү, ак эмгеги жана тунук акылы менен табылгандардын бардыгы жок болду, бардыгы, үй, бакыт, эркиндик жок болду, анын көз алдында дүйнө астын-үстүн болду, акыр заман келди. Жазуучу өз каармынын бул кайгылуу учурун кооздобостон, күчтүү-катаал боектор менен сүрөттөйт: «Дүйнө жымжырт боло түштүбү, же кулак тунуп калдыбы — дабыштар өчүп, айлана-тегерек тумандап, эми эле чайыттай ачылып турган жер-суу жоголуп, анын ордун кызыл өрт каптаган караңгылык басты да калды. Бостон өз көзүнө ишенбей, кызыл-ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түшүп, жерден көтөрүп ала койду, көкүрөгүнө кыскан боюнча артына кетенчиктеди; өлүм алдында жаткан канчык карышкырдын көпкөк көздөрүн эмнегедир таң кала тиктеп өттү. Анан артына бурулду да, күйүттөн тамагы буулуп, ары жакта чуркап келаткан аялдарды беттей басты. Анын көзүнө аялы улам чоңойгондон чоңоюп, мына эми өзүн карай эбегейсиз, бети-башынын, сунулган колдорунун да эби-сыны жок зор аял жүгүрүп келаткандай көрүндү».

Атасынын өз уулун өлтүрүп алышы кыргыз фольклорунда өзүнүн небактан берки салтына ээ. «Карагул» аттуу элдик дастанда — мергенчи-атасы да өзүнүн жалгыз уулу Карагулду жаңылыштык менен элик экен деп жаз-



мыштын буйругу менен атып алат, анткени жапайы жаныбарларды ырайымсыз кыргандыгы үчүн жаратылыш андан ушинтип катаал өч алган, бул кийинки урпактарга элдин даанышмандыгы жана насааты. Айтматов бул элдик акылман сөздү түп-тамырынан өзгөрттү, өзүнүн философиялык интерпретациясын киргизди: эч жерде жана эч качан жамандык жазасыз калбайт, башка адамдын каатаалдыгы үчүн эч айыпсыз, боорукер, ак ниет адам жаза тартат, биздин татаал, трагедиялуу мезгилдеги адам турмушунун маңызы жана парадоксу ушунда! Ошондуктан жазуучу жакшылыктын жамандыкка каршы таймашы туурасында жаңы романында ушунчалык терең жана ушунчалык ачуу ой толгойт, жамандыктын жырткыч жүзүн, анын түпкү тамырын сүрөттөйт, ал бул тамырды эң байыркы тарыхтан, адамзаттын эң соңку тарыхынан издейт.

Катаалдык сөзсүз катаалдыкты пайда кылат, бул коштуу чынжырлуу (чырмалышкан) реакция, анын даны биздин космостук учкул мезгилде бүт дүйнөгө таркайт... Биз буга Айтматовдун «Қыямат» романын окуп чыгып даана ынандык, башкы пафос адамдын инсандыгына, адам байлыгына этият мамиле жасоодо, бизди курчаган, азыктандырып жаткан жана бүткүл дүйнөлүк алааматтан куткара турган жаратылышка этият мамиле жасоодо турат. Фашисттердин туткуну, гуманист, коммунист Юлиус Фучиктин: «Адамдар, кыраакы болгула! Мен силерди сүйгөмүн!» деген белгилүү кайрылуусу бардыгыбыздын эсибизде. Айтматов да азыркы замандын чоң жазуучусу жана гуманист катары бул романында акыл-эстүү адамзатка: «Адамдар, мен силердин бардыгыңарды сүйөмүн, өзүңөрдүн аракетиңерде, ниетиңерде акыл-эстүү болгула, биз туңгуюктун үстүндө турабыз, адамзаттын бир кайыгында отурабыз, бири-бириңерге кол сунгула, адамдарга, жаратылышка, жаныбарларга, баренделерге, ал түгүл карышкырларга кайрымдуу болгула» деген өтүнүч менен кайрылат.

«Қыямат» романынын гуманисттик пафосу ушунда турат. Ооба, бул эле эмес. Айтматов романда жакшылык менен жамандыктын жалган ынтымактыгына чакырбайт, ал жакшылык менен жамандыктын ортосунда илгертеден бери, дайыма кандуу күрөш жүрүп, бирде жамандык жеңип, бирде жакшылык жеңип, салтанат куруп келгендигин сонун билет, бул турмуштун мийзамы... Жазуучу катаалдыкты, жүзүкаралыкты жана көшөкөрдүктү кыжырдануу менен, ачык айыптайт. Сайгактардын үйүрүн кыруу-

га областтык начальниктин волюнтаристтик буйругу Кандаловдун шайкасынын коркунучтуу социалдык жүзүн гана ачпастан, ал ар кандайча жек көрүүгө татыктуу вертолетчиктердин кыңк этпестен, көшөкөрдөнгөн аткаруучулугун да көрсөттү. Жогортодон бардык реалдуу эмес көрсөтмөлөр менен буйруктарды дал ушундай кыңк этпестен аткаруучулар сенек жылдардагы, андан башка жылдардагы бардык кайгылуу кесепеттерге күнөөлүү. Адамзаттын бардык мезгилиндеги кулчулук психологиясы тарыхтын кайгылуу баракгарына алып келген. Иисус Христос бардык мезгилдеги көп жазуучулар менен сүрөтчүлөрдүн көңүлүн, сөзсүз, өз иштеринин акыйкаттыгына дал өзүнүн ишенгендиги, ал түгүл өлүм алдындагы каармандык жосуну менен буруп келген, аларга чыгармачылык кубат жана шык берген, ошентип кыргыз жазуучусу да биздин мезгилдеги катаалдыкка, адилетсиздикке жана жамандыкка каршы күрөштө адамдын даанышмандыгынын ушул байыркы булагына кайрылган. Романда жазуучу тарабынан зор чеберчилик менен жазылган, кээде аларды колуң менен кармалап көргүң келсе, эки карышкырдын кайгылуу тагдырына областтык начальник гана эмес, вертолетчиктер да күнөөлүү, Моюнкум талаасындагы сайгактарды бул алааматтык массалык кыруу жана карышкырларды коркутуу болбогондо, алар өзүлөрү туулуп-өскөн жерлерде жашай беришмекчи, карышкырлар көл кылаасына оошуп келмек эмес, алардын бөлтүрүктөрүн Базарбай уурдабас эле. Бостон өзүнүн Кенжесин жана Базарбайды өлтүрбөйт болучу. Ушунун бардыгы жазуучу тарабынан бир түймөккө устаттык менен чиеленштирилген. Окурманды карышкырлар Акбара менен Ташчайнардын айбанаттык дүйнөсү кызыктырат жана тац калтырат, аларсыз «Кыямат» романы ойго келгис жана кызыксыз...

...«Кыямат» романы кайрадан окулуп чыкты жана сын көз караш менен окулду, ал жөнүндөгү кызуу, чуулуу талаш-тартыштар артта калды, кызуулук сууду, талаш-тартыштар эми тарых болуп калды... Романды кайрадан окуп чыктым, ал мени кайрадан биринчи жолкудай эле толкундатты, анын көп баракгарын кайрадан кубануу менен окуп чыктым, мага азыр да Авдий Каллистратовдун изденүүлөрү, өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулгандыгы, акыйкаттык менен жакшылыкка козголоңдуу ынтызарланышы, катаалдыкты жек көрүшү эң жакын жана кымбат, бирок ал эң мажес, биздин татаал тиричилигибиздеги октос жагдайларда азыркы «көк мээ», мага эр жүрөк, каарман жана эң ак ниет адам Бостон Уркүнчиевдин тагдыры жүрөк сыздатарлык жакын жана өкүнүчтүү, аны сотто эмне күтүп тургандыгын, анын «кылмышынын» нагыз себебин түшүнгөн жана анын жаза баскан кадамын актай турган адилет жана чечкиндүү соттор табыларын же табылбасын билбеймин. Анын келечектеги тагдыры кандай боло тургандыгын билбеймин, бул мага бардыгына сыяктуу эле табышмак. Мен кээде кечкисин канчык бөрү Акбаранын зар какшап улушун укканда болом, кээде ал менин шаардагы үйүмдүн терезесинин түбүнө отуруп алып улуп жаткансыйт, менден жардам жана моралдык колдоо, жубатуу күткөн сыяктанат... Базарбай уурдап кеткен өзүнүн бөлтүрүктөрүн күтүп, зар какшап ыйлап жаткансыйт... Мен да алсызмын, өзүмдү анын алдында көнөөлүүдөй сезем, канчык карышкырдын катуу кайгысы тууралуу ыр жазгым келет...

Романды кайрадан окуп чыктым, кайрадан айрым чоюлмаларды, каармандардын аракетинин жана жосундарынын кээ бир так эместигин, байланышпай калгандыгын, негизделбегендигин баамдадым, бирок бул жекече мүнөздөгү кемчиликтер. Башкысы роман сени тынчсыздандырат, сыйкырлайт, кайдыгер калтырбайт, жапа чегүүгө, ойлонууга, ой жүгүртүүгө, кайгы-капаны баштан өткөрүүгө, кээде ыйлоого мажбурлайт...

Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романынын күчү жана кубаты ушунда... Кээ бир скептиктерге карабастан, мен «Кыямат» романынын өмүрү узун боло тургандыгын далилдеймин жана ага ишенемин...

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ФЕНОМЕНИ

Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятынын гана эмес, ошондой эле көп улуттук советтик жана дүйнөлүк адабияттын да бийиктигине эң тез көтөрүлдү, ал кыска убакта анын таң каларлыктай талантын көп сандаган урматтоочулардын сүймөнчүлүгүн жана суктануусун бекем жеңип алды, М. Ауэзов, Л. Арогон жана А. Твардовский сыяктуу сөздүн эң көрүнүктүү устаттарынын абройлуу жактыруусуна ээ болду, алардын жогорку адабий бедели жана эстетикалык кылдат табити ушул кезге чейин олку-солкусуз жана күмөн саноодон тышкары кала берүүдө.

1958-жылдын октябрь айынын аягында Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи декадасы болгон убактан бери туптуура отуз жыл өттү. Мен СССР Жазуучулар союзунда кыргыз жазуучуларынын чыгармала-

рын талкуулоонун күбөсү жана катышуучусу болгомун, анда Чыңгыз Айтматов «Бетме-бет», «Жамийла» повестгери жөнүндө талапкер таланттуу орус жазуучуларынын жалпы жактыруусун жана батасын алган. Бул ысымы кеңири таанымал боло элек жаш кыргыз жазуучусунун салтанаты болгондугун, бул белгилүү кайгылуу мезгилде «эл душманынын» уулу катары өтө адилетсиз жапа чеккен адамдын салтанаты болгондугун чечкиндүү айта аламын.

Мезгил кандай тез өтөт!

Бул партиянын XX съездинин доору болучу... Бул партияда жана өлкөнүн коомдук турмушунда лениндик принциптерди калыбына келтирүүнүн мезгили болучу, бул адамдын керт башына сыйынуунун, деспотизмдин жана террордун учурунда айыпсыз жок болуп кетишкен көп сандаган совет адамдарынын кирсиз жана ак ниет ысымдарын калыбына келтирүүнүн мезгили болучу, бул адабияттагы ачык талаш-тартыштардын мезгили болучу, дал ушул мезгилде совет адабиятына толкундай удургуп жаш таланттардын жаңы жаркын ысымдары келди, алар азыр ардактуу орундарды ээлешүүдө, ал эми алардын арасынан Чыңгыз Айтматов дароо биринчи катарга чыкты, отуз беш курагында өлкөнүн эң жогорку адабий сыйлыгы — Лениндик сыйлыктын лауреаты болуп калды. Бул азыркы кайра куруунун босогосу болуп эсептелген кызуу мезгил болучу. Бул кайра куруу өзүнүн масштаб жана радикалдуу революциялык кайра түзүүлөрдүн тереңдиги жагынан сөзсүз, хрущевдик жылымтыктан кескин айырмаланса да, ал кызыктуу мезгил болгон эле, анда биздин муундун мыкты өкүлдөрү идеялык-саясий жактан калыптанышкан жана такшалышкан, чыгармачылык кубатка ээ болушкан, **мына ошол руханий азык сенектиктин айла кеткен жана беймаани жылдарында** социалдык адилеттүүлүккө ишенүүнүн жана үмүттүн бекем таянычы жана булагы болуп калды.

Айтматов дүйнөлүк адабияттын тарыхына адабий феномен өңдүү кирди, анын табышмагын биздин мезгилде жана келечекте дүйнөлүк маданияттын орошон өкүлдөрү, ойчулдар жана адабияттын тарыхчылары жандыра бериштмекчи... Айтматовдун феноменинин башаттарын кайдан издөө керек? Менин көз карашымда, бул сурооого биротоло, ал турсун бир маанидеги жооп болушу мүмкүн эмес. Азырынча бирөө талашсыз: Айтматов дүйнөлүк коомдук жазуучулук бааны өзүнүн сейрек көркөм таланты, терең акылы, өзүнүн маданиятынын жана интеллектинин жогорку даражасы менен жеңип алды. Бирок ээй жерде эч нерсе өспөй тургандыгы жалпыга маалым. Кыргыз жазуучусунун дүйнөлүк көкөлөшүндө Айтматов өз элинин түбөлүктүү рухий маданиятынын чыгармачыл мураскору болуп эсептелгендигинин чактысы маанилүү роль ойногон. Өткөндө жазуусу болбогон кыргыз эли рухий маданияттан куру калган деп жоопкерсиз адамдар гана айта алат. Адам жана мезгил руханийсиз болушу мүмкүн, бирок эл эч качан руханийсиз болбойт, анткени руханийсиз эл сөзсүз жоголууга дуушар болмок. Жазуусу болбогон кыргыз эли «Манас» сыяктуу ушунчалык бөтөнчө, өзүнүн көлөмү жагынан бүткүл дүйнөдө айырмаланып турган эпосту оозеки түзө жана кылымдар бою сактап келе алды. Айтматовдун артында Баласагындык Жусуптун, кашкарлык Махмуддун өлбөс-өчпөс мурасы, элдик чакан эпостор, болмуштар жана ырлар, Токтогулдун баатырдык жана кайгылуу турпаты, Молдо-Нияздын, Молдо-Кылычтын, Тоголок-Молдонун, Жеңижоктун, Барпынын жана башкалардын эң сонун чыгармалары, Ниязалынын, Кара-Молдонун, Ыбрай Тумановдун сыйкырдуу күүлөрү, Сагынбайдын, Саякбайдын эпикалык дастандары жана кыргыз совет адабиятынын негиз салуучуларынын реалисттик салттары турган. Кыргыз жазуучусунун талантынын өтө тез оролушунда жана илгерлешинде өзгөчө ролду чыгармачылык, чаалыкпаган окуусу жана орус, көп улуттуу советтик жана дүйнөлүк адабияттын классиктеринин тажрыйбасын өздөштүрүү ойноду.

Айтматовдун чыгармачылыгынын кереметтүү бөтөнчөлүгү «Бетме-бет», «Жамийла» аттуу алгачкы эң сонун повесттери борбордук «Октябрь», «Новый мир» журналдарында жарыяланган күндөн тартып жана «Кыямат» романына чейин ал жазуучу жана ойчул катары — бүткүл союздук окурмандын көңүлүнүн чордонунда экендигинде. Ал өз мезгилинин ой-пикирин ээлеп алгандыгында. Анын дээрлик ар бир жаңы чыгармасы окурмандын кеңири чөйрөсүндө, сынчылардын, жазуучулардын арасында зор кызыгууну, анын талантын урматтоочулардын кубанычын, көп учурда түшүнбөстүктү, кээде алардын арасында нааразылыкты, бүткүл союздук басма сөздүн беттеринде кызуу талаш-тартыштарды пайда кылды, бирок ал чыгармалардын бири да эч кимди кайдыгер калтырган жок, мына ушунусу сөзсүз искусствонун нукура чыгармасынын чени болуп эсептелет... Айтматовдун таланты дайыма козголоңдуу, дайыма кыймылда, дайыма изденүүдө. Чоң сүрөткердин тагдыры дайыма ушундай тынчы жок абалда болуп

келген жана боло берет. Гоголдун Толстойдун жана Чеховдун замандаштары өз мезгилинде ушул улуу орус жазуучуларынын эң көрүнүктүү чыгармаларын туура баалап келишти беле? Таптакыр андай эмес. Айтматов «Сыпайчы», «Ак жаан», «Байдамтал суусунда» өңдүү алгачкы аңгемелери менен кыргыз адабиятында шакриттиктин, өткөөл мезгилдин тажрыйбасына ээ болуп, андан соң көп улутту совет адабиятына дароо эле жетилген сүрөткер-реалист катары кирди. Элүүнчү жылдардын орто ченинде, адамдардын басымдуу көпчүлүгүнүн акыл-эсин адамдын керт башына сыйынуунун идеологиясы бийлеп турган кезде «Бетме-бет» повестинде качкын Ысмайылдын жеке кайгы-касирети туурасында ушунчалык чечкиндүүлүк жана тобокелдик менен жазууга катаал сүрөткердин сейрек кездешүүчү каармандыгына, даанышмандыктын жана кеменгерликтин талантына, боорукердикке жана сезимталдыкка ээ болуу керек эле. Кыргыз адабиятынын 1958-жылы Москвадагы он күндүгүнүн күндөрүндө кыргыз жазуучуларынын ойлонбостон барып эле бир тийгендиктери талапчыл орус жазуучусу, эң сонун «Катаалдык» повестинин автору Павел Нилиндин чечкиндүү коргоп чыккандыгын мен ушул кезге чейин алкоо менен эстеп жүрөмүн. Он күндүктөн кийин Фрунзеде «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринин коркунучтуулугу жана зыяндуулугу туурасында бүт ынтаасын коюп айтышкан кээ бир кыргыз жазуучаларынын ойлонбостон барып эле бир тийгендиктери эсимде жапжаңы бойдон. Кийинчерээк, кыргыз жазуучусунан кийин он жети жыл өткөндө (1974) бул темага азыркы замандагы башка бир залкар орус жазуучусу Валентин Распутин өзүнүн «Жаша жана Эсте» деген эң сонун повестинде кайрылды жана негиздүү, тереңирээк жазды.

Совет жазуучулары өзүнүн чыгармачылык умтуулусу боюнча совет адамдарынын бай, татаал, удургуган рухий дүйнөсүн, алардын эмгектеги эрдигин, алардын татаал конфликттерин жана өз ара мамилелерин, үй-бүлөлүк драмасын, мээримдүү махабатын көркөм образдарда ынсаптуулук менен жана чындыкта, боёгун коюулантпастан жандуу жана даана көрсөтүүгө чакырылган жана милдеттүү. Айтматов кыргыз адабиятында айыл эмгекчилеринин, жумушчу адамдардын жаркын образдарынын бүтүндөй галереясын түздү, ал туулуп-өскөн жеринин улуулугун жана кооздугун шыктануу менен перзенттик сүймөнчүлүк менен даңазалады, кыргыз жазуучусунун сүрөттөөсүнүн аркасында ал төрөлгөн жана өскөн атактуу Талас өрөөнү, легендарлуу Шекер, кереметтүү Ысык-Көл, калкагар Ала-



Тоо учу-кыйырсыз жеринде, бүткүл дүйнөдө жакын болуп калды. Айтматов алтымышынчы жылдардын орто ченинде терең ой жүгүртүүлөрдүн жана чыгармачылык чымыркангган изденүүлөрдүн натыйжасында жаңы чыгармачылык орбитага көтөрүлөт, ошентип ыр түспөлдүү карапайым чабан Танабайдын суктанарлык жана кайгылуу тагдыры жана анын эң сонун Гүлсары деген жоргосу жөнүндөгү «Гүлсарат» аттуу драмалык романы жаралат. Бул чыгармада кайгылуу күү күчтүү угулат. Өзгөчө кайгылуу музыка «Ак кеме» повестинде басымдуулук кылган, анын гуманисттик жана катаал пафосу окурмандардын жан дүйнөсүнө бүлүк түшүрдү, ошондон бери Айтматовдун көркөм дүйнөсү жана географиялык картасы кескин өзгөрүлдү, алардын чеги кеңейди, кыргыз жергеси жана ал ушул кезге дейре чыгармачылыктын фантазиясында эркин учуп келген дүйнө ага тар болуп калгандыктан, демек анын чыгармачылык жан-дили фантазиясы алыскы океандарга жана мелмилдеген казак мейкиндиктерине умтулуп жаткандыгын сүрөткер айкын сезди... Мында таң кала турган, ал түгүл тыюу салынган эч нерсе жок, анткени кайсы сүрөткер болбосун чыгармачылык ой үчүн гана кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере турган чындыкты сүрөттөөгө эрктүү. Чоң сүрөткердин калемине башка элдердин турмушу дайыма колдон келерлик, туулуп-өскөн очогуна мындай «чыккынчылык» дүйнөлүк адабиятта жаңылык эмес. Ошентип биз Айтматовдун «Көздөн учкан көк жээк» (1977) жана «Кылым карытар бир күн» аттуу жаңы чыгармаларынын күбөсү болдук, кыргыз жазуучусу биринчи болуп бир ууч нивх элинин карапайым балыкчыларынын адамзаттык дүйнөсүн жандуу жана ишенимдүү көрсөттү, ал эми экинчи чыгармасында казак талаасын зор көркөм күч менен ырдап чыкты, казактардын Ана-Бейит, Раймалы-ага жана Бегимай жөнүндөгү байыркы уламыштарын тирилтти жана жаңы түргө келтирди.

Айтматов —дүйнөлүк маданияттын ири ишмерлеринин бири, ал дүйнөлүк саясаттагы ар бир ойлонулбаган кадам адамзатты жана цивилизацияны ойрон кылып кете турган биздин өтө кооптуу мезгилибизде дүйнөнүн жана планетанын тагдырын жүрөк өйүтүү менен саат чымыркана ойлонот. Анткени ага, Айтматовго канаттуу сөзгө айланган, дүйнөлүк кубаттооого ээ болгон, ал 80-жылдардын башталышында дүйнөнүн ири ишмерлеринин Софиядагы жолугушуусунда айткан: «Биз бардыгыбыз бүгүн бир кайыктабыз, ал эми кайыктын сыртында космос ааламы жатат» деген сөздөр таандык. Биз, кыргыздар, Ала-Тоонун

үүлү азыркы замандын атагы дүйнөгө таанымал эң көрүнүктүү жазуучу гана эмес, ошондой эле анын кадыр-барктуу добушуна Чыгыштагы жана Батыштагы дүйнөлүк коомчулук кунт коюу менен кулак төшөй турган дүйнөлүк маданияттын эң таанымал жана көрүнүктүү ишмерлеринин бири экендигин сыймыктануу менен айта алабыз, катарына дүйнөлүк маданият менен илимдин эң сонун ишмерлери кирген Ысык-Көл форумун негиздөө урматы ага дуушар болгондугу да кокусунан эмес. Айтматов кайра куруу мезгилинде эл аралык мамилелер жагынан зор сандагы жактоочуларга ээ болгон жаңыча ой жүгүртүүнүн башатында турган дүйнөлүк маданияттын сейрек ишмерлеринин бири болду. Кыргыз жазуусунун даанышмандыгына анын көп замандаштары жана калемдеш коллегалары суктана алышат. Ал 1976-жылы эле, сенек жылдардын ээнбаштыгынын мезгилинде өзүнүн «Тумдашуу түйүнү» макаласында адамзат үчүн **планетардык ой жүгүртүүнүн өтө зарылдыгын** философиялык түрдө негиздеген жана ансыз адамзат туңгуюкта кала тургандыгын чечкиндүү далилдеген.

Чоң сүрөткердин жан дүйнөсү өлчөөсүз жана учу-кыйырсыз. Ал ааламдын өзү түспөлдүү, курчап турган дүйнөнү дайыма кеңейтип, өзүнүн кебелбес эрежелери менен байытып турат, ал дайыма, тоо бүркүтү сыяктуу алыскы бийиктиктерге, ааламга умтулат жана ошол жерден тынчтык, канааттануу табат. Гейне дүйнөнүн жаракасы анын акыны, жүрөгү аркылуу өтө тургандыгын жазган. Орто кылымдагы улуу азербайжан акыны Насими өзүнүн кайгылуу тагдыры, дегеле акындын дүйнөдөгү миссиясы жана милдети жөнүндө өкүнүчтүү ой жүгүртүп, төмөнкү даанышмандык саптарды чыгарган:

Мага кош дүйнө сыят, бирок бул дүйнөгө
мен сыйбаймын.
Мен мацызмын, менин ордум жок — турмушка
да сыйбаймын.


*(К. Симоновдун котормосу боюнча)*

Чамалаганда 70-жылдардын ортосунан тартып Айтматовдун чыгармачылык лабораториясына адамзаттын тагдырынын глобалдуу маселелери өкүмдүк менен басып кирет, жазуучу жер жүзүндө адам тукуму жашап калабы же жокпу? — деген суроого жооптуу азаптануу менен издейт. Муну «Көздөн учкан көк жээк» деген кайгылуу повести жана «Кылым карытар бир күн» аттуу терең философиялык романы далилдейт, аларда кыргыз жазуучусунун моралдык-нравалык, этикалык, психологиялык изденүүлөрү курч, даана жана айкын көрсөтүлгөн. Бул романда сүрөткер биринчи жолу жерден тышкары цивилизациянын чегинен өттү жана Токой Төш башка планеталыктардын бийиктигинен өзүнүн жердеги боордошторунун бүткүл тарыхына, маданиятына жана дүйнөсүнүн түзүлүшүнө чечкиндүүлүк менен көз чаптырып чыкты. Ал башка, бөлөк жердеги маданияттын бийиктигинен элдердин ортосундагы тынымсыз кылымдык согуштардын салтын айыптайт, түз эле бизге насаат катары башка планеталыктар жердегиден түп-тамырынан айырмаланган башка турмуш образын жүргүзүшө тургандыгы, алар согуш деген эмне экендигин таптакыр билишпей тургандыгы жөнүндөгү маселени коет. Бул романда маңкурт Жоломандын кайгылуу баяны жан дүйнөнүн тереңине чейин бүлүк түшүрөт, сүрөткердин сыйкырдуу кыл калеминин аркасында маңкуртчулук адамзаттын тарыхындагы акыл-эссиздикти конкреттүү билдирген жалпы адамзаттык философиялык термин болуп калды, ошентип мезгилибиздин гуманист жазуучусу турмуш-тиричиликке моралга, адептүүлүккө, тарыхка, салтка, маданиятка, экономикага, географияга, психологияга жана башкаларга тамырын терең жайып жиберген ушул коркунучтуу социалдык көрүнүштөн өз убагында алдын ала сактайт.

Сенек жылдардын мезгили көп улуттуу совет адабиятынын өнүгүшүндө терең терс из калтырды, үстүртөдөн, жарым-жартылай чындык менен, мажес жазылган чыгармалардын шаан-шөкөт менен гүлдөп өсүшүнө шарт жана өбөлгө түздү. Бирок ушул кабатырлык учурда да өзүнүн турмуштук-философиялык принциптерин каармандык менен коргоп калышкан, өз ишенимине жараша чыгарма жаратышкан жана өзүлөрүнүн эң сонун чыгармаларында агымга каршы чыгышкан эр жүрөк жазуучулар да болду. Айтматов жакында өзүнүн сүйлөгөн сөзүнүн биринде улуу орус акыны А. Твардовскийди кайра куруунун жарчысы деп атаган. Бул акыйкат сөз! Бул аныктама сенек жылдардын көрсөтмөсүнө карабастан «Гүлсарат», «Ак кеме», «Фудзиямадагы кадыр түн» (К. Мухамеджанов менен бирге), «Көздөн учкан көк жээк», «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» аттуу эң сонун көркөм чыгармаларды жаратkан жана оюнун өзү менен Жазуучунун жана Граждандын ар-намысын жана ысымын жогору алып жүргөн Айтматовдун өзүнө да таандык!

Айтматов сергек сүрөткер катары кайра куруунун алды жагында өзүнүн философиялык терең мазмуну жана

социалдык курч жаңырыгы жагынан айырмаланып турган жана өзүндө биздин коомдун ушул убакка чейин чечилбей келаткан көйгөйлүү маселелерин көркөм түрдө жүзөгө ашырган өзүнүн «Кыямат» романын аяктады жана жарыялап чыгарды, ошентип бул роман маалымдуулуктун, демократиянын мезгилинде совет элинин маданий турмушундагы чоң окуя болуп калды, бул роман кыргыз жазуучусунун жаркын таланты гүлдөп тургандыгын, кыймылда, чаалыкпаган изденүүдө экендигин жана жазуучу өзүнүн даңктуу 60 жылдыгын өзүнүн кубаттуу талантының жана даанышмандык оюнун даңкы таш жарып турган кезинде — ак боз ат минип тосуп алып жаткандыгын көрсөттү...



# ДОСТУКТУН ҮЗҮЛБӨС ЖИПТЕРИ

## СООЛУБАГАН ТУНУК БУЛАК

Поэзияны жана кооздукту нукура кадыр тута билген ар бир адамдын өмүр бою түбөлүк байлыктын туусу жана ченеми катары алып жүрө турган өзүнүн Пушкини болот, аны менен алгач кездешүү жана таанышуу ар бир адамда бөтөнчө, балким жаркын, суктандыруучу жана керемет эскерүү катары бүт өмүрүндө эсинде калат...

Менин Пушкин менен алгач таанышуум согуш жылдарында, бала кезимде болду. Ошол мезгилде ал түгүл Пушкиндин кереметтүү поэзиясынын бар экендигинен күмөн санабастан, ал тургай Блоктун элестүү айтуусу боюнча анын «шайыр ысымын» билбестен, кокусунан таап алган башталгыч мектеп үчүн кыргыз адабиятынын тытылган окуу китеби колума тийип калган кезде, «Кышкы кеч» деген даанышман ырына сыйкырланып калгамын. Анда автор катары Пушкиндин ысымы жок болучу, анткени «Кышкы кеч» басылган беттин баш жагын бирөөлөр айрып кетиптир. Ондой берди болуп, ыр толугу менен бүтүн калыптыр. Ошол кезде 4-класста окуп жүргөн мени бул ыр абдан толкундаткан жана жомок сыяктуу бүтүндөй делебемди козгоп таштаган. «Кышкы кечти» кайра-кайра окуй берчүмүн, анын күчтүү таасири менен өзүмдү ээн дүйнөдө жалгыз калгандай сезип, кусаланып кетчүмүн. Мага бардык жакындарым таштап кетишкендей, «мунарыктап борошо

уруп, кар тозонун уйпалаган», эски үйүбүздү ач карышкырлар курчап алган тоодо кышкы түндүн бир оокумунда калганымдай түюлчу. Бул дүйнөдө тармал чачтуу, шылдыңкор көздүү Александр Сергеевич Пушкин деген даанышман орус акыны бар экендигин кийинчерээк билдим, мени сыйкырлап алган анын ырлары кыргыз тилине орус жана дүйнөлүк адабиятты мыкты билген, таланттуу кыргыз жазуучусу жана котормочусу Узакбай Абдукаимов тарабынан зор кубануунун жана шыктануунун учурунда которулган экен.

Пушкиндин сизди сонундар дүйнөсүнө, кыял менен жаркыраган тилектин дүйнөсүнө ээрчиткен «Поп жана анын малайы Балда жөнүндө», «Падыша Салтан жөнүндө», «Балыкчы жана балык жөнүндө», «Өлгөн ханша жана жети баатыр жөнүндө», «Алтын короз жөнүндө» жомокторуна: «Руслан жана Людмила», «Цыгандар», «Кавказ туткуну» деген романтикалуу поэмаларына, Алеко сыяктуу бөтөнчө каармандарга; ар бири дүйнөлүк лириканын шедеври болгон, ар бири жазып жатканда акындын «чубурган көз жашынан» жаралган «Чаадаевге», «Децизге», «Сыр ачуу», «Няняга», «Кышкы жол», «Кышкы кеч», «Аралап көчө жүрсөм да», «Эсимде бир укмуш көргөнүм», «Даңкты эңсөө», «Жүзүкаралык», «Жаан-чачындуу күн батып, жаан-чачындуу түн кирди», «Эскерүү», «Шаанөкөттүү шаар — жарды шаар» деген бермет лирикасына; анан албетте ушунчалык шайкештик, эргиген күү, жан дүйнөнүн марттыгы, канаттуу ыр, ынтаа жана уйкусуз түндөр болгон «Евгений Онегинге»; терендиги жана реализми жетилген жылдарында эле Л. Толстойду, Достоевскийди, Горькийди таң калтырган «Капитан кызы», «Белкиндин повесттери» прозасына, жетилген куракта гы «Полтава», «Жез атчан» поэмаларына, албетте жаңыдан эле жазып бүтүп жана кайрадан окуп чыгып, өзү «Иттин гана баласы, Пушкин болбой кое кал» деп жазган «Борис Годунов» драмасына кызыгып кеткен учурлар болот, ошондо бул жазганына зор кубануунун жана сыймыктануунун бир көз ирмемине чыгып кеткен даанышман акындын чын ыкластуу доошу экендигине ынанасың: ошондо тендешсиз инсан, өткүр акыл, ойдун байлыгы, жан дүйнөнүн марттыгы, өз мезгилиндеги бардык маселелер боюнча көз караштардын кендиги, ансыз эпистолярдык өнөр ойго келгис стилдин кооздугу, сүйкүмдүүлүк жана адамдын ажары жөнүндө, сүйгөн жана аздектеген, аларга өлбөс-өчпөс ырларын арнаган аялдарга назиктик жөнүндө, досторуна берилгендик жана камкордук, акын жек көргөн



жана аны да өмүр бою мүлжүп келген бүткүл ак сөөктөргө карата күйдүргү шылдыңкорлугу туурасында ой жүгүртүүгө олуттуу мажбурлаган каттары менен күндөлүктөрүнө кызыгуулардын мезгили келет.

Мына ушунун бардыгы ачылыштын чексиз казынасы, нукура ыракаттануу, муну өз өмүрүндө башынан өзү өткөрбөгөн адам жарды!

Биздин убагыбызда — астрофизика менен кибернетиканын кылымында айрым туруктуу түшүнүктөр менен салыштыруулар аеосуз текшерүүгө дуушар болууда. Океан кучакка сыйгыс дечү элек, эми аны ал түгүл өлчөп, санап жатышат. Пушкин болсо аныс кучакка сыйгыс жана өлчөөсүз. Пушкин эң жөнөкөй дешет, бул бир караганда гана ошондой, ал эми ал ушунчалык терең жана татаал. Акындын татаалдыгына жана тереңдигине ар ким нечен жылдарда барып, өзүнүн турмушунун, өз мезгилинин жана өз элинин чукул бурулуштарында жетишет. Ал түгүл Лев Толстой болсо да мактоого сарандыгы жана оор басырыктуулугу менен айырмаланган адам биздин улуу замандашыбыз А. Твардовскийдин бир айтканына таянайын. «Мен узак мезгил эрдемсинүү менен Пушкинди билемин деп эсептеп келгем: анткени бала чагымда да, өспүрүм кезимде да кайталап окучумун: жогорку окуу жайында адабият окутуунун бардык эрежелери боюнча да андан «мен өткөм». Ал туурасында кыйла сандагы китептерди жана макалаларды окугам, мен ал жөнүндө досторум менен талашып-тартышып, анын чеберчилигине карата даанышман экендигим менен сыланкороздончумун — дагы эмне керек?

Бирок Ата Мекендик согуштун күндөрүндө гана, туулуп-өскөн жер үчүн катуу, унутулгус өкүнүүнүн жана бардык эң кымбаттуу нерсеге катуу коркунуч түшүүнүн алдында торолушубузга туура келгендиктин күндөрүндө менин мээнумдагы башка көп адамдардай эле Пушкинди ушул кезге чайин али дурустап билбегендигимди көрдүм. Мен күтүүсүздөн Пушкиндин сөзүнүн эч нерсе менен тенештирилгис күчүн сездим. Анын сыймыктанууга карк толгон патриоттук лирикасынын саптары мен үчүн биринчи жолкудай, мурда дегеле укпаганымдай жаңырды. Жүрүш китепканасындагы эскилиги жеткен кичинекей томчодон күтүүсүздөн жетишкен сыяктуу ой менен сезимдин, туулуп-өскөн жердин, анын шаарлары менен айылдарынын талаалары менен сууларынын, эски катаал замандын жомоктору менен ырларынын түбөлүк таасирлеринин асыл кооздугун суктануу менен түшүндүм. Ушунун бардыгы бү-

гүнкү күн болуп көрүнүп жатты, анткени суктануу тигил же бул сонун ыр саптарынан эмес, ушунун бардыгы — Мекен, ушунун бардыгы менин ажыралгыс кенчим, сыймыгым жана ар-намысым жана даңкым экендигинен келип чыкты, ал эми жер жүзүндө аны төгүндүккө чыгара алгыдай күч болушу мүмкүн эмес».[1]

Пушкин мына ушундай! Пушкиндин терендиги мына ушундай! Ал башка эң көрүнүктүү орус акынынын көз алдында бүткүл залкарлыгы менен ачылыптыр. Эң чоң сыноолордун, коркунучтун жана туулуп-өскөн мекендин каармандыгынын күндөрүндө, Россия эркин улуу держава болуп кала алабы же жокпу деген суроо турган кезде мекен менен биримдикте турпатында жаркырап көрүнүптүр. Аның башка улуу замандашы Ф. Тютчев атактуу төрт сап ырында мындай деп жазган:

Россияга акылың жетпейт,
Саржандап өлчөй албайсың,
Анын турпаты өзгөчө
Россияга ишенүүгө гана болот.

Бул саптарды башкача өзгөртүү менен мындай деп чечкиндүү айтууга болот: Пушкинди саржандап өлчөй албайсың, Россияныкындай эле Пушкиндин турпаты өзгөчө! Пушкиндин залкардыгы жана табышмагы мына ушунда.

Адамдын турмушунда тигил же бул улуу жазуучунун чыгармачылыгына ынтаасын коюп кызыккан, аларга сыктануу менен гана жашап калган учурлар көп болот. Бирок бул кызыгуу көп учурда өтүп кетет жана ага убактылуу «суугандык» башталат. Мындай суугандык ал түгүл Гоголго, Тургеневге, Достоевскийге, Толстойго, Бальзакка, Чехово, Хемингуэйге да карата болот, бирок Пушкинге карата эч качан мындай болбойт. Пушкин деген Мекен! Мекенге деги суугандык болобу? Акырында, түз маанисинде Пушкин — ар бир адам ал түгүл түшүндө да чаңкаган мүрөк суусу, соолубаган тунук булак...

Россияның бардык улуу жазуучулары ушул түбөлүк соолубаган булакка милдеттүү, алардын бардыгы андан шык, багыт алышкан, алардын бардыгы тигиндейинен же мындайынан адабияттагы пушкиндик башталыштын улантуучулары. «...Пушкин өз күчүнүн толук өнүгүп-өөрчүп турган кезинде каза болду жана сөзсүз айрым орошон

[1] А. Твардовский. Адабият жөнүндө. М., «Современник», 1973, 23-бет.



сырларды ала кетти. Эми минтип биз бул сырды ансыз жандырып жатабыз»[1], деп жазган Достоевский өз өмүрүнүн акырында.

Пушкин Октябрдан кийин гана кыргыз элинин кенчи болуп калды жана бүгүн ал бардыгыбыздын эң кадырман акыныбыз. Улуу муундагы чоң акындар менен жазуучулардын бардыгы: К. Баялинов, А. Токомбаев, Ж. Турусбеков, Т. Үмөталиев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, У. Абдукаимов, А. Осмонов 20-30-жылдарда Пушкиндин ырларын, поэмаларын эне тилине которушкан, өзүлөрү ушу булактан көптү үйрөнүшкөн. Пушкиндин эстелигине ыр арнабаган бир да кадыр-барктуу кыргыз акыны жок. Кыргыз акындары менен жазуучуларынын чыгармачылыгына Пушкиндин шык берүүчү таасири чоң. Пушкиндин акындык салтын терең, чыгармачылык менен өздөштүрүү кыргыз акындарынын түйшүктүү иши болгон. Эгерде Твардовский сыяктуу өз убагында негиздүү билим алган ушунчалык улуу акын кийин Пушкинди кадимкисиндей элдин башына түшкөн кырсыктын күндөрүндө түшүнгөндүгүн моюнга алып жаткан соң, 30-жылдарда дээрлик башталгыч билимге ээ болушкан улуу муундагы кыргыз акындары жөнүндө эмне айтууга болот. Ошондуктан аларга Пушкинге мамиле жасоо жана анын сырын жандыруу үч эсе жакын болгон. Муну Алыкул Осмоновдун бир айтканы эң сонун далилдейт. 20-жылдардын аягында «...Пушкиндин, Лермонтовдун, Л. Толстойдун, Тургеневдин, Некрасовдун, Гоголдун ысымдарын уктум жана алардын дубалга илинген сүрөттөрүн көп көрүп жүрдүм. Балким булардын эң улуусу Лев Толстой, андан кийин Некрасов, Гоголь, эң кичүүсү (алардын балдары) балким Пушкин менен Лермонтов окшойт деген тыянакка келдим. Мен мындай тыянакка алардын сакалын карап олтуруп келгем. «Бала жазуучу» — Пушкин бардыгынан улуу экендигин, ал орус адабиятынын негизин түптөгөндүгүн кийин түшүндүм. Бул ачылыш мени аябай толкундатты»,[2] деп жазган ал өзүнүн өмүр таржымалында.

Ошол эле Алыкул Осмонов өзүнүн «Пушкинге» деген ырында жаш чагында ага карата өзүнүн осолдугун эске түшүрүп, 1949-жылы минтип жазган:

Ошол өңдүү кез келишип өзүңө,
Күч жетпеске үстөм кылган күнүмдө.

[1] Ф. М. Достоевский. 10 томдук чыгармалар жыйнагы. М., «Көркөм адабият», 1958, 10-том, 459-бет.

[2] А. Осмонов. Чыгармалар жыйнагы. Кыргыз тилинде. Фрунзе, «Кыргызстан», 1965, 2-том, 7—8-беттер.

Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом,
Жарым кашык дарыямдын түбүнө.

Ушул мисалдардын бардыгы Пушкинге жетүү кыргыз акындары үчүн кыйын болгондугун далилдейт.

Кыргыз акындарынын, жазуучуларынын жана котормочуларынын чоң күч-аракеттеринин аркасында Пушкиндин негизги чыгармалары кыргыз тилинде небак эле сүйлөгөн, алар өзүнчө китеп болуп басылып чыккан жана басылып чыгарылууда. Котормолордун арасында ойдогудай чыккандары да, орто заарлары да, начарлары да бар. Бул өзгөчө сөз козгой турган нерсе. 30-жылдарда С. Карачев «Бекетчи» менен «Дубровскийди», А. Токомбаев менен К. Маликов лирика жыйнагын, Ж. Турусбеков «Таш конокту», К. Маликов «Цыгандарды», У. Абдукаимов «Балыкчы жана балык жөнүндө жомокту», А. Осмонов «Поп жана анын малайы Балда жөнүндө жомокту» которушкан. Алардын арасынан А. Токомбаевдин «Сизди сүйгөм, балким, дагы сүйөрмүн» деген ушул кереметтүү ырдын эмоционалдык күчү жана таасири кылдат берилген котормосун жана Пушкиндин ырынын устаттыгы жана эргүүсү сезилип турган У. Абдукаимовдун котормосун бөлүп көрсөтүү керек. 40-жылдарда К. Баялинов «Кавказ туткунун», коллектив бир томдук прозалык чыгармаларды, У. Абдукаимов «Алтын короз жөнүндө жомокту», «Падыша Салтан жөнүндө жомокту», «Өлгөн ханша жөнүндө жомокту», М. Кырбашев «Капитан кызын», 50-жылдарда К. Эшмамбетов «Белкиндин повесттерин», С. Шимеев ырларын жана поэмаларын которушкан. Мында У. Абдукаимовдун алп эмгегин жана Пушкиндин лирикасын которгондугун белгилей кетүүгө болот, алардын арасында «Кышкы кеч», «Деңизге», «Мына кайта келдим» сыяктуу «орошон өнөрдүн» жаркыраган үлгүлөрү бар. Ыр менен жазылган «Евгений Онегин» деген залкар романдын бизде үч: К. Баялиновдун (1941-жыл), А. Осмоновдун (1948-жыл) жана Э. Турсуновдун (1967-жыл) котормосу бар экендигинин адабий фактысын өзгөчө сыймыктануу менен белгилөөгө болот. Бул котормолордун профессионалдык деңгээли Э. Турсуновдукунда поэтикалуулугу жана угумдуулугу менен айырмаланат. Ошентсе да Пушкиндин «Евгений Онегини» өзүнүн кыргыз тилиндеги шыктуу котормочусун күтүүдө деп ойлойбуз жана ишенебиз...

Пушкиндин ысмын бүгүн ар ким кыргыз гана айтпастан, ал жалпы сүймөнчүлүккө ээ болгон кыргыздын улуттук акыны болуп калды, ал поэзияга кайдыгер карабаган бардык адамдын акылын жана жүрөгүн бийлеп алды.



Пушкинди орто жана кенже муундагы кыргыз акындары урматташат жана эргүү менен которушат, алардын ар бири ага жетүүгө өзүнүн эңсеген чыйрыгын изденүүдө.

Пушкин менен таанышуу жана аны ачуу улантылууда, ал эч качан бүтпөйт, анткени ал өзүнүн «катаал кылымында» жакшылык сезимдерин ойготуп, «Эркиндикти даңктаган» жана бузулгандарга «кайрымдуулук кылууга» чакырган.

## КАРАҢГЫЛЫКТА ЖАНГАН НУР

Максим Горькийдин атактуу «Изергиль кемпир» аңгемесинин каарманы жаш жигит Данко көзгө сайса көрүнгүс бороон чапкындуу түнү чытырман токой, сазга туш келип, өзү баштап бараткан адамдардын өмүрүнө коркунуч келгенде, айласы түгөнүп, аларды сактап калыш үчүн тайманбастан көкүрөгүн өз колу менен жара тартып, оттой болуп күйүп турган жүрөгүн жулуп чыгып, башынан жогору бийик көтөрүп, кыйын абалда акылэстен адашып, үрөйү учуп турган адамдарга: «Алга жүргүлө!» деп туюк жерден жол таап, элди алга сүрөп, алардын алдында бараткан баатырдык карааны бала кезден бери ар бирибиздин делебебизди козгоп, учкул кыялыбызды курчуткан... Албетте, азыр ойлосок, Данко — уламыш экен, жомок экен. Бирок тарыхтагы айрым улуу адамдардын, инсандардын жаркын даңктуу өмүрү жана эрдиги кээде Данконун образын көзгө даана элестетет...

... XIX кылымдын орто ченинде орустун улуу классикалык адабиятында, Пушкиндин, Грибоедовдун, Гоголдун, Лермонтовдун, Белинскийдин, Некрасовдун, Тургеневдин, Толстойдун, Герцендин, Достоевскийдин алп караандары калдайып турган адабиятта беш жыл гана активдүү калем шилтеп, анда өзүнүн өлбөс-өчпөс изин калтырууга үлгүрүп, падышалык Россиядагы зулумдукка, эмгекчи калктын канын митедей соргон крепостук түзүлүшкө ачыктан каршы чыгып, аларды эркиндик менен ар-намыстуулукка тайманбай үндөгөн, өз доорунун терең ойчулу, акыл-ээси (властитель дум) улуу адабий сынчысы болуп, жигит кезинде кара учуктан каза тапкан Николай Александрович Добролюбовдун жалындуу кыска өмүрүн ойлогонумда, дайыма Данконун мифологиялык эрдиги көз алдыма тартылат. Адабиятта кыска мөөнөттө мындай таң каларлык бийиктикке даанышман (гениалдуу) адам гана жете алат. Добролюбов Пушкин менен Гоголдой даанышман болгон.

Добролюбов орус адабиятына Крым согушунан, отуз жылга созулган Николайдын кара түндүү доорунан кийин, Россияда революциялык кыймыл баш көтөрө баштаган учурда келип, ал Некрасов менен Чернышевский башчылык кылган «Современник» журналында алгачкы адабий-сын, публицистикалык макалаларын жарыялап, коомдук турмушка жана адабиятка болгон көз караштарынын бышып жетилгендигин, терендигин жазуучулары менен ойчулдарынын назарына түштү. Ал орустун коомдук ой-пикири менен адабиятынын алдындагы өзүнүн улуу миссиясын студент кезинде эле түшүнүп, эч кандай коркунучтан тайманган эмес. Бир факты келтирели. Орустун азыркы учурдагы белгилүү адабиятчысы Козмин Б. Н. элүүнчү жылдардын башында жалпыга белгилүү падышалык режимдин нукура жан жөкөрү болгон III Бөлүмдүн архивинен анда бир кылым жашырын сакталган, ошол учурдагы реакциячыл публицист Гречке кат түрүндө жазылган күйдүргү макаланы тапкан. Анткени Греч Николай I көз жумганда өзүнүн ымандай сырын жашырбай, бул жоготууга жаны кейип, каңырыгы түтөп макала жазып, анда: «Орус жери, көз жашыңды төк! Сен айрылдың» деп элге кайрылган. Ошол замат анткор авторго Анастасий (грек тилинен которсок-кайра тирилген) Белинский деген жашырын ат менен кат жазылып, анда күйдүргү, сөөк какшата турган сөздөр менен иттен алып итке салган шылдың айтылган. Адабиятчы Козмин бул тайманбас кат бардык окшоштук жагынан Добролюбовго таандык экендиги ишенерлик фактылар менен далилденип, ал улуу сынчынын чыгармалар жыйнагына кирип жүрөт. Ошол памфлет кат жазылганда, Добролюбов али эч кимге белгисиз, Петербургдагы Башкы педагогикалык институттун студенти, он тогуз жашта болчу. Ал эми атактуу катта Николай Iге болгон жек көрүү, аны ашкере шылдыңдоо, ашкан зулумдугун, келесоолугун, пастыгын жашырбай жазгандыгына баа бербей да, таң калбай да койбойсуң! Бир гана үзүндү келтирсек жетиштүү болот. «Сиз: ал элди аябай сүйчү жана эл да аны урматтоочу» — деп жазасыз. Бул эч кандай чындыкка жакындашпаган келжирек сөз жана тантык ой. Ооба, ал элди тырмагына түшкөн чымындын канын жыргап соргон жөргөмүштөй, камактагы палатанын чиновниги кылмышты жана кылмышкерлерди — аларсыз ал күн көрбөйт, пара менен айлык албай калат эмеспи, түрмөчү камактагыларды сүйгөндөй эле сүйчү. Орус падышасы (Николай I — К. Б.) ошол сапаттардын



баарын бир керт башына топтогон: ал жөргөмүштөй өзүнө көз карандылардын ысык канын соргон, уголовдук чиновниктей кылмышкерлерди аеосуз жазалоого жан деп умтулган, аларды баш ийдирүү үчүн өзүнүн жоболорун жарыялаган, ошондой эли ар кандай өзүнчө ойлоону, жакшылык жана адамгерчилик, үстөмдүккө каршы болуп, өзүнүн ар-намысын, абийирин коргоону да кылмыш деп атап, баш ийбегендерге өлүм жана саясий өлүм жарыялаган. Эң аягында, ал түрмөчүдөй өз элин камакка алып, орус акынын тушап, европанын абасын жутуп келүүгө да жол берген эмес, туткундарга көз карашы жакын адамдары менен пикир алмашууга да тыюу салган».[1]

Улуу орус элинин залими, декабристтердин, Пушкиндин, Гоголдун, Лермонтовдун, Белинскийдин, Герцендин, петрашевичтердин, Достоевскийдин, канкор-желдет Николайдын жүзү-кара саясий портретин он тогуз жаштагы Добролюбов кандай курч жана таамай сөздөр менен көз алдыга элестетип тарткан. Бул сөздөрдө эмне деген кыжырдануу, жек көрүү, каардануу жатат! Бул кат өзүнүн каары боюнча Белинскийдин Гоголго жазган атактуу катын эске түшүрөт. Бекеринен Добролюбов каттын аягына «Кайрадан тирилген Белинский деп өзүнүн улуу окутуучусунун каардуу ысмын койбосо керек. Добролюбовдун адабий-эстетикалык, журналисттик ишмердүүлүгү менен орустун ошол мезгилдеги коомдук өнүгүшүнүн тарыхый шартында «жаалдуу Виссарион» («нестовый Виссарион») кайрадан төрөлдү деп толугу менен тартынбай айтууга болот. Албетте, эки улуу демократ-революционер адабий сынчылар ар бири өз доорунун уулу, бирок Добролюбов өзүнүн эң жакшы жолбашчысы Чернышевский менен бирдикте Белинскийдин колунан түшкөн азаттыктын ыйык улуу туусун бийик көтөрүп, жаңы тарыхый шартта анын адабий-эстетикалык мурасын чыгармачылык менен улантып, Россиянын демократтык көз карашын алга жылдыра алды.

Адабиятка, турмушка жана коомдук өнүгүшкө даана көз карашы бекем калыптанган, ошол көз карашы үчүн кара жанын сайып, от менен сууга түшүүгө дайым даяр турган белдүү сынчынын адабиятка келиши чоң майрам десек болот. Ошон үчүн Белинский сынчынын таланты сейрек жана коркунучтуу деп бекеринен эскерткен эмес. Анткени сынчынын таланты эр жүрөктүүлүктү, (өлүм

[1] Добролюбов Н. А. М., Гослитиздат, Үч томдук чыгармалар жыйнагы, 1 том, 645—646-беттер.

менен дайыма беттешип жүргөн тореадордон кем эмес эр жүрөктүүлүк керек), тайманбастыкты, ар кандай тагдырга туш келүүнү мойнуна жүктөгөндүктү талап кылат, ал эми жеңил оокатты издегендер жылуу-жумшак кафедраларды тезирээк ээлөөнү эңсейт эмеспи! Ар кандай таланттуу сынчы адабиятка өзүнүн эрте жетилген адабий ойлору, концепциялары, толгоолору менен келет. Биз сөз кылган Белинский өзүнүн эң алгачкы адабий макаласы — манифести «Адабий ой-тилектери» менен коомчулуктун, адабият чөйрөсүнүн ынтызарын өзүнө бурган, андан кийинки ар бир жаңы макалаларында улам жаңы көз караштарды айтып, өзүнүн эстетикалык мектебин түзгөн. Добролюбов мындай бийиктикке өтө жаш кезинде жетип, эң алгачкы, студент кезинде жарык көргөн «Россиялык сөздүн ынтызарларынын маекчиси» (1956) деген эң алгачкы макаласын «Современник» журналына жарыялап, ошол учурдагы көрүнүктүү жазуучулардын көңүлүн өзүнө бурган. Ал эч кимге белгисиз жаш адабий сынчы аталган макаласында ушунчалык терендик жана зиректик менен адабияттын коомдо ээлеген активдүү ролун ачык жактап, бул процессте чыныгы адабий сын локомотивдик милдет аткарып, коомго жаңы ой-пикир, сергүн көз караш таратаарын жактап чыккан. Ал сөз учурундагы либералдык-консервативдик сынчылардын эмгектерин мыскылдап, аларда көңүл буралык жаркын ой жоктугун дааналап, мындай жыйынтык чыгарат: «алар курулуштун ордуна таш көтөрүп жеткирген бечара жүк көтергүчтөр: алар бир даана буудайдай алтын табыш үчүн ой, дөбө жерди казган кенчилер: албетте, алардын эмгектери да керек жана зарыл, аларды да урматтоо керек: бирок мага курулушту башкарган архитекторду, жер кенин таап берген геологду урматтоого уруксат этиңиздер... Мен библиографтын эмгегин баалаймын, аларга почтальондор шаардын көчөлөрүн адашпай билгендей анча-мынча даярдык, терең эмес билим керек: бирок мага жазуучунун же чыгарманын бүткүл тулкун баалай билип, илимде, искусстводо жаңы сөз айтып, коомдо жаркын көз караш, даана асыл ой-пикир тараткан сынчыны урматтоого уруксат этиңиздер».

Адабиятта жана коомдо эркин, таамай жана адилет чыныгы сөз айтып, тунжурап жаткан караңгы массаны ойготуу, алдыңкы көз караштагы адамдардын көз

[1] Добролюбов Н. А. Ошол чыгармалар жыйнагы, 1-том, 7-бет.



карашына да таасир этип, жүрөгүнө бүлүк салууну адабий сынчынын негизги милдети деп эсептеген, сынчы кыска өмүрүнүн аягына чейин бул программалык идеялык-эстетикалык кредосунан жаза тайбай, анын платформасын кийинки адабий сын макалаларында бекемдеп, улам кеңейтип турган. Адабиятка жана коомго болгон сынчынын зирек ой-пикири көз жаздымда калбастан, албетте, көпчүлүк кишилердин көңүлүн өзүнө буруп, «бул белгисиз автор кандай суурулуп чыга калды?» деген суроолор туудурган. Сынчы алгачкы учурда өз фамилиясын койбой, Лайбов (ысмы менен фамилиясынын эң акыркы муундарын кошуп, өзүнчө псевдоним жаратkан) деген фамилия менен чыгууга аргасыз болгон. Н. И. Панаеванын эскермесине караганда: Добролюбовдун бул биринчи макаласы: «өзүнүн терендиги жана күйдүргү какшыгы менен бардык окугандардын көңүлүн бурган». «Айткылачы, бул макаланы ким жазган?» — деп туш тараптан үзгүлтүксүз сураштырган.[1] Парижде жашап, Россияны сагынып, андан келген ар кандай газета-журналдарды сугалактык менен үстүнө түшө калып окуган Тургенев Панаевка: «Лайбовдун макаласы сонун,— Лайбов деген ким?» — деп кайрылган.

Бүткүл дүйнөлүк адабияттын тажрыйбасы менен караганда, албетте чоң адабият же атактуу жазуучулардын мыкты чыгармалары эстетикалык багыты күчтүү адабий сынды жана сынчыларды жаратат, бул табигый көрүнүш. Ошондой эле чоң адабияттын негизинде, кээде аны менен атаандашып, ага багыт берип, бул татаал процессте маяктын ролун адабий сынчылар өзүнө алган учурлар болот. Айрым учурда, улуттук адабият өзүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүгүн толугу менен ачалбай, арсар жолдо турганда, өтө таланттуу адабий сынчы жарк этип горизонтто пайда болот да, ал ошол адабияттын улуу жүгүн өз мойнуна алып, анын бийик туусу болуп, ага жаңы жол, жаңы багыт берип, келечекте улуу адабият түзүлүшүнө чоң шарт түзөт. XVIII кылымда немец адабиятында ошондой улуу миссияны атактуу сынчы Лессинг жасаган, ал өзүнүн эң мыкты адабий трактаттары менен эстетикалык төңкөрүш жасаган, адабий кыймылдын багытынын жел кемесин өзгөрткөн. Айрым учурда, өтө таланттуу адабий сынчы күндөлүк майда-чүйдө адабий көрүнүштөрдүн негизинде ой жүгүртүп келип, көкүрөгүн эзип, уйкусуна бейкуттук бербеген

[1] Добролюбов Н. А. 1-том, 687—688-беттер.

залкар адабий ойлорду айтып, ар кандай жазган макаласынын узак жашоосуна жетише алат. Бул көз караштан алганда, Добролюбов дүйнөлүк адабий сында сейрек учураган феномен. Өткөн кылымдын элүүнчү жылдарынын аягында профессор А. Милюковдун «Орус поэзиясынын тарыхынын очеркинин» жаңы басылышы жарык көрөт. Улуу-демократ сынчы ошол окуу китебине кеңири анализ жасап, орус адабиятынын байыркы замандан берки өсүшүнө көз жиберип, элдик оозеки поэзия, реализм жана адабияттын элдүүлүгү жөнүндө жаңы көз караштар айтып, адабият менен коом, элдик турмуш бекем тыгыздыкта болуусун талап кылат. Ал идеалисттик көз караштарга сокку уруп: «турмуш адабияттын канондору менен эмес, адабият турмуштун багытына жараша багыт алат» — деген эң сонун ойду дүйнөлүк адабияттагы ар түрдүү мисалдар менен ишенимдүү далилдеп, өз учурунун консервативдик сынчыларга сокку урат. Ушул макаласында демократ сынчы орус элинин фольклорун жогору баалап, орус элинин байыркы замандан бери таланттуулугун, оозеки элдик поэзияда чет элдик баскынчыларга болгон жек көрүү терең орун алгандыгын даана белгилейт. Ошондой эле ал фольклордо айрым учурда зыяндуу көз караштар пайда болорун белгилеп, аны идеализациялаган славаянофилдик көз карашка тикеден-тике каршы чыгат. Жаркын таланттуу сынчы орточо окуу китептин негизинде ушул күнгө чейин өзүнүн эстетикалык маанисин жоготпогон асыл ойлорду ортого салат. Же болбосо, анын артынан жазган: «Өткөн жылдын адабий майда-чүйдөлөрү» деген белгилүү макаласында сынчы өз учурунда пайда болуп, жеңил-желпи, майда-чүйдө нерселер менен алек болгон чыгармаларга каршы чыгып, чыныгы көркөм чыгармалар коом күн тартибине койгон олуттуу маселелерден кылчактап өтүүгө акысы жок, деп эсептеп, адабияттын негизги милдети: «Адабият дайыма коомдо пайда болгон идеяларды чагылдырат, жазуучунун чоң же кичине ийгилиги ал канчалык деңгээлде өз чыгармасында коомдук кызыкчылыктарды жана умтулууларды көрсөтө алганына байланыштуу»[1] деп даана белгилеген. Сынчы белгилүү бир даражада, адабият элдин өсүшүндө коомдун өнүгүшүнө чоң түртткү болгон күчтөрдүн бири боло алат деп, өз макаласын төмөнкүдөй жүрөктөн атылып чыккан жалындуу сөздөр менен аяктайт: «Өзүнө ыраазы болуп, таттуу уйкуга

[1] Добролюбов Н. А. 11-том, 12-бет.



үргүлөткөн, жүрөктө ширин кыялдар жараткан чирик жана көңдөй сөздөрдүн бизге такыр кереги жок, бизге эр азаматтын жүрөгүндө кайрат туудурган, ар жактуу ишмерликке жана өзгөчөлүккө чакырган жаңы жана сыймыктуу сөздөр керек».[1]

Жакшылап көңүл коюп окуган адам, жогорку сөздөрдөн революционер-демократтын эзоптук тил менен элди самодержавияга тике каршы күрөшкө чакырып жатканын сезбей койбойт. Добролюбов мындай минтип окурмандарга чак түштө жыландын куйругун көрсөтүп, «жашырын тил» менен сүйлөшүүгө чоң устат болчу.

Оригиналдуу, өзүнүн туруктуу адабий-эстетикалык талабы бар ар кандай сынчынын чыгармачылыгы биринчи кезекте өз учурундагы кайсы мыкты таланттарды ачып кандай мыкты көркөм чыгармаларды кызыл чеке болуп күрөшүп, алардын жаркыраган жүзүн окурмандарга принципиалдуулук менен көрсөтө алды? — деген суроого даана жооп бере алат. Анткени, бул өтө маанилүү маселе. Эгерде сынчы өзүнүн чыгармачылык жолунда өзүнүн чоңбу же чаканбы адабий-сындык дыңын көтөрө албаса, мейлиге, адабий сынды жана илимде бүткүл өмүрүн жумшап, кол кабартып калем шилтеп, ондогон жоон-жолпу монография сымактарды чыгарып, ал турмак жанын карч сабап жүрүп чоң илимий наамдардын көлөкөсүнө жана зоболосуна башын катса да, башка бирөөлөрдүн ой-пикирлерин билгичтик менен жамап-жаскап, адабий сында из калтырбай, арманда, көзү ачык бул дүйнөдөн өтүп кеткен жана кете берет...

Табийгаттан өзгөчө таланттуу жаралган Добролюбовдун орус жана дүйнөлүк адабий сынынын үлгүлөрүнүн катарына кирген, формасы менен мазмуну ушунчалык бирин-бири толуктап турган эң сонун адабий сындарын, тактап айтканда «Караңгы түрмө», «Чыныгы күн качан келет?», «Обломовчулук деген эмне?», «Караңгылыктагы жарык нур», «Эзилген адамдар» бүтүндөй көркөм чыгарма, поэма, повесть, роман катары баш көтөрбөй окуйсуң, айрым учурда кайталап кайра окуп, не деген асыл ойлорду табасың, сынчынын керемет талантына, пайгамбардай көзү ачыктыгына, баамчылдыгына, адабияттын көзгө көрүнбөс ички «организмин» таң каларлык менен көрүп турганын, түшүнгөнүн, жүрөгү менен назик сезгенин байкап, ага баш ийбей, жүгүнбөй койбойсуң... Адатта адамдар адабий сынды сейрек окуйт, бирок Добролюбовдун китептери

[1] Добролюбов Н. А. 11-том, 64-бет.

магазинде жатканын көрүү кыйын... Орус адабий сынында Добролюбов өзүнүн чыгармачылык тажрыйбасына таянып, реалдуу сын деген багытты, мектепти теориялык жактан негиздеди жана аныктады. Сынчынын ою боюнча, реалдуу сындын өкүлү таланттуу художниктин ар түрдүү чыгармаларын анализдегенде, алардын жалпы идеялыкköркөмдүк окшоштук жактарын даана далилдеп, бир агымга куйдуруш керек, жазуучунун дүйнөгө болгон көз карaштарын, анын талантынын жалпы мүнөзүн ашкере жарыялап чыгармаларындагы жандуу образдардан, көркөм деталдардан издөө керек, анткени, художник менен ойчулдун талантынын ортосундагы чоң айырма бар: философ менен художник экөө тең ар кандай предметке көз жибергенде, алар бирдей эле анын маанилүү жактарын кокустук көрүнүштөрдөн даана бөлө билип, аң-сезиминде ылгай алып, комбинациялык иштерди уюштура коет: бирок ойчулга караганда художник көргөн предметти жандуу жана эмоционалдуу турдө күчтүү кабыл алат, аны Добролюбов таамай сөз менен «көркөм натура» деп атаган. Ошол себептен, эгерде художник өзүнүн көз карашында реакциячыл позицияда турса да, ал турмуштан баамдагандарын жүрөгүндө сактап жүрүп, жеке көрүнүштөрдү жалпы типке айландырып, чындыктын бузулбаган картинасын өзүнүн чыгармаларында объективдүү түрдө реалисттик менен чагылдырат. Эгерде художник турмуш чындыгын чыгармасында бузбай аны профессионалдык чеберчилик менен жогорку деңгээлде көркөм чагылдырган болсо анда сынчы сүрөттөлгөн окуяны туура трактовкалап, жазуучунун талантынын жеке каснетин көрсөтүүгө милдеттүү. Добролюбов Островскийдин, Тургеневдин, Гончаровдун, Достоевскийдин, Аксаковдун атактуу чыгармаларына анализ жүргүзгөндө, өзү негиздеген «реалдуу сындын» методун кыйшаюсуз колдонгон. Жалпыга белгилүү Островскийдин, Тургеневдин, Гончаровдун, Аксаковдун коомго болгон көз караштары көп учурда консервативдик, айрымдарыныкы реакциячыл багытта болгон, алардын бул позицияларын сынчы эч качан колдогон эмес, кайра аеосуз күрөш жүргүзгөн. Бирок аталган орустун улуу жазуучулары чыныгы реалист катары чыгармаларында турмуш чындыгын бузушкан эмес, ошондуктан алардын чыгармаларын Добролюбов жогору баалап, алар аркылуу россиялык чындыкка тиешелүү өзүнүн эң алдыңкы ой-пикирлерин айткан. Сынчы орустун улуу драматургу Островскийдин он бир пьесасын ой жүгүртүп, алардын каармандарынын мүнөздөрүн терең анализдеп, кейиштүү тагдырларына, аларды курчап турган залимдикке курч көз жиберип, алардын жашоо тиричилигин, ички жана сырткы дүйнөсүн карацгычылык деген эң катуу өкүм чыгарган. Драматургдун «Добул» деген атактуу пьесасы жарык көргөндө, сынчы андагы көркөм образдарды жана мүнөздөрдү терең анализдеп отуруп, чыгарманын аягында Кабаниха менен Дикийлердин сасыган чөйрөсүнөн сууруулуп чыгып, аларга протест катары өзүнүн адамдык ар-намысын сакташ үчүн, дарыяга чөгүп өлгөн Катеринанын тартынбастыгын жана чечкиндүүлүгүн даанышмандык менен жогору баалап: «Добулда» аткарылган Катеринанын мүнөзү жалаң гана Островскийдин драматикалык ишмердигине эмес, биздин жалпы адабиятыбыздагы алдыга болгон бир кадам. Ал биздин элдик турмушубуздун жаңы тепкичине туура келет, ал көптөн бери адабиятта чагылуусун күтүп жүргөн болчу, анын тегерегинде биздин мыкты жазуучулар темселеп жүрүшкөн...»[1] Добролюбов Тургеневдин атактуу «Босогодо» аттуу романында да кыраан көз караш жиберип, чыгарманын олуттуу жакшы жактарын даана көрсөтүп, башкы каармандарын бир Инсаровдун чечкиндүү мүнөзүнө ыраазы болуу менен, ал чет өлкөлүк гражданин болгарин, эмне үчүн биздин «ички түрктөр» менен аеосуз кармашкан орус чындыгын инсаровы кайда, ал качан адабиятыбызда жаралат: «...Эцсеген ошол күн да келет! Канткенде да ал күн алыс эмес: мүмкүн бизди кандайдыр бир түн андан бөлүп тургандыр...»[2] деп эң ишенимдүү тыянак чыгарат! Гончаровдун улуу чыгармасы «Обломовко» сынчы социалдык терең анализ жасап, орус турмушунда көп мезгилден бери кенири орун алган «улуттук» көрүнүш — обломовщинаны ушунчалык кыжырдануу менен айыптап, андай пас көрүнүштөн тезирээк кутулууга чакырат.

Атактуу орус сынчысы жогоруда аталган орустун көрүнүктүү жазуучуларынын чыгамаларына анлиз жүргүзгөндө, алардын мазмунун гана баяндап, өзүнүн көз караштарына иллюстрация же материал, фон катары гана пайдаланбастан, алардын ар биринин көркөм дүйнөсүн, чыгармачылык индивидуалдыгын, каармандардын мүнөздөрүнүн айырмачылыгын чоң билгичтик жана терең, даана көрсөтө билген. Бекеринен өз учурунда Островский менен Гончаровду Добролюбов кайрадан жаратты деген сөз тараган эмес. Анткени сынчы өзүнүн улуу таланты, эрудит-

[1] Добролюбов Н. А. 11-том, 194-бет.
[2] Добролюбов Н. А. 11-том, 69-бет.

ициясы менен атактуу жазуучулардын чыгармаларынын көмүскө ажарларын күн нурундай кылып жаркырата чагылтып, коомчулуктун көңүлүн бурган. Бул — адабий сынчылыктагы — сейрек кезикчү талант!

Добролюбов адабий гана сынчы болбостон, ал жалындуу публист, чебер очеркист жана таланттуу акын да болгон. Анын сатиралык жана лирикалык ырлары өз учурунда коомчулуктун кызыгуусун өзгөчө өзүнө буруп, өзү башкарган «Современниктин» күйдүргү «Свисток» тиркемесин окурмандар колдон жулушуп, талашып окушкан. Кыйын балалык кез, оор студенттик күндөр, институтту бүткөндөн соң бел майышып журналда Чернышевский менен Некрасовдун эң жакын соратниги катары күнү-түнү жанын сабап иштеп, өзүнүн ден соолугуна карабай, адабият менен ата журттун кызыкчылыгын баарынан жогору коюу анын кырчын өмүрүн кыйып, жыйырма беш жашында космоско учкан ракетанын куйругундай жалп этип күйүп, каранғы мүрзөнү кучактоого аргасыз болду! Ал өзүнүн саналуу күндөрү калганын башкалардан жакшы түшүнгөн. Өлөр жылы жазган бир ырында:

Кымбат досум өлүп барам,
Болгон үчүн эң адилет.
Жүрөгүмдө жоктур арман,
Келечекте баркым билет.
*(Которгон өзүм)*

Мындай ырды өзүнүн өлбөс-өчпөстүгүнө ишенген гана адам жаза алат!

Добролюбовдун асыл сөөгүн эң жакын аз сандагы ой санаалаштары калемдештери 1861-жылдын аяздуу суук күндөрүндө, декабрь айында мүрзөгө коюшту. Бул шум өлүм орус адабияты менен орустун революциячыл-демократтык кыймылы үчүн эч качан ордуна келбеген улуу жоготуу эле. Некрасов Добролюбовдун табытынын башында көз жашын буркурап төгүп туруп: «О сүйүктүү орус жери — Ата журт, сен көк асмандын алдында күн көргөндөн бери мындай улуу уулду жарата элек жана кайра койнуңа ала элек болчусуң! Эмне деген акылдын кенчи өчүп, эмне деген асыл жүрөк токтоду!» деп кош айтышты. Улуу акын мүрзөдөгү сөзүнүн негизинде 1864-жылы «Добролюбовдун эстелиги» деген атактуу ырын жазган. Ал эми алыскы Лондондогу Герцен менен Огарев бул шумдук кабарды угушуп, өздөрүнүн атактуу журналы «Колокол» журналында «Добролюбовдун кайтышы» деген некролог жарыялашты: «Биз дагы бир жолу өзүбүздүн хроникабызга эрте өлүмдү киргизүүгө муктажбыз, эң кайраттуу жазуучу, айтканынан кайтпаган диалект жана орустун эң сонун публицисттеринин бири — Добролюбов жакын арада өзүнүн жол баштоочусу Белинскийдин жанына, Волково көрүстөнүнө коюлду. Добролюбов жыйырма беш жашта эле деп айтышат».[1]



Добролюбовдун талантын, буржуазиялык либералдар менен келишкис күрөшүн окутуучусу Чернышевский тирүү кезинде эле бийик баалап, аны адабий сынчы катары өзүнүн дайыма жогору койгон, ал өмүрүнүн аягына чейин ага болгон сүйүүсүн көкүрөгүндө сактап, өз пикирин өзгөртпөгөн эмес. Плеханов Добролюбовдун дүйнөдөн кайтканына элүү жыл толгондо, «Добролюбов жана Островский» деген атайы макала жазып, анын сынчылык талантын, эстетикалык көз карашын жогору баалап келип, мындай жыйынтык чыгарган: «...Белинский Гоголдун чыгармаларына эң сонун эстетикалык анализ жүргүзгөндөй, Добролюбов Островскийдин пьесаларына эстетикалык мааниде эң жакшы талкуу жүргүзгөн».[2] В. И. Ленин да Добролюбовдун тайманбас резолюциялык ишин, адабий публицистикалык макалаларын жогору баалап, билимдүү жана ойчул Россияга «...кордукту бүткүл жаны менен жек көргөн» ички түрктөргө «самодержавиялык өкмөткө каршы элдик көтөрүлүштү ушунчалык эңсеген жазуучу бизге өтө кымбат»[3]— деп 1901-жылы жазган бир макаласында. Атактактуу марксист адабий сынчы А. Луначарский Октябрь революциясы жеңгенден кийин, Москвага Добролюбовдун эстелик монументи коюлганда, жаш республиканын агартуу министри катары салтанаттуу митингени ачып, улуу адабий сынчысынын эңсеген тилеги — «чыныгы күнү» эми келгенин айтып, анын кажыбас эмгегин баалап келип мындай жүрөктөн чыккан, эч качан унутулбай турган ой айткан: «...азырынча орус сөзү кайсы жерде болбосун шандуу угулуп турганда, Добролюбов эч качан унутулбайт».[4]

Өткөн кылымдын эң азаптуу шартында падышалык самодержавияга тайманбас каршы чыгып, каранғычылык, зомбулук, теңсиздик, абийирсиздик өкүм сүргөн доордо кайраттуу, ар-намыстуу жашап, өз эли менен ак ниет адамзаттын улуу идеалдарына чын дили менен кызмат

[1] А. И. Герцен. М., Гослитиздат, 1958. Тогуз томдуу чыгармалар жыйнагы, 597-бет.
[2] В. Г. Плеханов. «Литература и эстетика», М., 1958, 1-том, 541-бет.
[3] В. И. Ленин. Чыгармалар, орус тилинде, 5-том, 296-бет.
[4] А. В. Луначарский. М., «Художественная литература», сегиз томдук чыгармалар жыйнагы, 7-том, 203-бет.

кылып, алсыздар менен мундууларга жөлөк-тирек болуп, аларды күрөшкө үндөгөн, караңгылыкта нурдай жарк этип жанган орустун даанышман сынчысы дайыма элдин жүрөгүндө жаркын элеси менен жүрө бермекчи.

1986-жыл, 28-январь.

Улуу октябрдын таңында төрөлгөн кыргыз совет адабиятынын аксакалдары орустун классикалык адабиятынын айрым көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармаларынын кырдаалдуу таасирин алышып, андан үйрөнгөндөй эле, кыргыздын төл баш сынчылары М. Дөгдуров, Т. Саманчин, Ж. Самаганов ж. б. өз учурунда алына жараша Белинскийдин, Чернышевскийдин, Добролюбовдун адабий-эстетикалык мурасын окушуп, алардан таалим алууга аракет кылышкан. Ырас, алардын көпчүлүк макалаларында адабий чыгармалардын ички сырларына сүңгүп кире албагандыгынын негизги себеби — биринчи кезекте марксисттик-лениндик эстетиканы терең өздөштүрбөгөндүгү, ошондой эле орустун революционер демократ сынчыларынын асыл эмгектерин беш колдой билбегендиги менен түшүндүрүлөт. Кыргыз адабий сынында элүүнчү жылдын ортосунан тартып профессионалдык деңгээли башталып, адабий сындын катарына марксистик философияны, эстетиканы жакшы билишкен Азиз Салиев, Шаршенбек Үмөталиев, Кенешбек Асаналиев, Мухтар Борбугулов, Кымбатбек Укаев, Кулан Рысалиев өндүү сынчылар келишип, адабий сыныбыздын профессионалдык деңгээли бийиктеди. Алардын артынан да убап-чубап сынчылардын жаңы күчтөрү улам кубалаша келип, кыргыз адабий сынын эстетикалык маданияты даана жогорулап, союздук масштабка чыгып, ат салыша баштады. Ушул адабий сын процесстеги Добролюбовдун чоң үлүшү бар.

...Мен Добролюбовду студент кезимден башыма жаздырып окудум. Элүүнчү жылдардын башында Москвадан жарык көрөгү сынчынын күрөң тыштуу үч чоң томун бу-кинист дүкөнүнөн сатып алдым да, баштан аяк баш көтөрбөй казып окуганым, андагы ойго терең, акылга бай адабий сын макалалардын таасиринде толкундап, бул дүйнөгө өзүмдү керемет бактылуу сезген күндөрүм али көңүлүмдөн кетелек! Кантип кетет! Эч качан кетпөөгө тийиш. Добролюбовдун түздөн-түз таасиринде студенттик жылдарымда жана кийинчерээк «Оморчулук деген эмне?», «Поэзиядагы халтураны бөгөөгө болобу?», «Ыманбай жана кээ бир зыяндуу ата салттар» деген адабий сын макалалар жазганым окурмандарга белгилүү. Алтымышынчы жылдардын баш ченинде Москвада аспирантурада окуганымда, Добролюбовду кайрадан окуп, мурда көп жактарын терең өздөштүрбөй, ала калтырганымды түшүндүм. Мен Пушкинди, Толстойду, Блокту, Чеховду, Шолоховду, Твардовскийди ар дайым кайталап окуп, улам жаңы жактарын ачкандай Добролюбовдун укмуштай адабий сын макалаларын кайталап окуп, дайыма канаат алам, анын даанышмандыгына баш ием. Анткени, көркөм адабиятка ашык болгон пенде үчүн Добролюбов баалаган жанга түгөнбөс асыл казына!

Ооба, Добролюбов баалаган жанга түгөнбөс асыл казына!



## ДООРУБУЗДУН ДААНЫШМАН ЖАЗУУЧУСУ

Өз адабиятынын оор жүгүн төөдөй көтөрүп, мезгилинин караандай суугуна тоңуп, аптап-ысыгына күйүп, кыйын татаал жолдордо кербен башчы болуп башкаларга айкын жол көрсөтүп, нукура чыгармачылыгы, инсандык орду бүтүндөй бир доорду түзгөн элинин, чыныгы жарчысы, ыйык туусу, иманы, тирүү кезинде даанышман (гениалдуу) жазуучу деген эң бийик атакка ээ болгон дүйнөдөгү сейрек кезиге турган алп жазуучулардын катарына бүгүн бүткүл совет коомчулугу, ак ниет адамзат туулган күнү сексен жылдыгын чоң салтанат менен белгилеп жаткан Михаил Александрович Шолохов кирет.

Шолохов совет адабиятынын босогосун жаш социалисттик мамлекетибиздин эң татаал, эң кыйын мезгили граждандык согуштун запкысынан кансырап турган учурунда аттады. Жаш жазуучу чыгармачылык жолун баштаган учурда Октябрь революциясынын таңында жаралган орус совет адабияты телчигүү доорунда болуп, анын көркөм арсеналында азыркыдай бай идеялык-эстетикалык тажрыйба жоктуктан, курчоосунда ар түрдүү зыяндуу агымдар, группировкалар өкүм сүрүп, пролетардык багыттагы жаш жазуучуларга тоскоолдук кылып, аларга айыгышкандай чабуул жасап, көз көрүнөө жээрип турган учур эле. Бул мезгилде Максим Горькийдин көңүлүн өзүнө бурган А. Серафимович, Д. Фурманов, А. Фадеев, Л. Леонов, Вс. Иванов, И. Бабель ж. б. таланттуу жазуучулар социалисттик улуу Октябрь, Граждандык согуш жана жаңы турмуш жөнүндөгү каардуу чындыкты алгачкы чыгармаларында чоң көркөм күч менен сүрөттөшүп, орус совет адабиятынын такпайын бекемдеп жатышкан. Пролетардык адабияттын ушул күжүрмөн тобуна жыйыр-

ма жаштагы Михаил Шолохов эң алгачкы аңгемелер жыйнагы «Дон аңгемелери» менен кошулду. Жаш жазуучунун аты аталган аңгемелеринде дондук казактардын карама-каршылыктуу турмушу, алардын кылымдар бою жараткан өзгөчө үрп-адаты, салты, тап күрөшүнүн граждандык согуш мезгилиндеги курч мүнөзү жаркын көркөм тил менен сүрөттөлүп, окуп жатканда айрымалуу дүйнөгө киргендей болосуң. Ошол өзгөчө дүйнөнүн адамдарынын адамдык ар-намысы, өз укугу, сүйүүсү, таалайы үчүн ар кандай опурталдуу жана чечкиндүү кадамдарга барганын, дон талааларынын кендиги жана кооздугун, ар түрдүү чөптөрдүн мурдуңду жарган жыттарын жан дилиң менен сезбей койбойсуң! Аңгемелердин каармандары бул кандуу кармашууда эң жакын адамдарын аяп койбой өлүм жазасына тартат. Мисалы, эскадрондун командири Николка («Кыл») ак гвардиячыл атасынын колунан каза табат, кызыл казак Яков Шибалок («Шибалковдун тукуму») кызыл аскердик отрядка карасанатайлык кылган өз энесин атып салат, продкомиссар Бодягин («Продкомиссар») өз атасына өлүм жазасын чыгарат. «Дон аңгемелери» жарык көргөндөн жарым кылымдан кийин ошол учурду дүйнөгө атагы чыккан Шолохов эскерип, мындай деген: «Сиз мен эмне үчүн жазуучу болгонумду, же кантип жазуучу болгонумду сурадыңыз,— деп жооп берген бир журналистке,— мен өспүрүм кезимде калыптанып, бул мезгилим Граждандык согуштун учуруна туш келгенин көз жаздымдан чыгарбоо керек. Аңгемелердин жана очерктердин темасы көз алдымда болчу. Трагедиялуу доор болчу, жаза турган кызыктуу окуялар көп болуп, алар калем алууга мажбур кылды. «Дон аңгемелери да ушундай шартта жазылды. «Тынч Донду» алсак,— башкача маселе. Ал «Дон аңгемелеринен» өсүп чыкты деп айтууга болот».

Табийгаттан аша таланттуу жаралган Шолохов жыйырма жашында дүйнөлүк адабияттын тарыхында сейрек кезиге турган эң азаптуу чыгармачылык толгоого жана эрдикке бел байлап, азыр бүткүл дүйнөгө белгилүү болуп, жалаң гана автордун эмес, жалпы көп улуттуу совет адабиятынын туусун бийик көтөрүп, социалисттик реализм методунун эстетикалык принциптеринин горизонтун кеңейткен жана байыткан роман «Тынч Дондун» биринчи китебин жазууга киришет. Эң алгач роман «Дончулук» деп аталып, Петрограддагы совет бийлигине каршы козголонуна катышкан дондук казактардын Корниловдун реакциячыл ролун көрсөтмөк болот. Аталган чыгарма бүткөндөн соң өзүнө чоң талап койгон жазуучунун чыгармачылык горизонту кеңейип, мурдагы пландары түп тамырынан бери өзгөрүп, Дон дарыясы жайында жээгинен ашып, буркан-шаркан болгондой, Шолоховдун көкүрөгүндө да чыгармачылыктын толкундары эң бийик даражага көтөрүлүп жатты. Эр жүрөк жазуучу бүткөн чыгармасын жаратпай, аны кайрадан жазып кирет. Жазуучунун өзүнүн мурдагы чыгармасынын жээрүүсү — адабиятта аз кезиге турган улуу новаторлук эле. Орус адабиятынын тарыхында мындай көрүнүш өткөн кылымда Лев Толстойдун чыгармачылыгында болгон. Ал атактуу романы «Согуш жана тынчтыктын» эң алгачкы замыслы декабристтердин күрөшү менен гана чектелткен, бирок колуна калем кармап, азап тартып жаза баштаганда эски пландар өзгөрүп, чыгарманын мазмуну менен формасы таанылгыстай өзгөрүп, жазуучу орус элинин тарыхындагы атактуу окуя — 1912-жылдагы Ата мекендик согушка кайрылууга аргасыз болот. Мындай чечкиндүү чыгармачылык эрдикке өз талантына, чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө ишенген алп жазуучулар гана бара алат.

1928-жылы «Тынч Дондун» биринчи жана экинчи китептери «Октябрь» журналында жарыяланып, бул чыгарма каардуу реализм, адамдардын ички дүйнөсүн ушунчалык терең, ар тараптан, эң татаал карама-каршылыкта, кагылышууда сүрөттөшү, жазуучу драмалык кандуу окуялардан кыпындай да артка чегинбей, тарыхый чындыкты тайманбай көрсөтүшү менен окурмандарды таң калтырды. Ошол жылы Михаил Шолохов жыйырма үч жашта болчу. Бүгүнкү көз караш менен караганда, редакциялардын эшигин тытып жүргөн жаш автор, ал эми романдын көркөм күчү, терендиги, окуялардын масштабдуу сүрөттөлүп, каармандардын мүнөздөрү Шекспирдин, Толстойдун, Достоевскийдин деңгээлинде көз алдыга тартылышы — улуу жазуучунун калеми, талантын элестетет. Шолохов чымырканып атактуу романын он төрт жыл (арасында «Көтөрүлгөн дың» романынын биринчи китебин бүтүрдү) тынбай жазып, 1940-жылы эң акыркы чекитин койду. Он төрт жылдык азаптуу эмгек, чыгармачылык эргүү, машакаттануу, изденүү, ойлонуу, эмне деген укмуштай көркөм дүйнө ачуу, кайрадан сызып, кайрадан жазуу, бир нече варианттардын арасынан эң сонун үлгүсүн тандап алуу — мындай эмгектенүү бир гана даанышман жазуучунун колунан келет!

«Тынч Дон» Мелехов менен Аксиньянын сүйүү баянынан өркүндөп отуруп, ар түрдүү жылгалардан топтолуп, акырындап агып отуруп, бул үй-бүлөлүк роман акырында

дүйнөлүк масштабка ээ болгон биринчи дүйнөлүк согуш, Октябрь революциясы жана граждандык согуштун татаал жолдору менен тыгыз байланышып, бүткүл адамзатты толкундаткан жана ойлонткон, азап чектирген эң кыйын философиялык, нравалык, социалдык, укуктук, моралдык, турмуштук проблемаларды өзүнө сиңире сүрөттөйт. Жазуучу романдын борбордук каарманы Григорий Мелехов дун турмуштун эң кыйын жолдорунан жана сыноолорунан өткөрөт, окурман романдын акыркы барагына чейин бул каармандын оор тагдырына, адашууларына жан дили менен бул дүйнөдөгү чындыкты, адилеттикти издешине, өзүнүн жеке таалайына, сүйүүсүнө ушунчалык далбас урганына боору ачып, ага жакшылыкты каалап отурат. Мелехов дүйнөлүк адабияттагы эң татаал, чоң трагедиялуу каарман. Анын акыйкатты издеши, чындыкка умтулушу, козголоңдуу жүрөгү, курч натурасы, кали сүйлөп, жаныш сарпташы, ар-намыстуу кебетеси, ички дүйнөсүнүн таалдыгы жана терендиги дүйнөлүк адабий образдар Гамлетти, Король Лирди, Пьер Безуховдун, Иван Карамазовдун катарында турат. Мелеховдун образын жана анын трагедиясын туура түшүнүү үчүн аны тарбиялаган, бапестеген дон казактарынын тарыхын, социалдык турмушун, сословиялык өзгөчөлүгүн жакшы билүү керек. Мелехов Дон казагынын чыныгы типтүү өкүлү, ошол чөйрөнүн азамат уулу. Жалпыга белгилүү Дон казактарынын учурунда падышалык самодержавиянын эң ишеничтүү таянычы жана коргоочусу болгон. Ошон үчүн падышалык бийликтер аларга «ырайымдуу» мамиле жасап, айрым автономиялык укуктар берген, ал эми дондуктар өздөрүн орус элинен бөлүшүп, өзгөчө сословие катары карашкан. Бул Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, граждандык согуш мезгилинде да ак падышанын генералдары Врангель, Деникиндер аларга таянышып, ошол аймакта контрреволюциялык иш жүргүзгөнү да кокустук эмес. Ооматтуу орто дыйкан үй-бүлөдөн чыккан, ак жүрөк, тайманбас, адилеттикти баарынан жогору койгон, мүнөзү карама-каршылыктуу, татаал, акылы зирек, бир жолукканда ар кандай адамга көзүнүн жалындуу оту менен катуу таасир калтырган Григорий Мелехов Гамлеттей болуп, өз чындыгын табалбай, бирде кызылдар тарапта, бирде актар тарапта кандуу кылыч чаап жүрөт. Жазуучу Мелеховдун бул адамдык жакшы касиеттерин татаал драмалык кагылыштарда жана ситуацияларда кашкайта көркөм каражаттар менен сүрөттөйт. Өзүнүн жек көргөн душманы — Аксиньянын күйөөсү Степан Астахов дүйнө-



лүк биринчи согуштан мингеи атынан ажырап, австрияликтарга колго түшүүгө аз калганда, Григорий ичиндеги бардык жек көрүүсүн баса билип, эр жүрөктүүлүк менен аны душмандардын колунан куткарып чыгат. Шолохов каармандарынын мүнөздөрүн, өсүш логикасын жылмалабайт: алар ушул окуядан кийин да бир-бирине кезенген душман болуп кала берет. Башка жазуучу болсо, мүмкүн, ушул эпизоддон кийин бир-бири менен жараштырып коймок. Адам жүрөгүнүн катаалдыгын терең билген художник — Шолохов Степан менен Григорий бүл дүйнөнү топон суу каптап, экөө жалгыз калса да түк элдешпестигин билет, ошон үчүн турмуш чындыгын бузгусу келбейт. Мелехов кандуу кармашууда душманды такыр аябайт, ал зулумдук менен аларды өлтүрө билет, бирок ал колго түшкөн алсыз душманды бир взводдон жолдошу Чубатый эч себепсиз өзү кылыч менен кыя чапканда жаны кашайып, сени атып саламын деп чындап жулунат. Эгерде жанындагылар жолто кылбаса, ал айтканын аткармак. Ал өз хуторуна актар көтөрүлүш чыгарып, кызылдарды кыйратып жатканда, бала кезден бир өскөн курбусу, бирок тап душманы Михаил Кошевойдун өмүрүнө коркунуч түшкөнүн билип, аны куткарыш үчүн өзү чаап барат. Шолохов каармапынын ак пейилин, рыцардык сапаты бардыгын ашкере сүрөттөйт. Бирок жазуучу Григорийдин тагдыры өтө кейиштүү экенин, ал эч качан эл каалаган советтик чындыкты чын жүрөгүнөн кабыл алалбагандыгын, аны тшүнүүгө социалдык кудурети жок экендигин даана көрсөтөт. Шолохов ушунчалык билгичтик жана терендик менен ар бир каармапынын ички дүйнөсүн, пейилинин татаалдыгын, асылдыгын чоң эргүү менен сүрөттөп, окурманды аны урматтоого, сүйүүгө, анын кайгысын, күйүтүн, азабын тең бөлүшүүгө мажбур кылат. Эмесе Аксинья менен Натальянын жаркын образдарын алып көрөлүчү. Романды окуп жатып, бирде Натальяга, бирде Аксиньяга жан тартып отурасың. Карасаң экөө тең бир-биринен калышпаган, экөө тең ар кандай эр жигитке ылайык аял заттар: карасаң экөө тең жан алы калбай Григорийди сүйүшөт, ал үчүн өмүрлөрүн берүүгө даяр, экөөнө тең боорун ачыйт, китептин акыркы барагын жаап бул эки аялдын оор тагдырын жана азаптуу махабатын ойлоно берип, башың катыйт, кимисин айыптап, кимисин жактай албай, туюк жарга такаласың. Жазуучу улуу реалесттин калеми менен экөөнүн тең азаптуу сүйүүсүн, драмасын таң каларлык боёктор менен сүрөттөйт. Григорий биринчи дүйнөлүк согушта жүргөндө, Наталья Ягодное-

до турган Аксиньяга атайы келип, маанайын пас кылып, күндөшүнөн менин күйөөмдү кайтарып бер дегенде, бер-кинин ага Гришка сеники эмес, меники деп атырылганы, эки аялдын ар бири өз сүйүүсүн, бактысын коргоп жаткан эпизодун окуганда, Шолоховдун керемет талантына, реа-листтигине кайрадан-кайрадан жүгүнбөй койбойсуң! Бул өзү эмне деген жан титиреткен драмалык сцена! Аксинья менен Натальянын образдарындай ушунчалык шайма-шай калыстык менен сүрөттөлгөн образдар дүйнөлүк адабият-та сейрек учурайт.

Григорий да жаш колуктусу Натальяны ичинен аяйт, боору ооруйт, ошого жүрөгүм жылып кетсе, Аксиньяны унутуп калар элем деп өзүн өзү ишендиргиси келет, бирок жүрөк түшкүр эч кимге баш ийбейт эмеспи. Ал ээн талаа-да Наталья менен кош айдап жүрүп, түнү жатканда, ас-манда сызып бараткан кунарсыз айды карап өзүнүн жү-рөк күйүтүн жашырбай ортого салган эпизод да ар кандай окурманды ойлонтпой койбойт: «— Сен кандайдыр жат көрүнөсүң мага... Куду мынабу ай сыяктуусуң: муздатпай-сың да, жылытпайсың кишини». Мындай улуу сөздү, мын-дай эң бийик көркөм табылганы даанышман жазуучу гана таба алат! Ушл учкул сөз — ылакапта Григорийдин бүт-күл тагдыры, ички драмасы жана келечектеги трагедиясы бүт ачтарылып көз алдыңа тартыла түшөт. Шолохов Степан Астаховду сүрөттөгөндө, анын ички күйүтүн, ыза-сын, Григорийге болгон жек көрүүсүн ушунчалык билгич-тик менен көрсөтөт. Окурман анын азабына да көңүл кош карай албайт. Ал канчалык Аксиньяны жек көрбөсүн, кордобосун, урбасын, аны жан дили менен сүйөт. Аксинья-ны да өз күйөөсүнө боор ачып, анын алдында чоң айып-туу экенин аялдык сезим менен сезет, бирок, ал дагы өзүн жеңе албай, сүйүүнүн жалынында отко күйүп жүрөт... Жазуучу Пантелей Мелеховдун, Петрону, Дарьяны сүрөт-төгөндө, ар биринин адамдык касиеттерин көрсөтүп, алар-дын жакшы жактарын дааналайт. Улуу орус адабиятына энөнин мээримин, ак пейилин, боорукерлигин көрсөткөн эң жаркын образдар бар. «Тынч Дондогу» Ильичианын образы жалаң орус адабиятында гана эмес, жалпы дүй-нөлүк адабиятта энөнин асыл сапаттарын эпостук деңгээл-де сүрөттөгөн эң ажайып, эң сонун образ! Ал эми Ильи-чианын акыркы күндөрүнө, өлүмүнө арналган глава — энөнин эрдиги, боорукерлиги, чыдамкайлыгы, айкөлдүгү жөнүндөгү өзүнчө бүтүн поэма! Бул галаваны көз жаш төкпөй кайдыгер окуй албайсың! Бул главаны, менимче, ар бир адам турмушунун ар түрдүү кырдаалында улам



кайрадан окуп, кайрат алат, канаат алат, окуган сайын энөнин укмуштай жарык жүзү ушунчалык урматтоо, сү-йүү, шыктануу менен эргип жазган сүрөткерге ыраазылы-гыңды билдиресиң!

Михаил Шолохов «Тынч Дон» эпопеясында гумманизм проблемасын коммунисттик көз караштын, социалисттик революциянын таптык позициясынан сүрөттөйт, бирок ал эч убакта бул татаал маселени үстүртөдөн декларативдүү түрдө чечип, оң каармандарынын өз дооруна ураан ката-ры киргизбей, аны алардын күч аракетинде, күрөшүндө, турмуштук позициясында терең чагылдырат. Жазуучу гумманистти активдүү позициясы жөнүндө ой жүгүртүп мындай деген: «Адамзатка, адамга болгон гуманизм, сү-йүү... Адамдар бул түшүнүктүү адамдык коомдун кайсы күчтөрүн үн атынан байланыштуу ар түрдүүчө баалашат. Биз советтик жазуучулар өзүбүздүн коммунисттик көз ка-рашыбызга жараша минтип эсептейбиз: «Эгерде адам өлтүргүч көз көрүнө өзүнүн курманына канжар көтөрсө, курман болуп жаткан адамга боор ачып, жер үстүндө адам өлтүргүчтөр бар деп кейип-кепчиген киши гумманист эмес. Кимде-ким тайманбай күрөшсө, кимде-ким адам өлтүргүчтүн колун кайрып, анын зулумдук аракетин тал-кан кылса — дал ошол гумманист».[1]

Социалисттик революциянын актыгына, тунук идеалы-на жан дили менен ишенип, анын салтанаты үчүн бүткүл күч-кубатын, талантын аябай арнаган улуу гумманист жа-зуучу өзүнүн атактуу романында гумманизм маселесин дал ушундай активдүү позицияда чечип, элдин бак-таа-лайы үчүн күрөшкөн, ал үчүн азап тарткан дондук ком-мунисттердин образдарын жылмалап көрсөтпөй, эң кыйын шарттарда чыныгы күрөшчүл катары сүрөттөйт. Автор романында Бунчук, Штокман, Подтелкин, Лагутин, Кри-вошлыков, Гаранжи, Котляров, Кошевой өндүү ар түрдүү мүнөздөгү коммунисттердин эл бактысы үчүн аянбаган күрөшү, күч-аракеттери өтө ишенерлик чагылдырылган. Шолохов коммунисттердин образдарын сүрөттөгөндө эч качан бир жактуулукка жол бербейт: алардын тартынбас эркин, кайратын ачуу менен бирге, пенделик жактарын, кемчиликтери менен кетирген каталарын да көрсөтөт. Жа-зуучу казактардын арасынан чыккан коммунисттер Бун-чуктун, Котляровдун, Михаил Кошевойдун татаал психо-логиясын, өз шарттарынын таасиринен тез кутула албай,

[1] Михаил Шолохов. Живая сила реализма, М., из-во «Советская Россия», 1983, 106—107-беттер.

айрым учурда чечкиндүүлүк кылалбай жүргөндүктөрүн да жаап-жашырбайт. Шолохов өзүнүн романында Мелехов-ко тете коммунисттин нукура образын түзбөсө да, коммунисттердин жетекчи ролун даана көрсөтөт. Григорий Мелеховдун жаңылыштыгы, туура жол таппай, ара жолдо жүргөнү романдагы коммунисттердин образдарынын фонунда ачык байкалат. Бала кезден Григорий менен бирге өскөн Михаил Кошевой жаш кезинен турмуштун запкысын көрүп, социалдык адилетсиздикти эрте түшүнгөн үчүн ал өз жолун даана билип, совет бийлигинин активдүү күрөшчүсүнө айланат. Оокаттуу казактын, орто дыйкандын үй-бүлөсүндө запкы көрбөй өскөн Мелехов тарыхтын эң кыйын мезгилинде ар түрдүү ойлорго берилип, Гамлеттей көп шектенип, азап тартып, турмуштан адашып, тагдырын оор түйшүккө түшүрүп, өмүрдөгү эң кымбат кишилеринен атасынан, энесинен, сүйгөн жарынан — баарынан ажырап, романдын аягында жалгыз уулун бекем кучактап: «...жалгыз ушул перзент туягы үчүн жер үстүндө муздак күн нуру төгүлгөн мына бул кучак жеткис зор дүйнөдө басып жүрүүгө» баш ийүүгө даяр...

Улуу эпопеяны Шолохов дал ушундай кайгылуу музыкалуу аккорд менен аяктайт. Романды окуп бүткөндө көз алдыңан улуу дайра Дондун тынч, жай агуусу эмес, шаңдуу, күчтүү толкундуу агымы элестейт, кулагыңа угулат. Ал шаң, ал толкун-социалисттик гумманизм кандуу кармашууда Дон жерине орноткон совет бийлигинин чоң жеңиши жана салтанаты деп ар бир дилгир окурман ойго келет.

Михаил Шолоховдун «Тынч Дон» эпопеясынын төртүнчү китебинин аякташы бир эле автордун триумфу эмес, социалисттик реализмдин эстетикалык принциптерин көркөм практика ашырып жаткан совет адабиятынын чоң жеңиши болду. Социалисттик реализмдин өкүлдөрү дүйнөлүк адабияттын казынасын классикалык чыгарма менен байытканына бүткүл адамзат күбө болду. 1965-жылы Михаил Шолохов ага эл аралык эң атактуу адабий сыйлык Нобель салтанатуу түрдө тапшырылганда, өзү тандап алган адабий методун философиялык маңызын мындайча түшүндүргөн: «Мен турмушту жаңыртуу идеясын жактаган, аны адамдын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылдырган реализм жөнүндө айтып жатам. Мен албетте, биз социалисттик реализм деп атаган реализм жөнүндө айтып жатам. Анын өзгөчөлүгү турмуштан алыстап жана четтеп карап турган көз карашы эмес, адамзатты прогресске чакырып, адамдардын максатына жетиш үчүн мүмкүнчүлүк



берген, алардын күрөш жолун жаркыраткан көз караштатурат».[1]

Атактуу орус жазуучусу бүт чыгармачылыгы, элүү жылдан ашкан коом ишмерлиги менен, совет элинин, коммунистик партиянын улуу идеалдарына ак дилинен кызмат кылды. Шолохов дайыма таптык күрөштүн эң алдыңкы катарында болду, эл, жер бүткүл күч-кубатын аяган жок. Отузунчу жылдын баштарында биздин өлкөдө тап күрөшү күчөп, колхоздук турмушка кулактар каршы болуп жаткан учурда кызуу иштеп жаткан «Тынч Дон» романынын төртүнчү китебин убактылуу токтото коюп, кызуу окуянын изи менен атактуу «Көтөрүлгөн дың» романынын биринчи китебин бүтүрөт. Бул роман тез жазылганына карабастан, совет адабиятынын алтын фондунан орун алган классикалык чыгармалардын мыкты үлгүлөрүнө кирет. Жалындуу коммунист жазуучу кандуу күрөштү четтен кайдыгер карап турбай, анын борборунда болуп, В. И. Лениндин таамай сөзү менен айтканда, «учурга эң ылайык чыгарманы» чоң көркөм күч менен эпикалык масштабда сүрөттөп, Дондогу коллективизациянын татаал ситуацияларын жаркын, эсте каларлык образдар менен көрсөткөн. Бул романды окуп жатканда «Тынч Дондон» сага тааныш, сага жакын дондук казактардын тагдырлары, оюн-күлкүлөрү, ырлары көз алдыңа жандуу тартылып, кулагыңа угулуп турат! Шолохов ушул чыгармасында Давыдовдун кебелбес образы аркылуу чыныгы коммунисттин бай дүйнөсүн, совет бийлигин, эмгекчи элдин, партиянын кызыкчылыгы үчүн кашыктай канын аябай, ар кандай кыйынчылыкка даяр тургандыгын ушунчалык чоң ишеним менен сүрөттөй алган. Ал эми дүйнөлүк революция дегенде ак эткенден так эткен, ак жүрөк, тайманбас коммунист Нагульнов романдын эстен чыккыс типтерине кирет. Жазуучу бул чыгармасында колхозду уюштурууда айрым жетекчилердин «бөрк ал десе, баш алгандыктарын» да өтө таамай чагылдырган. Совет бийлигинин душмандарын да бир беткей эмес, өтө реалисттик менен сүрөттөп, алардын амалдуулугун, акылдуулугун чеберчилик менен сүрөттөйт. Өз элинин чыныгы патриоту Шолохов совет элинин башына эң азаптуу күн түшүп, фашисттик Германия өлкөбүзгө кол салганда, ал күрөштүн эң алдыңкы катарында болуп, советтик жоокерлерди эрдикке үндөгөн «Дондо», «Казак колхоздорунда», «Смоленск багытында», «Пастык», «Согуштук колго түшкөн-

[1] Михаил Шолохов. «Живая сила реализма», стр. 99.

дөр», «Америкалык досторго кат», «Тарых билбеген жецийш», «Жек көрүүнүн илими» өндүү курч публицистикалык макалаларын жазат, газетанын аскердик кабарчысы катарында кандуу согуштун фронторунда болуп, бетпак душмандын ашынган зулумдугуна кыжырданат, советтик жоокерлердин майтарылбас эркин, баатырдыгын өз көзү менен көрсөтөт. Согуш мезгилинде советтик жоокерлердин немцтик баскынчылар менен болгон баатырдык салгылашуусун жандуу образдар менен баяндаган «Алар Ата мекен үчүн кармашышты» деген романынын айрым главаларын жарыялайт. Согуштан кийинки жылдары жазуучу тынчтык үчүн күрөшүүчүлөрдүн активдүү катарына кошулуп, атомдук ааламаты баштайбыз деген америкалык империалисмдин жүзү кара бетин ашкерелейт. Элүүнчү жылдарда «Көтөрүлгөн дыңдын» экинчи китебин, азыр дүйнөгө таанымал «Адамдын тагдыры» аттуу атактуу аңгемесин жазат.

Шолохов — совет адабиятында өзүнчө бир чоң доор. Ал эң атактуу гана жазуучу эмес, өтө көрүнүктүү коомдук ишмер катары өмүрүнүн аягына чейин СССР Жогорку Советинин бардык чакырылышынын депутаты болуп шайланган. КПСС БКнын мүчөсү, СССР илимдер академиясынын анык мүчөсү (1939), Лениндик жана СССРдин мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты болгон. Шолоховко советтик жазуучулардан биринчи болуп Социалисттик Эмгектин экинчи Баатырлыгы берилген.

Өткөн жылдын 21-февралында совет адабиятынын даанышман жазуучусунун жүрөгү согуудан токтоду. Бул — эч кайтарылгыс жоготуу эле. Ошол күнү асмандын күнү караңгылап, Донду катуу агымы токтогондой боло түштү. Улуу жазуучунун өлүмү жөнүндөгү шумдуктуу кабар чагылгандай тез тарап, анын талантын урматтаган ар бир советтик адам, чет өлкөдөгү ак ниеттүү адамзат өзүнүн ынтаасын Дон тарапка, Вещенская аймагына карай буруп, каңырыгы түтөп кейиди. Ошол кайгылуу күндөрү «Правда» газетасы бүткүл советтик адамдардын ой-пикирин баш макаласында мындайча жазды: «Совет элинин, окурман биздин планетанын жоготуусу өтө чоң жана эч качан толбойт. Өзүнүн чыгармаларында биздин кылымдын эң маанилүү революциялык окуяларын, жаңы социалдык түзүлүштүн жаралышын жана калыптанышын, өнүккөн социалисттик коомду курган совет элинин улуу эрдигин чагылдырган улуу жазуучу — Михаил Александрович Шолохов дүйнөдөн кайтты... Даанышман жазуучу, интернационалист — сүрөткер — Шолоховдун чыгармачылыгы



адамзаттын прогрессивдүү маданиятынын тагдырына чоң таасир калтырды. Анын ысмы дүйнөдөгү эң урматтуу жазуучулардын катарында болгон жана ошол бойдон кала берет. Шолоховдун чыгармачылык мурасы кылымдарга осуят болот. Ал биздин коммунизм, жер үстүндөгү адилеттүү жана бекем тынчтык үчүн күрөшүүбүздө кубаттуу, ишеничтүү курал».

Михаил Шолоховдун чыгармалары жаралган күндөн тартып көп улуттуу совет адабиятына үлгүлүү таасир этип, мурдатан реалисттик традициясы калыптанып адабият болобу, же Октябрь революциясынан кийин ошондой традицияга ээ болгон — адабият болобу — баары тең орус адабиятынын улуу өкүлүнөн көп чыгармачылык сабактар алышты. Шолоховдой дүйнөлүк жазуучунун тынбай эмгектенип, өзүнө эң катуу талап коюп, ар бир чыгармасында татаал турмуштун кашкайган чындыгын жазып, укмуштай көркөм образдар менен окурмандарды багындырып турушту өзү эле — чоң мектеп жана ар бир ар намыстуу улут жазуучусун чыгармачылыктын жаңы бийиктигине чакырбай койгон жок. «Шолохов жана кыргыз адабияты» деген бул атайы изилдене турган маанилүү өзгөчө тема. Ал жөнүндө айрым макалалар бар, талаш-тартыштар да бар. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» романынын биринчи китеби отузунчу жылдары кыргыздын жаш жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романын жазууда типтештирүү, каармандардын образдарын индивидуалдаштыруу жагынан өбөлгө болгону талашсыз маселе. Кээ бир адабиятчылар бул көзгө көрүнө Шолоховдун чыгармачылык таасирин таанышып, учурунда сынга алынганы да жашырын эмес. Алар ушул убакка чейин бул жаңылыштыгын моюнга алышпай, ар түрдүү обу жок «жоболорду» таратып жүргөнү да жашырын эмес... Шолоховдун чыгармачылык таасири кыргыздын көп жазуучуларынын чыгармаларынан даана сезилет. Шолоховдун таасири күндүн нурундай. Ал эми күн нуру баарына тегиз тийип, жер үстүндөгү турмушка жашоо берип турат эмеспи... «Улуттук адабияттарда реализмдин калыпанышына жана өсүшүнө Шолохов зор таасир эткен. Ал өз замандаштарына үлгү эле. Шолоховдун чыгармачылыгы, анын жаңы заманды сүрөттөп көрсөтүшү жаш улут адабияттарына чоң демөөр болгону жашырын эмес. Андыктан ага алкыш айтышыбыз зарыл... М. Шолоховдун китебин окуп аткан да мен анын барагындагы ар бир сөздү колума алып, ары-бери аласалдырып, кармалап көргүм келет: аларда кандай сыйкырдуу күч жашырынып жатты болду экен?

Эмне үчүн Шолоховдун саптарында турмуш күрөө тамырда жүгүргөн кан сыяктуу кагып турат? Буга жооп бериш кыйын. Сүрөткердин таланты дегенибиз ушулдур, балким...»— деп жазган Чыңгыз Айтматов орустун улуу жазуучусу дүйнөдөн кайткан күндөрү анын арбагына башын ийип, кайгылуу аза күтүп.

Айтматовдун чыгармаларын улам кайрадан көңүл коюп окуганыбызда Шолоховдун таасиринин отторун көрүүгө болот. Жамийланын аялдык назик мамилелеринде, шок көздөрүнөн, эң жакындарынан согушта айрылган көп азаптуу Толгонайдын боорукер энелик жүзүнөн, Танабай менен Едигейдин болоттой эркинен, тайманбас, күрөшүнөн, «Ак кеменин» трагедиялуу симфониясынан улуу жазуучунун жаркын таасирлери жалт-жулт этип көрүнүп турган сыйт. Чыныгы чыгармачылык таасир камырдай жуурулуп, мына ушундай органикалык сапатка өтөт.

Кыргыз окурмандар Шолоховдун чыгармаларын көптөн бери өз эне тилинде окушуп, алп жазуучунун таң каларлык көркөм дүйнөсүнөн эстетикалык моокум алып, жаркын образдары менен таанышат. 1940-жылы А. Аралбаев «Көтөрүлгөн дыңдын» биринчи китебин, согуш учурунда Жоомарт Бөкөнбаев «Жек көрүүнүн илимин» кыргыз тилине которушкан. Ошол мезгилде «Алар Ата мекен үчүн салгылашты» романынын главалары газета-журналдардын беттеринде жарыяланат. Андан кийинки жылдары Шолоховдун «Адам тагдыры» аңгемесин (1959) Бектурсун Карабаев, «Көтөрүлгөн дың» романынын эки китебин кайрадан (1963—1964) Мамасалы Абдукеримов, «Дон аңгемелери» (1965) Ш. Келгенбаев, «Тынч Дон» эпопеясынын төрт китебин (1977—1981) Олжобай Орозбаев менен Шералы Келгенбаев кыргыз тилине которушуп, окурмандарга тартуулашты. Кыргыз тилине орустун даанышман жазуучусунун бардык чыгармалары которулуп, окурмандардын эң сүйгүнчүктүү досуна айланды деп мактанып айтууга акыбыз бар. Бүгүнкү күндө Михаил Шолоховдун асыл чыгармаларын Ала-Тоолук малчылар, дыйкандар, тамекичилер, пахтачылар, студенттер китеп текчелеринин эң ардактуу жеринде кармашканын өз көзүбүз менен көрүп жүрөбүз.

Шолохов Пушкиндей, Лев Толстойдой, Чеховдой, Горькийдей кыргыз элинин эң жакын досуна, маданий кенчине айланды.



## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ЭМЧЕКТЕШ АДАМЫ

Ал биздин арабызда жашаган.
*Пушкин*

Мейкинсиз асмандын көркүн дайыма жаркыратып ачып, миң сандаган жылдыздардын арасынан дап-даана көрүнүп турган саналуу гана жылдыздар бар. Ошондой эле көп тилдүү жана көп улуттуу совет адабиятында ысымдары биздин гана өлкөдө эмес, анын кең аймагынан сырт жактарда таанымал атактуу акын жана жазуучуларыбыз менен сыймыктанабыз. Кийинки отуз жылдын ичинде сырдуу музасы советтик элдин рухий дүйнөсүндө салмактуу ордун ээлеп, адамдарды имандуулукка, эрдикке, туруктуулукка, боорукерликке үндөп, көңүлдөрүндө жаздай жаркын элес калтырган балкар элинин эң көрүнүктүү акыны Кайсын Кулиев ошондой алп каламгерлердин катарына кирет. Кимде-ким бир жолу бул акындын таң каларлык позициясынын тунук булагынан «жутуп» койсо, ал түбөлүккө ошол кайнар сууга умтула берет. Кулиевдин поэзиясынын касиети жана ыйык сыры мына ушунда турат!

Жалпыга маалим: Кайсын Кулиевдин поэзиясын — эрдиктин жана туруктуулуктун поэзиясы деп аталып жүрөт. Бул — эң туура аныктама. Акын поэзиясынын бул касиетин сөз жүзүндө гана эмес, колуна курал алып, Ата журттун эркиндиги үчүн кандуу майданда жалтанбай кармашып, ар-намыстуулук менен эр азаматтыгын далилдей алды. Каргашалуу — 22-июндун таң эртеңин жаш жоокер Латвиянын чек арасындагы Двинск шаарында десантниктердин бригадасынын катарында тосуп, капыстан кол салган таш боор душмандын чабуулун жалтанбай тосуп, өз көзү менен жакын жолдошторунун курман болгонун көрүп, артка чегинүүнүн ызасын, кордугун башынан кечирген. «Фашисттер күн-түн тынбай бомбалап жатышты. Мага таш да, суу да, жер да күйүп жаткансыды,— деп ал чейрек кылымдан кийин эскерген, өзүнүн өмүр баянында,— бирок көпүрөлөр өз калыбында турду, анткени гитлерчилер аларды өздөрү үчүн сакташты. Ушундай тозокто биз бир суткадан ашык турдук. Чакан айылдары токойго жамынган көкмөк Латвияны ушунчалык сүйүп калган болчумун. Аны алаамат өрт жана тумчуткан түтүн каптаганын көргөнүмдө жаным кашайды! Ошол жайында кара буудай сонун бышкан эле. Ошол адамдын боюн баскан, жамгыр менен кан аралаш эгиндин арасында болгон кандуу кармашуу менин эсимден кете элек. Биз көпүрөнүн жанында фашисттик

танктарды аңдып жаттык. Эң кайгылуу нерсе чегинген аскерлерди көрүү эмес, чаң тополоңдо дүрбүп качкан чалдарды, кемпирлерди, балдарды, жылаңайлак, чачтары жайылган кыздарды, алардын жинденген көздөрүн көрүү болду. Бул адам баласынын башына түшкөн чоң кайгы эле. Андайды эч качан унутууга мүмкүн эмес.»[1].

Ооба, акын эң туура айтат, мындайды унутууга болбойт! Ушул күнгө чейин ардагер жоокерлер жаздыктарына ып-ысык көз жаштарын тамызышып ыйлашат, кээде түштөрүнөн чочуп ойгонушат, анткени алар түштөрүндө артка чегинген болот, курчоодо калат, душмандын артынан кубалап мурда калтырган ыйык жерлерди, аты белгисиз бийиктиктерде кайрадан бошотуп, бетбак душмандардан өч алышат. Ошондуктан, карт жоокерлердин түштөрү дайыма ыйык жана касиеттүү!

Кайсын Кулиевдин 1943-жылы Сталинград фронтунда жүргөндө жазган «Жоокер» деген эң сонун ыры бар. Акын бул ырында көп улуттуу совет поэзиясында биринчилерден болуп айыгышкан кармашууда жырткычка айланган ач көз душманды токтотуп гана тим болбостон, белин майыштырып сындырып, арт жагына кубалаган советтик жоокердин чексиз баатырдыгын калп патетиксиз сүрөттөгөн.

Жоокер кайтты кан төгүлгөн майдандан,
Өлүм аттуу жүзү кара тайгандан.
Эмне деген азаптарды кечирип,
Жан аябай, кан аябай жоо сайган.

Кайсын Кулиев согуштун эң кыйын, эң коркунучтуу күндөрүн өлүм менен өмүрдүн алдыңкы линиясында жүрүп, анча-мынча тыныга калган учурда убакыт таба коюп, «Чабуул алдында», «Россиянын карагайлары шуулдайт», «Ат», «Сестрага», «Сен мени күтөсүң», «Келечектин акыны», «Чегинген күндөрү», «Тоолуктарга», «Аскер аттары», «Мен ишенем», «Россия», «Чегилбей калган папиростор», «Акындар», «Менин сөзүм», «Шинель», «Тоолукмун деп дайым сыймыктанам», «Менин жерим», «Бабамдын үйү», «Жүрөк сөзү», «Тоолорум», «Эң кымбат нерсе», «Жашоо керек» жана башка душманга каары кайнаган, элди жеңишке чакырып, совет элинин жеңишине ушунчалык чоң ишенимге сугарылган ырларды жазат. Ата мекен жалгыз, аны даңктаган акындар сансыз. Ошондуктан Ата журтун жанындай көргөн ар бир акын өзүнүн жүрөгүнөн аты-

[1] Кайсын Кулиев, «Так растет и дерево». М., «Современник» басмасы, 1975-жыл, 442-бет.



рылып чыккан өзүнө гана таандык таамай **сөзүн** ага арноо керек. Бул өтө кыйын нерсе, ыр жазган ар бир акындын калеминен андай ырлар чыга бербейт. Табийгаттан таланттуу жаралган акын гана Ата мекен жөнүндө элдин жүрөгүндө турган жана анын оозунда дайыма айтыла турган ыр саптарын жаратат. Ата журттун башына караандай мүшкүл иш түшүп, кара туман каптап турганда атуулдук милдетин ак пейилден аткарып, азамат сөзүн айткан акындардын бири Кайсын Кулиев.

Кыйын кезде кызмат кылдың калкыма,
Жандай көргөн Ата Мекен даңкыма.
Сөзүм менин учуп жүрдүң от болуп,
Кан майданда абийриме сот болуп.

*(«Менин сөзүм»)*

(Орусчадан которгон өзүм. Мындан аркы котормолор да өзүмдүкү).

Кайсын Кулиевдин согуш кезинде жазылган ырларында каардуу мезгилдин драмалык чындыгы жаап-жашырылбастан сүрөттөлгөн, аларда октун жытын билбей, тылда тынч жатып алып, эрдикке жана жеңишке жоокерлерди үндөгөн, көп учурда чындыктан алыс айрым улуттук акындардын поэтикалык арсеналында көп кезиккен жеңил-желпи сүрөттөөлөр такыр жок. Акын «Согушта» деген ырында чоң реалист-сүрөткердин көрөгөчтүгү менен согуштун азаптуу кебетесин, жоокерлердин оор тиричилигин сүрөттөйт. Бул ырды окуган адам күнү-түнү өлүм жыттанган окопто душман менен кармашып, аны аңдып гана жатпастан, ачкалык, сөөктү какшаткан суук менен да алп урушкан жоокерлердин ал-абалын сезип, аларга боорукерлик кылууга мажбур болот.

Жогоруда аталган ырлардын айрымдары согуш мезгилинде борбордук газеталар «Правда», «Красная звезда», «Литература и искусство» жана «Знамя», «Крансоармеец», «Огонек», «Дружба народов» журналдарынын беттеринде жарияланып, орустун көрүнүктүү акындары Н. Тихоновдун, Б. Пастернактын жана Дм. Кедриндин көңүлдөрүн өзүнө бурган. 1940-жылдан бери Кайсын Кулиевдин чыгармачылыгына жана тагдырына астейдил мамиле кылып, көз салып турган Александр Фадеев 1943-жылы балкар акынынын согуштук ырларынын кол жазмасы менен таанышып, өзүнүн чөнтөк дептерине минтип жазган: «Кулиев эң сонун акын, чыныгы тоолук жана чыныгы поэзия»[1].

[1] Н. Байрамукова. «Кайсын Кулиев» деген китебинен, М., «Советский писатель», 1975, 4-бет.

1941-жылы десантник катары фашисттер курчап турган Орелго тайманбай парашют менен секирген, эки жылдан кийин Перекоп, Сиваш, Түркиялык валды бошоткон Кайсын Кулиев, өмүр бою согуштун каардуу жана каргашалуу күндөрүн унуталган жок, ал элестер анын сезимин улам курчутуп, акынга улам тынчтык бербей, мазесин алып, түштөрүнө дайыма кирип, көп жылдар өткөндөн кийин да жүрөгүн ооруткан. Кайсын Кулиев бир чакан ырында (1962) согуштун тагын махабаттын тагы менен образдуу түрдө салыштырган, анткени жүрөктөгү сүйүүнүн тагынан азаптуу эч нерсе жок, ал эч качан айыкпайт, адамдын ар түрдүү курагында ал кайрадан жаңырып, кайрадан тынчып алып, азапка сала берери баарына маалым эмеспи! Сыягы, согуштун тагы да ошондой болсо керек, анткени согуш менен махабаттын отуна күйгөн акын өзү күбө болуп жатпайбы. Согуштук жылдардын поэтикалык образдары акындын аң-сезиминде карацгыда алыстан жарк этип күйгөн оттой кайрадан жанып, «Жаралуу таш», «Таарыныч жана кайгы менен», «Гарсиа Лорканы эскерип», «Жараланган ташка кайгырдым», «Жоокер күн баткыча көз жумду», «Катуу оруу чыңырбайт» өңдүү шедеврлерди жаратты. Акын үчүн бөтөн кайгы жок, ошондуктан ал ар кандай пенденин, өзгөчө азап тарткан жоокердин муңун, кайгысын жүрөгү менен кабыл алып, ага боору ачыйт. Жүрөгү назик акын гана адам баласынын гана эмес, кара таштын көз жашына, муңуна жаны кейип, аны бир өзгөчө эргүү менен ырдай алат.

Согуш оту ташты дагы аябады,
Ташка тийип, өзөгүнөн жаралады.
Боздоп ыйлап тирүү жандай чыңырса,
Анын ыры жүрөгүмдү аралады.
*(«Жараланган таш»)*

Согуштун азап-тозогу, жоокердин эрдиги жана туруктуулугу жөнүндөгү программалык ыр деп «Жараланган ташты» атоого толук акыбыз бар. Согуш ушунчалык эстен чыккыс запкы, ал адам эмес, бүткүл жан-жаныбардын келишкис душманы, согуш болгон жерде бардык нерсе кыйрого учурайт, дарак да, токой да, суу да, карышкыр менен түлкү да, канатуулардын бардыгы боздоп ыйлап, бул алаамматты алып келген зулумду каргайт. Бул жөнүндө акындар байыркы замандан бери ырларында, дастандарында какшап жазып келет. Балкар акыны дүйнөлүк поэзияда биринчи болуп кара таштын согуштун өртүндө күйүп, тирүү жандай улуп-уңшуп жатканын назик жүрөгү менен



сезе билип, анын азабын гумандуулук менен ырдаган. Чыгышта илгертеден бери эле акындар олуя, алардын көзү ачык, ошон үчүн алар чымчыктардын, коңуздардын, чымын-чиркейлердин, жырткычтардын арыз-арманын, күйүтүн, жер тыңшаар Мамыттай уга алат деп бекеринен кеп кылышкан эмес. Бул карапайым элдик көз караштa чындыктын үлүшү бар: анткени акындын назик жүрөгү, кулагы шамалдын өзгөрүшүн, багытын, адам пендесинин тагдырынын оордугун, таң каларлык зомбулуктарга туш келерлигин, баарынан мурда сезе билет, ага адам баласынын бардык пендечилик кумарлары даана түшүнүктүү, ал тилсиз жаныбарлардын азабын кебетесинен эле аныктай алат. Кайсын Кулиев «Жараланган таш жөнүндө ыр», «Соолуп калган булактын муңу», «Чагылган», «Дарак жана балта», «Жалгыз дарак», «Жалгыз чынарга кайрылам», «Кайгымуң дайыма келет капыстан» өңдүү ырларында жалгыз даректын муңун, ички сырын, үмүтүн ушунчалык терең түшүнүп, ээн талаада унутулган булактын арманын жаны кейип, ага боору ачыйт, тогуз жолдун томунда көз жашын төгүп турган чынарга чын пейилинен кайрат айтат. Кайсын Кулиев акындын жер үстүндөгү улуу милдетин жана миссиясын өтө эрте түшүнгөн. Ал «Акындар» (1942) деген ырында «Биз — дүйнөнүн жүрөгүбүз» деп образдуу айткан. Анткени, бүткүл аалам, кең асман, чексиз океандар, көк мелжиген аска тоолор, агын суулар баары-баары акындын алмадай болгон жүрөгүнүн ортосунан орун алат. Акындын жүрөгү терең, кең, ар түрдүү, татаал, капсаландуу жана карама каршылыктуу, аны бир жактуу түшүнүк менен аныктай албайсың. Кантип Шекспир менен Пушкиндин алп жүрөктөрүн таразалоого болот, дүйнөдө андай тараза жок, болууга да тийиш эмес, ар кандай таразаны Шекспир менен Пушкиндин жүрөктөрү майыштырып, басып кетет эмеспи! Ошол сымак, Кайсын Кулиевдин акындык дүйнөсү жана жүрөгү-чеги жок татаал китеп, көп пландуу роман. Акындын ошол тендешсиз китебинде баары бар. Эрдик, достук, бир туугандык, махабат, боорукерлик, жек көрүү, жан кашайгандык, кайгы, муң, өлүм, өмүр, чыккынчылык, пастык, туруктуулук, берилгендик, туулган жерге, Ата мекенге төбөсү менен жер казып, ак ниет менен кызмат кылгандык. Бул керемет китеп адам баласынын бардык тиричилик шарттарын, ой-кыялдарын, умтулууларын, өксүктөрүн камтыгандыктан, биздин жаныбыздын бардык кыл тамырларын козгой алат. «Бул китепти мен эмес, турмуш жазды» — деп Кайсын Кулиев чындыкты айткан Ооба, Кайсын Кулиевдин поэзиясы — адамды акынга, чыдамкай-

лыкка, боорукерликке, жакшылыкка дайыма үндөп турган — турмуштун акылман китеби.

Кайсын Кулиев тагдырынын оор жылдарында келечектеги художникке «Китепке тартылган сүрөт» (1949) деген ыр менен кайрылып, эгерде ал кокустан көзү өтүп, келечекте ыр китеби жарык көрө турган болсо, ошол китептин сыртына «эрдиктин мизин» тартышын суранган. Акындын бактысы бар экен, анын башында чүмкөлүп турган кара булуттар элүүнчү жылдардын ортосунда тымтыракай болуп тарап, ал эне тилинде, орус тилинде, советтер союзунун элдеринин, дүйнөнүн башка элдеринин тилдеринде ого эле көп ыр китептерин чыгарууга тирүү кезинде үлгүрдү, чыгармачылыктын мандай жарылтып кубанткан салтанатын башынан өткөрүп, атак-даңктын кубанчына бөлөндү. Акын айткан убадасында туруп, 1970-жылы Москвадан орус тилинде жарык көргөн чыгармалар жыйнагынын биринчи томунун сырткы мукабасына художник Г. Клодтун курч канжардын мизин тарткан сүрөтүн көрдүк. Бардыгы өз ордунда, өз жайында. «Бул жерде алууга да, кошууга да мүмкүн эмес» — деп атактуу орус акыны айткан пикирге толук кошулабыз. Бирок мага акындын тандалма лирикасынын (1967) сырткы мукабасына художник И. Кричевскийдин ак карлуу Эльбурсту тарткан сүрөтү өзгөчө жагып, дайыма көңүлүмдө учкул сезимдер козгойт. Кайсын Кулиевдин поэзиясы кавказ тоолорунун биринчи кезекте атактуу Эльбурстун тунук абасы, шаңы жана кооздугу менен сугарылган. Акындын жанындай көргөн кавказ тоолоруна арналган ырларын улам кайрадан окуганда, жүрөгүн толкундап, арасында өскөн тоолорун ушунчалык керемет сүрөттөгөн акынга ыраазы болуп, үн чыгарып: «Ооба, бул чыныгы тоолук поэзия, бул бийик тоолордун поэзиясы, бардык жерде тоонун жыты анкыйт, бардык ыр саптарында бийик тоонун духу өкүм сүрөт, окуганда биз улуу тоолордун арасында жашап жүргөндөй болобуз» деп тайманбай айткың келет. Тоолор жөнүндөгү мындай керемет ырларды тоо боорунда өсүп, бала кезинен тартып тоонун ышкысында жашаган адам жаза алат. Акындын тоолор тууралуу ырларын окуганыбызда кулагыбызга күрүлдөп аккан тоонун албуут суулары, кийиктердин кырларда качып жүргөнү, жылкылардын дүбүртү, кишенегени, тээ көз жеткис бийикте бүркүттөрдүн кайкалап канат жайып жүрүшү, капчыгайдагы караңгы түн, коркунучтуу аскалар көз алдыңа тартылат. Өзүнүн алдейлеген ыйык тоолоруна жан дили менен берилип сүйгөндүгү, ага ишенгендиги — акындын тагдырынын эң оор кезинде чоң таяныч болуп, ар



кандай каргашалуу кадамдан сактады деп айтууга акыбыз бар. Акын менин Кыргызстанымда сүргүндө жүргөн кезде (бул маселеге макаланын эмки бөлүгүндө атайы токтолобуз) жүрөгүндө кайнап жаткан улуу күйүтүн «Силерге күз келди, тоолорум» (1952) деген ырында чоң поэтикалык эмоция менен сүрөттөй алган. Ырдын ар бир саптарында акындын көз жашы, туулган жерге болгон кусалыгы ширелип жатканын окурман сезбей койбойт. Өткөн замандагы улуу адамдардын бири жаны кашайганда: «Ата мекенди өтүгүндүн таманында ала кете албайсың» — деп каңырыгы түтөп айткан экен. Албетте бул учкул сөздүн адилдигин тана албайсың. Бирок, туулган жерин, Ата журтун чындап сүйгөн адамдын жүрөгүндө ата-бабалардын мүрзөлөрү, туулган жердин сөз менен сүрөттөп бергис керемет элеси, киндик каны тамган асыл үйү такыр унутулбай жүрө берет. Акын ошол жүрөк эзген муңун өзүнүн атактуу «Эльбурс» деген ырында даана сүрөттөй алган:

Башка жерде жүргөн кезде күн көрүп,
Түшкө кирдиң кайталанып дайыма.
Аз болсо да жыргал мүнөт өткөрүп,
Кубат болдуң жүрөгүмө, жаныма.

Кайсын Кулиев өмүрүнүн акырына чейин бүткүл акындык күчүн Кавказ тоолорун, өзгөчө Эльбурсту ырдап, аларга эң сонун лирикалык ырлар арнады. Балкар акынынын негизги символу тоолор, ал эми Кайсын Кулиев Эльбурстун чыныгы ырчысы деп атоого укугубуз бар. Ал бекеринен 1957-жылы Москвадан жарык көргөн биринчи ыр китебинин атын «Тоолор» деп атаган эмес.

Гималай тоолорунун кыл чокусу асманга жетип, анын үстүнөн бүркүт да учуп өтүүдөн айбыгат. Бул акыйкат сөз. Гималай тоолору орустун улуу сүрөткери Николай Рерихтин таң каларлык боёкторунун касиети менен суктанып караган адамзаттын көз алдына дагы бийигирээк болуп элестейт.

Бул искусствонун кудурети.

Кавказдын эң бийик тоосу Эльбурстун кыл чокусу дагы жылдыздар менен атаандашат. Бул дагы чындык. Эльбурс Кайсын Кулиевдин ага арналган таланттуу ырлары аркылуу биздин көз алдыбызда өзүнөн да бийигирээк, көз жеткис болуп көрүнөт.

Бул поэзиянын кудурети.

...Кайсын Кулиев дүйнөдөн кайтты деген шумдук кабарды мен 1985-жылы 5-июнда Пушкиндин ыйык мүрзөсү сакталып турган Михайловское селосунда калмактын көрүнүк-

түү акыны маркумдун жакын досу Давид Кугультинов-дон уктум. Ошол замат көз алдыма чокуларын кара туман баскан, үстүндө чагылган чартылдаган Эльбурс элестеди. Өмүр бою акын даңктаган улуу тоо балкар элине таяныч болуп, анын улуу жоготуусун тең бөлүшүп, кошо жаш төгүп, боздоп ыйлап жаткансыды. Заматта Эльбурс тоосу чөгө түшкөнсүдү. Анткени ар кандай улуу адам көз жумганда аалам тарып, көлдөр тайыздап, бийик тоолор чөгө түшөт имиш.

Кайсын Кулиевдин поэзиясын окуганымда дайыма таң кала турган улуу касиетин сеземин: башынан ушунчалык азап-тозокту, турмуштук сыноолорду, жоготууларды өткөрүп, жакшы адамдардан, достордон жүзү каралыкты көрүп, жүрөгүндө айыкпаган тактары бар акын достук, сүйүү, адилеттик, жакшылык жөнүндө ушунчалык эргүү менен ырлар жазат. Балкар акынын поэзиясы күн нуруна, айдын тунук жарыгына, жүрөктүн таза сезимине, тоо булагынын шылдырап аккан үнүнө, кетмен чаап, ак эмгегинин үзүрүн көргөн дыйкандардын маңдай терине ушунчалык терең сугарылган. Акындын жүрөгү ушунчалык назик, ал кичинекей эле нерседен ооруп, азап чегет, ал башка адамдардын күйүтүн, кайгысын биринчи сезет да, кошо кайгырат, ал үчүн чоочун кайгы жок. Дүйнөнүн кайсы гана бурчунда кордук, адилетсиздик, үстөмдүк болсо, ал акындын жүрөгүн жаралайт, кыжырын келтирет. Көңүл коштук — акындын келишкис душманы. Кең талаада жамгыр өтүп, артынан каардуу чагылгандын добушу угулса, акындын жүрөгү кооптонот:

Түрүң сонун, көркүң сонун чагылган,
Караңгыда жарк дей түшүп жагылган.
Анда неге бай теректи кыйраттың,
Карасаңчы көз жашыңы агылган.
*(«Чагылган»)*

Кайсын Кулиев эрдиктин, Эльбурстун, тууган жердин, элдердин ынтымагынын, ак пейилдиктин гана ырчысы эмес, махабаттын, аял зат сулуулугунун ашынган ырчысы болгон. Акындын махабат лирикасы көп жактуу: анда чиеленген драма, асыл сүйүү, жүрөк муңу, азабы, аял затын периштедей көрүп, ага ак пейилден сыйынуу, ага баш ийип жүгүнүү, куса болуп кумарлануу, андан бат эле көңүл калып, чангандыгы үчүн жек көрүп, ызалануу — баары бар. Кайсын Кулиевдин сүйүү жөнүндөгү ырларын окуганында, өзүң дагы алп кара куштай шаңданып, тээ асман тиреген бийик тоонун кыл чокуларында канат байлап, зы-



мырап учуп жүргөнсүйсүң, аял затынын жарк этип бир караган укмуш көз карашынан түгөнбөгөн күч-кубат алып, ар кандай азапты, татаал өткөөлдөрдү тайманбай жеңген, ошол көз караш үчүн адам баласы барса кайтпаган коркунучтуу чөлдөргө баргын, океанды түз кесип сүзүп өткүң, касташкан жооңду багынтып, алдыңа чөгөлөткүң келет! «Мен сенин каттарыңды өрткө салдым», «Мен сени көргөнүмдө», «Чыгыштын акыны бир сулууга суктанып», «Аял сулуулугу», «Сен менин махабатым болдуң», «Мен сени Адай чокусунда эстедим», «Сен чачыңды жандырдың», «Мен сенин кара көзүң сүйөмүн» өңдүү ырлары дүйнөлүк лириканын керемет үлгүлөрү десек жаңылбайбыз...

Кайсын Кулиев адам, инсан жана акын катары татаал доордо катаал күн көрдү, бирок ал канчалык кыйын турмушту баштан кечирбесин, ал атуулдук сапатын жоготпой, өз учурунда ак кызмат кылып, чакан элинин чыныгы уулу болуп, анын тагдырын көк желкесине көтөрүп, бели майышса да, эрдин бекем тиштеп, эң кыйын абийирдүүлүк менен элдин көзүн тик карап, башын бийик көтөрүп жашады. Ошон үчүн Кайсын Кулиев өзүнүн басып өткөн жолуна кылчая карап, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө толук акылуу.

Жоокер болдум, дыйкан болдум, акын болдум,
Жашап жүрдүм сыноосунда азап жолдун.
Бул турмушта миң жыл өмүр сүрдүм бейм деп
Сыймактанам уулу болуп татаал доордун.

*«Жоокер жана киндик каны тамган ыйык үй!»*

Биз бул сөздөрдү айткан кезде, кечээги алаамат кандуу согушта жашаган жылуу үйлөрү өрт болуп, ар кайсы жерде тентип жүргөн аялдардын, нариste балдардын көз жаштарын, ит уругу көрбөгөн азаптарын, белинен кан кечип, туулган айлына кайтса, үйлөрү эмес, бала-чакаларынын эмне болгону белгисиз, кумурскадай изи жок — жоокерлердин күйүттөрүн көз алдыбызга элестетебиз... Согуштан кийин орус акындарынын поэзиясында бул кайгылуу маселе ушунчалык муңдуу, ушунчалык каргашалуу чагылдырылды. Мисал үчүн Москвадан Берлинге барып Кызыл туу сайып, төрт жыл бою үй-бүлөсүнөн кабары жок, ар бир мүнөт сайын ажал менен арбашып жүрүп, согуштан кийин туулган жерине кайтса, үй ордунда шамал ойноп турганын көргөн жоокердин улуу трагедиясын орустун көрүнүктүү акыны Михаил Исаковский «Душмандар жылуу үйүн өрт-

төгөн» (1945) деген ырында жүрөк калтыраткан акыйкаттык менен сүрөттөй алган.

Душмандар үйүн күл кылып,
Үй ордунда мүрзө жатат.
Жоокер эми кайда барып
Арыз-муңун кимге айтат?

Советтик поэзияда Александар Твардовский бул кайгылуу мотивди өзүнүн «Жол боюндагы үй» деген поэмасында болгон чындыкты жашырбай шекспирдик мүнөздө сүрөттөй алган!

Эмнелерди көрбөдү,
Таалайлуу экен өлбөдү.
Үй ордунда — жайдак жер,
Жондон кетти муздак тер.

Жоокер турду алсырап,
Капкараңгы туш тарап.
Жоону жеңген даңкы үчүн, —
Мынакей сага ырахмат!

Каракчы душман менен эр жүрөктүүлүк менен кармашып, аны таш-талкан кылып, белин майыштырып чөгөлөтүү ар бир жоокер үчүн сыймык жана даңк — андан ыйык сый да жоктур, бирок жеңген жоокер айлына алтын башы эсен кайтса, балдары, сүйгөн аялы жашаган үйүнүн ордунда бомба жарган жер төлө жатканын көрүүдөн чоң кордук да жер үстүндө жок го деп ойлойм!

Сыягы ач көз душман менен ар намыстуулук менен кармашып, туулган жерине келсе, ак сүтүн берип эмизген энеси, эркелетип сүйгөн жары, ардактаган балдары гана эмес, жакын туугандары гана эмес, айылдаштары гана эмес, Ата журтунда бүткүл калкы жок экенин өз көзү менен көрүүдөн, ата-бабаларынын ыйык мүрзөлөрү сакталып турган айлында жалгыз басып, көчкөн айылда адашып калган иттей тентип жүрүүдөн чоң — бул дүйнөдө кордук болбосо керек! Мындай кордук адам баласынын түшүнө да кирбесин!

1944-жылы балкар акыны катуу жаралуу болгондон кийин туулган жерине келип өз элинин зомбулук менен башка жакка көчүрүлүп кеткенин, Ата журту Чегемдин айылдары байуулуканага айланып, эңгиреп калганын өз көзү менен көрөт. Акын үчүн мындан чоң кордук болобу? Кайсын Кулиев ошол учурдагы башына түш келген караан түндү кийинчирээк «Эскерме» (1961) деген ырында зээни кейип жазган.



Үйгө келсем алпештеген апам жок,
Очок өчкөн — ыйлай жаттым шолоктоп.
Арман ичте, айлам барбы, не кылам,
Алсыз болдум, кимдер мени тоготмок.

Кайсын Кулиев дайыма тагдырдын кара шамалына каршы жүрүп, согушта күн сайын өлүмдүн кыл көпүрөсүндө калтылдап жүргөн кезинде, 1942-жылы СССР жазуучулар Союзунун жетекчилеринин атайын чакыруусу менен Москвага келет. Ошондо Фадеев жылуу кабыл алып, фронттон тылга кайтышын суранганда, ал анын өмүрү жөнүндө камкордук көрүп жатканына ырахмат айтып, өлүм коркунучунан сыртта болуудан баш тартат. «...Мен кан майданда кармашып, курман болуп жаткандардан өзүмдү өзгөчө көрүүгө акым жок эле. Мени Чегемде апам күтүп жаткандай, алардын да энелери зарыгып күтүп жаткан»[1],— деп кийинчерээк эскерген.

Анын поэзиясынын көркүн чыгарып, инсандыгын дааналайт. Анткени, инсандык кандай болсо, поэзиясы ошого жараша болот. Коомдук тартиби менен акындын сөзү эч качан эки ача келбеш керек дегендикти бул билдирет. Өзгөчө терен, татаал, көп кырдуу инсандык гана Пушкиндин, Лермонтовдун, Блоктун, Пастернактын, Твардовскийдин, Осмоновдун, Рыльскийдин, Райнистин, Абайдын, Токтогулдун, Чаренцтин жаркын поэзиясын жарата алат.

Кайсын Кулиевдин тагдырындагы азаматтык кадамына дайыма чоң баа берип, ага суктанам, эгерде ошондо ал наамуура чечимге келген болсо, ал өмүр бою өзүн жек көрүп, элинин алдында бети кара болуп, турмушу беймаза, көңүлсүз осолдукта өтүп, ыр жазууга моралдык укуксуз күн көрүшү мүмкүн эле. 1945-жылы СССР жазуучулар Союзунун кийлигишүүсү менен Кайсын Кулиевке өлкөнүн эң жогорку инстанциясы Москва менен Ленинграддан башка каалаган шаарында жашоого уруксат берилет. Мүмкүн, жеңил-желпи өмүр сүрүүнү каалаган акылы аз акын жашоого шарты оң келген жерди тандап, өз башынын кызыкчылыгын баарынан жогору коймок. Тилекке жараша Кайсын Кулиев андай өз көмөчүнө күл тарткан шордуу жандардан эмес. Ал тагдырынын бул эң жооптуу учурунда туура чечимге келип, мен элим, энем кайда жашаса, мен дагы ошолор менен бир болом деп чечкиндүү сөзүн айтат. Бул акындын сөзү жана майтарылбас иши эле. Кайсын Кулиевдин өмүрүн, бүткүл чыгармачылыгын бул чечкиндүү кадамсыз баалоого да, түшүнүүгө да мүмкүн эмес.

[1] Кайсын Кулиев. «Так растет и дерево», 446-бет.

Баса, акындын бул чечкиндүү кадамы асманда жаркылдап жанган жылдыздай анын өмүрүн, поэзиясын жана адамдык жүзүн жарык кылып, демине дем, кубатына кубат кошуп, тоонун өкүм дарыясындай чыгармачылыктын жаңы бийиктиктерине дайыма үндөп, кийинчерээк чоң ийгиликтерге алып келди...

Катаал тагдырдын буйругу менен Кайсын Кулиев Кыргызстанда он бир жыл (1945—1957) өмүр сүрдү. Ал фашисттик баскынчыларды биздин эр жүрөк жоокерлер борбору Берлинде камап, тизе бүгүп жыгылуусун шаштырып жаткан апрель айынын орто ченинде, жыйырма сегиз жашында Фрунзе шаарына келет. Албетте, тиши менен таш чайнаган, бүткүл айланасын көрөм деп тээ бийик тоого тайманбай чыккан, асмандагы айды алаканыма салып кармасам деген, жүрөгүндө жалын кайнаган-поэтикалык илхамдын бул курагы болчу. Бирок балкар акынын өз жеринен жеке бийликтин адилетсиз өкүм чечими менен зордукталып айдалган чакан калкынын арасында мурда эч качан болуп көрбөгөн, тааныштары, достору жок чоочун жерде жашоого мажбур болду. Тили, дини, салты, этникалык жагынан кыргыз менен балкар элдеринин өтө жакын белгилери бар. Эки эл тең түрк тилинин группасына кирип, башка түрк тилдүү элдерге салыштырганда алардан тилдери бири-бирине жакын. Ошентсе да чоочун жер, эл, чоочун тоолор, суулар жана чоочун асман. Бул чоочундукту туулган жердин элесин жүрөктүн каны менен кабыл алып, анын шылдырап аккан булагын, айлуу түндө тоону карап үргөн иттердин үнүн, сай боюндагы чычырканак тикендин жагымдуулугун, таң эртеден чакырган короздордун «шоктугун» такыр унута албаган акындын жүрөгү аябай оор сезет. Акын өмүр баянында жыйырма жылдан кийин Кыргызстанда келгендеги эң алгачкы пикирин мындайча эске салган. «Фрунзеге өтө кечкурун келип түштүм. Эртең менен тоолорду көрдүм. Нальчиктегидей эле алар шаарга жакын экен. Эч болбосо тоодон кол үзбөпмүн деп ойлондум. Кавхаз тоосу эмес, бирок тоолор да! Жашыл Фрунзе мага жакты. Көчөлөрдө кооз мырза теректер көп экен.

Тез эле Кыргызстан жазуучулар Союзуна кызматка алындым. Иштей баштадым. Өзүм үчүн жазып жүрдүм».

Акындын эскерүүсүнө караганда, кыргыз жазуучулары аны кучак жайып бир туугандык менен тосуп, анын кайгысын бөлүшүп, оор абалын жеңилдетиш үчүн, адабий процесске активдүү катышуусу үчүн бардык аракеттерин жасашкан. Кайсын кыска мөөнөттүн ичинде кыргыз тилин үйрөнүп, ыргыздын көрүнүктүү жазуучулары Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Алыкул Осмонов, Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек Маликов, дунган акыны Ясыр Шиваза, орус жазуучулары Сергей Фиксин, Николай Удалов менен таанышып, жакшы мамиле түзөт. Ал бир-эки жылдын ичинде жазуучулар чөйрөсүндө өз киши болууга жетишет. Балкар акынын мынчалык кыргыз жазуучулары менен ынтымак болуп кетешине анын ак пейили, мандайынын жарыктыгы, терең акылы жана жогорку билими да себепкер болгон көрүнөт.

Кайсын Кулиев Кыргыз ССРинин эл акыны Аалы Токомбаев менен алгачкы жолукканын кийинчерээк минтип эскерген: «Биз Аалы экөөбүз Дзержинский бульварында бийик мырза теректердин көлөкөсүндө жолуктук. Менин аны биринчи көрүшүм эле. Ал кырк жаштарда болчу. Ал мага кичи пейилдик менен колун сунганда, пиджагынын жең учу түлөп калганын байкадым. Мен буга таң калганым жок. Кыйын кезең эле. Белгилүү акын элдей эле жашап жаткан экен. Бул сапат — пиджагынын жең учунун жыртыгы — адамга өтө этиет мамиле кылган бул адамга мени жакындатты. Ал жашыл даректын алдында табийгаты боюнча акын жөнөкөй боло тургандай жадырап-жайнап турду. Көз карашы, кол берүүсү, Аалынын бүт кебетеси, анын эмне деп ошол кезде кеп урганына карабастан,— бул адамга менин оор тагдырым, күйүтүм жакындыгын, ал ага жардам берерин айттырбай түшүндүм»[1].

Ошол жылдары Кайсын Кулиев «Биздин замандын кишилери», «Тоо балдары», «Тоо арасында» романдарынын белгилүү автору, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Түгөлбай Сыдыкбеков менен ынтымак мамиледе болот. «...Мен алгачкы мезгилде чочулап кыргыз тилинен орусчага которууга батынбадым. Мени белгилүү романчы Түгөлбай Сыдыкбеков үгүттөдү. Алп кебетелүү, токтоо мүнөз Түгөлбай мага жакшы мамиле жасап, дайыма жардамын көрсөтүп, көз көрүнө колдоп жүрдү. Жарым жыл өткөндөн кийин мен ыр менен кара сөздүн сөзмө-сөз котормосун жасай баштадым. Мага профессор Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү чоң жардам берди». Эки жылдын ичинде мен кыргызчаны суудай сүйлөп калдым»[2].

Балкар акыны башына мүшкүл иш түшүп турган кезде кыргыздын таланттуу жазуучусу, дүйнөлүк жана орус адабиятынын мыкты билерманы, Пушкиндин өлбөс-өчпөс лирикаларынын чебер котормочусу, фронтовик, келечектеги

[1] «Литературная газета», 1964-жыл, 12-февраль.
[2] «Так растет и дерево», 453-бет.

сонун роман «Майдандын» автору Узакбай Абдыкаимов менен жаны бир болуп достошот. Кайсын аны дайыма эркелетип «Узачок» деп атачу. «Алгач мага,— деп эскерген ал,—азыр маркум, Кыргызстандагы белгилүү котормочу Узакбай Абдыкаимов чоң жардам көрсөттү. Ал котормочулугумдун алгачкы мезгилинде мени колдош үчүн ал мени менен кошо которушту, ага мындан эч кандай пайда да жок болчу. Узак өндүү ак ниет адамдар гана мындай жакшылыкты жасай алат. Ошон үчүн аларды жакшы адам деп, эл сыйлайт».[1]

Ал бул мезгилде кыргыздын атактуу акыны Алыкул Осмонов менен да катуу достошкон. Ал жөнүндө макалада атайын токтолобуз.

Орус жазуучусу Николай Удаловдун дагы бир эскермесин келтирсек: Кайсын Кулиев Фрунзеде кандай достук мамилеге туш болгону айдан ачык болот. «Биз 1945-жылдын каардуу, шаттуу, оор жана кубанычтуу мезгилинде «Ала-Тоо» кинотеатрынын жанында тааныштык. Бизди карт журналисттин алтын чачтуу кызы тааныштырды. Кайсын короздонуп кийиниптир: үстүндө чымкый кара түс бешмент, белинде сыягы, чоң атасынан калган эскилиги жеткен кыны бар канжар бар экен. Жаркылдап жаш, кайраттуу, көздөрүнөн от ойнойт. Ачык маңдай, кара коңур чачтуу экен. Басышы жеңил, бирок токтоолук сезилип турат. Көкүрөгүндө Ата мекендик согуштун күжүрмөн ордени.

— Пулеметчик, улуу сержантмын,— дедим.

— Десантчы, улуу лейтенант,— деп так жооп берди Кулиев».[2]

Кыргыз адабиятында Кайсын Кулиевдин чыгармачылык ишмерлиги дал ушундай башталып, ал четте карап турбастан, он жылдан көбүрөөк убакта адабий кыймылдын активдүү катышуучусу болууга жетишип, зор кадыр баркка жетишти. «Фрунзеде мен көп котордум, көп сандаган макалалар, очерктер жаздым. Мен ошол газеталык прозаны орус тилинде жаздым, жергиликтүү орус газеталарынын редакторлору мага жакшы мамиле кылышчу. Мен баш көтөрбөй иштедим. «Эмнеге өкүнүү керек?» — деп Пушкин айткан. Мен жазуучулар Союзунун орус секциясынын башчысы болуп көпкө иштедим, консультант болдум, «Литературный Киргизстан» журналынын редколлегиясынын мүчөсү болдум».[3]

[1] Ушул эле китеп, 453-бет.
[2] «Так растет и дерево», 453—454-беттер.
[3] «Комсомолец Киргизии», 6-сентябрь, 1967.



Мен Кыргызстанда иштеген орус жазуучуларынын көпчүлүгү менен ынтымакта жүрдүм. Алардын арасында жөндөмү бар Сергей Фиксин, Николай Удалов, Якуб Земляк, Елена Орловская, Вениамин Горячих, Борис Орлов өндүү сонун адамдар болчу. Мага журналистка, котормочу, чыныгы орус интеллигенткасы, чоң маданияттуу адам Елена Дмитровна фрунзелик турмушумда жана адабий ишимде көп жардам берди... Кыргызстанда жазылган ырларым 1958-жылы эне тилимде жарык көрүп, эки томдуу жыйнактарымдын экинчи китебин түздү».[1]

Кайсын Кулиевдин Кыргызстанда жашаган мезгилдеги чыгармачылыгы жана өмүр жолу ушул убакка чейин түшүнүксүз себептер менен көз жаздымда калууда. Акындын чыгармачылыгын изилдеген илимпоздор өздөрүнүн эмгектеринде, монографияларында ошол мезгилге такыр көңүл буруп, сарасап салышпайт, ал турмак андай учур болбогондой унчукпай жүрүшөт, же болбосо Т. Эфендиевага окшоп кайпып өтүшөт».[2]

Өтө өкүнүчтүү маселе...

Балкар акынынын Кыргызстандагы чыгармачылык мезгили ушул убакка чейин актай калгандыктан, бул макаланы жазууга туура келди...

Мен тажабастан 1945-жылы жарык көргөн республикалык газеталар: «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия», адабий-көркөм журнал «Советтик Кыргызстан», альманах «Кыргызстандын бардык сандарын тирмейип карап чыктым, бирок эч бир жерден Кайсын Кулиевдин ысмын кезиктире албадым. Менимче, бул мезгилде балкар акыны айлана чөйрөсү менен акырындап таанышып, кыргыз тилин, адабиятын жана тарыхын үйрөнүп жаткан болуу керек. Кайсын Кулиевдин ысмы биринчи жолу республикалык жаштар газетасы «Комсомолец Киргизиянын» бетинде 1946-жылдын 27-апрелинде пайда болот. Ал бул газетада өзүнүн «Жаш акындардын ырлары жөнүндө» деген алгачкы макаласын жарыялайт. Ушул эле газетанын бетинде эки айдан кийин акындын «Кармашуу алдында» деген ыры басылат, ырдын алдында котормочунун ысмы көрүнбөйт, сыягы автор өзү орус тилине которгон өңдөнөт. Кайсын Кулиевдин ыры жарыяланган ушул адабий бетте жергиликтүү орус акындары С. Фиксиндин, Н. Удаловдун, Н. Сафоновдун, Г. Денисовдун, Б. Левутустун ырлары орун алыптыр. Балкар акынынын ыры башкалардыкынан каар-

[1] «Так растет и дерево», 453—454-беттер.
[2] Т. Е. Эфендиева. «Поэзия жизни», «Эльбурс» басмасы. Нальчик, 1977, 215—277-беттер.

дуу чындыкты жашырбай, образдуу сөздөр менен ички сезимди даана сүрөттөгөндүгү менен айырмаланат. Ырда тоонун таза абасындай поэтикалык жаңы үн сезилип, автордун жогорку адабий маданияты бардыгы көрүнүп турат. 1946-жылы «Кыргызстан» альманахынын бешинчи санында акындын «Жүрөктүн жолу» деген ыры орустун белгилүү акыны Вс. Рождественскийдин котормосунда басылып-тыр. Бул ырда да согуштук бетпак чыныдыгы, жоокердин оор тагдыры ачык айтылган. 1946-жылдан тартып Кайсын Кулиевдин ырлары кыргыз тилинде жарык көрө баштайт. Ушул жылы «Советтик Кыргызстан» журналынын бириккен 7-8-сандарында анын «Аты жок ырлар» цикли жарыялыптыр, бирок ким которгону белгисиз. Котормого караганда ырлардын көркөм кудурети бар, поэзияны жакшы түшүнгөн адам которсо керек.

Ушул мезгилден балкар акынынын чыгармачылыгынын кыргыз доору башталат десек болот. Кыргыз акындары жапа тырмак өздөрүнүн калемдештеринин ырларын которуп, алар «Советтик Кыргызстан» журналынын беттеринде үзүлбөй басыла баштайт. Мисалы, Темиркул Үмөталиев «Караван жолунда», Алыкул Осмонов «Жол ыры», «Кыргызстанга», «Суу сузган кыз», «Кыргыз күүлөрү», Насирдин Байтемиров «Жумушчу» өндүү ырларын которуп, журнал беттеринде жарыя кылышат. 1947-жылы 29-октябрде «Советская Киргизия» газетасы «Кыргыз жазуучулары кандай чыгармалар жазып жатышат» деген кыска кабар жарыялап, кыргыздын белгилүү жазуучулары жана акындары Аалы Токомбаевдин, Кубанычбек Маликовдун, Касымалы Баялиновдун, Алыкул Осмоновдун, Темиркул Үмөталиевдин жана Кайсын Кулиевдин чыгармачылык пландары менен тааныштырып, балкар акынынын келечек чыгармалары жөнүндө төмөнкүнү жазат: «Кайсын Кулиев «Менин чыгышым» деген ыр китебин жазууда. Бул чыгармасында акын эски, өлүп бара жаткан Чыгышка өз мамилесин көрсөтүп, анын ордуна темир жол, чоң заводдор автотранспорттор, тракторлор, комбайндар менен жаралып жаткан жаңы Чыгышты ырдайт. Бул учурда Кайсын Кулиев «Күйүттүн изи менен», «Боз жигит» деген поэмалар жазууда.

Башкы каарманы тоолуктун уулу болгон «Чабандес» деген романды проза түрүндө жазууну максат кылып койгон. Негизги каарман Октябрь революциясынын алдында төрөлүп, биздин доордун бардык кырдаалынан абийирдүүлүк менен өтүп, жогорку маданияттуу адам, көрүнүктүү акын болот.



Бул кабар кыска мезгилдин ичинде Кайсын Кулиев кыргыз жазуучулары менен тил табышып, кадыр-баркка ээ болуп, кыргыз адабиятында өз киши болгонуна күбө. Газеталык кабарда аталган акындын чыгармалары кийин иш жүзүнө ашкан эмес: анткени көп учурда жазуучунун чыгармачылык пландары өзгөрүп, жаңы ойлор жаралат эмеспи! Бирок, Кайсын Кулиев «Менин чыгышым» деген ыр китебин жаза баштаганына күбө бар. 1948-жылы «Кыргызстан» альманахынын жетинчи санында Е. Орловскаянын котормосунда «Менин чыгышым» ыр китебинен «Кегети совхозунун ашуусунда», «Караван жолунда», «Көчөдө» деген ырлары жарык көрөт. Мындан кийин кыргыз басма сөзүндө ал китеп жөнүндө эч кабар жок... Ошол мезгилдерде («Кыргызстан» альманахы, № 8, 1949) «Габриэль Пери жөнүндө балладасын» акын жарыялайт. Бул чыгармасында акын Фашисттик туткунда каза болгон француздук коммунисттин туруктуулугун, эрдигин даңкка салат.

Эр жүрөктүүлүктүн чыныгы ырчысы Кайсын Кулиев тагдырынын кыйын мезгилинде темирдей эрктүү, алдына койгон максатка жетиш үчүн ар кандай азаптарды тоскоолдорду жеңүүгө бардык акылын, күч-кубатын Француздук коммунист Габриэль Перидей адамдардын жаркын элесине муктаж болчу. Акын ушул ырында «эрдик» менен «ырды» биричи жолу эгиз эки бир тууган деп атайт.

Кайсын Кулиев кыргыз доорунун ушул чыгармачылык мезгилинде азыр баарыбызга белгилүү болгон: «Тоолуктардын эски китебин», «Капчыгайда адашкан мергенчилерге», «Дмитрий Кедриндин эстелигине», «Туулган күнүмдө жазган ырым», «Турмуш», «Жамгыр астында жазылган ырым», «Кечкурун апама айткан акылым», «Чабандестин курман болушу», «Айга сүйлөйм», «Чыгыш ырлары», «Түнкү капчыгай», «Кечинде чагылган чартылдап», «Жолдо», «Акындын өлүмү», «Түнкү ыр», «Кечки баллада», «Мен тоодон келгем», «Кара тору», «Силерге тоолорум күз келди», «Органист» ж. б. ырларын жазып, бул ырлардын негизги пафосун эрдикти, бекемдикти, адилдикти, чыдамкайлыкты, эркисизден айрылган туулган жерге болгон чексиз сагынычты түзөт. Акын өзү кырчын отуз жашка толгон күнү «Туулган күнүмдө жазылган ырын» жазып, бул ыры акындын ошол мезгилдеги чыгармачылыгынын гана программасы эмес, бул ыр адам баласынын жүрүш-турушунун, туруктуулугунун программасы деп айтууга да болот. Акын бул ырында ак пейлинен кан майданды абийирдүүлүк менен басып өтүп, турмуштун бардык сыноолоруна туруштук берген эркектерге, жан-дили менен сүйүп, аял затын

билген, ошондой эле алардан көп учурда көңүл калып, көз жашын төгүп, чачын агарткан назик аялдарга, өмүрүндөгү чыныгы досу, таянычы, ар дайым ал үчүн «жападан жалгыз ыйык» болгон, аны менен сыймыктанган, анын бийик туусун кучак жайып өпкөн поэзияга ушунчалык ишенүү менен кайрылат. Акын жогоруда аталган ырларын келечек үчүн чөнтөк дептерине гана жазган, аларды Кыргызстанда жарыялаган эмес, жарыялоого да шарт али жок болчу... Акындын кыркынчы жылдардын экинчи жарымындагы же элүүнчү жылдардын биринчи жарымындагы жазылган бардык ырлары бир тууган жерге, өз калкынын кайгылуу тагдырына арналган. Кайсын Кулиевдин поэзиясынын нукура каснети дал ушунда турат эмеспи! Мүмкүн, анын ордуна эптеп ыр сөрөй жазып күн көргөн арсыз бирөө болсо, Сталинге мактоо ырлар арнап, биздин бак-таалайыбызга жаралгансың деп (андайлар аз беле?) уракыйкырык менен жүрө бермек... Залимдикти жүрөгү менен гана сезбестен, аны өз көзү менен көрүп жүргөн акын андай пас жолго түшкөн эмес, «элдердин атасына» жагынып жарты сап ыр арнаган да эмес. Бул сапат да балкар акынынын чоң атуулдугун айгинелейт... Акын ырларын жазганда, анын көз алдында дайыма Эльбурстун, Казбектин көк тиреген ак карлуу чокулары, Чегем капчыгайынын тунук суулары, ата-бабасы жашаган айылдын ажайып элеси турат. Поэзияда так ушундай мыйзамчылык бар. Пушкин менен Лермонтовдун кавхазга арналган ырлары, Есениндин «Персиялык күүлөрү» Россияга болгон кусалыктан жаралып, акындардын Ата журтка болгон сүйүүсүнүн көз жашы менен сугарылган. Мисалы, Кайсын Кулиевдин «Жамгыр астында жазылган ырын» алып көрөлүчү. «Кыргыз» жамгыры жаап жатат: акын бул ырында кыргыз малчыларынын, дыйкандарынын оор түйшүгү жөнүндө ой жүгүртүүгө да акылуу эле. Жүрөктүн, эстин кудурети ушундай, акын бул ырында кайрадан жүрөгүнүн терең жеринен дайыма орун алып, улам жарасын күчөткөн туугган жердин образына кайрылат. Анткени, акындын бүткүл өмүрү, тагдыры — алыста жетимсиреп калган өзүнүн кындык каны тамган ыйык жери менен байланышкан. Себелеп ак жаан жааса, тууган жер эске түшөт: жаркырап жаз келсе, Чегем тартылат көз алдына: толукшуп ай тийсе, кыялга Эльбурстун капчыгайы тартыла түшөт көзгө: жарк этип чагылган асманды жарып өтсө, бала кезде ойноп жүргөн кездер эске түшөт! Акындын жүрөгү тынбай согуп, тууган жерге сагынычы артып турганда, бул учу-кыйырсыз ойлор түгөнбөгөн кенч жана азап болот эмеспи... Кайсын



турмушту ушунчалык сүйөт, анын кенендигине акыйкаттан жүгүнөт, өз калкынын, өзүнүн башына мүшкүл иш түшүп, кара булут асманды калдайып каптап турган мезгилде да, ал турмушка наалат айтпайт, кайрадан ал адамдарды ушундай тар ашуу, тайгак кечүү мезгилинде башын салып чөкпөөгө, кайраттуу болуп, турмуштун баркын билүүгө чакырат. Бул жагынан Кайсындын поэзиясы эр жүрөк Муса Жалилдин поэзиясы менен түздөн-түз үндөшүп турат!

Башка элдин «климатына» көнүп, анын үрп-адатын, дүйнөгө болгон көз карашын өздөштүрүү, анын улуттук терисине кирип, жүрөгү менен кабыл алуу акын үчүн азап-түйшүк. Элүүнчү жылдардын баш жагында балкар акынынын кыргыз темасына жүрөгү жибип, республиканын басма сөздөрүндө айрым ырлары жарык көрөт. Менин пикиримче, Кайсын Кулиев кыргыз темасын өтө кыйынчылык менен өздөштүрдү, бул чыгармачылык процесске кыргыз акындарын, өзгөчө Алыкул Осмоновдун которуусу таасир эткен. Ал кыргыз акындарынын ичинен Алыкул Осмоновду анын көзүнүн тирүү кезинде биринчи орус тилине которгон. Албетте, бул кокустук эмес болчу. 1950-жылы «Кыргызстан» альманахынын биринчи санында Алыкул Осмоновдун Кулиев которгон төмөнкү ырлары жарык көрөт: «Менин кубанчым», «Нарын дайра», «Күндөр», «Курманбай», «Маржанкүл», «Молдокул». Кайсын Кулиев бул мезгилде кыргыз тилинде түш жооруп калган болчу, ошондуктан ал кыргыз акынынын түп нускасынын ички мазмунун терең түшүнүп, ага өзгөчө этиет мамиле кылганы котормодон байкалып турат. Бир жылдан кийин ал Осмоновдун «Кыргызстан», «Ысык-Көл», «Тууган жерге», «Ысык-Көл Нева суусунун сүйгөн жары» ыларын орус тилине которуп, ушул эле альманахка басат. Ошол учурда балкар акыны орус тилине Кубанычбек Маликовдун «Тынчтык багы», Нуркамал Жетикашкаеванын «Элдердин бактысы жана тынчтыгы үчүн», Смар Шмеевдин «Тынчтык көчөсү», Насирдин Байтемировдун «Достук» аңгемесин, андан соң Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо балдарын» (1954), Олжобай Орозбаев менен бирдикте «Тоо арасында» (1956) романдарын которот.

1954-1955-жылдары Кайсын Кулиев «Ысык-Көлдө жазылган ыр», «Көк тунук», «Көлгө кайрылуу», «Тоолор», «Тракторчулар», «Ак-Суу капчыгайы», «Чабандес», «Москвалык дос», «Чолпон-Ата», «Бүркүтчү» өндүү кыргыз темасына арналган ырларын жазып, акын кыргыз жерин өтө берилгендик, чоң мээрим менен ырдагандыгы даана байкалат.

Туш тарабым көпкөк асман — баары көкмөк
Бийик тоолор кайкалашат төгөрөктөп.
Апкаарыдым Ысык-Көлдү көргөнүмдө,
Көктүгүнө тизе бүгүп, жер чөгөлөп.

Кыргыз элинин Ала-Тоосунун ортосунда чайкалып жаткан ыйык көлүн биринчи ирет көргөндө балкар акынын дал ушинтип суктанып, анын аша кооздугуна таң калган. Учурунда Ысык-Көл балкар акынынын чыгармачылыгына шык берип, анын жүрөгүнүн жаракасына дары болгон үчүн, Кулиев ага эң сонун ырлар арнаган. Ысык-Көлгө ушунчалык ышкысы түшкөн акын «Ысык-Көл жөнүндөгү ыр» деген ырын орус тилинде жазып, аны 1955-жылы 5-июнда «Советская Киргизия» газетасынын бетинде жарыялаган. Бул ыр Е. Елисеевдин котормосунда акындын Москвадан жарык көргөн жыйнактарында басылып жүрөт, бирок менин пикиримче, Кайсын Кулиевдин өзүнүн котормосунда чыныгы эргүү, таза сезим, кумарлануу алда канча эркин жана күчтүү берилген. Ысык-Көлдү жаныңдай сүйүп, ага ак жүрөгүнөн эң сонун ырларын арнаган балкар акыны ырында «Менин Ысык-Көлүм, мен сенин акыныңмын!» деп тартынбай айтууга толук акысы бар. Акын башка бир ырында Ысык-Көлдү — байыркы тоолордун баяны деп таамай атаган.

Кайсын Кулиевдин чыгармачылыгында Кыргызстанда ачылган дагы бир барак бар. «Мен Орто Азияда жашап жүргөнүмдө биринчи жолу жасалгоолукту билбеген Пушкинден үйрөнгөн таң каларлык жөнөкөй прозага кайрылдым. Өзүм жазган бир нече үзүндүлөргө көңүлүм болгон жок. Мен китебимде чыгармачылык оюмдагы күжүрмөн токтоолукту жакшы жаза албадым. Мен элдин тагдыры жана согуш жөнүндө китеп жазгым келди. Мен өзүм менен Перекопту алган, өрттөнүп жаткан Орелго парашюттан секирген жолдошторум жөнүндө, жазгым келди, мен согушта жүрүп жакындарынан чоочун жерден кат алып, андан кийин аларды Ата журттан алыс жерден кезиктирген кишинин сезимин көрсөткүм келди.

Бирок көңүлдөгү эскермелер али жаңы эле, сезимдин курчтугу да мокой элек болчу. Шакардай кайнап турган акыл-эсти токтотуп, кагазга токтоо түшүрүүгө болбоду. Кара сөздү жазып көрүп, али сөздү башкарууга кудуретим жетерине ишенбедим».[1]

Автордун чындыкты жашырбай айтып жатканына ошол прозалык чыгармасынын «Кыргызстан» (№ 1, 1955) альманахына жарыяланган бир үзүндүсү күбө болот. Бул үзүндүдө согуш алдындагы калтыс тынчтыктагы взводдун командири улуу лейтенант Акбулатовдун ички сезими сүрөттөлөт. Кайсын Кулиев башкы каармандын каардуу кебетесин, боорукерлигин сүрөттөөгө аракет кылган. Таамай сүрөттөлгөн айрым көркөм деталдар, штрихтер бар, бирок жалпысынан алганда үзүндү солгун, автор эңсеген пушкиндик прозадан алыс турат. Прозанын оңунан чыкпай калышынын негизги себеби, автор өзү жазгандай, баштан өткөргөн окуялар али үстөмдүк кылып, тунуй элек болчу. Жүрөктү эзген сезимдер биринчи кезекте поэзияда эркин чыгат, ал эми прозада каармандардын турмушу, сезимдери аки-чүкүсү ушунчалык так, терең жана олуттуу сүрөттөгөндүктү талап кылгандыктан, аны жазууга убакыт керек, дистанция керек, ал алаамат окуяларды бшынан кечирген адамдын жүрөк күйүттөрү катмарлоо керек, айыгуу керек...

Ошол мезгилдерде Кайсын Кулиев «Советская Киргизия» газетасында «Жаз» («Дарак ушинтип өсөт» деген китебинде бул аңгеме «Ыр» деп аталат), Сергей Фиксин менен «Кыргызстан» альманахында «Жакшы адамдар» деген очерк чыгарат. Бул чыгармаларда автордун дүйнөсү көркөм кабыл алуусу курч, адамдардын мүнөздөрүн даана сүрөттөгөндүгү сезилип турат. Бир сөз менен айтканда, бул мезгилде Кайсын Кулиев — бейтааныш жанрга көз салып, ага чыйыр жол салып жаткандыгы байкалат...

## III

Кыргызстанда жашаган жылдары Кайсын Кулиев таланттуу кыргыз акындары менен жазуучуларынын чыгармаларын астейдилдик менен көңүл буруп окуп, аларды басма бетинде ашкере колдоого алып, адабий жандуу процесске активдүү аралашып, адабияттын бийик таламдарын аркалаган, өткүр парасаты чыгармачылык ишинин ак-карасын айныбай тааный билген ойчул акын, олуттуу адабий сынчы катары өзүнүн да талантын курчтуп таптады. Бул анын ошол мезгилдеги чыгармачылык ишинин **өзгөчө барагы** болгондугун баса белгилеп кетүү керек. Ошол жылдары утурумдук басма сөз беттеринде жарыяланган балкар акынынын макалаларынан кесиптик камылганын камбылдыгын, поэзиянын табиятын, көркөм котормо ишинин спецификалуу бөтөнчөлүгүн кылдат туюна билген сезимталдыгын, эң башкысы анын позициясы менен ой-пикирле-

[1] «Дружба народов», № 11, 1964, 207-бет.

рин айрымалап турган батылдыкты, кайраткердикти жана ак пейилдүүлүктү даана сезесиң. Эгер анын ордунда башка бирөө болсо, өз башынын абыгерчилиги менен ташпи-шине көмүлүп, баарына кол шилтеп коюп, кара жанының камына качырып, ырын жазып, өз көмөчүнүн күлүн тартып, ач кулактан тынч кулак жүрө бермек. Ал эми Кайсын Кулиевдин насили мындайлардан эмес эле, ошондуктан ал башка толуп жаткан кемчиликтерин белгилеп көрсөткөн. кырдаалга карабай алдыңкы чекте турган жоокердей көп учурда тобокелге баш байлап, окко өзүнүн төшүн тоскон учурлары да болгон...

Кайсын Кулиев Кыргызстанда биринчи мертебе 1946-жылы, 27-апрелде жаштардын республикалык «Комсомолец Киргизии» газетасына «Жаңы жаза баштаган акындардын ырлары жөнүндө» деген макала менен чыгып, окурмндардын алдында сынчы катары көрүнгөн. Бул маселасында али эч кимге таанылa элек балкар акыны Жаш орус акындарынын ырларына анализ берип, алардын жалпы кемчилигин-риторикалуулугун, декларативдүүлүгүн, караандай фактыларды тизмектеген жармачылыгын жана башка толуп жаткан кемчиликтерин белгилеп көрсөткөн. «Ар кандай жаш акын,— деп жазган ал макаласынын соңунда,— канчалык таланттуу болгон күндө да өз чыгармачылыгына сын көз менен кароого тийиш. Поэзия ар кимдин өзүнө катаал жана калыс болууну талап кылат. **Акын өз кемчилигине өзү ырайым кылбаган мерес болууга** (астын сызган — К. Б.) тийиш. Көшөрүп окуп үйрөнгөндө, өз ырына сынчыл талап коё билгенде гана акын өркүндөп өсө алмакчы».

Андан бери кырк жылдан ашык мезгил өттү, далай суулар акты, поэзия кандай болуп, кандай болбошу керектигин ырастаган эстетикалык канча бир көрсөтмөлөр менен эрежелер өзгөрдү, ал эми ошондогу Кайсын Кулиевдин жаш акындарга айткан кеп-кеңеши — алиге чейин эскире элек актуал күчүнөн тая элек, акын өзү да ошондогу ойлорун көзү өткөн кечээ жакынкы кезге чейин ар бир макаласында, сүйлөгөн сөздөрүндө кайра-кайра тастыктап жүрдү. Калыбы, бул макаланы өз учурунда окугандардын көпчүлүгү ошол саптарды жазган акындын чоң турмуш жолу жатканын, анын өзү кырчындай жаш болгону менен Улуу Ата Мекендик согуштун оттуу жылдарын басып, эрте эрезеге жеткен, жүрөгүндө жалы бар, «Фадеевдин өзү», Тихонов, Пастернак жана башка чоң акындар жакшы билип, талантын, инсандыгын жогору баалаган балкар акыны экенин кайдан баамдашсын?...



Кайсын Кулиев бул жерде Алыкул Осмонов менен таанышып достошот, кыргыз акынын таланттуу поэзиясына тамшанып өзү үчүн аны ачат. Алыкул Осмонов ошондон кийин аны биротоло өзүнө куштар кылып алган. Бул эки чоң акындын достугу кокустук эмес, мыйзам ченемдүү иш эле. Алардын тагдырында, поэзиясында жана жалпы маданий деңгээлинде көп окшоштуктар бар эле. Экөө тең орус поэзиясын, дүйнөлүк поэзияны терең билген акындар болчу. Осмонов ал кезде Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр, аттуу улуу поэмасын которуп, аны кыргыз баласы ар бир үйдө кастарлап окуп, акындын ысмы ооздон түшпөй турган чак эле. Мындан тышкары «Махабат» ырлар жыйнагын чыгарып, анысы жазуучулрадын чөйрөсүндө кызуу талаш-тартышты туудуруп, түрдүү көз караштар кагылышып, бирок басма бетинде ак же көк деп айткан пикирлер пайда боло элек болчу. Осмоновдун поэзиясында, балкар акынынын поэзиясындагыдай, өлүм-өмүр, тагдыр жөнүндө батылдык менен жазылган ырлар арбын кезиккен. Оорусу күчөп, ичер суусу түгөнөр күн алыс эместигин өзү жакшы билсе да, эртеңки күн, элдин эрдиги, өзү жашаган мезгил, карапайым адамдардын, чабандын, кыш кынаган куруучунун, үй сырдаган малярдын, устанын, темирчинин эмгеги жөнүндө эргип ырдап, кыйышпас достук менен аруу сүйүү жайында, анан да күн сайын эшигин сагалап, терезесин тырс-тырс каккан ажал жөнүндө апкаарыбай, салабат акыл чаптырып, жанары жайнаган ырларын жазган. Апкаарыбаганы — ал өзүнүн өлбөстүгүн, көзү өтсө да, учкул сөзү эл арасында дайыма каларын ал жакшы билген.

Кайсын Кулиев биринчи мертебе Алыкул Осмонов менен кезиккенин кийинчерээк мындайча эскерген: «Али жаш, далысын салып үңкүйө баскан бул адам мага ырларын биринчи жолу 1949-жылы окуп берди. Анын бир окуганы да абдан кызык экен. Баарыдан мурда анда сөз менен айтып бере алгыс кандайдыр бир табигый жарашык сезилип турду. Ал ыр окубай эле жүрөгүндөгү жүлүндөй сырын ачып жаткансыды. Анын үнүндө кыраатка салып оштонгон түк эчтеме жок эле. Ойлосом, мунусу жөн экен, анын лирикасына мындан башка интонация туура келмек эмес. Алыкулдун өзүнчө бир кызыктай көрүнгөн, коошпогонсуган конур үнү анын поэзиясынын негизги мазмунуна абдан ылайык келип турду. Менимче мындай көрүнүштөр акындарда көп болот. Алардын ыр окуганы көп учурда өздөрүнүн чыгармаларына куюп койгондой окшошуп турат» (Кыргызстан» альманахы, № 3, 1954).

Таң каларлык нерсе бу: агынан жарылып ачыла берген, адамдар менен шатыра-шатман жүргөндү түк жактырбаган, пейили кырс, мүнөзү түнт Алыкул Осмонов бейтааныш акынга өзү келип, ага дилин ачып (аны жакшы билген кишилердин айтымында бул сейрек иш) ыр окуп берген. Калыбы ал Кайсын Кулиевдин поэзияны мыкты билген, ак көңүл таланттуу акын экенин жана ырларын түшүнүп, баалай аларын карегинде туйган болсо керек.

Алыкулдун ырлары Кайсын Кулиевдин купулуна толуп, ага күчтүү таасир калтырган. Муну ал өзү да ырастаган: «Алыкулдун ырларында эң жөнөкөй турмуштук көрүнүштөр аркылуу туюнтулган нукура поэзиянын уюткусу мени ошол замат эле өзүнө тартып, багынтып алды. Мына, туурулган колу менен жер кыртышын оодарган кызылчачы, жайлоодогу малчыларга бараткан парторг, жолоочуларды коон союп сыйлаган бакчачы, жамгыр жааса кубанган дыйкан... Булардын баары жөнжөнөкөй көрүнүп, ошол эле учурда алардан кыргыз поэзиясынын даамы келип турду. Бул жагынан Алыкул Осмонов бийик чеберчиликке жетишкен, поэзиянын из түшө элек жолун ачкан («Кыргызстан» альманахы, № 3, 1954-жыл).

Алыкул Осмоновдун («Махабат», 1945) ырлар жыйнагы акындын жеке чыгармачылыгында гана эмес, ошол кездеги бүткүл кыргыз поэзиясынын горизонтун кеңейтип, эстетикалык ачылыштарын жаңы деңгээлине чапчап көтөрүлүп чыккан жаңычыл көрүнүш болгон. Ал өз кезинде басма сөздө кызуу талаш-тартыштардын отун тутантканы. Кеп албетте, ага карата сын пикирлер айтылып, ар түрдүү көз карашты жактагандар болгондугунда эмес, мындай иштер адабий турмуштун кадыр эсе нормасы болот деп эсептейм, айтмакчы болгонум, учук оорудан жабыгып ансыз да жарым жан абалда жүргөн акындын керт башына жана кадыр баркына ыдык келтирген фельетон мүнөздөгү «Маанисиз жок Махабат»[1] деп аталган жемекей сасык макала жөнүндө баратат. Кайсын Кулиев акындын керт башына кара булут айлана баштаганын алдын ала сезип, Ясыр Шиваза менен бирдикте, ошол кара союл макаладан озунуп, эки ай мурдараак Алыкулдун бул атактуу ыр китебин колдоп, мактай жарылган мактоо кебин айтып чыккан. «Ар кандай чоң жана чыныгы акындын туулган жери, өз эли, анын маданияты, тиричилиги, өткөндөгү жана азыркы күнү менен тамыры бир-киндиктеш. Сөздүн кең маанисинде улуттук акын болуп торолгондон кийин гана жалпы адамзаттык

[1] «Советтик Кыргызстан» газетасы.



маанидеги акын болууга жетишет. Мындай тагдыр бардык эле акындардын энчисине туш келе бербейт да. Анткени, ар бир элдин жан дүйнөсүндө аздек көргөн чексиз байлыгы бар, ар бир элдин өзүнчө мүнөзү бар, өзүнчө дүйнөсү бар. Бул дүйнө ошол эле учурда жалпы адамзаттыкы да болуп саналат.

Алыкул Осмоновдун чыгармалары менен таанышканда дал ушундай ойлорго кабыласың».[1]

Макаланын авторлору «Махабат» аралына кенен анализ жасашып, акындын поэзиясындагы төмөнкү урунтуктуу белгилерди баса көрсөтүшкөн: Алыкул Осмонов — терең ойдун жана мазмундун акыны; сейрек поэтикалык таланты бар, көркөм арсеналында эң күчтүү образдуу каражаттары бар — терең сезимдин акыны; адамдардын кайгысы менен кубанычын жүрөгү менен сезип, кулагы менен даана угуп турган көрөгөч акын; күн сайын катаал ооруу менен тайманбай кармашып, калеми менен кыйынчылыкты жеңип, адамдын актыгына ушунчалык ишенген, жамандыкты жакшылык жеңерин даңктаган — эрдиктин акыны; чынгы улуттук, ошондой интернационалист, эл достугун ырдаган акын.

Кайсын Кулиев эр азамат катары, кыргыз элинин досу катары өзүнүн ушул пикиринен эч качан кайткан эмес. Тескерисинче, кайда болбосун, кайда жүрбөсүн Осмоновдун поэзиясындагы новатордук тажрийбасын даңктап, аны элдин журтка таанытканын талыкпады. 1950-жылы 12-декабрда Алыкул дүйнөдөн кайтканда Кайсын Кулиев анын мүрзөсүндө көз жашын төгүп ыйлаган. «Алыкул отуз беш жашында, жапжаш бойдон дүйнөдөн көзү ачык кетти,— деп жазган ал 1954-жылы акын досуна арналган бир макаласында. Биз аны декабрдын аяздуу күнү жерге койдук. Күн кызарып чаалыкандай кылтылдап батып баратты. Кандай чоң акынды жерге жашырып жатканыбызды ар бирибиз жүрөгүбүз сыздап сезип турдук. Бирок ошол кайгылуу саатта чыныгы поэтикалык сөздүн күчү кандай болору да көңүлдө турду. Жакшы сөздүн жаржааматы ар дайым көп болот, ал эл ичине сиңип, узак жылдарга чейин унутулбай жашай берет». Бул тууралуу Алыкул акын жөнүндөгү ырында эң таамай айткан.

Советтер Союзундагы улуттук мыкты акындардын бири — Алыкул Осмоновдун ырлары жашай берет. (Кыргызстан» альманахы, № 3, 1954).

Балким балкар акыны кыргыз досунун мүрзөсүндө ту-

[1] «Советская Киргизия» газетасы, 1946-жыл, 21-июнь.

руп өз ичинен анын ырлары оболоп, татыктуу түрдө баалаган чыгар, ким билсин, айтор мага ушундай туюлат. Анын үстүнө Алыкулдун чыгармачылыгын пропагандалоо үчүн Кайсын Кулиевдин жасаган аракеттери да муну ырастап турат. Алыкулдун көзү өткөн соң Кайсын Кулиев анын ырларын өзү орусчага которуп, газеталарга жана альманахтарга үзбөй бастырып жүрдү. 1954-жылы «Залкар акын» деген ат менен көлөмдүү макала жазып, кыргыз адабий сынында биринчи жолу Алыкул Осмоновдун поэтикалык нукура новатордук мүнөзүн терең ачып көрсөтөт. Ошол эле жылы Осмоновдун Москвадан басылып чыккан ыр китебин («Менин үйүм», «Советтик жазуучу», 1950) республикалык басмадан кайра чыгарып, ага өзү баш сөз жазып, жаңы котормолору менен, анын ичинде өзүнүн котормолору менен толуктап, жаңылап түзүп чыгат.

Кайсын Кулиев дос деген сөзгө өзгөчө сараң адам болгон. Ал эми Алыкулга калганда кайда болбосун, «жаңы мезгилдеги Орто Азиянын сайкашка акыны» деп атап, анын поэзиясын башкалар үлгү кылып көрсөткөн жана кыргыз акынынын чыгармачылыгына ар дайым ыкласын байлап, аны досум деп айтат. Өзүнүн өмүр таржымалынан кеп кылып жатып да, а болбосо поэзиядагы жаңычылдык жөнүндө ой жүгүртүп жатып да («Вопросы литературы» № 11 1977) Алыкулга кайрылып, аны эскерип өтөт. Кайсын Кулиев кийин өз жерине кайтып барып, жаамы журтка таанылып, атагы алыска угулуп турган чагында Алыкул Осмоновду эсинен чыгарбай, анын акыреттик досу экенин көп жолу далилдеди. Ал орус тилинде Москвадан чыккан биринчи ырлар жыйнагына («Тоолор», 1957) жана чыгармалар жыйнагынын биринчи томуна (Москва, 1976) «Ысык-Көлдө жазылган ырлар» түркүмүн киргизет, аны Алыкулдун элесине арнайт. Ал эми «Көлгө кайрылуу» деген ырында акын досун эскерип, «Кыргызстан» деген баарыбызга белгилүү ырында кайрадан Алыкулду эскерет. Грузия жөнүндө, Шота Руставели жөнүндө макала жазабы, же бир кыргыз акынынын жыйнагына киришсөз жазабы, айтор ыңгайы келген ар бир учурда Алыкулду атап өтөт. «Осмоновдун чыгармачылыгындагы эң негизги нерсе мага эмнеден көрүнөт? Баарыдан мурда жаңычылдыктан — форма менен мазмундун, тема менен поэтикалык ыкмалардын жаңычылдыгынан көрүнөт. Акындын үлүшүнө ага чейин кыргыз акындары капкагын ача элек темаларды өздөштүрүүнүн бактысы туш келди. Алыкул мисалы, малярлар, сугатчылар, саанчылар, ташчылар жөнүндө, башкача айтканда, карапайым адамдар, алардын эмгеги жөнүндө, ал турсун помидор, буудай себүү жөнүндө да бирдей деңгээлде жаза билген. Ал турмуштун эң бир чордонундагы жөнөкөй жана эң бир улуу көрүнүштөрү, айталы нан жана жылдыз, тегирмен жана Ата журт, «байтал бээнин бал кымызы» жана баатырдын эрдиги жөнүндөгү ылгый мыкты ырларды жазган. Кыргыз поэзиясында жумушчу адамдар дал ушинтип кирди. Анын үстүнө мунун баары нукура көркөм каражаттардын күчү менен жасалган, алар үчүн акын бирден бир туура, табигый аваз жана интонация тапкан. Бул тайманбастык ошол эле учурда акылман кадам болгон. Алыкул кыргыз ыры үчүн жаңы жол салып, анын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачкан. Ал эми мындай иш кандай кыйын дейсиз? Бирок бул кыйынчылык адатта тайманбас новаторлор менен чыгаан сүрөткерлерди жаратат эмеспи. Алыкул Осмонов кургак риторикага, уйкаштыкка салган жөө чечендикке катуу сокку уруп, поэзияга жаңычыл — кыйырларды, образдарды сүйлөмө тилдин каражаттарын гана эмес, терең лиризмди да алып келген»[1].

Балкар акынынын Алыкул Осмонов жөнүндөгү эскерүүлөрүнүн чеги жок. 1975-жылы Москвадагы «Көркөм адабият» басмасынан Алыкул Осмоновдун өзүм түзүп, кириш сөз жазган (бул жыйнакты чыгарууга он жылдай түйшүк кылдым) тандалмалары жарык көрдү. Ошондо да биринчи болуп Кайсын Кулиев «Литературная газетасынын» бетинде кыска, бирок мазмундуу макаласы менен үн кошуп чыккан. «Алыкулдун эки жазы» деп аталган ошол макаласында балкар акыны өзүнүн калемдеш кыргыз досунун поэзияда сиңирген эмгегин жогору баалап, өткөндөгү унутулгус кездерин кайрадан эскерет: «1945-жылдын жаз айларында Кыргызстанга келип, мен көп өтпөй Алыкул Осмонов менен тааныштым. Субагайынан келген, иймене күлгөн, оор басырык жана жупуну мүнөз акынды мен адеп көргөндө эле жактырып калдым. Достук мамилебиз күч алып, мен аныңын пейилден, ак жүрөгүм менен кадырлай турган болдум. Анын китептерин окуп, Алыкул абдан таланттуу, нукура акын экендигине көзүм жетип, ынандым. Ошону менен бирге ал өзүнүн кайталангыс жолун тапканын жана оригиналдуулукка жеткенин, өздүк поэтикалык стилин, образдуу дүйнөсүн, оорусуна байланыштуу согушка катыша албаса да, ошол апаттуу жылдарда сонун ырлар жазгандыгын түшүндүм. Ооруу аны көп жагынан өксүтүп, дагы

[1] Сооронбай Жусуев. «Көркөм адабият» басмасы. М., «Алтын чынар», 1982, 8—9-беттер.

дăлай мыкты ырларды жазганга кăскак болду. Ăл эми акын үчүн жазылбай калган ыр ар дайым жакшы көрүнөт эмеспи»[1].

Дегинкиси, Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгын жалпы элге таанытып, акындык даңазасын көтөрүүдө Қайсын Кулиевдин сиңирген айтарлык эмгеги бар, муну кыргыз эли унутпайт. Алыкул Осмонов дүйнөдөн эрте кетти, көзү тирүү кезинде жарытылуу мактоо сөз угалбады, адабий бийик наам же сыйлык да албады. Бирок, акыреттик калемдеш досу Қайсын Кулиевдин «жаңы мезгилдеги Орто Азиянын атактуу акыны» деген бийик баасына татыды. Бул бүткүл Түркстан аймагындагы акындардын ичинен жападан жалгыз Алыкул Осмоновко берилген сейрек наам.

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.

Ысык-Көлдүн кең пейилине, тереңдигине, молдугуна, тазалыгына төтө келген бир азамат досум жок деген бул улуу арманын өзүнүн 1945-жылдын декабрь айында жазган атактуу поэмасы «Жеңишбектин» баштапкы лирикалык чегинүүсүндө ачык айткан эле. Ушул поэма жазылган кезде Қайсын Кулиев Қыргызстанда куугунтукта азап тартып, туулган жеринен айрылып, арманын эч кимге айталбай, Алыкул Осмонов менен жаңыдан таанышып, анын талантын, канаттуу ырларын купуя баалап, анын оор тагдырына кайгырып жүргөн кез болчу. Алыкул болсо, Қайсын Кулиевдин кейиштүү тагдырына ичинен кейип, акын катары акынга боору ооруп жүргөн. Эгерде ал ушул азапта жүргөн балкар акыны көзү өткөндөн кийин опол тоодой эмгек кыларын билсе, мүмкүн, жогорудагыдай бир сырдуу досум жок деп арман кылбас эле...

Эгер кыргыз акынын турмушта Ысык-Көлдөн башка эки досу болсо, анын бири Қайсын Кулиев, а эгер жалгыз досу болсо, ал да Қайсын Кулиев...

Қыргызстанда жашап жүргөн Қайсын Кулиев кыргыздын жаш акындарынын, жазуучуларынын, котормочуларынын чыгармаларына өзгөчө көңүл буруп, кол жазмаларын этияттык менен окуп, аларга чоң адабияттын талабы менен мамиле жасап, жакшысын колдоп, алашемүн жарабайт деп беттерине тартынбай айткан. 1947-жылы Қыргызмамбастан Алыкул Осмонов түзгөн кыргыздын жаш акындарынын биринчи жыйнагы жарык көрүп, анда Сүйүнбай Эралиевдин, Эргешпай Узакбаевдин, Сатин Абдыкеримованын, Абдырасул Қылычевдин ырлары жарыяланган болчу. Қайсын Кулиев өзүнүн «Изденүү керек!» деген макаласында жаш акындардын ырларына негизинен оң баа берип, бирок алардын поэзиядагы аксак жактарын баса көрсөткөн. «Алар азыркы учурдун башкы темаларын кандайча чечип, кандай поэтикалык каражаттарды колдонуп жатышат, ошондой эле алардын ырларында кандай оригиналдык бар»[1] деген маселени кабыргасынан коюп, ушул позициядан аларды сынга алган. Ал жаш акындардын көпчүлүк ырларынан акын поэзиясынын төкмөлүк стилин байкап, бул мүчүлүштүк алардын өсүшүнө жолтоо болуп жатканын, таамай, жаңы образдар сейрек экендигин белгилейт. Ал жаш калемгерлерге оозеки поэзиянын трафареттеринен, даяр табылгаларынан алыс болууга үндөгөн.

Қайсын Кулиев Қыргызстандык орус акындары, жазуучулары Сергей Фиксин, Николай Удалов, Якуб Земляк, Елена Орловская, Вениамин Горячих жана башкалар менен чыгармачылык катнашта болуп, бир секцияда ынтымак иштешип, алардын көпчүлүк чыгармаларын кол жазмасында окуп, калыс пикирин ортого салып, кеңешчиси болгон. 1953-жылы Фрунзеде Сергей Фиксиндин «Биз бейпил адамдарбыз» деген орус тилинде жыйнагы жарык көрөт. Қайсын Кулиев бул жыйнакка атайы макала жазып[2], жыйнактын автору өзгөчөлүккө умтулат, поэзияда бул жакшы касиет, чыгармачылыкта кичинекей болсо да ар бир калемгердин өзүнө гана тиешелүү изи болуу керек, мындай из Сергей Фиксинде бар деп белгилеген.

Қайсын Кулиев кыргыз элинин акындарынын поэзиясын жогору баалап, өткөн падышачылык заманында бай-манаптардын адам чыдагыс зордук-зомбулугун көрүп, теңсиздиктин азап-тозогун тартып, Сибирде колу-буту кишенде жездин кенин жети жылы казган кыргыздын улуу — демократ-акыны Токтогул Сатылгановдун эрдигине, инсандыгына жана ырларына таң калган. «Токтогул — өтө чоң акын,— деп жазган ал макаласында,— анын ырлары ойдун тактыгы, поэтикалык каражаттарынын дааналыгы менен айырмаланат. Анын чыгармалары адамгерчиликке, ак пейилдикке сугарылып, элдин азабына арналган жана эмгекчилерди келечектеги жакшылыкка, үмүткө үндөйт»[3]

Токтогул — кыргыз элинин тарыхындагы эң бир сонун

[1] «Литературная газета», 1976-жыл, 21-апрель.

[1] «Советская Киргизия», 1948-жыл, 24-октябрь.
[2] «Советская Киргизия», 1954-жыл, 27-февраль.
[3] «Кыргызстан альманахы», № 4, 1955-жыл.

көрүнүш. Кайсын Кулиев Токтогулдун айлана-чөйрөдө феодалдык мамилелер өкүм сүрүп, каранғычылык каптап турганда жаш Токтогул Кетмен-Төбөлүк каардуу Рыскулбектин балдарынан тайманбай, өзүнүн атактуу «Бешкаманын журт көзүнчө ырдаганына өзгөчө суктанган. Анткени, Кайсын Кулиев Токтогулдун оор тагдырынан өзүнүн тагдырын көргөн. «Мен муну чоң сүрөткердин эрдиги деп атаар элем. Эрдик, тайманбастык менен элдик акындын чоң таланты эч качан ажырагыс синонимдер. Бул оюмду бекемдеш үчүн Лермонтовдун, Петефинин, Шевченконун, Мицкевичтин ысмыларын атагым келет. Ушул дүйнөлүк акындардын катарына өмүрүндө таң каларлык эрдикти жана тайманбастыкты көрсөткөн ар кандай чакан элдердин чыныгы элдик акындарын коюуга болот. Ошол эр жүрөк акындардын катарына атактуу акын Токтогулду коюуга болот»,— деген ал башка бир макаласында[1].

Балкар акыны кыргыздын атактуу демократ акыны Тоголок Молдону да жогору баалап, «эң сонун фигура», революцияга чейин кат таанып, өзүнүн ырларын кагаз бетине түшүргөн «Реалист — акын»[2] — деп жазган. Ал өз учурунда кыргыз элинин көрүнүктүү төкмө акындары Калыктын, Осмонкулдун, Алымкулдун чыгармачылыгына да сарасап салып, алардын акындык өзгөчөлүктөрүн элдик поэзия менен тыгыз бирдикте караган. Ал Үсөнбаевдин поэзиясына атайы макала арнап, ал Калык, Осмонкул сыяктуу элдик образдуу тилди жакшы билет, ошондуктан анын тили кыргыздын көркөм адабиятынын тилин байытууга жардам берет»,[3] — деп белгилеген.

Кайсын Кулиев Фрунзеде жашап жүргөндө кыргыздын эл акыны Аалы Токомбаев менен да ынтымак болуп, бирбирине дайыма сый урмат көрсөтүшкөн. Кайсын Кулиев таткан тузу, ичкен суусу, жылуу кабыл алып, өз уулундай кыйын мезгилде эркелетип, «канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпагандыгы» үчүн кыргыз элине чын жүрөктөн ыраазы болуп, алкыш айткан «Кыргызстан» деген ырын бекер жерден кыргыз адабиятынын аксакалына арнаган эмес. Кайсын Кулиев тирүү кезинде Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгына атайы арнап төрт макала жазган: «Элдик акын», («Кыргызстан алманахы, № 3, 1954), «Элге арналган талант» («Советская Киргизия», 1955-жыл, 12-февраль), «Турмуштун масштабы жана боектору» (Литературная газета», 1958-жыл, 18-октябрь), «Нанга барабар» («Литературная газета», 1964-жыл 1-февраль). Бул макалаларында ал кыргыз акынынын поэзиясына жогору баа берип, Токомбаев жогорку саясий пафостун, ошондой эле лирикалык жана философиялык ырлардын акыны дейт. 1958-жылы, октябрь айында Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи декадасы өтүп, бул кыргыз элинин көркөм өнөрүн баалагандар үчүн маданий чоң окуя болду. Ошол күндөрү борбордук «Литературная газетасынын» бетинде Аалы Токомбаевдин Москвадан жарык көргөн тандалмасына жакшы баа берген Кайсын Кулиевдин макаласы жарык көрдү. Кайсын Кулиев кыйын кезинде тузун таткан Ала-Тоону унутпай, анын жаркын элесин жүрөгүндө сактап жүргөндүгүн макаласынан биз Аалы Токомбаевдин тандалма чыгармаларын окуганымда, тээ асмандагы булут менен бой тирешкен Ала-Тоонун чокуларын, улуу тоонун койнунда чайкалган Ысык-Көлдүн көгүлтүр түсүн, Ак-Суунун капчыгайында жааган ак жамгырды, Аравандын күнгө жайкалган ак пахтасын, Чүй боорунда жарышып бараткан атчандар менен машиналарды кайрадан көргөндөй болдум. Ооба, бийик тоолуу Суусамырдын малчылары, жылкычылары менен кызык аңгеме түзүп, алардын меймандос боз үйлөрүндө болгонсудум, Кыргызстандын таң каларлык көркүн көрүп, анын сулуу лугу менен байлыгына таң калгансыдым»[1] — деп эскерет.

Балкар акыны бул макаласында Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгына ой жүгүртүп мурда ал жөнүндө жазган ой-пикирлерин толуктап жана кеңейтип, ал эр жүрөк, назик, акылман, жөнөкөй акын, ошол себептен анын поэзиясы ар кандай чыныгы акындын поэзиясындай турмушту терең жана туура чагылдырат деп белгилеген. Ал кыргыз калемдешинин поэзиясын шамалга жана чагылганга, эшиги, терезеси ачык турган үй менен салыштырат да, акын турмуштун бороондорунан башын жашырып качпайт, тетирисинче тике басып, ага боюн тосот дейт. Кулиев Токомбаевдин «Таң алдында» романына токтолуп, бул чыгарма — акындын тээ алыскы жылдардагы кандуу окуяларды чагылдырган көкүрөк оорусу жана азабы. Бул чыгармада адамдардын өлгөнү, кор болгону, элдин азап-мүңү гана сүрөттөлбөстөн, элдин мыкты өкүлдөрү Алымкул, орус большевиги Железновдун оң образдары түзүлгөн[2].

Кайсын Кулиев олуттуу адабиятчы катары кыргыз акы-

[1] «Кыргызстан альманахы», № 2, 1953-жыл.
[2] Т. Үмөталиев. «Дорожная песня», Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955-жыл, 5-бет.
[3] «Кыргызстан альманахы», № 3, 87-бет.

[1] «Литературная газета», 1958-жыл. 18-октябрь.
[2] «Литературная газета», 1958-жыл. 18-октябрь.

нынын чыгармачылыгын анализдегенде, анын кемчиликтенен кыя өтпөйт, ал Кыргызстанда жашап жүргөндө жазган бир макаласында «...Бул деген Аалы Токомбаев дайыма эле ушул деңгээлде жакшы жазат деген сөз эмес. Жок, ал ар түрдүү деңгээлде жазат. Ал көркөм уюткуга канган сонун ырдын соңунан конкреттүү поэтикалык образдан алыс турган, риторикага баткан ырды жарыялаган учуру да болот. Мисалы, ал эң сонун поэтикалык табылгасы бар «Боз үйдөн» кийин, эч жакшы кепке ылайык келбеген «Биз» деген ырын жазды[1].

Албетте, бул чоң акындын чоң акынга калыстык менен айткан калемдештик пикири. Чоң жазуучулардын бирбиринин чыгармачылыгына мындай калыстык менен пикир айтышы адабий турмушубуздагы нормалуу көрүнүш болуусу керек, көп учурда мындай мамиле биздин көпчүлүк адабиятчыларыбызга жетишпейт.

Кайсын Кулиев кыргыздын көрүнүктүү акыны Темиркул Үмөталиев менен да чыгармачылык ынтымакта болуп, Ал кыргыз акынынын «Жол ырлары» («Дорожная песня», Фрунзе, 1955) деген ырлар жыйнагына кеңири кириш сөз жазып, эмгек — Темиркул Үмөталиевдин чыгармачылыгынын алгачкы башатынан тартып негизги орунду ээлейт, деген. Кайсын Кулиевдин пикири боюнча акындын курч көзү башкалар байкабаган деталдарды көрө билет, анын эмгекке болгон өзүнчө поэтикалык мамилеси бар. Темиркул Үмөталиевдин поэзиясынын көркү мына ушунда. Ал кыргыз акынынын кандуу майданды аралап жүрүп, өлүм менен өмүрдүн ортосунда туруп жазган согуштук ырларын жогору баалап, алардын ар биринен окоп, согуш жыттанат, сүрөттөлгөн окуялар, чындык көз алдыңа тартылат, анын эскирбес баасы ушунда. «Ата мекендик согуш жөнүндөгү Темиркул Үмөталиевдин ырлары «Жеңиш» деген жыйнакты түзөт. Бул жоокер акындын ыр китеби айрым мүчүлүштүктөрүнө карабастан, акындын чыгармачылыгындагы бир кадам алдыга жылышы»,[2] — деп белгилейт.

Кайсын Кулиев Кыргызстанда жашаган жылдары кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын орус тилине которуу менен гана чектелбестен, ал көркөм котормо маселесине өзгөчө көңүл буруп, бул маселе боюнча: «Кыргызстан» альманахына төмөнкү макалаларды жарыялаган: «Котормочунун заметкалары», (№ 1, 1952), «Көркөм котормо — бийик өнөр» (№ 2, 1953), «Поэтикалык котормо жөнүндө» (№ 4, 1955) аттуу үч макаласын өзгөчө бөлүп көрсөтсөк болот. Бул макалаларында автор кыргыз акындарынын ырларын орус тилине профессионалдуу деңгээлде которуп, ошол мезгилде кеңири орун алган көркөм котормонун келте оорусу — кошуп жазуу (отсебятина) менен активдүү жана келишкис күрөш жүргүзүүгө чакырат, «бийик өнөрдүн» кадыр-баркы үчүн күрөшөт, таланттуу котормочуларга даңгыр жол ачылуусун талап кылат, көркөм адабиятка такыр тиешеси жок адамдар акча үчүн дүйнөлүк жана орус адабиятынын мыкты үлгүлөрүн кыргыз тилине которушуп, окурмандардын алдында уят болуп жатышканын, бул маселеге Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасы, Кыргызмамбас көңүл коштук менен мамиле кылып жатканын, жаш котормочуларды тарбиялоо иштери начардыгын, кыргыз адабиятчыларынын арасында көркөм котормонун чыныгы духун түшүнгөн адистер али жоктугун, ошол себептен көркөм котормонун теориялык принциптери жөнүндө олуттуу эмгектер жоктугун өкүнүч менен белгилейт.

[1] «Кыргызстан альманахы», № 3, 1954, 91-бет.
[2] Темиркул Үмөталиев. «Дорожная песня», 1955, 8-бет.



Орус тилине которулууда, кантсе да: Алыкул Осмоновдун жолу ачылган деп белгилейт Кайсын Кулиев. Анткени Алыкул Осмоновдун «Менин үйүм» (1950) деген ырлар жыйнагын орус тилине поэтикалык көркөм котормону Илья Сельвинский, Вера Звягинцева, Мария Петровых, Сергей Обрадович, Николай Чуковский өңдүү устаттары которгон. И. Сельвинский «Фрунзени» (Фрунзе учкан уям, сүйгөн калаам») эң сонун которгон. Бул ырдын оригиналында сезимдин курч оттору, таң каларлык жылуулук, көңүлдө сактала турган образдар, тоонун салкын жана мелүүн жели бар сыяктанат. Ушулардын баарын Сельвинский сактап, орус тилине жеткире алган. Анын котормосунда кол өнөрчүлүктүн тактыгы, же болбосо оригиналдын жансыз көчүрмөсү жок[1].

Ал Сельвинскийдин, Звягинцеванын жана Мария Петровыхтын көпчүлүк котормолору турмуштун молдугу, сезимдин тазалыгы менен айырмаланат деп баса белгилейт. Автордун бул пикиринин акыйкаттыгына жогорку аталган устаттардын көпчүлүк котормолору ушул күнгө чейин өзүнүн кунарын учурбай, жыйнактан-жыйнакка көчүп келе жаткандыгы айкын күбө боло алат. Кайсын Кулиев Токтогулдун ырларынын орус тилинде ушул күнгө чейин та-

[1] Кайсын Кулиев, «Кыргызстан альманахы», № 1, 1952-жыл.

кыр жакшы которулбай жатканына жаны кейип, бул чыгармачылык процессте чаташкан нерселер өтө арбындыгына ачуусу келет. «Беш каман» кыргыздын атактуу акынынын саясий лирикасынын эң сонун үлгүлөрүнүн бири — В. Винниковдун котормосунда баштан аяк бузулган. Орусча котормосунда камандар манапка айланган, ырдагы «Беш манап» деп аталган. Мусулмандардын алдында жүзү кара феодалдарды каман деп атап Токтогул алардын сай-сөөгүн сыздаткан. Ал эми манаптарды манап деп атасаң — алар чымын чакканча болушпайт эмеспи. Кайсын Кулиев Токтогулдун ырларынын орус тилине начар которулуп жаткандыгына үч жылдан кийин 1955-жылы «Поэтикалык котормо жөнүндө» деген макаласында дагы кайрылып анын көпчүлүк ырларын кайра которуу керек деп маселе койгон. Акындын жакшы котормолорун этияттык менен ылгап тандоо керек, бул ыйык нерсеге анын чыгармачылыгына көңүл кош адамдардын суук колдору тийбесин деген.

Кайсын Кулиев поэтикалык чыгармалардын сөзмө-сөз котормосунун профессионалдык сапаты жана жогорку деңгээли жөнүндө күйүп-бышып маселе коет. Ар кандай ырларды адам сөзмө-сөз которо алат деген түп тамырынан ката пикир кеңири орун алгандыгына каршы чыгат. Токтогулдун котормосундагы көпчүлүк каталар, так эместиктер сөзмө-сөз котормодо кеткен деп эсептейт.

Котормо маселелери боюнча Кайсын Кулиевдин кызыккан тармагы өтө кенен. Ал эмне үчүн түрк тилдеринде биринчилерден болуп кыргыз тилине дүйнөлүк адабияттын албан романы «Согуш жана тынчтык» кыска мезгилдин (1949-1955) ичинде Сүйүнбек Бектурсунов тарабынан чеберчилик жана шыктануу менен которулуп, бирок бул тендеши жок эмгек Кыргызстан жазуучулар Союзу тарабынан бааланбай жатканына өкүнөт. Ошондой эле Алыкул Осмонов которгон Пушкиндин атактуу романы «Евгений Онегинге» ушул убакка чейин кыргыз тилинде макала жазыла электигин айтып, кыргыз акыны бул чыгарманы которууда орус ыр түзүлүшүнө жат чыгыштын поэзиясынын формасына түшүп, натуура чыгармачылык принцип тандап алгандыктан, автор чоң ийгиликке жетпей калган.

Кайсын Кулиев котормо өнөрүндө майда-чүйдө иш жок деп эскертет. Ал Аалы Токомбаевдин Пушкиндин атактуу лирикасы «Мен сизди сүйгөм...» деген ырында үтүр туура коюлбагандыктан, оригиналдын мааниси кичине бурула түшкөнүн көрсөтөт.

Пушкинде:



Я Вас любил: любовь еще, быть может,
В душе моей угасла не совсем.

Токомбаев мындай которот:

Я тебя люблю, еще и в дальнейшем буду любить,
Огонь моего сердца, пока не совсем погас.

Котормочу Пушкиндин ырында «быть может» деген сөздө үтүр бардыгын, демек лирикалык каарман шектенип жаткандыгына маани берген эмес. Токомбаев түз маанисинде кабыл алып, сүйүү алдыда болот деп которгон. Негизги акыл: котормочу үтүрдү да чекитти да урматтоосу керек.

Кайсын Кулиевдин элүүнчү жылдардагы көркөм котормонун мыкты практиги, билермандыгы катары жүргүзгөн демилгелүү иши анын чыгармачылыгындагы гана эмес, жалпы кыргыз адабий сынынын белчемдүү көрүнүшү катары эсептөөгө болот.

1956-жылы кыргыздын белгилүү акындары Темиркул Үмөталиевдин, Кубанычбек Маликовдун, Кубаныч Акаевдин котормосунда Кайсын Кулиевдин кыргыз тилинде «Тынчтыктын күүсү» деген ырлар жыйнагы жарык көрүп, бул жыйнакка акындын согуштан мурдагы, андан кийинки жазылган ырлары кирген. Бул акындын өмүрүндөгү экинчи китеби эле, анткени анын туңгуч ырлар жыйнагы «Салам, аткан таң» 1940-жылы балкар тилинде Нальчикте жарык көргөн экен...

Кайсын Кулиев Кыргызстанда он бир жыл өмүр сүрдү. Бул татаал жылдар эле, анын үстүнө Кайсын Кулиевдин элинин, өзүнүн башында кара булут туруп, ак жерден саясий айыптын күнөкөрү катары күн көргөн. Ал ошол жылдары башын салып, чөгүп кетпестен, кайраттанып иштеп, кыргыз жазуучулары, маданияттын ишмерлери, жөнөкөй адамдар менен тил табышып, достошуп, жандуу адабий процесстин активдүү катышуучусу боло алды. Ал кыргыз элинин арасында өгөй эмес, өз киши — жатындаш тууган катары жашап, бизди бир туугандай сыйлады, биз дагы ага урмат көрсөтүп, жакшылыгыбызды, жылуу сөзүбүздү аябай, «Биздин Кайсын», «Кайсын ага» деп сыймыктанчубуз. Кайсын Кулиев кыргыз адабиятында, кыргыз жазуучуларынын жүрөгүндө жаркыраган элес калтырды. Кайсын Кулиев тирүүсүндө, кокустан балкарлар менен Нальчиктеби, Фрунзедеби, Москвадабы, Киевде же Ташкенде учурашып калсак. «Кайсын ага кандай, тынчпы, кырсыктан сырттабы?» деп кызыгып сурар элек... Адамдын

көзү өткөндөн кийин баягыдай жадырап сурабай, «Кайсын ага бизде жашаган, биз сүйчү элек, ал дагы бизди унуткан эмес» деп арман менен кеп улап калат экенсиң...

Кыргыздын аксакал жазуучулары Кайсын туулган жерине кетип жатканда, мурда туз таткан ар бир үйгө башын ийип салам айтып кирип, досторуна чын жүрөктөн алкышын айтып, ыраазылыгын билдирип, кучакташып кош айтышкан дейт... Ал толкунданып, өткөн жылдарды эске рип, өмүрүнүн жакшы жылдары Фрунзеде калганын да жашырган эмес. Эгерде балкар акынынын таланты Ата мекендик согуштун каардуу жылдарында жетилсе, тагдыры канчалык оор болгонуна карабастан, Кыргызстанда болоттун мизиндей курчуду. Кайсын Кулиев кыргыз элине болгон бир туугандык мамилесин, достук, сезимин өз жерине кайра барганда жазган «Кыргызстанга» деген ырында акындык шыктануу менен билдирген.

Чөбүң мага төшөк болгон кырларда,
Сууңду ичип, наныңды жеп талпынгам.
Балкарымдын жылгасындай жылганда,
Сар санаамды, жаштыгымды калтыргам.
Жылдар өтсө, мен унутуп кетпеймин,
Кумдарыңды жамгырыңды, желиңди.
Өз жеримде азыр сени эстеймин,
Сенде жүрүп эстегендей жеримди.

*(Которгон Сооронбай Жусуев)*

Кыргызстанда да Кайсын Кулиевди кеткенден кийин дайыма эстешип, анын чыгармачылыгы туулган жерине баргандан кийин тоонун кирген дарыясындай күрүлдөп кирип, жээгинен ашып-ташып, акындын ички мүнөзү, сырлары поэзияга айланып, атагы алыска кеткенине ак пейилден кубанышын, дайыма ага ийгилик каалашчу. 1969-жылы «Кыргызстан» басмасы көрүнүктүү кыргыз акындарынын котормосунда балкар акынынын «Аскадагы от» деген көлөмдүү ыр китебин чыгарып, ага Аалы Токомбаев кириш сөз жазган: «...Кайсындын чыгармалары өзү жашаган тоолордой бийик, гүлдөрүндөй назик, сууларындай тунук. Элиндей кайраттуу, душманга айбаттуу, досторго махабаттуу. Дүйнөнү жүрөгү көргөн, элин жаны менен сүйгөн, гумманист-коммунист, улуу мекенибиздин биринчи калкасындагы патриот, маданий майданындагы мамлекеттик ишмер. Алексей Максимович Горькийдин алтындан куюлган улуу элеси анын көкүрөгүндө жаркыраган турат. Аны ушундай улуу сыймыкка жеткирген ырларынын шыңгыр саптарын ушул китепчедеги котормолордон да көрүүгө болот. Кайсындын өзү да, ыры да бизге эчактан тааныш. Кыйын күндөрдө жарты буудайды жарып, бөлүшө жегенбиз, ачуу-таттуу күндөрдү бөлүшө жашаганбыз. Ошондуктан билгендер аны «биздин Кайсын» деп сүйлөшөт. Кыргыз менен балкар элдеринин тили, салт-санаасы, меймандостугу, боорукерлиги, улуу бөтөнчө урматтаган сыйы бир-бирине өтө эле жакын. Демек, биздин Кайсындын портретин окуучулар анын таланттуу ырларынан тааныйт. Жаш жазуучуларыбыз Кайсындын ырларындагы бийик көркөм идеялуу сапаттарынан акындык чеберчилигинен көптү үйрөнсө болот.[1]

Кайсын Кулиев Кыргызстандан алыс жүрсө да, атактуу даңктын курчоосунда чоң урматка ээ болуп, китептери биздин өлкөдө эмес, дүйнөнүн башка тилдерине которулуп, атагы алыстан угулуп турган чакта да ал кыргыз элин, кыргыз жазуучуларын такыр унутпайт, ал кыргыз адабиятынын ийгилигине чын пейилинен кубанып, кыргыз жазуучуларынын жаңы чыгармаларына астейдил көз салып турат. Кыргыз ССРинин эл акыны Сооронбай Жусуевдин Москвадан чыккан ырлар жыйнагына көлөмдүү кириш сөз жазып, Светлана Токомбаеванын «Менин Азияма» деген китебине көңүл буруп, эки акындын ырлары жөнүндө жылуу сөздөрүн аяган эмес. Кайсын өзүнүн эң жакын досу, пикир саналашы, кыргыз элинин таланттуу жазуучусу, жалпыга белгилүү «Майдан» романынын автору Узакбай Абдыкаимовду дайыма эстеп, аны жогору баалаган. «Мен бүгүн жан дилим менен,— деп жазган ал жерине кайтып келгенден кийин,— жөндөмдүү жаш жазуучуларды гана эмес, менин кыйын кезегимде дайыма колдоп, ак пейилден жардам берген Узакты эстейм. Абдыкаимов таза жана адилеттүү киши болчу. Фронтто эрдиктин баасын билген, адамдын кайгысын, азабын өз көзү менен көргөн, ал жаш жазуучуларга этият мамиле жасап, аларга дайыма кам көрчү. Алардын көпчүлүгү ушул күнгө дейре аны жылуу сөз менен эскеришет. Жакшылык эч качан унутулбайт деген элдик акылмандыкка дагы бир жолу күбө болот».[2]

Ооба, жакшылык эч качан жерде калбайт. Кайсын Кулиев 1977-жылы «Литературный Киргизстан» журналына жазган катында дагы бир жолу өткөн күндөрүн эске түшүргөн. «Согуштан кийин мен Кыргызстанда он бир жыл жашадым. Тагдырым ушундай болду. Мен бул байыркы жердин тузун таттым, суусун ичтим, кыргыз жолдоштордун жакшы мамилесин көрүп, меймандостугун билдим.

[1] Кайсын Кулиев. Фрунзе, «Аскадагы от», 6-бет.

[2] Сооронбай Жусуев. М., «Художественная литература», «Золотая чинара», 1982-жыл, 4—5-беттер.

Ошонун баары үчүн мен аларга ыраазылыгымды жүрөгүмдө сактап жүрөм. Дал ошол жылдарда айрым кыргыз калемдештеримдин чыгармаларын орус тилине котордум, алар жөнүндө макалалар жаздым. Кыргызстандын бай ооозеки поэзиясын жакшы үйрөнүп, ага түбөлүккө ашык болдум. Кыргыз жергеси өзгөчө кооз жана кайталангыс. Ысык-Көлдү, Арстанбапты бир көргөн адам, аны эч качан унутпайт! Мен дайыма эстеп жүрөм. Мага тилибиз бир элдин улуу эпос «Манастан» жалпы советтик сыймыкка айланган — бүткүл дүйнөлүк ысмы бар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына чейин өзгөчө кымбат»[1] — деп жазган.

Чыгармачылык жолун Кайсын Кулиев Кыргызстанда жашап жүргөн мезгилде баштаган Чыңгыз Айтматовдун талантын балкар акыны өзгөчө жогору коюп, ага баш ийген. Ал «Литературный Киргизстан» журналынын член редколлегиясы катары жаш кыргыз жазуучусунун «Ашым», «Сыпайчы», «Асма көпүрө», «Биз арылап кетебиз», «Кайракта» өндүү аңгемелерин окуп, анын индивидуалдуу таланттын байкап, акыл-кеңештерин аяган эмес. Чыңгыз Айтматовдун таң каларлык талантынын гүлдөшү, дүйнөлүк даңкы Кайсын Кулиевди чоң кубанычка бөлөгөн, жашы улуу калемдеши катары анын ийгиликтерин бөлүшүп, анын колун бекем кыскан. Биздин өлкөдөгү көрүнүктүү акындардын жана жазуучулардын ичинен озунуп, ал биринчи ирет Чыңгыз Айтматовду дүйнөлүк жазуучу деп атап чыкты. «Чыңгыз Айтматов,— деп жазган ал 1973-жылы,— өзүнүн сейрек, чынында эле кайталангыс таланты менен биздин баарыбызга чоң кубаныч алып келди. Тагдыр жалгап анын биринчи аңгемелерин кол жазма түрүндө окуп, басма бетине чыгышына көмөктөшкөндөрдүн биринен болгомун. Ошол күндөрдө арийне, биз кыргыз адабиятынан жакынкы аралыкта бүткүл өлкөгө таанымал жазуучу чыгарын ойлогон эмеспиз. Ал кезде бизге Айтматов алгыр, бирок кадимки эле көп куштун биринен көрүнгөн, а көрсө ал аламан бүркүт, анык акын экен. Кыргыз топурагынан алынган материалды Чыңгыз Айтматов жалпы адамзаттык угумга жана мааниге көтөрүп чыккандыгы кандай сонун!»

Биздин өлкөдөгү кенже адабияттардын тагдыры жайында же болбосо улуттук жазуучулардын чыгармалары жөнүндө ой жүгүртсө, Кайсын Кулиев озунуп Чыңгыз Айтматовду атайт. Биздин талантуу жердешибиздин чыгармачылыгы чынында эле дүйнөлүк чабытка чыгып, СССРдеги көп сандаган жаш адабияттар менен маданият-

[1] «Литературный Киргизстан», № 6, 1977, 34—35-беттер.



тар улуттук жүзүн жоготуп, жоголуп баратат деп ырастаган Батыштагы айрым бир советологдордун пикирлерин төгүнгө чыгарды. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы жалпы адамзаттык мазмун, терең гуманизм Кайсын Кулиевди баарыдан мурда көбүрөөк тамшантат жана сук-тандырат. «Өз чыгармаларын кыргыз турмушунан алып жазып, өзүнүн каармандары аркылуу Чыңгыз Айтматов жалпы адамзаттык кеңири мазмунду ачты. Өз аймагынын жана өз элинин адамдарын жазып, ал ошол эле учурда дүйнөлүк жазуучу атанып олтургандыгына мына ушулар себеп. Ал өз элинин турмушун ушунчалык терең билет, ошондуктан бул турмуш жөнүн баяндаган аңгемелери жалпы адамзаттын көңүлүн буруп отурат. Бул жерде ага талант, же болбосо жаратылыш тартуулаган шык-жөндөм гана эмес, ошону менен бирге билимгерлик, кеңири түшүнүк, интеллектуалдык жана маданият көмөктөш болгондугуна мен ишенемин»,[1] — деп жазган ал башка макаласында.

СССР жазуучулар Союзунун V съездинде (1971) сүйлөп, Кайсын Кулиев улуттук залкар сүрөткерлер өз жеринин, өз элинин тамырынан азык алып, эне сүтүн, туулган жердин суусу менен нанын, анын көркөмдүгүн оозанып, жалпы адамзатка кандай жолдор аркылуу келе тургандыгы жөнүндө ой козгоп, анын далили катары улуу армян сүрөтчүсү Матирос Сарьянды жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык жолдорун көрсөтөт.

Кыргыз адабиятын пропагандалоо жагынан дээрлик кырк жыл бою муюбай жана талыкпай иштеп, зор эмгегин сиңирген Кайсын Кулиевди биз Кавказ жергесиндеги кыргыз адабиятынын чоң укугу бар өкүлү деп сыймык менен атаар элек.

1975-жылы күзүндө Кыргызстанда совет адабиятынын күндөрү өттү. Москванын, Ленинграддын, бардык союздук жана автономиялуу республикалардын өкүлдөрүнүн ичинде, көрүнүктүү советтик жазуучулардын катарында кыргыз адабиятынын чоң досу жана өкүлү Кайсын Кулиев Ала-Тоодо мейманда болду. Бул анын Кыргызстанга 20-жылдан кийин келиши болду. Ошондуктан ал толкунданып, өзүнө тааныш бардык булуң-бурчтарды жөө кыдырып, кумары жазылбай сүйүнүп жүрдү. Өзүнүн көзү өткөн калемдештери Узакбай Абдыкаимовду, Алыкул Осмоновду, Сүйүнбек Бектурсуновду эстеп, ошондой эле көп эски тааныштар менен жолугуп, жаңы достор таап, терисине

[1] «Вопросы литературы», № 11, 1972, 14-бет.

батпай сүйүндү. Декада күндөрү **«Советская Киргизия» (21-сентябрь)** газетасынын, бетинде менин «Биздин дос Кайсын», «Кыргызстан маданияты» жумалыгында М. Сырдыбаевдин «Биздин Кайсын» деген макалалары жарык көрдү. Совет адабиятынын күндөрүнүн ачылыш салтанатында сөз сүйлөп, кыргыз элине дагы бир жолу өзүнүн чексиз алкышын, сүйүүсүн жана сый-урматын көрсөтүп, ар кандай кыскаландуу учурда сүрдөбөгөн бул эр жүрөк адам кубангандан жашып да кетти.

Кайсын Кулиевдин кыргыз адбиятын өнүктүрүүдөгү салымы, анын чыгармачылыгы жөнүндө ойлогонумда, анын ошол күндөрү «Советтик Кыргызстан» газетасына жарыяланган чакан макаласындагы укмуштай таамай айткан учкул керемет сөздөрүн эске түшүрөм: «Менин сөөгүм балкар, этим кыргыз».

Туз таткандыгы үчүн балкар жана кыргыз калктарында мындан жогору айтылган алкыш болбойт!..

Кайсын Кулиевдин каргашалуу оорудан каза тапканы бир боордош кыргыз калкы үчүн чоң жоготуу болду. Ошол үчүн акын сүйгөн Ысык-Көл да албууттанып, толкуну жээкке урунуп, өзүнүн сүйүктүү ырчысын жоктоп жаткансыды. Ала-Тоо Эльбурс иниси алыстан башын ийип, аймагында кара булут каптагандай бели майышып турду. Бул апаттуу күнү Кайсын Кулиевдин эң жакын достору Өлкөнүн түш тарабынан балкар жерине учуп жетишип, улуу акындын табытында көз жаш төгүп, муңканып турушту. Алардын арасында Чыңгыз Айтматов да бар эле. Акындын сөөгүн Чегем жериндеги өзү салган үйүнүн короосуна көмөрдө Чыңгыз Айтматов биринчи болуп коштошуу сөзүн айтты: «Бүгүн, Кайсын Кулиевди ушунчалык жакшы көрүп урматтаган, анын чыгармаларын балкар тилинде окуган биздин кыргыз жеринде, Кара кийген күн.

Биз бүгүн Кайсындын экинчи Ата журтунда чоң кайгыдабыз. Кайсын Кулиев — өз элинин, жеринин тагдыры менен ушунчалык тыгыз байланышкан улуу поэзиянын үлгүсү. Акын даңктаган Чегем капчыгайы Россиядагы Михайловское сыяктуу эле балкар жериндеги «эмгек менен шыктын» бешигиндей ыйык орунга айланды.

Эми акын арабызда жок. Топурак салып акыркы жолу коштошобуз.

Көп жылдар Кайсын менен бирге өткөргөн күндөр өмүрүбүздөгү эң сонун учур катары, аны менен ынтымак мамиледе жүргөндөрүбүзгө анын инсандык жакшы таасири нурдай тийип турган шекил элестей берет.



Кош бол, менин улуу агам Кайсын! Сен чоң адабияттагы биздин туу элең!»[1]

Чыңгыз Айтматов балкар досунун Москвадагы «Көркөм адабият» басмасынан жарык көргөн үч томдуу чыгармалар жыйнагына кириш сөз жазып, (1987) макаласын «Акындын мейкиндиги» деп терең философиялык маани берген. «Кайсын Кулиев — поэзияны жалпы адамзаттык деңгелге көтөргөн чакан элдин акыны. Кайсын Кулиев өз элинин атынан сүйлөйт. Ал бүткүл дүйнөнүн акыны. Бүткүл адамзаттын кызыкчылыгы, адамзаттын бардык катмарынын талабы ушул акындын оозу менен айтылат».[2]

Балкар акынынын көзү өткөндөн кийин да ал дайыма кыргыз жүрөгүндө жашап жүрөт. Кайсын Кулиевдин туулган күнүнүн жетимиш жылдык салтанатын республиканын жазуучулар коомчулугу ардак менен белгилешти. Кыргызстан жазуучулар Союзунун демилгеси боюнча Фрунзе шаардык аткаруу комитети акындын ысмын борбор шаарыбыздын белгилүү бир көчөсүнө койду. Демек акын жашаган шаарда анын ысмы жашайт жана ысмы унутулбайт!

---

[1] «Остаться в памяти Людской» Сборник воспоминаний. Нальчик, Эльбрус, 1982, стр. 354.

[2] Кайсын Кулиев, М., «Көркөм адабият», 1987-ж., 7-бет, үч томдук чыгармалар жыйнагы, биринчи том.



# ӨТКӨН КҮНДӨРГӨ КАЙРЫЛЫП

## СҮЙҮҮ ЛИРИКАЛАРЫНЫН ТУУРА БААЛАНЫШЫ ЗАРЫЛ

...Эмнегедир кийинки жылдарда кыргыз поэзиясында сүйүү лирикалары көп жазылбай «кризиске» учурап келе жаткандыгы жашырын иш эмес. Калыбы, анын негизги себептеринин бири — айрым сынчылар тарабынан сүйүү лирикаларын жазууда, акындарга туура эмес багыт берилип келгендигинен болсо керек. Натыйжада, айрым сүйүү лирикаларында кай бир акындарыбыз «биздин советтик жаштар бактылуу турмушта жашашат» деген жалпы пикирге таянышып, алардын сүйүүсүн турмуштук татаал көрүнүштөрдөн ажыратып (өкүнүүсүз, муңаюусуз) түз сызыктуу (жалаң кубанычтуу кылып) сүрөттөшөт.

Ошондой болсо да, кийинки учурларда жогорку рамкадан чыгып жаштардын сүйүүсүн, анын ички турмуштук карама-каршылыгында реалдуу түрдө берүүгө аракеттенген умтулуштар бар. Бирок ал көрүнүштөргө кылдаттык менен мамиле кылуунун ордуна, али да болсо, айрым сын макалаларда туура эмес бир беткей көз караш, примитивдүү пикирлер өкүм сүрүүдө.

Жаш акын Абдылда Белековдун «Айкын жолунда» жазган рецензиясында М. Ормонбеков төмөнкүчө корутундуга келген: «Автордун сүйүү жөнүндөгү ырлары жөнүндө бир-эки ооз сөз. Сүйүү жөнүндөгү ырлары менен, бир-бири менен сүйлөшө албаган түнт, биздин советтик шайыр жаштардын арасында жок адамдарды элестетет. «Кезкезде» деген ырында акын тааныш кызына алда канча жолу кезиксе да, аны менен саламдашууга жарабайт.



Эгер автор бирөөнү сүйүп калса, ал дагы кабагына кар жааган түнт адам болуп калат. Мисалы, «Берметке» деген ырында:

Өзүм сүйүп, өзүм алган жан теңим,
Сен мостойсоң мен мостойбой кантемин.
— Түнөрүшүп, каар жаадырбай кабактан,
Жаркылдашып жазалычы жан черин,

— деп өзү да беймаза болот».

(«Мугалимдер газетасы», 1954-жыл, 24-август.)

Калыбы, бул жерде макаланын автору: «Советтик жаштар — шайыр жаштар. Шайыр болгондон кийин сүйүүлөрүндө муңаюу кайдан болсун»,— деген пикирди айтууга аракеттенген. Албетте, бул турмуштук чындыкка эч бир ылайык келбеген жобо. Ушул проблеманы биздин таланттуу акыныбыз Алыкул Осмонов туура чечкен деп ойлойм. Ал «Келсем жоксуң» аттуу ырында:

Сүйүү деген кээде паста, кээде өйдө,
Аео керек жерге түшүп калганын,

— дейт.

Советтик белгилүү акын М. Исаковскийдин «Жалгыз гармонь» жана «Биз сени менен достош болдук» деген ырын алып көрөлү. «Жалгыз гармонь» ырында жигиттин сүйгөн кызы жолугууга чыкпай коет. Жигит кайгылуу, жүрөгү өйкөлүү. Гармонь аркылуу гана кайгысын билдирип, кызга уйку бербей басып жүрөт. Дал ушунун өзү эле мостоюу, кайгыруу эмеспи.

Экинчи ырында:

Көздөрүңдү көрбөй калсам,
Саат сайын күйөмүн.
Ансыз мага жер жүзүндө,
Жол болбосун билемин,

*(Которгон Э. Турсунов)*

— дейт айкын.

Бул жигиттин турмушунун дөңгөлөгү токтоп калды деген сөз эмес. Жөн эле сүйүп жүргөн кызына өзүнүн жалындуу сүйүүсүн, урматтоосун, ага болгон жүрөгүнүн назик сезимдерин эң жогорку эмоцияда билдирип жатат.

Улуу сынчы Белинский: «Сүйүү — жалпы адамзаттык сезим: бирок, ал ар бир адамга өзүнүн оригиналдуу отте-

ногун, өзүнүн индивидуалдуу өзгөчөлүгүн кабыл алат»,— дейт. (В. Г. Белинский III том, 1948-жыл, 255-бет.)

Биринчиден, А. Белековдун «Кез-кезде» деген ырында: «Сиз менен саламдаша албадык»,— деген деле сөз жок.

Экинчиден, биринчи жак менен жазылган ырлардын лирикалык герою автордун өзү деп талкуулоо рецензенттин жалпы эле лирика маселесине түшүнбөгөндүгүн аныктайт. Акын жашап турган коомунун эң жогорку ой-санаасын, мүдөөсүн, максатын, идеялык «Мен» аркылуу берет. Ошол ырды сен, ал, же тигил окуса да «Мендин» ролун аткарат. Акын эч качан лирикалык ырында жеке сезимин билдирбейт, ал өз талабынын кызыкчылыгын ырдайт.

Үчүнчүдөн, А. Белеков:

Бирден басып алабыз,
Бирок сансыз арабыз.
Терең сырды кайсы күн,
Тең ортого салабыз,

— деп жазат. Ушул куплетте саламдаштык дебесе да, бир басып жүргөн адамдар жолугарда саламдашарын ар бир адам түшүнөт.

Акырында, М. Ормонбеков автордун «Кез-кезде» деген ырын толук окуп чыкпай туруп: «Деги ушул жигит кыз сүйүп көрбөгөн өлүк жүрөк болсо керек»,— деп авторду куру айыптоодон аз болсо да тайманган эмес.

А. Белеков «Кез-кездесинде» жигит бир кызды сүйүп калып, канчалык жалындап жүрсө да: «Жаным сизди сүйдүм» деп айтууга батынбайт. Айтуу оңой бекен?

Жигиттин кызга болгон жалоорусун, көз карашын Ормонбеков «түнт» деп эсептейт. Биздин оюбузча, ар кандай алп жигит жоо менен көз ирмешпей, жүрөгү болк этпей кармаша алат, бирок кыздын бир көз карашы аны элжиретет, оозунан сөзүн түшүрүп, кубаттан тайдырып коюу мүмкүн. Андан ары рецензент: «Эгер автор бирөөнү сүйүп калса, ал дагы кабагына каар жааган түнт адам болуп калат»,— деп да айыптаган.

«Сүйүү деген эмне?» Бул суроого жаштар: «Сүйүү — жолдошчулуктун эң жогорку даражасы» — деп жооп берет. Сүйүүгө жеткиче кайгырууга да, сүйүнүүгө да болот...

1955

## АКЫНГА КАТ

Урматтуу Аалыке! Сиз «Ала-Тоо» журналынын 17-санындагы «Бетме-бет кененирээк кенешели» деген макалаңызда жазуучуларды, сынчыларды жана окуучуларды



кыргыз прозасынын өсүш темпи жөнүндө объективдүү өз сөздөрүн айтууга чакырдыңыз. Бул пикириңизди чын жүрөктөн кубаттайбыз. Адабият — жазуучулардын менчиги эмес, жалпы элдик иш. Жазуучу чыгармаларын окуучуга тартуу кылып, анын күнөкөрү катарында өзүн сезет. Анткени, окуучу — жазуучулардын соту. Ал эми чыгарманын жакшылык-жамандыгын мезгил өлчөйт. Жакшы чыгарма кылымдар бою жашайт. Буга Гомердин, Дантенин, Шекспирдин, Сервантестин, Гетенин, Бальзактын, Лев Толстойдун, Тагордун, Горькийдин өлбөс классикалык чыгармалары үлгү болот. Бирок, андай улуу адамдарды доор жаратат. Сиз Түгөлбай Сыдыкбековдун «Кол тийбей жаткан дыңы» — «Биздин замандын кишилери» жөнүндө өз пикириңизди айтып, башкаларды да бетме-бет келүүгө чакырдыңыз. Мен, окуучу катарында, бул роман менен сиздин макалаңыз жөнүндө өз пикиримди айтууну туура таптым. Ырас, мен жазуучу эмесмин, бирок, адабиятты талкуулоо жазуучулар менен сынчылардын иши, эмне болушса, ошол болушсун, «сен мага, мен сага катылбайын» деген нейтралдуу окуучулардан да эмесмин. Чынын айтканда, Токтогулсуз, Токомбаевсиз, Осмоновсуз, Бөкөнбаевсиз, Үмөталиевсиз — кыргыз поэзиясы масштабка чыга албагандай эле, Түгөлбай Сыдыкбековсуз, Баялиновсуз, Жантөшевсиз кыргыз прозасы алыска тааныла алмак эмес.

Айрыкча Сыдыкбековсуз, кыргыз прозасы — кедей, жарды болуп каларын белгилеп кетүү керек. «Тоо арасындагы», «Биздин замандын кишилери», «Тоо балдарын» алып салалычы, анда кыргыз прозасында көзгө көрүнүктүү кара сөз менен жазылган чыгармалар калбайт. Албетте, мен Элебаевдин, Жантөшевдин, Баялиновдун жакшы романдарын танып жаткан жерим жок. Көркөм чыгарма образ менен жашайт. Ушундай реалдуу образдар кыргыз адабиятында барбы? Бар. Ага Сиздин Нурбайыңыз, Өмүрбегиңиз, Майлыбайыңыз, Баялиновдун Ажары менен Чүкөбайын, Үмөталиевдин Жыпарын мисал кылууга болот. Ал эми Сыдыкбековдо реалдуу образдар, типтер барбы? Толуп жатат. «Биздин замандын кишилеринде; Чаргын, Акия, Акман, Батиш, Салмоорбек, Какылдак, Чегиртке; «Тоо арасында»: Сапарбай, Саадат, Соке, Курман; «Тоо балдарында»: Омор, Динар, Орусбек, өндүү реалдуу каармандар бар.

Өзүңүз айткандай: «Роман толук турмуш». Менин оюмча, Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары боюнча биздин неберелер, толук болбосо да, 30-40-жылдар жөнүндө кабар аларына ишенемин.

Сиз өзүңүздүн макалаңызда: «Бул китептин ийгилиги эмнеде?» деп, сурсо бересиз, төмөнкүчө жооп кайтарасыз: «Жолдош Сыдыкбеков калем жагынан көрүнүктүү, согуш күндөрүндөгү колхоз турмушундагы күрөштөрдү сүрөттөө милдетин колго алгандыгы жигердүү демилге жана ийгиликтүү умтулуш. Ал окуучуларга жаңы турмуштун социалдык темадагы чыгарма берүү милдетин алып, турмуштун чоң барагын ачууга биринчи болуп ат салышты. Жаңы төрөлгөн нерсе, качан болсо өзүнүн жаштыгы менен сүйгүнчүктүү. Китептин негизги ийгиликтери менин оюмча ушул».

Менин оюмча, бул китептин ийгилиги, совет элинин өмүрү менен өлүшү жөнүнө сөз болуп жаткан мезгилдеги кыргыз элинин тылда күжүрмөндүүлүк менен эмгектенип жаткан адамдарынын жандуу образын түзгөндүктө. «Биздин замандын кишилеринде» заманга жооп бере турган үлгүлүү адамдарды табыш эң эле кыйын. Бул романдагы каармандарды үлгүлүү адамдар деп алсак, анда карапайым адамдарыбыздын жорук-жосуну эмне болот,— деген суроо туулат. «Биздин замандын кишилери» — деген сөз эле чоң. Замандын герою болушу үчүн, заманга жооп бериш керек. Китептин атына караганда советтик элдерге эл аралык мааниге ээ боло турган үлгүлүү, билимдүү, жосундуу, советтик доордун алдыңкы кишилерин элестеткибиз келет жана ошону күтөбүз. Мына «Биздин замандын кишилери» деп үлгү кылып, ошолордун сонун сапаттары менен сыймыктанууга тийишпиз. Менин оюмча «Б» колхозунун кишилери менен сыймыктанууга болбойт» — дейсиз.

Урматтуу Аалыке! Мен бул пикириңиз менен түк келише албайм. Кийинки жылдарга чейин биздин замандын кишилеринде кемчилик жок, бардыгын дүйнөгө «үлгүлүү адамдар» деген теорияга таянып, адабиятыбыздын деңгээли төмөндөп кеткенин мага караганда сиз жакшы түшүнөсүз.

Түгөлбай Сыдыкбеков чыгармасын жазып жаткан учурда, бүт каармандардын бүт совет элине, бүт дүйнөгө белгилүү кылам деп ойлобосо керек. Антип ойлоо мүмкүн да эмес. Жөн гана согуш мезгилиндеги биздин замандын жөнөкөй кишилерин көрсөтүүнү максат кылып койсо керек..

Кеп, биздин замандын кишилери жөнүндө бара жатат. Менимче, биздин замандын кишилери деп жалаң гана алдыңкы интеллигенттерди, студенттерди эсептөөгө болбойт. Алар кичинекей бөлүгү. Биздин замандын кишилери — кийим-кече, машиналар, транспорт ж. б. менен камсыз



кылган балбан билек жумушчулар, бизди дан менен тоюндурган колхозчулар. Сиз Нуркасымды адепсиз деп айыптайсыз. Нуркасымдын «адепсиздиги» эмнеде? Менин оюмча, анын «адепсиздиги» жүрөгүндө кири жоктугунда, боюн көтөрбөгөндүгүндө. Ар бир нерсеге реалдуу кароо керек. Автордун айтуусуна караганда Нуркасым «Б» колхозунда беш-алты жыл иштеп, Чаргын, Шамбеттер менен ынак доско айланган. Ошондой болгондон кийин курбусу майданга баратканда: «Эл үчүн, мекен үчүн жан аябай күрөшкүлө!» — деп мораль окуса, Чаргын шыктанып калмак беле? Менин оюмча Нуркасым шартты байкап, кичи пейилдүүлүк менен бой көтөрбөй курбусуна тамаша сөздөр айтып шыктандырды. Ал эми Нуркасымдын:

— «Ме, акмак» — деп, Чаргынга кайрылышы, экөөнүн өтө ысык жолдош экенин көрсөтөт. «Ме акмак» деши кулакка сүйкүмдүү угулат. Адам өтө жакын кишилерине оор учурда батынып сүйлөөрү баарына белгилүү. Чаргындын оюнда анчейин тааныш эмес бирөө болсо, Нуркасым, «Ме, акмак» демек беле. Ал эми Чаргын болсо согушка чейин аялдар арасында жеңил көрүнгөн, ак көңүл жигит. Ал жөнүндө Какылдак укмуштуудай ушак чыгарат. Качан элдин башына оор кайгы түшүп өзүнө жооптуу кызмат тийгенде, көзү ачылып, ойлоно баштады. Аны күрөш чыйралтты. Күрөш мыкты жетекчиге айландырды. Менин оюмча Чаргын романдагы эң ийгиликтүү каармандарынын бири. Сиздин жана Асаналиевдин Шамбет жөнүндөгү пикириңер туура, Шамбет жасалма образ. Ага караганда Чаргын, Акия, Элебес, Гүлнар, Батыштар окуучуга жандуу адамдардай сезилип турат.

Ырас, Аалыке, Сиздин Касейиндин энесине колукту жөнүндө тартынбай кат жазышы улуттук мүнөзгө сыйбайт дешиңиз туура. Улуттук мүнөз жыл өткөн сайын өзгөрүшү да мүмкүн.

Анан сиз романда партиянын ролу жокко эсе дейсиз. Көп жолдоштор партиянын ролун көрсөтүш үчүн, бир уюмдун парторгун же болбосо райкомдун секретарынын зоболосун көтөрүп, ар кандай кыйынчылыкка жумшайт. Бул чыныгы элдик массаны унутуп, жеке адамга сыйынуу дегендикке жатат. Менин оюмча партиянын ролу элдин темпинен, күч-кубатынан көрүнөт. Романда партиянын ролу даана сезилет. Чаргын өзү коммунист. Анын жетекчилигин кантип унутууга болот. Же Чаргынды парторг кылса жакшы болор беле?

«Роман боюнча, «Биздин замандын кишилери» таң каларлык фанатик, айыл-апасы менен жокко ишенишет»—

дейсиз. Бул, чындыктан алыс. Чаргынды «Ажыдаардын бутагынан жаралган» — деп, Какылдак ушак таратат. Айылдагы карангы кемпирлер, аялдар буга ишенишет. Ал эмес, андай жокко ишенүүлөр азыр деле айылда толуп жатат. Чаргындын «ажыдаардын бутагынан жаралганына» Шамбет, Элебес, Сергей, Акия, Гүлнарлардын ишенишкен жери жок.

Согуш күндөрүндө жеңиш үчүн коомчулуктун көпчүлүгү өкмөт менен партияга, армиянын күчүнө ишенип, ошого жалбарса кай бири жардамды өздөрүнчө кудайдан күтүштү, ал ырас, бирок, «дин менен кудайды негизги коомдук идеология катары идеализациялап, ого бетер чоңойтуп көрсөтүш реалисттик реализмдин каршысы болор эле» — деп, сиз Акман карыянын Шамбеттер жооо аттанып жаткандыгы: «О, жараткан жанга ак пайгамбар, алдуу Али Шер, атабыз Манас кабыландын арбагы жолдош» — деген батасын: «Бул карапайым карыянын сөзү эмес, динге чыланып бүткөн шарияттын чоң өкүлүнүн сөзү сыяктанат» дейсиз.

Мунуңузга кантип ишенүүгө болот. Биринчиден, автор динди идеология кылып жаткан жери жок. Романдын башынан аягына чейин коммунисттик идеал көрсөтүлөт, үгүттөлөт. Экинчиден, карапайым, сабатсыз Акмандын минтип айтышы социалисттик реализмге каршы эмес, тескерисинче, социалисттик реализм турмуш кандай болсо дал ошондой сүрөттөөгө чакырат. Эң негизги принциптеринин бири ушул. Өзүңүз айткандай роман болгондон кийин ошол мезгилдеги социалдык турмушту ошол мезгилдеги адамдардын бир биринин турмушка карата болгон субъективдүү, объективдүү көз караштары чагылуу керек. Антпесе, роман жок, романда чоң турмуш жок.

Урматтуу Аалыке! Ырас, Любанын келиши жөнүндө сиздин пикириңизди азыраак кубаттасам да, Акия жөнүндө таптакыр башкача ойдомун. Акия сиз айткандай кашка келиндерден эмес, күйөөсү Элебести армияга жөнөтүп, жолдо Чегирткеге жолугуп, ызаланып туруп Чаргынга: «Этегимди бир тентек жел ачкан, бир жүрөгүм сүйгөн теңим ачкан» деген сөзү жалпыга белгилүү. Акиянын тилинен да, колунан да келет. Ырас, Акиядай тамашакөй, эркин жүргөн келиндерди эскиликтин тушоосундагы адамдар жактырбайт. Ал табигый иш. Акиянын жүрөгү таза экенине окуучу ишенет. Сиз, мисал келтирген адабий кызматчы Ж. К. да эскилик, консерватизм көп экен. Ага кубанууга болбойт, Аалыке!

Жазуучуга тил жагынан кайрылсак, Сыдыкбеков кыргыз жазуучуларынын ичинде калеми төшөлгөн жазуучу. Айрыкча диалог түзүүгө, геройлордун индивидуалдуу мүнөздөрүн түзүүгө чебер. Анын ар бир каармандында өзүнө тийиштүү сүйлөө манерасы бар. Эгер Сыдыкбеков жаңы роман жазып, өз фамилиясын койбосо да, мурдагы чыгармаларын окуган окуучу биринчи беттен эле анын стилин тааныйт. Сиздин ар жеринен чокуп беш-алты сүйлөмдү мисалга келтирип, анан тили начар дешиңиз, калыстык эмес. Биздин жазуучулар какшыкташып, курч фразалар издешип, ушул жерге келишти. Мындан ары да ушул «салт» колдонулса, көпчүлүгү кеңири кадам шилтей албай калат. Сиздин макалаңыз андай какшыктан алыс эмес. «Бука болсо мейли, сүтү болсо болду» деген макал Сыдыкбековго тийиштүү эмес, анын ээлери башкалар. Сыдыкбеков таланттуу, өз үнүн, өз стилин эчак тапкан жазуучу, өз чыгармаларына жооптуулук менен караган, эмгекчил дыйкан — жазуучу экенин эч ким тана албайт. «Кең-Суу» кайрадан жаңы роман кылып жазып чыкканы буга мисал. Эгер «Бука болсо мейли, сүтү эле болсун» — деген жазуучу анын ордуна башка бир шакелди жазып, гонорар алып, сүт ичпес беле?

«Биздин замандын кишилери» классикалык чыгарма деп жаткан жерим жок. Анын кемчиликтери да бар. Бул роман согуш мезгилиндеги кыргыз элинин башынан өткөргөн улуу трагедиялуу оор турмушун, ал мезгилдеги социалдык күрөштөрдү кучагына кеңири алалбагандай сезилет мага. Согуш совет элине жеңил-желпи гана нерсе болгон жок. Романды окуп мен ошол мезгилдеги толук турмушту даана сезбейм. Кайгыга караганда юмор көп. Автор кайгылуу жерге келгенде, аттатып өтүп кетет. Сыдыкбеков мыкты реалист, бирок кайгыга, өкүнүчкө, сүйүү проблемасына аз көңүл бурган реалист. Ошон үчүн, кээ бир окуучулар алымсынбай калышы табигый нерсе. Түн менен күн, кайгы менен кубаныч алмашып жүрүшүн Сыдыкбековго эскертебиз.

Айрыкча, Аалыке, мен Сиздин «Биздин замандын кишилери» ушундай болобу! «Бүт дүйнөгө үлгү болуш керек!» деген баш чайкашыңызга таң калдым. Ушул катты жазууга да ошол себеп болду.

Биздин зор өсүшүбүзгө жараша оркойгон кемчиликтеribиз бардыгын партиянын XX съезди белгилебедиби? — «Биздин замандын кишилери» кемчиликсиз. үлгүлүү адамдар болууга тийиш» — деп карт жазуучуларыбыз сиздер кыйкыра берсеңиздер, али турмушту китеп боюнча таанып жүргөн жаш авторлордун тагдыры эмне болот.

Чындыкты бурмалоонун, жылмалоонун кимге кереги бар? Менин оюмча, Чаргын, Нуркасым, Акия, Элебес, Дмитрий, Сергей, Батыш, Акман карыя, Айганыш, Камка-Каныш кемпирлер — биздин күндүн, биздин замандын адамдары. Алардын бардыгы,— түрдүү кыялда болбосун, кээ бирөөлөрү динге ишенбесин,— биздин замандын жөнө-көй кишилери. Биздин замандын кишилери бардыгы эле Павел Корчагин, Олег Кошевой, Мересьев боло албайт. Бирок, коммунисттик идеянын бүт дүйнөгө өкүм сүрүшүнө жардам берет. Акман менен Камка жаман кишилербиз? Жок. Үлүгүлүү карыялары. Тескерисинче, Сиз, Аалыке, бизди, турмушту, туура, жылмалабай сүрөттөөгө чакыр-байсызбы? Шолохов жаштарды да ушуга чакырган.

Биз Сизден дал ушуну күтөбүз.

1956

## ПОЭЗИЯДАГЫ ХАЛТУРАНЫН ЖОЛУН БӨГӨӨГӨ МҮМКҮНБҮ?..

Акын жолу — ардактуу жол, урматтуу.
Жаман акын эл алдында уяттуу.
Акын жазган, биз окуган төрт сап ыр
Дүнүйөгө калуу керек жаңылбай:
Жаз, жай,
күз, кыш —
Деген төрт сап сыяктуу.

*А. Осмонов.*

Поэзия! Бул сөз жүрөккө жаз, сулуулук, кайрат киргизип, адамды канаттуу кылып, келечекке талпындырат. Ырас, жүрөккө жаз киргизген поэзияны жаратыш үчүн табигат сизди акын кылып жаратууга тийиш. Сиз эң акылдуу, эң билимдүү, мүмкүн генналдуу киши болунуз, бирок сиздин дээриңизде акындык болбосо, сизден поэзия жаралбайт.

Кээ бир ыр жазып жүргөн жолдоштор өздөрүнүн табыятына карабай акын болууга үмүттөнүшөт. Ырас, үмүт жакшы. Бирок үмүт реалдуу фактыга таянганда гана ишке ашат. Мүмкүн, андан акын эмес көрүнүктүү драматург, прозаик же журналист чыгар. Орустун улуу жазуучусу Тургенев «Аңчынын аңгемелеринде» чейин эле бир кыйла ырлар жыйнагын чыгарып, бирок акын боло албай, проза жанрына өткөнүн ким билбейт. Бул тууралуу талашып олтурбай, Белинскийге сөз берели. «Дээринде акын эмес адам канчалык терең, чың а түгүл жарык ой таппасын,



жазган чыгармасы баары бир маанисиз тайкы, калп, жасалма, кебетеси суук, жансыз болуп калат» (Г. В. Белинский, 3-том, 377-бет).

Демек, поэзиянын баркына жетип, акынга тийиштүү урматтуу жана ардактуу наамды сактоо керек.

Ооба, биздин кыргыз элибиз байыркы замандан тартып поэзияны жанындай сүйүп, өзүнүн үмүт-тилегин ошондо чагылдырган. Кыскасы, биздин элдин философиясы да, тарыхы да, күрөшү да, илими да, өнөрү да элдик поэзия-да, эпостордо сакталып, бизге жетти. Демек, поэзия — элибиздин ырысы, үмүтү болгон. Көлөмү жагынан теңдеши жок. «Манасты» биздин эл бекеринен кылымдар бою ооз эки сактап келген эмес. Бизде күрдөөлдүү поэзия бар деп үндүн жетишинче айтууга болот. Улуу Токтогулдун, Барпынын, Тоголок Молдонун, Осмоновдун, Бөкөнбаевдин жана Турусбековдун асыл поэзиясы жаз, жай, күз, кыш сыяктуу жаңылбай жашоодо. Бул алтын казына менен кантип сыймыктанбай коё алабыз?!

Азыркы учурда Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев жана К. Маликов өндүү аксакал акындарыбыз кайратынан жазбай, калем шилтешүүдө. Кийинки жылдарда өздөрүнүн акындык үнүн тапкан С. Жусуев, С. Эралиев, Б. Сарногоев сыяктуу акындар поэзиябызга өз салымдарын кошууда. Бул, албетте, кубанычтуу факт.

Атаганат! Ушундай ийгиликтерге карабастан азыркы поэзиябызда, халтуралык чыгармаларга кенен жол берилген эң начар көрүнүш өкүм сүрүүдө. Мезгил, съездик трибуна халтура менен чечкиндүү күрөшүүнү талап кылып турса да, биздин аксакал акындарыбыз жана жазуучулар Союзу, негедир «белгисиз себептер» менен тилсиз балык болуп келе жатышат.

Үстүбүздөгү жылдын май айында сынчы Кеңешбек Асаналиев «Ленинчил жаш» газетасынын бетинде Муса Жангазиевдин чыгармаларындагы кеңири орун алган, халтуралык ырларына каршы «Жакшы ыр чачылып жатпас» деген макаласында мындай дейт: «Поэзиядагы азыркы мезгилиндеги бирден бир милдеттердин бири — халтуранын тутанып бараткан отун өчүрүү болуп эсептелет. Болбосо, ал жалындап кетсе, анын зыяндуу салакасы адабияттагы идеясыздыктан кем эмес». Сынчы тарабынан актуалдуу маселе өз убагында күн тартибинен талкууга коюлгандыгына карабастан, ушул күнгө чейин бул адилеттүү пикир көз жаздымга калтырылууда.

Жазуучулардын кезектеги III съезди босогодо турганда поэзияда орун алып келе жаткан халтурага каршы күрө-

шүү — адабиятыбызды сүйгөн ар бир кишинин милдети. Биз Асаналиевдин жогорку пикирине толук кошулуп, ага өзүбүздүн тилектештигибизди билдирип, поэзиядагы хал-тура тууралуу өз пикирибизди айтууну туура таптык. Кыр-гызмамбастан халтуралык ырлар жыйнактардын бүкүлү бойдон чыгып кетиши көнүмүш адат болуп калды окшойт. Биздин колубузда ушул басмакана үстүбүздөгү жылы чы-гарган үч автордун жыйнагы турат.

Касымжан Төлөбаев калемди жаңыдан шилтеп жүргөн автор эмес, анын бул кесип менен убараланганына көп жыл болду. Биздин колдо турган «Нуруң менен» деген ырлар жыйнак автордун экинчи китеби. Жыйнактын ал-гачкы эле бети «Нуруң менен» деген ыр менен ачылат. Атын окуганда эле бул ыр биздин доордун ар-намысы, сыймыгы Компартияга арналгандыгы байкалат. Акын ал-ган тема актуалдуу жана керектүү. Бир тууган партиябыз-дын легендардык иштери тууралуу эң курч, эсте каларлык ырларды, поэмаларды жазууну турмуш талап кылып жатат.

«Бой жазып, эркин басып жүрбөгөнбүз,
Кайгыны башыбыздан өткөргөнбүз.
Жалданып көрүнгөнгө кул болуп биз,
Алсырап, ач-жылаңач күн көргөнбүз».

Автор андан кийинки куплеттеринде улуу Лениндин же-текчилиги астында пролетариат күрөшкө чыгып, падыша-лык эзүүнү талкалап, элге туура жол көрсөткөн, биз ле-ниндик жолдон жадабай келе жатабыз дейт. Идея жакшы. Бирок, аны К. Төлөбаев элден озунуп, биринчи болуп ай-тып олтурган жок. Бул жалпыга белгилүү чындык — эчак эле аксиомага айланып, чоң-кичинеңин жүрөгүнө сиңип калган чындык. Төлөбаевдин ушул эле жыйнагында «Таа-лай таңы» деген ырынын идеялык мзмуну «Нуруң менен-ден» түк айырмаланбайт. Түртө салса кулап кетчү ыр уй-каштар менен далай жолу кайталанып, кулактын мазасын алган кургак сөздөр. Салыштырып көрөлү:

Улуу Ленин үнүң бийик угулду,
Жүрөктөгү кайгы-муңдар жууулду.
Алсыздарга таза аба жуткузуп,
Колдон алып зындандардан сыурду.
(*«Таалай таңы», 5-бет.*)

Биринчиден, бул ыр эмес, жөн эле жлпыга белгилүү жылаңач чындыкты «жуулду», «суурду» деген уйкаштарга чиркештирип койгон бир нерсе.



«Биздерге Ленин нуру жеткен тарап,
Алга деп кубат берип, болуп кайрат.
Талкалап падышанын чынжыр торун
Күрөшкө чыккан анан пролетариат.
(*«Нуруң менен»*)

Бул куплетти биз окуучулар салыштырып көрсүн деп атайын «Нуруң мененден» келтирдик. Жогорку эки куп-леттин идеялык мазнуну коёндой окшош, бири-биринен айырмасы эле — сөздөрү башкача. Ал эми ушул эки ыр тең бир жыйнакка жанаша жайланыштырылган. Чыгарма-чылыкка ушундай көңүл коштук менен караган авторго, анын редакторуна ачууланбай коюуга мүмкүн эмес. Бул фактынын өзү да К. Төлөбаевге окшогон кээ бир эле ыр-дын анча-мынча сөздөрүн өзгөртүп, экинчи чыгарма ката-рында пайдаланып, элдин көзүнө бирде ичин, бирде сыртын көрсөтүп жүргөндүгүн айкын далилдейт. Бул, албетте, маселенин биринчи гана жагы. Мындай мазмунда-гы ырларды (кеп мазмун жөнүндө гана жүрүп жатат, ал эми көркөм каражат деген жогорку ырдан түк сезилбейт) биз аксакал акындарыбыздын ар биринен кезиктиребиз. Бирок, эскерте турган нерсе, алардыкы К. Төлөбаевдикин-дей маанисиз, тантык уйкаштардын тиркемиси эмес. Ток-тогулдун «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду», Жу-суп Турусбековдун «Ленин жолу», Темиркул Үмөталиевдин «Партия, сен», Кубанычбек Маликовдун «Ленин жөнүндө легенда» сыяктуу көркөмдүгү идеялык мазмунуна тете чы-гармаларды кимибиз билбейбиз? Бул ырлардан ар бири оригиналдуу, окуучунун көңүлүндө унутулбай кала берет.

Азыркы учурда ыр жазып жүргөн кишилердин кай бир-леринен чыгармачылыктын күлкү келтире турган «бала-лык» оорусун кезиктиребиз. Себиби, кээ бир акындар жал-пыга белгилүү азиз идеяларга бекем жармашып алып: «Бул ырдын идеясы жакшы экен, ошондуктан басууга мүмкүн» дешип, өтө принципиалдуу маселеге ат үстүнөн мамиле кылышат. Бул жөнүндө жолдош Салижан Жиги-товдун «Ала-Тоо» журналынын өткөн санында жарыялан-ган «Поэзиядагы граждандык пафос үчүн» деген макала-сында эң туура пикир айткан. Азыр кээ бир ыр жазгыч-тар Ленин тууралуу жазышса эле белгилүү калыпка салышып, «Сен бизге эркиндикти алып берип, залим пады-шаны кулатып, эмгекчиге жаркыраган кенен жол ачтың. Өзүң чаап берген жол менен биз жаңылбай бара жата-быз» деген маанини уйкаштырып коюшат. Бирок, поэзия улам жаңылыкты, улам «поэтикалык дынды» бузууну талап кылат. Бекеринен биз чыгармачылык деп атап жүргөнүбүз

жок да. Чыгармачылык деген түшүнүк көп-көп изденүүнү, эмгектенүүнү түшүндүрөт. Ал эми К. Төлөбаевдин Ленин жөнүндөгү ыры чыгарма болмок тургай, кол өнөрчүлүккө татыбайт. Кээ бир кол өнөрчүлөр өздөрүнүн кесибинде белгилүү калыптан чыгалбасын билишсе да, колго алган буюмду өтө сүйүп, ага чеберчилик менен мамиле кылышат. Ал эми чыгармачылыктын майданында калем «шилтеген» К. Төлөбаев адамзаттын гениалдуу көсөмү Ленин тууралуу ыр жазып, эч болбосо кол өнөрчүчө сүйүп мамиле кылбагандыгы жанында кашайтат!

Кээ бир жолдоштор Төлөбаев менен аксакал акындарыбыздын Ленин жөнүндөгү ырларын салыштарганыбызга нараазы болуп, «Алыбай алына жараша» —дешер. Бирок, искусство жаштыкка, карылыкка карабайт, маркум Жусуп Турусбеков атактуу «Ленин жолун» он тогуз жашында жазганын ким билбейт. Ал турмак «Ленин жолу» жаш акындын алгачкы чыгармасы болуп эсептелет. Ошого карабастан бул учкул ыр улуу көсөм тууралуу кыргыз поэзиясындагы эң жакшы ырлардын катарына кирет.

Касымжан Төлөбаевдин ырлар жыйнагындагы «Биринчи Май», «Шайлайбыз», «Ленинчил жаш», «Жаңы жыл», «Чыйырчык», «Каникулда», «Пионер», «Спортту сүйөбүз», «Терең үйрөн» жана башка ырлары тууралуу өтө начар деп, орой болсо да, айтуудан башка ылажы жок. Адабий сында сылыктык, достук менен кеңеш айтуу жакшы жөрөлгө. Ушул салтты улантуу керек. Эгерде бир жакшы жаш акын чыгармачылыгында натуура багытта, же натуура көз караштa болсо, адашып жүрсө, же өзүнүн тигил же бул жанрда үнүн таппай улам изденүү жолунда болсо, аны туура жолго салыш үчүн тилдөөнүн кереги жок, орой айтуунун кереги жок, ага түшүндүрүү методу менен жардам берүү сынчынын милдети. Бирок, адабиятты атайын оокат кылуунун булагы катарында көрүп, уят-сыйытты жыйыштырып койгон кишиге кантип сыпайы мамиле кылууга болот! Жок. Мен андай «камкордукка», сылыктыкка каршымын. Касымжан Төлөбаевдин жогор жакта аты аталган ырлары окуучунун жүрөгүн жылытып, ага жаркыраган көз караш бермек түгүл, анын эстетикалык моокумун бузуп, иренжитет.

Дагы бир жаман адат бар. Тигил, же бул супсак жазылган ырда жалпыга белгилүү үгүт айтылса эле кээ бирөөлөр «тарбиялык маанисн бар экен» — деп акташат. Эгерде ырдын идеялык багыты туура болуп, башка элементтери аксап турса, ал чыгарма окуучуга тарбиялык



маани берип жарытпайт. Ушул жерде боордош казак элинин улуу акыны Абайдын сонетин келтирип койсок өзү эле түшүнүктүү болот.

Өлөң сөз-сөз сарасы, сөз падышасы,
Кыйындан кыйыштыраар эр данасы.
Тилге жумшак, жүрөккө жылуу тийип,
Теп-тегиз жумур келсин айланасы,
Бөтөн сөздөн бузулса сөз арасы,
Ал — акындын билимсиз бечарасы».

Эптеп-септеп, тоо-тоонун башын бир айтып уйкаштырып коюу акын эмес, ар бир адамдын колунан келет.

К. Төлөбаевдин «Элим сүйүп окушат» деген ыры орустун көрүнүктүү окумуштуусу, радионун атасы Поповго арналган. Тигил, же бул жазуучунун, окумуштуунун, жолбашчынын чыгармалары элдин терең катмарына жетсе, элим сүйүп окушат деп атаса, логикалык түшүнүк боюнча туура болот.

Ырас, Поповдун радиосу биздин ар бир үйүбүздө тынымсыз сүйлөп турат, көп жаңылыктарды угузат. Бирок Поповдун радиосун биз окуй албайбыз. Эч болбосо К. Төлөбаев «Элим сүйүп эстешет» деп, чабал ырына ат коюуга жарабаптыр ээ.

Ушул ырдагы Попов жана радиого байланыштуу сөздөрдү өрчүтүп, анын ордуна Лев Толстой деп жазып койсок, маани өзгөрбөйт. Анын «Улуу Горький» деген ыры да дал ушундай. Пролетариаттын улуу жазуучусу, күрөштүн бороон кабарчысынын кубаттуу образын түзмөк тургай, жазуучунун жалпыга белгилүү сапаттарын берген эмес.

Касымжан Төлөбаевдин жыйнагындагы ар бир ырга токтолуп отурбай, «Уулумун» деген ырынан эки үзүндү келтирсек К. Төлөбаев кандай акын экени белгилүү болот.

«Таалай үчүн күрөшкөн,
Жүрөгү өрт кабылан.
Алпурушкан душманын
Акыл эстен тандырган,
Эр жүрөк элдин уулумун.

Намысын колдон алдырбас,
Өмүрү жоого багынбас,
Жеңип келген жеңдирбей
Туура жолдон тайманбас,
Баатыр элдин уулумун».

Поэзияда көз боемочулукка кантип жол берүүгө болот! Мына, бул эле ырдан мазмуну бипбирдей эки строфа ырды кезиктирдик. К. Төлөбаев ушундай «эпчилдик» менен

гонорарды көбүрөөк алыш үчүн синоним сөздөрдү гана алмаштырып койгон. Дал ушундай фактыларды көрүп туруп анан кантип буга окшогон жан бактыларга достук менен кеңеш айтуу болот? Жок! Элементардык сапатты жоготкондорго сылык сөз жарашпайт, аларга сөөктү какшата турган сөз керек!

Ар бир чыгармада автор эч кимдин колу тие элек дыңды бузуу керектиги искусстонун негизги талабы. Өкүнүчтүү нерсе, ушул маселени көп жолдоштор натуура түшүнүшүп, көзгө көрүнгөн эле буюмдарды натуралисттик менен сүрөттөөгө көнүп алышты. Кээ бирөөлөр «Терезе» деп ат коюшуп, «Сен өтө керексиң, себеби үйдү жапжарык кылып жатасың», же болбосо керебет жөнүндө: «Сен өтө керексиң, сен болбосоң сүйгөн жарым менен жерде чанга буланып жатпас белем», же, радио тууралуу: «Сен бүткүл дүйнөлүк кабарларды угузасың» дешип ыр жаза турган болушту. Бул буюмдардан дал ушундай объектиде «поэтикалык дыңды» бузуу кыйын. Бул жолдоштор тигил же бул буюмдун турмушта аткара турган кызматынан гана «диагнозун» беришүүдө.

Сөз кылып жаткан поэзиядагы «балалык» оорудан акын Талант Байгабылов да айыга элек. Анын быйыл Кыргызмамбастан басылып чыккан «Өчпөс жарык» ырлар жыйнагынан «Көнөк үй» деген ыр кезигет.

«Айылдан алыс бир иш менен
Кеч калсам кээ бир күнү мында келем.
Мейли күз, мейли кышта, мейли жазда
Дап даяр жата турган ордум белен.
Нур чачат Ильич шамы күндөй күлүп,
Үй ичи дем алууга эркин, кенен.
Сезимди сүйүү бийлеп, шаттык курчап,
Сергиткен тула бойду ушул бир чак.
Жаркырайт зым керебет күмүш,
жууган,
Мамыктай калың төшөк асты жумшак.
Пар жаздык, таза сүлгү баш жагында
Конок үй өз үйүмдөй кирсиз, аппак».

Автордун үмүтү да тилеги да жакшы. Чын эле бир караган кишиге Т. Байгабылов башка акындар байкабаган табылганы тапкансыйт. Бул, албетте, үстүртөн караган кишиге гана ушундай сезилет. Жүргүнчүлөр түнөп өтсүн үчүн шаарларда мейманкана салынат. Аны бардыгы билет. Эгерде ушул дагы поэтикалык табылгага жатса, мончо тууралуу: «аябай кирдеп келдим эле, күп жышынып жууынуп, көңүлүм сергиди» деп ыр жазууга боло берет.

Поэзиядагы сөз болуп жаткан «балалык» ооруу Т. Бай-



габыловдун чыгармачылыгында көкустук эмес окшойт. Акын «Автобус» деген ырында:

«Автобус бар — көңүл шат,
Ар убакта тез жүрүп,
Алыс жолду кыскартат,

— дейт.

Бул биз үчүн жаңылык эмес. Ансыз деле автобустун техникалык кызматы — алыс жолду кыскартып, жүргүнчүлөрдү, оор жүктөрдү, ташып, эл чарбасына жардам берүү. Акын автобусту «жылаңач» алып, социалдык маанисин ача албай калган. Ушул эле теманы көрүнүктүү жазуучубуз Т. Сыдыкбеков «Биздин замандын кишилери» деген романынын башталышында социалдык мааниге ээ кылып бере алган.

Шамбет, Акия, Элебес жана башкалар райондон машинага түшүп кайтып баратышат. Алардын арасында Көл тарапка бараткан кемпир бар. Автобус аткан октой зууллдаса, мурда машинага түшүп көрбөгөн кемпир таңданып, төмөнкүчө сүйлөйт:

«— Мындайды ким көрүптүр, кагылайын. Тим эле учуп кетет тура. Чапкан аттан деле тез тура. Бүгүн кирип барабыз го».

«— Апий, кызым, ала качкан бойдон жолдон бир жакка чыгып кетпейби бул?».

«— Көкустан алдыбыздан бирдеме жолукса кантебиз? Анда тим эле бырын-чырын чыгарып, тепсеп кетет го бул, кагылайын?» — деп улам сурап баратат.

Ушул диалогодо машина аркылуу кемпирдин образы ачылды, кемпирдин образы аркылуу элибиздин өткөн турмушу жөнүндө баян болду. Демек, социалдык мааниси жок ойдон «поэтикалык дың» бузулбайт экен. Өзүбүздүн оюбузду далилдеш үчүн дагы бир фактыга таянып көрөлү. Биз, колубузга тагынып жүргөн «Жеңиш» сааты тууралуу: «Сен өтө керексиң, сатып алгандан бери жумуштан да кечикпейм, күндөлүк режимим да бузулбайт» деп ыр жазса болор эле. Бирок, анда поэтикалык табылга болбос эле. Акын Сооронбай Жусуевдин «Жеңиш сааты» деген белгилүү ыры бар. Жоокер кан майдандан кайтып, агрономдук окууга кирип, эки-үч жылда бүтүп, өз айылына келет. Курбусу кубанып тосуп, кечээги жоокер, бүгүнкү агрономдун колун кысып «Жеңиш» саатын белекке берет.

Агроном:

«Таң калтырды бул саат мени,
Таланттуу уста жасаптыр,

— деди».

Үстүртөн караган кишиге бул стофараларда поэтикалык көркөмдүк көрүнбөгөнсүйт. Агроном «Жеңиш» саатынын жебелерине суктанып жаткан мезгилде курбусу минтет:

«Солдат болуп согушсаң керек,
Саатты сен да жасаштың демек.
Устасың өзүң — жоо жеңбей туруп,
«Жеңиш» саатын тагынмак белек».

Кече босогобузду аттап келген жоону жеңбесек, биздер «Жеңиш» саатын тагынмак белек, биздер «Жеңиш» машинасын минмек белек, биздин көк тиреген аскаларга альпинисттер чыгып, «Жеңиш» деп ат коюшмак беле, биздин короолордо Жеңишбектер чуркап жүрүшмөк беле? Ушул жеңиштердин устаты советтик эл менен советтик армия экенин автор саат аркылуу — башкалар байкабаган табылга аркылуу — бере алды.

Т. Байгыловдун жыйнагында эч бир социалдык маанияе ээ болбогон жөө жомоктук материалдарга өтө кеңири орун берилген: «Кокту», «Кенен жайык», «Жер», «Оюк», «Үңкүр», «Күмбөз», «Жаңырык», «Чакмак», «Чоку» ж. б. Бул ырлар элдин оозунда айтылып жүргөн тоо-таштын, жердин легендалык тарыхына арналган. Алардан бүгүнкү күндүн талабына ылайык духту, ритмди таппайбыз.

«Камырдан өткөн кезде жолду басып,
Капыстан угулат дейт жер жаңырып,
Башынан келаткан соң үн чыгарып,
Эл ага ат коюшкан «Жер жаңырык».

Ырдын аты да «Жер жаңырык», автордун окуучуга айтайын деген ою да — жер жаңырык.

Ыр жазууга акынды жүрөктү кандайдыр көптөн бери өйүп, күнү-түнү тынчтык бербеген ой жетектөө тийиш. Ошондуктан акын ырды «толготуп» жазат деп айтабыз. Т. Байгабыловдун жогорку ырда «толготуп» жазууга кайсы терең ой тынчын алды экен? Сыягы Камырдан өткөн кезде жер жаңырат деп айтылып жүргөн элдин имиши мажбур кылган го. Эгерде автор «Эмне үчүн Камырдан өткөндөн жер жаңырат?» деген маселеге кызыгып, туура жооп берсе, кеп башкача...

«Өчөшкөн душманына салып кайгы,
Узаткан жортуулдарга нечен айды.
«Айкөлдүн жашап өткөн жери» дешет,
Анткени — эпосто бар аның аты,

— дейт «Жер» деген ырында.



Поэзиянын негизги өзгөчөлүгүнүн бири уйкаштык. Алэми жогорку ырда уйкаштык маселеси кандай абалда экенин сөз кылбай эле коёлу, ансыз да көрүнүп турбайбы. Ушул ырды акын бизге белгисиз жердин аты эпосто бар үчүн гана жазып отурат. Ал кайсы жер, анда эмне окуя болгон, кандай тарыхый мааниге ээ? Бул жөнүндө автор унчукпайт. Талашсыз, тарыхый жерлерди ырдоо керек. Буга Пушкиндин «Полтавасы», Лермантовдун «Бородинасы» мисал. Жогорку эки акын Полтава менен Бородинада орус элинин моралдык духу, биримдик күчү көрсөтүлгөндүгү үчүн ырдашкан. Алыска барбай эле А. Токомбаевдин «Москва, кирпичинди ким биринчи койду экен?...» деп, акын ой жүгүртүп жатканы үчүнбү? Жок. Азыркы мезгилде бүткүл прогрессивдүү адамзат Москвага сүйүү менен карап, андан эң кубаттуу таяныч, достук тапкандыгы үчүн, коммунизмдин кирпичтери коюлуп жаткандыгы үчүн, биздин Москвадан империалисттер жалтанышкандыгы үчүн.

Ырас, элдин оозундагы легендаларды жаңы шартка пайдаланууга болот. Бирок, ошол легендадан бүгүнкү күндүн кан тамыры согулуп турушу зарыл. Биздин поэзиябыздын көрүнүктүү өкүлү А. Осмонов элдик материалдарды бүгүнкү күндүн талабына ылайыктап, «Мырза уул», «Толубай сынчы» өндүү шедеврлерди түздү.

Т. Байгабыловдун жыйнагында окуучуларга түшүнүксүз, мааниси туюк ырлары кезигет. Кайра-кайра окуп, автор кайсы ойду айтканын билүү кыйын.

Дал ушундай мүнөздөгү ырларга «Эй, ак куулар» кошулат.

Эй, ак куулар! Урматыңа берилип,
Жаш чагымдан жакын болгон
жүрөгүм.
Качан болсо канатыңды каккылап,
Эй, ак куулар, кайып учуп жүрөсүң.
Көз жазгырып кетсеңер да закымдап,
Табарым чын кайда экенин түнөгүң.
Күндө бирди илинтсем да кайрадан,
Күндө бирди кармасам деп жүрөмүн.

Автор ак кууларга кайрылып жаткансыйт. Бирок, күнүгө ак куулардын бирин илип, экинчисине жулунушу эмне деген кеп? Автордун алдына койгон максаты эмне? Түшүнүксүз... Мүмкүн аялдарды ак кууларга салыштырып жаткандыр?.. Бирок, күнүгө бирдик илмектей бергидей аялдар ак куу болуп калыппы? Т. Байгабылов «Акысы бар бир автор» деген ырында:

«Жазуучунун ар кыл ыкма жолу бар,
Чыгармада айтам деген ою бар»,— деген туура пикирди айтат. Автордун өзүнө кайрылгыбыз келет: жогорку ырлар ырыңызда кайсы ойлорду айтууну максат кылып койдуңуз эле?..

Сыягы Т. Байгабылов поэзияны өтө «урматтайт» окшойт. «Поэзия, поэзия» аттуу ырында:

«Сен десем, поэзия, поэзия,
Талаалайм, тоо аралайм, басам кыя.
Анткени, «элге» деген эмгек үчүн
Эргиген кыялымды албай тыя».

Бирок, акын жазган ырларын окуп, анын алдына койгон максаты менен поэзиясы эки ача чыгып жатат.

Т. Байгабыловдун жалпы темага жазылган «Сен, Москва», «Эмгек», «ГЭС», «Май», «Советтик Армия», «Кош айдоо» өндүү ырларын окуп, эч бир окуучунун эстетикалык мооку канбайт. Анткени, бул ырларда жалпыга белгилүү жана акындар тарабынан көп жазылып тарпы кеткен жолбор көркөмсүз кайталанган. Эскертебиз, биз «жалпы темага» жазылган ырларга каршы эмеспиз. Чыныгы художник элге жалпы болуп көрүнгөн темалардан конкреттүү ойлорду таба алат.

Камчы Жунусов да жаш акын эмес. Анын калеминен үч ырлар жыйнагы жана бир повесть жаралды. Демек, бул акынга талапты катуу коюуга толук акыбыз бар.

К. Жунусовдун быйыл Кыргызмамбастан чыккан «Ак Буура» аттуу ырлар жыйнагынан «Багбан» деген ырды кезиктиресиңер. Акын бизге багбандын кең пейил мүнөзүн, эмгекчил кебетесин көрсөтөтгө деп үмүттөнгөн элек. Бирок, анчалык чоң эмес. Чыгарманын ошол абалына карабастан акын окуучуга кириш сөз менен кайрылуудан да тартынбайт. Лирикалык каарман багбан менен жайма-жай өткөн-кеткенди (эл аралык абалда талкуулашпаганына кубануу керек) сүйлөшүүгө да үлгүрөт. Багбан сөзгө чечен киши көрүнөт, лирикалык каармандан тышкы кебетесин да сүрөттөөдөн тартынбады:

«Кебетең келишимдүү, жүзүң сүйкүм,
Кебиңен бал төгүлөт эчен түркүм.
Кайратың чагылгандай жанып турат,
Канетип эне-атаң сүйбөй турсун».

Кичинекей ырларда аңгемелерде автордун ар бир сөзгө



сарап болуусу талап кылынат. Бирок К. Жунусов ушул чектен ашып, багбанды «зордоп» өзүнүн каармандына мүнөздөмө бердирди. Албетте., кантип жазуу ар бир автордун өз эркн, бирок, искусствонун да өзүнүн закон ченемдүүлүгү бар. Мисалы, ар бир чыгармада артыкбаш деталь болууга тийиш эмес. Бул жалпыга тиешелүү рецепт. Лирикалык каармандын кебетесинин сүрөттөлүшү багбандын образын ачууга «винт» боло алабы? Биздин оюбузча боло албайт. Андан ары лирикалык каарман багбандын атлас жуурканлары төшөлгөн чарпаяда көңүлдүү эс алып, тилин безеген булбулдун мукам үнүнө суктанып, багбандын сыйын көрүп, «Ырақмат, багбан ата» деп коштошуп жөнөп кетет. Акындан сурагыбыз келет: багбандын образы ачылбады го? Ал жөнүндө сөз болбоду го?

Негизги маселе көз жаздымда калып, керексиз, маселе кеп кылынган ырлар акындын жыйнагында аз эмес. «Бир кемеде» деген ырында көп нерсенин башын чалып өтөт. Лирикалык каарман кемеге түшүп, курорттон кайтып келе жатат. Аны менен кошо түрдүү улуттун өкүлдөрү бар. Лирикалык каарман капыстан албетүү бир жигитти көрүп ага суктанат. Көрсө, ал эмгектин баатыры, Ала-Тоолук жигит экен. Ал тууралуу бир кулач ой жүгүртүп түшө баштайт. Биздин лирикалык каарманыбыз ашкан сулууну көрө коюп, жүрөгү элеп-желеп болуп: «Токточу, о карындаш!» деп аз жерден кыйкырып жибере жаздайт.

«Махабат эрдин эрин тандай билет,
Махабат кезегинде суудай кирет.
Жаңылыш билбей түшсөң махабатка
Боздотот, муңкандырат, жүрөк тилет.
Эрдя да, баатырды да, акылдууну
Баракгап бул махабат өзү иргейт».

Кийинки саптарда сүйгөн жары Айжамалды элестетет. Анан жүргүнчүлөр менен үнсүз коштошуп, чарчабас паровозго минип, туулган жерди карай жөнөйт. Бар болгону ушул.

Ушундай идеялык мазмуну түшүнүксүз ырлардын катарына «Кече» деген ырды да киргизүүгө болот. Автордун эмне ой айтайын дегени окуучуга туюк. Кандайдыр жашыруун нерсе тууралуу кеп салгансыйт...

Ар бир акын жазган ырларын түбөлүккө эл оозунда жашап калса экен деп үмүттөнөт. К. Жунусов зор ишеним менен «Ырым жашайт» деп атайын ыр жазган.

«Ысык каным жүрбөй токтоп калса да,
Жүрөк сокпой денем тынчып жатса да,
Ырым жашайт эл жүрөгүн түнөктөп»

Эгерде чындыкты тайманбай бетке айтсак, К. Жунусовко «ырым жашайт, эл жүрөгүн түнөктөп» деп, чыгармачылык жолуна жыйынтык чыгарууга али эрте. Эгерде акын жупуну ырларын элдин оозунда жашап калса экен деп тилек кылса, биз унчукпас элек. Өзүнүн чыгармачылыгына жараша ашыра баа берип, ашкере мактануу жаш жазуучуларга, акындарга жарашпайт. Анын ордуна көздүн майын түгөтүп талыкпай эмгектенүү керек. Ал эмес советтик көрүнүктүү акындар Тихонов, Исаковский, Твардовский, Симонов кыргыз поэзиясына өздөрүнүн күрдөөлдүү салымдарын киргизген аксакал акындарыбыз да «ырым жашайт эл жүрөгүн түнөктөп» деп, чыгармачылыгына жыйынтык чыгарып, «декретке» чыгып кетишкен жери жок. Бул акындар азыркы мезгилде да түйшүктөнүшүп, артыбызда жакшыраак эмгек калса экен, деп, калем шилтешүүдө.

Ушул макаланын башынан аягына чейин быйыл басмадан чыккан үч акындын ырлар жыйнактарындагы көркөмсүз, идеясыз солгун, түшүнүксүз чыгармаларга токтолдук. «Ушул жыйнактардан кантип оозго аларлык бир-эки ыр кезиктергениң жок» деп, мага нааразылыгын билдирүүчүлөр табылар. К. Төлөбаевдин «Кооз тамдар», «Адепсиз бала», Т. Байгабыловдун «Улуу күндө», «Өчпөс жарык», «Баарынан тез», «Акысы бар бир автор», «Учкан жылдыз» жана К. Жунусовдун «Ак буура», «Бир шиңгил жүзүм», «Мектебим», «Бул эмне?», «Кыял жана акыл», «Жалгыз караан» сыяктуу орто жазылган ырлары кезигет.

Тыянактап айтканда, биз атайы талкууга алган үч акындын ырларында өсүү байкалбайт. К. Төлөбаев да, К. Жунусов да жана Т. Байгабылов да жаңыдан калем шилтеп жүргөн өспүрүм акындар эмес. Албетте, биз бул жолдошторго «Ырыңар телегейи тептегиз болсун» деген (эгерде, ошондой болсо, ага не жетсин!) түркөй талапты коюудан оолакпыз. Бирок «Алыбай алына жараша» болсо да, мезгил өткөн сайын акын да өсүүгө тийиш го... Эгерде, бул акындын биз кеп кылган жыйнактарында кичинекей эле өсүш болсо, биз кепти мынчалык созуп отурбас элек.

Жолдош Насирдин Байтемиров жакында Муса Жангазиевдин поэтикалык касиети начар «Өскөн жер» аттуу ырлар жыйнагын коомчулугубуздун алдында ашкере сындаган К. Асаналиевдин «Жакшы ыр чачылып жатпас...» деген адилеттүү макаласын баштан аягына чейин танып, «Сынбы, же кыжырлануубу?» деген макала жарыялады. Жолдош Байтемиров ушул макаласында, кыргыз адабий



сынында «Американы ачып», «Жангазиев күн сайын өсүп келе жаткан акын» деген пикирди айтып чыкты. Бирок, доор менен үзөнгүлөш жүрүп, күн сайын изденүү, өсүү жолунда болгон акындардын чыгармачылыгы кандай болорун жолдош Н. Байтемиров баамдар бекен? Бирок «Жангазиев күн сайын (эч болбосо жыл сайын десечи) өсүп жаткан акын» деген Байтемировдун гиперболасына оңой-олтоң эле ишене койгудай биз наристе бала эмеспиз. Себеби, биз күн сайын тынымсыз өсүп жаткан акын эң сонун ырлары менен окуучуларга белгилүү болуп, анын эси-дартын, жүрөгүн бийлеп аларын билебиз.

Өзүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүгүнө жараша өсүү процесси Муса Жангазиевдин чыгармаларынан даана байкалбайт. Ырас, алгач бул акын балдар үчүн тили жатык ырларды жазган, бирок көп өтпөй эле ал касиетин жоготуп, чыгармачылыкты кол өнөрчүлүккө алмаштыруунун жолуна түштү. Албетте, Жангазиевдин бул «ыкмасын» коомчулук өз убагында биле коюп, сынчылар анын супсак чыгармаларына чечкиндүүлүк менен каршы чыгышкан болучу. Бул пикирибизди далилдеш үчүн кийинки төрт жылда М. Жангазиевдин чыгармаларына чыккан адабий сындын библиографиясын келтирип көрөлү:

1. К. Укаев, «Балдар үчүн пайдасы аз чыгармалар» («Ленинчил жаш», 1954-жыл, 19-февраль).

2. М. Турсуналиев, «Пионерлер» аттуу жыйнак жөнүндө» («Мугалимдер газетасы», 1954-жыл, 28-январь).

3. К. Баялинов, «Бир повесть жөнүндө» («Ажырагыс достор» деген повесть тууралуу), «Советтик Кыргызстан» журналы, 1955-жыл, № 1.

4. К. Эшмамбетов, «Көркөм чыгармада көркөмдүк күч болсун» («Назарбектин классташтары» деген повесть тууралуу). «Советтик Кыргызстан» журналы, 1955-жыл, №12.

5. К. Асаналиев, «Жакшы ыр чачылып жатпас...» («Тянь-Шандык кишилер», «Өскөн жер» аттуу ыр жыйнактары жөнүндө), «Ленинчил жаш» газетасы, 1958-жыл, 9-май.

Аталган сын макалаларда баштан аягына чейин М. Жангазиевдин «Ажырагыс достор», «Назарбектин классташтары» деген повесттеринде балдардын реалдуу турмушунун жоктугу, схема менен жазылгандыгы, анын ырларынын көркөм каражаттары начар экендиги, ал эми көрсөтүлгөн ырлар жыйнактарында жүрөктү жылыта турган ыр саптары өтө сейрек кезиге тургандыгы эң сонун фактылар менен далилденген. Ушул мезгилдин ичинде Муса Жангазиев китептердин саны боюнча жазуучулар арасында «рекорд» ээледи. Бирок ушул убакка чейин Муса

Жангазиев кыргыз тилиндеги чыгармаларына бир дагы оң пикир уга элек. Бул үчүн автор өзү айыптуу: «Эмне эксең ошонун түшүмүн аласың» дейт орус лакабы.

М. Жангазиев мени сынчылар көрө алышпайт деп өзүн актоодон да тартынбайт. Бирок анын чыгармаларын кол өнөрчүлүк абалда экенин жалаң эле сынчылар белгилебестен, прозанын көрүнүктүү өкүлү К. Баялинов, драматург жана көркөм котормочу К. Эшмамбетовдор да кыжырланышып жазышканы авторго да, Н. Байтемировго да белгилүү. Бир нече жолу Кыргызстан мамлекеттик университетинин студенттери, «Ленинчил жаш» газетасынын алдындагы адабий ийримде М. Жангазиевдин чыгармаларын талкуулашып, авторду катуу уяткарышкан жана эскерткен эле. Бирок Муса Жангазиев мени окуучулар жаман көрөт деп айталбас. «Жолдош Асаналиев «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган «Жакшы ыр чачылып жатпас...» деген макаласында Жангазиевге аябай ачууланган. Эки-үч куплет начар ырын тандап алып, уу тилдин жетишинче жемелеген» деп жолдош Байтемиров сынчыны күнөөлөйт. Канакей, чындыкка кайрылып көрөлү. Жолдош Асаналиев өзүнүн макаласында М. Жангазиевдин «Тянь-Шандык кишилер» жана «Өскөн жер» деген ырлар жыйнагына өтө кеңири токтолуп Жангазиевдин 20 куплет ырын көркөмсүз экендиги, поэтикалык ой жок экендигин ишенимдүү аргументтер менен далилдей алган. Албетте, 20 куплет эмес, Муса Жангазивдин жыйнагындагы 245 ырдын көпчүлүгүндө поэзияга тийиштүү элементтер жок экендигин далилдөөгө болор эле. Бирок бир макалада колдойгон китептин ар бир өксүк куплетине токтолуп отурууга мүмкүн эмес. Анткени, 10-беттеги ырлардагы мүнөздүү кемчиликтер 20, 25, 30, 40, 100-беттердеги ырларда кезиктүрүүгө болот.

Жазуучу бир нече кишилерден типтештирип герой түзгөндөй эле, сынчы да бир китептеги негизги кемчиликти, өзөктү таап, бириктирип типтүү кемчиликтердин айланасында сөз кылууга толук акылуу.

Мүмкүн Асаналиев сынга алган Жангазиевдин эки-үч куплеттен башкасын Байтемиров өзүнүн сөзү менен айтканда «шумдуктуу» деген ойдодур. Андай болгон учурда Асаналиев менен тайманбай беттешип анын Жангазиевдин ырларына койгон доводдордун ишенимдүү фактылар менен четке кагыш талап кылынат. Бирок бул санат Байтемировдун макаласынан кыпындай да көрүнбөйт. Тескерисинче, жолдош Байтемиров М. Жангазиевдин 11 басма табак көлөмүндөгү «Өскөн жер» деген ырлар жыйнагынын ичинен



орто саар жазылган беш куплеттин бетин тосуп алып: «Карачы! Кандай татынакай строфалар». «Ондогон шумдуктуу ырлар табылат»,— деп куру кыйкырык менен сүрөп олтурат. Айрыкча белгилей турган нерсе бул макала башынан аягына чейин чаташуу. «Жолдош Асаналиевдин жазганы боюнча эгер Жангазиев Осмонов болсо анда ыраазы болмок эле. Жангазиев Жангазиев болуп калгандыгы үчүн анын ачуусу келет» дейт Байтемиров. Асаналиевдин макаласында сынчы Осмоновдон мисал кетирет. Бул — силер чыгармаларыңардын бүт тулку боюнча Осмоновдой болсун деген пикир эмес да. Осмонов поэзияда Осмонов деген наамга татыктуу. Эгерде кимде ким кыргыз поэзиясында Осмоновдун поэтикалык калыбында гана болом десе ал анын көлөкөсү гана болуп кала берет.

Поэзияда Осмоновдой болом деген сөз — Осмоновдой поэзияда өзүнүн даңгыр гана жолун табуу деген сөз. Асаналиев чыныгы поэтикалык ой кандай болот деген маселеге такалганда, поэзиянын новатору Осмоновго кайрылып, ошол аркылуу поэзиялык касиети жок ыр сөрөйлөрдүн салмагын тазалоого сынчы катары акылуу.

Маяковский айткандай бизге ар түрдүү, жакшы акындар керек. Ар биринин чыгармачылык диапазону өзгөчөлөнгөн акындар бизде бар. Эгерде Жангазиев поэзияда өзүнчө чыйыр салып, поэзияда Жангазиев деген наамга татыктуу боло алса, биз мандай жарылып кубанып, аны кубаттабас белек.

Жолдош Асаналиев чыгармачылыкка принципиалдуу мамиле кылган, бир тууган адабиятыбыздын ар бир жаңы ийгилигин кучак жайып тосуп алган, искусствонун наамын булгаган халтурщиктер менен келишкис күрөш жүргүзгөн ак ниет жаш сынчылардын бири. Байтемиров аны кыжырданасың деп айыптайт. Коомдун өсүшүнө жолтоо болуп жаткан терс көрүнүштөргө Байтемиров жазуучу катары кыжырданбай коё албагандай эле, сүйүктүү адабиятыбыздын эң жакшы традицияларын булган жаткан ыр жазгычтардын тамырлап баратканына Асаналиев да сынчы катары кыжырданбай коё албайт.

Жолдош Байтемиров адабий сын кандай болуш керек деген маселеге төмөнкүчө токтолот. «Сыноо — ал жемелөө эмес, акынга жол көрсөтүү, алга сүрөө, өөрчүтүү, дем берүү, шыктандыруу деген сөз. Өткөн замандагы орустун улуу сынчылары Белинский, Чернышевский жана Добролюбов бирөөнү жемелөө менен атагы чыккан эмес. Алар өз доорундагы Пушкинге, Островскийге окшогон улуу жазуучулардын чыгармаларын сындоо менен бирге, жазуучу-

ларга жардамчы, окутуучу, ал түгүл күзгү болгон» деп көп маселени чаташтырып, бул жерде адабий сындын күжүрмөн традициясын ачыктан ачык танат. Кезегинде орустун улуу адабий сынчылары Белинский, Чернышевский жана Добролюбов доордун, мүдөөсүн, талабын, алдыңкы позицияны жактаган ар бир акындын, жазуучунун жаңы чыгармаларын, адабияттагы жаңы наамдарды чексиз кубануу менен кубатташкан. Бул талашсыз, бирок, алар искусствонун абийирдүү наамын булгашкан, дээринде «чымыны» жок жазуучу сөрөйлөрдү, реакциялуу агымдардын «көсөмдөрүн» кыжырлары кайнап, аябай жек көрүү менен каарларын төгүп, сынга алышып, алардын эки жүздүүлүгүн ашкерелешкендерин жолдош Байтемиров кантип жашыра алат? Мисалы, Белинский өмүр бою славяниофилдер: Шевырев, Полевой, Погодиндер менен келишкис күрөш жүргүзүп, алардын искусствого, тарыхка болгон реакциялуу көз караштарын кыжырлануу менен шылдыңдаганын жолдош Байтемиров тарыхтан өчүрүп коё алабы? Булгарин, Кукольник өңдүү коомдук турмушту натуура чагылдырган реакциялуу жазуучуларды, славяниофилдер «гений» деп зоболосун көтөргөн В. Бенедиктовдун жаракысыз чыгармаларын ашкере кыжырланып сындаганын Байтемиров тарыхтан өчүрүп коё алабы? Орустун улуу жазуучусу Гоголь эң сонун чыгармалар жазгандан кийин, мистикаңы үгүттөп, «Курбулар менен жазышкан каттардын тандалма жерлерин» жарыялаганда, Белинскийдин падышалык деспотизмдин үрөйүн учурган Гоголго жазган каарду жана атактуу катын жолдош Байтемиров тарыхтан өчүрүп коё алабы? Орустун улуу жазуучусу И. С. Тургенев «Таң алдында» («Накануне») романында орус турмушунан инсаревдерди издебегени үчүн жазуучуну Добролюбов өзүнүн атактуу макаласында аябай жемелегенин ким билбейт. Жолдош Байтемиров биз келтирген фактыларды көрүп-билип туруп алар «эч убакта бирөөнү жемелөө менен атагы чыккан эмес» деп, орустун улуу демократ сынчыларды жалпы эле ар кимдин адресине ода айтып, атактуу болгон деген зыяндуу ойду таратат. Ырас алар Пушкин, Лермонтов, Гоголь, Островский, Гончаров өңдүү жазуучулардын чыгармаларына оң баа беришкен. Бирок, алардын эч бири тигил же бул жазуучуларды мактап, атактуу болууну самашкан эмес. Чынында, биз атаган орустун улуу жазуучулары Пушкин, Островский менен Жангазиевдин арасына параллель жүргүзүүгө жолдош Байтемиров кантип батынды экен? Сыягы жолдош Байтемиров Пушкин орус поэзиясында кандай роль ойносо, Жангазиев кыргыз поэ-



зиясында дал ошондой роль ойноодо деген пикирде окшойт. Кыскасы, Байтемиров орустун улуу сынчыларынын күжүрмөн келишкис традициясын жаап-жашырып, силер халтуралык чыгармаларды сындабагыла деп азыркы сынчыларга үгүт айткысы келген.

Муса Жангазиев чыгармачылыктын балалык доорунда деген пикирди Байтемиров тартынбай айтат. Кийинки 5—6 жылдын ичинде ыр жыйнактарын, повесттерин басмадан чыгаруу жагынан Жангазиевге кыргыз жазуучуларынан эч ким ат салыша албай, «артта калышты». Ар бир жаңы чыккан китеп акындын өсүш процессин айгинелеп туруусу зарыл. Бирок ондогон китептердин автору Жангазиевдин чыгармачылыгындагы жигиттик доору качан келет? Жангазиевдин «Пионер» деген (бул жыйнакка жолдош М. Турсуналиев поэтикалык сапаттуу ырлар жокко эсе экендигин сындаганы али эсибизде) ырлар жыйнагы чыккан учурдагы пионерлер эбак балалык доору менен коштошуп, бүгүнкү күндө эр жетип отурат. Ал эми Жангазиевдин чыгармасындагы балалык доору жыл өткөн сайын эле балалык доору боюнча калып жаткандыгын кантип түшүнүүгө болот?

«Асаналиев Жангазиевдин бүткүл ырларынын ичинен бир дагы жакшы ыр көрүнбөйт» десе, «китебинин теңинен көбү сонун ырларга толгон» дейт Н. Байтемиров. Ал «шумдуктуу» деген Муса Жангазиевдин ырын окуп көрөлүчү:

Булак болсоң мен бетимди тийгизип,
Ырдар элем сен ырдаган чагында.
Бутак болсоң өзүм желди жүргүзүп,
Эркелетип сылаар элем багында.
Арча болсоң өмүр өткүс көгөргөн,
Бүчүр болуп турар элем шагында.
Сени бирөө отун кылам деп айтса,
Күйөр элем өзүм барып жалынга.
Колду берсең түбөлүккө сендик деп,
Болоор эле жакшы ырымдай табылга.

*«Менин оюмча, минтип ырдаса акындын күчтүүлүгү. Жолдош Асаналиев окуган китептин ичинен ушуга окшогон ондогон шумдуктуу ырлар* (астын сызган мен — К. Б.) айрылып түшүп калган жок да» дейт жолдош Байтемиров. Эгерде жолдош Байтемиров чындыкты билгиси келсе, өзү жогорку Жангазиевдин «шумдуктуу» ыры Аалы Токомбаевдин жалпыга белгилүү «Эгер болсом» деген атактуу ырынын көркөмсүз туурандысы болуп эсептелет. Окуучуга айкын болуш үчүн А. Токомбаевдин ырын келтирүү талап кылынат:

Күн болсом, көз уялткан жаркыраган,
Нурума каалаганча канар элең.
Суу болсом, аскалардан шаркыраган,
Сүйкайып суу алууга бараар элең.
Күркүрөп капчыгайды жарып өтүп,
Чарпылып кучагыма алаар элем.
Түбөлүк махабатка кир жугузбай,
Сүйгөнүм кубанчыңа канаар элем.
Жан жеткис тилсимдеги мүрөк болсом,
Эсепсиз узун өмүр берер элем.
Гүлдөгү сайрап турган булбул болсом,
Талпынып так жаныңа келер элем.
Ойгонуп уктай албай жатканыңда,
Оюңду сайроо менен жеңер элем.
Алдастуу акын болбой, ташчы болсом,
Аскага сүрөтүңдү чегер элем.

Окуган окуучуну өзүнүн назик канатына кондуруп, кыялын кол жетпеген сүйгөн жарга элиртип, кээде ээрчитип, кээде кусалантып, жүрөгүнө жаркыраган сезимдин үрөнүн сепкен шумдуктуу ыр деп ушул ырды айтуу керек. Мындай ырларды окуганында акынга сезимдин тереңинен оргуп чыккан алкыш айтып, анын поэтикалык күчүнө суктанбаска айла жок.

М. Жангазиевдин ыр саптары бири-бири менен логикалык жактан байланышпайт.

Булак болсоң мен бетимди тийгизип,
Ырдар элем сен ырдаган чагында.
Бутак болсоң өзүм желди жүргүзүп!
Эркелетип сылар элем багында.

Ушул куплетинде Жангазиев эмнени айткысы келет? Эгерде сүйгөн жар булак болуп калса, аны менен кантип ырдашууга болот? Сүйгөн жардын куучуйган бутак болушун эмне үчүн каалайт? Эч болбосо эгерде сен аскадан кулап түшкөн тунук булак болсоң эртели-кеч эрмек болуп, шылдыраган агымынды ырга салар элем десе анча-мынча окшошмок. М. Жангазиевдин ырларынын ичинен атайы мисал үчүн «шумдуктуу» деп көрсөткөн ырынын абалы жогоркудай болгондон кийин бул автордун, Асаналиев жана жалпы эле окуучулар начар деп эсептеген ырларына токтолуп, жолдош Байтемиров менен талашып отурууну артыкбаш деп эсептейбиз.

Азыркы мезгилде Кыргызмамбастан жана Окуупедмамбастан колго алгысыз китептердин чыга бериши көнүмүш адат болуп баратат. Ал үчүн анын автору, басууга сунуш кылган рецензент да, редактор да жооп бербейт. Буга биз сөз кылган К. Төлөбаев, Т. Байгабылов, К. Жунусов, М. Жангазиевдин китептери мисал боло алат. Биздин оюбузча басмадагы орун алган мындай ээнбаштыкты жоюуга убакыт жетти. Мисалы, советтик башка мекемелердин кызматкерлери мамлекеттин чөнтөгүнө зыян келтирип, өз ишинен брак чыгарса аларды текшерип, тартипке чакыра турган мамлекеттик контроль бар. Элдин эстетикалык тунук сезимин булгап жаткан жана өкмөттүн бюджетине зыян келтирген халтуршиктер, басманын кызматкерлери, эмне үчүн жазага тартылышпайт!..



Басмалардан начар чыгармалардын чыгышына төмөнкү мисал да себеп го деп ойлойбуз. Кээ бирөөлөр чыгармасын жаза электе мен тигиндей повесть же поэма жазып жатам деп, басма менен алдын ала келишим түзүп алышат экен. Эгерде келишим түзгөн автор жакшы чыгарма жазып, өз убагында тапшырса, зыяны жок. Көпчүлүк учурда келишим түзгөн автор начар чыгармасын алып келип тапшырат. Басма ал китепти начарлыгына карабастан, аргасыздан чыгарууга мажбур болот. Себеби, автор келишим боюнча аванс менен китептин гонорарын жеп койгон. Ошентип, начар чыгармалардын саны көбөйүп келе жатат.

Жакында Кыргызмамбастан «Ырлар» деген ат менен Үсөнкул Жумабаевдин жыйнагы чыкты. Жыйнакты баракатап карасак, баштан аягына чейин колго илинерлик ырды табуу кыйын. Кыргызмамбас ушуга окшогон чыгарма сөрөйлөрдү чыгара берет, анын салакасы жазуучулар Союзуна келип тнет. Себеби, адабиятыбыздын ийгилигине да, кемчилигине да жазуучулар Союзу жооп берет. Союзда да ар бир жанр боюнча секция иштейт. Кыргызмамбаста да, Кыргыз окуупедмамбаста да Союздун бул секцияларынын пикири менен эсептешпейт. Мындай ээнбаштыктарды жең ичинен жиберип жаткандар коомчулук алдында жооп берүүлөрү тийиш.

Сынчылардын азыркы учурдагы негизги милдеттеринин бири — поэзиядагы, прозадагы кенири тарала баштаган халтура менен күрөш жүргүзүү болуп эсептелет. Халтуралык чыгармалардын жолун бөгөө үчүн күрөшпөй туруп, жакшы чыгармалардын көбөйүшү үчүн күрөшө албайбыз. Бирок, биздин кээ бир сынчылар бул милдетти дурус аткарышар эле. Өкүнүчтүү нерсе аларды, көпчүлүк учурда тийиштүү уюмдар колдошпойт. Эгерде жазылган макалалардын адилеттүүлүгүнө карабастан эч ким колдобой койсо, халтуршиктерди ооздукташ үчүн ким сын жазгысы келсин.

Халтуралык чыгармаларга арналып жазылган сындар эч бир жыйнакка киргизилбей келе жатат. Ушунун өзү эле: «Силер халтуршиктерге каршы сын жазсанар, ошондой бо-

лосуңар» дегендик эмеспи. Эгерде сынчылардын халтуралык чыгармаларга жазылган адилеттүү макалалары атайы жыйнакка топтолуп чыгарылса, халтуршиктердин үрөйлөрү учуп, көп тамырлай алышпас эле.

Жазуучулардын съездинин башталышына убакыт аз калды. Ушул учурдан пайдаланып биз жалпы коомчулукка, анан адабиятыбыздын көрүнүктүү өкүлдөрү А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, К. Жантөшев, К. Маликов жолдошторго кайрылууга туура келди. Мен поэзиядагы халтура жөнүндө сөз кылып, анын себептерине токтолдум. Съезд алдындагы трибунадан бул маселе боюнча сиздердин пикириңиздерди уккубуз келет. Айтыңыздарчы, мейли поэзиядагы, мейли драматургиядагы, мейли адабий сындагы зыяндуу халтуранын жолун бөгөөгө мүмкүнбү?..

1958

## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ ЖӨНҮНДӨ ПИКИРЛЕР

1939-жылы өткөн декадада кыргыз адабияты катыша албай калгандыгын эске алганда, азыр биздин адабият кандай күрдөөлдүү күчкө айланган!

Азыр биздин адабиятта трагедиялуу тийиштүү болгон бардык жөрөлгөлөр ийгиликтүү өөрчүгөн. Бул тууралуу Түгөлбай Сыдыкбеков «Литературная газетага» жарыялаган макаласында өтө образдуу айткан. «Ал учурда (1939-жылы) биздин адабият өтө эле жаш эле. Буга адабий бөлүмдүн декадага катышпай калганы ачык күбө болот. Эгерде биз адабият менен искусствону адамдын курагы менен салыштыра турган болсок, биздин адабият ал учурда тоого чуркап чыгып, айланага суктанып көз жиберген өспүрүмдү элестетет эле. Ал кезде адабиятыбыз алгачкы кадамын шилтеп, али изденүү жолунда эле. Ал эми бүгүнкү күнү биздин адабият өспүрүмдү эмес, максатына ишеничтүү кадам шилтеген эр көкүрөк, кубаты ташыган эр жигитти элестетет».

15-октябрдын кечинде, Колонный залында декаданын адабий бөлүмү ачылды.

Кечени «Литературная газетанын» редактору, көрүнүктүү прозачы, В. Кочетов ачып, кыргыз жазуучуларын кызуу куттуктады. Кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы тууралуу Кыргызстан КПБКнын секретары А. Казакбаев доклад жасады.

Колонный залдын президиумунда отурган кыргыз адабиятынын чоң армиясын көрүп, сыймыктанбай кое албайсың. Бул президиумда кечээги студентка, бүгүн жаш акын С. Абдыкадыровадан баштап, аксакал акыныбыз Осмонкул Бөлөбалаевге чейин отурушат. Бул бир кылымдын адамдары. Кыял деген күлүк эмеспи! Ушундай улуу майрам, улуу тойдун ичинде Алыкул Осмоновдун сөзү менен айтканда: «Көзү жалын, каны дайра, жүрөгү от», Жоомарт Бөкөнбаевдин, «Күүлдөгөн кош канаты бороондой» Жусуп Турусбековдун, «Кыялы көл, талабы албуут, жанган от» Мукай Элебаевдин, ошону менен бирге кыргыз поэзиясынын сыймыгы Алыкул Осмоновдун өзүнүн орду бөксөрүп турганын көрүп, өкүнбөй койбойсуң!

Бирок азыркы мезгилдеги кыргыз адабиятынын чоң армиясын көрүп көңүлүң тоет. Мынакей, акындарыбыздын биринин артынан экинчиси чыгып шандуу ырларын окуй баштады. Алардын жүрөгүнөн атырылып чыккан ырлар эфирди аралап, Парижге, Лондонго, Вашингтонго, Делиге, Пекинге, Токиого чейин угулуп жатпайбы! Дал ушул мизгилде маркум Жусуп Турусбековдун атактуу «Ук, жер жүзү» деген ырын ордуңан туруп:

«Тыңша, Шанхай,
Кулак сал!
Ук, жер жүзү!
Тыңшагычты колуңа ал!

— деп кыйкыргың келет.

Эртеси жазуучулар Союзунда кыргыз прозасы боюнча талкуу башталды. Декадада мурда орун алган параддуулукка жол берилбеди. Талкуунун мындай иштиктүү өтүшүнө СССР жазуучулар Союзу көп аракет кылып, туура жолго салган экен. Биздин жазуучуларга, акындарга драматургдарга жана сынчыларга москвалык жолдоштор чоң талап коюп сүйлөштү. Адабиятыбыздын ийгилиги жана келечеги тууралуу «ийри отуруп, түз кепешишти».

Азыркы учурда биздин адабияттын алдыңкы отряды болгон прозанын талкуусу эң жогорку деңгээлде өттү.

Талкуунун председатели жазуучу Аркадий Первенцев өзүнүн кириш сөзүндө мындай деди: «Мен он күндүн ичинде бардык өзүмдүн жумуштарымды таштап, кыргыз жазуучуларынын китептерин окуп, ыракаттандым. Мен бул китептерди окуп бүткөнүмдө, силердин өлкөңөрдүн үрп-адаты, элдик эпикасы, поэзиясы көз алдыма тартылды». Чоң адабиятты окуганында гана ал элдин бүткүл духу, жаратылышы көз алдына тартылат эмеспи.

Биздин прозага өтө суктануу менен сүйлөшкөн жол-

доштор болду. Белоруссиялык жазуучу Кулаковский мындай деди: «Мындан бир нече жыл мурда биздин декада болуп, ушул эле клубда биздин прозаны талкуулашкан эле. Мен силердин прозаңардын мындай талкуусуна катышып отуруп, мына мындай жыйынтыкка келдим. Байкашымча сиздердин прозаңыздар биздикинен байыраактай сезилет. Сиздерде мыкты прозачылар көбүрөөк экен». Жолдош Кулаковский кыргыз жазуучуларын кубантуу үчүн айткан жок, ал чын жүрөктөн өз пикирин айтты.

Кыргыз прозасынын бараандуу өкүлү Түгөлбай Сыдыкбековдун эпопеясы «Тоо-арасында» романынын тегерегинде чоң талкуу болду. Бул роман боюнча чыгып сүйлөгөн ар бир оратор Т. Сыдыкбеков калеми төшөлгөн, турмушту кең камтыган, изден тайбаган реалист жазуучу экенин белгиледи.

Прозага арналган талкуунун бет ачары да «Тоо арасында» романы болду. Алгачкы сөз белгилүү орус жазуучусу Семен Бабаевскийге берилди. Ал биринчи жолу гана Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармасы менен таанышкандыгына, бул көрүнүктүү жазуучунун романдарын мурда окубагандыгына аябай өкүнүп: «Жазуучу Сыдыкбеков мени колумдан жетелеп, туулган жерин, анын эмгекчил элин, анын эмгегин, үрп-адатын, каардуу таң күрөшүн көрсөттү десем, мен апырткан болбос элем. Сыдыкбековдун романын окуп, кандайдыр жаңы дүйнөгө келгенсидим, ички дүйнөм байыгансыды». Т. Сыдыкбеков өз элинин турмушун эң кичинекей деталдарына чейин билгендигин, чыгармачылыгынын бул белгилери менен ал атактуу жазуучу Михаил Шолоховго жакын тургандыгын оратор белгиледи.

«Бул — эң сонун чыгарма,— деди экинчи жазуучу Е. Н. Пермитин. — Бул жөнүндө айтпай коюуга мүмкүн эмес, «Тоо арасында» романы союзга атагы угулган чыгармалардын катарында турат». Оратор китептеги атактуу Ыйманбай акенин образына, анын Айсараласына токтолуп, бул автордун эң мыкты табылгаларынын бири экендигин айтып келип: «Мен Ыйманбайдын Айсараласын окуганымда Дон-Кихоттун Россинаты көз алдыма келди» деди. Жолдош Пермитин жазуучуга романдан байкаган кээ бир кемчиликтерди көрсөттү. Ал мисал үчүн төмөнкү эпизодго токтолду.

— Эми жыгылдыбы, балбанынар?

— Кимиси жыкты?

— Кайран Турдубек.

— Турдубек так көтөрүп, чалкасынан таштаганда, жер солк дей түштү.



— Ошондой, мен төнселип кеттим эле.

«Балбандар күрөшүп жатканда карап турушкандар ушундай сүйлөшөбү? — деп оратор жазуучуга кайрылып,— мындай жанталашып жаткан кишилердин ички дүйнөсүн кеңирээк берсеңиз жакшы болор эле»,— деген сунушту айтты.

Албетте, кыргыз адабиятында чоң орунду ээлеген бул эпопея тууралуу талкууда түрдүү пикирлер айтылды. Мисалы, жолдош Субоцкий авторго пайдалуу пикирлер, кеңештер айтуу менен бирге, төмөнкүдөй талап койду. «Эмне үчүн романда басмачылар жана жергиликтүү улутчулдардын Алаш-Ордо уюму менен болгон байланышы көрсөтүлгөн эмес?» дейт ал. Жазуучулар союзунун председатели жолдош Азиз Салиев өзүнүн акыркы сөзүндө бул маселеге мындайча токтолду. «Жолдош Субоцкийдин бул пикирине анча-мынча кошулууга болот, бирок анын автор ушул китебинде басмачылыкты сүрөттөшү керек эле деген пикирине кошулуу кыйын. Себеби жазуучу өзүнүн «Темир» романында бул көрүнүштү кеңири көрсөткөн. Жолдош Субоцкий Алаш-Ордонун таасири Кыргызстанда болгон, бул көрүнүш романда жок деди. Түндүк Кыргызстандын кээ бир жеринде буржуазиялык улутчулдар болгон, бирок алардын окуясы сүрөттөлгөн жерге тупадан-туура тиешеси жок» деп жооп берди.

Сынчы Дорофеев маңыздуу пикирлер айтты: — «Кыргыздар кымыз ичишет, дайыма алардыкында мейманда болушат. Ал эми кыргыздар иштейби? Чынында романдын биринчи китебинде иштөө процесси аз көрсөтүлөт. Ал эми романда кыргыздардын эмгекке болгон мамилеси Сокенин, Ыманбайдын, Самтырдын образдарында ачык көрсөтүлөт. Прозанын көрүнүктүү чебери жолдош Сыдыкбеков Кыргызстандын азыркы учурунан алып, бүгүнкү романы деп атай турган чыгарма жазышын мен чын дилим менен күтөм», деди жолдош Субоцкий.

Ооба, биз кыргыз прозасынын чебери Түгөлбай Сыдыкбековдон бүгүнкү күнү тоо арасында болуп жаткан чоң окуяны сүрөттөгөн романды күтүүгө толук акыбыз бар. «Литературная газета» жазуучулар союзунда өткөн кыргыз адабиятынын талкуусуна арнаган өзүнүн макаласында бул роман жөнүндө мындай деп жазды. «Прозачылардын көкүлүнүн чордонунда Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо-арасында» романы болду. Бул чыгарма кыргыз адабиятынын сыймыгы экендигине чыгып сүйлөгөн жолдоштордун бардыгы макул болушту».

Эки күнгө созулган прозанын талкуусунда, айрыкча

ораторлор азыркы учурда кучагына алган романдарга, повесттерге көп көңүл бурушуп сүйлөштү.

Бүгүнкү күндүн кишиси жөнүндө баяндаган жазуучу Насирдин Байтемировдун «Жылдызкан» романы тууралуу бир нече жолдоштор, өтө ишкердүүлүк менен сүйлөшүп, бул чыгармага жалпысынан дурус баа беришти. Сынчы Т. Трифонова өзүнүн сөзүндө «Бул китепте улуттук колорит, пейзаж, шарт, чебер берилген» деди. Сынчы сөзүнүн көпчүлүгүн романдын кээ бир кемчиликтерине бурду. Оратор: «Жылдызкан комсомол чогулушунда жаңыга тоскоолдук кылып жаткан кара күчтөргө тайманбай каршы чыгат. Анан кийин эле (бир жыл өтпөй) аны райондук комсомол комитетинин секретары кылып шайлайт. Бирок ушуга чейинки окуя жана героинанын баскан жолу канакей?» деп авторго жеме койду. Ушул роман боюнча чыгып сүйлөгөн Нагишкин: «Байтемиров гражданин — жазуучу, ал турмуштун көлөкөлүү бурчтарынан коркпойт, анын граждандык кайраты келечектин талабы үчүн орун алган баалыктар менен астейдил күрөшүүгө дилгир» — деп жазуучунун романындагы жетишкен жактарын көрсөттү. Ал достук менен жазуучунун китебиндеги төмөнкү кемчиликтерге токтолду. Оратор: «Романдын бардыгы бир калыпта жазылган эмес. Сонун жазылган главалардын артынан эне тили супсак, окуучуну зериктирген главалар учурайт. Жылдызкандын образы алгачкы главаларда автор тарабынан жакшы сүрөттөлгөн, бирок эң аягына чейин ушул «инициативаны» автор уланта алган эмес. Автор көп маселелерди дурус чечип келип, жазуучулук чекитти өз убагында койгон эмес». Оратордун ою боюнча романдын үчүнчү бөлүгү артык баш. Кээ бир ушундай пикирлерге карабастан жазуучу Байтемировдун романы дурус баа алды.

Белгилүү сынчы Т. Трифонова төмөнкүдөй эскертүү менен сүйлөдү. «Мен романдар жөнүндө сүйлөөдөн мурда, бир нерсени эскертким келет: мен жазуучуларга талапты катуураак коемун». Чынында эле бул оратор жазуучу көпчүлүк учурда романдын каармандарын өтө «аң-сезимдүү» кылып, кийинчерээк тарыхта болгон окуяларга бүгүнкү күндүн адамдары баа бергендей кылып сүйлөтүп койгондугун айтты.

Эмне үчүн автор Ашырдын аялын басмачыларга өлтүрттү? Себеби Ашырды Дашага үйлөнтүш керек эле. Демек, автор зордук менен Ашырдын аялын өлтүрүп, экинчи аял алууга анын жолун тазалады. Бирок логикалык жактан Ашырдын аялы өлгөн жок.

Сынчы А. Макаров ушул романга арналган сөзүндө



жазуучу Сасыкбаев мурдагы китеби «Фабрика кызынан» бир кадам алга шилтегенин белгиледи. Бирок бул оратор да жазуучунун кээ бир тарыхый окуяларды натура сүрөтөнүн белгилейт. «1918-жылы Бугимов сиз көрсөткөндөй болууга тийиш эмес эле. Сиз аны англиялык шпиондой кылып көрсөткөнсүз. Эсерлердин партиясы ал учурда эл арасында анча-мынча таасирге ээ болуучу, өздөрүнүн тура жолдо экенин түшүнүшө элек эле, али да болсо өздөрүнүн программасынын «тууралыгына» үмүттөнүп турушкан учур эле. Ал эми сиздин романыңызда эсер Бугимов фото тартып жатканда ага эл шпиондой мамиле кылат. Бул тарыхый жактан натуура» дейт оратор.

Аксакал жазуучу Касымалы Баялинов жаңы бүткөн повести «Курман жылга» тууралуу сөздөр укту. Ошондой эле бул повесттин адресине катуу сын айтылды.

Сынчы Романенко көрүнүктүү жазуучу Касымалы Жантөшевдин «Каныбек» романына кеңири токтолду: «Бул роман чыныгы элдик духтун традициясында жазылган. Мындай чыгармалардын каармандары эл болот» деген туура пикир айтты. Ошондой эле бул романда жомоктук стиль менен реалисттик стиль айкалыша жүргөндүгүн, бирок бул өзгөчөлүк көп учурда чыгарманын пайдасына чечилгендигин чыгып сүйлөгөн жолдоштор белгилешти.

Жаш прозачы Шүкүрбек Бейшеналиевдин студенттердин турмушунан алып жазган «Таалай жолу» романынын жакшы жактарын көрсөтүп сынчы Пустовой, «автор көпчүлүк учурда терс геройлордун кебете-кешпирин да серт кылып сүрөттөйт. Бул турмуштук чындыкка жакындатпайт» деди. Бул чыгарма жөнүндө сүйлөгөн сынчы Г. Якименко автордун жөндөмдүүлүгүн белгилеп келип: «Роман 1948-1949-жылдардагы окуяны кучагына алат. Бирок бул жылдар романда көрсөтүлбөгөн болсо, мен окуя кайсы убакытта өтүп жаткандыгын билмек эмесмин. Согуш кечээ эле бүткөн. Ал эми романдын каармандары көп ичип-жешип, жакшы кийинишет» деген пикир айтты.

Жаш жазуучу Касым Каимовдун сатиралык аңгемелери жөнүндө да жакшы пикир айтылды. Белгилүү адабиятчы Эльсберг: «Каимов чоң юморист. Анын сатириктигине караганда юморлук таланты күчтүүрөөк» деп белгиледи.

Оратор Каимовдун «Ашуудагы түн» деген орус тилинде чыккан жыйнагы жалгыз гана кыргыз адабиятынын ийгилиги эмес, жалпы советтик юмор адабиятынын ийгилиги деп ишеничтүү айтты. Ал эми Белорус жазуучусу Кулаковский Каимовдун жөндөмдүүлүгү юмордо эмес, жөнөкөй реалисттик чыгармада деп белгиледи.

Казак элинин көрүнүктүү жазуучусу, кыргыз элинин сүйүктүү досу Мухтар Ауэзов декада күндөрү «Литературная газетасынын» бетинде «Сапарың ачылсын!» деген макала жазды. Бул көлөмү кичинекей, бирок ичине чоң ойлорду камтыган макала кыргыз адабиятынын келечегин сүйгөн ар бир кишини кубандырбай койгон жок. Себеби, көрүнүктүү жазуучу Мухтар Ауэзов «Жамийла» деген повестинин эң сонун жазылганына чын дили менен кубанып, жаш автордун мындан аркы чыгармачылык ийгилигин тилеп, ак тилегин айтты. «Чыңгыз Айтматовдун повести эң жөнөкөй, соп-сонун психологиялык жактан табиги өнүгөт. Бул повесть кыргыз прозасындагы жаңы көрүнүш» деди прозанын чоң мастери Ауэзов.

Прозанын талкуусунда Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча чыгып сүйлөгөн ар бир оратор автордун таланттуулугун, келечекте перспективасы чоң экендигин белгилешти, автордун лирикалык, психологиялык манерларына чоң суктануу менен сүйлөштү. Азыркы учурда окуучулар арасында өзүнүн сонун повесттери менен абийирге ээ болгон таланттуу прозаик П. Нилин Чыңгыз Айтматовдун ачгемелерин жогору баалап, «Жамийла» повести тууралуу минтти: «Мага бул чыгарма укмуштай жакты, ал тууралуу мактоодон башка эскерте турган сөзүм жок», «Бетме-бет келгенде» деген ачгемени да оратор жогору баалап, бул ачгеменин сюжети боюнча сценарий жазса, эң сонун болор эле деген пикирин айтты.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча сүйлөгөн экинчи оратор: Садовский: «Айтматовдун чыгармачылыгындагы эң мүнөздүү нерсе эмне? — деп суроо коюп, ага өзү мындай жооп берди: — биринчиси — автордун турмушту терең билгендиги, турмуштук байкоолордун байлыгы, ар кандай деталды чебер көрсөтө билгендиги, экинчи бир белги — автор ачгемелерин курч драматизмге жана динамикалык кыймылда түзө алгандыгында,— деп билгичтик менен сүйлөдү. Оратор автордун «Бетме-бет келгенде», «Жамийла» ачгеме, повесттерин чебер жазгандыгын айтып келип, авторго: «Сиз Жамийланын фронтто жүргөн күйөөсүн таштап, башка бирөө менен кетип калышын эмне менен түшүндүрөсүз?» — деген суроо менен кайрылды.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн сөзүндө бул суроого мындай деп жооп берди. «Менин оюмча Степан анчалык жаман адам эмес, бирок ошого — карабастан, Аксиня Григорийди сүйөт, же болбосо Толстойдун Анна Каренинасын алып көрүңүзчү. Бул жерде жолдош Сытин Жамийланы күйөөсү



урган жери жок, бирок ал башкага кетип калды. Кээ бир учурда күйөөсү аялын ура берет бирок аялы таштап кетпейт».

Чыңгыз Айтматовдун ачгемелери жогорку көркөмдүктө жазылгандыгын Сытин, Лукашевич жолдоштор да белгилеп өтүштү.

Чыңгыз Айтматов чыгармачылыктын «азаптуу» (Лев Толстойдун сүйгөн сөзү менен айтканда) жолун жаңы гана баштады, али мара алыс, алдыда далай-далай белестер бар.

Жыйынтыктап айтканда эки күнгө созулган кыргыз прозасынын талкуусу эң жогорку деңгээлде өттү. Айрыкча белгилей турган нерсе москвалык жолдоштор кыргыз прозачыларына чоң талап коюп сүйлөштү. Бул фактыны председателдик кылып отурган А. Первенцев да, А. Салиев да өзүнүн акыркы сөздөрүндө белгилешти.

Проза талкуусунун жыйынтыгын А. Первенцев тыянактап, өзүнүн толкундаганын билдирди: «Мурда силердин Толстоюңар, Пушкиниңер, Гоголуңар тургай, өзүңөрдүн Михайловуңар да жок эле. Ушундай кыска мөөнөттүн ичинде алдыңарда турган оор милдеттерди эрдик менен жеңип, дал ушундай сонун чыгармалар түзгөн силерге чын жүрөктөн ырахмат!»

Биздин эл ырга шыктуу экени баарыга белгилүү. Сагынганда дубай саламды ар бир кыргыз ыр түрүндө жаза алат. Элибиздин поэзияга шыктуулугуна көлөмү жагынан тендеши жок «Манас» эпосу ачык күбө. Биз дүйнөлүк маданий казнага «Манастай» поэзиянын океанын кошконубузга дайыма сыймыктанабыз. Биздин азыркы поэзиябыздын башаты да «Манастан» башталат. «Правда» газетасы кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасынын ачылышына арнаган өзүнүн баш макаласында кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жогору баалап: «Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынын эң жогорку чокусу дүйнөгө атагы угулган «Манас» эпосу болуп эсептелет» деп жазды. Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары М. Раззаков кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасы тууралуу «Правда» газетасына жазган «Чыгармачылык өсүү жолунда» деген эң сонун макаласында «Кыргыз эли өзүнүн улуу оозеки жомогу — эпосу «Манас» менен сыймыктана алат» деп белгиледи.

Кыргыз поэзиясы өзүнүн түрдүү өзгөчөлүктөрү, туруктуу реалисттик жактан камтуу, элге эстетикалык ыракат берүү, анын турмушка болгон назик сезимдерин ойготуу, окуучунун жүрөгүндө сүйүү ынтымактуулук, достук,

башкача айтканда адамгерчиликтин эң сонун сапаттарын жаратуу жагынан эң зор күч болуп эсептелет. Азыркы учурдагы кыргыз поэзиясынын илгертен бери бай традицияларга ээ болуп келген поэзияга тийиштүү бардык жанрларды, өзгөчөлүктөрдү табууга болот! Биз улуу Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Барпынын, Алыкулдун, Жоомарттын, Жусуптун поэзияга калтырган сонун мурастары менен дайыма мактана алабыз. Талкууда кыргыз поэзиясы жөнүндө чыгып сүйлөгөн кээ бир жолдоштор кыргыз поэзиясы союздук масштабдагы эң алдыңкы отряддын катарында деп айтышты. Поэзия жөнүндөгү талкуу СССР жазуучулар Союзунун залында эки күнгө созулду. Талкуунун заседаниесинде кыргыз акындарынын досу Николай Грибачев председателдик кылды.

Талкуу акын Василий Журавлевдун өтө салмактуу, албетте, талашуу сөзү менен ачылды. Бул оратор өзүнүн узакка созулган сөзүндө (кыргыз поэзиясы боюнча доклад десе болот) А. Токомбаевдин, Жоомарт Бөкөнбаевдин, Алыкул Осмоновдун, А. Токтомушевдин, С. Эралиевдин чыгармачылыгына кеңири токтолду.

Эл акыны Аалы Токомбаев поэзиясына карата чын жүрөктөн чыккан мактоолор айтылды. Котормочу Светлана Сомова өзүнүн эң кызыктуу жарыш сөзүндө А. Токомбаевдин поэмаларына кеңири токтолду. Мисалы оратор акындын «Менин материкам» деген лирикалык поэмасын жогору баалап, бул чыгармада акындын новаторлугу толук көрүнгөн деди. Ушул эле оратор А. Токомбаев көлөмдүү поэма повести «Өз көзүм мененге» токтолуп, аны кыргыз совет поэзиясындагы эң ири, эпикалык полотно деди. Албетте акындын бул көлөмдүү поэмасы жарыш сөзгө чыккан жолдошторунун арасында бир кыйла талаш-тартышка алып келди. Белгилүү советтик орус акыны Е. Долматовский «Өз көзүм менен» поэмасын зор дилгирлик менен окугандыгына токтолуп: бул поэманын А. Твардовскийдин «Муравия өлкөсүнө» бир кыйла окшоштугуна карабастан поэма чебер жана кызык жазылган деп белгиледи.

Николай Грибачев өзүнүн акыркы сөзүндө А. Токомбаевдин чыгармачылыгын жогору баалап, «Өз көзүм менен» поэмасында кээ бир узун керексиз главалар бар экендигин көрсөттү. Василий Журавлев «А. Токомбаевдин турмуштук чоң багажы болгондуктан, ал өтө терең жазат, Акын маселени мына мындай коет: поэмага кандайдыр каарман киргизүүдөн мурда, алгач бул каармандын ички дүйнөсүн тиги же бул аракетинин себептерин, эмненин негизинде мүнөздүн өнүгүшү башталганын изилдейт» — деп,



белгилеп кетип, кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү А. Токомбаевдин чыгармачылыгындагы кемчиликтерге да токтолду. «Токомбаев элдин ички дүйнөсүн өтө кеңири изилдөөгө берилип кетип, поэзия дайыма поэзия болорун унутуп калган. Поэзия искусствонун бир түрү катары окуучуга эстетикалык ырахат берүүгө тийиш» деген пикирин айтты.

Василий Журавлев Жоомарт Бөкөнбаевдин поэзиясына өтө ашык болуп калгандыгын айтты. «Жоомарт Бөкөнбаев суктана турган акын. Ал кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын, айрыкча Токтогул баштаган кыргыз ырчыларынын сонун салттарын усталык менен сиңирген жана өздөштүргөн акын». Анын «Ажал менен Ар-намыс» поэмасын Горькийдин атактуу «Қыз менен Ажал» деген поэмасына барабар койду.

Алыкул Осмонов кыргыз поэзиясында чоң эрдик жасаган акын экендиги кийинки учурда баарына маалым болуп калды го. Қыргыз поэзиясынын талкуусуна катышкан көп жолдоштор А. Осмоновдун поэзиясына Николай Грибачев өзүнүн кириш сөзүндө: «Мен Алыкул Осмоновду кайрадан эске түшүрөйүн. Бул акын чыгармачылык ишинде өтө жеңиштүү жана көркөм форма боюнча чоң экспериментатор» Алыкул Осмоновдун конкреттүү темада жазылган ырлары, татынакай поэмалары тууралуу сөз козгоп, Василий Журавлев бул акын поэзияда калыптанып бүткөн чебер акын деп көрсөттү. Ал эми экинчи бир оратор лирикалык жана көркөм котормочу Вера Звягинцева: «Мен кыргыз поэзиясын Алыкул Осмоновдун поэзиясы боюнча баалайм» деди. Албетте, оратор анча-мынча апыртып жиберди, анткени кыргыз поэзиясында Алыкул Осмоновдон башка да таланттуу акындар көп. Жолдош Звягинцева: «Алыкул Осмонов бир гана кыргыз элине эмес, жалпы союздук масштабдагы эң таланттуу акындардын бири деп эсептеймин. Эч качан бул пикирден баш тартпаймын. Анткени, Алыкул колоритти укмуштай бере билген, өз учуру талап кылган темаларга кайрылган интернационалдык акын» деп белгиледи.

Қыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Темиркул Үмөталиевдин поэзиясы боюнча чыгып сүйлөгөндөр «Жол ыры», «Ак алтын» деген китептерди жогору баалашты. Котормочу Семен Поделков «Үмөталиевдин «Жол ыры» деген ыр жыйнагы мага аябай жакты. Бул граждандык лирикага толгон жыйнак» — деп, акындын ар бир көрүнүшкө конкреттүү мамиле кылгандыгын белгиледи. Николай Грибачев акындын «Ак алтын» деген поэмасын жакшы баалады.

Диапазону кеңири акын Кубанычбек Маликовдун поэзиясы тууралуу да жакшы сөздөр болду. Евгений Долматовский акындын чыгармачылыгындагы өзгөчөлүккө токтолуп, төмөнкүдөй оригиналдуу ой айтты.

«Акындын поэмалары көпчүлүк учурда циклдуу ырларга айланып кетет. Бул үчүн акынды жемелөөгө болобуз? Жок, мен циклдууларды советтик поэзиянын активдүү формасы деп эсептеймин», деди. Ошондой эле бул акындын чыгармачылыгы жөнүндө Н. Грибачев, В. Цыбин жолдоштор дурус пикирлер айтышты.

Абдрасул Токтомушевдин поэзиясы тууралуу талкууда чоң сөз болду десем мен апыртпаган болор элем. Кыргыз поэзиясы боюнча кеңири доклад жасаган жолдош Василий Журавлев А. Токтомушев мыкты лирик экендигин белгилеп, автор «Кычан» поэмасында кыргыз айылындагы тап күрөштү, геройлорду индивидуалдуу мүнөздөрүн чебер көрсөткөнүн айтты. Поэзия боюнча талкууга катышкан Е. Долматовский, В. Цыбин жолдоштор А. Токтомушевдин поэзиясы жөнүндө сүйлөшүп, акындын өсүү жолунда экенин белгилешти.

Кечээ жакынга чейин, кыргыз поэзиясынын классиги Барпы Алыкулов белгисиз себептер менен «көлөкөдө» калып келген эле. Поэзиянын көркөм котормочусу С. Поделков Барпынын ырларына суктанып: «Бул кыргыздын Беранжеси, Некрасову» деп белгиледи. Бирок бул оратор Барпынын чыгармаларынын социалдык курчтугу жана тематикасынын жагынан Токтогулдан ашып түшөт деген чындыкка жакындашпаган пикир айтты. Барпы мыкты акын, бирок аны Токтогулга карама-каршы коюунун зарылдыгы жок.

Насирдин Байтемировдун орус тилинде чыккан «Күмүш толкун» жыйнагындагы жакшы ырларын жолдош В. Звягинцев, В. Соколовдор белгилешти. Ал эми жолдош Грибачев өзүнүн акыркы сөзүндө Байтемировдун Ысык-Көл жөнүндөгү ырлар циклине токтолуп, бул ырлар бүгүнкү күндүн окуучуларын алымсындыра албагандыгын көрсөттү.

Акын Вера Звягинцева Смар Шимеевдин ырлары, поэмалары тууралуу толкундануу менен сүйлөп, автордун «Жамийла» поэмасын жакшы деп белгилеп, «Смар Шимеевдин «Булак суусу» жыйнагы — булактын суусундай таза» деди. Көрүнүктүү орус акыны Я. Смелчков С. Шимеевдин «Жамийла» поэмасы жандуу жазылган деп көрсөттү.

Көрүнүктүү орус акыны Василий Казин өзүнүн жарыш сөзүн Сооронбай Жусуевдин чыгармачылыгына арнады.



«Жусуев көп жактуу таланттуу акын. Ал көп учурда күтүлбөгөн далай поэтикалык ойлорду айтат» деп сөзүн башкарды. Оратордун пикири боюнча акындын лирикалык ырлары жакшы жазылган. Буга оратор «Бүркүт» «Түндө» деген чакан ырларды мисалга келтирди. Жолдош В. Казин Жусуевдин «Мөмөлүү бакта» деген поэмасын жалпыга белгилүү өткөн турмуш жөнүндө жазылып калынгандыгын айтып, акындын мындан ары бүгүнкү күндүн темаларына көбүрөөк кайрылуусун сунуш кылды.

Сүйүнбай Эралиевдин «Ак мөөр» поэмасын москвалык жолдоштор жогору баалашты. «Бир жагынан,— деди Василий Журавлев,— бул эпикалык баяндама, экинчи жагынан — лирикалык-баяндама» деп туура баа берди. Анткени, «Ак мөөрдү» эпикалык поэма десе да болот, лирикалык поэма десе да болот. Себеби эпика менен лирикалык элементтери бул поэмада укмуштай ширетилген.

«Эгерде Эралиев азыркы турмуштан «Ак мөөрдөй» поэма жазган болсо, сөзсүз ал союздук масштабдагы акындардын катарына тенелет» деп Журавлев таамай айтты. Бул поэманын формасын Е. Долматовский жогору баалады. Жаш акын К. Ваншенкин «Ак мөөргө» токтолуп «Бул искусственун чыныгы чыгармасы» деди.

Талкууда Райкан Шүкүрбековдун «Ала-Тоо жаңырыгы» деген ырлар жана тамсилдер жыйнагына, Мухтар Борбугуловдун тамсилдер жыйнагына, биздин жерге ийгиликтүү иштеп жаткан орус акыны Сергей Фиксиндин, жаш акын С. Абдыкадырованын орус тилинде чыккан жыйнагына эң жакшы пикирлер айтылды. Таланттуу жаш акын Байдылда Сарногоевдин ырлар жыйнагы орус тилинде жеткиликтүү которулбай калгандыгын ораторлор өкүнүч менен белгилешти.

Заседаниенин аягында Николай Грибачев өзүнүн негиздүү сөзүндө кыргыз поэзиясынын ийгиликтерине жана өсүшүнө жолтоо болуп жаткан себептерге кеңири токтолуп мындай деди: «Биздин эки күнгө созулган талкууга катышып, отургандардын баарына пайдалуу болду. Кыргыз жолдоштор өздөрүнүн москвалык досторунун пикирлерин өтө чыдамкайлык менен күнт коюп угушту».

Талкуунун эң аягында Кыргызстан жазуучулар Союзунун председатели Азиз Салиев сүйлөп, кыргыз поэзиясына ак пейли менен мамиле кылышып, ал тууралуу өздөрүнүн кызыктуу пикирлерин айтышкан москвалык акындарга, сынчыларга кыргыз акындарынын атынан чоң ырахмат айтты.

Азыркы учурда кулач жайып өсүп бараткан кыргыз

драматургиябыз тууралуу болгон талкуу өтө жогорку деңгээлде өтүп, жарыш сөзгө чыккан ораторлордун ар бири тиги же бул драматургга чоң талап коюп, ар бир пьесанын ийне-жибине чейин токтолушту. Драматургия боюнча талкуунун заседаниесине белгилүү драматург А. Симуков председателдик кылды. Кыргыз драматургиясында кийинки он жылдыкта ийгиликтүү иштеп келе жаткан таланттуу драматург Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай», «Ашырбай» пьесалары талкууга чыгып сүйлөгөн жолдошторунун көпчүлүгүнүн чордонунда болду. Драматургдун чыгармачылыгындагы көзгө урунарлык эң мыкты касиеттер кайсылар деген суроого оратор Н. Кладо мындай деп жооп берди: «Биринчиден, автордун өткөн күндүн темасына кайрылабы, же бүгүнкү күндүн темасына кайрылабы, драматургдун бардык пьесалары актуалдуу проблемаларды козгойт. Экинчиден, пьесада биздин замандаштарды толкундаткан татаал маселелер, татаал мүнөздөр аркылуу турмуштук карамакаршылыктардын чечилишинде». Т. Абдумомунов бул жанрда өтө ийгиликтүү иштеп жаткандыгына токтолуп, Н. Кладо драматургдун «Ашырбай» пьесасынын жакшы жактарын кеңири анализдеп келип, пьесанын планына социалдык мотив коюлбастан, уруучулдук күрөш, өч алуу коюлуп калган деген аргументсиз пикирди айтты. Тетиринче «Ашырбай» пьесасында социалдык күрөшүү автор тарабынан ишеничтүү көрсөтүлгөн. Грузиядан келген өкүл М. Мревлишвили «Ашырбай» пьесасына токтолуп, негизги каармандар Ашырбай менен Дадыйдын образдары жакшы түзүлгөндүгүн белгилеп, авторго өтө салмактуу кеңештерди айтты. Оратордун ою боюнча «Ашырбай» пьесасынын негизги кемчиликтеринин бири — чыгармада окуя көрсөтүлбөстөн, көп учурда баяндалганында.

Белгилүү драматург В. Лаврентьев Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай» пьесасы автордун эң кызык табылгасы деди. Кийинки редакциясында автор пьесадан профессор Петровду жана Айдаровду алып салганын кубаттайт. Ал эми Арменияда келген драматург А. Аракснанян, Т. Абдумомуновдун драматург катары өтө жөндөмдүү экендигин, анын таланттуулугу «Тар капчыгайдан» көрүнүп тургандыгын белгилеп келип: «бирок, бул пьеса автордун турмуштук байкоолорунун негизинде жазылбаган, кээ бир окуган китептердин таасиринде жазылса керек» деген пикир айтты. Таланттуу драматург Т. Абдумомунов бул талкуудан мындан аркы чыгармачылык ишине өтө пайдалуу, принципиалдуу кеңештер укту.



Көрүнүктүү драматург К. Жантөшовдун «Каныбек» пьесасы тууралуу «Талашсыз бул эң сонун чыгарма экендигин, Каныбектин, Железновдун образдары ишеничтүү түзүлгөндүгүн» А. Успенский айтып, авторду куттуктады. Экинчи бир оратор В. Пименов ушул эле пьеса тууралуу «Бул пьесанын артыкчылыгы геройлордун өздөрүнчө арекет кылбагандыгында турат, пьесанын алгачкы көрүнүшүнөн эле бир командир менен комиссар бир максат үчүн күрөшкөнүн көрөбүз» — деп сүйлөдү.

Кубанычбек Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл» пьесасы боюнча сүйлөшкөн ораторлор маанилүү нерселерге токтолушту. «Фольклордук мотив менен жазылган бул пьесанын жүрөгү таза, башкы каарманы Жаңылдын образы авторлор тарабынан чебер көрсөтүлгөн» — деп белгиледи жолдош Аракснанян.

Жолдош Вишневская «Жаңыл» пьесасында улуттук колорит, турмуш өтө чебер берилген дейт.

Таланттуу драматург Райкан Шүкүрбековдун «Менин айлым» пьесасы жогору бааланды. Бул пьесада комедиялык белгилер, образдар жакшы берилгендигин М. Мревшвили көрсөттү. Жолдош В. Винников да Райкан Шүкүрбековдун «Менин айлым» — комедиясы тууралуу ушундай жылуу пикирлерди айтты.

Жолдош А. Любимова менен А. Садинскийлер да Касымбек Эшманбетовдун көптөн бери кыргыз сахнасынан түшпөй келе жаткан «Сарынжи» пьесасын ийгиликтүү жактарын белгилешти.

Талкууда председателдик кылып отурган М. Симуков өзүнүн акыркы сөзүндө кыргыз драматургиясынын ийгиликтерин чын жүрөктөн куттуктап, мындан аркы чыгармачылык ийгиликтерин тилеп, анын драматургиядагы кээ бир орчундуу проблемалык маселелерге токтолду. Кыргыз драматургиясы боюнча талкуу өтө принципиалдуу болуп, көп кызыктуу маселелер козголду.

Кыргыз адабий сыны али жаш. Айрыкча белгилей турган нерсе ушул убакытка чейин адабий сынды (ушуну кайталап айтам) өзүнө кесип кылган сынчы, азырынча жок. Бирок ушунча өкүнүчтүү фактыга карабастан согуштан кийин бул жанрда Ж. Самаганов, А. Салиев, Ш. Үмөталиев, К. Асаналиев, М. Борбугулов, К. Укаев өндүү жаш сынчылар жана адабиятчылар өсүп чыгышты. Бул аты аталган жолдоштор тиги же бул кыргыз жазуучуларынын же кыргыз адабиятынын белгилүү учуру тууралуу кызыктуу эмгектер жазыша алышты.

Максим Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунда өткөн адабий сындын талкуусу өтө кызыктуу болду. Адабий сын тууралуу талкуу өзүнүн чегинен чыгып, жалпы кыргыз адабияты тууралуу талкууга айланды. Биринчи болуп сүйлөгөн сынчы М. Шкерин, К. Асаналиевдин «Т. Сыдыкбековдун романдары» деген илимий эмгегине токтолуп, Асаналиев адабиятка, турмушка белгилүү көз карашы бар, мазмуну социалисттик, формасы улуттук адабияттын негизги милдеттерине туура түшүнгөн сынчы» деди. Жолдош Шкерин Асаналиевдин эмгегиндеги аналлизге орчундуу көңүл бөлгөн академизмди көрсөтүп, сынчыны адабий сындагы күжүрмөндүккө чакырды. Экинчи бир сынчы А. Бровман Асаналиевдин ушул чыгармасын илимий негизге таянып жазылгандыгын белгилеп, бирок автор эч нерсеге терең таянбай эле Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романын жазууга чыгармачылык багытын жана коллективизация темасын өзүнүн чыгармасында ийгиликтүү чечүүдө М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» романы чечкиндүү роль ойноду деп көрсөтөт. Бул натуура, Сыдыкбеков бул проблеманы өзүнчө чечкен дейт оратор. Жалпысынан К. Асаналиевдин талкууда кеп болгон «Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары», «Кыргыз совет прозасынын очерки» деген эмгектери талкууда талаштартыш туудуруп, сынчы өзүнчө көп пайдалуу пикирлер укту.

М. Борбугуловдун «Кыргыз драматургиясынын өсүш жолу» деген эмгегин сынчы Ю. Борев өтө маанилүү жана керектүү эмгек экендигин айтты. Экинчи бир оратор Л. Эдельман Борбугуловдун бул эмгегинин композициялык түзүлүшү, материалды билгичтик менен камтышы жагынан өзгөчө орунду ээлейт деди.

Ж. Самагановдун «М. Горькийдин кыргыз адабиятындагы традициялары» — деген эмгегин дурус баалап, бул чыгарма боюнча сүйлөгөн Фетисов, Осмонова, авторго пайдалуу кеңештерин айтышты.

Талкууда чыгып сүйлөгөн Р. Бихмухаметов, В. Дементьев жана С. Брейтбург жолдоштор А. Саліевдин, Ш. Үмөталиевдин. К. Укаевдин айрым макалаларына токтолуп, бул автордун кээ бир адабий макалаларды жакшы жазылгандыгын белгилеп өтүштү. Талкууда жөндөмдүү сынчы Ш. Үмөталиевдин А. Осмонов жана А. Токомбаевдин чыгармачылыгы тууралуу атайын китеп болуп чыккан монографиялары сөз болбогондугу түшүнүксүз. Талкуунун аягында К. Асаналиев сүйлөп, кыргыз адабиятчыларынын,



сынчыларынын атынан москвалык калемдештерге ырахмат айтты.

Талкуунун аягында председателдик кылып отурган белгилүү сынчы Л. И. Скорино кыргыз адабий илими азыркы учурда кубаттуу күчкө айланып бараткандыгын белгиледи.

Наристе баланы кандай жакшы көрүп урматтасак, биз балдар адабиятын дал ошондой сүйүп, ага дайыма камкордук, этияттык менен мамиле кылуубуз зарыл. Биздин балдар адабиятыбыз али балдардын өздөрүндөй жаш, али булчуну чыңала элек. Ошого карабастан, жыл өткөн сайын чыңалып, жакшы чыгармаларга ээ болууда.

Кийинки учурда балдар үчүн чыгармалар жазылган авторлордун саны көбөйүүдө. Бирок балдар адабиятына «Чыккынчылык» кылбай, бүт чыгармачылык күчүн, дедой акын жазуучулар али кыргыз адабиятында жарала элек.

Балдар адабиятынын талкуусуна балдардын сүйүктүү досу С. Михалков председателдик кылды. Кыргыз элинин сүйүктүү уулу Кычандын өмүрүнө арналган жаш жазуучу Ш. Бейшеналиевдин повестинин тегерегинде талкууда бир кыйла кеңири сөз болду. Жазуучу В. Баникин Ш. Бейшеналиевдин «Кычан» повестинде реалдуу мүнөздөргө ээ болгон геройлор бар экендигин, автор улуттук колоритти дурус сүрөттөгөндүгүн мисалдар менен көрсөтүп, жалпысынан повесть жакшы жазылгандыгын белгилеп, китепте «штаты» жок кээ бир артык баш геройлорду кыскартып салыш керек, же алардын мүнөзүн өөрчүтүү зарыл деди. Дагы бир оратор С. Баруздин Бейшеналиевдин «Кычан» повестин автордун ийгилиги катары баалап, китепте Павлик Морозовдун кулактардан өлгөндүгү тууралуу билбесе керек эле деди. С. Воронцева автордун «Кычан» повестин, «Ак тайлак» ацгемесин жакшы деп көрсөттү.

Балдар адабиятында көптөн бери иштеп жүргөн Муса Жангазиевдин балдар үчүн жазылган ырларына талкууда сүйлөшкөн жолдоштор көбүрөөк көңүл бурушуп, автордун дурус жазылган ырларын белгилешти. С. Баруздин М. Жангазиевдин «Бактылуу саптар» деген ырлар жыйнагындагы «Вожатый», «Сабагыма кечиккеним жок», «Укмуштуу тоо», «Жаңы көчө» деген ырлары балдар үчүн түшүнүктүү жылуу жазылган деп көрсөттү. Оратор М. Жангазиевдин «Зоопарк» тууралуу жазылган ырлары өтө начар жазылгандыгын эскертти. Экинчи бир оратор

Высоцкая Муса Жангазиевдин балдар үчүн жазылган ырлары мага жагат деп айтты өзүнүн сөзүндө. Жолдош Высоцкая «Зоопаркта» деген циклде көзгө көрүнгөн эле предметти сүрөттөй бергендиги үчүн авторду жемеледи. А. Блатинина, А. Алексин жолдоштор Р. Шүкүрбеков менен А. Токтомушевдин балдар үчүн жазылган ырлары, жомок-тору жөнүндө кеңири сүйлөштү. Жазуучу В. Баникин, А. Сальниковдун «Кеминдеги жай» деген балдар үчүн жазылган ырлары өтө начар экендигин жолдош Балагина белгиледи. Талкуунун аягында Шүкүрбек Бейшеналиев, Муса Жангазиевдер сүйлөшүп, талкууга катышкандарга чоң ырахмат айтышты.

Талкуунун аягында С. Михалков сүйлөп, балдар адабияты үчүн эмгек кылып жаткан кыргыз жазуучуларын кызуу куттуктады.

24-октябрде СССР жазуучулар Союзунда кыргыз декадасынын адабий бөлүмүн талкуулардын жыйынтыгын корутундулоо үчүн кыргыз жазуучуларынын катышуусу менен секретариаттын атайын заседаниеси болду. Бул заседаниеде Кыргыз ССР жазуучулар Союзунун Секретары Г. Марков председателдик кылды. СССР элдеринин улут адабиятынын комиссиясынын председатели П. Сосыров адабий талкууга жүздөн ашык москвалык жазуучулар, сынчылар жана акындар катышты деп билдирди. Жалпысынан секретариат кыргыз адабияты күрдөөлдүү адабиятка айлангандыгын белгиледи. Бул пикирди сүйлөгөн В. Журавлев, С. Поделков, К. Пермитин, жана С. Баруздин да кубатташты.

Заседаниенин аянтында А. Салиев, Н. Байтемиров жолдоштор сүйлөшүп, москвалык калемдештерге, өтө кичипейилдүүлүк менен мамиле кылышкандыгы үчүн кыргыз жазуучуларынын атынан алкыш жана ыракмат айтышты.

23-октябрь күнү кечинде Чайковский атындагы концерттик залда декаданын адабий бөлүмүнүн корутунду кечеси болду. Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын председатели А. Салиев адабий талкуунун жыйынтыгы тууралуу сөз сүйлөдү. А. Салиевдин сөзүнөн кийин кыргыз акындары биринин артынан экинчиси чыгып, өздөрүнүн ырларын окушуп, москвалыктарды ыраазы кылышты. Кеченин аягында декаданын катышуучулары сонун концерт беришти.

1958



## СЫН ОРДУНА КОРКУТУУ-ҮРКҮТҮҮ

Жаңыдан жаза баштаган адабиятчылардын чыгармаларына көңүл коюп жана ойлонуп, сын көз менен талдоо жүргүзүү талап кылынат. Тилекке каршы республикалык «Советтик Кыргызстан» газетасында жарыяланган сынчы К. Артыкбаевдин «Күн менен сарала итте эмне айып?» деген көлөмдүү макаласын андай деп айта албайбыз.

Карасанатайлыкка толгон бул макала жол берилгис оройлук менен жазылган. Анда Т. Акматовдун жана А. Саспаевдин кичинекей үч аңгемесинин курулай калп, ойдон чыгарылып айтылган идеялык каталыктардын «бети ачылат».

Т. Акматовдун «Күн болбой куруп кал» деген аңгемесинен сынчы, бул аңгеменин авторун жана окурмандарын тан калтырып, жаш жазуучу биздин адамдарга кандай болбосун көбүрөөк зыян келтирүүнү эңсегендей оор күнөөлөрдү таккан. Авторго карата айтылган бардык чуулгандуу айыптар үчүн кыргыз тилинин айрым касиеттерин жакшы түшүнбөгөн сынчынын абийирине калтырабыз.

Аңгеменин авторуна кыштын аба ырайынын жамандыгы үчүн да сөз тийген. «Бул бороондуу күн анчалык катуу болбогон күнөстүү Кыргызстанда өтүп отурат. Биздин билишибизче үч-төрт күн катары менен көз ачырбай, адамды сыртка чыгарбай койгон бороон биздин жерде болбосо керек эле» — дейт сынчы. Бирок ушул эле жерде эл анын сөзүн төгүнгө чыгаруусунан чочулап, айбаттуу сынчы аңгеменин авторун «биздин доорго мүнөздүү болбогон бороонду тандап алган» деп жемелейт.

Сынчы ошондой эле А. Саспаевдин «Сарала ит» деген аңгемесин талдаганда, сынчы «сарала итти туура эмес позициядан жана так эмес идеядан» сүрөттөгөн деп катуу айыпты авторго жүктөйт. Аңгеменин автору «сарала ит» аркылуу кимди сүрөттөгүсү келгендиги сынчы К. Артыкбаевке «түшүнүксүз» бойдон кала берен.

Ошондуктан, дейт сынчы «автор өзүнүн чакан аңгемесинде ушунчалык идеясыздыкка барып такалган». Сынчы далили жок башка айыптарды коюудан да баш тартпайт.

Калыбы, жаш авторлордун аңгемелеринин айрым кемчиликтери бар чыгар, сындоону да талап кылат. Бирок жаш жазуучулардын идеялык жактан өсүшүнө, көркөмдүк чеберчилигин өркүндөтүүгө жардам бере ала турган ынандырган, калыс, достук сын керек. «Советтик Кыргызстан» газетасы «Күн менен сарала итте эмне айып?» деген одоно жана ошол эле учурда адабиятты үйрөнүү жагынан

алсыз, чабал макаланы жарыялап, редакциялык корутундуу[1] да ал макаланы толук колдоп, тилекке каршы, бул сын эмес, жөнү жок коркутуу-үркүтүү экендигин андабай калган.


«Правда», 1964-жыл, 14-сентябрь.

[1] Редакциядан: кийинки кездерде «Ала-Тоо» журналында чыгармаларды тактоодо принциналдуу талаптын кыйла бошоңдоп кеткендиги байкалат. Журналдын редакциясы, анын редколлегиясы, жаңыдан кадам шилтеген айрым жаш жазуучулардын чыгармаларына сын көз менен карап, туура багыт берүү ордуна, ылгабай эле чыгара берүү жолуна түшкөн. Ошондуктан жогорку макалада (К. Артыкбаевдин «Күн менен сарала итте эмне айыл?» жөнүндө жүрүп жатат — К. Б.) көрсөтүлгөн идеялык жагынан калыс, ал гана турсун зыяндуу, жалган эстетикалык чыгармалар жарыкка чыгып кеткен. Сынчы К. Артыкбаевдин «Ала-Тоо» журналында жарыяланган эки ангемеге берген талдоосу, чыгарган корутундулары көңүл бурууга татыктуу. Ал бул чыгармалардын калпыс экендигин ар тараптан негизден көрсөткөн. Андыктан анын пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Бул сыяктуу идеясыз, зыяндуу чыгармаларга журналдын бетинен орун берилиши өкүнүчтүү. Бул жерде мында редколлегия, редактор (редактордун милдетин аткаруучу жолдош О. Орозбаев) кала берсе жазуучулар союзунун президиуму кайда болгон? Эмне үчүн мындай калпыс чыгармалардын жарыкка чыгышына жол берилген? — деген суроосу менен кайрылгыбыз келет. Же бизде булардан башка көтөрө турган тема жокпу? Мындай идеясыз, жок жерден ойлонулган чыгармалардын ордуна, азыркы биздин замандагы эмгек баатырларынын, советтик адамдардын — коммунизмди курууучулардын ички дүйнөсүн көрсөткөн чыгармалар жарыяланса, кандай жакшы болоор эле!

*«Советтик Кыргызстан»,*
*1964-жыл, 23-июль.*





# АДАБИЯТ — ЫЙЫК ИШ

## АДАБИЯТТЫН ЖАНА СЫНДЫН БҮГҮНКҮ ТАЖРЫЙБАСЫНДАГЫ ЖАҢЫЧЫЛДЫК

Көркөм адабияттагы кайра куруу—бул талапчылдык, талапчылдык жана дагы бир жолу талапчылдык. Ата мекендик адабиятыбыздын эң мыкты өкүлдөрү жан-жүрөгүн жалындатып айтып жана жекече өрнөгү менен күрөшүп келген жалгыз ушул принцип адабиятта ар убак өкүм сүрүп турууга тийиш. Алыкул Осмонов өзүнүн өмүр тарыжмалында кыркынчы жылдардын башталышында «Лирика» аттуу ырлар жыйнагынан кол жазмасын өз колу менен тытып, өрттөп салганын эскерет. Муну бей акылдык деп ойлосо болор эле. Бир жагынан алганда, бул ырастан эле ошондой көрүнөт, бирок, мындай «бей акыл» жосун чыгармачылыкта өзүнө катаал — катуу талап койгондо гана болот. Дүйнөлүк жана ата мекендик адабияттын мисалдарынан биз чыгармачылыктын жан ачыткан азабын тартып, өзүн-өзү өркүндөтүү мудаасында өз чыгармасын өрттөп, б. а. өзүнө-өзү ырайымсыздык кылган ушундай «бейакылдыка» барган тигил же бул ысымдарды билебиз, андай ар бир чыгармада автордун жаны күйүп, анан ошонун күкүм-күлүнөн кыйла өркүндөгөн, кыйла күчтүү жаңы чыгармалар жаралып жана чыгармачылыктын жаңы бийик чокуларына жеткенин билебиз. Алыкул Осмоновдун

ошол өрттөлгөн ырларынын арасында өз мезгилине төп келгендери сөзсүз болгон деп болжолдосок болот. Муну акын өзү да жакшы билген болуш керек. Бирок, өзүнө-өзү алымсынганды билбеген Осмонов ал кезде Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» аттуу улуу дастанын чыйырына чыгара которуп, кеңири таанылып алгандыгына карабастан, мурдагы ыр жыйнактарына ыраазы болбой, акындын албуут дүйнөсү жазгы баардагы совурдай күр-шар түшүп, чыгармачыл жаңы төңкөрүштү көрсөп, адабий эрдикти эңсеп турган убагы эле. Айткандай эле, ал өзүнүн андан кийинки китептеринде поэтикалык жаңылыкты аны кандай кереметтерге алып келгенин тана алгыс кылып тастыктап бергенин билебиз. Башка бир мисал. А. Твардовскийдин улуу акын гана эмес, ошондой эле жаалы катуу редактор жана искусствонун катаал сынчысы болгону өлкөнүн адабий журтчулугуна жакшы белгилүү. Ал жаштарга ар дайым адабият — алпейимдикти билбеген ырайымсыз ыйык иш деп айткан жана чыгармачылыкта өз туткан бул принцибинен ал өмүрүнүн эң акыркы күнүнө чейин кылчалык кыйшайган эмес. Кечээ жакында «Новый мир» журналынын башкы редактору Сергей Залыгин «Известия» газетасына берген интервьюсунда айткан бир адабий жаңылык мени абдан айран-таң калтырды: «Александр Трифонович Твардовскийдин 1932—33-жылдары жазып, бирок толук бүтө албай койгондуктан анысын өзү оюнан чыкпаган нерсе деп атаган повестин эми эле окуп бүттүм. Бул кандай керемет кат! Мен Твардовскийди жакшы эле билемин го дечүмүн, бирок муну окуп чыккан соң ал эмне үчүн кеменгер акын болгондугун жаңыча түшүнгөндөй болдум: анткени, ал керемет прозачы экен!» («Известия», 1986-ж, 16-январь). Өзүңүздөр ойлоп багыңыздар: «Новый мир» журналынын эки мертебе башкы редактору болуп иштеп туруп, Твардовский бул повестин кааласа бастырып деле алмак. Бирок, мен билгенден ал бул жөнүндө эч жерде жана эч качан эскерген эмес. Бүгүн болсо сөзү менен иши эки чыкпаган дагы бир абройлуу орус жазуучусу эл көзүнчө Твардовскийдин ошол повестине суктанып отурат. Экинчи мисал, 1978-жылы бир интервьюсунда Чыңгыз Айтматов мындай деп ачык айткан: «...Маркестин «Жалгыздыктын жүз жылы» аттуу романын окуп отуруп эрксизден өзүмө суроо бердим: буга чейин канчалык кылдат иштей алдым?» Дүйнөлүк наамы бар жазуучу өз чыгармачылыгы жайында ушундайча күдүктөнүп, ушундайча санаа тартат. Анын бул сөздөрүнө биздин кооптонгонубуз кийин жөнү жок болуп чыкты.



Айтматов көрсө сүрөткер катары өз чыгармачылыгында эстетикалык жаңы бийиктикти эңсеген экен, ал эми мунсуз адабиятта жаңычылдык деген болбойт эмеспи. Дегинкиси, өзүнө өзү алымсынбагандык, а кээде өз чыгармачылыгына жетиштүү баа бербегендик залкар таланттардын гана үлүшүнө тийер энчи. 1880-жылы «Согуш менен тынчтыктын», «Анна Каренинанын» даанышман автору ак көңүлүнөн мына муну айткан: «Жакында мен «Өлүк үйдү» окудум... Баарын унутуп салып мен аны кадалып кайра-кайра окудум жана Пушкинди кошуп алганда да азыркы бүткүл жаңы адабияттан мындайды көрө элекмин». Ар кандай залкар сүрөткердин чыгармачылыкта эстетикалык жаңы бийиктикке көтөрүлүп чыгышы — бул татаал, азаптуу, айрым учурда драмалуу иш. Кыйла жылга үн катпай калган сүрөткердин баары эле чыгармачылыкта кысталанга туш келгенден улам ушинтпейт... Анык сүрөткер гана айрым бир кездерде аялдай калып, өзүнүн жаңы чыйырын издейт. Ал эми ортозаар жазуучуда, жазмакер эргулдарды айтпай эле коёюн, чыгармачылыктагы андай кысталаң кырдаал, күдүктөнүп убайым тарткан, санаага түшкөн учурлар дегеле болбойт. Адабияттагы талапчылдык, жаңычылдык жайындагы ойлорду жалпылап жатып, табигаттын кызык бир көрүнүшүн эске салуу эп болбочудай. Айылда төрөлүп, айылда өскөн ар бир адам билет: кадимки эле талаанын макулук жандары жылдын белгилүү маалында терисин түлөтүп, жаңыланып турушат. Кейпи, анын дал ушул кездеги абалы баарынан кыйын жана азаптуу болуш керек... Мени баамымда, сүрөткер үчүн өз чыгармачылыгында эстетиканын жаңы бийиктигине — жаңычылыкка ээ болуу: адеп караганда канчалык акылга кайчы келсе дагы, жыландын териси түлөгөн учурга түспөлдөш иш сыяктуу көрүнөт.

Социалисттик реализмдин чыгармачыл методу тема, ар түрдүү **адабий** формаларды, жанрларды, стилдерди тандап алууда сүрөткерге кеңири мейкиндик берет, анын жандуу эстетикасы сүрөткерди белгилүү калыпка салбайт жана чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн тарытпайт, муну жалпы совет жана боордош социалисттик өлкөлөрдүн адабияты, алардын көркөм тажрыйбасы ырастап турат. Советтик талант-туу жазуучулардын чыгармачылыгында бирдиктүү, ыраатуу эстетикалык система калыптанып түзүлгөнүн, ал болсо дүйнөлүк адабияттын көркөм казынасын арттырганын социалисттик реализмдин көрүнүктүү советтик теоретиктери өз эмгектеринде ынандырарлык кылып далилдеп беришти. Биздин социалисттик турмушубуз татаалданып, улам

жаңыланып баратат, андыктан адабият аны туура, бардык жыйымы жана карама-каршылыгы менен чагылтып көрсөтүүгө милдеттүү, демек, социалисттик реализмдин теориясы, эгер ал бир орунда жер таптап туруп алгысы келбесе, өзүнүн концепциясында адабияттын ушул жаңычасапатын сергек, сезимталдык менен көрсөтө билүүгө тийиш. В. И. Лениндин атактуу «философиялык дептерлеринде», «Кубулуш мыйзамдан байыраак келет» деген терең маанилүү ой бар. Бул ой турмуш өнүгүп-өсүп, өркүндөп турат, андыктан ал тууралуу мурдагы көз караштар түзөтүлүүгө муктаж болот дегенди билдирет. Биз, сынчылар социалисттик реализм эстетикасынын чордонун түзгөн оң каарман проблемасын талкуулаган учурда В. И. Лениндин эмгектерине көп таянып, ага кайрыла бербейбиз. Оң каарман, албетте, социалисттик реализмдин жолунда турган адабияттын ар убак кыймылдаткыч күчү болгон жана боло берет. Бирок, 30-40-жылдарадгы адабияттын оң каарманы жөнүндөгү теориянын эстетикалык принциптерин бардык учурга жарактуу өзгөрбөс нерсе катары кароого болбойт. Ар бир доор авансценага өзүнүн каарманын чыгарат: Павел Власов, Чапаев, Левинсон, Кожух, Давыдов, жаш гвардиячылар, Терхин, Вихров, Дүйшөн, Танабай, өз мезгилинин чыныгы каармандарынан болушкан. Биздин азыркы мезгил да өзүнүн каармандарына карама-каршылыктуу натураларга бай биздин арабыздагы азыркы учурдун чыныгы каармандары жашап, иштеп жүрөт, бирок, алардын көпчүлүгү белгилүү себепке ылайык, революциялык жактан такшалуунун, буурандаган, апааттуу отузунчу жана согуш жылдарынын катаал мектебинен өтүшкөн эмес, ошол кездеги адамдардын аскет сымал жашаган жосуну аларга өөн... Демек, социалисттик реализм адабиятынын биздин күндөрдөгү оң каарманы өздөрүнүн ошол мурдагы өнөктөрүнүн өзгөчөлүгү, чыныгы сүрөткер аларды турмуштан айныбай таап, реалисттик адабий тибин татаал, демейкиге окшобогон кырдаалдарда, айыгышкан кармаштарда, а кээде ашуулардын, оргуштаган кумар-ышкынын күүсүндө көрсөтө алат.

Кыргыз совет адабияты бүткүл көп улуттуу совет адабиятынын ажырагыс бир бөлүгү катары социалисттик реализм методунун нугунда өнүгүп келген жана өнүгүп жатат, анын алдыңкы өкүлдөрү өздөрүнүн жаңычыл изденүүлөрүндө олуттуу чыгармачыл ийгиликтерге жетишти. Айбарлуу Ала-Тоо — бул асман тиреген аскар чокулар эле эмес, ал бөксөлүү адырлардан жана дөңсөөлөрдөн да



күралган жана буларсыз анын кунары качып, жарды жана жапыз болуп калмак. Анын сыңарындай талашсыз бараандуу табылгалары бар азыркы кыргыз адабиятында бардык жанр жагынан таасын, так көркөм каражаттарды издөө иши интенсивдүү түрдө жүрүп жатат, таланттуу бир катар прозачылар, акындар, драматургдар өнүккөн адабияттардын өнөгөлүү көркөм тажрыйбаларын жана өзүбүздө топтолгон реалисттик өтөлгө-жөрөлгөлөрдү чыгармачылык менен өздөштүрүп, соңку жылдардын ичинде романдарды, повесттерди, поэмаларды, ыр жыйнактарын, пьесаларды жаратышты, алардын арасында талант дараметине, көркөм көз караштын күчүнө жараша айырмаланган, олуттуу адабий чыгармалар бар. Азыркы кыргыз прозасынын тематикалык диапазону, алда канча кеңейип стилдик көркөм каражаты көп түрдүү болуп баратат. Соңку жылдарда өткөндөгү ийгиликтерин улантып жана бекемдеген, өзгөчө Чыңгыз Айтматовдун роман формасындагы анын тайманбас изденүүсү жана айрым кыргыз жазуучуларынын көзгө толумдуу ийгиликтеринин аркасында роман жанры эстетикалык жактан бир кыйла бийик даражага көтөрүлгөндүгү кубанаралык иш. Айтматов мурдагы прозадагы чакан жанрлардын таанылган чебери катары белгилүү болсо, жетимишинчи жылдардын экинчи жарымында жазуучунун чыгармачылыгында роман формасында ыктаган ири бурулуш башталды, бул, арийне, анын чыгармачыл керектөөсүнө жана потенциалдуу мүмкүнчүлүгүнө алда канча толук өлчөмдө төп келген форма болуп чыкты. Айтматовдун соңку «Акыр заман» романы өзүнүн көркөм курулушу, сюжеттик-композициялык түзүлүшү жагынан көп катмарлуу, философиялык татаал талаш-тартыш чыгарма. Өз романында жазуучу, ар убак боло келгендей, биздин турмуштун гана эмес, ошондой эле көркөм изденүүнүн жана «форма түзүүнүн» да жаңы, демейдегиге окшобогон жактарын тайманбай таап ачып, буга чейин социалисттик реализм методунун тажрыйбасында кездешпеген Авдий Каллистратов сыяктуу жубардай дили таза, өз ишениминен кайра тартпаган эрктүү, акыйкаттык, асылдык, адамдын ыйман-абийири үчүн турмуштагы кесепет-кесирликке каршы өз алдынча күрөшкөн адамдын — оң каармандын мүнөзүн түзүп, биздин бул боюнча калыптанып калган түшүнүктөрүбүздүн сенейген дамбаларын бузуп уратты. Авдий каршы турган социалдык кесепеттер менен биз да келишкиспиз, мына ушул мааниде ал биздин жарнакташыбыз, жакын адамыбыз. Башкы каарман автордун ой-мүдөөсүн өз оролорунда ырааттап турууга тийиш,

анткени, турмуштагы гана эмес, ошондой эле жан-дүйнө-
дөгү, ой-сезиминдеги, жүрөгүндөгү эң бир кастарлуу, эң
бир аялуу керсең адатта ошол каарман аркылуу көөр таш-
тай көлкүлдөп сыртка чыгат эмеспи. Деги Шолохов өзүнүн
улуу романында башкы каарман катары Григорий Меле-
ховду, көңүл-көөнү көк мухиттей күргүштөп жай таппай,
социалдык акыйкатты өз абийири аркылуу издеген, ошон-
дон улам оңго-солго көп бой таштабаган адамды бекер
жерден тандап албаса керек. Даанышман жазуучу тарых-
тын буркан-шаркан түшкөн бурулуш маалында Дон кы-
лаасында болуп өткөн дүйнөлүк маанидеги татаал окуяны
дал ушул Мелехев аркылуу чындыгынан жазгырбай, ке-
мелерин кемитпей көрсөтүп бере аларын билген.

Тарыхый акыл-эс көп улуттуу совет адабиятынын күр-
гүштөгөн агымына келип кошулууда жана бул көрүнүштүн
мийзамченемдүү жолу бар, неге дегенде, өткөндөгүнү те-
реңдеп тескеп албай туруп, анын таалимине таназар бер-
бей туруп бүгүнкү жана эртеңкини териштирип чыга ал-
байсың. Т. Касымбековдун «Келкел» романында жаркын
көркөм образдар аркылуу кыргыз элинин өткөн кылымдын
биринчи жарымындагы жана XX кылымдын биринчи, экин-
чи он жылдыктарындагы тарыхый турмушунун кеңири по-
норамасы тартылган «Келкел» романындагы көркөмдүктүн
күчү жана жаңычылдык — Токтогул, Фрунзе, Курманжан-
датка сыяктуу анын башкы каармандары күбө болгон
тарыхый окуялардын нукура тарыхыйлуулук менен трак-
товкаланышында, алардын реалисттик, толук кандуу, таа-
сын боёктор менен сүрөттөлүшүндө, жандуу, индивидуал-
дуу адабий мүнөздөрдүн түзүлгөндүгүндө турат. Турмуш-
тун кыйын-кысталаң кырдаалына туш болгон адамдардын
ак жаркын образдарын түзүүдө жана композициялык-
сюжеттик ырааттуулукка ээ болууда Ө. Даникеев «Көкөй
кести» романында олуттуу ийгиликке жетишти. Өксүткөн
бир гана нерсе — романдын каармандары узак убакыт
бою (төрт жыл) алыскы, бараргa жолу, кечерге кечүүсү
жок географиялык обочо чөлкөмдө калууга кандайча ар-
гасыз болгондугу жетерлик түрдө сыпатталбай калган.
Белгилүү эмеспи, прозанын чакан формасы деп аталган
повесть, аңгеме эстетикалык табияты боюнча жазуучудан
өнөрдүн өзгөчө күчүн талап кылган адабияттагы татаал,
кыйын түргө кирет. Бул жанрдын биздин адабияттагы
тажрыйбасында А. Токомбаевдин, М. Элебаевдин, Т. Сы-
дыкбековдун, Ч.Айтматовдун, К. Каимовдун, Ж. Мавля-
новдун А. Саспаевдин ж. б. чыгармаларынан көрүлгөн
ийгиликтери бар. Азыр бул багытта М. Гапаров, К. Жу-



супов, М. Мураталиев, К. Акматов, А. Жакыпбеков, С. Же-
тимишев, К. Өмүркулов, О. Айтымбетов, М. Мамазаирова,
А. Камалов, Ж. Жапиев ж. б. ийгиликтүү иштеп жатышат,
алардын мыкты аңгемелери менен повесттери окурмандар-
дын кеңири чөйрөсүнө жакшы белгилүү. Мен бул жерде
М. Гапаровдун «Дарыялардын шоокуму» жана К. Акма-
товдун «Боз чымчык» повесттерин белгилеп кетким келет.
Аталган жазуучулар стилдик өзгөчөлүктөрү, жазуучулук
индивидуалдуулугу жагынан бири-биринен кескин айырма-
ланышат, бирок, аларды адабиятта бириктирип турган бир
жакын окшоштугу бар. Бул — талапчылдык жана көркөм
форма жагындагы тынымсыз изденүү. «Дарыялардын
шоокуму» повестинде М. Гапаров бала кезден тааныш,
жанындай көргөн дүйнөнү аялуу бир аруу сезим менен
сүрөттөп, көркөм иликтөөгө алат жана андан өз чыгар-
мачылыгын чырайына чыгарган жаңы боёкторду, көңүл
эргүүсүн табат. Ал эми К. Акматов болсо көлөмү жагынан
чакан чыгармасындагы интеллектуалдуу деңгээли окур-
мандарды суктанта алар азыркы кездеги чабандын обра-
зын ишенимдүү түрдө алган. Тилекке каршы, азыркы жаш
прозада аттын кашкасындай болуп айырмаланган, инди-
видуалдуу жаңы ысымдар жок. Ал эми ар кандай адабият
жөндөм-жөрөлгөсү бар жаш жазуучуларга качан да болсо
муктаж, анткени, аларсыз адабияттын болочогу, анын өсүп
өнмөгү болбойт эмеспи.

Азыркы кыргыз поэзиясында чыгармачыл жаңылыгы,
индивидуалдуулугу, багыты, стили жана изденүүсү ар түр-
дүү акындар иштешет. Поэтиканын форма жагындагы кан-
дайдыр бир эксперименттер, жаңылыктар, ак ырдын,
верлибрдин кыргыз поэзиясынын короосуна «өтө коюп» ки-
риши өөн көрүнүш катары каралып, өгөйлөп мамиле жа-
саган учурлар артта калды. Азыр «салтка ынактар» менен
«жаңычылдар» коюн-колтук алышып, мамилеге келген
маал. Кыргыз акындары 70—80-жылдардын чектеринде
дүйнөлүк адабияттын тажрыйбасын интенсивдүү өздөштү-
рүп, убаралуу поэзиябызды поэтикалык жаңы формалар
менен байытышты. Кыргыз акындары С. Шмеев, Н. Бай-
темиров, С. Жусуев, Т. Байзаков, Ж. Мамытов, К. Рыса-
лиев, Н. Жаркымбаев, Шер Улан ж. б. кыргыз поэзиясы-
нын ак өргөөсүнө сонет, казал сыяктуу ага мурда мүнөздүү
келбеген түрлөрдү алып келишти. Белгилүү тамсилчи
М. Борбугуловдун өзгөчө бир ыкта, оригиналдуу жазылган
«Татым туз» китебин белгилеп кетүүгө болот анда күйдүр-
гү сөздүү сатиранын таланты таамай көрүндү. Автор 18-
кылымдагы француз энциклопедисттердин жолун жолдоп,

элдик юмор менен сатираны чыгармачыл мүнөздө өздөш-
түрүп, кыргыз адабиятына тайманбай жана тапкырылык
менен жаңы жанрды алып келди. Салттуу поэзия менен ак
ырда үзүрлүү эмгектенип келаткан көрүнүктүү кыргыз
акыны С. Эралиевдин таланты такай кыймылда жүрөт.
Акындын «Кыштак кечтери» аттуу жаңы жыйнагындагы
ырлардын көпчүлүгү Ата Мекендик согуштун каардуу мек-
тебинен каржалбай өткөн лирикалык каармандын рухани
бай тажрыйбасы менен акылга карк ички салабат дүйнө-
сүн, тынчы жок, катаал учурдун түйшүктөрүнө түйшөлүп,
анын камын ойлоп, жашаган биздин замандаштын көркөм
ички дүйнөсүн сүрөттөйт. Карандай акыл, иленсиздик —
поэзияның душманы. Жыйнакта мыкты ырлар менен бир-
ге жүрөктүн табы менен ылхамы сезилбеген, ашкере «че-
берчиликтин» күүсү менен жазылган ырлар да учурайт.
Олуттуу, жөндөмдүү ар кандай акындын чыгармачылы-
гында көрүнүктүү окуя болуп калар чыгармачылык бир
бийиктик, чек болууга тийиш. Менин пикиримде О. Султа-
новдун «Чарчоонун жүзүнчү ыры» аттуу китеби анын айыр-
маланган поэтикалык индивидуалдуулугун жана чыгар-
мачыл потенциалын аныктаган ушундай ченге чак келет.
Кыргыз акыны биздин кылымдагы авангардчылардын
мыкты үлгүлөрүн үйрөнүп, өзүнүн чыгармасында улуттук
поэтиканын формаларын атайылап өзгөртүп, өз өмүрү,
таанып-билген адамдардын тагдыры жайында алым-төгүл
ой жүгүртөт. Өзүнүн турмуштук тажрыйбасын туйдурган
ырларды акын күчтүү авазга жетип, ал эми бардык көрү-
нүштөр жөнүндө ой жоруган учурларда анчейин таасир
калтыра бербейт. Султанов менен бир катарда азыр
поэзияда Р. Рыскулов, С. Тургунбаев, С. Акматбекова,
С. Күрүчбеков ж. б. иштешет, алардын чагырмаларынан
поэзиядагы изденүүнүн өткүр деми сезилет. Жаңычыл жы-
шаандар, салттуу поэзиянын нугундагы таамай изденүүлөр,
сезимдин нукуралыгы жана сыр жашырбас ийгилиги, эмо-
циялык бийик чыналуу кыргыз акындары Б. Сарногоевге,
Ж. Садыковго, Ж. Мамытовго, А. Кыдыровго, Т. Кожом-
бердиевге Т. Молдобаевге, Т. Самудуновго, Э. Эрматовго
мүнөздүү. Таланттуу акындар Табылды Муканов, Курба-
налы Сабыровдун биздин арабыздан эрте кеткени кайгыр-
тат, алардын көзү өткөндөн кийин жарык көргөн «Жан
дүйнө», «Жүрөктөгү күн» жыйнактары маркум акындар-
дын поэтиканын мөлтүр абазына жана оригиналдуу талан-
тына күбө боло алат. Кыргыз поэзиясынын босогосунда
турушкан, бизди көп нерседен үмүткөр кылган К. Белеков,
С. Станалиев, Т. Бостонкулов, К. Кулуев, Н. Капаров,



Ж. Акунова, А. Жакыпов, Б. Табалдиев, А. Пазылов, К. Ур-
манбетов, Ж. Саалаев өндүү жаш акындардан турмушка
жаңыча серп салуу, дүйнөнү өткүр кабылдоо байкалат.
Азыркы кыргыз драматургиясынын ийгиликтери көзгө
толумдуу, биздин театрлардын репертуарын белгилүү кыр-
гыз драматургдары Т. Абдумомунов, М. Байжиев, Ж. Са-
дыков, жаңы пьесалар менен байытты.

Көркөм адабият менен адабий сындын жетишкендик-
тери ар качан диалектикалык биримдикте, өз ара тыгыз
байланышта болуп келген. Эреже катары, адабий сын
экинчи пландагы көрүнүш катары качан гана адабияттын
өсүү баралына келип жетилип, бараандуу реалисттик
салттарга эгедер болуп, турмуш жайында кашкайып ачык
көрүнгөн өзгөчөлүү адабий-эстетикалык көрүнүштөр, ис-
кусстводогу бийиктиктер жана жеңиштер жөнүндө ой
толгоо үчүн олуттуу омок бере алганда гана ири ийгилик-
терге жетишет. Чыныгы көркөм сын эч качан мына ушул
диалектикалык процесстин пассивдүү тарабы болгон эмес,
эгер ал жетиштүү профессионалдык камылгага ээ болсо,
өзүнүн аспан-шаймандарын кылдат жана астамдап уруна
билсе, анда ал адабий процесске шарапаттуу таасирин
тийгизип, адабий кыймылдын багытын аныктоодо башкы
ролду аткара алат жана да аткарууга тийиш. Кыргыз
профессионал сыны идеялык-эстетикалык тажрыйбага ка-
нығып, адабий чыгармаларды жана кыргыз элинин көр-
көм мурастарын баалоо да кыркынчы, элүүнчү жылдарда
өзүнүн өкүлдөрү жол берген методикалык ири калдыктар-
ды жана жаңылыштыктарды эске алып, 60—70-жылдар-
дын чектеринде өз мезгилиндеги жандуу адабий процессте
активдүү аралашып, ага олуттуу таасирин тийгизди, рес-
публикага гана эмес, өлкөгө аты белгилүү анын мыкты
өкүлдөрүнүн алгылыктуу ийгиликтери болду деп айтсак
негиз бар. Бир кездерде кыргыз адабият сыны дурус деп
сыпатталган учурлар болгону жалпыга маалым... Адабий
сынга калемгерлер жамаатынан, жазуучулар союзунун
жетекчилигин жана башка жогорку инстанциялар тара-
бынан нормалдуу мамиле болбосо да ал өнүгүп өсүп өзү-
нүн көздөгөн мурат-мудаасына жете албайт. Биздин
турмуштун бардык тарабында кайра куруу жүрүп жат-
канда, партия сындын коомодогу ролун жана жоопкерчи-
лигин көтөрүп жатканда адабий сынга олуттуу, адилеттүү
жана таланттар коюлуп отурат. Партиянын XXVII съез-
диндеги саясий докладда адабий сын авторлордун менмен-
синген текеберлигин тейлөөнүн чөйрөсү эмес, коомдук
иш болуп саналат деп белгиленди. Кыргыз адабият сын-

чылары бүгүн өз иштерин мына ушул катуу талаптын негизинде түп тамырынан бери кайра өзгөртүп чыгууга тийиш жана өзүнүн төмөндөп кеткен кадыр-баркын калыбына келтирип, адабий сынчы деген наамды, анын бийик намысын бийик кармап жүрүүгө милдеттүү. Кайра куруу маалында сынчыларга жана сынга карата мамилени түптамырынан бери жаңылап чыгуу зарыл.

Азыркы тапта кыргыз адабият сынында К. Асаналиев, К. Артыкбаев, М. Борбугулов, К. Даутов, С. Жигитов, К. Укаев ж. б. у. с. адабиятчылар менен сынчылардын чоң тобу активдүү иштеп жатат. Орус тилиндеги адабий сын жалпы кыргыз адабият сынынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат, анда В. Вакуленко, Ч. Жолдошева, К. Жийдеева, А. Жирков, М. Рудов, Е. Озмитель, Г. Хлыпенко, В. Шаповалов ж. б. активдүү иштөөдө. Жогорку аталган сынчылар менен адабиятчылардын кесипкердик деңгээли жана камылгасы, жөндөмү алардын ар бирин шык-шыбагасына, аракет-ыкласына ылайык айырмаланып турат. Булардын соңунан 70—80-жылдардын чегинде кызыктуу макалалары, жыйнактары менен адабий сындын дарбазасын астейдил каккылап, улуу муундагы айрым сынчылардын, анын ичинде докладчынын учурдагы адабий процесстеги актуалдуу проблемаларына жон салып кеткенинен улам келип чыккан кенемтенин ордун толтуруп, акыркы кездеги кыргыз адабий сынын эстетикалык кыйырларын кандайдыр бир эсепте кеңиткен таланттуу жаш сынчылардын жаңы мууну жетилип келаткандыгы кубандырат. Алар — А. Эркебаев, С. Байгазиев, К. Эдилбаев, К. Ибраимов ж. б.

Менин пикиримде (мен буга ал турсун бекем ишенем) бардык адабий жанрлардын ичинен сын өнөрү өзгөчө көңүл бурууга жана кам көрүүгө муктаж, анткени ал дээрмүнөзү жагынан адамды көп сандаган кыйынчылыктарга, ал эми кээде баарына кайыл болгон тобокелдикке туш келтирген опурталиш... Муну мен сын жаатында 30 жылдан иштеп, эчен ачуу тажрыйбага каныккан, өз башынан бир далай айгайлашкан адабий кармаштарды өткөргөн адам катары айтып отурам... Тигил же бул сынчынын акыркы жылдары курч макалаларды жазып, басма бетинен көрүнбөй жүрөт деп айыптай салуу баарынан жеңил иш. Ал эми белгилүү ошол сынчы жумуштан жүрдай калып, балакет-балаага, кутулбас жемеге кабылганда анын абалына кызыгып, акыбалын сурап койгон кимдир бирөө болдубу?.. Бизде, бизде эле эмес, дегеле бардык балээ үчүн сынчыларды айыптап, өз күнөөсүн алардын мойнуна жүк-



төп салганга даяр тургандар көп эле чыгат. Эгерде адабиятта ортосаарлык орошондоп, халтура канат жайып баратса, буга жазмакер эмес, сын күнөөлүү, ошондуктан: сынчылар каякты карап жүрүшөт деп ачуулангандар болот. Ыймандымды алаканга салып туруп, сиздерден сурагым келет: элүүнчү жылдардын орто ченинде кыргыз сынчыларынын алдыңкы, принциптүү өкүлдөрү өлөсө адабиятка каршы күрөшкөн жок беле да, жазуучулар менен коомчулук тарабынан колдоо тапты беле? Андай болгон эмес. Адабий чөйрөдө сынчылардын ишине текеберсинип, теңине албай кесирленүү көп жолугарын жан ачытса да сиздерге жашырбай айткым келет: ал турсун ардактуу, көрүнүктүү кыргыз прозачысы телевидение аркылуу сүйлөп жатып, көрүүчүлөргө сынчынын эмгеги куру бекер убарачылык, анткени, алар сынчынын көзү өткөндөн кийин эле унутулуп калат деп абройлуу түрдө билдирди... Экинчи бир кыргыз жазуучусу, ал да телеэкрандан ой бөлүшүп жатып, белгилүү бир сынчыга болгон эски таарынычы эсине келе калып, кекирейген жана опузалаган түр менен ошол сынчы эми бир кезде аны катуу сындап койгонуна өкүнүп, анын алдында кантип актануунун амалын таппай, айласы куруп жүрөт имиш деп айтты. Жакында дагы бир белгилүү кыргыз жазуучусу кайсы бир чогулушта сөз сүйлөп, сынчылардан да аз эмес, түз эле тээ эбак анын адресине айтышкан өздөрүнүн (адилет айтылган) тескери пикирлерин кайра карап чыгууну талап кылды.

Албетте, сынчы кайсы бир авторду адилеттүү «камчыга» алганда, ал жазуучуга жакпай калат, бул түшүнүктүү жана мыйзамченемдүү. Сынчынын кесиби жана тагдыры ушундай болсо арга барбы? Адабий маселелерде принциптүү позицияны жактап, же болбосо кайсы бир автордун чыгармасына адилет баа берген күндө деле сынчы жазуучуга жакпай калат, анткени, макталган автор менен ал жазуучунун мамилеси жакшы эмес. Ал эми сынга алынып калса, ошонун эртеси эле жогорку уюмдарга этектей арыз жазып, эрен-төрөөнү жок сынчыны жазалоону, анын эл алдында өзүнүн кемчилигин мойнуна алышын талап кылганкүгү сымал эсептеп, кекирейген кесирликтин кесепети жоюлуп кете элек. Орто деп оозго алууга арзыбаган жармачы прозачы, ыр жасоочу, драматург, ал турсун кээде кашкайган халтурщик өзүнүн көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрдүн жаратманымын деп эсептеп, классиктен бөтөн адабияттын арабасын алга, тартууда ага караганда алда канча арзырлык иш аткарган таланттуу сынчыга жогортон

карап, өзүн өлбөс-өчпөс ысымдарга кошуп, сынчыны болсо тейлөө чөйрөсүнүн кызматкери катары санайт, эң өкүнүчтүүсү ал ушундай ишенимин айныбас чындык деп билет.

Өзүнүн адабий ишмерлери менен позицияларынан баш тартуунун арты кийин баарына эле кайгылуу болбойт, мындай иш айрыкча адабий сынчылар үчүн чоң кунга турат, неге дегенде алардын кесиби идеялык эстетикалык мүнөзү боюнча акактай адилдикти, бекемдикти жана жан кыяр каармандыкты талап кылат. Турмуштук жагдайдын кыстоосуна туруштук бере албай айрым адабий сынчылар өзүнүн адабий абийирин курмандыкка чалып (көрсө адам дегениң сырткы келбетин гана эмес, ички жан-дүйнөсүн да өзгөртүп алат тура) коньюктуралык мүдөөлөрдөн улам кубулуп, өзгөрүп, жагдайга жараша ыңгайлашып кеткен аянычтуу учурлар болду. Мен Т. Аскаровду студенттик жылдардан бери жөндөмдүү адабий сынчы катары жакшы билчүмүн, басма сөздө жарыяланган макалалары профессионалдуулугу, искусство менен адабияттын өзгөчөлүгүн кылдат түшүнгөн сезимталдыгы менен айырмаланып турчу, ал турсун биз менен бирге кунарсыз адабиятка каршы күрөшкөн кездери да болгон. Кыргызстан жазуучулар союзунун башчылыгына келгенде биз баарыбыз анын адабий мүдөөсүн мынчалык деңгээлде өзгөртүп жиберерине түк ишенген эмеспиз. Аттиң десеңиз, бирок көп өтпөй эле аны биз билгенден баштап, адабияттын таламдарынан таптакыр окчун турган бөтөн бирөөнүн амирдигын илбериңкилик менен ийкемдүү орундаган Аскаров экенине көзүбүз жетти. Сын боюнча биздин бир кездеги өнөктөшүбүз Аскаров өзүнүн олуттуу каталыктарынан олуттуу тыянак чыгарып, мындан кийин адабиятта ак дилден кызмат өтөп, анын алдындагы күнөөсүнөн арылууга күч-кудурет табат жана биздин арабызга таза пейил таап кайтып келет деп ишенебиз.

1972-жылы КПСС БКнын «Адабий көркөм сын жөнүндөгү» белгилүү токтому кабыл алынганын билесиздер, анда биздин өлкөдөгү адабий кадрлар, адамга кам көрүү жөнүндө айтылган болчу. Адабий сын боюнча партиялык бул маанилүү документи биздин республикада да жазуучулардын пленумунда талкууланып, сынчылардын материалдык-моралдык муктаждыктары жайында көп эле сөздөр айтылган, бирок, бул багытта эч кандай өзгөрүүлөр болгон жок, бардыгы ошол боюнча калды.

Тил жана адабият институту жөнүндө азыраак айта кетким келет. Ага көп жылдардан бери адабиятчы А. Садыков башчылык кылат. Түпкү максаты боюнча бул институт кыргыз адабиятынын тарызын жана азыркы тушагы процессин, кыргыз элинин поэтикалык мурастарын терең изилдеп, адабияттын илимий күчтөрүн баш коштуруп, кыргыз адабиятчыларынын көп улуттуу адабияттын, анын ичинен кыргыз адабиятынын актуалдуу маселелерине арнаган теориялык салмактуу эмгектерин басып чыгарып, өзүнүн айланасына адабият жөнүндөгү илимдин алдыкы күчтөрүн топтоштуруп турууга тийиш. Садыков менен анын тегерегиндеги айрым адамдар болсо азырынча жөндөмдүү жана өз ишин билген адабиятчылардан колдон келишинче алысыраак болууга гана аракеттенип келатат. Кыргыз эли «Манас» сыяктуу дүйнөдөгү эң ири эпостун, башка көптөгөн бараандуу элдик дастандардын мураскери. Ал эми ушул эпостор жөнүндөгү кыргыз адабиятчыларынын бизге жана Москвада белгилүү болгон илимий эмгектери кайда? Социалисттик реализмдин, адабияттагы партиялуулуктун жана элдүүлүктүн проблемалары, көрүнүктүү кыргыз жазуучулары, акындары, алардын чыгармачылыгы жөнүндөгү кыргыз адабиятчыларынын акыркы он жылда кандай капиталдуу эмгектери жарык көрдү? Кыргыз адабиятынын кыргыз, орус тилдериндеги тарыхы кайда? Биздин коңшулаш — казактар, өзбектер, тажиктер бул жагынан чоң нийгиликтерге жетишкени белгилүү. Казак ИАсынын адабият институту өзбек адабий сынынын тарыхын орус тилинде төрт том кылып басып чыгарууга киришти. Ал эми биздин институттун жетекчилери мындай максаттуу иштерди азырынча түшүндө да көрүшө элек окшойт. Эгер бул институттун башында кеңири илимий профилдеги, кыргыз адабият илиминин, филологиянын өнүгүшүнө таламдаш адабиятчы турганда көп иштерди аткарууга мүмкүндүк да табылат эле. Азырынча бул, өзүңүздөргө белгилүү, андай боло элек.

Сынчынын ыкыбалы ачуу, эмгеги убалуу келет, муну бардыгы, сынды урмат кылгандар, урматтабагандар да эсине алууга тийиш, муну чыныгы сындын конушуна котийиш.

Мурунку майдангер адамдар айтышат. Ата Мекендик согуштун от күйгөн талаасын аралап өткөн ар бир жоокердин душман менен кан агызып кармашып, жолдошжоролорун ажалга берип жатып жеңип алган бийиктиги, позициясы болот деп. Ошол дөңсөөлөр эми алардын күндө түшүнө кирет дешет. Менимче, нагыз сынчылардын да адабий күрөштө өзүнө аянбай, күнүмдүк көп жыргалчы-

лыкка кайыл болуп, башын тобокелге байлап жүрүп жетишкен адабий эстетикалык чокулары, позициялары болот. Мен мындай деп ойлойм: эгер ар кандай сынчынын чыгармачылык таржымалында ар дайым түшкө кирген ошондой бир нече бийиктиги болсо, анда ал адабияттын жүгүн куру бекер тартпаганына сыймыктана алат, анда анын адабиятта өздөрүн өлбөсмүн деп эсептеген жазуучулар менен тең ата болуп, тең катарда турууга акысы бар...

...Нагыз сынчынын ши жана вазийпасы нукура көркөм адабият үчүн көшөргөн келишпес күрөштө, ал эми мындай күжүлдөгөн күрөштө бейкутчулук болбойт, анда ракым, ырайым да жок, ага жараша ырахат жыргалы да жок.

...Бейкуттук боз сынчылардын түшүндө гана болот.

Бейкуттук түшүбүздө гана болгон себеби, биздин сынчылардын алдында зарыл кыжаалат иштер менен түйшүктөр көп. Партия коомдук өнүгүүнүн азыркы этабында адабий сындан өз ишин түп-тамырынан кайра куруп, жандуу адабий процесске активдүү кийлигишүүнү, көп улуттуу, совет адабиятынын өзөктүү маселелерин терең териштирип, социалисттик реализм методунун көп түрдүү жанрлары менен стилдик багыттарын, алардын өнүгүү мийзамдарын иликтеп изилдөөдө, маркстик-лениндик теориянын адабияттагы партиялуулук, элдүүлүк жана реализм жөнүндөгү эстетикалык категорияларын иштеп чыгарууда билимгерликти, принциптүүлүктү талап кылып отурат.

Бейкуттук түшүбүздө гана болгон себеби биз, сынчылар азырынча адабияттагы арабөктүккө, анын айынан дүкөндөрдө дүйүм дөбө болуп, жыйылып, таламы өсүп, талабы жогорулаган окурмандардын адилет нааразылыгын туудуруп жаткан көркөм продукцияга каршы катуу күрөш ача албай жатабыз.

Бейкуттук түшүбүздө гана болгон себеби, биздин адабий журналдар менен газеталарыбыздын беттеринде мазмуну бай, формасы көркөм адабий чыгармалардын эстетикалык табият-таалимин, коомдук маани-маңызын бийик чен-өлчөмдөр менен, диалектикалык биримдикте карап талдоого алган, ошондой эле жалаң адабият жөнүндө эмес, турмуштун өзү тууралуу философиялык терең ойлорду, көз караштарды билдирген күжүрмөн, анык профессионалдык деңгээлдеги адабий сын макалалар азырынча абдан аз болуп жатат.

Макаланын соңунда конкреттүү эки сунуш киргизгим келет: адабий-эстетикалык, коомдук илимдер жагындагы актуалдуу проблемаларды иштеп чыгууда Кыргызстан жазуучулар союзу, республиканын ИАсынын тил жана адабият институту, коомдук илимдер бөлүмү өздөрүнчө обочолонуп иш жүргүзүп жатышат. Советтик жазуучулардын VIII съездинин трибунасынан биздин өлкөдө чыгармачыл союздар менен илимий мекемелердин координациялык советин түзүүнүн зарылдыгы айтылды. Мындай совет Тажик ССРинде бар, ага академиянын президенти М. Асимов жана чыгармачыл союздардын башчылары жетекчилик кылат. Ушундай координациялык советтин зарылдыгы биздде да эбак бышып жетилди.

Экинчи сунушум: биз жашап жана тайманбас чогоолоп студенттик жылдарда шаардын китепканаларында, университеттин аудиторияларында кыргыз адабиятынын актуалдуу курч мамселелери менен жана жазуучулардын айрым маселелери кызуу талкууланып, анда ары ачуу, ары пайдалуу сөздөр такай айтылып жүрчү эле. Ушул салт эмне үчүндүр акыркы чейрек кылымдын ичинде тапкыр унутулуп, улантылбай калды. Азыр биздин коомдук турмушубузда маалымдуулук багыты жандана баштаган маалда унутулган ушул салтты жаңы формада жандандырып, бир кыйла бийик сапаттык деңгээлде уюштуруунун муктаждыгы бар. Менин баамымда жазуучулар союзунун алдында маданият, адабият, илим, искусство, кино, театр, живопись, архитектура, журналистика ишмерлеринин дискуссия клубун уюштуруунун мааниси жана кечиктирилгис зарылдыгы бар, анда искусствонун, адабияттын жана илимдин милдеттери жайында чын ыкластуу кеп козголуп ага адабий сынчылар да активдүү катыша алар эле. Достоевскийдин Пушкин, Блоктун акындын орду жөнүндөгү, жыйырманчы жылдардагы Маяковскийдин, Луначарскийдин Политехникалык музейиндеги жалындуу сөздөрүн эстеп көрсөк кантет?..

## КАЙРА КУРУУ, АДАБИЯТ ЖАНА АДАБИЙ СЫН

АДАМ баласы негизинен келечекке умтулуп, андан үмүттөнүп, жакшы ой-тилек менен жашайт. Бул жашоонун мыйзам ченемдүүлүгү. Ошондой эле ар бир инсан азыркы жана келечек жолу айкын, даңгыр болуш үчүн, басып өткөн өмүр жолуна кылчайып көз салат, анын туура-лыгына баа берет, жаза баскан кадамдарына өкүнүп, мындан ары андай кемчиликтер кетирбеске аракет кылып, туура жыйынтык чыгарат. Жеке инсан гана эмес, коомдун катаал бурулуш кездеринде бүтүндөй эл, өлкөнү башкарып турган партия өзүнүн басып өткөн тарыхый жолуна

кыраакылык менен кайрылып, кетирген олуттуу кемчиликтерин эр жүрөктүүлүк менен моюнга алып, мындан аркы өсүү жолуна бөгөт болгон тоскоолдуктарды жоюнун туура жолун издейт. Адатта чирип бүткөн кеселдерди жашыра берүү эч качан жакшылыкка алып келбейт. Бекер жерден биздин ата-бабаларыбыз илгерки заманда эле «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат» деп эскертишкен экен. Азыркы учурда партия совет элинин басып өткөн жарым кылымдан артык тарыхый мезгилине кылчая карап, бул мезгилде социалдык-экономикалык, чарбалык, маданий, саясий тармактарындагы социалисттик коомубуздун жетишкен ийгиликтерин баса белгилеп, ошондой эле кыйынчылыкка дуушар болгон тарыхый жолдо совет эли башынан өткөргөн азаптарды, каргашалуу жылдарды, социализмдин лениндик концепциядан бурмалоолорун жалпы журттан жашырбай, жарым-жартылай чындык сөрөйлөрдүн бетин ачып, элге толук чындыкты айтуу керек деген таамай жыйынтыкты өзүнүн XXVII съездинде даана белгиледи. Партиянын Апрель (1985) пленумунан бери төрт жылдан артык мезгил өттү. Бул убакта биздин коомдун саясий системасында, идеологиясында, маданий чөйрөдө өзгөрүштөр болуп, адамдардын аң сезиминде бурулуш жасалып ашкеречилик (гластность) өкүм сүрүп, басып өткөн тарыхый жолубуз жөнүндө кызуу талаш-тартыштар жүрүдө. Акыйкатты аныктоо, кетирген кемчиликтерден биротоло кутулуу, жашообуздун бардык тармактарында социалисттик идеалдарды, баалуулуктарды (ценности) лениндик социализмдин концепциясынын нугунда калыбына келтирүү кайра куруу саясатынын өзөгүн түзөт. Кайра курууну жан дили кабыл алып, анын ийгилигине кубанып, аптабына күйүп, сууга тоңгон азаматтар күрөштүн алдыңкы катарында жүрөт. Бирок, кайра куруу өлкөбүздө телегейи тегиз ойдогудай жүрүп жатат десек чындыктан алыс болор элек. Экономикалык реформа азырынча биз күткөн жемиштүү натыйжаларды бере элек. Кайра курууну негизги кыйынчылыктарынын бири — көп жылдан бери кан-жаныбызга ушунчалык терең сиңип калган — көкөй көнүмүш адаттар, ой жүгүртүүлөр, тартиптер, ышкоолуктар, психологиялык стереотиптер, өзүмчүлдүктөр колу бутубузду тушап, артка тартып жатат. Ошол көнүмүш адаттардан оңой-олтоң кутулууга мүмкүн эмес. анткени алтымыш жылдан бери бир нече муун жарылып, алар жеке бийликке сыйынуунун, өзүм билемдиктин (волюнтаризмин), чырмоок баскан сенектик мезгилдин учурларында инсан катары акыл-ойго толгондугун унутпоо керек. «Коомдо жашап коомдон сыртта болууга мүмкүн эмес» деген В. И. Лениндин даанышман акылын эстен чыгарбоо абзел. Мен бул жерде Сталиндин жеке бийлиги учурунда социалисттик мийзамды бузуп, миллиондогон эч жазыгы жок адамдардын убалына калып, аларды «эл душманары кылган жүзү кара зулумдарды, сенектик доордо эрке талтаң болуп, ойлогонун оттоп, социалисттик мүлккө эки колун тең салган, эмгекчи элдин төбөсүнө кызыл камчы ойноткон мырзаларды, төрөлөрдү актап жаткан жерим жок, алардын бети курсун, алар менен кайнаса каныбыз кошулбайт. Кеп массалык аң-сезимдин кулу болгондор жөнүндө жүрүп жатат. Ошондуктан ар бирибиз ошол көнүмүш адаттардан кутулуш үчүн үзгүлтүксүз кагынып-силкинип турушубуз зарыл. Кайра курууну сенектик доордо шапар тээп, бирөөлөрдүн эсебинен жыргал турмуш өткөрүп, боор менен куйрукка оозу толуп, май менен сүткө чакап, азыркы учурда ошол арам тамактан айрылып калып, бардык балээни кайра куруудан көргөн, уктап жатып, кимдир-бирөөлөргө тиш кычыратып кезенген адамдар арабызда аз эмес... Алардын көзүндө огу болсо, кайра курууну жан дили менен жактагандарды көз көрүнө атып салуудан тартынбас эле. Чернобылда атом блогу жарылганда, Азербайжанда, Арменияда, Грузияда жана Прибалтика республикаларында улуттар арасында чыр-чатак чыкканда, абада самолет кулап, темир жолдордо поезддер оонап кетсе, табалары канышып, бардык айыпты кайра куруудан, демократиядан, ашкереч ил саясаттан көрүшүп: «Бакан ооздорго кенен укук берип, темирдей тартипти бошондотуп, өлкөнү калтыс абалга жеткиришти. Аттиң, бизден колдо бийлик болсо, бул ээн баштардын жазасын берип, жети атасын таанытмакпыз» дешип, коргошун уютулган табылгы саптуу камчыларын даярдагандар бар арабызда... Ал эми аталган авариялар, кандуу чыр чатактар жеке бийлик доорунун, сенектик мезгилдин түздөн-түз кыянатчылыгы экендигин билип турушса да, күнөөнү башкаларга жүктөшөт... Кайра курууну келишкис кастары өздөрүнүн башына адилет сын айтылса, ошол замат калыстык кайда, биз ак жерден өрткө күйүп жатабыз, бул демократия эмес, зомбулукка жол берилип жатат дешип жогорку инстанцияларга бир кулач арыздар жазышат... Өздөрү үчүн демократиянын пайдалуу экендигин түк унутушпайт... Бир нерсени эскертким келет: кайра куруу саясатын көрө албагандар таасирдүүлүктөн алыстады деп эсептеш терең жаңылыштык болор эле, анткени кайра курууну парадоксу жана татаалдыгы — айрым учурда се-

нектик мезгилдин эпчилдери шартка жараша өзгөрүшүп, кайра курууну чамдатуу керек деп ураан чакыргандар да бар арабызда...

Биздин өлкөдө кайра куруунун башталышына советтик көп улуттуу адабияттын мыкты өкүлдөрүнүн сонун чыгармалары, публицистикалык макалалары, эрдиктери (поступкалары) белгилүү ченемде өбөлгө боло алды. Кайра куруу чыңалгандан кийин советтик адабияттын коомдун өсүшүнө активдүү рычаг болушуна өзү чоң таасир этип жатат. Бул адабият менен кайра куруунун диалектикалык карымкатнашы эмеспи! Кайра куруу саясатынын ыйык туусуна жазылган девиздердин — бири — нукура чындыкты жаап жашырбай, сыйпалатпай, бардык карама-каршылыгы, каардуу элеси менен биздин тарыхта калыбына келтирүү болуп эсептелет. Айрым адамдар кайра куруунун горизонту сенектик мезгилдеги олуттуу кемчиликтер жана бурмалоолор менен гана чектелет деп тар түшүнүп жүрүшөт. Талашсыз, сенектик учурда коомубузда кеңири орун алган терс көрүнүштөр: экономикадагы жана чарбадагы көз боёмочулук, урук-туугандык сапат менен кадрларды көтөрүү, көлөкөлүү экономика — жеп ичкичтик менен аёосуз түрдө күрөшүү — кайра куруунун негизги милдеттеринин бири. Турмуш көрсөткөндөй кайра куруунун философиялык платформасы өтө терең. Кайра куруунун негизги милдети — алтымыш жыл ичинде социалисттик коомубузда түрдүү чөйрөсүндөгү калп жеринен түзүлгөн көз боёмочулук баалуулуктардын бетин ачып, тарыхта да экономикада да, адабиятта да, идеолгияда да чыныгы дөөлөттөрдү калыбына келтирүү болуп эсептелет. Албетте, аталган тармактарда мурда эч кандай нүгиликтер болгон эмес, баарын кайрадан жаңыдан курабыз деш түп тамырынан ката жана калтыс көз караш. Аталган мезгилдерде совет элинин социалдык-экономикалык, маданий, идеологиялык жана саясий багыттарында биз сыймыктана турган чоң жетишкендиктер болгон, ошондой эле бардык тармакта чоң жоготууларга учураганбыз. Бүгүнкү талап ошол жоготууларды этияттык менен калыбына келтирүү болот. Кайра куруу — беш-он жылдык саясий кампания эмес, аның тамыры жана болочогу кенен, көп жылдан бери желкебизге очоё минген калдыктардан, «мурастардан» кутулуш үчүн көп жылдык аракет жана күрөш талап кылынат. Демек кайра куруунун негизги максаты жок кылуу, талкалоо эмес, бардык тармактарда социалисттик дөөлөттөрдү түзүү болот.

Көркөм адабият — биздин коомдук аң-сезимибиздин



бир түрү, ал өзүнө гана тийиштүү көркөм каражаттардын кубаты менен Октябрь революциясынын жеңишин, граждандык согуштун татаал жылдарын, беш жылдыктардын оор күндөрүн, канга боёлгон Ата мекендик согуш доорун, согуштан кийинки катаал мезгилдерди көркөм образ аркылуу чагылдырууга чоң аракеттер жасаган. Көп улуттуу совет адабиятынын мыкты чеберлери ар кандай татаал тоскоолдуктарга карабай биздин татаал жолду чыныгы көркөм образ менен чагылдырган чыгармалар түзүп, алар совет элинин рухий дүйнөсүндө түбөлүккө каларын тануугага эч кимдин акысы жок. Тилекке каршы, совет адабиятында баштан кечирген татаал доорлорду жеңил-желпи сүрөттөп, көп учурда жылмалоого жол берип, каргашалуу жылдарды буйтап өтүп, драмалуу конфликтерден безишкен жазуучулар болушкан, алардын айрымдары жазуучулук деген улуу атты жерге урушуп, убактылуу атак-даңка кызыгышып, конюнктуралык темаларга бой урушуп, турмуштан алыс турган чыгарма сөрөйлөрдү түзүшүп, жогорку атак наамдарды, сыйларды алышкан. Кийинки үч-төрт жылдардын ичинде борбордук газета-журналдардын беттеринде сталинизмдин, волюнтаризмдин жана сенектик мезгилдин доорунда ак жеринен саясий куугунтукка алынып, көп жылдар бою кордук көргөн А. Платонов-дун, М. Булгаковдун, А. Ахматованын, М. Зощенконун, В. Пастернактын, В. Гроссмандын, Ю. Домбровскийдин, В. Дудинцевдин оор тагдырлары жөнүндө ашкере сөз болуп, алардын ушул күнгө чейин жарык көрбөгөн сонун чыгармалары жарыяланды. Бул кайра куруунун улуу шарапаты жана салтанаты! Кийинки бир эки жылдын ичинде Кыргызстан жазуучулар Союзунун жана республикалык академиянын тил жана адабият институтунун демилгеси менен көп жылдан бери беттерине көө сыйпалган, улутчул атка конгон Молдо Кылычтын, Касым Тыныстановдун, Сыдык Карачевдин ысымдары саясий күнөөлүү деген жарлыктан кутулушуп, өз ордуларын кыргыз адабиятынан акырындык менен ээлеп жатат. Турмушта жана адабиятта он жылга, отуз жылга, элүү жылга жанды сатып, акты кара деп, караны ак деп чындыкты бурмалоого болот, калп айтууга болот, адам баласы түбөлүктүү эмес, эртеби-кечпи чындык жеңип, калптын бети ачылат. Ошондо куулукшумдукту билбеген наристе бала сөөмөйү менен көрсөтүп: «О, тообо, падыша жып-жылаңач жүрбөйбү!» деп эл көзүнчө кыйкырып чыгат. Кайра куруунун шарапаты менен кыргыз адабиятынын тарыхын мезгилдин талабына ылайык чоң эстетикалык талап менен кайрадан жазып, ар бир

көрүнүктүү жазуучунун адабиятка сиңирген эмгеги боюнча баалап, толук чындыкты калыбына келтире турган убакыт жетти. Сыягы кыргыз адабиятынын тарыхындагы чындыкты калыбына келтирүү оңой-олтоң иш эмес көрүнөт... Азыркы мезгилде биздин коомдун бардык деңгелинде ар бир адам өзүнүн ишине сын көз менен карап, өсүүгө жол тоо болуп жаткан терс көрүнүштөр менен аёосуз күрөш жүргүзүп жатканда, сенектик мезгилде кенен кесир өкүм сүрүп, адабиятты конюктуралык өлчөм менен баалашкандар эски инерция менен катуу агымга каршы сүзүүгө аракет кылганы, албетте, жакшы жышаан эмес...

Сенектик мезгилде «кылар иштн кылып, кыл жип менен бууп коюп», «төө көрдүңбү — жок, бээ көрдүңбү — жок» болгон, кайра куруу учурундагы «күрөштүн» алдыңкы катарына чыгып, опурталдуу заманда биз азап тартканбыз, куугунтукта болгонбуз деп журтчулуктун көзүн боёп, көкүрөгүн ургулап «баатыр» болгондор кыргыз жазуучуларынын, адабиятчыларынын арасында аз эмес. Албетте, жандуу адабий процесстин өнүгүшү татаал көрүнүш: айрым учурда адабий табити жогорку деңгээлдеги жазуучу, же сынчы өз учурунда тиги же бул сонун чыгарманы туура баалабай, ага калтыс мамиле кылган учурлар дүйнөлүк адабияттын тарыхында аз эмес. Эреже катары, убакыт өткөндөн кийин адабий абийири бар адамдар өздөрүнүн алабармандыгын түшүнүп, осолдугун ашкере моюнга алышкан. Кайра куруу, жаңылануу доору өкүм сүргөнүнө үч-төрт жылдай мезгил болуп баратат, сенектик мезгилде биздин республикада бийликте тургандардын буйругу менен адабиятта осол жоруктарга барышып, ак жеринен таланттуу чыгармаларга көө сүйкөшкөндүктөрүн түшүнүп, мындан аркы адабий ишинде андай калтыс жолдон алыс болууга аракет кылар бекен? — деген үмүт да бар эле. Бирок алардын өжөрлүк менен бет тырмачылык кылып, «Өз башындагы төөнү көрбөй, башка бирөөнүн башындагы чөптү көрүп», өздөрүн актап, бардык күнөөлөрдүн өздөрүнүн кастарына жүктөп, агын суудан кургак чыгууга аракет кылган жоруктары ар кандай адабиятты урматтаган адамды ойлондурбай койбойт...

Өткөн жылдан бери «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын беттеринде кыргыз адабий сынынын азыркы учурдагы кыймылы жөнүндө кызуу талкуу жүрүп жатат. Талкууну кыргыз адабиятчысы Качкынбай Артыкбаев «Эң зарыл тактоолор, же артыман сая түшкөн сынчыга жооп» деген чоң макала менен баштады. Талкуу, бирин-бири сынга алуу, пирнципиалдуу маселелер боюнча ийри отуруп,



түз кеңешүү — адабий чөйрөнүн күнүмдүк нормасы болуп, ар кандай чоң баркы, атагы бар жазуучу сындан сыртта турбоо керек деген ойду мен көп жылдан бери ашкере айтып келе жатам, анткени сынсыз адабий кыймыл өнүкпөйт, ошондой эле ар кандай чоң жазуучу да чыгармачылык өксүктүккө дуушар болору жашырын эмес. «Кыргызстан маданияты» жумалыгы чү деген жерден эле талкууга мындай багыт берди: «Жакында «Дружба народов» (№ 7, 1988) журналына филология илиминин кандидаты А. Эркебаевдин азыркы кыргыз адабий сын абалына **байланыштуу бир топ талаш-тартыштуу** (Астын сызган К. Б.) макаласы жарыяланган. Анда айрым адабиятчы-сынчылардын эмгектери, асыресе К. Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхына» байланыштуу сын пикирлер айтылганы. Биз бүгүн К. Артыкбаевдин ага берген жообун жарыялоо менен окурмандарга толук жеткиликтүү болсун үчүн А. Эркебаевдин макаласын да которуп берүүнү ылайык таптык. Акын жазуучуларды, адабиятчыларды, ошондой эле жалпы окурмандарды сөзгө чакырабыз. Жогорку редакциялык туюнтманы окуган адам А. Эркебаевдин макаласы талаш-тартыштуу, демек объективдүү эмес экендигин, ал эми К. Артыкбаевдин ага берген жооп макаласында эч кандай талаш-тартыш жок, калыстыгы жагынан туш тарабынан төп келген чындыктар уюп жатат деген аныктаманы андабай койбойт... Таң каларлык нерсе: Эркебаевдин макаласы Москвадагы адабий чөйрөдө жакшы репутациясы бар, кайра куруунун алдыңкы флагманында турган атактуу «Дружба народов» журналында жарык көргөн. Эгерде Эркебаевдин макаласында чектен ашкан калыс эместиктер, бирөөлөрдү ак жеринен күйгүзүп, кемсинтүү болсо, адабий этика боюнча анын опоненттери ошол журналдын бетинде каяша тил кайтарууга толук акылуу. Эркебаевдин макаласында сынга алынган А. Садыков, К. Артыкбаев да кыргыз адабиятындагы кулунчак адабиятчылар эмес, биринчиси Кыргыз академиясынын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, экинчиси да филология илимдеринин доктору, профессор. Таң калам: эмне үчүн алар ошончо ат көтөргүс илимий даражалардын ээлери болуп туруп, өздөрүнүн оппонентине «Дружба народов» журналынын беттеринде келиштирип туруп жооп бербей, айласы түгөнгөндөй «Кыргызстан маданияты» жумалыгына баштарын катышат?... Бул турмушта, жашоодо бийик илимий даражалардан жогору турган окумуштуунун ар-намысы, адамдык сыймыгы да болот эмеспи?...

Талкуу тан каларлык метаформазалар менен башталды: Артыкбаевдин макаласы жарыялангандан бир жума аттап «Кыргызстан маданияты» А. Садыковдун, А. Акматалиевдин, Эркебаевдин макаласын башынан аягына чейин төгүнгө чыгарып, сынчыга жок жердеги айыптарды жабыштырып, ал турмак ал кыргыз сынчыларын жердештикке бөлөт өндүү чуулгандуу ойлорду жармаштырган макалалары басылды. Жумалыктын беттеринде чагылгандай тез жарык көргөнүнө караганда, бул макалалар мурда эле даярдалып, редакциянын портфелинде сүрсүп, ыңгайлуу учурду күтүп жаткан көрүнөт... Ошентип мурда түзүлгөн белгилүү сценарий боюнча Эркебаев жазаланып, көз көрүнө «төө бастыга» алынды... Артыкбаев менен Садыковдун өздөрүнүн адабий оппоненттерин мындай опурталдуу жол менен ур токмокко алуусу алар үчүн жаңылык эмес, бул «метод» экөөнүн адабий «тажрыйбасында биринчи жолу кездешип жаткан жери жок, ал тууралуу макаланын орто ченинде токтолобуз...

Эми, жүрүп жаткан талкуу жөнүндө конкреттүү сөз.

Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» жөнүндө кийинки беш-алты жылда басма жүзүндө ар түркүн пикирлер айтылып, кызуу талаш жүрүүдө. Демократия, ашкеречилик учурундагы мийзам ченемдүү иш десек болот. Учурундагы бул «Тарых» жөнүндө өзүмдүн пикиримди айтууга камынган болчумун, бирок экөөбүздүн көп жылдык кайым айтышууларды ойлоп, автор башкалардын сынынан кийин менсиз эле өзүнүн кетирген олуттуу кемчиликтерин эске алар деп тим болгонмун... Тилекке каршы, адабиятчынын өз кесибине сабырдуулук менен мамиле кылбай, калемдештери айткан калыс пикирлерден туура жыйынтык чыгарбай, кайрадан-кайрадан актанып, каяша айтышы бул макаланы жазууга түртку болду.

Көркөм адабиятты чындап сүйгөн, анын ыйык принциптерин сыйлаган адабий сынчынын чыгармачылык жолунда дайыма сыймыктана турган бийик эстетикалык белдери болот, артында андай элеси жана белеси жок сынчы мезгил алдында да, окурмандар алдында да уяттуу. Анткени, чыныгы сынчынын адабияттагы орду жана кредосу анын өз учурундагы пайда болуп, адабий процесске жандуу кыймыл киргизген жзуучулардын мыкты чыгармаларына кандай позицияда болгондугу менен аныкталат. Идеялык-эстетикалык баалуулугу менен адабияттын ажарын ачкан жазуучулардын сонун чыгармаларын өз учурунда кан төгүп жактамак турсун, алардын тагдырына кайдыгер мамиле жасап, башын талкууларда ийнине катып — кайсы жак оодарып кетер экен деп учурду күтүү, ал турмак алардын адресине карата таш ыргытып, идеялык айыптар жүктөө, анан кара булут өтүп, күн ачылгандан кийин «адабияттын чолпон жылдызы» деп жар салуу — өзүн урматтаган сынчынын иши эмес. Тилекке каршы, андай сынчылар арабызда жок эмес. Элүүнчү жылдардын экинчи жарымынан ушул күнгө чейин кыргыз адабиятынын баркын көтөргөн Түгөлбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери», «Тоо арасында» романдары, Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла», «Бетме-бет», «Гүлсарат» повесттери, Узакбай Абдыкаимовдун «Майдан» романы, Сүйүнбай Эралиевдин «Ак Мөөр», «Жылдыздарга саякат» поэмалары, Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел» романдары, Казат Акматовдун «Мезгил» романы жөнүндө кызуу талаштар болгон. Бүгүнкү күнү кыргыз адабиятынын тарыхын жазып жаткан Качкынбай Артыкбаев өз учурунда бул чыгармаларды жактап чыкмак турсун айрымдарына терс мамиле жасап, көп учурда аларды жокко чыгарган жазуучулардын чыгармаларын көкөлөтүп мактап, алардын ырын ырдап жүргөнү эч кимге жашырын эмес...

Эмесе мисалдар күбө болсун...

Чыңгыз Айтматовдун кыргыз адабиятына элүүнчү жылдардын экинчи жарымында «Ашым», «Ак жаан», «Түн кү сугат», «Асма көпүрө» аңгемелери, өзгөчө «Бетме-бет», «Жамийла» повесттери менен келип, кыргыз окурмандарынын арасында чоң кызыгууларды туудуруп, алардын тегерегинде айыгышкан талаштар болгонун баарыбыз билебиз, өзүбүз катышканбыз, пикирибизди ашкере айтып чыккандыз. Ошол мезгилде К. Артыкбаев «Ленинчил жаш» газетасында бөлүмдү башкарып, кыргыз адабияты жөнүндө макалалар жазып жүргөн жаш сынчылардын бири эле. Жаштар газетасынын бетинде Мухтар Ауэзовду, Луи Арогонду таң калтырган, жаштыктын махабатын даңктаган «Жамийла» повестин колдоп жазган макаласы эсимде жок. Андан соңку жылдары Чыңгыз Айтматов дүйнөлүк даңк алып, «Лениндик, Мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгондо да сынчы катары үн кошкон жоругу болгон эмес. Чыңгыз Айтматов жөнүндө талаш-тартыштар токтоп, кечээ эле аны жээрип жүргөн жазуучулар ал жөнүндө мактоолорун күчөткөндө, айлана шартты байкап, жазуучунун элүү жылдык тоюнда «Кыргыз адабиятынын чолпон жылдызы» деп панагерик жазышы окурмандарды таң калтырбай койгон жок. Кыргыз адабиятына активдүү катышып келе жаткан сынчы эмне себептен бул чолпон жылдызды

жазуучунун чыгармалары тууралуу жыйырма жылдай кыргыз адабий чөйрөсүндө ар түрдүү пикирлер айтылып жүргөндө көрбөдү экен?...

Кыргыздын таланттуу акыны Сүйүнбай Эралиев кыргыз поэзиясына согуштан кийин келген, анын чыгармачылык жүзүн кыргыз окурмандарына атактуу «Ак Мөөр» поэмасы даана ачып берди. Сүйүнбай поэтикалык сөзгө өтө катуу талап кылган, көктүк менен изденген акын. Ал «Ак Мөөр» поэмасынан кийин чыгармачылык жаңы бийиктикке көтөрүлө албай, кыйын түйшүктө жүрдү, көп окуп, көп изденди. Алтымышынчы жылдардын баш чендеринде «Жылдыздарга саякат» деген ак ыр менен жазылган акындын жаңы поэмасы да кыргыз сынында кызуу талаштар жаратып, айрымдар бул поэманы такыр жээришип, кыргыз поэзиясына жат көрүнүш катары карашты. Чыңгыз Айтматов «Жылдыздарга саякат» поэмасына өтө жогору баа берип, бул кыргыз поэзиясындагы жаңы жээк («Правда», 1964-жыл, 25-октябрь) деп айтты. Ушул саптардын автору да «Жылдыздарга саякат» поэмасындагы акындын изденүү ийгилигин негизинен колдоп, Чыңгыз Айтматов өзүнүн баасында мактоо жагынан боёкту саал коюлантып жиберген деген өз пикирин айткан. Эралиев «Жылдыздарга саякаттан» кийин ак ыр формасында «Атам, жерим жана мен», «Жол», «Ак жыттар» деген поэмаларын жазды. Бул үч поэмада оңунан чыккан жерлери, таамай салыштыруулар, метафоралар бар, бирок тилекке каршы, ал чыгармалар бүтүндөй алганда көңүлдү тартпайт, терең эстетикалык таасир калтырбайт. Эралиевдин башкы адашуусу — анын жаңычылдыкты формадан, манерадан изденинде, («Сын жана адабий процесс» деген макалада, 1969-жылы май айында Дүйшөмбүдө өткөн Бүткүл союздук сынчылардын кеңешмесинде жасалган доклад. «Адабият жана мезгил», «Кыргызстан», 1973, 25-бет).

Ошол мезгилде Сүйүнбай Эралиевди эпсиз туураган «ак ырчылар» көбөйүп, традицнялуу улуттук ыр системасын жээришип, поэтикалык маданняты жана даярдыгы жоктугуна карабай, колдорунан келбесе да, уйкаштан качышып, ак ырды жазышкандар арбын болгон. Ошондо Сүйүнбй Эралиевдин оштук акындарга тийишип, азыл катары жазган «Ак-Буура» деген ырына жооп катары.

Күрпүлдөп агып Ак-Буура,
Шарпылдап агып Ак-Буура
Агызып кетти ак ырды,
Кум жатпас сайды толтура,
Ак ырдын көбү халтура,



Ак ырдын көбү калп тура.
Барксыздан баарын агызуу,
Байыртан калган салт тура,

— деп азил жазганмын.

Бул азилдин негизги пафосу ак ырга кыпындай да даярдыгы жок туруп, Сүйүнбай Эралиевди, Рамис Рыскуловду эпигондук менен туураган акындарга арналган. Албетте, ак ырга болгон ышкыбоздук жана утурумдук кесел тез эле өтүп, көпчүлүк акындар өздөрү жакшы өздөштүргөн улуттук ыр системасынын ата конушуна кайрадан көчүп келгенин адабий практика даана көрсөттү. Тез эле өтпөй Эралиев да кыргыздын жайдары ырын кайрадан жаза баштады. Мен ошол кездеги ак ыр жөнүндөгү позициямды азыр да туура деп эсептейм...

К. Артыкбаев Сүйүнбай Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасы пайда болгондо, найза менен тосуп алып, чыгарманын оригиналдуулугун бүтүндөй жээрип, акындын изденүү жагындагы ийгиликтерин жокко чыгарып, ал турмак акынга айып койгон «Акын С. Эралиевдин изденүүлөрү» («Ала-Тоо», № 12, 1965) макала жазган. Албетте ар кандай чыгарма жөнүндө сынчы өзүнүн олуттуу сындарын айтууга акылуу, бирок пикир илимий жактан ишенимдүү, так фактылар жана аргументтер менен жыш болууга тийиш. Сынчы макаласында акындын «Токой вальсы», «Кышкы баллада» өндүү ырларындагы айрым образдуу табылгаларын белгилейт да, автордун ак ыр жагында чоң ийгиликке жеткен «Жылдыздарга саякат» поэмасын катуу сынга алат...» Акын Межелайтистин жер, күн сыяктуулардын ажырагыс биримдикте экендиги жөнүндө жана адамдын күчтүүлүгү жөнүндө мына ушундайча эң туура философиялык ой жүгүртөт. **Ал эми акын С. Эралиев өзүнүн «Өмүрлөргө, жылдыздарга саякат» деген поэмасында ошол эле Э. Межелайтистин айтып койгон ойду кайталайт да, өзүнчө бир аз башкачараак ой жүгүртмөкчү болгондо бир катар чаташууларга, түшүнүксүз ой жоруларга жол берет».** (Астын сызган К. Б.) Сынчы ушул макаласын 1970-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көргөн «Сын сапары» аттуу макалалар жыйнагына эч өзгөртүүсүз киргизген. Артыкбаевдин жогорку позициясын туура десек, анда Эралиев өзүнүн поэмасында литва акынынын оюн уурдаган плагнат болуп чыгат. Сынчынын поэма жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүн жакшылап көңүл коюп окуган адам, анын поэзия жөнүндө ой жүгүртүүсү примитивизмге жык толгондугун байкабай койбойт... Эралиевдин поэмасында төмөнкүдөй ыр саптар бар:

Жылдыздар-шарлар
Көк, жашыл, сары жана ак түстөрдө
Быкылдап учуп чыккан асман толуп
Бирок менин учуумда калган бардык боолору —
Өзүм менен ортосунан бир түйүп
Жерге матап байлап салгам мен алардын учтарын.

Акындын поэтикалык салыштырууларында, образдарында адам баласынын, тагыраак айтканда космонавтын жер менен бекем байланышын түшүнөсүң... Артыкбаев бул маселени өзүнчө бир башкача жалпылоого жеткирет: «Мына бул строфада адам жылдыздардын боолорун уучуна кылтактап алып, жерге матап байлап салды» — деп акын ачык айтып жатат. Дагы бир жерде автор космостун түндөрүнө мен дирижормун дейт. Кыскасы, автордун айтуусу боюнча адам космоско баштап жылдыздарды уучуна тутуп, дирижорчо алардын кыймылдарын башкарууга өткөн экен деген жыйынтык келип чыгат. Мындай болгондон кийин адамга мындан ары өсүштүн деле кереги жок сыяктуу, анткени акын айткандай, бардыгы адамдын өз колунда — өзү жаратуучу, өзү башкаруучу. Албетте, автордун бул оюн туура деп эсептей албайбыз. Ааламдын жана табийгаттын жашыруун сырларын ачуудагы адамдын күч-түү ролун фантазиялоо, апыртуу керек, бирок аны бардыгын (жылдыздардын кыймылын, космос түндөрүн) башкаруучу сүрөттөп, чектен өткөн фантазияны, апыртууга жол берүүгө болбойт. Анткени, бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону сыяктуу табигаттын өзүнүн закондору адамга баш нийбейт. Адам ошол закондордун жашыруун сырларын гана изилдеп таап, өзүнүн прогресси үчүн пайдаланып жаткандыгын унутпоого тийишпиз. («Сын сапары», 102-бет).

Артыкбаевдин жогорку терең маанилүү ой-жүгүртүүсүнө чоң поэзия менен кабары бар адам таң калбай койбойт... Биринчиден сынчынын оюна макул болсок, адам баласы табийгаттын алдында алсыз макулук болуп чыгат, анын байыркы замандан бери табийгат менен кармашып, цивилизациянын азыркы деңгелине жетип, космосту аралап, айга конгондугун да шектенип кароо керек: экинчиден, чоң поэзия менен анча-мынча тааныштыгы бар адабиятчы ушундай деңгээлде поэзия жөнүндө ой жүгүртүүгө акысы барбы?— деп өзүнө суроо бересиң... Маяковский өзүнүн «Жайында Владимир Маяковскийдин дачасында болгон таң каларлык окуя» деген ырында — эртең менен мээ кайнаткан күнгө ызаланып, кел бери жерге түш, сен бекер тамаксың, а мен жазды, кышты билбей, жер үстүндө эмгек кылсам, сен булутка жашынып жыргап жүрөсүң» деп кайрылса, күн башын ийип, куп деп акындын алдына чөгөлөп келет. Алыкул Осмонов «Көзүм өткүр» деген ырында «Көзүм өткүр өрттү өчүрө караган», «Бир чыны уудан, бир чака бал бөлө алам», «Жылан кызын колдон кармап өбө алам» деген жүрөк титиреткен ыр саптарын ким билбейт. Артыкбаевдин схемасына түшсөк, анда кантип эле Маяковский кыйкырса, асмандагы күн уга коюп, анын алдында жорголоп келсин, бул апыртма, адамдын күчтүүлүгүн мынчалык деңгээлге жеткирүү чындыкка жарашпайт, кантип эле акындын көзү өрттү өчүрсүн, кантип уудан бал бөлүнсүн, кантип жыландын кызын жалтанбай адам өпсүн, мунун баары калп:— деп жыйынтык чыгарууга болор эле. Бирок, биз андай поэзияга болгон мажес ойдон алыспыз. Анткени, акындык кыял, эргүү жана ар кандай чындыкты багындыра билген илхам деген бар.

Артыкбаев «Жылдыздарга саякат» поэмасына жогорку деңгээлде анализ жасап келип, мындай жыйынтык чыгарат: «С. Эралиевдин тапкан салыштырууларынын көпчүлүгү өзү сүрөттөп жаткан предметти элестетүүгө жардамсыз, абстрактуу, чаташ абалда калган. Кээде ал бир эле нерсени, бир канча предметке салыштырып, өзү да чаташып (?), окуучуларды да чаташтырууга мажбур кылат. ... Кыскасы, «өмүрлөргө, жылдыздарга саякат» аттуу **поэманын чаржайыт, тайкы, чаташ мазмундагы строфаларына биз дагы саякатты уланта берсек болор** (астын сызган — К. Б.) эле. Бирок, поэманын кандай мазмундан, кандай чаташ көркөм каражаттардын тургандыгын жогорку мисалдар деле толук айгинелейт деп ойлойбуз. («Сын сапары», 102—108-беттер). Баарына белгилүү, Эралиевдин аталган поэмасын орустун көрүнүктүү акыны Б. Слуцкий орус тилине которуп, азербайжандын аткаруу акыны Расул Рза, чоң орус акыны Юрий Гордиенко борбордук газеталардын беттеринде жогору баалашкан. Поэманын артынан түшкөн К. Артыкбаев «Жылдыздарга саякат» поэмасын орус тилине котормочулар жакшыртып которгон деген жалаа жабуудан макаласында тартынган эмес...

С. Эралиев Кыргыз ССРинин эл акыны деген атактуу наам алып, анын поэзиясы республикада гана эмес, Бүткүл Союздук аренада жакшы бааларга ээ болгондо, К. Артыкбаев ал жөнүндө «Поэтикалык сөздүн чебери» («Ала-Тоо», № 10, 1981) деген макаласын жарыялады. Сынчынын бул макаласында акындын ак ыр тармагындагы изденүүлөрүн, өзгөчө «Жылдыздарга саякат» поэмасындагы ийгиликтерин көз көрүнө танган нигилисттик позициясын «унутуп», мурдагы көз карашын жүз сексен градуска өзгөрткөнү даана

болду. Сынчынын бул ак пейилдигин куттуктоо гана керек. Бирок, ...Талашсыз, ар кандай сынчы да мезгил менен кошо өсүп, өнүгүп турат, мурдагы адабий ойлорун, концепцияларын улам терендетип, толуктоолор, тактоолор кошот. Бул табийгый көрүнүш. Айрым учурда, тиги же бул сынчы өзүнүн мурдагы калтыс, калыс эмес жана жаңылыш көз караштарын түп тамырынан өзгөртүп, эмне себептен мындай жаңы позицияга келгендигин окурмандарга ашкере түшүндүрөт... Мүмкүн, Артыкбаев өзүнүн жаңылыш позициясынан баш тарткандыр макаласында?.. Андай жышаан макаладан байкалбайт... Сынчы көмүскө түрүндө башкаларды күнөөлөгөнсүйт... «Ал эми поэманын («Жылдыздарга саякат» жөнүндө кеп жүрүүдө — К. Б.) мазмунуна, ал мазмунду туюндуруу үчүн колдонулган көркөм ойлоонун жаңы аракеттерине көз жүгүртсөк, анда акындын көркөмдүк жагындагы көптөгөн табылгалары туура түшүнүүнү, туура кабыл алууну күтүп жаткан эле. Албетте, бул көрүнүштөр ал кезде адабий коомчулук тарабынан ар түрдүүчө кабыл алынды. Бирөөлөр (Ким болду экен?— К. Б.) жерге, сууга тийгизбей көтөрө чалып мактоого алса, экинчилери, анын тетирисинче, поэмадан эч кандай жакшы нерселерди көрө албагандыгын билдиришип, терс баа берүүгө (Артыкбаевдин өзү эмес беле?— К. Б.) ашыгышты. Үчүнчүлөрү чыгарманын жетишкендиктерин да, кемчиликтерин да көрсөтүүгө аракеттеништи». Сырттан караган окурмандарга Артыкбаев көкөлөткөндөргө, же жактырбай жерге ургандарга кошулбай, ортодо калып, калыстыкты сактаган үчүнчүлөрдүн катарында жүргөндөй жышаан берет. Ал эми чындыгында, сынчы поэманы жээрип, акынга олуттуу айыптар койгондугу жогор жакта көрүндү го... Адабияттын тарыхын көз көрүнө бурмалоо деген ушул болот эмеспи! Сынчы өзүнүн «Тарыхында» С. Эралиевке арнаган главасында күнөөсүн эстебей, мындан чейрек кылым мурда поэманы адилеттүүлүк менен колдоп, аны көкөлөткөндөрдүн катарына турат да, төмөнкүдөй ой жүгүртөт. «Поэмада космоско чыккан адамдын адам, жер, космос, өмүр, өлүм, сүйүү жөнүндөгү ой толгоолору чагылдырылды. Аалам мейкиндигине чыккан космонавт жерэненин баласы экендигин биринчи жолу ачык, даана сезгендей болду. Жер ага мурдагыдан (өзү менен бирге жүргөндөгүдөн) алда канча сүйкүмдүү, мээримдүү көрүндү... Поэмада андан ары космоско аман-эсен учуп чыккан баласын эми аман-эсен кайра келсе экен деп сарсана чегип тилеп, уктабай, чарк айланып басып жүргөн Жерэненин психологиясы жана адамдын сырын жакындан



барып көргөн космонавттын «жылдыздарды өзүнөн төмөн сезген» жаңы маанайы сүрөттөлөт» («Тарых» 483-бет). Сынчы 1965-жылы жазган макаласында жогорку ойлорунун түп тамырынан каршы турган төмөнкү натуура ойлорун окурмандарга таңуулаган: ...«Ойлорум миллиондогон атомдорго таралып» — дегенине караганда, С. Эралиевдин ойлору атомдорго сиңип кеткенби деп түшүнүүгө болот. Эгерде мындай болсо, анда атомдордон ойлор жаралбай, ойлордон атомдор жаралгандай түшүнүк келип чыгып, акын субъективизмге (идеализмге деп оку — К. Б.) жол берген болор эле. Айтор, бул жерде автордун кандай ойлорду, кайсы атомдорду айтып жаткандыгын аныктай албай окуучунун башы маң болот. Алиги биз айтып жаткан абстрактуу, түшүнүксүз дегендин өзү мына ушул болуп эсептелет. С. Эралиев аалам жана адам жөнүндө ой жүгүртүп жатып: «Адам чексизби, же аалам чексизби?» деген суроону коёт да, анан «Адам чексиз!» деген конкреттүү жоопту айтат (XI главада). Биздин оюбузча бул кош маанилүү, чаржайыт жооп болуп эсептелет. Анткени, ааламдын чексиздигин адамдын аң-сезиминин чексиздигинен кийин кою марксисттик философиядан кабары бар адамдарды ынандыра албайт). («Сын сапары», 103-бет).

Артыкбаевдин эки учурда адам менен аалам жөнүндөгү пассаждарын окуган адам сынчынын позициясы жаңы шарттарга карата оңой-олтоң өзгөрүп турганына күбө болот. Тилекке каршы, адабияттын башына каардуу күн келип, анын чокусун кара булут каптаса, мындай адамдар мурдагы пикирим туура болчу, деп этегин кагынып четке чыга берери көз көрүнө иш... Мындай шартка жараша куулуп туруу — сынчылык кесиптин ыйык наамын пас кылат...

К. Артыкбаев алтымышынчы-жетимишинчи жылдары бийликте тургандардын неофициалдуу адабий кеңешчиси болуп, алардын түздөн-түз буйругун аткарып, кыргыз адабиятынын короосуна өздөрүнүн чыгармачылык үнү, жаңы табылгалары менен ийгиликтүү кадам шилтеп кирип жаткан таланттуу жаш жазуучулардын айрымдарынын жолуна бөгөт болуп, саясий жарлыктар тагып, убалдарына калганы калайык журтка беш колдой маалым. Албетте, сынчы өзүнүн ал «эрдиктери» жөнүндө «Тарыхында» эстегиси келбейт... Айрымдарын эсине салып коёлу...

1964-жылы 23-июлда «Советтик Кыргызстан» газетасынын бетинде Артыкбаевдин «Күн менен итте эмне айып?» деген элдин арасын дүүлүктүргөн чуулгандуу макаласы жарык көрдү. «Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн сала-

бы?» дегендей, сынчы өзүнүн көнүмүш адатын карматып, бул макаласында жаш жазуучулар Аман Саспаевдин «Сарала ит», Төлөндү Акматовдун «Күн болбой куруп кал» деген чакан эки аңгемесин ортого салып, авторлорго адамдын оюна келбеген саясий айыптарды жүктөдү. Окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн эки аңгеменин кыскача мазмунуна токтололу. «Күн болбой куруп кал» деген аңгемеде автор уулу түрмөдө жаткан Күлүмбүбү кемпирдин энелик күйүтүн, уулуна болгон мээримин сүрөттөйт. Ал бир жолу түрмөдөгү уулун көрүп, тамак-аш берип келейин деп жолго чыгып, бара жатып бороондуу күнгө жолугат. Сынчы кемпирдин бороондо куюгуп, уулуна жетпей ара жолдо калганынан чоң идеялык ката табат. «Кысасы, автордун аңгеме үчүн,— деп ой жүгүртөт сынчы,— тандап алган турмуштук объектиси да, айтайын деген идеясы бороондуу күнгө байланыштуу. **Ал эми бороон биздин күндөрдө болуп жатат.** (Астын сызган — К. Б.) Муну символдоштуруу катары түшүнсөк, анда иш автордун пайдасына чечилбейт. Анткени автор биздин учурга көп анча мүнөздүү болбогон бороон, башкача айтканда, катаалдык сыяктуу кокустук көрүнүштү кадыресе турмуштук кырдаал катары окуучуга тартуулап отурат. Экинчиден, автордун башкы каарманы (кемпир) өтө кичине адам, ал өмүр, турмуш үчүн күрөшүүгө алсыз, чабал, түйүнчөгүмдү таппагандан кийин мага баары бир деп бүк түшүп, бороонго моюн сунуп отура берет..... **Автордун ою боюнча да кемпирдин ошондой абалда калышына биздин учур, биздин күн күнөөлүү имиш. Ошондуктан автор аңгемеге «күн болбой куруп кал» — деп ат коюп, өзүнүн күндү айыптаган позициясын ачык билдирип отурат. Ушундан кийин биз авторго «күндө эмне айып?» — деген закондуу суроону берүүгө аргасыз болобуз».** (Астын сызган — К. Б.)

Аман Саспаевдин «азыр кыргыз аңгеме жанрында өзүнүн татыктуу ордун ээлеген «Сарала ит» аңгемесинде бул турмушта эч бир жанга зыяны жок, «ау» деп бирөөгө асылбасын, ар кимдин эшигиндеги таштандыларды жеп күн көргөн, өзүнүн шыбагасын коргой албаган, ошонун натыйжасынан ак жерден ит өлүмү болгон сарала иттин баяны жөнүндө кеп болот. Сынчы автордун терең философиялык идеясын түшүнбөй, ага мындай саясий айыптарды жабыштырат: **«...Ошентип, автор адамды** адилетсиз кылып сүрөттөйт. Ал эми аялдар (албетте, биздин учурдагы күжүрмөн аялдар) болсо адилетсиздиктин башкы уюштургуч-күнөкөрлөрү катары көрсөтүлөт. Анткени автор айткандай, «бечара айыпсыз сарала иттин бетине басылган



тамга жолбун иттердин кесепети экени айдан ачык турса да, катындар жойчул итке жаман атак бере алышпайт, кайра ээсин сыйлап, аган сөөк таштайт». Андан ары автор сарала иттин кейиштүү тагдыры жөнүндө: «...бирде «каңк» этсе, бирде «ау» деп айбат берсе, мүмкүн анын өмүрү мынчалык кайгылуу аяктабас беле?» — деген корутундуну айтат. Демек, сарала ит башка иттердей, «ээсинин көрүнөө бергенине алымсынбай ченебеген нысапсыздык менен көмө жегенди жакшы көрүп, «ошонусуна маашыр болуп, өзүнүн башкалардан эптүү экенине тымызын кубанып маңкайып, басып», ана кара күчкө «ау» деп үрүп коюп, эки жүздүүлөнүп жүргөндө өлмөк эмес имиш, анда аны адамдар (баарыдан да катындар) да жакшы көрүшмөк имиш. Ушундан кийин аңгемени окуган окуучунун аң-сезиминде адам түгүл, айбандын да эки жүздүүлүгү жашоого жарамдуу экен го деген жыйынтык өзүнөн өзү келип чыгат. Ал эми мындай жыйынтыктын баарыдан коркунучтуу экендигин далилдөөнүн бул жерде кажаты да жок. **Автор ушул аңгемени жазып жатканда ушунчалык идеясыздыкка барып такалгандыгын сезди болду бекен?** Болбосо сарала иттин «ау» деп үрбөгөндүгүн, эчтемени уурдабай ак жүргөнүн эмне үчүн анын өлүмүнө себеп болгон башкы күнөөсү катары эсептейбиз? Момун, жоош, ак жүргөндүгү үчүн сарала итти кантип айыптайбыз?».

Сынчынын Т. Акматовдун «Күн болбой куруп кал», А. Саспаевдин «Сарала ит» аңгемелерине койгон жогорку саясий идеялык мүнөздөгү дооматтарды окуп, анын маанисин түшүнгөн адамдын денеси дүрүлдөбөй койбойт... Чынында бул макала өзүнүн мүнөзү, адамды ак жеринен айыптоо жагынан сталинизмдин доорунда 30—40-жылдардагы гүлдөп өскөн вульгардык-социологиялык адабий сындын чыныгы үлгүсү десек болот. Адабияттын чоң дарбазасын ийгиликтүү аттап келе жаткан таланттуу жаш жазуучулар үчүн жогорку адамдын үрөйүн учурган саясий айып аз болгонсуп, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, «Советтик Кыргызстан» (газетанын башкы редактору ошол кезде Насыр Жаналиев болчу) газетасынын редакциясы макаланын аягына төмөнкүдөй туюнтма берген: «Кийинки кездерде «Ала-Тоо» журналында чыгармаларды тактоодо принципиалдуу талаптын кыйла бошондоп кеткендиги байкалат. Журналдын редакциясы, анын редколлегиясы жаңыдан кадам шилтеген айрым жаш жазуучулардын чыгармаларына сын көз менен карап, туура багыт берүүнүн, ылгабай эле чыгара берүү жолуна түштү. Ошондуктан жогорку макалада көрсөтүлгөн идеялык жа-

гынан калпыс, ал гана турсун зыяндуу, жалган эстетикалык чыгармалар жарыкка чыгып кеткен. Сынчы К. Артыкбаевдин «Ала-Тоо» журналында жарыялаган эки аңгемеге берген корутундулары көңүл бурууга татыктуу. Андыктан анын пикирине кошулбай коюга болбойт.

Бул сыяктуу идеясыз, зыяндуу чыгармаларга журналдын бетинен орун берилиши өкүнүчтүү. Бул жерде биз мында редколлегия, редактор (редактордун милдетин аткаруучу жолдош О. Орозбаев), кала берсе жазуучулар Союзунун президиуму кайда болгон? Эмне үчүн мындай калпыс чыгармалардын жарыкка чыгышына жол берилген? — деген суроо менен кайрылгыбыз келет. Же бизде булардан башка көтөрө турган тема жокпу? Мындай идеясыз, жок жерден ойлонулган чыгармалардын ордуна, азыркы биздин замандагы эмгек баатырларынын, советтик адамдардын — коммунизмди куруучулардын ички дүйнөсүн көрсөткөн чыгармалар жарыяласа кандай жакшы болор эле!».

Т. Акматов менен А. Саспаевдин жогорку аңгемелеринде биздин советтик түзүлүшкө чоң коркунуч келтирип, Артыкбаевдин термини менен айтканда зыяндуу идеялар окурмандардын башын айлантып жаткандыгы үчүн Кыргызстан БКнын органы: «Советтик Кыргызстан» газетасынын редакциясы өз атынан чуу салып жаткан жери жок, анын ички оорусу мындайча: биринчиден, көркөм табити бийик, белгилүү котормочу (азыр белгилүү прозаик) Олжобай Орозбаев «Ала-Тоо» журналына убактылуу жооптуу редактор болгондон тартып, анын беттеринде таланттуу жаш жазуучулардын чыгармаларына кеңири орун берилиши адабияттагы консервативдик чөйрөлөрдүн тынчын алды. Ошол үчүн жогорку бийликте тургандар Орозбаевди кетирип, анын ордуна өз киши — Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын бир катчысы Ш. Бейшеналиевди журналга жоопту редактор кылып, анын колуна эки тизгинди берүүнү чечти. Андай максатка жетиш үчүн, экинчиден журналдын идеялык багытына көө сүйкөп, Орозбаевди кызматтан четтетиш үчүн кол балта Артыкбаевке жогорку макаланы жаздырганы айдан айкын болчу. Чынында тез өтпөй эле, Орозбаев кызматынан четтетилип, анын ордуна Бейшеналиев отуруп, редакциялык коллегия түп тамырынан өзгөртүлдү. Бул Усубалиевдин кыргыз адабиятына жасаган эң биринчи күнөөсү болчу. Ошол мезгилде мен «Правда» газетасынын Кыргызстандагы өз кабарчысы элем. Кыргыздын көпчүлүк жазуучулары эмне үчүн мындай калыссыздык көз көрүнө болуп



жатат деп көп маселе койгондуктан, өзүмдүн бул маселе боюнча пикиримди «Сын ордуна сокку» («Разное вместо критики», «Правда», 14-сентябрь, 1964-жыл) каяша иретинде жазганмын, аны толук келтирейин: «Жаңыдан жаза баштаган жазуучулардын чыгармаларына көңүл коюп жана ойлонуп, сын көз менен талдоо жүргүзүү талап кылынат. Тилекке каршы республикалык «Советтик Кыргызстан» газетасында жарыяланган сынчы К. Артыкбаевдин «Күн менен сарала итте эмне айып?» — деген көлөмдүү макаласын андай деп айта албайбыз.

Жакшылык каалабаган бул макала жол берилгис ороолук менен жазылган. Анда Т. Акматовдун жана А. Саспаевдин кичинекей үч аңгемесинен курулай эмес, ойдон чыгарып айта салган «идеялык кемчиликти» ашкерелеген. Т. Акматовдун «Күн болбой куруп кал» деген аңгемесинен сынчы, бул аңгеменин авторун жана окурмандарын таң калтырып, автор биздин адамдарга кандай көбүрөөк зыян келтирүүнү ойлогондой оор күнөөлөрдү тапкан. Авторго карата айтылган бардык чуулуу күнөөлөр үчүн кыргыз тилинин айрым адабий касиеттерин жакшы түшүнбөгөн сынчы жооп бериш керек.

Аңгеменин авторуна кыштын аба ырайынын жамандыгы үчүн да сөз тийген. «Бул бороон кышы анчалык катуу болбогон күнөстүү Кыргызстанда болуп отурат. Биздин билишибизче үч-төрт күн катары менен көз ачырбай, койгон бороон биздин жерде болбосо керек эле,»— дейт сынчы. Бирок ушул эле жерде эл анын сөзүн төгүнгө чыгарарынан чочулап, катуу талаптуу сынчы аңгеменин авторун ал, «биздин доорго мүнөздүү болбогон бороонду тандап алган» — деп күнөлөйт.

Сынчы ошондой эле А. Саспаевдин «Сарала ит» деген аңгемесин талдоо менен «автор ушул аңгемени жазып жатканда ушунчалык идеясыздыкка барып такалган» имиш деп катуу күнөөлөйт. Аңгеменин автору «Сарала ит» аркылуу кимди көрсөткүсү келгендиги сынчы К. Артыкбаевке түшүнүксүз бойдон кала берген. Ошондуктан, автор өзүнүн кичинекей аңгемесинде ушунчалык идеясыздыкка барып такалган». Сынчы далили жок башка күнөөлөрдү коюдан да баш тартпайт.

Калыбы жаш авторлордун аңгемелеринин кемчиликтери бар чыгар, алар сындоону да талап кылар. Бирок, жаш жазуучулардын идеялык жактан өсүшүнө, көркөмдүк чеберлигин өркүндөтүүгө жардам бере ала турган ынанды-руучу, достук сындар керек. «Советтик Кыргызстан» газетасы «Күн менен сарала итте эмне айып?» деген одоно

жана ошол эле учурдагы адабиятты үйрөнүү жагынан чабал макаланы жарыялап жана редакциялык эскертүүдө ал макалага толук макул болуп, тилекке каршы бул сын эмес, жөнү жок сокку экендигин түшүнбөй калган».

Борбордук партиялык газетанын бул салабаттуулук менен «Советтик Кыргызстан» газетасынын олуттуу жацылыштыгын ондогон макаланы республиканын ошол кездеги партиялык уюмунун жетекчилери туура кабыл алат ко деп ойлоймун. Тилекке каршы, алар мага ар түрдүү айыптарды жүктөшүп, кабарчы кызмат абалынан пайдаланып, идеялык жагынан шектүү жазуучуларды колдоп жатат деп эң жогорку инстанцияларга ушакташкандыктары эч кимге жашырын эмес. Усубалиев ошол күндөн тартып мени «Правданын» кабарчысы катары кабыл албай койду, адатта «Правданын» бетине жарыялаган сын макалаңы токтотпой талкуулап, тийиштүү жообун редакцияга жиберет. Менин макаламды кечиктирип отуруп, соңку жылдын 1—2 мартында БКнын бюросунда талкуулашты. Мени Алма-Атада эс алып жаткан жеримден шашылыш чакырып, аэропорттон бюрого келдим. Бул талкуу эки күнгө созулду. Жаш жазуучулардын чыгармаларында эч кандай идеялык каталыктар жок экендигин Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Темиркул Үмөталиев, Сүйүнбай Эралиев, Олжобай Орозбаев бюро мүчөлөрүнөн Болот Мамбетов, М. Гаврилов, бюронун мүчөлүгүнө кандидат Төрөкелди Балтагуловдор колдоп чыгышты. Артыкбаевдин макаласын, «Советтик Кыргызстан» газетасынын редакциялык жацылыштык позициясын Аалы Токомбаев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Токтоболот Абдумомунов, бюро мүчөлөрүнөн Т. У. Усубалиев, А. П. Чубаров, Е. Вакулов, бөлүмдүн башчылары К. Молдобаев, Ж. Турсунов ачык-тан-ачык жактап чыгышкан. Отургандар таң каларлык бир нерсени байкашты: Артыкбаевдин позициясын жактагандардын баарынын сүйлөгөн сөздөрү мурдатан эле даярдалып, машинкага басылыптыр, ал эми каршы болгондор кагазсыз сүйлөштү, анткени аларга кабар бир күн мурда кечинде айтылыптыр. Усубалиевдин бюродо туталанып сүйлөгөнүнө караганда, ал бул макаланы өзү уюштурганы көрүнүп турду. Демократия, ачык сүйлөө өкүм сүрүп жаткан мезгилде мындан элүү-алтымыш жылдар мурда болгон кылмыш иштердин бети ачылып, калыстык өз ордун таап жатат, көп туюк материалдар, протоколдор жарыяланып жатат. Кыргызстан БКнын бюросунун ошол талкууга арналган заседаниесинин протоколун «Кыргызстандын коммунисти» журналынын бетинде жарыяласа,



адабий коомчулук өткөн Усубалиевдин зулум доорунда кимдер кандай позицияда болгонун даана билер эле... Эртеби, кечпи өз ордуна келип, калыс жок мезгилде азап тарткан адамдар жылуу сөз уга турган мезгил келди. Мен кабарчы болуп турганда Усубалиевдин үстүнөн «Правда» газетасынын тапшыруусу менен арыз текшергенмин, көп маселелер боюнча өзүмдүн принципиалдуу сөзүмдү айткандыгым үчүн, ошонун ичинде «Советтик Кыргызстан» газетасынын жаш жазуучулардын канатын сындырган оройлугуна каршы чыгып, өз позициямдан кайтпагандыгым үчүн Н. С. Хрущев кулагандан кийин «Правда» газетасынын кабарчылыгынан кетүүгө мажбур болгонмун. Усубалиев менин ал көктүгүмдү кийинки жылдары да унуткан эмес, анын азабын көп тарткандыгым жөнүндө башка макалада кеңири токтолмокчумун...

Учурунда К. Артыкбаевдин жогорку макаласын литванын көрүнүктүү сынчысы А. Бучис «Дружба народов» журналынын бетинде мындайча баалаган: «Литературные споры, разумеется, ведутся не ради самих споров — в них разрушаются ложные, односторонние позиции и тезисы, выявляются истина. Поэтому, думается, очень важно внимательно присмотреться к методологическим ошибкам, тем более, что они коренятся не в какой-либо территориальной определенной почве. Они вездесущи — они пробиваются в любой, даже очень богатой по своим традициям критике, **ибо они порождаются давним врагам нашей литературы: предвзятостью в оценках, неумением исследовать произведение как единое художественное целое. Правда, сегодня такого рода критика облачается в почтенную тогу самой современной литературоведческой терминологии, охотно напускает на себя, вид объективно — беспристрастного и необычайно доброжелательного не то судьи, не то советчика. Но тень пресловутой дубинки, традиционной методики разноса так и стоит за ее плечами. Особенности подобной методики мы можем легко проследить, например, по статье киргизского критика К. Артыкбаева «В чем вина дня и рыжей собаки?», посвященной анализу двух рассказов молодых киргизских прозаиков** Т. Акметова и А. Саспаева («Советтик Кыргызстан», от 3 июля 1964). К этой давней статье мы обращаемся, разумеется, не по дурной инерции и, конечно вне всякой связи с нашим прежним разговором о Ч. Айтматове. **Просто в ней на редкость наглядно основные принципы приемы демогогической критики».** («Дружба народов» журналы, № 3, 1967, 240-бет, астын сызган — К. Б.)

Т. Акматов менен А. Саспаевдин аңгемелеринин тегерегиндеги кызыл кыргындар, БКтин бюросунун заседаниесиндеги эпсиз айып коюлар Чыңгыз Айтматовко ушунчалык катуу таасир калтырса керек, ал жакында Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын жаш жазуучулардын чыгармачылыгына арналган пленумунда ошол адам күлөрлүк сөздөрдү, ой-пикирлерди эске түшүрүп, мындай обу жоктон идеясыз күнөөлөрдү издей берүү жаштардын, адабияттын өсүшүнө чоң зыян келтиргенин эскертип: «Улуу муун өкүлдөрү көркөм адабият жөнүндө сөз болгондо же бир чыгарманы талкууга алган кезде өздөрүнүн жеке «идеологиясын» издеп таап, авторго саясий айып тагууга ашыккан учурлар болгон. Жаныбар катышкан чыгарма болсо да аны социалисттик коомдун жаныбары мындай болбойт, бул капитализмге тиешелүү ошаякты жазып жатат деген ашынган идеологиялык пикирлердин өкүм сүргөнүн биз жакшы билебиз. Маселен, жазуучу А. Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси ушундай тагдырга жөндөн-жөн дуушар келген. Ошондуктан жаштар бирине-бири кадалемдеш жолдош гана эмес, санаалаш устат болгула» («КМ», № 17, 1989-жыл).

Өкүнүчтүү нерсе, К. Артыкбаев өз учурунда анын вульгардык-социологияга сугарылган макаласынын адресине канчалык ишенимдүү, далилдүү сындар айтылганына карабастан, таянган бийик тоолоруна ишенип, бул жацылыштык макаласынын үтүрүн өзгөртпөй «Сын сапары» (1970) сын макалалар жыйнагына толугу менен киргизген. Ал эми «Тарыхта», «Азыркы мезгилдеги кыргыз совет адабияты» главасында жаш жазуучулардын чыгармачылыгына токтолуп, Саспаев менен Акматовдун ысмыларын атабай: «айрым аңгемелерде («Күн болбой куруп кал», «Сарала ит») натуралисттик сүрөттөөлөр да орун алган деп, (236-бет) тим болот. Эгерде сынчы адилет болсо, бул жерде өзүнүн карасанатайлык менен кылган ыплас жоругун мойнуна алып, авторлордон кечирим сураш керек болчу. Сынчы деген «Натуралисттик сүрөттөөлөр» деген түшүнүк авторлор эч нерсени ылгабай, көзүнө урунган ыплас нерселерди тизмелей берүү экендигин жакшы билет. Ал эми Т. Акматов менен А. Саспаевдин аңгемелеринде андай белгилер жок, эки жазуучу тең турмуштун типтүү жактарын ылгап алышкан. Аман Саспаев менен Т. Акматов эмки кылымда да Артыкбаевдин жарлык таккан күнөөсүнөн кутулбайт көрүнөт...

Албетте, жаш жазуучулардын чыгармаларын да сындоого, акыл-кеңеш айтууга болот. Бул маселеде өтө этияттык, камкордук талап кылынат. Доорубуздун атактуу жазуучусу Михаил Шолохов бул маселеге мындайча токтолгон: «Что касается критики молодых писателей, то в этом отношении их должны быть проявлены отцовская требовательности заботливость. Мне рассказывали, как беркут воспитывают своих птенцов, когда они начинают летать. Подняв их на крыле, он не дает им опускаться, а заставляет набирать высоту гоняет их там до полного изнеможения, заставляя подниматься все выше и выше. Только при таком способе воспитания повзрослевший беркут научится парить в поднебесье... Своих молодых писателей мы должны учить таким же способом, должны заставлять их подниматься все выше и выше, чтобы впоследствии они были в литературе настоящими беркутами, а не мокрыми воронами, не домашними курами. Но беркут не ломает крыльев своим птенцов, не умеющим или боящимся на первых порах подняться на должную высоту. Наша критика не должна и не имеет права «ломать крылья» начинающим писателям. Однако, к сожалению, бывает и так: какой-нибудь ретивый критик шарахнет по молодому писателю дубиной, лишит человека уверенности в своих силах, и поднимается ли такой молодой — это еще извѣстно», (М. Шолохов, соб. соч. том восьмой, М., 1960, стр, 291—292).

Даанышман жазуучу айрым сынчылар жаш жазуучулардын кубатына толо элек канаттарын сындыра тебет деп образдуу айткандай Артыкбаевдин каардуу соккусунан кийин А. Саспаевдин дагы, Т. Акматовдун дагы жазуучулук тагдыры оор болду. Көп жылдарга чейин А. Саспаев бул сындан оңоло албай жүрдү. Ал эми Төлөндүнүн тагдыры кейиштүү болду, турмушта катуу запкы көрбөгөн жаш жазуучу адамдан көңүлү калып, көпкө чейин чыгарма жазууну, журналдардын бетинен чыгарууну таштап койду. Кокустан ал редакцияга чыгармаларын сунуш кылса, ага кооптонуп карады. Муса Гапаров, Асанбек Стамов, Кубатбек Жусубалиевдер менен кыргыз адабиятына алтымышынчы жылдары келген таланттуу жазуучу чоң күч менен СССР Жазуучулар Союзунун катарына үч-төрт жыл мурда араң өттү... Бул таланттуу жазуучулардын текке кеткен мезгили, азабы жана көз жашы үчүн ким жооп берет?...

Артыкбаевдин кыргыз адабиятындагы экинчи курманы кыргыз элинин таланттуу акыны Жолон Мамытов болду. Жолон кыргыз поэзиясына өз үнү менен шыдыр кирди. Жаш акындын 1969-жылы жарык көргөн «Отту сүйөм»

аттуу биринчи ырлар жыйнагы кыргыз поэзиясына чоң келечектүү акын экендигин билдирди. Акындын көзү өткөндөн кийин, бул жыйнак чыкканына жыйырма жыл өткөндөн кийин Түштүктүн кооз талаалары мукабасына сүрөтчү чеберчилик менен түшүргөн бул ырлар жыйнагы кайрадан окуп чыгып, арабыздан шум ажал кандай сейрек акынды сууруп кеткенине кейибей койбойсуң... Жаш акындын «Отту сүйөм» ырлар жыйнагында поэтикалык өзгөчөлүк, чыныгы эргүү, турмуштун татаалдыгын жан-дили, жүрөгү менен түшүнгөн, баарынан адам абийирин жогору койгон атуулдук курч сезимге бай сонун ырлар орун алгандыгын көрөбүз. Артыкбаев акындын таланттуулугун көрүп-билип туруп, же түшүнбөй туруп, өзүнүн эски адатын колдонуп, «Советтик Кыргызстан» (24-май, 1970-жыл) газетасынын бетине «Ой ачык, сөз так болсо» деген макаласын жарыялап, анда толугу менен Мамытовдун «Отту сүйөм» жыйнагына токтолгон. Сынчы макаланын баш жагында акындын айрым ырларын (дурус?) деп жонго чаап келет да, жыландын башын минтип чыгарат: «Эгерде жаш акындын алгачкы жыйнагы жалаң акыркы сыяктуу дурус жазылган ырлардан турган болсо, анда адеп сөздү баштаганда эскерткен мактоо жөнүндөгү пикирге кылчайбаган бойдон шыдыр өтүп кеткен болор элек. Айла канча, жыйнактагы кээ бир ырлар какап-чакап (ыр жутулбайт да—К. Б.) окууга, ысыган денени муздатып жыйыртылып салууга аргасыз болду». Сынчынын акындын ырларынан тапкан идеологиялык каталыктарын окуганында, ал сыягы, сталинизмдин учурунда тарбияланып, XX съездинин атактуу доорунда катуу уктап калып, анан сенектик доордо кайрадан ойгонуп, адабиятты мурдагы критериялар менен баалап жататко деген ойго эркисизден келесиң... Жолондун «Поэзия деңизинде сүзүп мен» ырында төмөнкүдөй төрт сап бар:

Өз койнуна кир жугузбай көк көлдөй,
Көрүп турат тоолор ийип баштарын:
Сезү менен кылган иши төп келбей,
моралдардын чирип бара жатканын,

— деп, сенектик мезгилдин башталышында алдым-жуттумдардын, билермандардын сөзү менен иши эки ачалыгын акын кыжырданып сындаган. Ал эми Артыкбаев бул төрт сапка төмөнкүдөй баа берет: «Ырас, сөзү менен кылган иши төп келбей (?)» туруп мораль айткан кээ бир адамдарды кездештирүүгө болот. Бирок алар «моралдар» деши көпчүлүккө айланып, биздин коомдун чирип бараткан орчундуу көрүнүштөрүнөн болуп алганына ишенүү кыйын. Поэтикалык ой кээде ушинтип бир эле көптүк «лар» мүчөсүнүн туура колдонулбагандыгынан да бузулуп, чаржайыттуулукка (?) өтүп кетиши мүмкүн».

Сынчыга ишенсек, бузулган моралдуулар деп көптүк түрүндө айтууга болбойт экен, анда биздин социалисттик коомго шек келет имиш... Тетирисинче биздин коомдо бузукулук иш жок, баары өз жайында дегендер өлкөнү азыркыдай оор абалга («лар» деген мааниде) келтиргенин партия өзүнүн XXVII съездинде ачык айтпадыбы?

Мамытовдун «Пискарев мүрзөсүндө» деген философиялык ойго терең ыры азыр баарыбызга белгилүү.

Эй, заман, бакта турган жигит-кызга тийген
аткан огуң,
Жоокердин жүрөгүнө баткан огуң.
Аял менен эркектердин көөдөндөрүн тыткан
огуң.
Бөбөктү жер астына каткан огуң.
Жосп бер!
Кимди илмекчи кароолуңа
күн-түндөп жасап жаткан огуң?!

Сынчы акындын бул ыр саптарына мындайча суроо берет: «Мындагы «Эй, заман», «Жооп бер!» деген кайрылууларды кандайча түшүнсөк болот? Советтик жоокерлердин, балдардын, кыз, жигиттердин фашисттер тарабынан өлтүрүлүп, Пискарев мүрзөсүнө мезгилсиз көмүлүп калганын көрүп туруп, эмне үчүн биз сөөмөй менен чукуп көрсөткөн заманды жемелеп, андан жооп берүүнү талап кылууга тийишпиз? «Заман», «мезгил» деген түшүнүктөрдүн колдонула турган өз орундары бар го. Бул жерде жаш автор абстрактуулуктан (?) качып, конкреттүү, ачык ой жүгүртсө болмок».

Сынчы, бул жерде акындын замана, мезгил жөнүндө ой жүгүртүүсүнө табу коёт. Илгерки замандан бери акындар өз мезгилин сындаган, даңктаган. Советтик акын өз доорунун уулу эмеспи, эмне үчүн заманаң катастрофага баратса, кол куушуруп карап туруш керек. Жолондун тунук көкүрөгү, ойлонгон ою мына бүгүн аткарылып, планетардык ой-жүгүртүүгө, дүйнөлүк масштабда жаңыча ойлоо керектигин партия өзү ырастабадыбы?

Жолондун ырлар жыйнагын ачкан «Менин доорум» деген бардык жактан келип куюлушкан ыры бар. Ал ыр төмөнкү төрт сап ыр менен башталат.

Менин доорум — ойлор Күндү чапчыган,
менин доорум — көз ирмебес чакчыгай.

Аалам дарга ракеталар жөнөтүп,
бүт дүйнөнү тиктеп турат сакчыдай.
Татаал ойлоп, эң бир татаал жашаган,
менин доорум сезгич, сергек жаш адам.
Тубасага канааттанбай кылчалык,
бүт тулкусун кайра жууруп жасаган.

Эмесе Артыкбаевке сөз берели: «...Татаал ойлогонуна макул дейли. Жаш акындын доорунун «эң бир татаал жашаганына» кандай түшүнүүгө болот? Баарыдан мурда автор кимдердин доору жөнүндө айтып жатат? Советтик адамдардынбы же жалпы эле адамзаттынбы? Социалисттик системага тиешелүү доордубу? Социалисттик системадагы көпчүлүк жаш адамдарды эң бир татаал жашайт деп айтууга негедир менин дитим барбайт, анткени алар башкача доордо жашап жатканын азыр дүйнө жакшы билет».

Эгерде ушул ойду провинцияда жашаган жети жылдык билими бар адам айтса, ичиңен жылмайып, тим болосуң. Бул ойду көп жылдан бери адабиятта сынчы деген наамга ээ болуп, университетте студенттерге дарс окуган доцент айтып жатканына таң каласың... Доценттен эмне үчүн биздин адамдар татаал ойлоп, эң бир татаал жашабайт? — деп сурагың келет. Сурагандан не пайда. «Ак сарайда өскөн адам жер кепеде күн өткөргөн адамдан башкача ойлонот», — деп философ Фейербах бекер айтпаса керек. Ошол сымак сенектик мезгилдин жар чакыруучулары, идеологдору өздөрү май талканда, үкүнүн уясында болушуп, башкалар деле биз сыяктуу сайран турмушта деп ойлошкон... Артыкбаев түшүнсө-түшүнбөсө да марксисттик-лениндик философияга кайрыла берет. «Улуу күрөш» деген ырда,— деп, жазат сынчы,—автор «ишеним өзгөрсө, коом өзгөрөт» деген ойду айтат. Менимче, бул ой да так эмес. Коомдук турмуштун өзгөрүшү өтө татаал процесс. Марксисттик-лениндик көз караш менен алганда, ишенимдин өзгөрүшү менен эле коом өзгөрө койбосо керек. Анткени, коомдун өзгөрүшүнүн адамдын аң-сезимине баш ийбеген өзүнчө (?) закон ченемдүүлүктөрү бар эмеспи». В. И. Ленин Октябрь революциясына чейин эле өзүнүн эмгектеринде Маркс менен Энгельстин революциялык теория, көз караш (ишеним) жөнүндөгү окуусун улантып, тереңдетип, теория массанын аң-сезимине ээ болгондо чоң күчкө айланат, партия алдыңкы катардагы күрөшчүнүн ролун алдыңкы теория менен жетекчилик кыла алат деп жыйынтык чыгарган. Бүгүнкү күндө партия Лениндин ошол көрсөтмөсүнө таянып, социалисттик коомдун талабына ылайык өзүнүн ишенимине өзгөрүштөр киргизип, революциялык мүнөздөгү кайра курууну өткөрүп жатканы чындык эмеспи. Сынчы марксисттик-лениндик революциялык теория, ишеним жөнүндөгү түшүнүккө түп тамырынан карама-каршы ой айтып жатканын түшүнөр бекен?

Артыкбаевдин сөз болуп жаткан ашкере бир беткей макаласынын ички кайрыгы мындайча: Мамытовдун, «Отту сүйөм» ырлар жыйнагын 1970-жылы «Кыргызстан пионери» газетасынын коллективи республикалык комсомол сыйлыгына көрсөткөн болчу. Калыстыкты туу кылып, жердештикке каршы чуу салган сынчы ушул макаласын атайы жазып, акынга саясий айып жүктөлүп, ошонун кесепетинен, ал сыйлыкты албай калган. Таланттуу акын кечигип болсо да, он жылдан кийин 1981-жылы «Суунун өмүрү» аттуу башка ырлар жыйнагына комсомолдук сыйлыктын лауреаты болгон. Артыкбаев акын сыйлык алгандан кийин өзүнүн «Тарыхында «Отту сүйөм» жыйнагына ага саясий мүнөздөгү идеялык каталарды жабыштырууга батынбай, Мамытовдун ысмын башкалардын катарында учкай гана санап кеткен. Бирок сынчы «Ой ачык, сөзү так болсо» макаласын бир сөзүн өзгөртпөй «Сын сапары» жыйнагына киргизген...

Артыкбаев «Кыргызстан маданияты» жумалыгындагы жогор жакта кеп болгон макаласында адабий сындагы группалык-жердештик тенденцияга каршы чыгат. Бул туура, бирок андай зыяндуу тенденцияга каршы болуш үчүн, сынчы өзү таза болуу керек. Ал 1973-жылы «Ала-Тоо» журналына кыргыз совет адабиятындагы социалисттик реализмдин жаралышы деген теманы шылтоолоп, «Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси» (№ 11) деген көлөмдүү макала жазып, анда баштан аяк ушул автордун 1969-жылы орус тилинде жарык көргөн «Кыргыз прозасындагы реализмдин өнүгүшүнүн жолу» деген монографиясын ур токмокко алып, китепте болбогон пикирлерди бурмалаган. Артыкбаевдин артынан Шаршенбек Үмөталиевдин «Маселенин методологиялык жактары» (1974, № 1, Абдыкадыр Садыковдун «Реализмге тарыхый —конкреттүү мамиле болсун» (№ 3, 1974), Салижан Жигитовдун «Талаштан козголгон ойлор» (№ 1, 1975) макалалары жарыяланып, китептин автору төө бастыга алынганын эл билет. Демек, бул жагынан сынчынын бай тажрыйбасы бар экендигин унутпоо керек... Андан бери көп мезгил өттү, кайра куруу өкүм сүрүп, көп өзгөрүштөр болууда, бир гана Артыкбаев өзгөрбөй, өзүнүн эски ой жүгүртүүсүнөн кутула албай жүргөнү, сенектик мезгилде адабий майданда көп зыяндуу иштер жасап, эми Садыков экөөбүз ал мезгилде куу-

гүнтукта болгонбуз, жапа чеккенбиз деп арызданышы өзүн сыйлаган адамга урмат алып келбейт... Айрым фактылар келтирели: Жетимишинчи жылдардын баш ченинде бийликте тургандар Артыкбаевди Кыргызстан Мамлекеттик университетинин филология факультетинин коллективине таңуулап, төрт жылдан ашык мезгилдин ичинде декандын милдетин убактылуу аткартышты. Ал коллектив менен такыр тил табалбай, өзүнүн сөзү менен айтканда бөлүп жарып, тенденциялуулукка жол бергендиктен, кетүүгө аргасыз болду. Таянган тооң бийик болсо, жерде калбайт тура! Ал ошондон бери филология факультетинин кыргыз адабиятынын кафедрасын ушул күнгө чейин башкарып келет. Ага бул жооптуу милдет аз келгенсип, үстүбүздөгү жылы Артыкбаевди ошол эле факультетке эки тизгинди карматып, экинчи жолу декандын милдетин убактылуу аткартып жатышат. Өлкөдө кайра куруу жүрүп жатат, адамдар жаңыча иштеп, эскиликтин тушоолорунан кутулууга аракет кылууда. Тилекке каршы, бир гана Артыкбаев жана аны колдогон кишилер замандын жаңы жышаандарын көрмөксөн болушат. Ал эми А. Садыков сенектик мезгилдин эрке талтаңы болду, жалгыз өзү академиянын тил жана адабият институтунун директору болуп, өзүм билемдикке салып, илимий кызматка жердештик, уруучулук ыплас сапаттарды колдонуп, айланасына өз кишилерин жыйнагандыгын мен Кыргызстан КП бөлүмүнүн тапшыруусу боюнча 1987-жылы комиссияны башкарып, барганда толугу менен ишендим... Аскаровдун учурунда А. Садыков 1981-1986-жылдары Кыргыстан жазуучулар Союзунун сын секциясын башкарып, ага жалаң гана өзүнүн жакындарын мүчө кылып, анын катарында М. Борбугулов, С. Жигитов, К. Даутов, А. Эркебаев, К. Бобулов болушкан жок. Садыковдун таянган тоолору ушунчалык бийик болгондуктан, зоболосу бийик Т. Аскаровдун бийлигин теңсинбей, сын секциясын тил жана адабият институтунун карамагына өткөрүп, анын чогулуштарын өзүнүн кабинетинде өткөрүп жүрдү... Бүгүнкү күнү Артыкбаев да, Садыков да бардык күнөөнү Аскаровко жүктөп, аны катуу сындоодон аянышпайт... «Бул,— деп жазат Артыкбаев «Ачык айтчу маселелер» деген макаласында,— Аскаровдун учурунда күчөгөн уюшма, топтошмо сындын бүгүнкү күндөгү зыяндуу салакасы. Айрым бир сынчылардын тобунун уюшуп алып, өздөрүнө жакпаган авторлорго каршы чабуул коюу фактылары «Кыргызстан маданияты» газетасынан орун алып келгендиги басма сөздөрдө да жана Кырызстандын жазуучуларынын VIII



съездинде да катуу сынга алынды. Ошол инерция бүгүнкү күндө да кандайдыр бир формада улантылып жаткан сыяктуу. Албетте, чыныгы чыгармачылык атмосфераны түзүүгө мындай аракеттер эч кандай пайда бермек эмес». («ЛЖ», 1986-жыл, 21-июнь).

«Оорлуу баштан соо башка жүктөйт» — дейт орус макалы. Эгерде Аскаров айланасына территориялык топ жыйнаса, сын секциясынын башчысы кылып А. Садыковду коюп, мүчөлөрүнө жалаң гана анын жан жөкөрлөрүн киргизет беле? Садыков сынчыларды топко бөлбөгөн болсо, эмне өзү башкарган институттан Москвага аспирантурага кеткен Абдыганы Эркебаев кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап келгенде, институтка кайрадан кызматка алуудан кескин түрдө баш тартты? Эмне үчүн К. Ботояровко да дал ушундай мамиле кылды? Эмне үчүн Артыкбаев өзүнүн кафедрасына Эркебаевди кызматка чакырмак турсун, жолукканда «камкордук» кылып, Ош пединститутуна кете бербейсиңби, деп жол көрсөткөнүн унутуп калдыбы? Ушул саптардын ээси Усубалиевдин запкысынан үч жылдай кызматсыз үйдө олтурганда, бүгүн калыс болуп, ынтымакка чакырган Садыков менен Артыкбаев адилеттик кылып, биз жакка кызматка кел деп коюшту бекен? Жок! Эгерде мен алардын ордунда болсом, Садыковду да, Артыкбаевди да өзүм чакырмакмын.

Артыкбаев менен Садыковдун сенектик учурунда куугунтук жесе, эмне үчүн биринчиси «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын ачылган күнүнөн тартып, экинчиси «Литературный Киргизстан» журналынын редколлегиясынын мүчөлөрү болуп жүрдү экен? Сенектик мезгилде редколлегиянын мүчөлөрү Кыргызстан БКнын бюросунун элегинен өткөрүлгөнүн унутпоо керек... Мисалы үчүн, мен СССР жазуучулар Союзунун (1959-жыл) мүчөсүнө Артыкбаевден, Садыковдон мурда өткөнүмө карабастан, 1986-жылга чейин Кыргызстан жазуучулар Союзунун органдарынын бирине да редколлегиянын мүчөсү болгон эмесмин. Сенектик мезгилде кыргыздын адабий сынчылары жана адабиятчылары: А. Салиевдин, Б. Керимжановдун, А. Асаналиевдин, К. Укаевдин, Ш. Үмөталиевдин, К. Артыкбаевдин, А. Садыковдун баарынын сын макаларынын тандалмалары кыргыз тилинде жарык көрүп, ал эми М. Борбугулов, С. Жигитов жана К. Бобулов андай курутган куру калган. Артыкбаев менен Садыков чынчыл, калыс болсо сынчыларды территориялык топко бөлбөсө, эмне үчүн бул көз көрүнө кордоо жана кемсинтүү жөнүндө макалаларында ашкере жазып чыкпайт?.. Мындай учурда ооз-

доруна талкан алгандай унчукпай калышат... А. Садыков мурдагы эч нерсеге жараксыз иштерин «унутуп» коюп, «Редакцияга катын» («КМ», 1988-жыл, 13-октябрь) минтип аяктайт: «Ойлонуп көрөлү, басып өткөн жолубузга кылчайып карайлы. Сындагы бөлүп-жаруучулуктун түбү эч качан жакшылыкка алып келген эмес». Ооба, артыбызга кылчайып караганда, акыйкатты бурмалабай, окурмандарга чындыкты айтуу керек. Азыркы мезгилде заман, кайра куруу ушуну талап кылып жатат. Тилекке каршы, Садыков жогорку катында баштан аяк калпты айтып жатканы айдан ачык. «...Эсимде, аталган китептерди («Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы» — К. Б.) 1972-жылы К. Бобулов баштаган айрым адабиятчылар докторлук диссертациянын корголушуна тоскоолдук кылыш үчүн «Кыргызстан маданияты» газетасынын тегерек столунда (?) атайы иштеп (?) чыгышкан». Илимдин доктору, профессор адам (академиянын мүчө — корреспондентигин айтпай эле коёлу) басма жүзүндө бирөөгө айып койгондо, жети өлчөп, бир кесүү керек, антпесе эл алдында уяттуу болот, эгерде бетинде кызыл болсо... Биринчиден, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын беттеринде А. Садыковдун жогорку китеби жөнүндө тегерек стол эч качан болгон эмес. Менин баамымда, 1972-жылдын 14-март күнү Кыргызстан жазуучулар Союзунун сын секциясынын кезектеги заседаниеси Т. Аскаровдун төрө агалыгы менен өтүп, секциянын башчысы Салижан Жигитов А. Садыковдун аталган монографиясы жана менин «Кыргыз прозасындагы реализмдин өнүгүш жолу» деген китебим жөнүндө баяндама жасап, эки китеп жөнүндө кеңири пикир алмашуу болгон. Талкуунун отчету «КМ»нын 23-мартындагы санында эки бетке «Адабият илимибиздин олуттуу маселелери» деген ат менен жарык көргөн. Экинчиден, Садыков «Эскертерим, К. Асаналиев А. Садыковду басма сөз жүзүндө эч качан сындаган эмес. Бул кылдан кыйкым тапкан жалаа» деп эл каратып туруп касам ичиши да калтыс жорук. Кадыркул Даутов өзүнүн «Дилдин тазалыгы» («КМ», 1988-жыл, 22-декабрь) макаласында А. Садыковдун бул калп айтуусун жарыя далилдеп, К. Асаналиев 1978-жылы жарык көргөн орус тилиндеги «Движение во времени» китебиндеги «Под завесой проблемности» деген макаласында кашкайган далилдер менен катуу сындаганын туура көрсөткөн. Асаналиев секциядагы талкууда Садыковдун аталган монографиясы жөнүндө мындай деген: «Китепте автордун эмгекчилдиги, керектүү адабияттар менен таанышып чыккандыгы көрүнүп турат.



Бирок коюлчу **олуттуу дооматтар** (астын сызган — К. Б.) бар. С. Жигитов автор негизинен даяр концепциялардан чыгат деген ой айтты. **Мен буга толугу менен кошулам. Китепте фактылар көп, бирок аларды аңдап түшүрүү, теориялык анализге алуу жок. Айрым жерлерде автор өзүнө каршы чыгат.** Маселен, 53-бетте А. Токомбаевдин «Эки Ала-Тоо» деген ыры Маяковскийдин «Две Москвы» аттуу ыры менен тикеден-тике үндөшүп турат деп, ага оң баа берет да 190-бетте ал оюна каршы чыгат. Ошондой **эле чыгармаларды анализдөө деңгээли да бир кылка эмес. Маселен «Майданга» жеткенде романдан цитата алып гана тим болгон. Анализ жок. Улуттук менен интернационалдыктын карым-катнаш проблемасынын интернационалдык адабиятыбызга кириш маселесинин китепте тийиштүү деңгээлде көтөрүлө албай калганы өкүнүч туудурбай койбойт... Бул албетте өзү алдыга коюп отурган проблеманын чечилиши эмес. Мындан тышкары К. Асаналиев А. Садыковдун эмгегинде комплективдүү айрым көрүнүштөрдүн бар экенин айтып мисалдар келтирди.** (Бардык жерде астын сызган — К. Б.) («КМ», 1972-жыл, 23-март).

Жогорку мисалдарга караганда сынчы К. Асаналиев А. Садыковдун эмгектерин бетинен түшө калып окуган эмес. Ошондуктан, өзүн окумуштуу деп санаган адам түз келди эле ойноп сүйлөбөй, ойлоп сүйлөө керек...

Улуу Октябрь революциясы жеңип, биздин аймакта совет бийлиги орногон мезгилде кыргыз элинин айрым региондорунда тарыхый шартка жараша патриархалдык маемилелер кеңири орун алып, **уруучулук аң-сезим** (родовое племенное сознание) үстөмдүк кылган. Баарына белгилүү феодализм жана капитализмдин стадияларын аттап өткөн жерде уруучулук аң-сезим көпкө жашайт, ал ар бир кадам сайын өзүнүн туруктуулугун көрсөтөт, андан оңой-олтоң кутулуу мүмкүн эмес, анткени ал ар адамдын тарбиясына эне сүтү менен кошо кирет, ал чечип алчу тон эмес. Жетимиш жылдык тарыхыбызда ошол илдеттен кутула албай, улуттук аң-сезимге тегиз көтөрүлө албай, башка элден рухий жактан көп артта калганыбыз чындык. Уруучулук аң-сезим партиялык, советтик, комсомолдук кызматкерлерге, окумуштууларга, жазуучуларга күндөлүк турмушунда өзүнүн көлөкөсүн тийгизбей койбойт... Уруучулук аң-сезим өзгөчө адабий сынчыга он эсе зыянын тийгизет. Уруучулук аң-сезимдин ээси жазуучу болсо, анын кесибине ал түздөн-түз таасир этпейт, анткени художник көркөм образдарды турмуштан алат. Ал эми адабий сынчынын предмети —

жазуучулардын чыгармалары. Бул кеселден айыкпаган сынчы дайыма уруучулук аң-сезимдин логикасы боюнча жазуучуларды «өзгө» жана «жатка» бөлүп турат. Көп учурда «өз» начар, таланты жок жазуучу болуп, «жат» тетирисинче ашкан таланттуу болушу ыктымал. Уруучулуктун тааспринде жүргөн адабий сынчы баягы Сыдыкбековдун атактуу Ыманбайындай окшоп адабиятта да уруучулуктун союлун чаап, көп учур — «жат» жазуучуларды келтире сындап, «өз» жазуучуларын көтөрө мактап, адабияттын өсүшүнө чоң зыян келтиргендиктерин адабий сындын тарыхы көрсөтүп жатпайбы? Адабият — ыйык нерсе, адабият деген элдин тагдыры жана рухий жүзү. Ошондуктан, уруучулук аң-сезим үстөмдүк кылган жерде чыгаан адабий сынчы жаралышы мүмкүн эмес. Белинский, Добролюбов өз учурунда уруучулук аң-сезим үстөмдүк кылып, алар ошол жааматтын мүчөсү болсо өздөрүнүн адабий эстетикалык көз карашын ушунчалык бийиктикке көтөрө алмак эмес. Кыргыз адабиятынын мыкты деген адабий сынчыларынын да көпчүлүк учурда ошол уруучулук аң-сезимден биротоло кутула албагандыгынан адабияттагы осол көрүнүштөр жашап жүргөнү жашырын иш эмес...

К. Артыкбаевдин «Тарыхына» кайрылсак, адабиятчы бул эмгегин жазууда, албетте көп кара күч, эмгек жумшаган, эмпирикалык фактылар жыйнаган, кыргыз жазуучуларынын чыгармачылык жолуна, адабий процесстин өсүшүнө өзүнүн көз карашын айтууга далалат жасаган. Тилекке каршы, адабиятчы ошол **топтолгон материалдардын арасынан адабий кыймылдын эстетикалык өнүгүш багытын аныктоого кудурети жетпей, сансыз материалдарга чөгүп кеткен.** Ар кандай улуттук адабияттын өнүгүш процессинде оңойлук менен көзгө көрүнбөс карама-каршылыктар, суу астындагы агымдар, артка чегинүүлөр, жоготуулар, эстетикалык кырлар, белестер болот. Дал ошондой эле ар кандай таланттуу жазуучунун чыгармачылык эволюциясы да татаал көрүнүш, бул процесстe өйдө-ылдый көрүнүштөр болот. Дал ушундай эле көрүнүштөр кыргыздын көрүнүктүү акын-жазуучуларынын көпчүлүгүнүн чыгармачылык жолунда болгонун билебиз. Артыкбаевдин «Тарыхын» окуп отурсаң, кыргыз жазуучулары чыгармадан-чыгармага өсүп отурган, аларда изденүүлөр, чыгармачылык кризистер, натуралисттик сүрөттөөлөр, идеялык мүнөздөгү мүчүлүштүктөр, көркөмдүк деңгээли боюнча солгун, ал турмак халтуралык чыгармалар болгон эмес. Сынчы А. Эркебаев өзүнүн макаласында («КМ», 1985, 7-март) туура белгилегендей, автор кыргыз адабиятынын кайсы мезгилин албасын, ал эмпирикалык жолго түшүп, жазуучулардын жазылган чыгармаларын эстетикалык жактан ылгабай санай берет. Көпчүлүк учурда адабияттагы топон суулар оргуштап, ал эми чыныгы көркөм чыгармалар алардын агымына тепселип кетет. Артыкбаевдин «Тарыхына» ишенсек, кыргыз адабиятында турмушту реалдуу сүрөттөгөн романдар повесттер, пьесалар, поэмалар ушунчалык көп, баш айланат, бул жагынан алганда кыргыз адабияты көп улуттуу совет адабиятында биринчи орунду ээлейт сан жагынан. Бул аракет, сылык айтканда көз боёмочулук. Чындыкты айтканда, жогорку идеялык-эстетикалык өлчөмгө жооп бере турган саналуу гана романдар, повесттер, поэмалар, пьесалар бар. Өзгөчө согуштан кийинки мезгилде кыргыз адабиятында натуралисттик сүрөттөөлөргө жык толгон, курч конфликти жок, каармандардын ички дүйнөсү ачылбаган, жалган пафоско баш ийген, романдар жайнап чыкты. Артыкбаевдин оюна ишенсек, алардын баары эле сонун чыгарма болуп чыга келет. Куру сөз болбос үчүн бир-эки мисал келтирели: Касымалы Жантөшев кыргыз адабиятына окурмандарга белгилүү «Каныбек» романы менен таанымал. «Каныбек» өзүнүн татыктуу ордун кыргыз адабиятында дайыма ээлейт, анткени ал окурмандардын сүйгүнчүгүнө айланган **элдик китеп**. Бирок К. Жантөшевдин схемалык сюжеттердин негизинде курулган солгун романдары, повесттери бар. Мисалы, Артыкбаев мактаган «Биздин секретарь», «Менин тагдырым» повесттери. Адабиятчы ушул повесттерди анализге алат да, алардын мазмундарын баяндоого өтөт. Кыргыздын аксакал жазуучусу Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести кыргыз адабиятынын таң эртеңинде жазылган жакшы чыгарма. Алыкул Осмонов «кудайга калп айтсам да, ырыма калп айта албайм» деп бекер айткан эмес, анткени адабиятка калп айтсак, мындан жыйырма-отуз жылдан кийин биздин калпыбызды ашкере кылышат. Касымалы Баялиновдун «Көл боюнда», «Бооронтор» романдары каармандарынын мүнөздөрү солгун сүрөттөлгөн, көпчүлүк учурда жалган пафостордун схемасына баткан ортозаар чыгармалар. Артыкбаев аларга чаң жугузбай канчалык көкөлөткөн менен, оурмандарды ишендире албайт. Жазуучунун «Көл боюнда» романында (биринчи бөлүгү «Бакыт» деген ат менен чыккан) кандуу майдандан кайткан жоокер Жапардын сүйүүсү, ишмерлиги сүрөттөлгөн. Кечээги согушта элдин башынан эмне деген каргашалуу окуялар өтпөдү, согуштан кийин эл кандай азапта күн көрбөдү? Ал эми «Көл боюндагы» романда

элдин катаал турмушу идиллия катары сүрөттөлөт, антке-
ни чыгарма конфликтсиз теория өкүм сүрүп турган мезгил-
де жазылган. Азыркы учурда ошол мезгилде жаралган
М. Бубенновдун «Ак кайың», С. Бабаевскийдин «Алтын
жылдыздын кавалери», В. Ажаевдин «Москвадан алыс-
тыкта» романдары жөнүндө орус адабиятынын тарыхында
сөз болуп да койбойт, эгер сөз болсо, шылдыңдап эске
алышат... Артыкбаев көркөм деңгээли солгун кыргыз жа-
зуучуларынын романдары жөнүндө кеңири анализ берет
да ал эми кыргыз адабиятындагы эң көрүнүктүү, жаркын
жана татаал образдарга бай Абдукаимовдун «Майдан»
романы жөнүндө сөз болгондо, адабиятчынын мактоо па-
фосу төмөндөй түшөт да, бул романды учурунда адилетсиз
катуу сындаган А. Токомбаевдин вульгардык-социология-
лык макаласын жымсалап, «айрым бир аша чапкан тес-
кери корутундулар менен бирге сындын автору романдын
биринчи китебиндеги кээ бир кемчиликтерди негизинен
туура көрсөткөн» (245-бет). Адабиятчынын оюна ишенсек,
автор романдын «экинчи китебин жазууда айтылган сын
пикирлердин алгылыктууларын эске алган» (245) имиш.
Токомбаевдин рапповдук духта жазылган макаласы, анын
артында бийликте турган адамдар жазуучунун чыгармасы
жакшырсын деп «кам» көрүшкөн эмес. Тетирисинче, өзү-
нүн белгилүү гана күнү калганын түшүнгөн жазуучу, тө-
шөктө жатып, романдын экинчи бөлүгүн черновикте шашы-
лыш бүткөндүктөн, романдын аягы чаржайыт болуп, көп
каармандардын мүнөздөрү терең ачылбай калган.

Жыйынтыктап айтканда, Артыбаевдин «Тарыхы» сенек-
тик мезгилдин чыныгы духунда жазылган, адабий-эстети-
калык критериясы жок, солгун, орто заар чыгармаларга
апыртып баа берген, көп учурда кыргыз адабиятындагы
татыктуу чыгармаларга баскын караган, тааныштык-жер-
дештик тенденцияга берилген, мактап, бирөөлөрдүн
көңүлүн алууга чоң аракет кылган эмгек экендиги та-
лашсыз.

Жакында Москва шаарында Максим Горький атындагы
дүйнөлүк институтта «Совет адабиятынын тарыхы, жаңы
көз караш» деген темада Бүткүл союздук илимий-теоре-
тикалык конференция болуп, ага өлкөнүн белгилүү ада-
биятчылары, сынчылары (Кыргызстандан А. Эркебаев
экөөбүз катыштык) катышып, совет адабиятынын жети-
миш жылдык басып өткөн жолу, бул жолдогу жетишкен-
диктер, олуттуу кемчиликтерге ээ, анткени бу «Тарыхта»
да сенектик мезгилдин ойлоо инерциясы үстөмдүк кылат.



Үстүбүздөгү жылы тил жана адабият, тарых, философия
институттар Кыргызстан жазуучулар Союзу менен бирдик-
те «Тарых жана адабият» деген темага арнап республика-
лык илимий теориялык конференция өткөрүп, ушул убакка
чейин чечилбей келе жаткан оорчундуу маселелерди ка-
быргасынан коюп, кыргыз адабиятынын тарыхын кайрадан
жазып чыгуу биздин ыйык милдет. Адабият «ыйык нерсе»
ал туугандыкты, достукту да, жакындыкты билбейт. Ошон-
дуктан адабияттын тарыхын таза кол менен, тунук акыл
жана сезим менен жазуу керек. Адабияттын тарыхын арам
ойлуу адам жазууга акысы жок...

## МАЗМУНУ:

### ПОРТРЕТТЕР


Акындын өлбөс кербези . . . . . 5
Сүрөткердин нускалуу сөзү жана иши . . . . . 27
Көкөй кескен поэзия . . . . . 37
Чыгармачылыктын жаңы тилкеси . . . . . 67
Жакшылык менен жамандыктын бой тиреши . . . . 151
Чыңгыз Айтматовдун феномени . . . . . 175


### ДОСТУКТУН ҮЗҮЛБӨС ЖИПТЕРИ


Соолубаган тунук булак . . . . . 183
Карангылыкта жанган нур . . . . . 189
Доорубуздун даанышман жазуучусу . . . . . 201
Кыргыз адабиятынын эмчектеш адамы . . . . . 213


### ӨТКӨН КҮНДӨРГӨ КАЙРЫЛЫП


Сүйүү лирикаларынын туура бааланышы зарыл . . . 254
Акынга кат . . . . . 256
Поэзиядагы халтуранын жолун бөгөөгө мүмкүнбү?.. . 262
Кыргыз адабияты жөнүндө пикирлер . . . . . 282
Сын ордуна коркутуу-үркүтүү . . . . . 299


### АДАБИЯТ — ЫПЫК ИШ


Адабияттын жана сындын бүгүнкү тажрыйбасындагы жаңычылдык . . . . . 301
Кайра куруу, адабият жана адабий сын . . . . . 315



Жо'2 1936 б ь

2 Дж9 1936 23



**Литературно-художественное издание**

*Бобулов Камбаралы*

**НОВАЯ ПОЛОСА**

Художественные исследования и критические статьи

Художник М. Кунакунов
Бишкек, издательство «Адабият»
На кыргызском языке

**Көркөм-адабий китеп**

*Бобулов Камбаралы*

**ЖАҢЫ ТИЛКЕ**

Адабий иликтөөлөр жана сын макалалар

Редактору Ж. Тойчубеков
Сүрөтчүсү М. Кунакунов
Көркөм редактору А. Момуналиев
Техн. редактору Ж. Сооронкулова, К. Бурганакова
Корректору Ү. Өмүрбеков

ИБ № 505

Терүүгө 20. 11. 90. берилди Басууга 10. 05. 91. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Форматы 84×108¹/₃₂. «Адабий» ариби, жөнөкөй, ыкма менен басылды. 11,00 физ. басма табак, 18,48 шарттуу басма табак, 20,3 учеттук басма табак, 18,69 боёк түшүрүү. Тиражы 2 000. Заказ № 2. Баасы 3 с.

«Адабият» басмасы
720737, ГСП, Бишкек шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз Республикасынын басма сөз жана маалымат министрлиги. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Бишкек шаары, Жигули көчөсү, 102.

**Бобулов Камбаралы**

Б 72 Жаңы тилке: Адабий иликтөөлөр ж-а сын макалалар /Сүрөтчүсү М. Кунакунов. — Б.: Адабият, 1991. — 352 б.

ISBN 5-660-00437-7

Белгилүү акын, адабиятчы жана сынчынын бул жыйнагына азыркы адабий процессте курч коюлуп жаткан актуалдуу ары проблемалуу маселелерди камтыган адабий изилдөө эмгектери топтоштурулду. Замандаштарыбыздын кайра куруу мезгилиндеги жаңыча ойлоосун, психологиялык калыптануусун, эмгекке болгон жаңыча мамилелерин терең анализдеген публицистикалык маанайда жазылган сын макалалары киргизилди.

Б $\frac{4603020102-115}{M\ 455\ (11)-91}$ 44—91 ББК 83.3 Ки

Сборник известного критика состоит из статей, посвященных наиболее актуальным проблемам современного литературного процесса, в частности, проблеме художественного изображения характера нашего современника, формирования новой психологии, нового отношения к труду в связи с научно-техническим прогрессом.

Статьи отличаются глубиной анализа и публицистическим пафосом.

3 c. 15